Жумаш КОЙЧУМАНОВ
Ысмайыл КАДЫРОВ

# Макал-Лакаптар
# Нуска сөздөр
# Накыл кептер
# Залкар ойлор

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# МАКАЛ-ЛАКАПТАР, НУСКА СӨЗДӨР, НАКЫЛ КЕПТЕР, ЗАЛКАР ОЙЛОР

*Түзгөндөр:* *Койчуманов Жумаш Ыбырай уулу*
*Кадыров Ысмайыл*

Бишкек
«Бийиктик Плюс» – 2012.

УДК 82/821.0
ББК 83. 3 Ки
М 15

***Кыргыз билим берүү академиясынын Кыргыз тили жана адабияты бөлүмү басмага сунуш кылган.***

Филол. илим. докт. ***С.Байгазиевдин***
жалпы редакциясы астында

М 15 Макал-лакаптар, нуска сөздөр, накыл кептер, залкар ойлор/ Баш сөзүн жаз. Ж.Ы.Койчуманов;
Түз.: Ж. Ы. Койчуманов, Ы.Кадыров.
КР Билим берүү академиясы. – Б.: 2012. 540 б.

ISBN978-9967-13-899-5

Эл ичинде чети оюлбаган бул рухий байлыгыбыздын мүмкүн болушунча толугураак жыйнагын түзүүгө аракет жасадык. Элдик педагогиканын башаты аталган нуска сөздөрдү, айрым кыргыз ойчулдарынын акыл берметтерин да биринчи жолу бул жыйнакка кошуп бердик.

Пайдаланууга оңой болсун үчүн макал-ылакаптар жана нуска сөздөр алфавит тартибинде жайгаштырылды. Китеп жалпы окурмандарга арналат жана «Адеп» сабагы үчүн да табылгыс колдонмо болуп эсептелет.

М 4603020000-12

УДК82/821.0
ББК83. 3Ки

ISBN 978-9967-13-899-5

© КР Билим берүү академиясы
© Түзгөндөр:
Койчуманов Ж.Ы., Кадыров Ы.

## БАШ СӨЗ

> «Чоң китептин маңызын өзүнө батырган бир серпим макал-лакаптар устаранын мизиндей жалтылдап, чыгармага кан-жан кийирчү, каарманга жандуу элес – көрк жаратчу курал эмес беле».
>
> *(Түгөлбай Сыдыкбеков)*

### Макал деген эмне?

Окумуштуулар аны төмөнкүчө түшүндүрүшөт. «Макал – араб сөзү, пословица, поговорка; афоризм, мудрое изречение» – дейт «Кыргызча-орусча сөздүктү» түзүүчү профессор К.К.Юдахин. Ал эми «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» (редакторлору Э.Абдылдаев, Д. Исаев, «Мектеп» басмасы, 1969-ж.) бул сөзгө мындай аныктама беришкен: «Макал – зат., турмуштук тажрыйбанын негизинде эл тарабынан түзүлгөн акыл-насаат берүүчү кыска, элестүү, таасирдүү сөздөр».

«Кыргыз адабий илиминин терминдер сөздүгүн» түзүшкөн (Бишкек, 2004-ж.) КР Илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, филология илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери, илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, профессор Раиса Заитовна Кыдырбаева менен Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, филология илимдерини доктору профессор Кеңешбек Асаналиев бул сөздү мындайча чечмелешет: «Макал – пословица. Ар түрдүү турмуштук көрүнүштөр жөнүндө

кыскача элестүү, так айтылган элдик оозеки чыгармаларындагы жанрдын бир түрү макал деп аталат».

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору тарабынан «Эл адабияты» сериясынын 10-тому катары жарык көргөн «Макал-лакаптар» жыйнагында (түзгөн жана баш сөзүн жазган Койчуманов Жумаш Ыбырай уулу, 2001-ж., «Шам» басмасы) оозеки адабияттын негизги түрлөрүнүн бири болгон макал жөнүндө мындайча баяндалган: «Эл өзү жаратып, укумдан тукумга таратып, жаш муундун акыл-эсин өстүрүүдө, көркөм-эстетикалык табитин калыптандырууда кеңири колдонулуп келен эң бай мурастарынын бири -макал-лакаптар. Эл адабиятынын башка түрлөрүнөн макал-лакаптар өтө кыскалыгы, көркөмдүгү жана тактыгы, үйрөнүп алууга жеңилдиги, жаратылыштын кубулуштары менен адамдын бирибиринин ортосундагы мамилелер жөнүндө өтө так маалымат бергендиги менен айырмаланат».

Бир-эки мисал келтирип көрөлү. «Сөз көркү – макал, эр көркү – сакал», «Алтын-күмүш таш экен, арпа-буудай аш экен», «Өз төшүн өзү жара муштап эр (баатыр) болбойт», «Бака өзүнүн майрыгын билбей, жыландын ийри дептир», «Күкүк өз атын өзү чакырат», «Карга каркылдап учуп каз болбойт» деген макалдарда заттардын тек жайы, адамдын кыял-жоругу, күкүк менен карганын үнү, бака менен жыландын дене түзүлүшүнүн мүчүлүш жактары жөнүндө маалымат берүү менен жаш муунду мактанчаак болбоого ишараат кылууда.

Бул сыяктуу макал-лакаптар качандыр бир доордо жаралса да, азыркы жаңылануу доорунда да эскирбестен, жыл өткөн сайын жаңы күчкө, жаңы кудуретке ээ болуп, алардын таалим-тарбиялык мааниси улам барган сайын артылууда.

Биздин ата-бабаларыбыз калтырып кеткен бул бай мурастарга көңүл буруу, аларды бурмалабай таза сактоо, этияттык менен терең үйрөнүү жана билгичтик менен кол-

доно билүү биздин маданиятыбыздын өнүгүшүнө, рухий байлагыбыздын байышына негиз болуп, биздин рухий жактан өркүндөшүбүзгө көмөк көрсөтүүчү азыркы учурдагы өтө маанилүү каражаттардын бири болуп саналат. Ушуга байланыштуу кыргыз эл жазуучусу, Кыргыз Эл Баатыры, академик Түгөлбай Сыдыкбековдун бизге калтырган бир насаат сөзүн келтире кетүү ылайык болуп турат. Ал мындай деген: «Эгерде биз кылымдардын акыл-насаатына кулак салбасак, биздин ата-бабаларыбыздын насаатын унутсак, анда биз эч качан өнүгө албайбыз жана бизди ата-бабаларыбыздын арбагы урат» («Кыргыз маданияты», 14-апрель, 1991-жыл).

Биз бул эмгекте кыргыз эл адабиятынын негизги жанрларынын бири болгон макал-лакаптарды жыйнап алуунун, сактоонун жана басма сөздө жарыялоонун, классификациялоонун жана илимий жактан изилдөөнүн абалы жөнүндө учкай баяндоо менен катар бул алтын казынаны кандайдыр бир өлчөмдө ирээтке келтирүү аркылуу алардын мүмкүн болушунча толугураак жыйнагын түзүп, калайык калкка тартуулоону алдыга максат кылып койдук.

Ошондой эле бул жыйнакка улай элдик педагогиканын жүрүм-турум эрежелеринин тыюу салуучу, уруксат бербөөчү, эске салуучу (мисалы, Аарынын уюгун бузба; Айга, Күнгө, Кыбылага карап заара кылба; Саламдашпай сөз баштаба; Адамга жакшылык кылууну унутпа), же кеңеш берүүчү, сунуш кылуучу, буйрук берүүчү (мисалы, Жамандан кач, жакшыдан иймен; Жан-жаныбарларга камкордук көр; Чынчыл бол, чырдан алыс бол) нуска сөздөрүн жана айрым ырым-жырымдарды (мисалы, Айыл ичине атчан чаап кирбе, бул жаман кабар угузуунун белгиси; Алыска аттанаарда ачууланба, артыңды кылчактап караба; Ачкыч менен баш кийимди үстөл үстүнө койбо, уруш-талашка алып келет ж.б.) өзүнчө чогултуп, нуска сөздөрдөн биринчи жыйнагы катары берүүнү туура көрдүк. Айрым нуска сөздөр, мисалы, Айыл конбо анткорго, жолдош болбо айгакка, мүдүрүлтөт тайгакка; Акыл-

дуу менен арбашпа, алдуу менен кармашпа; Бактылуу менен басташпа, таалайлуу менен талашпа; Жакшы кошунаңа жарамсыз сөз айтпа; Өткөнгө өкүнүп, жетпести кууба сыяктуу нуска сөздөр макалга айланып, макал өңдүү колдонулуп кеткен. Макалдан айырмаланып, мындай нуска сөздөр адамдын жүрүм-турум эрежелерин гана чагылдырат. «Көч бара-бара түзөлөт» дегендей, мындай нуска сөздөрдүн келечеги да чоң үмүттөндүрөт.

Макал-лакаптардын жана нуска сөздөрдүн ушул жыйнагы жөнүндөгү ой-пикирлериңиздер менен каалоолоруңуздарды, ошондой эле байкалган мүчүлүштүктөр жөнүндөгү сын-пикирлериңиздер менен сунуштарыңыздарды Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясынын Кыргыз адабияты бөлүмүнө (дареги Бишкек ш., Эркиндик проспектиси, 25) билдирип коюңуздарды суранабыз.

## Макал-лакаптарды жыйноо тарыхынан

Кыргыз оозеки эл адабияты, анын негизги жанрларынын бири макал-лакаптар оозеки жаралган жана элге оозеки түрдө таралган. Аны жыйнап жазып алуу иши 1922-жылы Түркстан автономиялуу республикасынын казак-кыргыз билим берүү комиссиясы (комиссиянын төрагасы Ишенаалы Арабаев, орун басары Базаркул Данияров, жооптуу катчысы Касым Тыныстанов) түзүлгөн убакыттан башталган. Бул комиссия кыргыз тилинин жазуусу жана орфографиясы боюнча элдик адабияттарды жыйноо, мектеп окуучулары үчүн окуу китептерин түзүү жана басмадан чыгаруу боюнча бир кыйла иштерди жүргүзгөн. Ишенаалы Арабаев түзгөн алгачкы «Кыргыз алиппеси», Касым Тыныстановдун «Окуу китеби» («Эне тили») 1924-жылы Ташкенден басылып чыгышы, ал эми Байымбет Абдрахман уулунун (Тоголок Молдонун) «Кедейлерге насыяты», Касым Тыныстан уулунун «Касымдын ырлары» деп аталган ырлар жыйнагы 1925-жылы Москвадагы СССР элдеринин борбордук басмасынан жарык көрүшү

да ушул комиссиянын тынымсыз иш аракетинин натыйжасында жүзөгө ашырылган. Бул ишти Кыргыз автономиялуу облустук жана республикалык билим комиссиялары улантып, эл адабиятын жыйноо ишине жер-жерлердеги кат-сабаттуу адамдарды, айрыкча мугалимдерди кеңири тартышкан.

Жыйналган эл адабияты (макал-лакаптар, жомоктор, табышмактар, жаңылмачтар, санат ырлары ж.б.) эң алгач илим комиссиясына топтолгон. Аларды жыйноого Каюм Мифтаков, Белек Солтоноев, Чалагыз Иманкулов сыяктуу араб алфавитинде жаза билген сабаттуу адамдар катышкан. Мугалим Каюм Мифтаков жыйнап келип өткөргөн алгачкы материалдын биринде «10-март 1923-жыл» деген дата бар. Аны 1927-жылы кабыл алынган латын алфавитине араб алфавитин жакшы билбеген жана кыргызчаны көп түшүнө албаган адам көчүргөндүктөн көпчүлүк макал-лакаптар түшүнүксүз жана сабатсыз болуп калганы белгилүү (инв. № 65/259).

Оозеки эл адабиятын жыйноочу Каюм Мифтаков экинчи жолу 1927-жылы 20-январда өткөрүп, анда 1473 макал, анын ичинде 54 ыр саптары бар деп көрсөтүп, кимден жаздырып же айттырып алганы жөнүндө кыскача маалымат берет, ал маалыматтарга караганда Бишкектен Белек Солтоноев, Караколдон, тагыраак айтканда Ысык-Көл өрөөнүнөн Өмүраалы, Маанай жана Насирдин Ботой уулдары, Жума Жамгырчы уулу, Ийманбек Шамен уулу, Ысмайыл Маана уулу, Үмүт Карач кызы; Нарын өрөөнүнөн Сапарбай Суранчы уулу, Сагымбай Орозбак уулу, Ыбырайым Абдрахман уулу, Алтай Айдарбек уулу, Чаки Каптагай уулу; Талас аймагынан Жаныбек Шекербек уулу, Бөжөк Шекербек кызы, Эркебей Бердибек уулу көбүрөөк макал-лакап айтып бергенин, ал эми Нарындан молдо Байымбет Абдрахман уулу (Тоголок Молдо), Тердикбай Байжан уулу, Боогачы Жакып уулу, Тоту Бозгунчу кызы, Курманаалы Мама уулу, Байсогур Кожош уулу жана Ысык-Көл өрөөнүнөн Дөнөнбай Эсенаа-

лы уулу да бир аз макал-лакап айтып бергенин белгилейт (инв. № 59, 104-106-беттер).

Ошол жыйырманчы-отузунчу жылдарда кыргыз элинин тубаса тарыхчысы, көрүнүктүү агартуучуларынын бири Белек Солтоноев да өз алдынча жыйнаган макал-лакаптарды араб алфавитинде жазып калтырган. Ал материал латын алфавитине көчүрүлгөн (инв. № 302/522). Кийинчерээк, 30-40-жылдары Ыбырайым Абдрахманов өз алдынча да, А.Убукеев менен бирдикте да бир нече жолу макал-лакаптарды жазып өткөргөн. Анын латын алфавитине көчүрүлгөн кол жазмасынын биринде 3284 макал-лакап тизмеленген (инв. № 403/1141). Мында айта кетүүчү маанилүү маселенин бири бул: кол жазмаларды кабыл алууда кылдаттык менен рецензия жасалбагандыктан, мурда фондуга кабыл алынган макал-лакаптардын бир кыйласы кайрадан кайталанып өткөрүлгөн, ошондой эле таалим-тарбиялык мааниси начар, орой-вульгардык маанидеги макалдар да бир кыйла кошулуп кеткен.

Кийинки жылдары А.Жумабаев, З.Мамбетсеитова, М.Максимов, А.Мамбетисаев (бул авторлор жөнүндө маалымат жок), Жети-Өгүз районунан республиканын эмгек сиңирген мугалими Абдылда Арстакеев, Нарындан республиканын эмгек сиңирген мугалими Токтосун Байбураев, Кочкор районунун мектептеринде көп жыл үзүрлүү эмгектен Зарлык Абдижалилов, Салык Өмүрбаевдер тарабынан да бир топ макал-лакаптар фондуга алынган. 1980-жылдары Роза Таштемирова (автор жөнүндө маалымат жок) көп барактуу эки дептерге толтура макал-лакапты өткөргөн (биринчи дептерде 1272, экинчисинде 1005 макал тизмеленген). Бул автор 1967-1980-жылдары республикалык басма сөздөрдө жарыяланган материалдарды жыйнаган. Материал фондудагы макалдар менен салыштырылып текшерилбегендиктен көпчүлүгү мурда кабыл алынгандарды кайталаган жана бир эле макалды бир нече жолу кайталоолор да бир кыйла. Мисалы, фондудагы «Кыйыр иш кырк жылда билинет» деген макал бул эки дептерде 30 жолу кайталанган.

Ошондой болсо да фондуга (инв. №101) Тажикстандын Жетикечүү, Санзар деген жерлеринен чогултулуп, «Кыргызстан маданияты» гезитине жарыяланган (№32, 05.08.76) бир кыйла алгылыктуу макал-лакаптардын кабыл алынганы тууралуу да ыраазы болуу менен белгилей кеткибиз келет.

Биз бул жерде 1964-ж. Молдокул Максимов (ал жөнүндө маалымат жок) алып келип, илимий кызматкер маркум С.Закиров рецензиялап, Бүбүй Керимжанова эжебиз кубаттап, А.А.Алтымышбаев агайыбыз буйрук берип, фондуга сатып алынган (1254 макалдын 1045и жарактуу деп эсептелген) макалдар жөнүндө токтоло кетүүнү туура көрдүк. Анда айрым эл макалдарын эскирди деп, анын жаңы варианты деп, эл макалынын маанисин олдоксон бурмалоолор да кездешет. Сөзүбүз куру болбос үчүн бир нече жаңы вариантты келтире кетели: «Кар жааганда бир түшөт, теректен экинчи түшөт» (эски варианты «Теңирим бир жааса, терегим эки жаайт»); «Ысыктан оозу күйгөн дайыма үйлөп ичет» (эскиси: «Сүткө оозун күйгүзгөн айранды үйлөп ичет»); «Бок жүрөктү көп кууса баатыр болот» (эскиси: «Коенду кубалай берсе баатыр болот»); «Күйөөсү жакшы болсо, ирецu серт катын жакшы болот» (эскиси: «Алган эри жарашса, кара катын ак болот»); «Душман сөзү күлдүрөт, достун сөзү ыйлатат» (эскиси: «Душман сүйдүрүп айтат, дос күйдүрүп айтат»); «Кашаң өрдөк баарынан мурда учуп жетет» (эскиси: «Кашаң өрдөк мурда учат»); «Өлкөдөн келген өкүл өлбөйт» (эскиси: «Элчиге өлүм жок»); «Сугалак касап энесинин сөөгүн сатат» (эскиси: «Касапчы энесине сөөк сатат»); «Эртеңки өрдөктөн бүгүнкү жумуртка жакшы» (эскиси: «Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө артык») ж.б.

Кол жазма фондундагы бул сыяктуу «эл макалдарынын жаңы варианты» деп, өтө эле олдоксон бурмалоолорду жана айрым жасалма божомолдоолорду, албетте, чыныгы эл макалдары деп жыйнакка киргизүүнү ылайык көрбөдүк. Ошондой эле таалим-тарбиялык мааниси начар,

орой-вульгардык макал сөрөйлөрдү жыйнакка киргизүүдөн баш тарттык. Кол жазма фондундагы мындай таң калаарлык бурмалоолордун болушу элдин ыйык байлыгы, алтын казынасы аталган макалдардын өзүнчө карточкага түшүрүлбөй, алфавитке салынбай ирээтсиз жана кароосуз жатышы, Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун жетекчилигинин бул маанилүү ишке жоопкерчиликсиз мамилеси жөнүндө кабарлайт.

Ошондой болсо да мындай баш аламандык жана чаташуудан чеберчилик менен чыныгы эл макалы тандалып алынып, макал-лакаптардан жогоруда биз белгилеп кеткен «Эл адабияты» сериясынын 10-тому жаралган. Колуңуздардагы жыйнакты түзүүдө жогоруда аталган жыйнак негиз кылып алынып, көптөгөн жаңы макалдар кошулуп, жыйнактын көлөмү артып, мазмуну кыйла жакшыртылды.

Жыйнакты түзүү мезгилинде түзүүчүлөргө мурда белгисиз болгон макал-лакаптардын эки жыйнагы тартууланды. Анын биринчисин Кыргыз юридикалык академиясынын кафедра башчысы, филология илимдеринин доктору, профессор Сүйүнтбек Ибраимов тартуулаган «Кытай кыргыз эл макал-лакаптары» (Бишкек, 2004, 119 бет) эле. Аны Кытай Эл Республикасынын Синьцзиянь-Уйгур Автономия Республикасынын жараны Нурмамбет Сасков түзүп, араб алфавитинде басмадан чыгарган. Ал эмгекти издеп таап, азыркы кыргыз жазмасына оодарып, басмадан чыгарууда И.Арабаев атындагы Педагогикалык университеттин мамлекеттик тил кафедрасынын улук окутуучусу Назгүл Качкынбаева мактоого татырлык иш жасаганын белгилей кетмекпиз.

Экинчи жыйнак – «Макал-лакаптар» (Бишкек, 2005, 131 бет). Аны жаш кезинен макал-лакаптарга кызыгып, кунт коюп үйрөнүп, кийинчерээк (1960) жыйнай баштаган Улуу Атамекендик согуштун ардагери Алсеитов Акун түзгөн. Ал жыйнакты Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук ко-

миссиянын кызматкерлери Түгөлбай Мамбетжунушов менен Өктөм Калыева редакциялап, басмадан чыгарган.

Биз бул эки китепти чын ыкласыбыз менен окуп чыгып, макал-лакаптардын биз негиз кылып алган жыйнагы менен салыштырып, түзүп жаткан жыйнакка кирбей калган макал-лакаптарды кошуу менен мазмунун бир кыйла жакшыртканыбызды өтө канагаттануу менен белгилеп, бул жыйнактарды түзгөндөргө жана бизге тартуулагандарга чын ыкластуу терең ыраазычылыгыбызды билдире кетмекпиз.

Макал-лакаптардын биз түзгөн жыйнагын терең мазмундуу макал-лакаптар менен байытууда кыргыз элинин чыгаан кыздарынын бири, эрдемсинген эр-азаматтар менен тайманбай ат салышкан Жаңылмырзасы (Жумгалдын кыз Сайкалы), жазуучу-публицист, коомдук ишмер, эл макалдарынын таанымал бакмачысы Кален Сыдыкованын кийинки жылдарда жарык көргөн «Кайрылуу», «Доор кайрыгы», «Түпкүрдөгө Монстр», «Насыя нике», «Асылдар», «Эр издөө», «Күч күйөө», «Алтын казык», «Токол» аттуу повесттериндеги макалдар жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын ардактуу академиги, «Манас» эпосун сапма-сап орус тилине которуучулардын мыкчыгери, жазуучу-романист, Кыргыз Республикасынын илимге эмгек сиңирген ишмери, эмгек сиңирген ветеринардык врач, ветеринария илимдеринин доктору, профессор Абдулхай Алдашевдин сексенден ашканда жазып, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка татыган романдарындагы макал-лакаптар чоң көмөк көрсөттү.

Бул жыйнакты жаратууда азыркы авторлошубуз, көрүнүктүү акын жана журналист, котормочу, тажрыйбалуу педагог-энциклопедист, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Ысмайыл Кадыровдун өз алдынча жыйнаган макал-лакаптары, нуска сөздөрү жыйнактын мазмунун жакшыртууда чоң мааниге ээ болгонун айтуу менен, жыйнакты компьютерге түшүрүүдөгү,

алфавитке салып ирээтке келтирүүдөгү анын талыкпай аракеттенген ченемсиз эмгегин (чындыгында анын жардамысыз бул жыйнак түзүлмөк эмес) айрыкча белгилей кетүүнү өз парзым деп эсептеймин.

Так ошол Кален Сыдыковадан, Абдулхай Алдашовдон, Ысмайыл Кадыровдон кошулган макал-лакаптар болочок китептин көлөмүн кеңейтүү менен анын мазмунун бир кыйла жакшыртууда чоң өбөлгө болгонун белгилеп, бул атуулдарга чын пейлимден чыккан терең ыраазычылыгымды билдире кетмекчимин.

## Макал-лакаптардын басма сөздө жарыяланышы

Бул маселеге токтолуудан мурда Кыргыз Эл Баатыры Түгөлбай Сыдыкбековдун жаштарга кайрылып, макал-лакаптардын тарбиялык мааниси, басма-сөздө жарыяланышы жөнүндө айткандарын баяндап кетүүнү туура көрдүк. Ал мындай деп жазат: «Улуулар кичүүлөргө акыл-кеңешин айтууга милдеттүү. «Жакшы кеп жанга жагымдуу». Ошондуктан «Адеп башы тил» деген макал бар. Бул мындан тогуз жүз жыл мурда китеп бетине жазылган байыркы макал. Албетте, бул макал, китеп бетине жазылуудан алда канча мурда эле эл сөзүндө айтылып, адамдарга акыл кошкон кенч, мурас болуп келген.

Мен бул сөзүмдү аныкташ үчүн ошол байыркы китептеги макалдардан бир азын келтирейин:

«Эмгек текке кетпейт».

«Эринчээк булут минип учат».

«Жашында мээнет, карганда дөөлөт».

«Экпесең өнбөйт, тилебесең бербейт».

«Атасы ачуу алма жесе, уулунун тиши камалат».

«Түлкү өз ийнине наалыса, анын өз намысы төгүлөт».

«Кут белгиси билик»... (Махмуд Кашкарий, «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы»).

Мына ушундай эң так, эң чулу байыртадан айтылып келе жаткан акыл сөздөр элибизде эң бай, алар оозеки айтылып, оозеки тарады... Бабаларыбыздын өздөрү сактаган асыл мурастарды оозеки айтып урпактарга таалим берүү менен өздөрүнүн рухий дүйнөлөрүн азыктандырып, байытып, улуулары кичүүлөрүнө, билгендери билбегендерине жол көрсөтүштү.

Ошондуктан «Улуудан уялуу, кичүүдөн ийменүү», «Сыйга – сый, сыр аякка – бал» деген макалдар да жаштарды адептүүлүккө, кичи пейилдүүлүккө үйрөттү. Ар бир эле уюткулуу, маданияттуу элдердей, биздин элибизде да балдарына жакшы тарбия берүү ар дайым ата-энелердин дилинде уюган эң ыйык вазипа болучу.

Алардын бала үчүн жумшаган ак күчү, уул-кыздарын адам катарына кошуудагы ата-эненин ак дили, эмгеги өтө зор. Айтор ата-эненин акысын жарым-жартылай кайтарган уул-кыздар өз ата, энесине чоң кызмат өтөгөн болушаар эле.

Биз бул жерде ата, эненин ашыкча ыйык эсептебейбиз. Албетте, алар өз балдарына ыйык да! Ошентсе да, тигил «Сыйга – сый» деген асыл кеп баарыбызга тиешелүү. Улуудан уялуу деген улууну көргөндө баш көтөрбөй жер карап калуу эмес. Андай уялыш жаштын рухи дүйнөсүн өстүрбөйт, анын эркин эзет. Улуудан уялуу деген – улууну урматтоо, сыйлоо, алардан жакшы иштеринен таалим алуу. Алардын алдында адеп сактоо. Ошондой эле улуулар да тек жашынып улуулугуна сыймыктанып, кичүүлөргө жогортон караса, ал баарыдан мурда керсегей болуп калат. Эмесе улуулардын ошондой кайбир керсегейлигине, элибиз: – кичүүдөн ийменүү керек деген акыл кошот. Улууларга айтылган бул кеңеш да, алар өздөрүн токтоо, адептүү, салттуу кармоо дегенге жатат.

Ошентип, ата, эне менен уул-кыздардын, улуулар менен кичүүлөрдүн ортосундагы адептүүлүк, сый-урматтар байыртан эле баба салттарынын эң бийик, эң күчтүү таалим болуп жалпы элдик адепти түзгөн! (Түгөлбай Сыдыкбеков, Табылга. Б., «Адабият», 1991, 605-б.).

Түгөлбай Сыдыкбековдун макал-лакаптардын байыркы убакта кагаз бетине түшүрүлүшү жөнүндө бул эскерүүсүн жана «Улуудан уялуу, кичүүдөн ийменүү» жөнүндөгү макалды чечмелөөсүн баяндагандан кийин кыргыз эл адабиятынын басма сөздө жарыялоо тарыхына учкай токтолмокчубуз.

«Кеп чынынан бузулбайт», «Чындыкты жарадар кылууга болот, бирок аны өлтүрө албайсың», «Чындык жерде калбайт» дегендей, биз кыйла убакыт чындыкты айтуудан айбыгып, коркуп-үркүп, кала берсе, аябай сактанып жүрдүк. Эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин гана эч жалтайлабастан, тайманбастан, бурмалабастан чындыктын өзүн так айтууга батындык. Чынын айтканда кыргыз оозеки эл адабиятын, айрыкча макал-лакаптарды жыйноонун жана басма сөздө жарыялоонун башатында кыргыздын атактуу окумуштуусу, туңгуч профессору Касым Тыныстанов турган. Ал 1920-1924-жылдары Ташкендеги казак-кыргыз арагртуу институтунда (техникумунда) окуп жүргөндө эле Түркстан АССР ЭАКка (Эл агартуу комиссариатына) караштуу казак-кыргыз билим комиссиясында айлыктуу кызмат өтөп, улуттук жазма-чиймени жаратуу, кыргызча киетптерди басып чыгаруу, мектеп окуу куралдарын курап жасоо жумуштарына активдүү аралашкан (бул жөнүндө кара, Салижан Жигитов, Тыныстановдун акындык өнөрү, «Ала-Тоо» № 11 1988, 116-б.).

Касымдын өмүрлүк жары Турдубүбү апанын эскерүүсү боюнча Касым анда (1923-жылы жайында – Ж.К.) каникулга келген. Ошону менен бирге Ташкенге барып окуй турган балдарды топтомок. Экинчиден «Жаңыл Мырза» жөнүндө материал жыйнамак. Муну мага айткан... (С.Станалиев. Тутулган айдын жарыгы. «Кыргызстан маданияты» № 33, 11-август, 1989-жыл). Ошондо ал «Жаңыл Мырза» жөнүндө эле материал жыйнабастан, жалпы эле эл адабияты, айрыкча макал-лакаптарды да жыйнаган болуу керек. Ал жөнүндө анын макал-лакаптарды терең билиши, өз эмгегинде чебер колдонушу ачык күбө боло алат. Оюбуз ачы-

гыраак болушу үчүн бул тубаса илимпоздун 1924-жылы бир айдын ичинде жазып, ошол эле жылы басмадан чыгарган «Окуу китебинин» сөз башын толук бойдон келтире кетели.

«Бул китепти жаш балдар үчүн арнап жазган болдук. Жаш балага арнап китеп жазуу үчүн көп устаттык, көп тажрыйбалар керек, кыйыр шарттарды өтөө керек. Ал шарттардын баарын аткардык деп айта албайбыз. Биринчи себеп бизде билим толук эмес, окутуучулук кылып балдар ишине аралашкан эмеспиз. Бизде тажрыйба жок. Экинчиден бизде мурунтан жолго коюлган адабият жок. Канчалык калк адабиятына байбыз десек да, алар иштелбеген, балдарга эптүүсүн табуу кыйын болду жана биздин акындарыбыздын сөздөрү ирээтке салынбагандыктан сулуулары табылбады. Үчүнчү себеп – бул китептин ашыктык менен жазылгандыгы, өзүбүз чабалдыгыбызды айтып отурсак да, бул китепти бир айдын ичинде даяр кылдык.

«Баарын айтпай, бирин айт» дегендей, бул китеп билим кыскандыктан эмес, зарылдык кыскандыктан жазылып отурат. Айтор «Жоктон бар артык» дегенди эске алып, куру алакан отурган мектебибизди соорото туралы дедик. «Көч жүрө-жүрө түзөлөт» деген. Биз дагы жүрө-жүрө китеп куралдарыбызды дурустап кетеребиз. Ар бир жолдош: «Ат табылганча аяк ылоо» дегенди эсте тутса болгону» деп аягына кыскартылган түрдө «КТ» (Касым Тыныстанов) деп кол койгон (Бектенов З. «Касым Тыныстановдун окуу китеби», Мугалимдер газетасы, №25-27.01.89).

Бул кичинекей сөз башында автор өтө чеберчилик менен төрт макалды келтирген. Ал эми окуу китебинде эң бир билгичтик менен: «Арпа,буудай аш болот, алтын-күмүш таш болот», «Асыл таштан чыгат, акыл жаштан чыгат», «Даның болсо orooңдо, малың сыйбас кроoңо», «Атага баланын алалыгы жок», «Билим түгөнбөс байлык», «Наадандын кылган кастыгын жакшылык менен жеңип ал» деген макалдарды окуучулардын түшүнүгүнө жара-

ша аңгеме түрүндө берип, макал-лакаптарды өтө чеберчилик менен колдонуунун үлгүсүн көрсөтөт. Кийинчерээк бул залкар окумуштуу Кыргыз автономиялуу облусунун Академиялык борборун жетектеп, «Эркин-Тоо» гезитинин баш редактору болуп иштеп, Кыргыз АССР Эл агартуу комиссары, алгачкы «Жаңы маданият жолунда» деген илимий-педагогикалык журналынын жооптуу редактору, Кыргыз маданий-курулуш институтунун илимий кызматкери (бир аз директору) болуп эмгектенип, кыргыз эл адабиятын жыйноону уюштуруу маселесине чоң салымын кошкон болуу керек. Ал жөнүндө бизде ачык-айкын маалымат жок. Бирок бир гана айныксыз нерсе – Касым Тыныстановдун биринчилерден болуп макал-лакаптарды басма сөздө жарыялашы, окуу китептерине киргизиши – бул чындык.

Макал-лакаптардын басма сөздө жарыяланышы жөнүндө аны алгачкы изилдөөчүлөрдүн бири профессор С.Закиров мындай деп жазат: «Профессор К.К.Юдахин «Орусча-кыргызча сөздүккө» («Русско-киргизский словарь» под редакцией проф. К.Юдахина, Москва, 1944) көбүнчө тарбиялык мааниси күчтүү элдик макал-лакаптарды киргизген. Сөздүктөн 700гө жакын макал-лакап табууга болот. Макал-лакаптарды өзүнчө жыйнак кылып чыгаруу биринчи жолу Бүбүй Керимжанованын үлүшүнө туура келген. «Кыргыз макалдары менен лакаптарынын» жарыкка чыгышы (1948) кыргыз маданиятында зор кадам болуп эсептелет. Кийинчерээк (1955) бул жыйнактын толукталган түрү автор тарабынан кайрадан басылып чыкты (Закиров С. «Кыргыз элинин макал, лакаптары» (Фрунзе, «Мектеп», 1972, 5-бет).

Чындыгында Кыргыз илимдер академиясынын анык мүчөсү, проф. К.К.Юдахин, мүчө-корреспонденти Бүбүй Керимжанова кыргыз макал-лакаптарын элге тааныштырууда зор эмгек өтөштү. Проф. К.К.Юдахин «Кыргызча-орусча сөздүгүнүн» кийинки басылышында (1965) 2200гө жакын макал-лакапты киргизген. Ал эми Бүбүй Керим-

жанова макал-лакаптардын толукталып үчүнчү басылышын даярдап басмадан чыгарган. Эгемендүүлүккө ээ болгонго чейин булар алгачкы жыйноочулар катары баяндалып жүргөн эле.

Макал-лакаптарды жыйноодо жана жарыялоодо кыргыздын чыгаан илимпоздорунун ичинен Жээнбай Мукамбаевдин эмгегин эскербей коюу мүмкүн эмес. Ал боордош Тажикстандын Мургаб, Жергетал районунда илимий командировкада жүрүп, кыргыз элинин оозеки чыгармаларын, анын ичинде макал-лакаптарды жыйнап, өзүнүн «Эл ичи – өнөр кенчи» деген кызыктуу эмгегин жарыкка чыгарган (1982).

Биздин көрүнүктүү жазуучуларыбыз да өздөрүнүн эмгектеринде эл макал-лакаптарын кеңири колдонуп, окурмандарга тааныштырганы белгилүү. Мисалы, Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» (1963) жыйнагында 41, А.Токомбаевдин «Солдат элек» (1965) повестинде 54, К.Баялиновдун «Боордоштор» (1967) романында 65, К.Каимовдун «Атай» (1969) романында 37, Т.Сыдыкбековдун «Зайыптар» (1966) романында 150, «Көк асаба» (1989) романында 240, К.Жантөшевдин «Эки жаш» (1972) повесттер жыйнагында 87, «Тандалма чыгармаларынын» I тому «Каныбек» (1972) романында 115 макал-лакапты эң бир ылайыктуу, эң бир чеберчилик менен колдонушканын айта кетмекпиз.

## Макал-лакаптарды классификациялоо

Алгачкы фольклор жыйноочулордун бири К.Мифтаков макал-лакаптарды мындайча бөлүктөргө бөлүп жазган:

1. Жаратылыш (Ай, Күн, Жер ж.б.).
2. Жаныбар. Үй айбаны.
3. Жаныбар (ар түрдүү).
4. Кишилик.
5. Тиричилик.
6. Үй тиричилиги.

7. Дыйканчылык.
8. Букара.
9. Ак сөөк.
10. Дөөлөт жана жаңжал.
11. Уруктар жана түрдүү улуттар.
12. Дин.
13. Бирдик, ынтымак.
14. Өлүм.
15. Санат (инв. № 59/253).

Ал эми макал-лакаптарды өзүнчө жыйнак кылып чыгарган Бүбүй Керимжанова кийинки, 1964-жылдагы жыйнакта аларды мындай классификациялайт:

1. Адамдын сөзү, акыл-эси жөнүндө.
2. Үй-бүлө, сүйүү, достук, душмандык, конок жөнүндө.
3. Турмуш, өмүр, дин, соода, таптык көз караштар жөнүндө.
4. Илим-билим, эмгек, өнөр-кесип жөнүндө.
5. Родина, эл, эрлик-баатырлык, патриотизм маанисиндеги макал-лакап, учкул сөздөр.
6. Адамдын сапаттары жөнүндө.
7. Дидактикалык жана каймана түрүндөгү ар түрдүү макал, лакап, учкул сөздөр.
8. Ыр түрүндөгү же ырдан макал-лакапка айланган үлгүлөр.

Макал-лакаптардын кийинки 1982-жылдагы жыйнагын түзгөн Ш.Усупбеков да өз алдынча мындайча классификациялаган:

1. Мекен, эл, жер, эл достугу, күрөш, башчы, көпчүлүк, азчылык, жоокерчилик.
2. Эмгек, кесип, чарба, үнөм, эмгекчилдик, жалкоолук.
3. Достук, жолдоштук, ынтымактуулук, меймандостук.
4. Өмүр, өлүм, ден соолук, жаштык, карылык, бакыт, кайгы, кубаныч, күч, тазалык, сулуулук, көрктүүлүк, тамак-аш.
5. Жаратылыштагы кубулуштар, ар кандай окуялар, турмуштук тажрыйбалар, айбанаттар, акыл-насааттар.

6. Тил жана сөз өнөрү.
7. Адам жана анын мүнөзү, жөндөмдүүлүгү, сапаттары.
8. Ата-эне, сүйүү, үй-бүлө, бала, ага-тууган, жек-жаат, адат, салт, тарбия.
9. Дин, соода, байлык, бийлик, мансап, дөөлөт.
10. Таптык маанидеги макалдар.
11. Лакаптар.

Макалдарды мындай бөлүштүрүүгө кошула албай, 1985-жылы жыйнакты түзүүчү Ж.Төлөев да өз алдынча мындайча классификациялаган:

1. Сөз, тил өнөрү, анын коомдогу адамдардын өз ара байланышы мамилелериндеги мааниси.
2. Мекен, жоопкерчилик, баатырдык, коркоктук.
3. Таптык социалдык маселелер, байлык, жардылык, теңдик, теңсиздик, дин, соода-сатык.
4. Эмгек, кесип, чарба, төрт түлүк мал, каада, салт, акыл, билим.
5. Жек-жаат, тууганчылык, үй-бүлө, сүйүү мамилелери, ынтымак, ырксыздык, достук, кастык.
6. Адамдын ар түркүн кыял-жоруктары, мүнөздөрү, мыкты, начар сапаттары, каймана, кош маанилүү ар кыл макал-лакаптар.
7. Өмүр, өлүм, кубаныч, карылык, жаштык, калптык, чынчылдык.
8. Үлгү, насыят темасындагы макал-лакаптар.

Биз бул учу-кыйры чексиз макал-лакаптарды кандайдыр бир ирээтке келтирүүгө жасалган аракеттер жөнүндө маалымат берүү менен, түзүүчүлөрдө жалпы бир кабыл алынган принцип болбогондон кийин, «Казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса» дегендей ар ким өз билгениндей топко бөлүүгө аракет жасашкан. Биз макал-лакаптарда классификациялоодо биринчи кезекте алардын негизги максаты жаш муунга таалим-тарбия берүүгө багытталганын эске алдык. Экинчиден, бул жөнүндөгү ака-

демик Ч.Айтматовдун ой-пикирлерин да эске туттук. Ал мындай деген эле: «Педагогика кыргыз элинде көп убакыт бою илимдин өз алдынча тармагына айлана албады. Бирок элдин педагогикалык ойлору оозеки чыгармачылыгынын бардык түрлөрүндө, бардык жанрларында, макал-лакаптарда, жомоктордо, учкул сөздөрдө, табышмактарда, жаңылмачтарда, мифтер менен легандаларда, «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Жаныш-Байыш», «Эр Солтоной», «Эр Табылды», «Эр Төштүк» сыяктуу баатырдык эпостордо кеңири чагылдырылып, бекем сакталып, иш жүзүндө колдонулуп келген. (Кара китепти: Антология педагогической мысли в Киргизской ССР. М.: Педагогика, 1988, 5-бет).

Ушул негиздерге таянып, биз макал-лакаптарды төмөнкүдөй жети бөлүккө бөлгөн элек:

1. Акыл тарбиясы. Бул адамды башка жаныбарлардан ажыраткан акылдуулук («Акыл байлыгы – азбас байлык») даңазалаган, билимди барктаган, акыл-эмгегине байланыштуу чечендик, сөзмөрдүк, санжырачы, жомокчу, манасчы, ырчы сыяктуу өнөр үйрөнүүгө багыт берген акылсыздыкты, билимсиздикти, наадандыкты мазактаган макал-лакаптар.

2. Саясат тарбиясы. Адамдын заманына жараша башкаруу системасына, жалпы эле дүйнөгө көз карашын чагылдырган, коомдо кабыл алынган мыйзамды баяндаган адамдын укугун жана коопсуздугун коргоого багытталган макал-лакаптар.

3. Эмгек тарбиясы. Адамды адам кылган эмгектин маанисин айгинелеген, эзелтеден ата-бабалардын кесиби болуп саналган мал чарбачылыгы менен дыйканчылыктагы эмгекке байланыштуу жана жаш муунду эмгекке үйрөтүүгө, ар түрдүү кесип ээлерин даңктаган, жатып ичер жалкоолорду мазактаган макал-лакаптар.

4. Адеп тарбиясы. Буга адамды урматтоо, Ата Мекенди сүйүү, ага кызмат өтөө, адамдардын бири-бири менен мамилесиндеги ынтымактуулук, достук, чынчылдык,

адептүүлүк, мактанчаактык, калпычылык жөнүндөгү макал-лакаптар кирет.

5. Дене тарбиясы. Адамдын денесин, саламаттыгын, өмүрүн сактоого, өстүрүүгө байланыштуу макал-лакаптар.

6. Эстетикалык тарбия. Адамдын, жаратылыштын сулуулугу, коозлдугу, көркөмдүгү жөнүндөгү адамдын эстетикалык табитин өстүрүүгө байланыштуу макал-лакаптар.

7. Үй-бүлө тарбиясы. Баланы үй-бүлөдө тарбиялоо, ата-энени урматтоо, эки жаштын ортосундагы үй-бүлө курууга байланыштуу макал-лакаптар.

Мындай классификациялоо биздин алгачкы китепте жарык көргөн (Кара. Койчуманов Жумаш Ыбырай уулу, «Элдик педагогиканын берметтери». Кыргыз макал-лакаптары педагогикалык аспектте. Б., 1996.).

Бул китеп негизинен мектеп окуучуларына, студент жаштарга жана педагог тарбиячыларга арналгандыктан, биз тарбиянын негизги түрлөрүнө жараша макал-лакаптарды ушундайча классификациялоону ылайык тапкан элек. Ар бир бөлүм бөлүкчөлөргө бөлүнүп, ал бөлүкчөлөрдүн мазмунуна жараша тема коюлуп, анын ичиндеги макал-лакаптар алфавиттик тартип боюнча жайгаштырылган.

Макал-лакаптарды педагогикалык аспектте классификациялоо биринчи жолу жүргүзүлүп жаткандыктан, албетте педагогикалык практикада текшерилип, сындалышы, өзгөрүшү жана өркүндөтүшү ыктымал.

## Макал-лакаптарды изилдөө иштери жөнүндө

Оозеки элдик чыгармаларга камтылган педагогикалык ойлорду – элдик педагогиканы изилдөө иши педагогикалык коомчулук эбактан бери чыдамсыздык менен күткөн маселелердин бири эле. Өлкөдөгү педагогикалык ойлордун борбору болгон РСФСР педагогикалык илимдер академиясынын Педагогиканын теориясы жана тарыхы илим

изилдөө институту алтымышынчы жылдардан баштап «Мектептердин жана педагогикалык ойлордун байыркы убактан азыркы мезгилге чейинки тарыхынын» көп томдугун түзүүнү пландаштырган эле. Ошол көп томдук эмгектин план-проспектисине Кыргызстандан Токтогул менен Тоголок Молдонун педагогикалык көз караштары жөнүндө макала жазып берүү киргизилген. Жалпы союздук пландагы бул изилдөө кыргыздын жүзүн көрсөтмөк.

«Айтылбай турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле» дегендей, ушул жерде (өткөн иш болсо да) бир чындыкты айта кетүүнү туура көрүп турам. Ал тарыхый чындыкты ошол убакта бирге иштешкен, азыркы профессорлор Н.Имаева, И.Бекбоев жакшы билишет. Алты жыл бирге анын илимий иштер боюнча орун басарынын милдетин аткаруучу болуп иштесем да, жогоруда айтылган макаланы жазууну өзүмчүл директор мага ыраа көрбөдү. Эгерде өзү бул акын-демократтардын чыгармачылыгын жакшы билсе, албетте өзү жазмак. Жакшы билбегендиктен, аны илимдер академиясынын адистери Б.Аманалиев менен Ж.Таштемировдон бул макаланы жазып берүүнү сурангды. Педагогикалык планда изилдөө жүргүзбөгөн философ менен филолог бир жылдан кийин бул жоопту иштен баш тартышты. Анан өзүнүн аспиранты – ОшПИнин окутуучусу Э.Абакировго «Кыргыз демократ акын-жазуучулары Токтогул менен Тоголок Молдонун педагогикалык көз карашын» диссертациялык планда изилдөөнү тапшырды, ал өзү бул темадан диссертация чыгаарына күмөн эле.

Ал эми мен Нарындагы Токтогул атындагы мектепте завуч болуп эки жыл, Жалал-Абаддагы мугалимдер институтунда директор болуп төрт жыл иштеп, педагогика боюнча изилдөө жүргүзүүгө абдан ынтызар элем. Бул институтка ошон үчүн келгем жана анда иштеген алты жылда (1956-1962) бир катар эмгектер менен таанышкам. Тоголок Молдонун чыгармаларын да окуп, андан өзүнчө диссертация чыгаарына күмөнүм жок эле. Анын үстүнө мен ошол жылдары КРУИАнын терминкомунун тапшыруусу

менен (жооптуу катчысы Б.Ө.Орузбаева) педагогикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүнүн долбоорун түзүп, талкуудан өткөрүп, кабыл алдырып, басмадан чыгартып, конкурс жарыяланган үчүнчү класстын «Эне тилин» түзүүгө катышып, конкурста жеңип, сыйлык алып, коомчулукка да бир аз таанылып калган болчумун.

Ошондуктан аспирант Э.Абакиров менен макулдашып, теманы экиге бөлүп, Токтогулду ага калтырып, Тоголок Молдону мен алып, «Кыргыздын демократ акыны Тоголок Молдонун (Байымбет Абдрахмановдун) агартуучулук ишмердиги жана педагогикалык көз карашы» (1860-1942) деген теманы изилдөөнү окумуштуулар кеңешинен бекиттирип алганыма А.Э.Измайлов каршылык кыла албады. Ошондо «Милдетин аткаруучу» кызматынан бошоп, аспирантурага өттүм (25.10.62). Жетекчиликке филология илимдеринин кандитаты Т.Саманчинди бекитти. Бул 1962-жылдын акыры эле. 1963-жылы Тоголок Молдонун педагогикалык көз карашы жөнүндө бир (1,0) басма табак көлөмүндө макала жазууну мага тапшырды. Москвада командировкада жүрсөк, июль айында 15 жашка чыккан уулум каза болуп, Бишкекке учуп келдим. Балага кайгырып бир топ отуруп калдым. Жылдын аягында директор макаланы сураганынан көлөмү көбөйүп кетип атат десем, болгонундай алып кел деди. Кол жазмамды машинкага жаздырсам 125 бет болду. Измайлов окуй замат эле жактырып, мактап, элге жар салып, диссертация болсун үчүн мындай кылуу керек деп кеңешин айтты. Ал боюнча оңдоп, «Мектеп» басмасына бердим. 1964-жылы «Идеи воспитания в творчестве Тоголок Молдо» (Ф., 1964, 187-б.) деген китебим чыкты. Китепке жазган баш сөзүндө КРУИАнын мүчө-корреспонденти, профессор А.Э Измайлов эмгекти мындайча баалады: «Исследование Д.И.Койчуманова, на наш взгляд, вносит важный вклад в историко- педагогическую науку вообще, в изучении истории педагогической мысли народов Советского Востока, в частности».

Бир катар басма сөздө жылуу сөздөр айтылып, китепти педагогика илиминдеги жаңылык катары баалашты. Мисалы, доцент Б. Маленов минтип жазды: «... Тоголок Молдонун жалпы эле чыгармачылыгы жөнүндө бир кыйла эмгектер бар экендиги бизге белгилүү. Ал эми анын чыгармаларындагы педагогикалык, агартуучулук идеяларын илимий жактан аныктоо – бул кыргыз илиминдеги жаңы эмгек...» («Советтик Кыргызстан», 12.03.65).

Ал эми бул проблема боюнча адис, Азербайжан педагогика институтунун педагогика кафедрасынын башчысы, Азербайжан ССРинин илимге эмгек сиңирген ишмери, педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Ю.Сеидовдун бул эмгекке берген баасына кеңирирээк токтоло кетели. Ал минтип жазды: «Работа Койчуманова является ценным вкладом в историко-педагогическую науку. Я, как преподаватель истории педагогики ВУЗов с 1930 г., внимательно слежу за новинками литературы в этой области: появление такой работы по вопрасам истории педагогической мысли в братской Киргизской Республике обогащает практику и теорию нашей науки.

Ценность работы заключается в том, что ана написана на русском языке и эта работа стала достаянием научно-педагогической общественности всего Советского Союза.

Это также говорит о том, что Койчуманов Д.И. может поднять научно-иследовательскую работу в более широком масштабе.

Подытоживая свою мысль, мы возвращаемся к тому, что сказали вначале. Работа актуальна, оригинальна как по своему содержанию, так и по методу исследования, научно обоснована, является ценным вкладом в историко-педагогическую науку...». (Бул отзыв диссертация менен бирге ВАКка жөнөтүлгөн).

Биз аспирантурага 25.10.62-жылы кирип, 23.03.65-жылы кандидаттык дипломду алган элек. Тоголок Молдонун чыгармачылыгында камтылган педагогикалык асыл ойлорду изилдөөнү аяктоо менен кыргыз элинин

педагогикалык ойлорун – элдик педагогиканы изилдөөгө алгачкы чыйыр салынышы жалпы союздук педагогикалык коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынып, бул проблеманы изилдөөнү андан ары улантууга чоң стимул болгон эле.

«Темирди кызуусунда сок» дегендей, 1966-1967-жылдары бир катар илимий-практикалык конференциялар өткөрүлүп, мен анда «Идеи дружбы народов в твочестве Тоголок Молдо», «Н.К.Крупская и вопросы интернационального воспитания» (В книге «Материалы первой межвузовской конференции научно-педагогических работников ВУЗов Киргизской ССР», изд. МНО Кирг.ССР, Ф., 1966 г.), «Педагогические воззрения киргизского народа в поговорках и пословицах» (В книге «Научно-практическая конференция по вопросам развития школы и педагогической науки в Киргизии за 50 лет», изд. Киргиз НИИП, Ф., 1967 г.).

Бул конференциялардын материалдары биз менен чыгармачылык байланышы бар ЛГУнун профессору Е.И.Зейлигер-Рубенштейнге жиберилген эле. Анын кыргыз окумуштууларына берген баасы азыркы кыргыз окумуштууларын кызыктырбай койбойт. Ошондуктан каттын үзүндүсүн берүүнү туура көрдүк. Ал минтип жазат: « ... с большим интересом и глубоким вниманием прочла тезисы докладов на научных конференциях в 1966 и 1967 гг. Поражает разнообразие тематики и чрезвычайная актуальность разрабатываемых Вами проблем.

Тезисы обоих Ваших докладов серьезны. Недавно мне прислали на отзыв небольшую работу на тему «Н.К.Крупская об интернациональном воспитании». Ее нельзя и сравнить с Вашими докладами, поскольку о них можно судить по тезисам. Ваши несравненно глубже, а вместе с теми конкретнее. Но, повторяю, все дальнейшее положение у Вас значительнее, непосредственно связано с задачами нашей школы. К тому же у Вас это только тезисы, а в докладе все еще больше, несомненно, раскрывается.

Очень важна тема второго Вашего доклада – о народной педагогике. Вам, вероятно, знакома книги Г.Н.Волкова «Этнопедагогика чувашского народа» (Чувашиздат, 1966 г.). Ее содержание очень созвучно с Вашими мыслями. Очень отрадно, что начинает осуществляться завет К.Д.Ушинского. Я согласна с Вами, что знание народной педагогики значительно обогатило бы педагогическую науку. Действительно, мы занимаемся только вопросом о том как воспитывает школа и детские организации, семья, а как народ и общества относятся к детям и воспитывают их – мы не знаем. При этом встают очень важные и очень сложные вопросы о сочетании этих влияний, об отражении народной педагогики в организованной педагогике.

Но дело Вами и Г.Н.Волковым начато, проблема поставлена, а это очень важно. Предстоит дальнейшая, очень интересная работа, и есть все основания надеяться, что Вы ее успехом выполните...» (Е.И.Зейлигер-Рубенштейндин 23. 12.67-жылдагы бул каты менин өздүк архивимде сакталып турат – Ж.К.).

Ушул жерде Кыргыз илим-изилдөө институтунда өткөрүлгөн илимий конференциянын материалдарына, анын ичинде биздин докладдардын тезистерине адилет жогорку баа бергени үчүн жана келечекте элдик педагогиканы иштеп чыгууну улантууга чоң ишеним билдиргени үчүн профессор Е.И.Зейлигер-Рубенштейнге чоң ыраазычылыгыбызды билдирүү менен, анын суроосу боюнча Г.Н.Волков менен биздин тааныштыгыбыз жөнүндө учкай айта кетүү зарыл көрүнөт. Биздин «Идеи воспитания в творчестве Тоголок Молдо» деген китеп 1964-жылдын аягында жарык көрүп, 1965-жылдын башында анын 100 даанасы автореферат ордуна белгилүү тизме боюнча союздун көрүнүктүү ЖОЖдоруна жиберилген. Г.Н.Волков да алган болуу керек. Кийинчерээк ал китеп Н.К.Крупская атындагы сыйлыкка көрсөтүлгөндө профессор Г.Н.Волков өзү иштеген Н.Я.Яковлев атындагы Чуваш

мамлекеттик пединститутунун педагогика кафедрасында доклад жасап, ал эмгекти кыргыз маданиятына, СССР элдеринин педагогикалык ойлорунун тарыхына бир кыйла чоң салым кошкон оригиналдуу эмгек катары мүнөздөп, анын сыйлыкка көрсөтүлүүгө татыктуулугун колдогон чечимди жиберишкен. (Кафедранын ал чечиминин ксерокопиясы бизде сакталуу).

Ал эми профессор Г.Н.Волковдун «Этнопедагогика чувашского народа» деген негизги эмгеги 1966-жылы жарык көргөн. Мен аны автордун өзүнө кат жазып сурап, таба алган эмесмин, бирок башка китептерин алган элем. Алтымышынчы жылдын аягында мени илимий дүйнөдөн алыстатууну көздөгөн көрө албас ичи тарлар Ош пединститутуна жибергени, так ошол ОшПИнин окумуштуулар кеңеши биздин «Идеи воспитания в творчестве Тоголок Молдо» деген эмгегибизди жогору баалап, Н.К.Крупская атындагы сыйлыкка көрсөткөнү, аны союздагы бир катар окумуштуулар, атап айтканда Азербайжандан проф. А.Ю.Сеидов, Россиядан проф. Г.Н.Волков колдоп чыкканы белгилүү. Мен бул институттан кеткенде, менден калган айрым материалдар (Г.Н.Волковдун мага жиберген китептери) аркылуу институттун улук окутуучулары Б.Апышев менен Ж.Бешимов профессор Г.Н.Волков менен таанышып, анын жетекчилиги менен элдик педагогиканы изилдөөгө аралашканы бизге маалым.

Жетимишинчи жылдары элдик педагогикага көңүл буруу бир аз жандана баштады. Жалпы союздук планда белгиленген Токтогулдун чыгармачылыгындагы педагогикалык көз караштары изилдөө Кыргызстан педагогика илим-изилдөө институтунун аспиранты Нурила Имаева тарабынан ийгиликтүү аткарылып, «Идеи воспитания в творчестве киргизского акына – демократа Токтогула Сатылганова» деген темада диссертация жактап, педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий даражага ээ болду. Бул автордун «Идеи воспитания в творческом насле-

дии Токтогула» (1971), «Идеи воспитания в киргизских малых эпосах» (1972) деген эмгектери жарык көрдү. КРУУнун профессору Н.Имаева өзүнүн аспиранттары аркылуу да бул проблеманы изилдөөгө иштиктүү көңүл буруп келе жатат.

Элдик педагогиканы изилдөөдөгү профессор Н.Г.Волковдун эмгегин эскербей кетүү мүмкүн эмес. Ал жогоруда айтылгандай «Этнопедагогика чувашского народа» деген залкар эмгек жазып, «Этнопедагогиканын атасы» аталды. Анын түздөн түз жетекчилиги менен биздин республиканын жарандары: Т.О.Ормонов «Педагогические воззрения древних киргизов – Эпос «Манас» (Казань, 1972), Б.Апышов «Использование народных традиции в трудовом воспитании старшеклассников» (Москва, 1974), Ж.Б.Бешимов «Нравственные традиции киргизского народа» (Казань, 1975) деген темада диссертацияларды коргошуп, педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий даражага ээ болушту.

КРИУАнын академиги, педагогика илимдеринин доктору, профессор А.Э Измайлов бир катар эмгектеринде, атап айтканда: «Просвещение в республиках советского Востока» ( М., 1973), «Народная педагогика» (Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана, Москва, 1985), «Этика и педагогика семейной жизни» (Ташкент, 1986) сыяктуу монографияларында элдин алтын казынасы – макал-лакаптарга кайрылбай койгон эмес. Анын жетекчилиги менен аспирант К.К.Кыдыралиев «Проблемы познания и воспитания в киргизских народных сказках» (Фрунзе, 1979) деген темада диссертация жактап, педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий даражага ээ болду.

Кыргыз элинин эң бай мурастарынын бири болгон макал-лакаптарды педагогикалык багытта изилдөө келечекте улана бермекчи. Ага биз түзүп чыгарган макал-лакаптардын ушул жыйнагы чоң өбөлгө болуп кызмат өтөмөкчү.

Жыйынтыктап айтканда, биз макал-лакаптарды толук жыйнадык деп айтуудан алыспыз. Биринчиден КРУИАнын кол жазма фондусунда түштүк облустардан, айрыкча алыскы Тогуз-Торо, Чаткал, Лейлек, Баткен райондорунан жыйналган материал жокко эсе, б.а. макал-лакаптарды жыйноодо республиканын бүт аймагын камтый алган эмеспиз. Экинчиден, фондудагы макал-лакаптар карточкаларга түшүрүлүп, ирээтке салынбагандыктан, андагы макал-лакаптардын жарактуусун толук алдык деп айта албайбыз. Ошого карабастан, биздин эң бай мурасыбыздын жарык көрүүсүн көптөн бери зарыга күткөн журтчулугубузга бул жыйнакты тартуу кылуу – кыргыз элинин маданий турмушундагы чоң жетишкендиктин бири деп эсептейбиз.

*КОЙЧУМАНОВ Жумаш Ыбырай уулу,*
*педагогика илимдеринин кандидаты,*
*КР эл агартуу отличниги,*
*КР УИАнын илимге эмгек сиңирген кызматкери.*

## А

* Аалам – айылдан башталат.
* Ааламга жол – айылдан башталат.
* Ааламга чачылган насип орток.
* Ааламга чачылган насипти адам жыйнайт.
* Ааламдан да ашмак бар, адамдан да ашмак бар.
* Ааламдын көркүн көз ачат, адамдын көркүн сөз ачат.
* Аалам жаңжалынан аял жаңжалы күчтүү.
* Аалым болсоң, аалам сеники.
* Аары бакса бал берет тургузуп койсо челекти.
* Аары бар жерде бал бар.
* Аары гүлдү да тандап сорот.
* Аары гүл татканды сүйөт, ууру түн катканды сүйөт.
* Аарынын балы татты, чакканы ачуу,
аялдын бары татты, тили ачуу.
* Аары уусу менен, адам сөзү менен.
* Аары чакса ачууланба, айда-күндө бал жейсиң.
* Абада салкын көп болсо, алманын шагын катырат.
* Абал башта денсоолук, аркасынан ак жоолук,
андан кийин боз соолук.
* Абалкы кебиң ырас болсо, кийинки кебиңдин
өтүмү жакшы.
* Аба тазалыгы тамактан зарыл, айлана коoздугу
башаттай зарыл.
* Аба ырайын макта кечинде, уулуңду макта
мурут чыккан кезинде.
* Абдан кытмыр – арамза, абдан кычкыл – ачуу.
* Абийир – акчадан артык.
* Абийир арың дагы, дарың дагы.
* Абийирдин малайы, эрктин кожоюну бол.
* Абийирдүүбү аялың – сулууң ошол.
* Абийирдүү азап тартса, акмак кубанат.
* Абийирдүү жигитке ажалдуу кийик жолугат.
* Абийир жабылат бөз менен,
адамды байлайт сөз менен.

* Абийир жаман иштен сактайт,
жакшы ишке баштайт.
* Абийири жок арачы болот.
* Абийириңди жашыңдан сакта.
* Абийириң төгүлгөн жерге акыл айтпа.
* Абийир кирешеден кымбат.
* Абийирсизге арачы болсоң,
ар кайсы жериң томуйбайбы.
* Абийирсизге бийлик бергенден корк,
акылсызга кылыч бергенден корк.
* Абийирсиз уул атасына асылат.
* Абийир тапса баласы, атасына бак конот.
* Абийир үчүн ак жүр, алыш-беришке так жүр.
* А болду, бу болду, Алжыбайды там басты.
* А болду, бу болду, Эшкаранын он төөсү өлдү.
* Абыра-сабыра сөзгө орток, атанын сүйбөс
уулу малга орток.
* Абысын – аңдышкан жоо, күнү – күйүшкөн жоо.
* Абысының болсо, күнүм жок дебе.
* Абышка өлсө ат бошойт, кемпир өлсө төр бошойт.
* Ага баласы алкымга чыккан жоо,
ини баласы ийинге чыккан жоо.
* Агадан акыл, иниден ызаат күт.
* Ага-ини көп болсо, асабалуу жасоолдой.
* Ага-ининин кадырын жалалуу болсоң билээрсиң,
ата-эненин кадырын балалуу болсоң билээрсиң.
* Агайынга карап бала өсөт, карагайга карап тал өсөт.
* Агайынды жат көрүп, жакынды кайдан табасың.
* Агайындын азары болсо да, безери болбойт.
* Агайындын азганын өзү билбей жат билээр,
капталдыктын батканын ээси билбей ат билээр.
* Агайындын кадырын жалалуу болсоң билээрсиң,
ата-эненин кадырын балалуу болсоң билээрсиң.
* Агайын (ага-ини) таттуу болсо – ат көп,
абысын таттуу болсо – аш көп.
* Агайының менен араз болбо –
эр башына эмне келип, эмне кетпейт.

* Агам кимди алса, жеңем ошо.
* Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт.
* Агаңда болсо карайсың, алаканыңды жалайсың.
* Ага ордун ини басат.
* Ага өлсө ини бар, тону жерде калган жок.
* Агар алтын, ак күмүш.
* Агарган карда көп жүрсөң, көзүң бир күн карыгат,
  агайындан чет жүрсөң, көңүлүң бир күн тарыгат.
* Агарган чач айып эмес.
* Агарган чач боёлбойт.
* Агасы бардын сакасы бар, үкөсү бардын чүкөсү бар.
* Агасы минген атты – иниси минет,
  атасы салган кушту – баласы салат.
* Агасын агалай албаган, душманын сагалайт.
* Ага-тууган кимде жок, сыйлашпаса жатча жок.
* Агач катуусун курт жыгат.
* Агым чогулуп сел болот, адам чогулуп эл болот.
* Агымы менен ааламдын адам гана ага алат.
* Агынан тийсең бирөөгө, айланып тиет кезеги.
* Агын сууда арам жок.
* Агын суу дайрага миң толгонуп кошулат.
* Агын тапсаң аласың, караны тапсаң каласың.
* Адал адам – адамдын гана адамы эмес,
  ааламдын адамы.
* Адал болсоң дос көбөйөт, арам болсоң кас көбөйөт.
* Адал достук алтындан кымбат.
* Адалдын тамыры миң, арамдын тамыры бир.
* Адал иш (эмгек) абийир таптырат,
  арам иш (эмгек) азабын тарттырат.
* Адал иш менен аракет кулду да даражага жеткирет.
* Адал иштин арты бакыт.
* Адал өлсө – бир казан эт, арам өлсө –
  ит менен кушка жем (бир талпак).
* Адалсынган молдонун үйүнөн,
  алты камандын башы чыгыптыр.

* Адал тапкан кара наның майдай жагат,
арам тапкан казы-картаң жыландай чагат.
* Адал эмгек, ак ниет опо берет адамга.
* Адал эмгек – астында ат, үстүндө тон.
* Адал эмгек нурлантат, арам эмгек кырдантат.
* Адал эмгек элге жеткирет, арамдык элден кетирет.
* Адам адамга дос, жолдош, бир тууган.
* Адам адамга муктаж.
* Адам адам менен адам.
* Адам адам үчүн табылгыс дары.
* Адам акылы менен адам,
ансыз баса албас бир да кадам.
* Адам аласы – ичинде, мал аласы – сыртында.
* Адам аласынан сөз аласы жаман,
эт чаласынан сөз чаласы жаман.
* Адам алсызы – урушчаак.
* Адам аракты жутат, кийин арак адамды жутат.
* Адам атасы – нур, энеси – жер.
* Адам ачтан өлбөйт, ардан өлөт.
* Адам ашка тойсо да, башка (жашка) тойбойт.
* Адам аягынан аксабайт, алкымынан аксайт.
* Адам баласы жылкы мүнөз.
* Адам баласы тетиксиз сандык,
сыртынан сынчы жаңылат.
* Адам барга чыдабайт, жокко чыдайт.
* Адам баскан жол менен адам басат,
бири билбегенди бири билип жазат.
* Адам башы көпүрө болсо, адам аттабасын,
хан башы көпүрө болсо, калкы аттабасын.
* Адам болмок аста-аста, айбан болмок бир паста.
* Адам болор кишинин адам менен иши бар,
адам болбос кишинин адам менен неси бар.
* Адам болуу арзан, адамды билүү кыйын.
* Адам болуу баарынан артык.
* Адам бузулса, аалам бузулат.
* Адамга адам кымбат.

* Адамга акыл тубаса бүтпөйт,
  эмгек менен заман жаратат.
* Адамга атак кооптуу.
* Адамга – ишарат, айбанга – келтек.
* Адамга конгон касиет качпайт,
  бирок издеген киши таппайт.
* Адамга көрбөгөндүн баары кызык.
* Адамга кылган жакшылык, айда тийген ай эмес,
  күндө тийген күн эмес.
* Адамга кылган жакшылык жерде калбайт.
* Адамга мал табылышы оңой,
  адамга адам табылышы кыйын.
* Адамга өлүм ак.
* Адамга чычалак жарашпайт,
  атка жаталак жарашпайт.
* Адам гүлдөн назик, темирден бекем.
* Адамдагы улуулукту баала, аруулукту,
  сулуулукту баркта.
* Адам да көктөмдө арыктайт.
* Адамдан айла (акыл) качып кутулбайт.
* Адамдан улуу ат жок, нандан улуу аш жок.
* Адам даңк үчүн от менен сууга кирет.
* Адам даражасы абийири менен бийик.
* Адамдарды жер көтөрсө, акылманды эл көтөрөт.
* Адамда эң ыйык нерсе – ишеним.
* Адам дүйнөдө бир жаралат.
* Адамды адам кылып алга үрөгөн үмүт.
* Адамды акылга бай кылган – эмгек,
  төрт түлүктү шай кылган эмгек.
* Адамды акылынан, даракты жалбырагынан байка.
* Адамды алыстан тааныш кыйын.
* Адамды бийлик берип сында.
* Адамды билиш үчүн аны менен бирге үч пуд туз
  жеш керек.
* Адамды бузган – байлык менен бийлик.
* Адамды каниет аздырбайт, кайгы аздырат.

* Адамдык жакшы касиеттен ажыроо – чоң жоготуу.
* Адамды кийминен таанытбайт, ишинен таанйт.
* Адамды кордобо, акмакты бордобо.
* Адамды көзүнөн түшүнбөй, сөзүнөн түшүн, акмакты өзүнөн түшүнбөй элден түшүн.
* Адамдын адам билет сымбатын, акмактар кайдан билсин, адамдын арзан менен кымбатын.
* Адамдын адамгерчилиги ачуусу келгенде билинет.
* Адамдын адамдыгы – адамгерчилик.
* Адамдын адамдыгын аныктаган сапаты – анын үзүрлүү эмгеги.
* Адамдын адеби анын алтынынан да кымбат.
* Адамдын акылманы алысты көрөт.
* Адамдын акысын жер жебейт.
* Адамдын аласы жаман, айбандын куласы жаман.
* Адамдын алсызы – ушакчы.
* Адамдын ардуусу тырышчаак болот.
* Адамдын арманы көп, жакшынын жардамы көп.
* Адамдын башкы милдети – кайрымдуулук (же ыймандуулук).
* Адамдын бир душманы – тили.
* Адамдын бири тентек, бири жөнтөк; бири эпчил, бири кекчил.
* Адамдын бир сапаты – сабырдуулук.
* Адамдын бузукусу адам.
* Адамдын даңкын чыгарган да – тил, тарпын чыгарган да – тил.
* Адамдын дүйнөгө өзү тойсо да, көзү тойбойт.
* Адамдын жакшылыгын биле жүргүн, өзүң да жакшылыкты кыла билгин.
* Адамдын жалангычы да адам.
* Адамдын жаман-жакшысы туулгандан эмес, көргөн тарбиясынан.
* Адамдын жылдыздуусун айбан да билет.
* Адамдын ийгилиги эмес, акылына карап баа бер.
* Адамдын иши – жемиштин мөмөсү.

* Адамдын ким экенин билгиң келсе,
кебин шашпай тыңшап көр.
* Адамдын көзү өлгөндө (бир чымчым) топуракка тоёт.
* Адамдын көңүлү – айнек идиш.
* Адамдын көңүлү гүл.
* Адамдын көөнүн сөз ачат.
* Адамдын көркү – адеп.
* Адамдын көркү – адилеттүүлүктө,
жигиттин көркү – адептүүлүктө.
* Адамдын көркү – акыл, акыл көркү токтоолук.
* Адамдын көркү баш болот, кабактын көркү каш болот.
* Адамдын көркү – бөз, көңүлү – эки ооз сөз.
* Адамдын көркү – бөз, кулактын көркү – сөз.
* Адамдын көркү көздө, акылдын көркү сөздө.
* Адамдын көркүн сөз ачат, ааламдын көркүн көз ачат.
* Адамдын кыйноосу – санаа, өлүмү – оору.
* Адамдын мөмөсү бала.
* Адамдын мыктысы – жөнөкөй адам.
* Адамдын ойлогону – миң, аткарганы бир.
* Адамдын оозунда болсо – Алланын кулагында болот.
* Адамдын өзү жетпеген жерге сөзү жетет.
* Адамдын өзү картайса да, сөзү картайбайт.
* Адамдын өзүн билгиң келсе – сөзүн тыңда.
* Адамдын өзүнө баа бербе, акылына баа бер.
* Адамдын өлбөстүгү – элине калтырган эмгегинде.
* Адамдын пейли оңолмоюнча, иши оңолбойт.
* Адамдын пейли тойбой, карды тойбойт.
* Адамдын сулуулугу сөзүнөн (тилинен) билинет.
* Адамдын тизгини – акыл.
* Адамдын түсүн айтпай, ишин айт.
* Адамдын эмгегин жеп эки болбойсуң,
жакшыга жакындасаң дейди болбойсуң.
* Адамдын эмгектен улуу тиреги жок.
* Адамды (кишини, жигитти) сөзүнөн (кийиминен)
таанылбайт, ишинен таанылйт.
* Адамды сөз даңазалайт, сөз маскаралайт.

* Адамды сөзүнөн тааныйт, малды өңүнөн тааныйт.
* Адамды табагың менен эмес, кабагың менен кабыл ал.
* Адамды тамак аксатат, атты туяк аксатат.
* Адамды үмүт жашатат, кайгы какшатат.
* Адамды чанып көнгөн киши жолдоштукка жарабайт.
* Адамды шайтан азгырат, артык дөөлөт мас кылат,
тумшугу таштай катаарда, тууган менен кас кылат.
* Адамды шорго салган да, өлтүргөн да тил.
* Адамды эки нерсе картайтпайт тез:
бири – жакшы мүнөз, экинчиси – жакшы сөз.
* Адам жакшылыкты жерден таап албай,
адамдан үйрөнөт.
* Адам жаманы – сопу, жыгач жаманы – соку.
* Адам жаман эмес, анын кыялы жаман.
* Адам жашка тойбойт.
* Адам жеринен сыпаа, табиятынан жатык.
* Адам жок (көзү) жерде кеп кылба.
* Адам жоктон бар кылат, болбосту толтурат,
туюктан жол табат.
* Адам жолу – улук.
* Адам жүргөн жол менен адам жүрөт.
* Адам жүрөгү менен күчтүү,
жыгач тамыры менен күчтүү.
* Адам жүрүшүнөн – кул болот,
ат жүрүшүнөн – пул болот.
* Адамзат – бир сырдуу, миң кырдуу.
* Адамзаттын өзүндө да ачыла элек сыр бар.
* Адамзаттын уругу – ажырыктын тамыры.
* Адамзатты сөз бузат, тоо-ташты сел бузат.
* Адам ит жандуу.
* Адам иште чыңдалат, болот отто чыңдалат.
* Адам кааласа таштан суу, такырдан гүл чыгарат.
* Адам кайраты – албарс кылыч.
* Адам канчалык адилет болсо,
адилеттикти ошончолук туура түшүнөт.
* Адам карыган сайын бала.

* Адам катасыз болбос, көл бакасыз болбос.
* Адам келсе таң аткандай, акмак келсе күн баткандай.
* Адам көңүлүнөн азат, тилинен жазат.
* Адам көптү көрбөй акыл кирбейт.
* Адам көркү чүпүрөк, жыгач (дарак) көркү жалбырак.
* Адам кулагынан жаңылат, тулпар туягынан жаңылат.
* Адам кулактан семирет, айбан туяктан семирет.
* Адам кунунан, элдин талабынан өйдө турган прогрессивдүү мыйзам жок.
* Адам курсагынан арыктабайт, кулагынан арыктайт.
* Адам күндө жаңы тилек тилейт, жаман күндө ар кимди каргап-шилейт.
* Адам күндү дайыма көргүсү келет.
* Адам маңдайга жазылгандан өтө албайт.
* Адам менен малдын айырмасы – акылда.
* Адам ойго тойбойт, бөрү койго тойбойт.
* Адам ойго тойбойт, кулак сөзгө тойбойт.
* Адам – окуу менен озот, өнөр менен өсөт.
* Адам ооруган жеринен колун албайт.
* Адам өзү ажалдуу болсо да, өлбөс нерселерди жасайт.
* Адам өзү карыса да, көөдөнү карыбайт.
* Адам өзүнөн кийинкилерди көрүп картаят.
* Адам өзүнөн эмес, сөзүнөн байкалат.
* Адам өзүнө өзү кылат.
* Адам өзүнүн келечегине өзү көпүрө салат.
* Адам өлбөсө – айыл башы, сарт өлбөсө – кербен башы.
* Адам өлмөйүнчө ырыскысы түгөнбөйт.
* Адам өлөт, атак өлбөйт.
* Адам өлсө даңкы калат, ат өлсө – териси калат.
* Адам өлсө сөзү калат, жакшы атагы унутулбайт.
* Адам өчкө кудай өч.
* Адам сатуу – арам иш.
* Адам сөзгө (кепке) байланат, айбан чөпкө (жипке) байланат.

* Адам сөзүнөн сынат, уй мүйүзүнөн сынат.
* Адам сөзүнөн таанылбайт, ишинен таанылат.
* Адам сүйлөшкөнчө, айбан кашынышканча.
* Адам табияты дээринен ачкөз.
* Адам таза, ыймандуу болуш керек.
* Адам темирден катуу, таштан бек, гүлдөн назик.
* Адам тилинен табат.
* Адам тиричилигинин туткасы – түндүк,
 аалам тиричилигинин туткасы – күн.
* Адам тирүүлүгү – бейиш.
* Адам тукуму болуш улуу.
* Адам улуу тоо сыяктуу.
* Адам чакырса барбайм деген,
 ашка чакырса калбайм дейт.
* Адамча туулуп, айбанча жашаба.
* Адам ызаатка келет, айбан чөпкө келет.
* Адам ынсаптуулугу менен береке табат.
* Адам – эли менен, өрдөк – көлү менен (даңктанат).
* Адам эмгеги менен даңктуу.
* Адам эмгек менен адам.
* Адат – адат эмес, жөн – адат.
* Адашкандын айыбы жок, айыбын өзү сезген соң.
* Адашкандын айыбы жок,
 кайрылып туурун (үйүрүн) тапкан соң.
* Адашкандын айыбы жок – кайтып үйүрүн тапкан соң,
 ачылгандын айыбы жок – өзү билип жапкан соң.
* Адашкандын алды жон.
* Адашкан казды топтошкон карга алат.
* Адашкан койду бөрү жейт.
* Адашкан күлүк жерди ойлойт,
 акылман жигит элди ойлойт.
* Адашкың келбесе – кара, жаңылгың келбесе – сура.
* Адашпаймын деген дал түштө адашат.
* Адашсаң атыңа ишен.
* Адашсаң элиң менен (акылдуу менен) адаш.

* Адеби жок жигит, жүгөнү жок атка окшош,
  адеби жок аял кабаанак итке окшош.
* Адеби жоктун аты-жөнүн сураба.
* Адеби жоктун уяты жок.
* Адеп (адептүүлүк) – адамдын көркү.
* Адеп барчылыкта калыптанат,
  жетпеген турмушта бузулат.
* Адеп башы – тил.
* Адепсиз бала – таманга жабышкан чыла.
* Адепсизге акарат жарашат.
* Адепсизден алыс кач.
* Адепсизден да адептүүлүктү үйрөн.
* Адептүү абийир табат, адепсиз жабыр табат.
* Адептүү – алкыш алат, адепсиз – каргыш алат.
* Адептүү бала – абийир, адепсиз бала – жабыр.
* Адептүү бала ата-энесин мактатаар,
  адепсиз бала ата-энесин какшатаар.
* Адептүү жигит азаптан алыс болот.
* Адептүүлүк белгиси – ызаттап салам бергени,
  жакындыктын белгиси – жайыңды сурап келгени.
* Адил адам абройлуу.
* Адил айтылбаган сын өксүйт.
* Адил байкап, ак сүйлө.
* Адил болсоң дос көбөйөт, арам болсоң кас көбөйөт.
* Адилет атка мингизет, ачкөздүк көргө киргизет,
  каниет карын тойгузат, казына ичти оорутат.
* Адилет жаралган мыйзам жакшы.
* Адилет сөз ачуу.
* Адилеттик ордун табат, аккан суу жолун табат.
* Адилеттүү мыйзамың болсо – көңүл ток,
  ансыз эркиндик жок.
* Адилеттүү эрдин башына касиет конот.
* Адыл (адил) киши эл баштаар.
* Адырда калган анда өлөт, кылыч кылган мында өлөт,
  өрмөк соккон жан да өлөт.
* Адырда малы болбосо, бетегелүү бел карып.

* Адырында аркар жок, адамында дарман жок.
* Ажаан аялың болгуча, ажаан итиң болсун.
* Ажаан ит таяктан коркот.
* Ажаан катын үйдөгү өрт.
* Ажаан чыккан аялдан ажырашып тын.
* Ажал айтып келбейт.
* Ажал алаңдаганды алат, оору салаңдагаңды алат.
* Ажал – аласа, жан – induce.
* Ажалдууга себеп жок.
* Ажалдуу карга бүркүт менен ойнойт.
* Ажалдуу карга торго түшөт.
* Ажалдуу кийик адырга качат.
* Ажалдуу киши ажыдаардын куйругун басат.
* Ажалдуу төө жарда оттойт,
ажалдуу чочко аңда оттойт.
* Ажал жетип күн бүтсө, жан бүткөндүн баары өлөт,
жашоо деген түгөнөт.
* Ажал жетип күн бүтсө, кимди сорбойт кара жер.
* Ажал жолу – чилдин арышынан кыска.
* Ажал жуучусу – оору.
* Ажал келбесе, адам өлбөйт.
* Ажал келсе, алтын тактан пайда жок.
* Ажал келсе, темир сандык кеп эмес.
* Ажал менен азап каш-кабактын ортосунда.
* Ажал – өлүм жетпесе, адам уулу жыгылбайт.
* Ажал – өлүм кайда жок, ашыккан иште пайда жок.
* Ажалы жеткен өлүүчү, тирүүлөр күнүн көрүүчү.
* Ажалы жок кишиден өлүм кетет.
* Ажалым жетсе өлөөрмүн, азабым болсо көрөөрмүн.
* Ажалың жетсе өлмөк бар, амириң айтса көнмөк бар.
* Ажарлуу аял – адамдын периштеси,
акылдуу аял – эркектин шериктеши.
* Ажосу жок эл – серкеси жок кой.
* Ажы болмок – кырк жылда,
бенде болмок – бир күндө.
* Ажыга аялыңды көрсөтпө.

* Ажыдаардын куйругун баспа, башын бас.
* Ажырагыз карындашыңа унутулгус сөз айтпа.
* Ажырашаар досуңа көңүл калаар сөз айтпа.
* Ажырашаар дос (тамыр) ээрдин
 арткы кашын сурайт.
* Ажырашкан аял ак санабайт.
* Аза – арыбайт, каада – карыбайт, алтын – чирибейт.
* Азабына жараша өзөрү бар.
* Азабын артсаң, үзүрүн көрөсүң.
* Азамат акылдуу болсо, алганы мээримдүү болот.
* Азамат антка байланат, абийири жок калпка байланат.
* Азамат бир сырдуу, миң кырдуу болот.
* Азамат болсоң ак иште – аздыр-көптүр мал болот,
 бекеринен мал тапсаң – берекеси жок болот.
* Азамат болсоң шаңдуу бол, «атың ким» деп сурасын.
* Азамат болсоң эр жигит, ардактуу иштен корунба.
* Азаматка дайыма ракмат.
* Азаматка – эл арка.
* Азамат көркү эмгекте.
* Азаматты коогада, акмакты соодада сына.
* Азаматтын азганы – көчкөндө жөө басканы.
* Азаматтын азганын өзү билбей, жат билет.
* Азаматтын ачуусу бар, кеги жок.
* Азаматтын белгиси көбүрөөк ойлоп, аз сүйлөйт.
* Азаматтын даңкын чыгарган да эмгек,
 арамзанын жанын чыгарган да эмгек.
* Азаматтын жакшысы азыраак сүйлөп көп тыңшайт,
 аргымактын жакшысы азыраак оттоп, көп жуушайт.
* Азаматтын жакшысы бирде мырза, бирде кул,
 аргымактын жакшысы чапса күлүк, сатса пул.
* Азаматтын жакшысы жүк көтөргөн атандай.
* Азаматтын жакшысы он бешке келсе –
 кичүүлүк жок, жүзгө келсе – карылык жок.
* Азаматтын кадырын атасы эмес, эл билет.
* Азамат эрге алтымыш өнөр аздык кылат.
* Азансыз молдо болсо да, казансыз катын болбос.

* Азап айтып келбейт.
* Азапка башың калганда сыймыгың – качкан куш.
* Азапка чыдасаң жашоону үйрөнөсүң.
* Азаптан коркпо, айыптан корк.
* Азап тартпай акыл кирбейт.
* Азаптуу кишиге айла жок.
* Азапты кайдан деп билип болобу.
* Азаптын азабы – жумушу жоктук.
* Азапты тарткан билет, жүктү арткан билет.
* Азап чекпеген бактынын баркын билбейт.
* Азаттыгы жок элдин азабы көп.
* Аз ашка жасоол болбо.
* Азбаймын деген адам дал түштө азат.
* Азбаймын деген жигитти, караңгы түн station.
* Азбас адам, тозбос тон болбойт.
* Аз бергенден, тез берген.
* Аз болсо да, саз болсун.
* Азга азанчы болгуча, көпкө казанчы бол.
* Азга алкыш айтпаган көпкө көңүлү тойбойт.
* Азга каниет кылбаган, көпкө ыраазы болбойт.
* Азган айланып элине келет.
* Азга – опаа, көпкө – жапаа.
* Азгырма адамдардан алыс болгун.
* Аз да болсо акылдын өзүңдүкү болгону жакшы.
* Аз да болсо, көптөй көр, арык болсо семиздей көр. Алыс (жат) да болсо, жакындай көр. Ак саманды чөптөй көр. Куник (көрксүз) да болсо түзүк көр.
* Аздап-аздап үйрөнсөң, чебер болосуң.
* Аз дүйнөгө (тамакка) арзыбай, көптү кайдан табасың? Жарма, чайды жаман деп, этти кайдан табасың?
* Азды аяган көптөн куру калат.
* Азды билбеген, көптү да билбейт.
* Азды жок дебе, барды көп дебе.
* Аздыктын кордугу жаман.
* Аздын арманы күчтүү, көптүн дарманы күчтүү.

* Аздын атасы бар, көптүн батасы бар.
* Аз жамандык да көп.
* Азезил азгырганда катын эрин чанат.
* Азил сөзгө акылдуу баш иет, акмактын жаны ачышат.
* Аз кайгыны аш басат, көп кайгыны дос басат.
* Аз көбөйөт, азган оңолот.
* Азоого – тушоо, күлүккө – чалма.
* Азоону чалма жоошутат, акмакты токмок токтотот.
* Аз сөз – саз сөз, көп сөз – чөп сөз.
* Аз сүйлөгөн адамдар асыл келет.
* Аз сүйлө, көп тыңда (аз сүйлөп, көп ук).
* Аз сүйлөсөң да, саз (так) сүйлө.
* Аз сүйлөсөң элиңе жагасың,
көп сүйлөсөң бир балээге каласың.
* Азсыздангандын шыбагасын ити жулуп кетет.
* Аз уктаган акылга бай болот.
* Азуулуу бөрүгө, момун кой тең эмес.
* Азуулууга бар заман, бечарага зар заман.
* Азуулуулар алышса, бечаралар бүлүнөт.
* Азуулуу менен арбашпа, алдуу менен кармашпа.
* Азуулууну киши күчү менен эмес, эби менен алат.
* Азуусун айга жаныган ааламды өзүм билем дейт.
* Азыктуу арыбайт, кам көргөн кемибейт.
* Азынаган айгырдын үйүрүн көр,
менменсинген жигиттин үйүн көр.
* Азыркы анан табылбайт, өткөн күн кайра уланбайт.
* Азыркы көргөн анан жок, атаны кайран дүйнө бок.
* Айаарга малы жоктун, айаарга жаны да жок.
* Ай айга багышат, күн күнгө багышат (кошулат).
* Айбан ачуусу көзүнөн билинет,
адам ачуусу сөзүнөн билинет.
* Айбанга боор оорусаң, бoopгo тебет.
* Айбанга – келтек, адамга – ишарат.
* Айбандан түңүлсөң түңүл – адамдан түңүлбө.
* Айбандын аласы тышында, адамдын аласы ичинде.
* Айбанды өңүнөн тааны, адамды сөзүнөн тааны.

* Айбан таяк жеген жерин унутса да,
  тамак жеген жерин унутпайт.
* Айбан чөпкө байланат, адам сөзгө байланат.
* Айбан эңкейсе, жер үрпөйөт.
* Айбаты бар жигиттин атагы артында.
* Айбашы думанадан үмүт кылат (же үмүт этет).
* Айбыкпаган сынчы (чынчыл) болот.
* Айга жетпес ашыңды айылдаштан аяба.
* Айга карап айдап сеп.
* Айгакка алты таяк.
* Айга кол сунба, момунга чоң сунба.
* Айгактын түбү ууру.
* Айгыр баатыр үйрүндө, ар ким баатыр үйүндө.
* Айгыр болор кулундун – жаак эти чоң болот,
  кочкор болор козунун маңдай жагы дөң болот.
* Айгырдын жаманы ат качырат.
* Айгырды кандай салсаң, ошондой минесиң.
* Айгыр көпсө – үйрүн кажыйт,
  кан көпсө – элин талайт.
* Айгыр салсаң үндүүдөн сал, кочкор салсаң –
  жүндүүдөн сал.
* Айгыр учунса – ат болот, ат учунса – эт болот.
* Айгыры ала болсо, кулуну кула болот.
* Айгыры көп үйүрдүн кажышканы көп болот,
  кулуну аз болот.
* Айда айыл болбойт, Күндө коңшу болбойт.
* Айдабай аштык чыкпайт, үйрөнбөй билим жукпайт.
* Айдаган малы баалуу болсо, кербендин атагы чыгат.
* Айдаганы беш эчки (же козулуу кой),
  ышкырыгы таш жарат.
* Айдагың келсе эгин, күздүн камын жазында жегин,
  жаздын камын кышында жегин.
* Айда жеген ток болот, күндө жеген сук болот.
* «Айдай келден» алтоо өлдү, «көрө келден» көп өлдү.
* «Айдай келдинин» алды катты, «көрө келдинин»
  көзү кашайды.

* Айдай чырайды иттей кыял бузат.
* Айдама терек тал болот, адамдын атын чыгарган, айбан да болсо мал болот.
* «Айдап кел» менен «байлап кел» катуу кандын буйругу.
* Айдарым жел сылап өтөт, керимсел жел сыйрып өтөт.
* Айдасаң кабат арпаны максымга жакшы талканы, жутканга комсоо дебесең, кебеги менен талканы.
* Айда туусам – айда жок, күндө туусам – күндө жок.
* Ай деген (же дээр) ажо жок, кой деген (же дээр) кожо жок.
* Ай десе – аркы жок, күн десе – көркү жок.
* Айдын да темгили бар.
* Айдын жанында булуттун баркы жок, байдын жанында жардынын баркы жок.
* Айдын жарыгы менен караңгысы удаалаш, өмүрдүн кайгысы менен кубанычы аралаш.
* Айдын жарыгынан күндүн көлөкөсү жарык.
* Айдын жарыгында жүргөнчө, күндүн көлөкөсүндө жүр, чубуттун жолдошу болгончо, арыңдын берекесинде жүр.
* Айдын жарымы – жарык, жарымы – караңгы.
* Айдын он беши караңгы болсо, он беши жарык.
* Айдын теңи жарык, теңи караңгы.
* Айды этек менен жаба албайсың, байлыкты бекер жерден таба албайсың.
* Айды этек менен калкалай албайсың, азаматты сөз менен коркута албайсың.
* Ай жарыкта коён арык.
* Ай жүр, аман жүр.
* Айкалышып уктасаң, ай жарыгы түн кызык.
* Ай караган ачкадан өлөт, күн караган күрөөрүн алат.
* Ай караган – нурданат, казан караган көөлөнөт.
* Ай караган текедей күткөн жаман акыйып.
* Ай катаалы – айда жаайт, күн катаалы – күндө жаайт.
* Ай короолосо аягыңды камда, күн короолосо күрөгүңдү камда.

* Айкөл адамдын өзү, анык бакыттын көзү.
* Айкөлдүгүң – адилдигиң, түркөйлүгүң – залимдигиң.
* Айкөлдүк – ар сапаттын туу чокусу.
* Ай – Күн барыга тең.
* Ай Күн менен жакшы, эр эл менен жакшы.
* Айкындуулук бар жерде артык сөз жок.
* Айла – алтоо, билим – жетөө.
* Айлакерге даба жок.
* Айлакер душманын бүлдүрөт, досун күлдүрөт.
* Айлалуу күйөө пайдалуу зайыпка үйлөнөт (кээде жолугат).
* Айлаң арыстанды кармайт, күчүң чычканды качырат.
* Айлаң кетсе – бөркүң менен акылдаш.
* Айларды айландырган жылдарды да жылдырат.
* Айласыз акимдин айланасында кошоматчылар көп болот, айлалуу акимдин айланасында акылдуулар топтолот.
* Айласыз баатыр каманга чалдырат.
* Айласыз баатыр чочкого чабат.
* Айласы кеткен ары карап ыйлайт, бери карап күлөт.
* Айласы кеткен жер тандабайт, жашы өткөн эр тандабайт.
* Айласы кеткен «өлбө жаным, өлбө» дейт.
* Айлаш катын – муңдаш, жылдаш катын – сырдаш.
* Айлыңа келген бөз арзан, оозуңа келген сөз арзан.
* Айлың ала болсо, эки атың шала болот.
* Айлыңды караарсың – алаканыңды жалаарсың.
* Айлыңды коюп, алыңды бил, өзгөнү коюп, өзүңдү бил.
* Ай менен Күн асмандын көркү.
* Айнып кеткен дос жаман (дос болбойт).
* Ай он бешинде кайда бараар дейсиң?
* Айрандан эки эсе ичкен шумдук.
* Айранды уюта албаган иритет, терини ашата албаган чиритет.
* Айран ичкен алсырайт, кымыз ичкен кансырайт, эрке бала көч үстүндө нан сурайт.

* Айран ичкен кутулуптур, челек жалаган тутулуптур.
* Айран сурап келип, аягыңды жашырба.
* Айран сурасаң, челегиңди жашырба.
* Айрылаар дос бербести сурайт.
* Айрылаар дос ээрдин арткы кашын сураар.
* Айрылган – азат, кошулган – озот.
* Айрылган эл – азаар, кошулган эл – озоор.
* Айрылгысы келген тамыр ээрдин алдыңкы кашын сурайт.
* Айрылышса – сагынышат, жолугушса – жабыгышат.
* Айтаар атка бир санат, учар кушка бир канат.
* Айтаар сөздү айт, айтпас сөздөн кайт.
* Айтаарын (сүйлөөрүн) кара маңка айтты, уялаарын мен уялдым.
* Айта берсең арман көп.
* Ай талаадан аткан ок ажалдууга тиет.
* Айт да болор, айттын эртеси да болор.
* «Айт» десе алдыңа түшкөн, «ойт» десе эбиңе көнөт.
* Ай тийген түндүн таңы бар, алмалуу бактын шагы бар.
* Айткан – айыптуу, айтпаган – күйүттүү (кээде кубаттуу).
* Айткан акылдуу болсо, уккан уйкудан безет.
* Айтканды ар ким билет, каш какканды зээндүү билет.
* Айткандын оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман.
* Айткан сөз – алышкан кол.
* Айткан сөз – аткан ок.
* Айткан сөзү аткан ок, адамда мындай болум жок.
* Айткан ушакчы эмес, айтып келген ушакчы.
* Айт күнү аялдын өксүгүн айтпайт.
* Айт күнү катын алба, жамгыр күнү ат чаппа.
* Айтмайынча ким билет, ачмайынча ким көрөт.
* Ай толгонун билбейт, жигит болгонун билбейт.
* Айтпа, айткандан кийин кайтпа.
* Айтпай келген конок аңдып жүргөн уурудай бозала кылат.

* Айтпай келген конок душмандан жаман.
* Айтпаса билбейт, ачпаса көрбөйт.
* Айтса болот насыят акылы бар адамга.
* Айтса – жүрөккө, чапса – билекке.
* Айтсаң кеп, айтпасаң дарт.
* Айтсаң – тилиң күйөт, айтпасаң – дилиң (ичиң) күйөт.
* Ай түндө керек, акыл күндө керек.
* Айтыла элек сөз – сенин кулуң, айтылып кетсе – сен анын кулусуң.
* Айтылбай жүргөн сөз болор, айтылбай кеткен кез болор.
* Айтылбай ичте сыр калат.
* Айтылбай калган сөз (же кек) жесир.
* Айтылбай турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле.
* Айтылган сөз акыл болсо, уккан кулак маакул болот.
* Айтылган сөз, атылган ок – экөө бирдей кайрылбас, калган көңүл, чыккан жан – кайгырган менен табылбас.
* Айтылчу жерде айтылбай калган, айтылбас жерде айтылып калган сөз жаман.
* Айтып берээриң болбосо, ооз оорутуп нетесиң, жасап берээриң болбосо, кол оорутуп нетесиң.
* Айтып качкан жаман, атып жазган жаман.
* Айтып коюп кылбаганы – кесирленгени, берип коюп кайра алганы – эсиргени.
* Айтып кылган иштин айыбы жок.
* Айтышкан – доо, алышкан – жоо.
* Айчүрөктү көрүш үчүн, Семетейдин көзү керек.
* Ай – чыгышынан, адам – жүрүшүнөн билинет.
* Ай чырайлуу, бал сөздүү – акылман адам энеси.
* Айыбын жашырган алыс узабайт (акыры оңолбойт).
* Айыбы чыккан жигиттин узун бою пас болот.
* Айыгаар оорунун бакшысы өзү келет.
* Айыгаар оорунун дарысы өзү табылат.
* Айыл атаандашса – береке кирет, аңдышса – чыгаша чыгат.

* Айыл – Ата Журт күзгүсү.
* Айыл байыса – жер байыйт.
* Айыл башы болгуча, суу башы бол.
* Айылдаштын аты чыкканча, аталаштын тайы чыксын.
* Айылды алалык бузат, араны каралык бузат.
* Айылды карай аял күлүк, үйдү карай уй күлүк.
* Айыл жатканча отурсаң, күн батканча тынбассың.
* Айыл ити ала болсо да, бөрү көрсө чогулат.
* Айыл конбой сырдаш болбойт,
коно жатпай кепке тойбойт.
* Айыл конгун чеченге, кебин туюп чечээрге.
* Айыл өкмөтү – айылдын күзгүсү.
* Айылчынын аягы ашта-тойдо тыйылат.
* Айылчынын баласы «опаа» деп ыйлайт,
уйкучунун баласы «жата» деп ыйлайт,
соргоктун баласы «мама» деп ыйлайт.
* Айылы аралаштын кою короолош.
* Айылы бүтүн аман жүрөт.
* Айылы жакын иттин куйругу узун.
* Айылым – алтын бешигим.
* Айылыңда өлүм жок болсо, атаң кана?
Элиңде өлүм жок болсо, энең кана?
* Айылыңды караарсың – алаканыңды жалаарсың.
* Айың кеп айылды иритет (бирдикти бузат).
* Айы оңунан тууганга ажайып кубаныч жолугат.
* Айыпсыз аякка тикенек кирбейт.
* Айыпсыз киши болбойт.
* Айыпты айдаган билээр, кунду кууган билээр.
* Ак адам күйбөйт, сак адамдын залалы тийбейт.
* Акак көркү – берметте, азамат көркү – эмгекте.
* Ак асманды жаман деп, көктү кайдан табасың?
Ак саманды жаман деп, чөптү кайдан табасың?
* Ак бар үйдө береке бар.
* Ак буудайда айып жок, аны кылган зайып жок.
* Аке (үкө) деген көңүлгө жакшы.
* Акеңерди сыйлаганыңар, үкөңөрдөн ызаат көрөсүңөр.

* Ак жеринен айдамак, адал жерден кармамак,
теңсиздик заман адаты.
* Акзооттун жакасы бар жеңи жок,
чыны жакшынын ачуусу бар, кеги жок.
* Ак ийик десе жалт берген, ак талкан десе тап берген.
* Ак ийилет, бирок сынбайт.
* Аким бол, калкка жакын бол.
* Аким болуш оңой, адам болуш кыйын.
* Ак ит, кара ит – бары бир ит.
* Ак иш үчүн ыйласа, азиз көздөн жаш чыгат.
* Ак кажырга кузгун көөлүчү болсо,
сагызган сайга той жасайт.
* Акка кара жок, карага чара жок.
* Акка кара иштесе, өзү көрөт залалды.
* Акка кыл сынбайт.
* Аккан абышка да «апаке» дептир.
* Аккан арыктан суу агат.
* Аккан суу арык табат.
* Аккан сууда арам жок.
* Аккан суунун агымын бил, дүйнөдө жок кадырын бил.
* Аккан суунун кадыры жок.
* Ак кары менен кыш көрктүү,
өз теңи менен кыз көрктүү.
* Ак кишинин жообу шыр, жолу шыр.
* Ак койдон аңкоо, боз койдон момун.
* Ак көңүл адам – ишенчээк адам.
* Ак көңүл адам куу болбойт.
* Ак көңүлдөн арамдык чыкпайт.
* Ак көңүлдүн аты арыбайт,
аты арыса да өзү жарыбайт.
* Ак көңүлдүн аты арыбайт, тону тозбойт.
* Ак көңүл киши мурун айткандын тилине кирет.
* Ак көрпө жайылдын, аты элге дайын.
* Аккуу жок жерде көл көрксүз,
аял жок жерде эр көрксүз.
* Аккуусу жок көл жетим, ыйманы жок эл жетим.

* Акмак – акылдууну, мас – соону сүйбөйт.
* Акмак арыганын, көсөө карыганын билбейт.
* Акмак бергенин билип, алганын билбейт.
* Акмак да сүйлөгөнчө акылдуу көрүнөт.
* Акмак достон, акылдуу душман артык.
* Акмак – иттен илгери, кишилиги кийин.
* Акмакка айткан кайран сөз.
* Акмакка акыл айтсаң укпайт, пайда кылсаң жукпайт.
* Акмакка ар күн той.
* Акмакка да акыл азуу чыгат.
* Акмакка – келтек, акылдуууга – ишарат.
* Акмакка теңелсең, адамгерчиликтен айрыласың.
* Акмак менен тойго барганча, акылдуу менен таш ташы.
* Акмак өзүн эр ойлойт, аңгек өзүн жер ойлойт.
* Акмак өлөм деп коркутат, акылдуу таарынып чочутат.
* Акмактан акыл сураганча, сокурдан жол сура.
* Акмак тойго барса, үйүмдөн да жакшы экен дейт.
* Акмакты акылдуу кылган – теңгеси,
  молдону молдо кылган – келмеси.
* Акмактык – айыкпас дарт.
* Акмакты көрүп, акылдуулукка үйрөн.
* Акмактын ажалы – элден.
* Акмактын айтканы келбей, тантыраганы келет.
* Акмактын күлдүргөнүнөн,
  акылдуунун ыйлатканы артык.
* Акмактын өмүрү – акылмандын бир күнүнө татыбайт.
* Акмакты сыйласаң, абийириңди төгөт.
* Акма кулактан айткандын баары түшүп калат.
* Акмак эл мени билбейт деп наалыса,
  акылдуу элди мен билбейм деп наалыйт.
* Ак менен кара согушат (кээде жарышат),
  акка кудай болушат.
* Ак ниет болсоң – жетерсиң муратка,
  арамдык кылсаң – каларсың уятка.
* Ак ниеттен чыккан сөз – адамды марытат,
  арамдардан чыккан сөз – адамды карытат.

* Ак ниеттин жүргөнү күлкү,
арамзанын жүргөнү түлкү, таянганы мүлкү.
* Ак ниеттүү адамга жамандык жабышпайт.
* Ак ойлоп, адал иште.
* Ак пейилдүүлүк – адамдын артыкчылык белгиси.
* Ак пейил – коом данакери, ынтымак – ырыс-кешиги.
* Аксабаса ат кадыры билинбейт,
ата өлбөсө аксакал кадыры билинбейт.
* Ак-Сайга ээмди ээрчип келип,
сөөк тиштебей кеттим, – деп бир ит арман кылыптыр.
* Аксакал адам улама, ар кимге айтат нусканы.
* Аксак атка чаң үйүр, арык атка бала үйүр.
* Аксак да асманды тепкиси келет.
* Аксак иттен сокур ит соогат сураптыр.
* Аксак кой түштөн кийин маарайт.
* Аксактын аягына (же сабырына) кара,
оорунун тамырына кара.
* Ак сооттун жакасы бар, жеңи жок,
чын жакшынын ачуусу бар, кеги жок..
* Ак сөз – акыл сөз.
* Ак сөз арыбайт, ак жүргөн киши карыбайт.
* Ак сөз жолго чыгарат, кара сөз баткакка жыгат.
* Ак сүтүн берген эненин, балада акы зор болот.
* Ак төөнүн карды жарылып жаткан убак.
* Актын жоосу кара.
* Актын иши оң болот, каранын иши кор болот.
* Акча аябаган – көр соодагер, акча аяган –
нак соодагер.
* Акчадан айрылсаң – күйүнөөрсүң,
ар-намыстан айрылсаң – кантип басып жүрөсүң.
* Акчалуу адам мөөр үстүндө,
акчасыз адам көр үстүндө.
* Акчалуурга – базар, акчасызга – мазар.
* Акчалуунун колу ойнойт, акчасыздын көзү ойнойт.
* Акча менен байлык – колдун кири.
* Акчаң болсо туюктан жол табылат.

* Акча сүйлөгөндө, акыйкат унчукпай калыптыр.
* Акча сүйлөп турган жерде, адилеттик ыйлап турат.
* Акчасы болсо, акмак да төрө.
* Акча тапкан бай эмес, акыл тапкан бай.
* Акча шаар жерине жарашат.
* Акча эсепти сүйөт.
* Ак шоола чачпай таң болбойт.
* Ак шумкар бердим таптап ал,
ак учук бердим саптап ал.
* Ак шумкарга ителги табы менен теңелет.
* Акыйкат асманда, шатысы червонда
(Акыйкат асманда, чыкканга шаты жок).
* Акыйкат жеңет.
* Акыйкат жол максатка жеткирет.
* Акыйкат ийилет, бирок сынбайт.
* Акыйкат күндөн жарык.
* Акыйкат менен кыянатчылык эриш-аркак.
* Акыйкат отко күйбөйт, сууга чөкпөйт.
* Акыйкат сөзгө – арсыз жооп кайырат.
* Акыйкат сөз коом үчүн мүрөк суу.
* Акыйкаттын отун эч ким (акмак) өчүрө албайт.
* Акыйкат – тынчтыктын кербени.
* Акыл адам күзгүсү.
* Акыл азбайт, билим тозбойт.
* Акыл азганда сөз качат.
* Акыл айга жеткизет, өнөр көккө жеткизет.
* Акыл – алтын, ой – күмүш.
* Акыл – ардак, байлык – бакыт.
* Акыл ашса – жин болот.
* Акыл байлыгы – азбас (тозбос) байлык.
* Акыл байлыгы – билим (илим),
жан дүйнө байлыгы – маданият.
* Акыл – башта, кубат – сөөктө, уят – көздө.
* Акыл – баштан, асыл – таштан.
* Акылга да азык керек.
* Акылдан адашса жин болот.

* Акылдан адашсаң эмгек менен дарылан.
* Акылдан жакын дос барбы, ачуудан жаман кас барбы.
* Акылдашарың болбосо,
бөркүң (кээде кабырган) менен акылдаш.
* Акылдашкан сагызган айгыр алат.
* Акыл деген алтын таажы, ар бир башка жарашпайт.
* Акыл – деңизден терең, билим – тоодон бийик.
* Акылдуу адам аз сүйлөйт.
* Акылдуу айткызбай билет, акшумкар каккызбай илет.
* Акылдуу алтымыш жылдын алдын көрөт.
* Акылдуу амалы менен жарат,
акмак күчү менен жарат.
* Акылдуу атын мактайт, акылсыз катынын мактайт.
* Акылдуу байкап сүйлөйт, акылсыз чайкап сүйлөйт.
* Акылдуу бала – элпек, акылсыз бала – тентек.
* Акылдуу билим издейт, акылсыз кийим издейт.
* Акылдуу бир жылдыгын ойлосо,
акмак бир күндүгүн ойлойт.
* Акылдуу бир сөздөн түшүнөт,
акмакты түртмөйүнчө түшүнбөйт.
* Акылдуууга айткан сөз колго конгон кушка тең.
* Акылдуууга акыл айтсаң алкыш аласың,
акылсызга акыл айтсаң шылдыңга каласың.
* Акылдуууга бир сөз, акмакка миң сөз.
* Акылдуудан башчың болсо адашпайсың.
* Акылдуу жигит айттырбай билет,
акшумкар качырбай илет.
* Акылдуу жөн билги болоор, асылкеч көңүлгө толоор.
* Акылдуу жыйырма жашта – башмын дейт,
акылсыз элүү жашта – жашмын дейт.
* Акылдуу ишине ишенет, акмак түшүнө ишенет.
* Акылдуу карыя – агып жаткан дарыя.
* Акылдуу касыңдан коркпой, акмак досуңдан корк.
* Акылдуу ката кетирсе (жаңылса) өзүн жемелейт,
акылсыз (акмак) ката кетирсе (жаңылса)
жолдошун жемелейт.

* Акылдуу келсе таң аткандай,
  акмак келсе күн баткандай.
* Акылдуу көөдөнүн көтөргөнчө,
  акылсыз муштумун көтөрөт.
* Акылдуулардын кастыгы,
  акмактардын достугунан артык.
* Акылдуулар сөз алышат, акылсыздар өч алышат.
* Акылдуу менен арбашпа, алдуу менен кармашпа.
* Акылдуу миң азаптан кутулат,
  акылсыз бир азапка тутулат.
* Акылдуунуку – ортодо, акмактыкы – калтада.
* Акылдууну мактаса – ишти тындырат,
  акмакты мактаса – бутун сындырат.
* Акылдуунун алды менен жүр,
  акмактын арты менен жүр.
* Акылдуунун издегени ыр, акмактын издегени чыр.
* Акылдуунун иши дагы акылдуу,
  билимсиз жан баалай албайт акылды.
* Акылдуунун өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.
* Акылдуунун сөзү кыска, айта салса нуска.
* Акылдуу ойлонот, ойносо утат,
  акмак ойлонбойт, ыйманын жутат.
* Акылдуу отко карайт, акылсыз (акмак)
  казанга карайт.
* Акылдуу өз ишинен убай көрөт.
* Акылдуу өргө, акмак көргө баштайт.
* Акылдуу сөз чыкпаса – улуулуктан не пайда,
  жулунуп турса сумсайып – сулуулуктан не пайда!?
* Акылдуу тоону томкорсо, акылсыз элди коңторот.
* Акылдуу ууру өз айылын тонобойт.
* Акылдуу чындык калптан кийин сүйлөөгө тийиш.
* Акылды акылмандан сура.
* Акылдын азы айып, чачтын агы айып эмес.
* Акылдын душмандыгы жок.
* Акылдын өбөгү билим, жөлөгү тажрыйба.
* Акылды сакал менен өлчөбөйт.

* Акылды шайтан азгырат.
* Акыл – жан дүйнө көркү.
* Акыл – жаштан, асыл – таштан (чыгат).
* Акыл жаш тандабайт, баш тандайт.
* Акыл – жаш уландан, күлүк – тай, кунандан.
* Акыл жетет, ал жетпейт.
* Акыл жетсе да, кол жетпейт.
* Акыл кеп өмүргө эшик ачат.
* Акыл кичинелик – чоңдукта эмес.
* Акыл конбогон жигитке, бакыт да конбойт.
* Акыл көпкө жеткирет, өнөр көккө жеткирет.
* Акылман аз жаралат.
* Акылман билги өлсө – журт акылсыз,
  эр кол башчы өлсө – кол жетим.
* Акылмандар аз сүйлөйт.
* Акылмандын ою бийик, жүрөгү таза.
* Акылмандын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.
* Акылмандын өрнөк болор насааты бар,
  акмактын өрнөк болор неси бар?
* Акылмандын уга турганы арбын, айта турганы аз.
* Акылман кеби кеп, баары журтка эп.
* Акылман кебине таянат, азамат эллине таянат.
* Акыл менен билим эр адамдын сөөлөтү.
* Акыл оошот, ырыс жугушат.
* Акыл сөзү кыска, адилет сөзү ачуу.
* Акылсыз арам сөзгө семирет.
* Акылсыз – атасын акмалайт.
* Акылсыз баатыр чорго чабат.
* Акылсыз бала – алдамчы, адепсиз бала – жалганчы.
* Акылсыз болсо алганың, айыкпас дартка калганың.
* Акылсызга айткан кеп – дайынсыз аткан ок.
* Акылсызга арба десең, ат жемиң кана дейт.
* Акылсыз достон, акылдуу душман артык.
* Акылсыздын мээси жок, карыганча эси жок.
* Акылсыздын тоюнда болгуча,
  акылмандын оюнда бол.

* Акылсыз (же акмак) ката кетирсе,
жолдошун жемелейт.
* Акылсыз какшык сөзгө жакын келет.
* Акылсыз көзүнө илбейт атасынын насаатын,
эстүү уул кулагын төшөйт, ашкере кылсаң катасын.
* Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кен.
* Акыл – тозбоочу тон, илим – жоголбоочу кенч.
* Акыл тоону бузат, баатыр жоону бузат.
* Акыл – тирүүдө урмат, өлгөндө – даңк.
* Акыл учат, ырыс жугушат.
* Акыл үч жолу кемийт: капалуу болгондо,
уйкудан калганда, курсак ачканда.
* Акыл үч жолу толот: шат болгондо,
уктагандан кийин, курсак тойгондо.
* Акыл чачты жейт, алтын башты жейт.
* Акылы аздын азабы көп.
* Акылы аздын тили узун.
* Акылы бар азамат, он бешинде элге баш болот,
акылсыз кээ бир наадандар, отузга чыкса жаш болот.
* Акылы бар билим самайт, акылы жок кийим самайт.
* Акылы бар, эси жок.
* Акылы даана адамдын сөзүндө болот жүйөөсү.
* Акылы жетсе, атаны уулу билет.
* Акылы жокко акча токтобойт.
* Акылы жокко убал жок.
* Акылы жок көпкөн, бир ажалы көптөн.
* Акылы жок наадандар ак жолунан адашкан.
* Акылы жок ойлонгуча, акылдуу карап турмак беле.
* Акылы жоктун байлыгы да жок, бактысы да жок.
* Акылы жок уйкучу, санаасы жок күлкүчү.
* Акылы жок чыр сүйөт, обону бар ыр сүйөт.
* Акылы кем алангазарга киши акылы эм болбойт.
* Акылым жок деп ким айтат,
эсим жок деп баары айтат.
* Акылына жараша урмат-сый.

* Акылына ишенген көп азапты жеңет,
ачуусуна жеңдирген күйүкчөөл келет.
* Акылың болсо азамат, аштык айдап баккын мал,
«айдай келге» ишенбей, бастырып барып көзүң сал.
* Акылың болсо жаш бала ата-баба сөзүн ук.
* Акылыңдан адашсаң, эмгек менен дарылан.
* Акылың көп болуп, ачууң аз болсо – зор болорсуң,
душманың көп болуп, досуң аз болсо – кор болорсуң.
* Акылың менен иш кылсаң алыстагыны аласың.
* Акында болбойт касиет элинин муңун айтпаса.
* Акындан ааламга кетчү сөз калат,
адеби жоктун артында жаман сөз калат.
* Акындын издегени ыр, акмактын издегени чыр.
* Акыны болбой эл болбойт, эсеби болбой мал болбойт.
* Акын – эл байлыгы, алтын – жер байлыгы.
* Акыр заман кайда – ал эр-азамат
аттан ажыраган жерде.
* Акыркы күлгөндүн арманы жок.
* Акыркы төөнүн жүгү оор.
* Акырын айтсаң алсыз дейт,
айтпай койсоң арсыз дейт.
* Акырын баскан аксабайт.
* Акырын баскан молдодон сактан,
ала чапан кожодон сактан.
* Акырын басса аксак, катуу басса таскак дейт.
* Акы төлөбөсөң молдо үйүңө да кирбейт.
* Ак Эдилдин өзү болбосок да булагыбыз,
акылдуу баштын өзү болбосок да кулагыбыз.
* Ак эмгек азаптан коргойт, карылык жолуңду торойт.
* Ак эмгек – алкыш, сыйга жеткирет.
* Ак эмгек майды чайнатат, жалкоолук шорду кайнатат.
* Ак эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу.
* Ала албаган куштан ала моюн чымчык артык.
* Ала албаса түлкүнү, айландырып башка чап.
* Алааматта мал ээси калайык.
* Ала байтал, акылың болсо сууга тарт.

* Алабата шорго бүтөт, акмакка да сакал бүтөт.
* Ала жылкы жоголбойт, арамзаада оңолбойт.
* Алайын деген аңчы алыстан көрөт.
* Алайын деп жутунба – ачкөздүктүн белгиси,
  жутайын деп умтулба – журт бузаардын белгиси.
* Алайын десем алдырбасы алдырбайт,
  барайын десем бардырбасы бардырбайт.
* Алакандай бейишти молдо менен кожо алды.
* Ала каптын кагынчык, аңдыгандын жаны чык.
* Ала караган алыска барбайт.
* Ала карганы адал десе, бир чалымы бок татыйт.
* Ала карганы алты жыл бою борго байласа да,
  бир чалымы жин татыйт.
* Ала карганы атынан тааны.
* Ала карга сагызган, кош канаты кайышкан.
* Ала койду бөлө кыркан жүнгө жарыбайт.
* Ала көөдөк болбосо, анын эмнеси баатыр.
* Алакөөдөн курсагы тойсо көбөт.
* Алакушту атынан чакыр.
* Алалаган ашыңды, каапыр алсын башыңды.
* Алапайдын шымындай.
* Аларманга алтоо аз, берерманга бешөө көп.
* Аласа – арстан, берсе – чычкан.
* Аласалуу доодон коркпойт,
  ашык болгон өлүмдөн коркпойт.
* Ала табак бай жаман, суу акпаган сай жаман.
* Ала-Тоонун тамыры айылдан башталат.
* Албаган алигиңиз үчүн бизге салам айтаарсыз..
* Албан-албан күлүк бар, алына карай жүгүрөт.
* Албаны аким жеди, таякты жетим жеди.
* Албарстыны койнунда ойнотсоң, ал төшүңө чыгат.
* Алга баскан – арткыларга көпүрө.
* Алга бир карасаң, артка беш кара.
* Алга жылуунун жолу – айкөлдүк.
* Алгайынан чалгайы көп.
* Алган алтоо болбойт, жеген жетөө болбойт.

* Алганга алтоо аз, бергенге бешөө көп.
* Алгандын бергени (же бермейи) бар.
* Алгандын да бергени болот, ичкендин да кусканы болот, чыккандын да түшкөнү болот.
* Алган жарың жаман деп, ашканды (асылды) кайдан табасың?
* Алган колдон берген кол март.
* Алганы болот бергендин, атканы болот мергендин.
* Алганы жакшы марыйт, алганы жаман карыйт.
* Алганыңа сүйүнбө, ардагына сүйүн.
* Алганыңдын ажарына сүйүнбө, акылына сүйүн.
* Алганың жакшы болсо – аргымак минип дуулайсың, алганың жаман болсо – азабын тартып куурайсың.
* Алганың жакшы болсо жакаң агарат, алганың жаман болсо сакалың агарат.
* Алганың жакшы болсо – табылат акылың, келе берет жакының. Алганың жаман болсо – чабылат акылың, кас болот жакының.
* Алганың жаман болгон соң, абийриң кайдан жабылат.
* Алганың жаман болгон соң жамбаштан өткөн сыз менен тең.
* Алганың жаман болсо, суук сөз угуп күйөсүң, алганың жакшы болсо, бал сөзүн угуп сүйөсүң.
* Алганың көөнүн кирдетпе, *атаң* деп бизди тилдетпе.
* Алганың сулуу болгон соң, аркырап беттен алган соң, сулуулугу не пайда.
* Алган эри жарашса – кара катын ак болот, баккан ээси жарашса – күйпүл күчүк сак болот.
* Алган эрим сен болсоң, көргөн күнүм не болот?
* Алгың келсе түшүм, алдын ала күтүн.
* Алгыр болсо тайганың, алтындан алып каргы так, ала албаса түлкүнү айлансын аштан, башка чап.
* Алгырдын зорун – шер дейбиз, азамат зорун – эр дейбиз.
* Алгыр куштан ашам деп, ала карга шашыптыр.
* Алгыр кушту алып келип куугa сал, акылың болсо азамат, аштык айдап, баккын мал.

* Алгыр куштун кырааны сартык салбай жем жебес,
түбү тойбос адамдын өзү тойбой «кел» дебес.
* Алдаганды билбеген, алда кандай баабедин!?
* Алдамчыга жаза көп.
* Алдамчы мураска жетпейт.
* Алда-нече байыңдан акыл тапкан кул өтөт.
* Алданын буйругу чачтан көп, аны кылган киши жок.
* Алдаса болот жаш башты, кантсе билет какбашты?
* Алдуулар азуусун айга жанышат,
алсыздарды шорго малышат.
* Алдыга айткан сөз арзан, айылга саткан бөз арзан.
* Алдыга өбөк, аркага жөлөк.
* Алдыда аккан суунун кадыры жок.
* Алды жакты бир жолу карасаң,
арт жакты миң жолу кара.
* Алдым-жуттум дос күтсөң, кубанычың аз болор.
* Алдыңа баш ийип азамат келсе, эр кунун кеч.
* Алдыңа келсе (түшсө) атаңдын кунун кеч.
* Алдыңкы көч кайда барса, кийинки көч да
ошол жакка барат.
* Алдыңкы көчтүн адашканын кийинки көч билет.
* Алдыңкынын адашканын арткы (киши) билет.
* Алдыңкы туяктын изин арткы туяк басат.
* Алдыраарда жаздыраар (Алдыраар күнү жаздыраар).
* Алдырган энесинин койнун ачат.
* Алжаке кишиден жалжеке сөз чыгат.
* Алжаке кызга жалжаке күйөө.
* Алжакенин сөзүнө калжеке киши ишенет.
* Алжаке эркекке жалжаке катын туш келет.
* Алик алганга салам бер.
* Алкы бузук кызыкса (же кыныкса),
ат тезегин кургатпайт.
* Алкы бузук молдонун селдесине чок түшөт.
* Алкы бузуктун артына ишенбе.
* Алкы жаман айтта өлөр.
* Алкы жамандын арты жаман.

* Алкы кеткен тамагынан бузулат,
жаман ырчы жамагынан бузулат.
* Алкы кеткен тамакты сүйөт.
* Алкымына алы жетпеген, күл челген бука баштанаар.
* Алкынан кеткен баркынан кетет.
* Алкың бузулбаса, аяктагы аш алты кишини тойгузат.
* Алкыш алган аман болот, каргыш алган тамам болот.
* Алкыш алган арыбас, каргыш алган жарыбас.
* Алкыш кетпесин, каргыш жетпесин.
* Алладан акыл күтпө.
* Алладан буйруксуз кумурсканын бели сынбайт.
* Алладан кеп урат, алдап жеп турат.
* Алланы Алла кылган тазалык.
* Алма башка жетем деп, чалма башка кезикти.
* Алма быш, оозума түш.
* Алма бышса үзүлөт, бөз эскирсе сүзүлөт.
* Алма кезек дүнүйө айланып эсеп кылгызат.
* Алмактын бермеги бар, ичмектин чычмагы бар.
* Алманы Аким жейт, таякты жетим жейт.
* Алманын агынан көгү, жамандын барынан жогу.
* Алма сабагынан, ат аягынан бузулат.
* Алма сабагынан (шагынан) алыс түшпөйт.
* Алма таштан өсүп чыкпайт.
* Алма этекти алам деп, чалма этектен айрылдым.
* Алмурут тиккен жерге ит мурун чыгат.
* Алп адагы – Ормотой, тулпар адагы – Тайтору.
* Алпты жеңген баатыр эмес, ачууну жеңген баатыр.
* Алптын өлүмү – эл алдында уятка калганы,
кандын өлүмү – эли терс караганы.
* Алптын тизе бүккөнү – өлгөнү.
* Алп – чабышта, чечен – сөздө сыналат.
* Алса кыргый алат, өлсө торгой өлөт.
* Алсам – бербесем, жан берсем – өлбөсөм.
* Алсызды жөлөгөнүң – ырыска бөлөгөнүң.
* Алсыздын кылычы – арыз.
* Алсыздын тили алты кулач.

* Алсыз чөп ташты жарып чыгат,
курч акыл башты жарып чыгат.
* Алтооң ала болсоң алдыңдагыны алдырасың,
төртөөң төп болсоң төбөдөгүнү аласың.
* Алты ай таптасаң да, карганын иши карга.
* Алтыга сатып, бешке алган – соодагердин адаты.
* Алты жашар бала атка минсе,
алтымыштагы чал салам берет.
* Алты катын азага барса (же келсе),
ар кимиси өз муңун (арманын, дартын) айтат.
* Алты күн ачка калсаң да, атаңды сыйла.
* Алтымышка барганда аркандаган аттайсың,
«алганым тилдеп койду» деп, кимге барып даттайсың.
* Алтымышка чыккан атаңды (адамды)
алыс жолго жибербе.
* Алтымыш күн атан болуп жүргөнчө,
алты күнү буура болуп зиркилде.
* Алтымыш менен жетимиш абышканын курагы.
* Алтымышта атаңдын алдап-соолап күчүн ал.
* Алтын акпайт, күмүш чирибейт.
* Алтын албай, алкыш ал.
* Алтын ачкыч ачпай турган кулпу жок.
* Алтын байлык эмес, акыл байлык.
* Алтын бар жерде ажыдаар бар же уу бар.
* Алтын баш аман болсо, жокчулук эмне кылат?
* Алтын дат болбойт, жакшы жат болбойт.
* Алтынды ала билген бөлө да билет.
* Алтынды билүү оңой, адамды билүү кыйын.
* Алтынды дат баспайт.
* Алтынды жыйган сен болдуң,
азапты тарткан мен болдум.
Күмүштү жыйган сен болдуң,
күйүттү тарткан мен болдум.
* Алтынды көрүп, периште да жолдон чыгыптыр.
* Алтындын баасын (кадырын) зергер билет,
бутанын баасын (кадырын) мерген билет.

* Алтынды орогон менен жез болбойт,
  жибекти орогон менен бөз болбойт.
* Алтынды чыккан жеринен каз.
* Алтынды эрите албаган иритээр,
  терини ашата албаган чиритээр.
* Алтын жерде калбайт, жакшы жолдо калбайт.
* Алтын – жерден, баатыр – элден (чыгат).
* Алтын – жерден чыккан байлык болсо,
  акыл – элден чыккан байлык.
* Алтын – жер сыйы, алкыш – эл сыйы.
* Алтын жүктөлгөн атандын да жээри алабата.
* Алтын казына акыл казынага жетпейт.
* Алтын керегелүү кыз, чий каланган
  төркүнүнөн үмтөтөт.
* Алтын-күмүш таш экен, арпа-буудай аш экен.
* Алтын-күмүштү байлык туткан киши башын жолдо
  калтыраар, баба сөзүн улаган кишинин орду
  төрдө болор.
* Алтын менен күмүштү зергер үчүн жараткан,
  аркар менен кулжаны мерген үчүн жараткан.
* Алтын отто билинет, адам эмгекте билинет.
* Алтын така, жез така, байчечекей тербесең,
  ай тийбеген жер капа.
* Алтын тактагы күйөө алачыктагы
  кайнатасынан үмтөтөт.
* Алтын тапсаң бир күнкү сүйүнүч,
  акыл тапсаң миң күнкү кубаныч.
* Алтын тапса, түйөргө түйүнчөк таппайт.
* Алтын – темир, суу – өмүр.
* Алтын чирибейт, акыл азбайт (кээде аза карыбайт).
* Алтын чыккан жеринде каат (же оор).
* Алтын чыккан жер кадырлуу,
  калыс жүргөн эр кадырлуу.
* Алтын ээр ак кабак, атка жайы болбосо,
  алтынын алып отко жак. Аяшаар тууган болбосо,
  акырын сүйлөп жатка жак. Күмүш ээр ак кабак,

күмүшчө жайы болбосо, күмүшүн алып отко жак.
Күйүшөөр тууган болбосо, күлө багып жатка жак.
* Алты өлөңүм бек болсо, атым туйлап не кылат, алганым өзүм деген соң элим (кээде абысын) айтып не кылат.
* Алты саны аманда жер караган оңорбу, абийир мүлдө төгүлсө, эл караган оңорбу?
* Алты саның сак болсо, жардымын дебе, алган жарың бар болсо, зарландым дебе.
* Алты уулдуу кишинин алты өрүштө малы бар, төрт уулдуу кишинин төрт өрөөндө малы бар, эки уулдуу кишинин өлөөр-өлбөс жаны бар.
* Алуучу болбосо – сатуучу кор болот.
* Алчаны аким жеди, таякты жетим жеди.
* Алыбек алына жараша.
* Алыбек алына жараша салт-санаа күтсө.
* Алыбек алыңды кара, маңдайыңдагы чарыгыңды кара.
* Алы жетпеген акыретчил, колу жетпеген кудайчыл.
* Алын билбеген алек (болот).
* Алың, алың дегенче алты соодагер өлүптүр.
* Алың жеткен ишке жаштык кылба, алышып ойногонуңа кастык кылба.
* Алыс жерге куда болсоң, артынчыктап аш келээр, жакын жерге куда болсоң, түрдүү ушак сөз келээр.
* Алыс жол адамды арытат, кайгы-муң адамды карытат.
* Алыс жол атты сынайт, оор жол эрди сынайт.
* Алыс карма балаңды, аңги чалыш бекерден.
* Алыскынын аты озгуча, айылдаштын тайы озсун.
* Алыскы туугандан жакынкы коңшу артык.
* Алыста болсо кишенешкен, жакында болсо тиштешкен.
* Алыстагы душмандан, аңдып жүргөн дос жаман.
* Алыстагы олуядан жакындагы машаяк артык.
* Алыстан арбалагыча жакындан дорболо.
* Алыстан келээр коноктун кабарын укпай күтүнбө.
* Алыстан чамынган бууранын күчү кетээр.

* Алысты жакындаткан – ат, жакынды алыстаткан – жат.
* Алысты жакын кылган алака.
* Алысты жакын кылган кыз,
  тамакты таттуу кылган туз.
* Алыстык алсыз сүйүүнү үзөт, катуу сүйүүнү күчөтөт.
* Алыстык сүйүүнү муздатат, суз кылат.
* Алысты ойлогон намысты ойлойт.
* Алыш-бериш – жолдоштуктун иши.
* Алыш-бериш – туугандыктын белгиси,
  уруш-кериш – душмандыктын белгиси.
* Алышканда күчү жетпегендин,
  айтышканда кеби өтөт.
* Алышкандын ичинен алсызы калат күнөөгө.
* Алышыңды бек байла – жардап кетсе суу бербейт,
  жарыкта малың жайлап ал – караңгы кирсе
  көз жетпейт.
* Амал ашынса – уу.
* Амалдуу аңчыга ажалдуу кийик жолугат.
* Амалкөйдү ашынам дебе, ачкөз байды кошунам дебе.
* Амалсыз иштелген жакшылык алкышка татыйт.
* Амалын тапкан ажалдан кутулат.
* Аманат жанга бир өлүм, намыс үчүн кыяйын.
* Аманат жанга өлүм ак.
* Аманатка кыянат кылбайт.
* Аман болсо бу башым, дагы эле чыгар бу чачым.
* Аман болсоң, алтын аяктан суу ичесиң.
* Аманчылык жаманчылыкты жеңет.
* Ана катын мас болсо, беш көкүл менен урушат.
* Анжиянда акем бар, ал да мендей пекене.
  Үрүмчүдө үкөм бар, ал да мендей пекене.
* Анжиянда суур семиз десе Бээжиндеги
  калмак тамшанган экен.
* Антар атка бир санат, учар кушка бир канат.
* Ант берсең актай бил.
* Ант бузулбайт, бузганды ант урат.
  Жалгыз жаны эмес, укум-тукумуна доо кетет.

* Ант ичкенсип
* Анткор адам «ооба» менен бүтүрөт.
* Анткорго айыл конбо, айгакка жолдош болбо.
* Антыздув жерде ат өлбөйт.
* Аныk жакшынын ачуусу бар кеги жок,
даанышмандын курбусу көп, теңи жок.
* Аныккандан кыныккан ууру болот,
оолуккандан соолуккан жинди болот.
* Анык чечен – акындар жазгы жааган жамгырдай.
* Анык эр айтканынан кайтпайт,
анык дос антын актайт.
* Аңга жетпес ашыңды айылдаштан аяба.
* Аңгек өзүн жер ойлойт, акмак өзүн эр ойлойт.
* Аңгектен качсаң – дөңгөккө,
дөңгөктөн качсаң – сөңгөккө.
* Аңгеме музоо эмизээр, музоо таяк жегизээр.
* Аңдабаган төөнү да көрбөйт.
* Аңдабай сүйлөгөн оорубай өлөр.
* Аңдабай түштүм чуңкурга, эми мага сай кайда.
* Аңдап турсаң акылдуунун сөзү пул болот.
* Аңдуучуну аңдоочу жеңет.
* Аңдыган – алат, аңтарган – табат.
* Аңдыганга аңкоо көрүн.
* Аңдыгандан аңдыган качса, артын карабай качат.
* Аңдыганы тарп экен балта жутар, көк жору.
* Аңдышкан айыл конбойт, эсептешкен
(кээде сатуулашкан) дос болбойт.
* Аңдышкан достон алыстагы душман жакшы.
* Аңдышкан эл болбойт, эсептешкен коңшу (дос)
болбойт.
* Аңкир-мүңкүрүңдү коюп, келе бери бир атым насыбай.
* Аңкоо азаптан, кайсар мазактан кутулбайт.
* Аңкоо базарга барды дегиче, алып сатар
олжого батты де.
* Аңкоо бала атасына асылат,
аңкоо кыз энесин коркутат.

* Аңкоонун эч нерседен кабары жок,
  жалкоонун эч нерсени табаары жок.
* Аңчынын ажалы тоо-таштан.
* Аңчынын чери жазылбайт булкунтуп бүркүт салбаса.
* Аңыздуу жерде ат өлбөйт,
  бозмоштуу жерде бото өлбөйт.
* Аңыр өзүн куш ойлойт, ар ким өзүн эр ойлойт.
* Ападан – акыл, атадан – тарбия.
* Апендинин коёнунун сорпосунун сорпосундай.
* Аппак карда көп жүрсөң, көзүң бир күн карыгат,
  алыс жерде көп жүрсөң, көңүлүң бир күн тарыгат.
* Апылайдын чайындай түгөнбөгөн.
* Арабаны ат тартат, көлөкөсүн ит тартат.
* Араба сынбасын, өгүз өлбөсүн.
* Арадагы акмак – туурадагы токмок.
* Арадай жерде чарадай жыйын курган.
* Ар адамда бир кыял, ал кыялды ким тыяр.
* Ар адамдын сылыгын билсең да, кылыгын билбейсиң.
* Араздашуудан кийинки татуулук халбадан да таттуу.
* Араздашкан туугандан ынтымактуу кошуна артык.
* Арак адамды мээримдүү кылып элжиретип,
  зөөкүр кылып келжиретип коёт.
* Арак алкымга кирсе, акыл токойго кирет.
* Арак арды аздырат, барды тоздурат.
* Арак дудукту да сайратат.
* Аракети көп, берекеси жок.
* Аракет кылганга асман да жардамдашат.
* Аракет кылсаң – берекет.
* Аракетсиз адам – тирүүнүн өлүгү.
* Аракетсиз үмүт – мөмөсүз дарактай.
* Аракеттен адат жаралат, адаттан мүнөз,
  мүнөздөн тагдыр жаралат.
* Аракеч жалаакеч келет.
* Аракеч үй-бүлөнүн көз жашын жейт,
  анан өз башын жейт.
* Арак ичип чардагандын ата-энеси зар какшайт.

* Арак ичкендин акылы жоор.
* Арак ичкен тойдо мас, акылы жок күндө мас.
* Аракка кандым дегиче, азапка калдым дегин.
* Арак масы келе жатса качпа,
мал масы келе жатса кач.
* Арак мөлтүрөк, бирок акылды өлтүрөт.
* Арактай оору ааламда жок.
* Арактан ичип кутулба, качып кутул.
* Арактан өткөн душман жок, акылдан өткөн тууган жок.
* Арактын арты – дарт, учкундун арты – өрт.
* Арактын арты жаман, айыкпас дарты жаман.
* Арактын жетеги жеп тынат.
* Арактын кулу болгонуң, абийириңден куру болгонуң.
* Аралдагы чөптү мал жебейт.
* Арам айтып максатка жетпейт.
* Арам алдаганга устат, сынчы талдаганга устат.
* Арамга – адал, жакшыга – жаман,
ыйыкка – бузук тизгиндеш.
* Арамдан алган төөдөн, адалдан алган эчки артык.
* Арамдыктан алыс болсоң,
колдон келбес жакшылык жок.
* Арамдын тамыры бир, адалдын тамыры миң.
* Арамдын түбү бир тамыр, адалдын түбү миң тамыр.
* Арам жеген бура баспайт.
* Арамзаада эл бузаар, айкын жерди сел бузаар.
* Арамза – алтоо, акыл – жетөө.
* Арамзага ачылып сүйлөбө, акмактын отун үйлөбө.
* Арамзадан ат минбе, пейли тардан тон кийбе.
* Арамза жылмайса – алдаганга тете.
* Арамзанын дили ачуу, тили таттуу.
* Арамзаны аңдыган билет.
* Арамзанын карды тойбойт, ачкөздүн көзү тойбойт.
* Арамзанын куйругу бир тутам.
* Арамзанын укуругу кыска, акылмандын сөзү нуска.
* Арамзанын этеги узарбайт.
* Арам ойдон алыс жүр, алып келбейт жакшылык.

* Арам оокат көптүрөт.
* Арам өлсө ит менен кушка жем.
* Арам санаа болбогун, алгандан алтоо болбойсуң.
  Эл эмгегин жебегин, жегенден жетөө болбойсуң.
* Арам тамак (оокат) аш болбойт.
* Арам эмгек – ачуу, адал эмгек – таттуу.
* Араң тапкан баламды өрдөк чокуп өлтүрдү.
* Араң турган көз эле, чыгып кетти өзү эле,
  айтылбай турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле.
* Арачыга алты таяк.
* Арбагын барктабаган журт уятсыз.
* Арбак ыраазы болмоюн, тирүү тойбойт.
* Ар балаа келсе, жакынынан келет.
* Арбасаң да, каргасаң да, отко-чокко кармасаң да
  үмүт өлбөйт, карыбайт.
* Арбашкан – алышат, кагышкан – кармашат.
* Ар бир адамдын киндик каны тамган жер – Мисир.
* Ар бир адам Мекенин сүйөт, соодагер бекерин сүйөт.
* Ар бир адам менсинет, куурай гүлгө теңсинет.
* Ар бир башта миң кыял.
* Ар бир баштын оорусу ар башка.
* Ар бир баштын өз акылы бар.
* Ар бир дарттын дабаасы бар.
* Ар бир жаңы үмүт – жаңы түйшүктүн башталышы.
* Ар бир жердин түлкүсүн өзүнүн уучусу ууласын.
* Ар бир ит – өз короосунда арстансыйт.
* Ар бир ит – өз короосунда кожо.
* Ар бир кишинин баштан өткөрөөр өз машакаты,
  өз түйшүгү бар.
* Ар бир өлүктүн өз ырыскысы болот.
* Аргасыз кулдук кылгандын кеги ичинде калат,
  аны бир күнү алат.
* Ар гүлдүн өзүнө кас бүрчөсү бар.
* Аргымак, айгыр кече албас, агын сууда кечмек бар.
* Аргымак аттын куйругу – бирде жибек, бирде кыл,
  эр жигиттин белгиси – бирде мырза, бирде кул.

* Аргымак бирде жалдуу, бирде жалсыз.
Азамат бирде малдуу, бирде малсыз.
* Аргымак деп айтабыз – артынан бир ат жетпесе, азамат деп айтабыз – жолдошун таштап кетпесе, акылдуу деп айтабыз – бузулган элин эптесе.
* Аргымак жыйдым, ат жыйдым – айланып кетсин буудандан, адашкан жыйып эл кылдым – айланып кетсин туугандан.
* Аргымак күлүк ойнотуп мингениңе мас болбо, алтын жака асыл тон кийгениңе мас болбо, акыл бар деп көп сөздү билгениңе мас болбо.
* Аргымак мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет.
* Аргымак тандап, ат жыйдым – буудан болуп берген жок, азамат тандап, дос жыйдым – тууган болуп берген жок.
* Аргымакты жаман деп, бууданды кайдан табасың, агайынды жаман деп, тууганды кайдан табасың!?
* Аргымакты арык деп жолго таштап койбогун, азаматты алсыз деп жолго таштап койбогун
* Аргымакты жаман деп, жолго таштап кетпегин, азаматты жаман деп, жоого таштап кетпегин.
* Аргымактын азганы – аркы-терки басканы, азаматтын азганы – көчкөндө жөө басканы.
* Аргымактын жакшысы – азыраак оттоп, көп жуушайт, азаматтын жакшысы – азыраак сүйлөп, көп тыңдайт.
* Аргымактын жакшысы чапса – күлүк, сатса – пул, азаматтын жакшысы – бирде мырза, бирде кул.
* Аргымактын кулуну – алтын көкүл, кер болот, азаматтын күлгүнү – кичи акысын жебеген, жоого кегин бербеген, айбаты катуу шер болот.
* Аргымак чапкандан өлбөйт, таптагандан өлөт.
* Ардак күткүң келсе ак иште.
* Ардакты сүйсөң, эмгекти сүй.
* Ар жалгыздык башта бар, ар кыл азап башта бар.
* Ар жемиштин данеги өз сөөгүндө сакталат.

* Ар жердин корозу бирдей кыйкырат.
* Ар заманда бир чуркулдай.
* Арзан бекен мал тапмак, оңой бекен жан бакмак.
  Эртеден кечке тыртактап, тактай тилет эки акмак.
* Арзанга алуучунун пейли бузулат,
  кымбатка сатуучунун бейли бузулат.
* Арзандын асылы болбойт, асылдын жаманы болбойт.
* Арзандын сорпосу (тузу) татыбайт.
* Ариет менен намысты алган жигит жакшы экен.
* Ар иште эстүү болуу керек,
  акылдуу өз ишинен убай көрөт.
* Ар иштин адиси бар.
* Арканды күрмөй бил, акылды иргей бил.
* Аркандын узуну, сөздүн кыскасы жакшы.
* Аркар мойнун ок кесет, азамат мойнун жок кесет.
* Аркасы кыя, асты жар, айла кеткен жол ошол.
* Ар качан ар бир иште сабырдуу бол,
  жашоодо чын бакыттын негизи ошол.
* Ар ким байкаганына жараша баамдайт,
  түшүнүгүнө жараша түшөмөлдөйт.
* Ар ким бары менен базарлайт.
* Ар кимге өз жаны кымбат.
* Ар кимде бар ар кыял, ал кыялды ким тыяр.
* Ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө.
* Ар кимдин жаны ар башка.
* Ар кимдин жүгү өзүнө чак.
* Ар кимдин минген аты өзүнө тулпар,
  ар кимдин сүйгөн жары өзүнө шумкар.
* Ар кимдин ниети өзүнө жолдош.
* Ар кимдин өскөн айылы мисир.
* Ар кимдин тилеги өзүнө чоң.
* Ар кимдин туулган жери өзүнө ыйык (мисир).
* Ар кимдин убайымы өз башында.
* Ар кимдин чыккан тоосу бийик.
* Ар кимдин эри өзүнө мырза,
  ар кимдин зайыбы өзүнө каныша.

* Ар ким ич оорусун өзү билет.
* Ар ким кычышкан жерин кашыйт (же өзү билет).
* Ар ким өз бейлинен табат.
* Ар ким өз боюна карап киет.
* Ар ким өз камында, кары кыз эр камында.
* Ар ким өз көмөчүнө күл тартат.
* Ар ким өз сөзүнөн сыналат.
* Ар ким өз сүйгөнүнө белек кылат.
* Ар ким өз сүйгөнүнүн кулу.
* Ар ким өз үйүндө кан.
* Ар ким өзүн эр ойлойт.
* Ар ким пейлинен табат.
* Ар ким сыйдын кулу.
* Ар күлүк ар кандай чуркайт.
* Ар күндүн оту жаңы.
* Ар күнү эрин каарыган катын болуп жарытпайт.
* Ар кызыктын башы бар. Ар нерсе учурунда сонун.
* Аркы өйүздө чабышка, бул өйүздөн жулунба.
* Аркыраган бороон да басылат, алоолонгон от да өчөт.
* Армансыз жан жок.
* Ар немеге бир неме.
* Ар нерсеге ашык болгончо, бир нерсеге машык бол.
* Ар нерсени көргөн билээр, алыс жолду жүргөн билээр.
* Ар нерсенин орду болоор, көрбөгөн жер сонун болоор. Жышааналуу эр жигиттин кайда жүрсө жолу болоор.
* Ар нерсенин өзүнүн жолу бар, теңирдин жолу өзүнчө.
* Ар нерсенин эби, ченеми жана жөнү бар эмеспи.
* Ар нерсени чеги менен.
* Ар нерсе өз маалында (учурунда).
* Ар нерсе өз тушунда кымбат.
* Ар нерсе өз учурунда сонун.
* Ар нерсе өз чегинен чыкса, арты өкүнүчтүү болот.
* Арпа берсең атка бер, күтүр-күтүр чайнасын, кызды берсең жашка бер, кучакташып ойносун.
* Арпа-буудай аш болот, алтын-күмүш таш болот.
* Арпа жеген ат ойнойт.

* Арпанын чары атка тамак (жем).
* Арпа чыкпайт таш жерге, айыл конбо башка элге.
* Арпа сепсең – арпа оросуң,
  буудай сепсең – буудай оросуң.
* Арпа сээп буудай алам дебе.
* Арстан айга барам (кээде чабам) деп,
  аягын мерт кылыптыр.
* Арстан алганына кубанбайт, чалганына кубанат.
* Арстан ашынса айга чабаар,
  акмак ашынса энесин сабаар.
* Арстандай күчүң болсо, түлкүдөй куулукту үйрөн.
* Арстандын жалы көрк, эрдин сакал-муруту көрк.
* Арстандын куйругу болгуча, мышыктын башы бол.
* Арстан капкандан коркот, түлкү бөрүдөн коркот.
* Арстан картайса, чөөгө күлкү.
* Арстан катуу качырат, жумшак алат.
* Арстан кумурскадан коркот.
* Арстан турган жерге аюу жолобойт.
* Арстан экиден, ит жетиден туулт.
* Арстан эрдин башына, алтымыш мүшкүл иш келет.
* Арсызга алты күн майрам.
* Арсыз киши чабышта өлөөрүн эстейт.
* Артисттер боёнбой койбойт.
* Артта калганды ит талайт.
* Артык айтпа, ашыра какпа.
* Артык дөөлөт (өнөр) баш жарбайт.
* Артык дөөлөт таш жарат, ашык байлык баш жарат.
* Артык кылам деп тыртык кылды.
* Артыкча дүңгүрөгөн, акырында мүңкүрөйт.
* Артык шашкан албарстыча карганат.
* Артынан көп ит кууган карышкыр
  көкжалдыгын унутат.
* Артын ойлогон алжыбас.
* Артыңда кызың калса – изиң калганы,
  артыңда уулуң калса – өзүң калганың.
* Артыңды карап таазим кыл, алдыңды карап билек түр.

* Ар убакта чынчыл бол, калк ишенет кебиңе.
* Аруу сөз жан тыяр, ачуу сөз жан кыяр.
* Ар үйдүн өз коногу бар.
* Ар чөп өз тамыры менен күн көрөт.
* Ары бар абийир күтөт.
* Арыбас ат болбойт, тозбос тон болбойт.
* Арыган ат семирчү, ачкан курсак тоюнчу.
* Ары жат, бери жат – төшөктүн тардыгы,
сеники, меники – көңүлдүн тардыгы.
* Ары жок ит чымынга да үрөт.
* Ары жок киши жайы жок сөз айтат.
* Ары жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу.
* Ары жоктун түшүнө актаган таруу кириптир.
* Ары карап ыйлап, бери карап күлгөн жаман.
* Арык атка камчы жоо, жыртык үйгө тамчы жоо.
* Арык атка камчы үйүр (жуук),
жыртык үйгө тамчы үйүр (жуук).
* Арык атка куйругу жүк.
* Арык атка туз бербе, акылсызга кыз бербе.
* Арык болсо семиздей көр, аз болсо көптөй көр.
* Ары кеткенде баары кетет.
* Арык койдун терисин алты ашатса ий болбойт,
атадан жаман туулганды ак кийизге
салдырып көтөргөн менен бий болбойт.
* Арык кой тырышчаак, ач киши урушчаак.
* Арыкмын деп ооз ырсайта берген менен болобу.
* Арык – семиз боору тең.
* Арык семирет, ач тоюнат.
* Арык толсом дейт, семиз болсом дейт.
* Арыкты кыйналып чапсаң, сугатты ойноп сугарасың.
* Арыктын арымы жок, семиздин кайрымы жок.
* Арык уйга жоон мүйүздүн кереги не.
* Арык этте чарым бар, арам сөздө чагым бар.
* Ар ылдыйдын өрү бар.
* Арыңа улук бол, жарыңа тунук бол.
* Аса карыбайт, алтын чирибейт.

* Асанкайгы ойлонуп отурганча,
  тобокелчи марага жетиптир.
* Асангайгы өз үйүндө жек көрүндү болот.
* Аскар-аскар тоо – аягы келип чап болот,
  атадан алтоо болсо да – сыйлашпаса жат болот.
* Асманга түкүрсөң, башыңа түшөт.
* Асмандаган шамдын жарыгы алыска жетет.
* Асмандагы шумкардан колдогу турумтай артык.
* Асманда жүргөн кыраан куш да түнөгүн көксөйт.
* Асмандан түшкөн нур орток, атадан калган жер орток.
* Асманды караган аягынан мүдүрүлөт.
* Асманды тиктегендин көзү акыят.
* Астапрылданын казаны бат кайнайт.
* Аста сүйлөгөндүн амалы көп.
* Асты, аял сыйлаган кор болбойт.
* Астыңкы ээрди менен жер шыпырат,
  үстүңкү ээрди менен көк шыпырат.
* Асылган оору (кээде ууру) албай койбойт,
  боор ооруса киндик толгойт.
* Асылды асыл өлтүрбөйт.
* Асылдын баркын асыл билет.
* Асылдын кадырын тууган билбей, жат билет.
* Асыл жигит алты кырдуу, он эки сырдуу.
* Асылсаң жыгачтын асылына асыл.
* Асыл – таштан, акыл – жаштан (баштан).
* Асылуу казан – бышылуу аш.
* Асыранды баланы айылчы катын чыгарат.
* Ата – алтын түркүк, эне – үйдүн көркү.
* Атаандаштык – ал жакшы, акылдаштык – бул жакшы.
* Ата арбагы – ыйык.
* Ата – аскалуу зоо, эне – оргуган булак,
  бала – экөөнө шам чырак.
* Ата – балага сынчы.
* Ата баласы болбосоң болбо, эл баласы бол.
* Ата баласы – тон жакасы.
* Ата-бала урушат, ага-ини жулушат.

* «Ата болдум» деп мактанба, «адам болдум» деп мактан.
* Ата болсоң акылдуу бол, эне болсоң мээримдүү бол.
* Ата болуш – ардак, эне болуш – сыймык.
* Атага бала – өбөк, балага ата – жөлөк.
* Атага баш ийүү – теңирге баш ийүү,
  ага күнөөкөр болуу – теңирге күнөөкөр болуу.
* Атага окшоп уул туулбас, энеге окшоп кыз туулбас.
* Атага (энеге) баланын алалыгы жок.
* Ат адамга канат, куюшкан кубат болот.
* Ат адамдын жолдошу.
* Ат – адамдын канаты, аш – адамдын кубаты.
* Атадан алтоо болсо да, ар жалгыздык башта бар
  (кээде ар башта жалгыздык).
* Атадан акча алсаң да санап ал.
* Атадан безген бала оңбос, энеден безген кыз оңбос.
* Атадан жакшы туулса, элинин камын жээр,
  атадан жаман туулса, элинин малын жээр.
* Атадан жакшы туулса эшиктен төргө сүйрөөр,
  жаман туулса төрдөн көргө сүйрөөр.
* Атадан жакшы уул туулса – элдин туусу болот,
  жаман уул туулса – элдин чуусу болот.
* Атадан калган мал барбы, аяна турган жан барбы.
* Атадан каргыш алган оңбойт.
* Атадан кетет касиет ардактап баккан баласын
  абийрин төгүп тилдесе.
* Атадан уул туулса – ийги, ата жолун кууса – ийги.
* Ата даңкы менен баласы төргө өтөт.
* Ата даңкы менен кыз өтөт, мата даңкы менен
  бөз өтөт.
* Ата даңкын тузу арам уул булгайт, эне даңкын
  кара бет кыз булгайт.
* Ата даңкы, эне баркы – балага дем.
* Ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы.
* Ата журт – конуш бешиги.
* Ата журттан айрылган тамыры кыркылган
  дарак тура.

* Ата журт туулган жерден башталат.
* Ата журтуң – алтын бешигиң.
* Ата жүрөгү асмандан кенен,
эне жүрөгү деңизден терең.
* Ат айланып казыгын табат, жөө калсаң
эки өңүрүң саныңды чабат.
* Ат айланып казыгын табат, эр айланып элин табат.
* Атайлап кошчуң болбосо, жүгөнүң алып атка бар.
* Ата кайрымсыз болсо, бала кайрымсыз болот.
* Ата каргышына учураган перзент оңолбойт.
* Ата каргышы – ок, эне каргышы – бок.
* Атак, даңк, сыйлык – кумардуу нерсе.
* Ата кебин эшиткен уул адеп тутат.
* Ата кесибиңди таштаба.
* Ата конушу ардак, ата салты – сыймык.
* Ата көргөн ат берет, эне көргөн тон берет.
* Ата көргөн ок жонор, эне көргөн тон бычар.
* Атактуу ууру ачтан өлөт.
* Аталардын баскан ар бир изи бизге тарых.
* Аталардын жолу (иши) балдарга үлгү.
* Аталар сөзү – акылдын көзү.
* Аталаш аңдышат, энелеш энчилеш.
* Аталаштан айылдаш жакын.
* Аталаштан алтоо болгончо, энелештен экөө бол.
* Аталаштан алтоо болсоң да, ар жалгыздык башта бар.
* Аталашым аттан түш, энелешим ээрге мин.
* Аталбас мерген жаталбас.
* Ат алсаң – ай кеңеш, катын алсаң – жыл кеңеш.
* Ат алсаң айылдашың (досуң),
кой алсаң коңшуң менен кеңеш.
* Ат алсаң минип ал, аял алсаң сүйүп ал.
* Ат алтоо болсо минерге ат табылбайт,
бирөө болсо бараргa жер табылбайт.
* Аталуу жетим – арсыз (кээде алсыз) жетим,
энелүү жетим – эрке жетим.
* Аталуу – уул, кожолуу – кул.

* Аталуу уул кулак жейт, жетим бала туяк жейт.
* Атамды ажыга жиберип айныттык.
* Атамдын мүйүз тарагы, мүлдө журтка жарады.
* Атамдын тапканы энемдин баракелдисине да жарабаптыр.
* Атамекендин ар бир ташы алтын.
* Ата – мекен, эне – нур.
* Атам өлсө өлсүн, атамды көргөн өлбөсүн,
энем өлсө өлсүн, энемди көргөн өлбөсүн.
* Атам-энем бар болсун, оозу-мурду жок болсун.
* Ата намысын арсыз уул кетирет.
* Атан өлсө тайлак бар, кому жерде калган жок.
* Атан төө мас болсо, тайлак менен дос болот,
жаман киши мас болсо, жакшысы менен кас болот.
* Атаны көрүп уул өсөт, аганы көрүп ини өсөт.
* Атанын азарында жакшы болот.
* Атанын аты менен орду балага калат.
* Атанын баласы азаарында бакшы болот.
* Атанын баласы болбосоң да, адамдын баласы бол.
* Атанын баркын көзү барда билбейт,
балалуу болгондо билет.
* Атанын билеги күчтүү, эненин тилеги күчтүү.
* Атанын жаман көргөн уулу түк күтөт (түп тутат).
* Атанын жолун урпагы улайт.
* Атанын кадырын билбеген баланын башы кор болот.
* Атанын каргышы – атылган ок.
* Атанын каргышы балага ок, өрттөп ийчү чок.
* Атанын кеби – балага, аганын кеби – иниге,
эненин кеби – кыз-келинге, эженин кеби – сиңдиге эм.
* Атанын көөнү балада, баланын көөнү талаада.
* Атанын малы балага опо болбойт.
* Атанын мээри түшкөнгө адамдын каары түшөт.
* Атанын салган жолу бар, эненин бычкан тону бар.
* Атанын сөзү – акылдын көзү.
* Атанын сыймыгын арсыз уул кетирет.
* Атанын тилдегени – баласын бил дегени.

* Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат.
* Атанын уулун эл сынайт.
* Атанын эрке баласы түшкө чейин уктайт.
* Атаны сыйлаган абийир табат,
энени сыйлаган элге жагат.
* Атаны тартып уул туулбайт,
энени тартып кыз туулбайт.
* Атаңа кылганды (көрсөткөндү) балаңдан көрөсүң.
* Атаң алтымышка чыкканда алдап-соолап күчүн ал.
* Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны.
* Атаңдан акча алсаң да санап ал.
* «Атаңды» дегендин тилеги катат, «айланайын»
дегендин тилеги ашат.
* Атаңды көргөндөн акыл сура,
энеңди көргөндөн тон сура.
* Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер.
* Атаң жоо чапса кошо чап.
* Атаң карыса кул кылба, энең карыса күң кылба.
* Атаң конгон конушка сен да бир күн конорсуң,
мактанбагын уулум ай, сен да мендей болорсуң.
* Атаң мурап болбосун, эгиниң суунун башында болсун.
* Атаң мурап болгуча, жериң суулуу болсун.
* Ата-эне очогу – ыйман башаты.
* Атаң этин оордобойт, султан сөөгүн кордобойт.
* Ата өлүп бала калса – тилегине жеткени,
бала өлүп ата калса – арманы ичте кеткени.
* Ата – өчпөс чырак, эне – соолбос булак.
* Ат арпа жесе, эшек кулагын салат.
* Ат арыганын билбейт, кунас карыганын билбейт.
* Ат арытмак – арзан, журт арытмак – кымбат.
* Ат арытмак бир күндө, эр карытмак миң күндө.
* Ата салты ыйык. Салтка кайдыгерлик –
байыркы бабаларды жеригендик.
* Ата сөзү – акыл, ага сөзү – асыл.
* Ата сөзү алга сүрөйт адамды,
эне сөзү эпке салат жаманды.

* Ата сөзү – алтын, көңүл коюп уксаң.
* Ата сөзүн ардакта, ыйык карма.
* Ата сөзүн укпасаң, ажырайсың журтуңдан.
* Ата сөзү уулга эм.
* Атасы балам десе, баласы балам дейт.
* Атасы башка, аты кашка.
* Атасы болушчаактын уулу урушчаак,
  энеси болушчаактын кызы ыйлаак.
* Атасы жакшы айттырбайт, теги жакшы дедирбейт,
  сөөгү жакшы сөктүрбөйт.
* Атасы жамандын – бири жаман,
  энеси жамандын – баары жаман.
* Атасыз уул болбойт, ажосуз кул болбойт.
* Атасыз уул – жетесиз, энесиз кыз – никесиз.
* Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат.
* Атасы козу бычпагандын, баласы өгүз бычаар.
* Атасы көрбөгөндү уулу көрөт,
  энеси көрбөгөндү кызы көрөт.
* Атасы менен энеси капаланышса,
  бала-чакасы мостоёт.
* Атасы минген атты баласы минет,
  атасы салган кушту баласы салат.
* Атасынан баласы ашып түшпөсө, акыр заман болот.
* Атасынын көзүн көрбөй калган соң
  ашыкканы курусун.
* Атасы өлгөн киши уктаса да, ачка киши уктабайт.
* Атасы өлгөн уул көбөт, энеси өлгөн кыз көбөт.
* Атасы топко кирбеген сөзгө кулак салбайт.
* Атасы туруп уул сүйлөсө – уулдун эр жеткени,
  энеси туруп кыз сүйлөсө – кыздын бой жеткени.
* Ата тарбиялаган бала – эстүү,
  эне тарбиялаган бала – эптүү.
* Ата топу уулга чак келгенде ал атасын тааныбайт.
* Ат, аттан кийин жат.
* Ата турган таңдын чыга турган күнү бар.
* Ата уулду билет, ат ээсин билет.

* Ата уулу айтканынан кайтпайт,
жоомарт бергенин айтпайт.
* Ата-эне акылы айныбаган жолго тең,
акылмандын акылы – соолбогон көлгө тең.
* Ата-эне – баланын бактысы,
тарбия – таалайдын ачкычы.
* Ата-эне берген тарбиядан турмуш өзү берген
тарбия он эсе артык.
* Ата-энеге баланын алалыгы жок.
* Ата-эне кара мүртөз болсо, өз баласын каргайт,
кан кара мүртөз болсо, өз башын өзү жалмайт.
* Ата-энени жакшы бакпасаң, акиси урат.
* Ата-эненин кадырын билген уул эл багар.
* Ата-энени сыйлабас өз уулунан кордук көрөт.
* Ата-энени урматтоо чоң салт.
* Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый
(упа, жыргал, жакшылык) көрөсүң.
* Ата-эне очогу – ыйман башаты.
* Ата-энеси жоктун эли бар, эли жоктун өлүмү бар.
* Ата-энесине акаарат кылганды ташбараң кылат,
шарыят деп законун табат.
* Ат аяган арыбайт, аш аяган жарыбайт.
* Ат аяган жер карайт, куш аяган көк карайт.
* Ат аяган жөө баспайт.
* Ат аягынан, эр тамагынан бузулат.
* Ат байлап салсаң токтобойт, коё берсе оттобойт.
* Ат барданы – бош болсун, эр барданы – бек болсун.
* Ат баспаган жерди тай басат.
* Ат баспайм деген жерин үч басат,
эр көрбөйм деген жерин үч көрөт.
* Ат башы менен эр башы, кайда калбайт бир башы.
* Ат башына күн түшсө, ооздугу менен суу ичет,
эр башына күн түшсө, өтүгү менен суу кечет.
* Ат бергиси келбеген – ээр карайт,
куш бергиси келбеген – жер карайт.
* Ат бир мүдүрүлсө, үч мүдүрүлөт.

* Ат болгуча (же табылгыча) аяк ылоо.
* Ат болуучу кулундун мүчөсүнөн белгилүү.
  Киши болуучу баланын кирпигинен белгилүү.
* Ат дарбыса, эшек кошо дарбыйт.
* Ат жакшысы алыскы жолдо сыналат,
  дос жакшысы айыгышкан жоодо сыналат.
* Ат жакшысы – ардак, ардак жакшысы – урмат.
* Ат жакшысы боз болот, эр жакшысы
  айткан сөзгө бек болот.
* Ат жакшысы боз болот, эр жакшысы көк болот.
* Ат жакшысы кермеде, эр жакшысы термеде.
* Ат жакшысын макта, киши жакшысын сакта.
* Ат – жалдуу, тон – жакалуу.
* Ат жалында казан ас.
* Ат жаманы азаматты кор кылат.
* Ат жаманы жолдо калтырат,
  төө жаманы чөлдө калтырат.
* Ат жаманы кар болот,
  куш жаманы бир чымчыкка зар болот.
* Ат жаманы маңгел, жер жаманы аңгел.
* Ат жашарып кунан болбойт,
  эр жашарып улан болбойт.
* Ат жоорутмак – тердиктен, найза саймак – эрдиктен.
* Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар.
* Атка жапмак үртүктөн, жалгыз туумай бүркүттөн.
* Ат кадырын жок билбес, ач кадырын ток билбес.
* Ат кадырын минген билет,
  мылтык кадырын аткан билет.
* Атка жеңил, тайга чак.
* Атка (аттууга) жөө жете албайт.
* Атка мингенде эле көчүгү (же арты) кыйшык эле.
* Ат камчыдан коркот (жалтанат),
  эл намыстан коркот (жалтанат).
* Атканаңы күзөткөн ашканадан кайтат.
* Аткан мерген эмес, тийгизген мерген.
* Аткан ок житкен окту табат.

* Аткан ок таштан кайтпайт,
  элчи хандан тилин тартпайт.
* Аткан ок таштан кайтпас,
  аттанган элчи жолдон кайтпас.
* Ат картайса согумга жарайт,
  эр картайса сонунга жарайт.
* Ат карыса чөп керек,
  адам карыса тирек (кээде төр) керек.
* Ат качаган болгон соң, аштан, тойдон калган соң,
  күлүктүгү не пайда! Катының сулуу болгон соң,
  аркырап беттен алган соң, сулуулугу не пайда!
* Ат кечкен суу деп аюу ичет,
  кой кечкен суу деп бөрү ичет.
* Ат кичине болсо да, ээрдик орун табылат.
* Ат кишенешип табышат, адам сүйлөшүп табышат.
* Ат куйругун кармасаң, өзөндөн өтөөрсүң,
  ит куйругун кармасаң, сууга чөгөөрсүң.
* Ат кызыгы арыганча, эр кызыгы карыганча.
* Ат менен катынга ишенич жок.
* Ат минбеген ат минсе чаба-чаба өлтүрөт,
  тон кийбеген тон кийсе – кага-кага бүтүрөт.
* Ат – мингендики, тон – кийгендики,
  аял – тийгендики, эр – элдики.
* Ат мүдүрүлбөй жер тааныбайт,
  эр мүдүрүлбөй эл тааныбайт.
* Ат мыктысы кермеде, акын мыктысы термеде.
* А тоо менен бу тоону арзыбаган кийик ачка өлөт.
* Ат оонаган жерде түк калат,
  айран төгүлгөн жерде жук калат.
* Атпаса мылтык сай болбойт,
  анткор адам бай болбойт.
* Ат сактаган ат минет, тон сактаган тон киет.
* Ат семирсе ык болот, эр семирсе бук болот.
* Ат сураган кордук эмес, ээр-токум сураган кордук.
* Ат сурамак – сүннөт (милдет), сөз сурамак – ызаат.
* Ат сурамак ызаттан, жөн сурамак келбеттен.

* Ат сүрүнбөй (сүрдүкпөй) жер таанybайт,
эр сүрүнбөй (сүрдүкпөй) эл тааныбайт.
* Ат сыйлабас жигиттин, жөөчүлүк берээр сазайын.
Эр сыйлабас катындын тулчулук берээр сазайын.
* Ат сыйлаган азабынан кутулат,
эр сыйлаган эмгегинен кутулат.
* Ат сыйлаган азамат жөө баспас,
эр сыйлаган катын эшикте калбас.
* Ат сыноосу бир болот, эр сыноосу миң болот.
* Ат табылганча аяк ылоо, тай табылганча таяк ылоо.
* Аттан айрылганы – канаты кайрылганы.
* Аттан айрылсаң айрыл, ээр-токумдан
(кээде абийринден) айрылба.
* Аттан аттын неси артык, аша баскан изи артык,
эрден эрдин неси артык, эптеп келсе күчү артык.
* Аттанган соң тартынба, айтууга калсын артында.
* Ат тандоого жашты жибер,
кыз тандоого картты жибер.
* Аттан жыгылсаң жалын төшөйт,
эшектен жыгылсаң туягын төшөйт,
төөдөн жыгылсаң чуудасын төшөйт.
* Ат тапканча анжим (же ээр) тап.
* Ат тезегин кургатпайт, аласа киши көгөрсө.
* Ат тери кайтпайт.
* Ат тойгон жерине качат,
азамат туулган жерине шашат.
* Аттууга жөө дос эмес.
* Аттууга жөө жете албайт, экөөнө бирөө бата албайт,
эки ат минген кеч калбайт.
* Аттууга тайлуу жетем дейт,
тайлуудан төөлүү (же төө минген) ашам дейт.
* Аттууну жөө демитет, эрди (кемпай) катын кемитет.
* Аттууну көрсө жөөнүн аягы талыйт.
* Атты аркан байлайт, эрди ант байлайт.
* Атты арыганда көр, эрди (кээде жигитти)
карыганда көр.

* Атты ашууда сына, эрди алааматта сына.
* Атты баксаң ар жерде, жоого бербес тар жерде.
* Атты билгенче ай керек, адамды билгенче жыл керек.
* Атты достой сүйсөң, душмандай минесиң.
* Атты жакшы баксаң тулпар болоор,
кушту жакшы баксаң шумкар болоор.
* Атты камчы менен айдабай, жем менен айда.
* Атты көрсө эшектин аягы талыйт.
* Атты мээнет чырмаса, аягынан басынат,
төөнү мээнет чырмаса котур болуп кашынат,
байды мээнет чырмаса ашканага жашынат.
* Аттын ачуусу кулагынан билинет,
иттин ачуусу куйругунан билинет.
* Аттын баары тулпар болбойт,
куштун баары шумкар болбойт.
* Аттын жаманы акырды булгайт,
уйдун жаманы казыкты булгайт.
* Аттын жаманы – аңги, адам жаманы – баңги.
* Аттын жоргосу кызык, тондун торкосу кызык,
козунун сорпосу кызык, чайдын кызылы кызык,
суусундун тунугу кызык, төрдүн төбөсү кызык,
аялдын сулуусу кызык.
* Аттын көркү жал менен, сулуунун көркү кал менен.
* Аттын көркү – жалында, кыздын көркү – калында.
* Аттын сыры ээсине маалым,
кыздын сыры төркүнгө маалым.
* Атты тайында такшалт, кунанында куурат,
быштысында бышыр, асыйында асыра.
* Атты такалагыча жолду бакала.
* Атты такаласа, эшек бутун көтөрөт.
* Ат уяты – сатуу, кыз уяты – тартуу.
* Ат чабышта ат өлөт, эр сайышта эр өлөт.
* Аты Арстанбек болсо да сапалак иттен коркот.
* Аты жакшы азамат качса кутулат, кууса жетет.
* Аты жоктун буту жок.
* Атым теппейт дебе, итим каппайт дебе.

* Атына жараша заты.
* Атына жараша ээри.
* Атына кызыкпа, затына кызык.
* Атын атаса куту сүйүнөт.
* Атын аяган жер карайт, кушун аяган көк карайт.
* Атын билгенче затын бил.
* Атын сыйлабасаң да, жашын сыйла.
* Атың арык болсо – бир чап, отунуң аз болсо – бир жак.
* Атың барда желип жүрүп жер (же жол) тааны,
  атаң барда берип жүрүп эл (же дос) тааны.
* Атың барда жер (жол) тааны,
  атаң барда эл (дос) тааны.
* Атың жакшы болсо – жолдун ыраагы,
  уулуң жакшы болсо – көңүл чырагы.
* Атың жакшы болсо, камчынын кереги не.
* Атың жаман болсо айлаң кетет,
  алганың жаман болсо тууганың кетет.
* Атың өтүмдүү болсо – өмүрүң татымдуу болот.
* Атың чыкпаса, жата калып ат үркүт.
* Атың чыкпаса жер өрттө.
* Атып жазган жаман, айтып качкан жаман.
* Аты улук, супурасы курук.
* Ат чапкан киши – талапкер,
  аш берген киши – күнөөкөр.
* Ат – чыгышынан, адам – жүрүшүнөн билинет.
* Ат – эрдин канаты.
* Ат эриндүү келет, эр мурундуу келет.
* Ат ээси жылкычы.
* Ачарчылык – көчөгө чыгарат,
  калпычылык – үйгө камайт.
* Ачарчылыкта туулган баланын эки көзү ашта.
* Ачарчылыкты көп көргөн, өзү тойбой «ме» дебес,
  жетимчиликти көп көргөн, үч чакыртпай «ии» дебес.
* Ач атым – бар атым, ток атым – жок атым.
* Ач байыса ачка уктайт.

* Ач бала ток баладай ойнобойт,
  ток бала ач болом деп ойлобойт.
* Ач бала ток бала менен ойнобойт,
  ток бала эртеңкисин (ач болом деп) ойлобойт.
* Ач болсоң азыгыңмын, ток болсоң казыгыңмын.
* Ач болсоң алда де, ток болсоң тобо де.
* Ач болсоң да ашык этин жебе,
  ток болсоң да томук этин жерибе.
* Ач итке тамак берсең, ток ит да кыңшылайт.
* Ач иттин артын сук ит жалайт.
* Ачка болсоң жашоонун эмне экенин ошондо билесиң.
* Ачкадан өлгөн наабайдын койнунан
  алты нан чыгыптыр.
* Ач кадырын билбесең, аччылык берет жазаңды.
* Ач кадырын ток билбейт, жок кадырын бар билбейт.
* Ач кадырын ток билбейт,
  оору кадырын соо билбейт.
* Ачка жүргөнчө айранга талкан чалып
  (кээде нан сындырып) жеген жакшы.
* Ач кайгысын ток билбейт,
  жок кадырын бар билбейт.
* Ач калардыкы – кеч калар.
* Ач калганда ток болууну унутпа,
  ток болгондо ач калууну эсте.
* Ачка киши айылдайт, ток киши уктайт.
* Ачка киши аш ылгабайт.
* Ачка кишиге таң атпайт.
* Ачка кишинин ачуусу жаман.
* Ачка киши урушчаак, арык киши тырышчаак.
* Ачкалык аш тандабайт, ашыктык жаш тандабайт.
* Ачкалыкка өзүң чыдасың да, курсагың чыдабайт.
* Ачкалыкта алтындан бир жутум жарма артык.
* Ачка менен токтун ортосу жарты нан.
* Ачкан карын тоюнат, ачылган этек жабылат.
* Ачканы аш менен коркутпа.
* Ачканын аңы жүрбөйт.

* Ачканын оюнан тамак кетпейт.
* Ачканыңды тойгондо унутпа.
* Ачкаңда жеген куйрукту, тойгонуңда унутпа.
* Ач карышкыр ийинге жатпайт.
* Ач карышкыр ток күсөйт, ток карышкыр кан күсөйт.
* Ачкачылык көчөгө чыгарат,
  калпычылык үйгө камайт.
* Ачкачылык эмнеге түртпөйт.
* Ач кекирет, ток семирет.
* Ач киши аш үчүн айлык жол басат.
* Ач киши урушчаак, арык кой тырышчаак.
* Ач койнунда нан болбойт.
* Ачкөз адам тойбос, соргок сорготугун койбос.
* Ачкөз бай, өлгөн аттын такасын издейт.
* Ачкөз байыса, ачка уктайт.
* Ачкөзгө бардыгы аз көрүнөт.
* Ачкөзгө дүйнөнүн ашы жетпес.
* Ачкөздөн айран сурасаң, акчаң барбы дейт.
* Ачкөздөн карыз сураба, сукка карыз бербе.
* Ачкөздү алтын менен көмө берсең,
  ажалына көнө берет.
* Ачкөздү койгузам десең да, тойгузам дебе.
* Ачкөздүктүн азабы аркыга жулунтуп,
  алдындагы өз ашын төктүрөт.
* Ачкөздүн айдаганы өнбөс, байлаганы семирбес.
* Ачкөздүн өзү тойсо да, көзү тойбойт.
* Ачкөз кусканын билип, жутканын билбейт.
* Ач кулагым, тынч кулагым.
* Ач кулактан тынч кулак (жакшы).
* Ач мал – бар мал, ток мал – жок мал.
* Ач не жебес, ток не дебес.
* Ач өлтүрбө, ток өлтүр, кыш өлтүрбө жаз өлтүр.
* Ачта жеген куйканы токто унутпа,
  токто жеген куйканы түк да унутпа.
* Ачта кеңеш табылбайт, жокто кеңеш табылат.
* Ач, ток өнөктөш.

* Ач тооктун түшүнө актаган таруу кирет.
* Ач тоюнат, арык семирет.
* Ач тоюнат, сук тойбойт.
* Ачтын көзү нанда, токтун көзү тондо.
* Ачтын күчү – тамагында, жөөнүн күчү – таманында.
* Ачтын оюн ток билбейт, жоктун оюн бай билбейт.
* Ачтын тогу, арыктын семизи бар.
* Ачтын тогу бар, сологойдун оңу бар.
* Ачтын тогу болот, бардын жогу болот.
* Ачтын тогу болот, караңгыдан кийин жарык болот.
* Ачуу адамды не дедирбейт, ачкалык не жедирбейт.
* Ачуу – акылдын душманы,
напси – ыймандын душманы.
* Ачуу – акылсыздыктын башталган жери.
* Ачуу болсо да туз жакшы, аксак болсо да кыз жакшы.
* Ачуу болуп мурчтан өтпөйт,
таттуу болуп балдан өтпөйт.
* Ачуу – бычактын мизи, акыл – бычактын сабы.
* Ачууга алдырган жеңилдиктин белгиси.
* Ачуудан адамга пайда жок.
* Ачууда сабырдуулук керек.
* Ачуу да тил, таттуу да тил.
* Ачуу душман, акыл дос, акылыңа акыл кош.
* Ачуу келсе, акыл кетет.
* Ачуулана сөз сурасаң, таттуу жооп кайтарбас.
* Ачуулуу (кээде ачылуу) башта акыл жок.
* Ачуулуунун алдынан чыкпа (алдына турба).
* Ачуулуунун баары кас эмес, күлгөндүн баары дос эмес.
* Ачуулуунун жанына жолобо.
* Ачуулуунун сөзү ачуу.
* Ачуу менен таттууну таткан билет,
алыс менен жакынды баскан билет.
* Ачууну акыл жеңет.
* Ачууну ачуу баспайбы, алып келчи насвайды.
* Ачуунун даамы ачуу.

* Ачуунун даамын татпаган таттуунун
  даамын биле албайт.
* Ачуунун да таттуусу бар, таттуунун да ачуусу бар.
* Ачууну таттуу кылган – туз,
  алысты жуук (жакын) кылган – кыз.
* Ачуу сөзүнө адам өзү кул.
* Ачуусу келген чакчыгай айга чапчыптыр.
* Ачуусу келген чакчыгай өгүздүн
  жон терисин айра чокуптур.
* Ачуу суроо берип, таттуу жооп күтпө.
* Ачуусу чукул айыпка жыгылат.
* Ачуу тил баш жарат.
* Ачуу тил (сөз) – жыландын заары,
  таттуу тил – жүрөккө дары.
* Ачуу тил таттуу турмушту бузат.
* Ачуу чындыктан сөз бузулбайт.
* Ачуу – шайтан, акыл – дос, акылыңа акыл кош.
* Ачык айткан айып эмес.
* Ачыкканга казан астырба, үшүгөнгө от жактырба.
* Ачыккандан кыныккан жаман.
* Ачыккан ит – таяктан качпайт.
* Ачык ооздун душманы көп.
* Ачыксаң алданы айт, тойсоң топук кыл.
* Ачык сөздүн даамы ачуу болот.
* Ачыла элек сандыкта, бычыла элек кундуз бар.
* Ачылгандын айыбы жок – өзү билип жапкан соң,
  адашкандын айыбы жок – кайтып үйрүн тапкан соң.
* Ачылган кабак жакшылык табат,
  бүркөлгөн кабак бир балээге калат.
* Ачынганга (ачykkанга) мал керек (көрсөт),
  адашканга жол керек (көрсөт).
* Ачынган – тилдүү, ачыккан – ууру болот.
* Ашаарын ашаган, жашаарын жашаган.
* Аша байлык жоону көбөйтөт.
* Аш – адамга кубат, ат – адамга канат.
* Аш аз болсо, ээсин сыйлайт.

* Аш акылы жокту алып урат,
  көөдөнү жокту көтөрүп урат.
* Ашаткысы жеткенде, алды мындай катарбы.
* Аш – аттуунуку, той – тондуунуку.
* Аш бергенге муш берген – акылсыздык,
  муш бергенге аш берген – намыссыздык.
* Аш бергенге муш берген, муш бергенге аш берген.
* Аш бергенге муш бериптир.
* Аш берген киши айыптуу.
* Аш болсо казан табылат, жан болсо жабуу табылат.
* Аш болсо, табак табылат.
* Аш бышкан казанда таш бышпайт.
* Аш бышырган даамын билет.
* Аш десе ала-жула (ала-була),
  иш десе чала-була (ийри-муйру).
* Аш жебесем таш жейин, этегиң жапчы кудагый!
* Аш ичкен – алам саат.
* Аш ичкен оозго жарашат.
* Аш ичсең – акылың менен,
  тон кийсең – сактыгың менен.
* Ашка алымсынбаган жарды эмес,
  көпкө көзү тойбогон жарды.
* Ашкабакты бирөө дарбыз деп жептир.
* Ашка барсаң ачып бар, тойго барсаң тоюп бар.
* Ашка жүк, башка жүк.
* Аш кадырын ачыккан билет,
  жок кадырын тарыккан билет.
* Аш кадырын билбеген үй ээсин уялтат.
* Ашказандын кебин кылып,
  Ата Журттун даңкын чыгара албайсың.
* Ашканада аял көп болсо, аш бышпайт.
* Ашка тоймок бар, башка (жашка) тоймок жок.
* Аш катыгы ак болот, эл катыгы бек болот.
* Ашкере куудан адам качаар.
* Ашкере сынчы бузат, ашкере жеген кусат.
* Аш койгонго аш кой, таш койгонго таш кой.

* Аш көп болсо каада көп.
* Аш көп болсо кедей ток.
* Аш көп болсо, көңүл ток, аш жок болсо, көңүл жок.
* Аш кылалбаган аял айыл кыдырууга даяр.
* Аш кылам деп таш кылат.
* Аш менен – ээси, баш менен – мээси (мактанат).
* Ашпоз ачтан өлбөйт.
* Ашпоз аш жытына семирет.
* Аш сунгандын баары дос эмес,
  таш ургандын баары кас эмес.
* Аштан ала калтырганча, аттан жөө калтыр.
* Аштан качкан акмак ачтан өлөт.
* Аш турган жерде оору (дарт) турбайт.
* Аштык айда жазында,
  айдабасаң жазында ачка өлөсүң кышында.
* Аштык бер, аштык берсең баштык бер,
  баштык берсең артып бер, артып берсең тартып бер.
* Аштык жеген арыбайт, ак ичкен адам карыбайт.
* Аштык көп болуп эки жыл ичпейт,
  төө көп болуп конокко сойбойт.
* Ашты кордосоң кустурат, эрди кордосоң шаштырат.
* Аштык сепмек – кол чапмак, орок ормок – ойномок,
  тегирмен тартмак – от жакмак.
* Аштык тапсаң баштык жок,
  баштык тапсаң аштык жок.
* Аштыктын алдына орок тийсе,
  аркасына келбей койбойт.
* Аштын даамы – тузунда, адамдын даамы – тилинде.
* Аштын таттуусун таткан билет,
  жолдун алысын баскан билет.
* Аштын тузун таткан билет.
* Ашты таттуу кылган туз, алысты жакын кылган кыз.
* Аш улуудан, оюн кичүүдөн.
* Ашуудан ат алмаштырбайт.
* Ашуудан көрбөй, торпудан көрдүм.
* Ашуусу болбой тоо болбойт, аркары болбой зоо болбойт.
* Ашы бардын карды ток.

* Ашыгып айтсаң да, ашыра айтпа.
* Ашыгып жооп берген – аз ойлойт.
* Ашы жок үйдү ит да сүйбөйт.
* Ашык болгон адам акын болот.
* Ашык дүйнө (акыл, дөөлөт) баш жарбайт.
* Ашык жегендин кепини күйөт,
теӊ жегенди теӊири сүйөт.
* Ашыккан – азат (адашат), тойбогон – тозот.
* Ашыккан алыс узабайт.
* Ашыккан ашка бышкан.
* Ашыккан ашка жеткенче, ашы текке кетет.
* Ашыккан аштан куру калат.
* Ашыкканга лаппай табылбайт.
* Ашыккандык – шайтандык.
* Ашыккан (сабырсыз) калар уятка,
саргайган жетер муратка.
* Ашыккан кыз эрге жетпейт,
эрге жетсе да этек-жеӊи жерге жетпейт.
* Ашыккан ууру ачка өлөт.
* Ашык ойногон азар, топ ойногон тозор.
* Ашы кордун өзү кор.
* Ашыкпаган адам араба менен коён уулаптыр.
* Ашыкпаган араба менен коёнго жетет.
* Ашыкпаган тез жетет, ашыккан адашып кетет.
* Ашыкпай ойлоп, тез бүтүр.
* Ашык сөз өкүнүчкө алып келет.
* Ашыктык жаш тандабайт,
ачкачылык – аш тандабайт.
* Ашыктык кудурети ааламдын күчү менен теӊ.
* Ашыктык өлүмдөн күчтүү.
* Ашыктыкка алдастап,
жетим көпөлөкчө өрттөнүп өлүүгө болбойт.
* Ашым калса калсын, ишим калбасын.
* Ашына жараша табагы, ишине жараша тамагы.
* Ашынан табагы кымбат.
* Ашыӊ болбосо да, кашыӊ болсун.
* Ашыӊ болсо, казан табылат.

* Ашыңды бербесең бербе, ташың менен урба.
* Ашыңды ичейин, арыңа (кадырыңа) чычайын.
* Ашың жогуна кайгырба, ишиң жогуна кайгыр.
* Ашың жок болсо да, кашың жокпу?
* Ашып барып нары өлбөй, же аша электе бери өлбөй, бейпай болуп белде өлдүң, бей сарамжал жерде өлдүң.
* Ашыркынын аты чыкканча, короолоштун кою озсун.
* Аш – ээси менен, баш – мээси менен.
* Аюу амандыкты тилейт, акмак жамандыкты тилейт.
* Аюу аманын тилейт, жакшы жаманын тилейт.
* Аюга карышкыр ажайып көрүнөт.
* Аюуга намаз үйрөткөн таяк.
* Аюудан – аюу, бөрүдөн – бөрү.
* Аюудан качсаң – дөңгөккө,
дөңгөктөн качсаң- сөңгөккө.
* Аюудан корккон токойго (отунга) барбайт.
* Аюу менен алышкан, арстан менен кармашат.
* Аюунун жанында жолборс,
жылмакай жигит турбайбы.
* Аюунун чучугун жеген жатпайт.
* Аяган көзгө чөп түшөт.
* Аягы жаман төрдү булгайт,
оозу жаман элди булгайт.
* Аягы жебей башы жейт,
аркандап койсо жакшы жейт,
туягы жебей башы жейт, тушап койсо жакшы жейт.
* Аягы кысканын, арышы кыска.
* Аягы суюк кайын эне келинин тыят
(кээде дайыма келининен шек санайт).
* Аяздуу жылы алма көп, жаандуу жылы көлмө көп.
* Аяк желдүү болсо – ташка тиет,
ооз желдүү болсо – башка тиет.
* Аяк (бут) жүгүрүүчү ашка, ооз (тил) жүгүрүүчү башка.
* Аяктууга жол бербеген, ооздууга сөз бербейт.
* Аяктуу сөзгө аргасыз жооп кайтарат.
* Аял – акылыңдын жарчысы, өмүрүңдүн ачкычы.
* Аял башкарган үйдү шайтан башкарат.

* Аял болбосо, ашкана жетимсирейт.
* Аялга – мактоо, аргымакка – таптоо.
* Аялга ырыңды арна, бирок сырыңды ачпа.
* Аялдар базарда, эркектер казанда.
* Аялдуу үй – айдың көлдөй,
аялсыз үй – кумдуу чөлдөй.
* Аялды ашынан тааны, баланы башынан тааны.
* Аялды карайлап алба, абайлап ал.
* Аялдын азабы көп, түйшүгү түмөн.
* Аялдын акылын жесиринде көр,
баланын акылын жетиминде көр.
* Аялдын анткору улуу болбой кичүү болот,
апа болбой жеңе болот.
* Аялдын бешенесинин чырагы – күйөө.
* Аялдын жакшы-жаманы конок келгенде билинет.
* Аялдын жаманы атыңды булгайт,
эрдин жаманы – элди булгайт.
* Аялдын жаманы да алты кырдуу, он эки сырдуу.
* Аялдын күчү – жети өгүздүн күчү.
* Аялдын сулуулугу – ажарында,
эркектин сулуулугу – акылында.
* Аялдын эң башкы озуйпасы – эне болуу.
* Аял жакшысын эри сүйөт, эр жакшысын эли сүйөт.
* Аял жакшысы – ырысы мол,
аял жаманы – кайгысы зор.
* Аял жакшы – эр жакшы, увазир жакшы – кан жакшы.
* Аял жерден чыккан жок, ал эркектен жаралган,
эркек көктөн түшкөн жок – ал аялдан таралган.
* Аял жок жерде эр көрксүз.
* Аялзаты – адамзаттын энеси.
* Аялзаты айтып бүткүс дастан.
* Аял ит жандуу.
* Аял кесирдүү болсо эрине тиет,
эркек кесирдүү болсо элине тиет.
* Аял кор болгон, барктал баган жерде,
эч нерсе барктал байт.
* Аял кутурса эркектин асыл башы кор болот.
* Аял менен айтышкан эрдин аброю кетет.

* Аял намыс үчүн кара киет.
* Аял сергегинен жумуш бүтөт,
эр сергегинен ырыс күтөт.
* Аялсыз ак ордо караңгы да,
ак шейшептүү калың жууркан – суук.
* Аялсыз үйдөн бороон чыгат.
* Аялсыз үйдүн оту күйбөйт, тамактын ширеси,
төшөктүн жылуусу болбойт.
* Аялсыз үй суусуз тегирмен менен тең.
* Аялсыз эркек – канатсыз куш,
эркексиз аял – тамырсыз дарак.
* Аял – турмуш туткасы, коомдун күзгүсү.
* Аял турмушу – заман күзгүсү.
* Аял – үйдүн куту, эр – үйдүн сырттаны.
* Аял – үйдүн туткасы, эркек элдин туткасы.
* Аял – үйдүн чырагы.
* Аялы аңдыгандын эри каңгыгыч.
* Аялы жаман ажырашып тынат,
коңшусу жаман көчүп тынат, малы жаман
сатып тынат, дарты жаман «жатып» тынат.
* Аялынын жаман-жакшысы, эринин
кийинишинен байкалат.
* Аялың ажаан болсо, алыстайсың.
* Аялыңды атым дебе камчы салып,
балаңды өзүм дебе эрке багып.
* Аялыңды жек көрүп, жамандыкты ырбатпа.
* Аялың мыкты болсо – бактың,
аялың кыйды болсо – каттың.
* Аялың урушчаак болсо,
элиңдин тынчтыгынан не пайда.
* Аял – эрдин жарым өмүрү.
* Аял эрдин учса – канаты, консо – куйругу.
* Аянбай иштеген, таянбай күн көрөт.
* Аярлап сүйлөгөн кишинин амалы көп.
* Аяшар тууган болбосо, акырын сүйлөп жатка жак.
* Аяш жолу бир башка, адаш жолу бир башка.

## Б, В

* Баанасы жок сайдан кеч, кайрымы жок байдан кеч.
* Баардыгын билген акылдуу эмес,
  билгенин иш жүзүндө көрсөтө алган акылдуу.
* Баардык жигит кыз тандайт,
  бактылуу жигит уз тандайт.
* Баардык нерсенин өз жолу бар.
* Баардык тарбия эне сүтү менен келет.
* Баарына бир назир.
* Баарына мезгил баа берет.
* Баарынан качып кутулат,
  өлүмдөн качып кутула албайт.
* Баарынан нан улук.
* Баарынан өкүнүч жаман.
* Баарын сыйлабасаң да, карыны сыйла.
* Баарынан эркиндик кымбат.
* Баары тең эле атанын баласы, бирок баары тең эле
  ата баласы боло албайт.
* Баары шумдук баладан башталат.
* Баары эле пайда дейт, зыянды кандай шордуу көрөт?
* Баасына жараша барк, насилине жараша нарк.
* Баатыр баатырды көзүнөн тааныйт,
  чечен чеченди сөзүнөн тааныйт.
* Баатыр баатыр эмес, мал баккан баатыр.
* Баатыр – бир октук, бай – бир жуттук.
* Баатыр – бир өлөт, коркок – миң өлөт.
* Баатыр болмок – маңдайдан,
  чечен болмок – таңдайдан.
* Баатыр болсоң – душмандан качпа.
* Баатыр болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн.
* Баатыр болсоң – шер бол, коркок болсоң – жер бол.
* Баатыр болуп бай болсоң – бүрдөп турган терексиң,
  Баатыр болуп жок болсоң – үрүп чыккан серексиң.
* Баатырга да жан керек, бакырга да жан керек.
* Баатырга таяк да жарак.

* Баатырга тийген жары эрте тул болот.
* Баатырдан жоо кетет, чеченден доо кетет.
* Баатырды жоодо сынайт, күлүктү жолдо сынайт.
* Баатырды жоону жеңгенден кийин макта,
  тамакты бойго сиңгенден кийин макта.
* Баатырдык билекте эмес, жүрөктө.
* Баатырдыкка дабаа жок.
* Баатырды көрсөң кыдыр тут,
  букара көрсөң кадыр тут.
* Баатырды намыс жаратат.
* Баатырдын атын (даңкын) алыстан ук,
  жанына келсең бир киши.
* Баатырдын баш ийгени – өлгөнү.
* Баатырдын жоодон өлгөнү – элине шыпаа.
* Баатырдын көркү – маңдайда,
  чечендин көркү – таңдайда.
* Баатырдын көркү эрдикте.
* Баатырдын маңдайы жарылат,
  чечендин таңдайы жарылат.
* Баатырдын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.
* Баатырдын өмүрү кыска, даңкы узун.
* Баатырдын сөзү эки болбойт.
* Баатыр жарасыз болбос (же болбойт).
* Баатыр жол баштайт тар жерде,
  чечен сөз баштайт ар жерде.
* Баатыр жоо барында сыйлуу, бий доо барында сыйлуу.
* Баатыр жоодо мактанат, коркок үйдө мактанат.
* Баатыр жоодо таанылат, чечен доодо таанылат.
* Баатыр кол баштайт, чечен сөз баштайт.
* Баатырлар маңдайлашса билинет,
  чечендер таңдайлашса билинет.
* Баатыр – маңдайлаш, чечен – таңдайлаш.
* Баатыр намыс үчүн туулуп, намыс үчүн өлөт.
* Баатыр – орток, кут – жалгыз.
* Баатыр өлөр жерине күлүп барат.
* Баатыр өлсө аты калат, коркок өлсө неси калат.

* Баатыр өлсө да куралын таштабайт.
* Баатыр өлүмдү билбейт, коркок өмүрдү билбейт.
* Баатыр – согушта, акыл – ачуу келгенде,
  дос – зарылдыкта сыналат.
* Баатырсынган жигитти жоо келгенде көрөрбүз.
* Баатыр табат, батман жейт (ичет).
* Баатыр туулса – эл ырысы,
  жамгыр жааса – жер ырысы.
* Баатыр чөлдө өлбөйт, балык көлдө өлбөйт.
* Баатыр чын айтат, коркок калп айтат.
* Баатыр элден өсөт, акмак элден безет.
* Баатыр элден чыгат, байлык жерден чыгат.
* Баатыр элин сагынат, каз көлүн сагынат.
* Баба өмүрүн билген киши караңгыда шам сыяктуу.
* Баба сөзүн улаган кишинин орду төрдө болор.
* Бабасы эккенди, баласы орот.
* Багбан болсо бак чыгаар, бактын гүлү ачылаар.
* Багы ачыктын маңдайы жарык.
* Багы ачылаарды бакыт баарлайт.
* Багы бар, багы барга дагы бар, багы жок,
  багы жокко дагы жок.
* Багы бардын ташы да өйдө кулайт.
* Багы бардын шагы бар.
* Багы башынан качкандан адам да качат.
* Багы жок жокко конот, барга конбойт.
* Багылган мал семиздейт, жыл сайын өсүп эгиздейт.
* Багыңды байгеде сына.
* Багыштын богун жеген ит кутурат.
* Багыштын кызы баймалуу (кийиз өтүктүү),
  багелеги саймалуу.
* Бадал – арсыз өсүмдүк.
* Бадалдуу жерде сайгак көп, балалуу үйдө айгак көп.
* Бадачы сайгактан коркот.
* Бадыша кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес.
* Бажа бажаны көргөндө башы кычышат,
  балдыз жездени көргөндө төшү кычышат.

* Базар – бай, барган – кедей.
* Базар барга – таттуу, жокко – ачуу.
* Базарга баарын саткан, жанын да сатат.
* Базарга бар, бактыңан көр.
* Базарга барса Сарыбай, жатып келет жарым ай.
* Базарда баары бар, издегенди таба албайсың.
* Базарда миң киши бар,
  ар ким өз сүйгөн адамына салам берет.
* Базарда миң киши, көңүлдө бир киши.
* Базардын алысы жок – сатаары болсо,
  бадышанын калысы жок – таажысы болсо.
* Базардын көркү бакал, эр көркү сакал.
* Базар ичи байыбайт.
* Базарлуу жоо менен байкуш уул кармашат.
* Базары жакын байыбайт, соодагер
  жакыны жарыбайт, мазар жакыны тынбайт.
* Базары жакын байыбайт, калп айткан киши
  жарыбайт (кээде баласы жаман жарыбайт).
* Бай баарын киет, жок барын киет.
* Бай, байбиче куймакта, кул менен күң көмөчтө.
* Бай байга куят, сай сайга куят.
* Бай-байлашып ыйлоого бай Тейиттей эл керек.
* Бай байлыгын, кул чарыгын салат.
* Бай баласы кубанаар койдон тууган эгизге,
  арамзалар көз салаар – жылкыдагы семизге.
* Бай баласы сүйлөсө төө, тайлакты кеп кылат,
  чачтарачтын баласы устара, кайрак кеп салат.
* Бай – балпаң, кедей – жалтаң.
* Бай барман менен, жок дарман менен.
* Бай барынча, жок алынча.
* Бай билгенди кул билет, айтайын десе эрки жок.
* Байбиченин амалы кырк эшекке жүк.
* Байбиченин бардыгы – төөдөй кара сандыгы.
* Бай болбогон бай болсо, корубаган жер калбайт.
* Бай болбогон бай болсо, оттоорго чөп койбойт,
  бий болбогон бий болсо, сүйлөөргө сөз койбойт.

* Бай болбоочу (же бай болбос) жигитке өлөөгөн (өлөсөл) мал жолугат, куу баш болчу жигитке, туубас катын жолугат.
* Бай болгон адам ток болот,
мас болгон адам шок болот.
* Бай болом деп шашылганың –
кедейликке ашыкканың.
* Бай болсоң магдыраба, кедей болсоң мөгдүрөбө.
* Бай болуп балтасы жок, жарды болуп калтасы жок.
* Бай болуп көргөнүм жок, жакыр болуп өлгөнүм жок.
* Бай боорун таанытбас, соода жокко карабас.
* Байга бар дүйнө, жокко тар дүйнө.
* Байга жагынам деп, жарды жалгыз эчкисин союптур.
* Байга жанашсаң башың торго чалынат,
бекке жанашсаң белчеңден азапка батасың.
* Байга кийиз мүлк эмес.
* Байга күндө майрам, күндө той,
кедейге күндө кайгы, күндө ой.
* Байгамбар барына азыр (ыраазы), жогуна кайыл.
* Байгамбар кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес.
* Байге аты каралдаш (же караандаш).
* Байге бербес күлүктүн жүрүшүнөн байкалат,
ашык болгон жигиттин күлүшүнөн байкалат.
* Байда жардынын көз акысы бар,
бийде букаранын өз акысы бар.
* Байдан май чыкса, кедейден туз чыгат.
* Байдан чай ичкенче, жардыдан суу ич,
бийден эт жегиче жардыдан талкан же.
* Байдан чай ичкенче, жоктон суу ич.
* Байдан эт жегиче, байкуштан чай ич.
* Бай даңкы менен, кедей күчү менен жашайт.
* Байдасыз билим – жаансыз булут.
* Байды байыткан кулу.
* Байды балакет басса, жортуул баштайт,
бэзни балакет басса, кулун таштайт.

* Байды кудай ураарда – байталын сатып ат кылат,
  жакшыны кудай ураарда – жакынын сатып
  жат кылат.
* Байды кудай ураарда конок келсе жашынат,
  атты кудай ураарда аягынан басынат.
* Байды кудай ураарда дөөлөтүнө мас болот.
* Байды кул десе күлкүсү келет,
  кулду кул десе өлгүсү келет.
* Байдыкы барымта, кедейдики сыйрымта.
* Байды мактаба, кедейди жектебе.
* Байды мээнет чырмаса, ашканага жашынат.
* Байдын ашын байкуш аяйт (кызганат).
* Байдын байлыгы кедейдин көз жашынан жаралат.
* Байдын байлыгын чачам, жоктун жонун ачам.
* Байдын башы кычышат, кедейдин курсагы ачышат.
* Байдын баянасы жугат, жоктун жоорутмасы жугат.
* Байдын жегени уча менен куймулчак, кедейдики өпкө
  менен кекиртек, шыйрак менен шыйбылчак.
* Байдын казаны тегин жерден кайнабайт,
  дасторкону тегин жерден жайнабайт.
* Байдын карманаары – малы,
  кедейдин карманаары – жаны.
* Байдын катыны өлсө – төшөгү жаңырат,
  кедейдин катыны өлсө – башы каңгырайт.
* Байдын койнунда титиреп жаткыча,
  кулдун койнунда кутуруп жат.
* Байдын көп малы көзгө көрүнбөй,
  кембагалдын жалгыз эчкиси көрүнөт.
* Байдын кулу болгончо, байкуштун уулу бол.
* Байдын кулу – коломтонун күлү.
* Байдын малы кадырлуу,
  жардынын жаны кадырлуу.
* Байдын малын аяба, кете берсин талаага.
* Байдын малын аяба, суктун чайын аяба.
* Байдын нээти кара, колу ак,
  кедейдин колу кара, нээти ак.

* Байдын санаасы – байлык,
жоктун санаасы – айлык.
* Байдын тамыры көп, бийдин кулагы көп.
* Байды тууп алат, байбичени сатып алат.
* Байдын түбү – уурулук.
* Байдын уулу айраның, айраның болбосо,
чыгараар элем ойронуң.
* Байдын уулу калаада, байкуштун уулу талаада.
* Байдын уулу сүйлөсүн, мурду бучук болсо да.
* Байды чоң сүйлөткөн короодогу койлору.
* Байды ээрчиген жарды өлөт.
* Бай жандаган кедей оңбос,
соодагер жандаган малай оңбос.
* Бай жарды болсо үч жыл байлыгын коё бербейт,
жарды бай болсо, үч жыл жардылыгын коё бербейт.
* Бай жашагың келсе төө карма, шай жашагың келсе
ат карма, жай жашагың келсе кой асырап, уй бак.
* Байкабай сынчы сындабайт.
* Байкабай туруп баспа, билбей туруп шашпа.
* Бай караган марыбайт, жалчы жүргөн жарыбайт.
* Бай кийсе «Куттуу болсун!» дейт, кедей кийсе
«Кайдан алдың?» дейт.
* Бай көргөндү мен көрөм, тартайын десем күчүм жок.
* Байкуш эңсейт – байлыкты,
карыя эңсейт – жаштыкты.
* Байлаганды билсең, чечкенди да бил.
* Байлыгың болбосо да, баркың (достугуң) болсун.
* Байлык адамга эркиндик берет.
* Байлык адамды эсиртет,
эсирген адамдын кесири көпкө тиет.
* Байлык – байлык эмес, бирдик – байлык.
* Байлык бакыт эмес.
* Байлык бирөөнүн маңдайына бүтсө,
бирөөнүн таңдайына бүтөт.
* Байлык жерде, күч элде.
* Байлык жерден чыгат, баатыр элден чыгат.

* Байлык – колдун кири.
* Байлык – куушурат, жоктук – бышырат.
* Байлык мактантат, кедейлик сактантат.
* Байлык менен бийлик колдун кириндей:
бирде келет, бирде кетет, жукса турат, жууса кетет.
* Байлык мурат эмес, жоктук уят эмес.
* Байлык мүлктө эмес – талантта.
* Байлык не дегизбейт, жоктук не жегизбейт.
* Байлык өтөт, кедейлик кетет.
* Байлыксыз эл болбойт, байгамбарсыз дин болбойт.
* Байлыктан көрө биримдик артык.
* Байлыктуу – баатыр, байлыксыз – жалтак.
* Байлыкты бөлүп түгөтөт, ооруну өлүм түгөтөт.
* Байлыкты жек көргөн адам эч качан байыбайт.
* Байлыкты жыйнаганча достукту чында.
* Байлыктын атасы – эмгек, энеси – жер.
* Байлыктын баарысы жакшы, барктуусу билим.
* Байлыкты сүйгөнгө уят жок.
* Байлыкты сүйгөн – намысты билбейт.
* Байлыкты ууру түгөтөт,
адамды өлүм менен оору түгөтөт.
* Байлыкты эл жаратат, басынткан жер каратат.
* Байлыкты эмгектен, теңдикти күрөштөн изде.
* Байлыкты эмгек, теңдикти күрөш аныктайт.
* Байлык эмне дедирбейт, жоктук эмне жедирбейт.
* Бай мактанат, баатыр шаттанат.
* Бай мактанса – бир жуттук,
эр мактанса – бир октук.
* Бай мактанса табылат, кедей мактанса чабылат.
* Бай малын айтат, кедей зарын (несин) айтат.
* Бай малын жейт, кедей жанын жейт,
уятсыз арын жейт.
* Бай менен байбиче урушса, кул менен күң куймакта.
* Бай менен жарды (кедей) баш кошпойт.
* Бай менен куда болсоң – чиренет,
жарды менен куда болсоң – тиленет.

* Баймын деп мактанба – жардылык бар,
көпмүн деп мактанба – жалгыздык бар.
* Баймын деп мактанба, жокмун деп суктанба.
* Бай окшутат, жок какшытат.
* Бай өлгөн аттын такасын издеп,
алты ай жер казыптыр.
* Бай салык салса, кедей чарык салат.
* Бай сотко барса – барпаңдайт,
кедей сотко барса – калтаңдайт.
* Бай союуга козу таппай,
жардынын жалгыз козусун сураптыр
* Байталга күнүң түшсө да, байга күнүң түшпөсүн.
* Байтал жүгүрүп (чуркап) байге албайт.
* Байтал күлүк баркта жок, катын чечен наркта жок.
* Байтал минсе – кулун жок,
саамал ичсе – кымыз жок.
* Байталым жаның үчүн жорголоорсуң.
* Бай тойгонунан ынтыгат,
кедей ачкасынан ынтыгат (кээде ыктытат).
* Бай уулунун назары ач, ыймандуу киши андан кач.
* Байыганда досуң көп, жакырдансаң доочу көп.
* Байыдым деп сүйүнбө, ийгилигиңе сүйүн.
* Байы өлгөн кул дардактайт.
* Байыркынын жомогу, баштаса келер оролу.
* Байы чоңдун кулу чоң.
* Бака баштуу эркекке алтын баштуу ургаачы
эби менен тең болот.
* Бакага балыр көл жакшы, балыкка
терең суу жакшы, жигитке өскөн эл жакшы.
* Бака жеп чөлгө кирди, жылан жеп ийинге кирди.
* Баканы алтын такка отургузсаң да,
баткакты көрсө секирип түшөт.
* Баканын басканын көрсөң, желгенин сурап нетесиң.
* Баканын басыгын көрүп, желгенин сураба.
* Баканын өзү чөлдө болсо да, көзү көлдө.
* Бака өзүнүн майрыгын билбей, жыланды ийри дептир.

* Бака сийсе көлгө сеп, жамгыр жааса жерге сеп.
* Бакасыз көл болбойт, катасыз киши болбойт.
* Бакача чардаган, жыланча арбайт.
* Бак-бак эткен текени суу кечкенде көрүп ал.
* Бак башыңа консо, колуңа тынарың конор.
* Бак даарыса кыдыр даарыйт.
* Бак да байга конот.
* Бакка келет бир кезек,
  бакка кезек келгенде башында булбул куш сайрайт.
* Баккан бала таттуу болот.
* Баккан ээси жарашса, күйпүл күчүк сак болот,
  алган эри жарашса, кара катын ак болот.
* Баккан ээсине жараша малы семиз, төлү эгиз.
* Бак карабай кыдыр да даарыбайт.
* Бак коноор адамдын уулу эптүү,
  кызы көрктүү болот.
* Бакпаганды балам дебе, келбегенди өзүм дебе.
* Бакпай – балааңан, жакпай – жалааңан (сакта).
* Бакпаса мал кетет, карабаса катын кетет.
* Бактылуу адам кааласа муз үстүнө от тамат
  (жанаар), бактысы жок кааласа,
  кургак отундан суу тамат (чыгаар).
* Бактылуу аталган байда да арман болот.
* Бактылуу болом десең, башкага көз артпа.
* Бактылуу болуш мүнөздөн, баатыр болуш күрөштөн.
* Бактылууга эки дос келет, бактысызга эки ууру келет.
* Бактылуу менен басташпа, таалайлуу менен талашпа.
* Бактылууну бак карайт да, кыдыр даарыйт.
* Бактылуунуку маңдайга жазылуу.
* Бактылуунун касы өлөт, бактысыздын досу өлөт.
* Бактылуу эмгегинде зор, бактысыз ооруда кор.
* Бактың ашкан убакта, карганы салсаң каз алат,
  бактың качкан убакта, шумкарды салсаң аз алат.
* Бактысы жоктун сөзү эгерим эм болбойт.
* Бактысыздан кут качат.
* Бактысыздык өзүндөн, багынбайт ага түшүнгөн.

* Бактысыз жокко көнөт, барга көнбөйт.
* Бактысыз – таалайынан көрөт.
* Бактысыз таалайына таарынат.
* Бактысы тайганга баатырсынба.
* Бакча баксаң – макта, акча тапсаң – сакта.
* Бакшы багамын дейт, төшүңө тумар тагамын дейт.
* Бакшы жакшы болобу, жакшы бакшы болобу.
* Бакылдаган текени суу кечкенде көрөрбүз, шакылдаган келинди үй чечкенде (тиккенде) көрөрбүз, менменсинген жигитти жоо келгенде көрөрбүз, чеченсинген жигитти доо келгенде көрөрбүз.
* Бакылдын (сараңдын) багы көгөрбөйт, көгөрсө да көбөйбөйт.
* Бакыр алдуу, кой шыйрактуу.
* Бакыр болсоң баркыт (макмал) кий.
* Бакыр болсоң иш жокпу, баатыр болсоң аш жокпу.
* Бакыргандан коркпо, тымызындан корк.
* Бакыргандын баары эле баатыр эмес, балкайгандын баары эле балбан эмес.
* Бакыр киши паанада, сокур киши шоолада.
* Бакырчаак төөнүн бары ийги (же жакшы).
* Бакырчаактын бары жакшы, өкүрчөөктүн өзү жакшы.
* Бакыт ачкычы – эмгекте.
* Бакыт деген сымап, кырсык деген уйгак.
* Бакыт деген тоголок, аны токтотууга эп керек, мээнет деген жалпак, аны көтөрүүгө күч керек.
* Бакыт жерде, эринбей эңкейип ал.
* Бакыт – канаттуу, кырсык – далдактуу.
* Бакыт канатчан, бактысыздык балдакчан.
* Бакыт кетсе намыяны кошо кетет.
* Бакыт кушу конгон – бай болот, дөөлөт кушу конгон – бий болот.
* Бакыт менен кайгы үзөңгүлөш.
* Бакыт оросо, дос торойт.

* Бакыт оросо, душман тарыйт.
* Бакыт сандыкта, ачкычы асманда.
* Бакыт тоголок, мээнет жалпак.
* Бакыт эмгектен жаралат.
* Балаадан машайык качыптыр.
* Бал – аарыдан, мээрим – аялдан.
* Бала адамдын канаты.
* Бала баарынан да таттуу, баарынан да барктуу.
* Бала – баккандыкы.
* Бала бактынын бир шооласы.
* Бала – баладай, башы-көзү чарадай.
* Бала, баланын иши чала.
* Бала бар үйдө калп сүйлөбө.
* Бала белде, катын жолдо.
* Бала – биздики, акылы – өзүнүкү.
* Бала билет, билбесе неге күлөт.
* Бала боор эт менен тең.
* Балага ата сынчы.
* Балага байкап сүйлөсөң акылына коноор,
  байкабай сүйлөсөң өрт ичинде болоор.
* Балага мүнөз эмчек сүтү менен берилет.
* Балага ойлоп айтсаң угат,
  ойлобой айтсаң отко жыгат.
* Баладан да пайгамбарлык сөз чыгат.
* Бала жакшысы – атанын даңкы,
  кыз жакшысы – эненин даңкы.
* Бала жетиге чыкканча жерден таяк жейт.
* Бала жылмайса аалам жылмаят.
* Бала калса – мал табат, катын калса – бай табат.
* Балакет аяк астында.
* Балакет кылбаган балакетке жолукпайт.
* Бала көргөнүн жасайт,
  жинди оюна келгенин жасайт.
* Бала көргөнүн кылат, көсөө түрткөнүн кылат.
* Балалуу болбогон – кубанганды көрбөгөн (билбеген),
  баласы өлбөгөн – күйүттү көрбөгөн (билбеген).

* Балалуу каргага бок тийбейт (артпайт).
* Балалуунун багы бар, баласыздын жүрөгүндө муңу бар.
* Балалуунун баласын алганча, колунан ишин ал.
* Балалуунун бели тынат, баласыздын бели сынат.
* Балалуу өрдөк көлүнөн кетпейт,
  баласы жакшы элинен кетпейт.
* Балалуу өрдөк талпынса, балалары чуу болот,
  баласыз өрдөк талпынса, жез канаты куу болот.
* Балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар.
* Балалуу үй – бактылуу үй.
* Балалуу үйгө бакыт үйүр.
* Балалуу үй – гүлүстөн, баласыз үй көрүстөн.
* Балалуу үйдө бакыт бар.
* Балалуу үйдө сыр жок, оорулуу үйдө ыр жок.
* Балалуу үй – күлкүнүн куту,
  баласыз үй кубанычтын жуту.
* Балалуу үй – мөмөлүү бак.
* Балалуу үй – падышалуу үй.
* Балалык кишиге эки келет: бири жашында,
  бири карыганда.
* Балалык – падышалык, карылык – катуулук.
* Балам – бактым, балам – базарым.
* Балам, балалуу болгондо билээрсиң.
* «Балам бар» деп мактанба, топто бирөө жок болсо,
  «атам бар» деп мактанба, атаң санда жок болсо.
* Баланы ата күтөт тукумум улансын деп,
  баланы эне күтөт учугум узарсын деп.
* Баланы багыш ырахат, акыл кошуш азап.
* Баланы бак, жоону чап.
* Баланы башынан, келинди жашынан.
* Баланы жакшылыкка жетелеп жанаштыр,
  жамандыктан кубалап адаштыр.
* Баланы жаман көргөн жарыбайт.
* Баланы кебезге ороп бага албайсың.
* Баланы мээнет чырмаса, сарыгарт түшүп таз болот.
* Баланын балакайы да бар, калакайы да бар.

* Баланын бары да балаа, жогу да балаа.
* Баланын билеги ооруса, эненин жүрөгү ооруйт.
* Баланын буламыгын жеп койду деп,
  акмак аялын күнөөлөйт.
* Баланын көөнү ток болсо гана эненин
  көңүлү тынч болот.
* Баланын көркү энеде, күлүктүн көркү кермеде.
* Баланын өзүн төрөйт, кыял-жоругун кошо төрөбөйт.
* Баланын сегизинде тиши түшөт,
  сексенинде элдин иши түшөт.
* Баланын тарбиясы жашынан.
* Баланын тентек болмогу – үйүнөн,
  эрдин тентек болмогу – бийинен.
* Баланын тентек болушу үйдөн, таалим-тарбиядан.
* Баланын тили «апа» деп чыкса да,
  атанын тарбиясын алат.
* Баланын туулганына сүйүнбө, турарына сүйүн.
* Баланын үйү, бапанын алачыгы эмес.
* Баланын ырайына жараша ат кой.
* Баланы тарбиялоо – ташты кемиргенге тете.
* Баланы таяк менен урба, сөз менен ур.
* Баланы таяк менен эмес, акыл менен тарбияла.
* Баланы туулйсуң, кыял-жоругун кошо туубайсың.
* Баланы чыйрак өстүр, жоодо сына.
* Балаңды жакшылыкка жетелеп жанаштыр,
  жамандыктан кубалап адаштыр.
* Балаңды жашынан тарбияла.
* Балаңдын көптүгүнө чиренбе, ыйманына чирен.
* Балаңды элиң мактаса – андан ашкан бакыт жок.
* Балаң жакшы болсо – бактың,
  жаман болсо – каттың.
* Балаң жакшы болсо өргө чыгарат,
  балаң жаман болсо көргө тыгат.
* Балаң жакшы болсо эл башы,
  жаман болсо эл душманы.
* Балаң жакшы чыкса – бакыт-таалай тапканың.

* Балаң мыкты болсо даңкың чыгат.
* Балаң пайдалуу болсо, аштыгың айдалуу.
* Бала оюнга тойбос, жаман уктаганын койбос.
* Бала оюнга тойбос, ушакчы укканын койбос.
* Бала падышадан кудуреттүү.
* Балапандуу казга куш шилтеген мүнүшкөр акмак, балалуу аялга камчы көтөргөн эркек акмак.
* Балапанды күзүндө санайт.
* Бала суу төксө, андан чоң тайып жыгылар.
* Баласы баатырдын атасы ардактуу.
* Баласы жаман марыбайт, катыны жаман жарыбайт.
* Баласы жоктун небереси жок.
* Баласы жоктун – ырысы жок.
* Баласыз бир азап, балалуу – миң азап.
* Баласыз үй – бактысыз.
* Бала тапкандыкы эмес, баккандыкы.
* Бала тарбиясы – бешиктен.
* Бала таттууга өч.
* Бала төрөп, бала тарбиялоо – баа жеткис эмгек.
* Бала чуркаса, чалдын буту зыркырайт.
* Бала ыйламайынча эмчек кайда?.
* Балбан болсоң жердей бол баарын чыдап көтөргөн.
* Балдар бар жерде катташ бар.
* Балдарыбыз – биздин келечегибиз.
* Балдар эмне дедирбейт, ачкалык эмне жедирбейт.
* Балдыздары келгенде, күйөөнүн чери жазылат.
* Балдыз күйөөнүн кулагын чоёт, жылкычы ышкырып коёт.
* Балды сүйсөң, аарынын ачуусуна чыда.
* Бал жегиси келген аюу аарынын чакканына чыдайт.
* Балкачынын миң урганы – барсканчынын бир урганы.
* Балта көтөргөнчө дөңгөч дем (же эс) алат.
* Балталуууга отун жокпу, бармандууга катын жокпу.
* Балтасыз бай болбойт, калтасыз кайырчы болбойт.
* Балтасын сууга түшүргөн орустай болуп.

* Бал таттуу, балдан да бала таттуу.
* Балтыр бит башка чыгат.
* Балтыр бит башка чыкканы жаман.
* Балчы менен төлгөчүдөн өз аялың артык айтат.
* Балык башынан сасыйт (кээде чирийт).
* Балык жеген байыбайт, бейли кеткен беришпейт.
* Балык иримчил, кары ырымчыл, жаман арызчыл.
* Балыкка тил, дөңгөчкө жан киргизгенди сыйкырчы дейт.
* Балык көлдө өлбөйт, баатыр чөлдө өлбөйт.
* Балык менен акындын ойноок мүнөзү окшош.
* Балыктын жаны суу менен, эрдин жаны эл менен.
* Балыктын күнү көл менен, жигиттин күнү эл менен.
* Балыктын өз майы менен өзүн эмде.
* Балыктын өмүрү сууда.
* Балыктын суусуз күнү жок, «күнүм жок» дешке үнү жок.
* Балыктын тирилиги суу менен, эрдин тирилиги эл менен.
* Балыкты сууга салып коркутпа, баканы балчыкка салып коркутпа.
* Балыкчы балыкчыны алыстан тааныйт.
* Балыкчынын аты чөлдөп өлөт.
* Балырлуу жерде бака бар, тулпар атта така бар.
* Балээ кетсе, бакыт келет.
* Баңгиликке барганың, балакетке калганың.
* Бараар жери жоктун, басаар тоосу жок.
* Баракелде көзөлүм, чаап алган өз элин.
* Барбаган жерде жыргал көп, барсаң аны таппайсың.
* Барбаган жери жоктун баспаган жолу жок, кечпеген суусу жоктун ашпаган ашуусу жок.
* Барбаймын десе эрки жок, башына тиет керки-чот.
* Бар балаадан сакта, жок жалаадан сакта.
* Бар – балтаң, жок – калтаң.
* Бар бардар эмес, мамиле бардар.
* Бар – барын айтат, жок – зарын айтат.

* Бар барын жейт, уятсыз арын жейт.
* Бар – барынча, жок – алынча.
* Бар белгиси аш менен, жок белгиси жаш менен.
* Бар болбой малың чачылбайт,
жок болбой жолуң ачылбайт.
* Бар болсо – айымчылык, жок болсо – кайырчылык.
* Бар болсо бакмагы кыйын, жок болсо тапмагы кыйын.
* Бар болсо – көрө албайт, жок болсо – бере албайт.
* Бар болсо мактанба, жок болсо уялба.
* Бар болсо – ташыба, жок болсо – шашпа.
* Бар болсо – чачпа, жок болсо – шашпа.
* Барга – бар, жокко – жок.
* Барга бар дүйнө, кедейге кем дүйнө.
* Барга канаат, жокко сабыр.
* Барга көппө, жокко чөкпө.
* Барга – майрам, жокко – ойрон (сабыр).
* Барга мактанба, жокко кайгырба.
* Барган жериң от болсун, балакети жок болсун.
* Барга тобо, жокко кайыл.
* Барда бардай, жокто бечарадай.
* Бардар киши байлыкка мас, акылга пас,
кедей киши акылга мас, байлыкка кас.
* Бардар менен дос болсоң – каалаганыңды аларсың,
жаман менен дос болсоң – кара өзгөй доого каларсың.
* Бардар менен дос болсоң сураганыңды алаарсың,
жалчы менен дос болсоң, жаман доого калаарсың.
* Бар деп мактанба, жок деп даттанба.
* Барды жок кылган да аял, жокту бар кылган да аял.
* Барды көрө албайт, жокко бере албайт.
* Бардын акыры – ада, алп акыры – кор.
* Бардын баянасы, жоктун жоболоңу.
* Бардын иши барман менен,
жоктун иши арман менен.
* Бардын малын чачам, жоктун уятын ачам.
* Барды сурабайт, жокту тилебейт.
* Бар жаман эмес, жок жаман.

* Бар карындаш багууда болгончо,
  жок карындаш жолдо болсун.
* Бар качаган кутулбас, жок качаган тутулбас.
* Барктаса башка чыгат.
* Баркыңды билбегенге барба.
* Баркыңды билбегенге сыр айтпа.
* Баркыңды билгенди баала, кадырыңды билгенди каала.
* Бармак басты, көз кысты.
* Бармак башка, билек бир, аралык алыс, тилек бир.
* Бармактай алтының болгончо,
  тырмактай акылың болсун.
* Бар мактанса табылар, жок мактанса чабылар.
* Бар не дедирбейт, жок не жедирбейт.
* Бар окшотот, жок какшытат.
* Барса – базар, келсе – кербен.
* «Бар» – таттуу сөз, «жок» – ачуу сөз.
* Барчылык баш айлантат.
* Барчылык жарашып турат, жокчулук талашып турат.
* Бар – шаттантат, жок – какшантат.
* Барымтага алган мал болбойт.
* Барымтадан корккон мал бакпайт,
  чегирткеден корккон эгин экпейт.
* Барына шүгүр, жогуна тобо.
* Барыңа да кубанба, жогуңа да кейибе.
* Баскандан эринген, турмуш кыстаса жүгүрөт.
* Баскандан эринсең жүгүрөрсүң.
* Баскан жолду арбытат.
* Баскан жолуң түз болсо, кылган ишиң уз болот.
* Баскың келбесе, чуркаарсың.
* Басмайылдын батканын ээси билбей ат билет,
  эр жигиттин кадырын агайын билбей жат билет.
* Баспаган атка «чү» деген сөз дем берет.
* Баспаган ат, өтпөгөн бычак эрди тез карытат.
* Бастырган бараар, чапкан калаар.
* Бастырганды билбеген жолду бузат,
  башкарганды билбеген элди бузат.

* Басыгына жараша барк, насилине жараша нарк.
* Басыгын бузган ат аксайт,
алкымын бузган эр аксайт.
* Батаар күндүн атаар таңы бар.
* Баталуу эр арыбас, батасыз эр жарыбас.
* Бата менен эр көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт.
* Батасын алсаң эл-журттун көгөрөсүң-өсөсүң,
башы жоктой иш кылсаң, батпай элден көчөсүң.
* Батмандап кирген оору мыскалдап чыгат.
* Батымы жок көп бактыдан куру калат,
баркы жокко баласы да сурданат.
* Баш айрылса (жарылса) – бөрк ичинде,
кол сынса – жең ичинде.
* Баш – акылдын кабы, көз – жандын айнеги.
* Баш – акыл үчүн, акылман – эл үчүн.
* Баш аман болсо, бөрк табылат.
* Баш аманда мал таттуу, баш ооруса жан таттуу.
* Баш болуу – оңой, баштап кетүү – кыйын.
* Баш иштебесе бутка күч келет (кээде бутка убал).
* Башкага жасаганың да өзүңө пайда.
* Башка жерден көк асманды көргөнчө,
өз жериңден кара булутту көр.
* Башка келген балаага, кулак-мурун садага.
* Башка келгенди көз көрөр.
* Башкалар менен ой бөлүшкөндөн акылың өзгөрбөйт,
кайра толот.
* Баш канжыгада, кан көөкөрдө.
* Башканы коюп Манасты айт.
* Башканын кайгысына кубанба, бактысына кубан.
* Башканы танса да, токочту танбайт.
* Башка өскөндүн боору таш,
ташка өскөндүн туягы катуу.
* Башка түшкөндү көз көрөт.
* Башка түшсө байтал жорго, мата торко болот.
* Башка түшсө, бала да көнөт.
* Башка элге султан болгуча, өз элиндеултан бол.

* Баш кесмек бар, тил кесмек жок.
* Баш көбөйсө – ырыс, кас көбөйсө – уруш.
* Баш көйрөң – тузакчы, орто көйрөң – отунчу, аяк көйрөң – уйчу.
* Баш куйрукту күтпөйт.
* Баш мээси менен, мал ээси менен.
* Баш соо болсо, бөрк табылат.
* Баштаагы болбой мал болбойт, башчысы болбой эл болбойт.
* Баштагынын жашы болсоң, эмкинин карысы болорсуң.
* Башталганга мактанбай, бүткөнгө мактан.
* Баштан ашкан убара.
* Башта уткан байыбайт, кийин уткан жарыбайт.
* Баштоочу болсо, коштоочу табылат.
* Баштуу тойдун ыры көп, башсыз тойдун чыры көп.
* Башты асыраган – эки кол.
* Башты балта бузат, жылкыны маңка бузат.
* Башты башкара билген башкага үлгү.
* Баштык жебейт, баш жейт (Баштык ичпейт, баш ичет).
* Баштыктагы түгөнгүчө, баш аман болсун.
* Баштын көркү – жүз, жүздүн көркү – көз, оoздун көркү – тил, тилдин көркү – сөз.
* Башчы болмок оңой, баштамак кыйын.
* Башчыга калыстык, балаңа бакыт тиле.
* Башчы дурус болбосо – журт бузулат, соода дурус болбосо – нарк бузулат.
* Башчылардын башаты таза болмоюн, элди ыйманга чакыра албайт.
* Башчысы болбой марыбайт, башаламан жарыбайт.
* Башчы экөө болсо акыл – жалгыз.
* Башы – бапан, аягы – сапан (же башы кеткен бапанга, аягы кеткен сапанга).
* Башы барга мал токтойт (же башың барда мал жокпу).
* Башы бөлөктүн ашы бөлөк.
* Башы бүтүн аман жүрөт.

* Башы бүтүн, боору аман адам болбойт.
* Башы жок бака, көзү жок көгөн.
* Башы карга болгондун мурду бок чокуйт.
* Башы катуунун аягы катуу.
* Башымдан өтпөгөнгө баламын.
* Башы мукул, аягы тукул, сайда саны жок, жетесиз кул.
* Башына күч келсе, байтал жорго болот.
* Башына мүшкүл иш түшпөй балчыкка туйгун сулабас.
* Башынан багы качкандан адам да качат.
* Башына тартса аягына жетпейт, аягына тартса башына жетпейт.
* Башын баштайт, аягын таштайт.
* Башын жуубай биттен көрөт, этин катпай иттен көрөт.
* Башыңа бак консо, колуңа тынарың коноор.
* Башыңа иш түшпөй, малың арзан сатылбайт.
* Башыңа иш түшсө, жакын (же жакшы) кейип өтөт, жаман күлүп өтөт.
* Башыңа иш түшсө, төбөң менен кудук казаарсың.
* Башыңа күч келсе, башмалдак (башмандак) атасың.
* Башың аманында малыңды түгөлдө.
* Башыңа тоо түшсө – чымындай көр, чымын консо тоодой көр.
* Башың баш, багалчагың кара таш.
* Башыңдан ак калпагың, ак элечегиң түшпөсүн.
* Башыңды көтөрүп элден сураганча, башыңды ийип жерден сура.
* Башың ооруса бакшы изде, жаның ооруса жакшы изде.
* Башың өткөн жерден өзүң өтөсүң.
* Башыңы ким сыласа машаягың ошо, маңдайында (жанында) ким отурса, сүйгөнүң да (сулууң) ошол.
* Башы оорубагандын кудай менен иши жок.

* Башы ооруган бакшыга барат,
дөөлөтү ашкан жакшыга барат.
* Башы ооруп, балтыры сыздабагандын
эчтеме менен иши жок.
* Башы тоголоктун (томолоктун) бардыгы
адам боло бербейт.
* Баш экөө болбой, мал экөө болбойт.
* Баш эсен болсо, топу табылат.
* Баягы, баягы – Байкожонун таягы.
* Бегиңе жеткенче белиңди сындырам.
* Бедели жок жигиттен (же коркоктон),
белес жорткон жел артык.
* Бедери жок торкодон бек токуган бөз жакшы
(кээде бек токулган бөз өтөт).
* Бездирген да тил, сүйдүргөн да тил.
* Бейжай аял белгисиз ыйлайт.
* Бейишти бөтөн жерден эмес,
киндик каның тамган жерден изде.
* Бейиштин ашын көрмөк бар, ичмек жок.
* Бейкайратка бейиш жок.
* Бейкүнөө кулсоң биреөгө, каласың өзүң күнөөгө.
* Бейли тар адам кең идиштен аш иче албайт.
* Беймаал конок душмандан жаман.
* Беймаал кыйкырган короздун башын жулуш керек
(же кесмей парз).
* Бейтаалай эрдин башына бейжай аял жолугат,
бешимде туруп кеп айтсаң, беш күнгө чейин оолугат.
* Бек байлагын атыңды, жайына коё бербегин
эси жок эсер катыңды.
* Бекем катсаң оңой табасың.
* Бекер алгандын берекеси болбойт.
* Бекерден кепин табылса,
чулганып алып өлүш керек.
* Бекерден теңирим безер.
* Бекердин атасы өлүптүр.
* Бекердин чолосу жок, кылайын десе иши жок.

* Бекердин чолосу жок, устанын тогоосу жок.
* Бекер жерден мышык аптапка чыкпайт.
* Бекер жүргөнчө бекер оку.
* Бекеринен мал тапсаң, берекеси жок болот.
* Бекер ичкен – бей таалай, таап ичкен – чоң таалай.
* Бекер келген түйүнчөк, ичке жиптей үзүлчөөк.
* Бекер кепин табылса, өлмөккө даяр.
* Бекер киши таз болбойт.
* Бекерпоздук – кылмыштуулуктун өзөгү.
* Бекер турганча, бекер иште.
* Бекерчиге көчкөн эрмек.
* Бекерчиден безе кач, ушакчыдан көчө кач.
* Бекерчилик пейлиңди алат.
* Бек зикир чалса, бек эместер бакшы болот.
* Бектер кетет эл калат, бетеге кетет бел калат.
* Бел бекчейсе, көз чекчейет.
* Белден ашмак бар, элден ашмак жок.
* Белден күч кеткенде, колдон иш кетет.
* Белдүү иш бел байлоо менен бүтөт.
* Белек баалуу эмес, сый баалуу.
* Бели оорубаган бекерчиликти жакшы көрөт,
колу жоорубаган кошоматчылыкты жакшы көрөт.
* Бенде болмок бир жылда, ажы болмок кырк жылда.
* Бенденин оозунан чыкса,
бериштенин кулагына аян болот.
* Бербегенди берип уялт, келбегенди барып уялт.
* Бербегенди сурак жеңет.
* Бербеген кудайга чоң дооң барбы.
* Бербесең – алышпайсың, келбесең – алыстайсың.
* Бербес жерде буюм бар, жакпас жерде отун бар.
* Бербеске эртең менен саамал,
берээрге бешимде кымыз.
* Бербес кыздын салыгы оор (же назы көп).
* Бербестин ашы бышпас, бышса да казандан түшпөс.
* Бербестин шылтоосу көп.
* Берген – алат, эккен – орот.

* Берген баатыр эмес, алган баатыр.
* Бергенге беш да көп, алганга алтымыш да аз.
* Бергенге кудайым берет.
* Берген жоомарт эмес, алган жоомарт.
* Бергенин алган (же доолаган) – жамандын иши, ичкенин кускан – чабалдын иши.
* Бергениң – өзүңдүкү, катканың – уурунуку.
* Берген кудайына жагат.
* Берген март эмес, алган март.
* Бер десең – үтүрөйөт, ал десең – жылмаят.
* Берейин деген жалган, колго тийген алган.
* Берейин деген кулуна, белен кылат жолуна, бербейин деген кулуна, сатса чыкпайт пулуна.
* Береке байда эмес – элде, кетмендеп иштелген жерде.
* Береке-байлык – эмгекте.
* Берекенин баары жерде калган эмеспи, жер дүйнөнүн туткасы элде калган эмеспи.
* Берекесин маа берсин, көлөкөсүн саа берсин.
* Береке ургаачынын пейилинде.
* Берекени эмгегиңен тиле.
* Берерге бешөө чыкпаса, аларга алтоо чыгат.
* Берешенден бешиктеги бала да үмүт кылат
* Бери болуп төрдө жок, ары болуп көрдө жок.
* Бери карап күлүп, ары карап ыйлаган жаман.
* Берилбеген белектен жүрөктөн чыккан сөз улуу.
* Берип берен болгуча, бербей сараң бол.
* Берип жаман көрүнгүчө, бербей жаман көрүн.
* Берсе – ал, урса – кач.
* Берсе байды жакшы дейт, бербесе байды жаман дейт.
* Берсе да бай жакшы, бербесе да бай жакшы, жесе да да май жакшы, жебесе да май жакшы.
* Берсең – алаарсың, эксең – ороорсуң.
* Берсең – ичем, урсаң – өлөм (кээде берсең – ичем, урсаң – көтөрөм).
* Берсең – ичпейт, бекитсең – койбойт.

* Берүүчү киши келгенде казаны беш асылаар,
бербөөчү киши келгенде казаны кеч асылаар.
* Берээген колум алааган, майлуу колум жалагам.
* Берээрге бешимде – кымыз,
бербеске шашкеде – саамал.
* Бетеге кетет, бел калат, бектер кетет, эл калат.
* Бетегелүү жер жакшы, пейли түзүк эл жакшы.
* Бетеге өзүн бий ойлойт, караган өзүн кан ойлойт.
* Бети-башы терден арылбагандын,
колу-буту чордон арылбайт.
* Бети бетиме тийген тууганыма баркым жок,
эти этиме тийген катыныма баркым жок.
* Бетим жаман болсо да, ниетим жакшы.
* Бетинен бедер кеткен соң, кымкап да болсо бөзгө тең,
кадырман болсо зайыбың, картайса да кызга тең.
* Бетиңдеги көөнү көрөйүн десең, күзгүгө каран.
* Бетке айтканды адам дегин,
артынан айтканды наадан дегин.
* Бетке айткандын жүзү жарык.
* Бетке айткандын пейили жакшылык.
* Бетке (көзгө) айткан сөздүн заары жок.
* Бетке чабар терс кыял, бөөдө кырсык тарттыраар.
* Беттешүүдө өзүн жоготкон адам жетелеме болот.
* Бечелге жөтөлдүн кереги эмне (же эмне кереги бар).
* Бечелге жөтөл үйүр (же бечелден жөтөл кетпейт).
* Бечелди бекер ойлобо,
мүмкүн арыстандай мыкты чыгаар.
* Бечел турса жер өрттөйт.
* Бечерага тумоонун кереги не.
* Бечеранын бели түзөлбөйт.
* Бешик баласы беш түлөйт.
* Бешиктеги баланын бек болорун ким билет,
карындагы баланын кан болорун ким билет?
* Бешиктеги баланын ким болоорун ким билет?
* Бешимден кийин тийген күндүн жылуулугу болбойт.
* Беш колду оозго салса береке кетет.

* Беш кол оозго батпайт.
* Беш кол тең эмес.
* Беш тогоол болбой (өтпөй) бел чечпейт.
* Беш эчкиси тууса да, бел кырчоодон сарала.
* Биз да катын болорбуз, капка таруу саларбыз.
* Биз да киши болорбуз, атка кишен саларбыз.
* Биздин көчөдө да майрам болор.
* Биздин текенин тилин байлаган нөшөрлөгөн жаан эмеспи.
* Биз тирүүлөй бир дөбөдөбүз, өлгөндө бир көрдөбүз.
* Бий бол, бий боло албасаң, бий түтө турган үй бол.
* Бий болбогон бий болсо – ойлогону көп болот, бай болбогон бай болсо – сайдын баары бок болот.
* Бийге баргыча белиңди сындырат.
* Бийди кул десе күлкүсү келет, кулду кул десе өлгөсү келет.
* Бийдин максаты – бийлик кылуу, байдын максаты – байлык жыйноо.
* Бийи бир, баатыры миң элдин ырысы бар, бийи миң, баатыры бир элдин башынан шор кетпейт.
* Бийикке чыксаң көзүң ачылат, жакшы менен сүйлөшсөң (кээде билимдүүгө жолуксаң) көңүлүң ачылат.
* Бийиктен кулаган катуу тиет, бийликтен кулаган кара киет.
* Бийик тоону көрөм десең чокусуна (кээде башына) чыкпагын.
* Бийик тоонун чокусуна бир күндө басып чыгам дебе.
* Бийиң жакшы болбосо, журтуң бузулаар.
* Бийиң кылаң болсо, журтуң ылаң болот.
* Бийлик атасы – эл, энеси – жер.
* Бийлик бар жерде зордук бар, зордук бар жерде кордук бар.
* Бийлик бар жерде кулдук бар.
* Бийлик башчыларынын жойпу менен кошоматчылардан алыс болгону жакшы.

* Бийлик талашы бирди кылат, же миңди кылат.
* Бийликти байлык жеңет.
* Бийлик ыймандуу болмоюн мамлекет күчтүү болбойт.
* Бий экөө болсо, доо төртөө болот.
* Билбегенге уруят, билгендерге уят.
* Билбегенден туура түшүнбөгөн жаман.
* Билбегенди бил, билимдүү – пир.
* Билбеген жердин ой-чуңкуру көп.
* Билбеген жоо – туюк зоо.
* Билбегениңди эшитсең билги болосуң.
* Билбеген киши жылкыда бөйрөк жок дейт.
* Билбеген уу да ичет.
* Билбеген – уят эмес, билгиси келбеген – уят.
* Билбей калуу уят эмес, билбегенди сурабай коюу уят.
* «Билбейм» деген бир сөз, «билем» деген миң сөз, «көрбөдүм» деген бир сөз, «көрдүм» деген көп сөз.
* Билбейт деп ууру кылба, укпайт деп ушак айтпа.
* Билбес кудайды да билбейт.
* Билгенге бата аяк, билбегенге ант аяк.
* Билгенден биле элегиң көп,
  көргөндөн көрө элегиң көп.
* Билген жолуңду атаңа бербе.
* Билгенибиздин чеги бар, билбегенибиздин чеги жок.
* Билгениң бир тогуз, билбегениң токсон тогуз.
* Билгениңди айтуудан тартынба.
* Билгениңди үйрөтүүдөн кайтпагын,
  билбесең билемин деп айтпагын.
* Билгениңе кеңеш аяк, билбегениңе ажыраш аяк.
* Билген миң балээден кутулат,
  билбеген миң (бир) балээге тутулат.
* Билген миңди башкарат, билбеген миңге кошулат.
* Билген суу ичет, билбеген уу ичет.
* Билген таап айтат, билбеген каап айтат.
* Билгилигиң мокосо, кара күчүң жетим.
* Билги падыша өтсө, анын арты чуу.

* Билеги күчтүү бирди жыгат,
билими күчтүү миңди жыгат.
* Билек бир, бармак (манжа) башка.
* Билек бирге болсо да, манжа (бармак) башка,
тилек бирге болсо да, жүрөк башка.
* Билек жирей албаганды билим жирейт.
* «Билем-билем» дей бербе, билгендерди көргөндө.
* Билемин десең тутулдуң, билбеймин десең кутулдуң.
* Билиги жок чырак жагылбайт,
ишмердиги жок жигит жарыбайт.
* Билим – адамдын канаты.
* Билим акылга сугарат, өнөр көккө чыгарат.
* Билим алуу ийне менен кудук казгандай.
* Билим алууну бешиктен башта.
* Билим арзан, билүү кымбат.
* Билим бийикке сүйрөйт, акыл алыска жирейт.
* Билим болбой, илим болбойт.
* Билимден өткөн досуң жок,
оорудан өткөн касың жок.
* Билим – деңиз, акыл – кайык.
* Билимди билгенден, бийликти көргөндөн сура.
* Билимдин кени китепте.
* Билимдин күчтүүсү – адамдык.
* Билимди сатып албайт, аны казып алат.
* Билимди элден изде, алтынды жерден изде.
* Билимдүү баарына түшүнөт,
билимсиз өз ишине күтүнөт.
* Билимдүү башына карайт, билимсиз ашына карайт.
* Билимдүү билгенин иштейт,
билимсиз бармагын тиштейт.
* Билимдүү билимин берет, акылдуу акылын берет.
* Билимдүү болмок оңой, адам болмок кыйын.
* Билимдүү болсоң озорсуң, билимсиз болсоң осолсуң.
* Билимдүүгө бийик орун.
* Билимдүүгө дүйнө жарык.
* Билимдүүгө жанаш, билимсизден адаш.

* Билимдүүгө жол ачык.
* Билимдүүдө бедер бар, билимсизде нелер бар.
* Билимдүүдөн акыл сура.
* Билимдүү зор, билими жок кор.
* Билимдүү көп, билген аз, күйүмдүү көп күйгөн аз.
* Билимдүүлүк адамды улуу кылат,
  адептүүлүк адамды сулуу кылат.
* Билимдүү миңди жыгат, билимсиз бирди жыгат.
* Билимдүү мээге салат, билимсиз мээден алат.
* Билимдүүнүн аты калаар,
  өнөрлүү болсо өрнөгү калаар.
* Билимдүүнүн белгиси билгенин келет бергиси,
  акылдуунун белгиси – акылын келет бергиси.
* Билимдүүнүн билими жугаар,
  билимсиздин неси жугаар.
* Билимдүүнүн сөзү өткүр, мергенчинин көзү өткүр.
* Билимдүүнүн түнү – күн, билимсиздин күнү – түн.
* Билимдүү өлсө кагазда каты калат,
  уста өлсө балтасы менен чоту калат.
* Билим – жанып турган чырак.
* Билим – жашоо чырагы, өнөр – элдин куралы.
* Билими бар ар балээден кутулут,
  билими жок миң балээге тутулат.
* Билими жокко күн да түн.
* Билим издеген өсөөр, бүлүк издеген өчөөр.
* Билими күчтүү миңди жыгат,
  билеги күчтүү (жоон) бирди жыгат.
* Билимиңди элге бере албасаң бекерсиң.
* Билимиң терең болсо дүйнөнү таанып-билүү оңой.
* Билим кайда болсо, өнөр ошол жерде.
* Билим – карыбас, өнөр – арыбас.
* Билим кени – китеп, тарбия кени – мектеп.
* Билим – кенч, эмгек анын ачкычы.
* Билим көптүк кылбайт, өнөр аздык кылбайт.
* Билим – мейман, акыл – ээ.

* Билим менен эмгек ишти бүтүрөт,
  илим бекти муратына жеткирет.
* Билим оошот, акыл (ырыс) жугушат.
* Билим – өмүр азыгы.
* Билим – өнөр азыгы, өнөр – эрик казыгы.
* Билимсиз бирди көрсө, билимдүү миңди көрөт.
* Билимсизди арба десең, аты-жемиң кана дейт.
* Билимсиздин сөзү билектей,
  билимдүүнүн сөзү – жибектей.
* Билим – тозбогон тон, илим – түгөнбөгөн кен.
* Билим – түгөнбөс байлык.
* Билим – ырыс азыгы.
* Билим – эл азыгы, эр – эл казыгы.
* Билим – элге, суу – жерге.
* Билинбей туруп адамга
  бир ооз сөз адамды дарылайт.
* Билип туруп билмексен, көрүп туруп көрмөксөн.
* Бир агарган сакалың, кайтадан чыгып карарбас.
* Бир адам казган кудуктан миң адам суу ичет.
* Бир ай минбей, атыңды мактаба.
* Бир айткан сөздү кабыл алганды падыша де.
* Бир айтканын эки айткан,
  төп айтпай сөзүн чеки айтат.
* Бир акмак атасы өлгөндө көбөт,
  бир акмак катын алганда көбөт.
* Бир акмак суугa таш ыргытса,
  жүз акылдуу ала албайт.
* Бир амал менен эки алдай албайсың.
* Бир ата алты баланы багат,
  алты бала бир атаны багалбайт.
* Бир ата он баланы багаар,
  он бала бир атаны талаар.
* Бир ата отуз уулду багат,
  отуз уул бир атаны багалбайт.
* Бир атка эки жүгөн катылбайт.
* Бир аял – аял, эки аял – базар,
  үчүнчүсү кошулса – жарманке.

* Бир баатыр – согушта, акыл – ачуу келгенде, дос – зарылдыкта (сыналат).
* Бир байдын журтун эки чычкан талашат.
* Бир баш – миң ой.
* Бир башта миң үмүт.
* Бир бекер онду бекер кылат.
* Бир буту – көрдө, бир буту – жерде.
* Бир бээнин эки эмчеги, бири кетсе, экинчисинин сүтү жок, бир төөнүн эки өркөчү, бир кетсе, экинчисинин күчү жок.
* Бирге билиш болгуча, миңге тааныш бол.
* Бирге болсо тебишет, ажырашса кишенешишет.
* Бирге жүрмөк бар, бирге өлмөк жок.
* Бир дарак бакча эмес, бир таш дубал эмес.
* Бир жаман көп жакшыны жеңет.
* Бирде жигит төө минет, бирде жигит жөө жүрөт.
* Бирде манап, бирде кул – пикири жок бир эргул.
* Бирди аяган миңден кур калат.
* Бирди аяган миңдин убалына калат.
* Бирди бакпасаң жокко зар болосуң.
* Бирди билгенче, миң менен тааныш бол.
* Бирди жеп уятың чыкканча, миңди жеп атың чыксын.
* Бирди капа кылсаң, миңге чуу түшүрөт.
* Бирдик бар жерде береке бар.
* Бирдик болбой тирдик болбойт.
* Бирдик жок жерде тирдик жок.
* Бирдики – миңге, миңдики – түмөнгө.
* Бирдик иште чынчыл бол.
* Бирдик түбү – береке.
* Бирдиктүү болбой дөөлөттүү болбойт.
* Бирдиктүү эл – кебелбес аскадай.
* Бирди минсең жорго мин, кылтылдасын астыңда.
* Бирдин билгени – сыңар эмчектин сүтү, көптүн билгени – ташып аккан дайра.
* Бирдин катасы миңди азапка салат.
* Бирдин кесепети – миңге, миңдики – түмөнгө.

* Бирди тапсаң кийип өт, бирди тапсаң ичип өт.
* Бир жакадан баш чыгар, бир жеңден кол чыгар.
* Бир жакшы бар журттун камын жээр,
бир жаман бар айылдын малын жээр.
* Бир жакшылык, бир жамандык унутулбайт.
* Бир жакшы сөз миң көңүлдүн жараатын бүтүрөт.
* Бир жамандык бир жакшы – эгиз болуп келет,
бир караңгы бир жарык – түндөн кийин күн келет.
* Бир жеңден кол, бир жакадан баш,
бир ооздон сөз чыгарсаң жоого алдырбайсың.
* Бир жеп тоёр аш үчүн кетпесин бөөдө бар күчүң.
* Бир жерде чеки иш кылган, ар жерде кепке кемтик,
сөзгө сөлтүк.
* Бир жердин ала каргасы бир жерге келип
телик куш болот.
* Бир жигиттин атагы көп жигитке даңк берет.
* Бир жолу калп айтсаң, ишенимден ажырайсың.
* Бир жолу калпың билинсе, сөзгө алгылыксыз болорсуң.
* Бир жүрөккө эки сүйүү сыйбайт.
* Бир жылга коёндун териси чарыкка чыдаптыр.
* Биригишсе тиштешкен, ажырашса кишенешет.
* Бириккен эл – озор, бирикпеген – тозор.
* Бириктирбейт жек көрүү, бел сындырат бөксөрүү.
* Биримдиги бар элдин бийиктеп туусу көкөлөйт,
биримдиги жок элдин коломтодон оту өчөт.
* Биримдик болбогон жерде башаламандык бар.
* Биримдик болгон жерде тирилик.
* Биринчи байлык – ден соолук, экинчи байлык –
ак жоолук, үчүнчү байлык – жүз соолук.
* Биринчи – жан соолук, экинчи – ден соолук.
* Биринчиси соода, экинчиси коога.
* Бирин эки кылып, битин сирке кылып.
* Бир ирет даам таткан жериңе миң ирет салам бер.
* Бири тентек чыкса, бири жөнтөк болот.
* Бир ит көрүп үрөт, бир ит көрбөй үрөт.
* Бир кайгы бир кайгыны унуттурат.

* Бир казанда эки кочкордун башы кайнабайт.
* Бир казан сүттү иритиш үчүн
бир тамчы айран жетиштүү.
* Бир карасаң – камчы сап, бир карасаң – ийнелик.
* Бир карын майды бир кумалак чиритет.
* Бир катындын мекери – кырк эшекке жүк деген.
* Бир кезде биз да бөрү элек, тайлак басып жээр элек.
* Бир кемпир бир кемпирди «кыз» деп тергейт.
* Бир киши арык (кудук) казса, миң киши суу ичет.
* Бир кишиге бир киши аздык кылбайт, алдырбайт.
* Бир кишиге кырк бир өнөр аз.
* Бир кишинин арыгы миң кишиге суу берет,
бир кишинин азгыны миң кишиге уу берет.
* Бир кишинин дөөлөтүнө миң киши мас болот.
* Бир кишинин чыгышы – миң кишинин ырысы.
* Бир киши казган кудуктан миң киши суу ичет.
* Бир койлууга миң койлуунун иши түшөт.
* Бир колуңду ачсаң, бир колуңду жум.
* Бир колуңдун ачуусун бир колуң менен бас.
* Бир конгон конок – кут, эки конгон конок – жут,
үч конгон конок курут.
* Бир коркоктун кесири миңге тиет.
* Бир көргөн – билиш, эки көргөн – тааныш,
үч көргөн – алыш.
* Бир көргөндө тон сыйлуу, таанышканда бой сыйлуу.
* Бир кулакта миң тыңчы, бир дыйканга миң сынчы.
* Бир кумалак бир карын майды чиритет
(кээде булгайт).
* Бир күн болсо да, күн көргөн жакшы.
* Бир күндө бир жаңылык укпасаң
кулагың дүлөй болот.
* Бир күндө эки түштү көрбөйсүң, бир жылда
эки кышты көрбөйсүң.
* Бир күндө эки шашке көрбөйсүң,
бир жылда эки жаз көрбөйсүң.
* Бир күндүк жолго чыксаң, бир жумалык азык ал.

* Бир күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин.
* Бир күн калпың билинсе, сөзгө алгысыз болорсуң.
* Бир күн кетмен чапкан нандын даамын билет.
* Бир күнкү таанышка, миң күнү салам бер.
* Бир күн туз таткан жериңе миң күнү салам бер.
* Бир күн укмуш укпаса, кулак кереӊ болот.
* Бир күнү уруш болгон үйдөн, кырк күнү береке кетет.
* Бир күнү ушак укпаса, ушакчынын кулагы дүлөй.
* Бир кырсык келсе, миң кырсык тооруйт.
* Бирлик бар жерде тирлик бар.
* Бир мунарага жете албай жатып,
бир мунарага бутун арткан.
* Бир мыскал дөөлөттү көтөрүш үчүн
миң мыскал токтоолук керек.
* Бир нерсеге шыктанбаган киши болбойт.
* Бир ок менен эки коёнду атып.
* Бир ок менен эки коёнду атыш өтө оор.
* Бир оздон чыккан сөз миң оозго жайылат.
* Бир ооз сөз абийир каралайт,
бир ооз сөз жүрөк жаралайт.
* Бир ооз сөз жүрөк жаралайт,
бир ооз сөз абийир каралайт.
Билинбей туруп адамга, бир ооз сөз оору дарылайт.
* Бир өзөктөн күйгөн өрт жаман,
өздөн чыккан жат жаман.
* Бирөө астында жатып «турсам өлөсүң» дептир.
* Бирөө башы (же ашы) менен кыйын,
бирөө иши (же башы) менен кыйын.
* Бирөө билбегенди бирөө билер,
бирөө ыйлай турганга бирөө күлөөр.
* Бирөө бузуп айтат, бирөө түзүк (түзөп) айтат.
* Бирөө буйругуна, түлкү куйругуна, жигит жүрөгүнө,
жарды билегине ишенет.
* Бирөөгө бак, бирөөгө баш берет.
* Бирөөгө жамандык кылсаң өз башыңа тиерин унутпа.
* Бирөөгө кор бала, бирөөгө зар бала.

* Бирөөгө күлөм деп, өзүң күлкүгө калба.
* Бирөөгө күлсөң өзүң ыйлайсың.
* Бирөөгө нан кайгы, бирөөгө жан кайгы.
* Бирөөгө ор казсаң өзүң түшөсүң
* Бирөөгө ор казсаң, тайыз каз,
өзүң түшүп калсаң секирип чыгарга.
* Бирөөгө таш ыргытсаң, ал сага ок атат.
* Бирөөгө убада бергениң, мойнуңа милдет илгениң.
* Бирөө десем миң экен, жалгыз десем сан экен.
* Бирөөдөн беш тыйын алсаң,
көңүлүңө көңүл кошулат.
* Бирөө жашаш үчүн иштейт,
бирөө ашаш үчүн иштейт.
* Бирөө жете албай жүрсө, бирөө кете албай жүрөт,
бирөө өлүп жатса, бирөө күлүп жатат.
* Бирөө ичерге суу таппаса,
бирөө кечерге кечүү таппайт.
* Бирөө кайкыны сүйөт,
бирөө доңкуну (же тайкыны) сүйөт.
* Бирөө көп билет, бирөө аз билет,
бирок баарын билген эч ким жок.
* Бирөөнүкүнө көз артсаң, өзүңдүкүнөн кол жууйсуң.
* Бирөөнүн ажалы оттон,
бирөөнүн ажалы топтон (уудан, суудан).
* Бирөөнүн айдап жүргөн малы бар,
бирөөнүн ат көтөргүс даны бар.
* Бирөөнүн акылы бирөөгө акыл болбойт.
* Бирөөнүн акы тешип чыгат.
* Бирөөнүн арканы менен үңкүргө түшпө.
* Бирөөнүн ат көтөргүс бөзү бар,
бирөөнүн ат көтөргүс сөзү бар.
* Бирөөнүн ат көтөргүс даңкы бар,
миңге бергис баркы бар.
* Бирөөнүн аты терчил, бирөөнүн кийими кирчил.
* Бирөөнүн ашына мойнуңду созбо.
* Бирөөнүн бетине түкүрсөң, өз көзүңө кыпын түшөт.

* Бирөөнүн жакшы-жаманы кирип чыкканча билинет,
өз жаманы өмүр өткөнчө билинбейт.
* Бирөөнүн жарчысын коюп, өз жарчыңды жарып ал.
* Бирөөнүн ийгилигине көз артпа.
* Бирөөнүн ичи – деңиз, бирөөнүн ичи – доңуз.
* Бирөөнүн катыны бирөөгө кыз көрүнөт.
* Бирөөнүн кеңешин ук, бирок өз күчүңө ишен.
* Бирөөнүн колу менен от кармаба.
* Бирөөнүн көзү жакшы, бирөөнүн сөзү жакшы.
* Бирөөнүн көзүнөн, бирөөнүн сөзүнөн.
* Бирөөнүн көрүнө бирөө жатпайт.
* Бирөөнүн кызматына көз артканча,
өз мээнетиңе ишенгениң дурус.
* Бирөөнүн өзү баатыр, бирөөнүн сөзү баатыр.
* Бирөөнүн өлүмүн тилегиче, өзүңдүн өмүрүңдү тиле.
* Бирөөнүн өңү суук, бирөөнүн сөзү суук.
* Бирөөнүн өзү сыйлуу, бирөөнүн сөзү сыйлуу.
* Бирөөнүн өрдөгүн (тоогун) жесең, каз байла.
* Бирөөнүн союлун (келтегин) көтөрүп.
* Бирөөнүн убалына калгыча, экөөнүн сообуна кал.
* Бирөөнүн үйүн чечмек бар, тикмек жок.
* Бирөөнүн элинде (жеринде) султан болгуча,
өз элиңде ултан бол.
* Бирөөнү туурасаң адашасың.
* Бирөөнү эки кылган эпчил.
* Бирөө өлмөйүнчө, бирөө күн көрбөйт.
* Бирөө өлүп атса, бирөө күлүп атат.
* Бирөө утулмайынча, бирөө кутулбайт.
* Бирөө эрте, бирөө кеч – барабыз кербен жолуна.
* Бир сап ырдан бир кап чыр да чыгат.
* Бир сөз бар – кут, бир сөз бар – жут.
* Биф сөз бар оозго алгыс, бир сөз бар издесе тапкыс.
* Бир сүйлө, эки ук.
* Бир тамчы суу кумурскага дарыя болуп көрүнөт.
* Бир тамчы таш жарат, бир сөз баш жарат.
* Бир таш тоо эмес, бир баш эл эмес.

* Бир тентек – бала, бир тентек – кан.
* Бир тойдо эки жар болбойт.
* Бир тоодон бир тоого аргыган кийик ачтан өлүптүр.
* Бир тоокко да жем керек.
* Бир төөнүн эки өркөчү бар,
бири кетсе экинчисинин күчү жок.
* Бир тыйын (теңге) берип айттыра албайт,
миң тыйын берип койдура албайт.
* Бир уйду мүйүзгө чапса,
миң уйдун мүйүзү зыркырайт.
* Бир уйдун мүйүзү сынса,
миң уйдун мүйүзү зыркырайт.
* Бир устаныкын бир уста балта,
керкилик иши бар экен дейт.
* Бир уурунун тынчы болбойт,
бир карызы бардын уйкусу болбойт.
* Бир уядан – бир сасыткы.
* Бир үйдүн ашы бир үйгө сонун.
* Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт,
бирөөнүн көрүнө бирөө кирбейт.
* Бир чайнасаң май чайна – былчылдасын
(кээде чылпылдасын) оозуңда, бирди минсең
жорго мин – кылтылдасын астыңда.
* Бир чыбык менен миң кой айдалат.
* Бир чымчымдан көңүл алат,
бир чымчымдан көңүл калат.
* Бир чөптүн гүлүнөн аары бал соруп алса,
жылан уу соруп алат.
* Бир эрден чыккан жакшыраак, эки эрден чыккан
как шыйрак, үч эрден чыккан катындан жолдо
турган жоор эшек жакшыраак.
* Бир этегин жаза баскан, бир этегин үзө баскан.
* Бир этегин үзө баскан, бир этегин жаза басат.
* Битке өчөшүп көйнөгүңдү отко салба.
* Биттейде бириктик, бармактайда баш коштук.
* Биттин жүрбөгөн жери жок.

* Биттин ичегисине кан куйган эпчил.
* Биттин өчүн сиркеден алба
(кэзде биттин ачуусун сиркеден алат).
* Биттүү конок батат, иттүү конок батпайт.
* Боёкчуну боёкчу десе, атасынын сакалын боёптур.
* Боздукта (жаштыкта) бенде өлбөсүн,
боз топурак көрбөсүн.
* Боз койдон жоош (же момун), ак койдон аңкоо
(же маңоо).
* Бозмаштуу жерде бото өлбөйт,
аңыздуу жерде ат өлбөйт.
* Бозо – болгондуку, токоч – тойгондуку.
* Бозодогу сөз бокко жарабайт.
* Бозойдун мыйыгынан күлгөнү –
селкинин оюн билгени.
* Бозону сүзгөн билбейт, ичкен билет,
бозойду түн уктабай күткөн билет.
* Бозоң бозоруп болбогон тамак,
ичсе – тойбогон тамак.
* Бозочу боорукер болбос, борукчу кайрыкер болбос.
* Бозочунун үйү кыйкырык менен өкүрүк,
өтүкчүнүн үйү апырык менен сапырык,
наспайчынын үйү какырык менен түкүрүк.
* Бозынач (бозунач) болсо, ботом өлөт беле?
* Бойго чак кийим табуу оңой,
ойго чак киши табуу кыйын.
* Бойдок катын – ойноок катын.
* Бой жетпеген жерге ой жетет.
* Бой көтөргөн суук көрүнөт,
орой сүйлөгөн жек көрүнөт.
* Бойлукта байлык жок.
* Бокотой, Барактан киши жокпу.
* Болбогонго болушпа, болсун сага садага.
* Болгон сайын болгусу келет,
толгон сайын толгусу келет.
* «Болду» дегенден «болот-болот» деген кызык.

* Болоорунда болуп өт, боз жоргодой жылып өт.
* Болооруңа келгенде боз жоргоңду такала,
болбосуңа келгенде болгон эрди жакала (жанында жүр).
* Болор бала богунан.
* Болор бала он экисинде баш,
болбос бала кыркында жаш.
* Болор бала он бешинде баш болот,
болбос жаман отузунда жаш болот.
* Болор-болбос өлүптүр, ат чаптырып коюптур.
* Болор жигит төп сүйлөйт.
* Болор иш болду, боёсу канды.
* Болор кулун желеде жулкунат,
болор бала бешикте булкунат.
* Болор музоо богунан.
* Болоруңа келгенде боз жоргону такала.
* Болот ийилбейт, чорт сынат.
* Болот (кылыч) кында жатпайт.
* Болот отто чыңалат, адам иште сыналат.
* Болот сынат, бирок ийилбейт.
* Боло турган азамат, болоттон кылыч байланат.
* Болоюн деген баланды жибербегин базарга,
болбоюн деген баланды коё бергин казанга.
* Болоюн деген уул бар, болтурбайм деген кудай бар.
* Болсоң болоттой бол.
* Болуш койсоң турнадан кыйкуу кетпейт башыңдан.
* Боор оорусу (ооруса) киндик толгойт.
* Боору бүтүн, башы эсен адам болбойт (жок).
* Боорукер жардамга келет, боору таш өлгөнгө келет.
* Боорун жашырган бөлүнөт, оорусун жашырган өлөт.
* Боору ооруган бозорот, табалаган тамылжыйт.
* Боору ооруса, боорго тебет.
* Борбаш канчалык кыраан болсо да,
боз торгойчолук алы жок.
* Бороонго боорун тосконду болоор-болбос жел алат.
* Бороондо ышкырган жел текке кетет.
* Бороонду тоотпой боорун тоскон муздак желден коркот.

* Бороондуу күнү бок кычайт,
болжолдуу күнү жок кычайт.
* Босогодон мүдүрүлсөң, төрдө эмне бар.
* Ботону баксаң төө болот, кулунду баксаң бээ болот.
* Бош кап тикесинен турбайт.
* Бош челек катуу калдырайт.
* Бою келтенин ою келте.
* Боюна бүткөндөн кийин төрөбөй койбойт.
* Боюнун узунун кантейин,
акылынын кыскасын кантейин.
* Боюңа карап кийим танда, өзүңө карап дос танда.
* Боюңа карап тон быч.
* Боюңа мактанба, оюңа мактан.
* Боюңдай бой табылса да, оюңдай ой табылбайт.
* Бою пекененин ою бийик.
* Бөдөнө жеп таруунун, чымчык калат балаага.
* Бөдөнө бөлтөйүп, кыргый кымпыйып,
тоодак томпоюп мындай жаткыла,
эки сартка бир тартар, бир саны бизге артар.
* Бөдөнөдөн шыйрак, жумурткадан кыр чыгарып.
* Бөдөнө мышыкка сүтүн берсе,
ысылыкка өзүн жептир.
* Бөдөнөнү кыргыйга жем жараткан сен дүйнө,
эки эгиздин бирөөнү кем жараткан сен дүйнө.
* Бөдөнөнүн жатагын көр да, этине таарынба.
* Бөдөнөнүн үйү жок, кайда барса *бытпылдык*.
* Бөдөнөнү сойсо да касапчы сойсун.
* Бөздүн көркү менен мата өтөт.
* Бөзчү бөзгө жалчыбайт.
* Бөзчү белбоого жарыбайт, темирчи такага жарыбайт.
* Бөйрөктөн шыйрак чыгарат,
бөдөнөдөн куйрук чыгарат.
* Бөйрөктөн шыйрак чыгарган,
бүргөдөн май сызгыргысы келет.
* Бөкөндү минсе ат болбойт,
тууган менен үч бөлүнсө жат болбойт.

* Бөксөсүндө – бөрү, түзүндө – түлкү.
* Бөксө чайнек бат кайнайт.
* Бөлөк элге султан болгуча, өз элиңе ултан бол.
* Бөлөм, бөлөм үчүн өлөм.
* Бөлтүрүктү ит деп бакпагын, иттей болбойт кыялы,
  душманга өздөй караба, тийбей койбойт зыяны!
* Бөлүнгөндү бөрү жейт (жарылганды жоо алат).
* Бөөдө аракет бел сындырат.
* Бөөдө каргыш бөрүгө жетпейт.
* Бөөдө каргыш өзүңө тиет.
* Бөөдө чагым баш жарат.
* Бөөдө чагым бөлөккө жетпес.
* Бөрк ал десе баш алат.
* Бөрк ал десе баш кескен жасакердин жосуну.
* Бөрк алдынан, жең ичинен.
* Бөрк алдында не болбойт.
* Бөрк алмак бар, баш алмак жок.
* Бөрк астында бөрү жок дебе,
  ээк астында жоо жок дебе.
* Бөрк кийгендин талабы бир,
  жол жүргөндүн тилеги бир.
* Бөрк кийгендин тамагы бар,
  жол жүргөндүн тилеги бар.
* Бөрү азыгы жолдон.
* Бөрү азыгы менен эр азыгы жолдон.
* Бөрү арыгын билгизбей итке жүнүн үрпөйтөт.
* Бөрү атаар уулду (жигитти) бөркүнөн тааныйт.
* Бөрү атаар уулду бөркүнөн тааны,
  журт баштаар уулду сөзүнөн тааны.
* Бөрү ачыкпай жортуулга чыкпайт,
  тойгон бөрү ууга чыкпайт.
* Бөрү баласы ит болбойт, бөтөн бала өз болбойт.
* Бөрү баласына баш тоголотот.
* Бөрү бөрк астында (же бөрк астында бөрү бар).
* Бөрүгө кой кайтартпа.
* Бөрүдөн бөлтүрүк гана туулат.

* Бөрү жарды, кузгун тойду.
* Бөрү жебесе да күнөөлүү.
* Бөрү жок десе бөрк алдында,
  ууру жок десе жар алдында.
* Бөрү каргышы койго жетпейт.
* Бөрү карыса итке күлкү болот.
* Бөрү карыса да бир койлук алы бар.
* Бөрү карыса чычканчыл болот.
* Бөрү карысын жектейт.
* Бөрү койго тойбойт, адам ойго тойбойт.
* Бөрү – койго тойбойт, кулак – сөзгө тойбойт,
  көңүл – ойго тойбойт.
* Бөрү кулакташ, ууру танапташ.
* Бөрүнү аясаң, өзүңдү жарат.
* Бөрүнүкү тең орток,
  кузгундуку куркулдайдын башында.
* Бөрүнүн ажалы көтү күйүк иттен.
* Бөрүнүн жолу миң, мергенчинин жолу бир.
* Бөрүнүн кулагы (эки көзү) ууда,
  баланын кулагы чууда.
* Бөрүнүн күчү – тишинде, кишинин күчү – ишинде.
* Бөрү сууну шалпылдатып,
  кой кечкен суу экен дептир.
* Бөрү түндө күч, жоо камсыз кезде чабат.
* Бөрүчү бүркүт өлүүчү.
* Бөрү этектен, жоо жакадан алганда.
* Бөтөлкө менен достошконуң,
  өмүрүң менен коштошконуң.
* Бөтөн элге султан болгуча, өз элиңе ултан бол.
* Бу да болсо пайда, мунун түбү кайда.
* Бу дүйнөдө не карып? Замандашы болбосо карыя
  болор тез карып. Кадырын жеңе билбесе,
  бойго жеткен кыз карып.
* Бу дүйнөдөн үмүтүн үзгөн акыретинин камын көрөт.
* Бу дүйнөнү тазарткан да бала, жашарткан да бала.
* Бу заманда октон, бомбадан мурда тилиңден өлөсүң.

* Бузук адамга түзүк адам кас көрүнөт.
* Бузук бар жерде кусур бар.
* Бузуку ажо – жолдо турган дөңгөч.
* Бузуку киши оңолбойт, калыстык наам жоголбойт.
* Бузукунун үйү күйсүн.
* Бузулар элден ырк кетет: атасынан адилдик кетет,
  баласынан намыс кетет, катыны айыңчы,
  келини ууру болот.
* Бузулган элге бучуктан молдо (же улук).
* Бузулмак оңой, түзөлмөк кымбат.
* Буйга минген дөөсү бар, чабаганчы жөөсү бар.
* Буйругу жок ашка тиш тийбейт.
* Букада кайын жок, уйда төркүн жок.
* Бука жокто торпок бий.
* Бука мүйүздүү уйдун сүтү болбойт,
  уй мүйүздүү буканын күчү болбойт.
* Буканы кутурткан (өкүрткөн) – эки энек.
* Буканын мурду карыбайт, эрдин көөнү карыбайт.
* Буканын өзү карыса да мурду карыбайт.
* Бука өлбөгүдөй, инек соолбогондой болсун.
* Букарда пулу бардын көөнү ток.
* Булак өзүн көлмүн дейт.
* Буламыктан тиш сынат, кыламыктан бут сынат.
* Буламыкты да жасаган катын жасайт.
* Булбул багына конот, падыша такка конот.
* Булбул гүлзарын сүйөт, адам мекенин сүйөт.
* Булбулдан чечен бир куш жок,
  тырмактай ак-карасы.
* Булбулдун доошун эшитпей,
  буралып талаа ачылбайт.
* Булбулдун мукам үнү бар, тайлактын таза жүнү бар,
  боло турган азамат, болоттон кылыч байланып,
  жоого тийсе сүрү бар.
* Булбулдун мукам үнү бар,
  торгойдун жумшак тили бар.
* Булбулдун үнүн укпай, жайкы талаа ачылбайт.

* Булбулдун ырын карга кайдан түшүнсүн.
* Булбул – куштун акыны, чыйырчык – куштун чечени, көгүчкөн – куштун акылы.
* Булбул түндө сайрап, күн чыкканда эс алат.
* Булбул үнүн сагынат, жигит элин сагынат.
* Булду берсең, сүткө бер.
* Булдурсун камчы тийсе да баатыр жүзү түктөйбөс.
* Бул түбү жок жыртык дүйнөнүн түбүнө ким жеткен.
* Булут ала, жер чоло.
* Булут минип муз бүркүп, сен да өтөөрсүң дүйнөдөн, илкий-силкий жөө жүрүп, мен да өтөөрмүн дүйнөдөн.
* Булуттан чыккан күн ачуу, жамандан чыккан сөз ачуу.
* Булуттун кадыры жок ай жанында, кедейдин кадыры жок бай жанында.
* Булуттун көркү жел менен, буудайдын көркү тер менен.
* Булут шамалга каршы жылбайт.
* Бураң белдин кайгыга батканы – бозойдун кабарсыз жатканы.
* Бураң иштин – арты ылаң.
* Бура сүйлөгөн күлөргө жакшы, булкунган ат минерге жакшы.
* Бурган сөз – урган сөз.
* Бут – басаар, кол – табаар.
* Бутагың сынса сынсын, бирок тамырың соолубасын.
* Бу тоодон бу тоого арзыбаган кийик ачка өлүптүр.
* Буту менен басып, мурду менен тынгандын баары эле адам атала бербейт.
* Бут серпкенге ал келбейт, ажал жетип күн бүтсө.
* Бутунан мүдүрүлгөн турат, тилинен мүдүрүлгөн турбайт.
* Буту сынган жатып семирет, колу сынган туруп жүрүп арыктайт.
* Буудайдын барар жери – тегирмен, кыздын барар жери – күйөө.

* Буудай наның болбосо да, буудайдай сөзүң жокпу.
* Буудай сепкен таалайсыздын аңызына арпа чыгат.
* Буудай сепсең, бузуп арпа айдаба.
* Буудай сепсең күздө сеп, күздө сепсең жүздү сеп.
* Буудай токочуңду бербесең да,
буудайдай сөзүңдү аяба.
* Буудайык торго түшсө да, бурулуп тапка кирбейт.
* Буудан болчу кулундун мүчөсүнөн билинет,
киши болчу баланын кирпигинен билинет.
* Буурул атта богоо болсо, аны кесер өгөө да болот.
* Буурусун чийген чийин жок, суур казган ийин жок.
* Бучук мурдун жашырбайт,
сыпайы сырын жашырбайт.
* Бучуктун өпкөнү жаман, жамандын көпкөнү жаман.
* Бучуктун тилегени мурун, сокурдун тилегени көз.
* Буюкканга жылдыз от.
* Буюмду адам жаратат, адамды кудай жаратат.
* Буюмдун кирин самын жууйт,
көңүлдүн кирин акыл жууйт.
* Буюм керек учурунда жакшы.
* Буюрбаган ашка мурун канайт.
* Буюрбаган ашыңа, жөө конок келсин кашыңа.
* Буюрса – Букардан аш келет.
* Бүгүн бар да эртең жок, атаңдын көрү дүйнө бок.
* Бүгүн көргөн – эртең жок, бүгүнкү ач – эртең ток,
тоюнганда топук кут, толгоп салар дүйнө шок.
* Бүгүн көргөн – эртең жок, ушундай белең
(же атаны кайран) дүйнө бок.
* Бүгүнкү ачууну эртеңкиге кой.
* Бүгүнкү күн – кечээки күндүн шакирти.
* Бүгүнкү мээнетиң – эртеңки дөөлөтүң.
* Бүгүнкүнү көргөн да бар, көрбөгөн да бар.
* Бүгүнкүнүн эртеңи бар, кечээгиңди бүгүндөн издебе.
* Бүгүнкүнүн эртеси бар.
* Бүгүнкү сөз – эртеңкинин көпүрөсү.
* Бүгүн – пэшэ (бай), эртең – гэдэ (кедей).

* Бүгүн чачылсаң, эртеңден үмүт үзбө.
* Бүйрө киши кор болбойт, көйрөң киши зор болбойт.
* Бүлдүргө болор жип, бүлкүлдөп үрөр ит жок.
* Бүлк-бүлк жорткон муздак жел чекенин терин кургатат, асылкеч мүнөз жакшы жар көңүлдүн черин жубатат.
* Бүлөөгө бергис өгөө бар, экөөгө бергис бирөө бар.
* Бүлөөнү бузган оңбойт, эгерим эки болбойт.
* Бүлүнгөндөн бүлдүргү алба.
* Бүлүнгөндүн да сүйүнгөнү бар.
* Бүркүт алжыса кулаалы менен дос болот.
* Бүркүт карыса чычканчыл болот, каракчы карыса алдамчы болот.
* Бүркүт салсаң, алтайдын кызыл түлкүсүн киесиң.
* Бүркүттүн ээси болсо, түлкүнүн кудайы бар.
* Бүркүтчүнүн үйүнөн эт кетпейт, жылкычынын үйүнөн ат кетпейт.
* Бүткөн акыл болбосо, сүрткөн акыл болбойт.
* Бүткөн ишке сынчы көп, бышкан ашка жечү (кээде аңчы) көп.
* Бүтпөгөн иш сыртта болсо кар басат, үйдө болсо чаң басат.
* Былтыркыдан калган иш жок.
* Бысмылданын ашын шайтан түгөтөт.
* Бычагы курч байыбайт.
* Бычагыңды чыны менен бер, чыны менен берсең, кыны менен бер.
* Бычак берсең кындап бер, кындап берсең чындап бер.
* Бычак жарасы айыгат, тил жарасы айыкпайт.
* Бычакка бүлөө керек, сөзгө жүйөө керек.
* Бычак канча өткүр болсо да, өз сабын жонбойт.
* Бычактын көркү – курчунда, суусардын көркү – сыртында.
* Бычакты курч кылган бүлөө, сөздү курч кылган жүйөө.
* Бычакты өзүңө ур, оорубаса бирөөгө ур.

* Бычмачынын күчүгүндөй шыпылдап.
* Бышаарына күйүп, чыгараарына күйбөйсүңбү?
* Бышкан жемиш сабагында турбайт,
бышыксынган убадага турбайт.
* Бышпастан мурда бышырдың,
күйбөстөн мурда күйгүздүң.
* Бышты, ат башына чычты.
* Бышык боломун деп жек-жаатыңдан кол үзбө
(агайындан ажыраба).
* Бышыксынган адамдар бересеге чалынат.
* Бышылуу аштын ээси даяр.
* Бышылуу тамактын күйүтү күч (же жаман).
* Бээ баласын чапчыса да мерт кылбайт.
* «Бээ» десең «төө» дейт.
* Бээ карыса – көл, уй карыса – чөл.
* «Бээ көрдүңбү?» – Жок, «Төө көрдүңбү?» – Жок.
* Бээ кулунун катуу тепсе да, мерт кылбайт.
* Бээлүү киши кымыз ичээр.
* Бээлүү үйдө кымыз бар, кыздуу үйдө комуз бар.
* Бээ туумайынча байтал аты калбайт,
катын төрөмөйүнчө келин аты өчпөйт.
* Бээ чалпоо болсо, минген ээси майып болот.
* Вазир жакшы – хан жакшы,
аял жакшы – эр жакшы.

## Г

* Гезит – элдин дили, тили жана үнү.
* Гүл – аарыныкы, бал – адамдыкы.
* Гүл ачпаган гүл муңдуу, үн катпаган жан муңдуу.
* Гүл болбосо багында, булбул кайдан сайрасын.
* Гүлдөп жүрүп куласаң, курсагыңды жарасың.
* Гүл өссө – жердин көркү, кыз өссө – үйдүн көркү.
* Гүлсүз бакка булбул келбейт,
  иштебесең эч ким бербейт.
* Гүлсүз – булбулдун үнү жок,элсиз ырчынын күнү жок.
* Гүл сынындай көркөм жок, чын сүйлөөгө өлчөм жок.

## Д

* Даам таткан жериңе какырба,
  суу ичкен кудугуңа түкүрбө.
* Даана байлык – ден соолук.
* Даана карт даркан жигиттен чыгат.
* Дааналык менен кыскалык – сөздүн көркү.
* Дабаагер дабаа кылбайт, дабаа кылса куру кылбайт.
* Дабаан ашып таш баспай, эр кишиге мал кайда,
  кош өгүзүн шайлабай, моюнтуруук камдабай
  дыйкандарга мал кайда?
* Дабаасыз дарт болбос, ырайымсыз кары болбос.
* Дайрадагы чаян туйласа, арыктагы чабак кантет?
* Дайрадан чыгып, көлчүккө чөгүптүр.
* Дайранын көркү кемеде, баланын көркү энеде.
* Дайыма изденүү, демиңе күч берүү.
* Дайыны (далили) жок сөз – чала күйгөн чычала.
* Далайды көргөн аял даки болот.
* Далдал күчөсө пулуңду алат,
  оору күчөсө жаныңды алат.
* Далилдүү сөз – угузат, кур насаат – качырат.
* Дамбалын булгаган колун аябайт.
* Дан – аш, алтын – таш.

* Данданкүү мынча, эт канча?
* Данектүү болсун сөз, далилге консун сөз.
* Данектүү болсун сөз, дарактай өнүп өс.
* Дан жыттанган дыйкан колу,
  даңгыр эмес баскан жолу.
* Даны жоктун наны жок, наны жоктун жаны жок.
* Даның болсо ороондо, малың сыйбайт короонqо.
* Даңкка көппөгөн – даанышмандык,
  атакка көппөөгөн – акылмандык.
* Даражаң көтөрүлгөн сайын кичи пейил бол.
* Дарак бир жерден өсөт, бир жерден көгөрөт.
* Дарак жемишинен таанылат,
  адам акылынан (же сөзүнөн) таанылат.
* Даракка мөмө байлаган сайын ийилет.
* Дарак кыйган эл болбойт, көчөт тиккен кем болбойт.
* Дарак нымды сүйөт, эл чынды сүйөт.
* Дарак – тамыры менен, адам – тууганы менен.
* Дарак тамыры менен көгөрөт.
* Дарак түбүнөн чирийт, балык башынан сасыйт.
* Даракты жер көгөртөт, эрди (адамды) эл көгөртөт.
* Дарактын жемиши көп болсо, шагы ошончо ийилет.
* Дарт дабаасы – дары.
* Дарт да башка, ажал да башка.
* Дартка дабаа болгон – илдетке шыбаа болот.
* Дарт келгенде – дарман кетет,
  дарт кеткенде – уйку келет.
* Дарт кетсе, дарыгер эстен чыгат.
* Дарт көп, ден соолук бирөө.
* Дартты жөн койсо жайылат,
  дабаасын таап дарыласа айыгат.
* Дарты бар, дарманы жок.
* Дарты жок дары издебейт.
* Дарты жок эшек, жаны жок кезек.
* Дартың болсо болсун, карызың болбосун.
* Дарт эренди муңкүрөтөт (үшкүртөт).

* Дары болсо, иттин куу тезеги
дарыянын башына чыгат.
* Дары – чөптөн, акыл – көптөн.
* Дарыя – булактан, мастык – ууртамдан.
* Дарыядагы балыктын баасы жок.
* Дарыянын жанына кудук казбайт.
* Дарыянын суусун жаан ташкындатат.
* Дарыя сууда балык бар, биз укпаган калык бар.
* Дат күчөсө дан алдырбайт,
дарт күчөсө дем алдырбайт.
* Дат темирди жейт, дарт өмүрдү жейт.
* Даяр ашка саламчы көп, жетим кызга жуучу көп.
* Даярга тап койбо, дардаңдап шап болбо.
* Деген экен, деген экен – бир коёнду
бир коён жеген экен.
* Демиңе таруу атала бышат.
* Дендин сагы жакшы, пейилдин агы жакшы.
* Дене тарбия – ден соолукка табылбас дары.
* Дени сак – бакыт, таалай кошумча.
* Дени сактын көөнү шат.
* Дени сактын руху бийик.
* Дени сак улуттун келечеги жаркын.
* Дени сак эне – дени сак бала.
* Дени соонун байлыгы түмөн.
* Дени соонун – жаны соо.
* Дени тазанын деми таза.
* Денсоолугуңду оорубай туруп ойло.
* Денсоолук – биринчи байлык.
* Денсоолук карыга кубат, жашка байлык.
* Денсоолук карылар үчүн да кубаныч.
* Денсоолук – түгөнгүс (чоң, зор) байлык.
* Дешпе, дешкенден кийин келжирешпе.
* Дигериңди кудай алсын, бешимиңди үйрөтчү.
* Дил бир болсо, тил да бир болот.
* Дили бирдин муңу бир.
* Дилинде касиети бардын оозунда осуяты бар.
* Дили узундан түңүлбө, тили узундан түңүл.

* Динден чыксаң да, элден чыкпа.
* Динчил түшүнө ишенет, эмгекчил күчүнө ишенет.
* Дити чапкан дин тутат.
* Домбунун куну түшсө да.
* Доңуз ылайга семирет.
* Доңуз айбат – куру кайрат.
* Доо карыбайт, аса чирибейт.
* Доо коюлса, айыпка жыгылат.
* Доолашаарың казы болсо,
  датыңды кудайга (аллага) айт.
* Доону төлөбөгөн төлөйт, ооруну кенебеген өлөт.
* Дооң жок болсо, бай болосуң.
* Дооң жок болсо, кепил бол.
* Доочу келсе, мал кетет.
* Доочу суз болот, казы митайым болот.
* Дос айрылат, сөөк кайрылат.
* Дос алдында жооп берүүдөн,
  душман алдында өлгөн жакшы.
* Дос балаада билинер, баатыр талаада билинер.
* Дос башка карайт, душман аякка карайт.
* Дос бергенин доолайт.
* Дос бир күндүк, куда миң жылдык.
* Дос гүл болсо, душман күл болот.
* Дос деген ыйык нерсе, эгер аны баалай билсе.
* Дос, доско жаныңды кош.
* Дос доско күнүмдүк, куда-сөөгүң түбөлүк.
* Дос досту кыйынчылыкта таштабайт.
* Дос, досту үлпөттө сынайт.
* Дос жеритип сүйлөйт, душман эритип сүйлөйт.
* Дос, жолдош – бир жылдык,
  куда-сөөк – миң жылдык.
* Дос жүрөгү бир болот, бирге өнөт,
  жыргал менен жыласты бирге бөлөт.
* Дос изде, душман өзү табылат.
* Дос кадырын билбеген айрылат,
  от жалынын билбеген каарылат.

* Доско берип турсаң жакшы,
бербей калган күнү бергенин кайта доолайт.
* Доско ишенгиче, доораныңды байлана жүр.
* Доско күлкү, душманга таба.
* Дос көтөрөт көңүлдү, мал көтөрөт өлүмдү.
* Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат.
* Дос менен дос болсоң – мактан,
кас менен дос болсоң – сактан.
* Досондону ант урат, куданданы бата урат.
* Досондонун жаны бир, куданданын малы бир.
* Дос – сенин күзгүң.
* Доссуз адам – канатсыз куш.
* Дос сыйлайт, душман кыйнайт.
* Дос сыртыңдан мактаар, душман көзүңчө мактаар.
* Дос таарынса, бергенин алат.
* Дос табылбайт, акча табылат.
* Дос табышат, душман кагышат.
* Дос тапмак арзан, аны күтмөк кыйын.
* Достон сакта кудай, душмандан өзүм сактанам.
* Достордун кызганычы –
душмандын урушунан да жаман.
* Досторуңа таттуу бол, душманыңа катуу бол.
* Достук бар жерде – тынчтык бар.
* Достук барча байлыктан абзел.
* Достук тар кыяда сыналат.
* Достуктун наркы доорунда.
* Достун достугу башыңа иш түшкөндө билинет.
* Достун жаны бир, тууганды малы бир.
* Достун каны башка, жаны бир.
* Достун көңүлү бир тыйындан калат.
* Достун орду – төр, кастын орду – көр.
* Достун түбү – маймак, ууруну түбү – айгак.
* Досу жок жан жетимден да жаман.
* Досу жок киши канаты жок куштай.
* Досу көп менен сыйлаш,
досу аз (жок) менен сырдаш.
* Досу көптү жоо албайт, акылы көптү доо албайт.

* Досум, дос элек коон үзгөндө,
кас болдук го бозо сүзгөндө.
* Досум, дос элек – коон үзгөндө,
көзүңдү сүзүп калыпсың – бозо сүзгөндө.
* Досуна карай күлкүсү, тоосуна карай түлкүсү.
* Досунан ажыраган – өзүнө өзү душман.
* Досуңа жардам керек болсо, эртеңкиге калтырба.
* Досуң амандыкты тилейт,
душманың жамандыкты тилейт.
* Досуңа сыр айтпа, досуңдун да досу бар.
* Досуң баягыдай эмес, баягыдай болсо аягыдай эмес.
* Досуңдан сырыңды жашырба,
душманыңдан башыңды ашырба.
* Досуңдан (төркүнүңдөн) төө сура,
уялгандан бээ берет.
* Досуңду барчылыкта да, жокчулукта да сына.
* Досуңдун ашын касыңдай ич.
* Досуңдун бергенинин тишин ачпа.
* Досуңдун бычагы менен мүйүз кес,
душмандын бычагы менен кийиз кес.
* Досуңдун жүзү аздык кылат,
душманыңдын бири көптүк кылат.
* Досуңдун касынан сактан, касыңдын досунан сактан.
* Досуңдун көңүлү бир атым насыбайдан калат.
* Досуңдун маңдайы жарык болсо,
ишиңдин оң келгени ошол.
* Досуңдун сөккөнүнөн коркпой,
касыңдын өпкөнүнөн корк.
* Досуңдун сүйгөн буюмун сураба.
* Досуңдун тепкени – душманыңдын өпкөнүнөн артык.
* Досуңдун тоогун алсаң, канжыгасына каз байла.
* Досуңдун эсеби туура чыкса, кудуңдайт.
* Досуңду токтотпо – жолунан калат,
касыңды токтотпо – сырыңды алат.
* Досуң жаман болсо көралбайт,
жок болсоң бералбайт.
* Досуң канча болсо, душманың ошончо.

* Досуң күзгүдөй, сындырсаң эптей албайсың.
* Досуң миң болсо да – аз,
душманың бирөө болсо да – көп.
* Дос – эгиз, душман – сегиз.
* Дос элдешет, душман эрегишет.
* Дөө карыпты урат, карып жолдо турат.
* Дөөлөр келсе, шаалар качыптыр.
* Дөөлөр келсе, шаалар көчүгүн кысат.
* Дөөлөт басса эт басат, мээнет басса бит басат.
* Дөөлөт деген тоголок – токтотууга эр керек,
мээнет деген жапалак – кетирүүгө эр керек.
* Дөөлөт куш консо чымын башына,
зымырык куш келээр күндө кашыңа.
* Дөөлөт күтсө кээ бир пенде эсирет,
анын арты болот кайгы касирет.
* Дөөлөт – тоголок, мээнет – жалпак.
* Дөөлөт толгоноордо ачуу акшыңдайт.
* Дөөлөттөн артык мээнет бар.
* Дөөлөттүү адам ток болот,
жашында жигит шок болот.
* Дөөлөтү башта турганда, ким күркүрөп жүрбөгөн.
* Дөөлөтү болуп турган соң, дөгүрсүйт акмак күркүрөп.
* Дөөлөтүң ата-энең, таалайың – уул-кызың.
* Дөөлөтүңө ишенбе, мээнетиңе ишен.
* Дөөлөтүңө да ишенбе, мээнетиңе да ишенбе,
хан болгон жаның бир күнү түшөр кишенге.
* Дөшү болсоң чыда, балка болсоң сок.
* Дубайы салам дубайдан, жардам болсун кудайдан.
* Дубалды аттап ууруга кирсең,
түрмөнүн эшигин таанысың.
* Дубана зикир чалса, бакшы чарк айланат.
* Дубанам алыңа карап зикир чал.
* Дубананы урса мазарга барат.
* Дубана таарынса, куржунуна зыян.
* Дубасы тийсе, душманга кайрыл.
* Дудук айткысы келет, төкөр баскысы келет.

* Дудук сөзгө жарабайт, ууру сакчылыкка жарабайт.
* Дудуктун душманы көп.
* Думанадан айбашы үмтөтүптүр.
* Душман алыстабайт – жанында.
* Душман буйруса барба, дос буйруса калба.
* Душманга алдансаң, жаныңдан айрыласың.
* Душманга боор оорусаң, боорго тебет.
* Душманга жаныңды берсең да, сырыңды бербе.
* Душманга катуу бол, доско таттуу бол.
* Душманга кекти кетиргенче,
денден башты кетирген артык.
* Душманга күлкү болуп, досту капа кылба.
* Душманга намыс кетиргенче, баш кетир.
* Душманга өздөй караба, тийбей койбойт зыяны.
* Душманга өлүм тилегенче, өзүңө өмүр тиле.
* Душманга таба, доско күлкү болбо.
* Душмандан бир сактан, жаман достон миң сактан.
* Душмандын биринчи кадамы –
жылмалап айткан саламы.
* Душмандын сөзү жылуу, боору таш.
* Душмандын сырты жылма, ичи кара.
* Душмандын сыртында болгончо, ичинде бол.
* Душмандын чырагына май тамызба.
* Душманды таш менен урба, аш менен ур.
* Душманды тууган дебе, туугaнды душман дебе.
* Душман жумурткадан кыр табат.
* Душман иши душман.
* Душман күлдүрүп айтат, тууган күйдүрүп айтат.
* Душман менен жеген балдан көрө,
досуң менен жеген заар артык.
* Душман не дебейт, түшкө не кирбейт.
* Душман сүйдүрүп айтат, тууган күйдүрүп айтат.
* Душман сырттан жылмаят, ичинен кубанат.
* Душман сыртында муңаят, ичинен табалап кубанат.
* Душманы жок адам болбойт.
* Душманын аяган жаралуу, катыны каралуу.

* Душманын аяган кийин өкүнөт.
* Душманыңа жаныңды берсең да, сырыңды бербе.
* Душманыңды мактаган досуңдан сак бол.
* Душманың кылдай болсо, тоодой көр,
ийнедей болсо, зоодой көр.
* Душманың суу берсе, досуңдай көр.
* Дүйнөгө күнөө аял аркылуу келген,
күнөөдөн кутулуу да аял аркылуу болот.
* Дүйнөгө түркүк (устун) болгон адам жок.
* Дүйнөдө баарынан сөз салмактуу, сөз күчтүү.
* Дүйнөдө бал таттуу эмес, жан таттуу.
* Дүйнөдө жаралгандын баары асыл,
асылдардын эң асылы аялзаты.
* Дүйнөдө нан улук.
* Дүйнөдө санаа күлүк.
* Дүйнөдө түрлүү кызык көп.
* Дүйнөнү кармап турган – эне.
* Дүйнөнү көргөн – күн, кыдырган – шамал.
* Дүйнөнү күч башкарбайт, акыл башкарат,
бирок акыл күчкө таянат.
* Дүйнөнүн күзгүсү – билим,
турмуштун күзгүсү – эмгек.
* Дүйнөнүн шамы – билим, жашоонун шамы – эмгек.
* Дүйнөнү сел алса, акмактын тушарына чыкпайт.
* Дүлөй болбос үчүн кулагыңды сакта.
* Дүлөйгө салам берсең, *атаңдын башы* дейт.
* Дүлөйдүн тилин дудук билет.
* Дүлөй кишинин оозун карайт.
* Дүлөй оозду карайт, сокур тыңшайт.
* Дүлөй укканын койбойт, сокур көргөнүн койбойт.
* Дүнүйө адамды таппайт, дүнүйөнү адам табат.
* Дүнүйө бирде бетин көрсөтөт, бирде артын көрсөтөт.
* Дүнүйө бирде шамчырак, дүнүйө бирде зар кылат.
* Дүнүйө бир тыйындан куралат.
* Дүнүйөгө мас болбогон, мансапка кол көтөрбөйт.
* Дүнүйө карыганда маңдайга келет.

* Дүнүйө колдун кири жууса кеткен,
  өнөр куюлган кыт чапса кетпеген.
* Дүнүйөкор байлыкка мас, акылга кас.
* Дүнүйөкор – дүнүйөнүн кулу.
* Дүнүйө күнүмдүк, билим түбөлүк.
* Дүнүйө менен бейишти алыптыр.
* Дүнүйө-мүлктүн көптүгү байлык эмес,
  көңүлдүн төптүгү байлык.
* Дүнүйөнү сел алса, өрдөк-казда кайгы жок.
* Дүнүйөнү сел алсын, кара башым соо калсын.
* Дүнүйө үчүн өзүңдү отко салба,
  бирөөнүкүн күч менен тартып алба.
* Дүнүйө – чалкар көл, заман – жорткон жел.
* Дүрбөлөңдүү башчынын чолок этек,
  баканооз досу болот.
* Дыйкан болсоң – башында бол,
  чарба болсоң – кашында бол.
* Дыйканга жери байлык, балыкчыга көлү байлык.
* Дыйканга жер казына.
* Дыйкандын сүйүүсү жашыл жерде,
  учкучтун сүйүүсү көгүлтүр асманда.
* Дыйкандын түбү – кенч,
  соодагердин түбү – борч (насыя).
* Дыйкандын эмгегин жер жебейт.
* Дыйкандын эмгегин (кээде энчисин) жер кайтарат.
* Дыйкандын энчиси сепкен эгининде.
* Дыйкандын ээси көп, малчынын душманы көп.
* Дыйкан жерге тойбойт, мал чөпкө тойбойт.
* Дыйкан жерин мактайт, балыкчы көлүн мактайт.
* Дыйкан иште, молдо ашта.
* Дыйкан – март, жер жоомарт.
* Дыйкан өгүздөй күчүн берсе,
  жер инектей сүтүн берет.
* Дымак өрдө болсо, ооз баатыр болот.
* Дымак – өрдө, ооз – баатыр, тил – текебер.
* Дымыксаң капаланба, дүйнөнүн катаалына.
* Дээринде жокко – кеп бекер.

## Ж

* Жаагым сынса да, шагым сынбасын.
* Жаак жаңылаар, туяк мүдүрүлөөр.
* Жаан баарыга саат, өлгөн өзүнө саат.
* Жаан каарына алса – тамаары тамчы,
  катын каарына алса – табаары камчы.
* Жаа сынаарында катуу, суук чыгаарында катуу.
* «Жабагы жалдуу экен» деп сатып алба,
  жаманды малдуу экен деп жакын кылба.
* Жабагыны ат болбойт деп кордобо.
* Жабагыны тай болбойт деп кордобо,
  кыштан чыкса мал болот.
* Жабагы өсүп ат болот, чаппаса кылыч дат болот.
* Жабуу астында жал калат, жал калбаса жан калат.
* Жабуу, жабуу дебеңер, жайсыздан айгыр салбаңар.
* Жабыгып жүрсө жигитти жакырсың деп кордобо,
  ташыркаган бууданды баса албайт деп болжобо.
* Жабылган аяк жабылган бойдон калсын.
* Жабырлык келсе башыңа аялыңдан жакын жок.
* Жабыр тарткандарды жардам берген түшүнөт.
* Жабыр тарткан элинен мал аяган жигитпи,
  жакшы көргөн досунан жан аяган жигитпи?!
* Жабышсаң оролосуң, жаңылсаң жоголосуң.
* Жагымсыз конок жатаар маалда келет.
* Жадаткан меймандын жагымы жок.
* Жазалоо оңой, тарбиялоо кыйын.
* Жаз – арабаңды шайла, кыш – чанаңды шайла.
* Жазбаган кара жер, жаңылбаган бир алла.
* Жазбай аткан мерген бар, алыскы ишти көргөн бар.
* Жазганбаган кыздан түңүл,
  жаздай болгон кыштан түңүл.
* Жазган кулда чарчоо жок.
* Жазгы жамгырга ишенбе, кышкы күнгө ишенбе.
* Жазгы муздун жабактайынан кач,
  күзгү муздун күзгүдөйүнөн кач.

* Жазгы мээнет, күзгү ыракат.
* Жазгы суук жандан өтөт.
* Жазгы этте жазык жок.
* Жазда жамынчагың таштаба,
кышта кыйноо көрөсүң.
* Жазда жаныңды кыйнабай,
кышта казаның кайнабайт.
* Жазда кылган мээнетти, кышта көрөт дөөлөттү.
* Жазда магдырасаң, күздө жалдырайсың,
кышта дабдырайсың.
* Жазда малды айдап бак, кышта малды байкап бак.
* Жаздан эмес кыштан корк, жазганбаган кыздан корк.
* Жазда сайга конбо, кышта кырга конбо.
* Жаздыкта өлгөн – жаманат, жоодон өлгөн – салтанат.
* Жаздын аракети, күздүн берекети.
* Жаздын бир күнү бир жылды багат.
* Жаздын бир күнү жыл азыгын берет.
* Жаздын бир күнү – жылга тете.
* Жаздын жаздайы жакшы, жаштын жаштайы жакшы.
* Жаздын жыты бар, жакшынын куту бар.
* Жаздын тонун кыш кийсе, тоңуп калат азамат.
Жарыбаганга иш түшсө тозуп калат азамат.
* Жаздын уйкусу (түйшүгү) – кышка кам.
* Жаз жамгыры ылай болбойт,
ууру күчөп (же уурулуктан) бай болбойт.
* Жаз – жардыныкы, кыш – алдууну ку.
* Жаз – жарыш, күз – күрөш.
* Жаз кар эритет, жар жан сергитет.
* Жаз келсе гүл күлөт, кут келсе адам күлөт.
* Жазуучу атангандын баары эле нукура жазуучу эмес.
* Жазуучу кара кылды как жарган
калыс болууга милдеттүү.
* Жазуучулук – кол жеткис өнөр.
* Жазуучу – мезгилдин көрөр көзү, угар кулагы,
мезгилдин акылманы.
* Жазуучунун эң биринчи куралы – тил.

* Жазылбаса сыя жукпайт, жабыркаса кулак укпайт.
* Жазылган чыгарманын баары эле сонун болбойт.
* Жазында ырдап жүрбөсөң,
кышында жыргап жүрөсүң.
* Жаз эмгек маалы.
* Жайбаракат – жазга жакпайт,
жабыла (жарыша) иштөө – жалкоого жакпайт.
* Жай – бейиштин белгиси, кыш – тозоктун белгиси.
* Жайдак тилден чаң чыкпайт.
* Жайдын күнү жаш баладай.
* Жайдын этин – басып же, уйдун этин – качып же.
* Жай жакшы болсо, эл эгиндүү болот.
* Жай кийгенин кыш кийген жарды кайдан оңолсун.
* Жайкы жамгырга, кышкы күнгө ишенбе.
* Жайлоону жоо алса, кыштоону өрт алат.
* Жайлоонун көркү мал менен, өзөндүн көркү сай менен.
* Жайлуу күнү конок келбейт,
жарактуу күнү жоо келбейт.
* Жайыл дасторкон – марттыктын белгиси
(кээде жакшы зайып белгиси).
* Жайын билбей жер тандаган кызык,
алын билбей эр тандаган кызык.
* Жайын билген темирди үзөт.
* Жайында баспаган, кышында чуркайт.
* Жайында бышкан алмурут, күздү көрбөйт.
* Жайында жаткан, кышында тоңот.
* Жайында иштебей жаткан
катын кышында колун отко каткан (кактаган).
* Жайың болсо мал табылат, ашың болсо казан табылат.
* Жайыңды айтам деп барыңды айтып алба.
* Жайыт болсо мал табылат, аш болсо казан табылат.
* Жайыттуу болсо – төл өсөт,
ынтымактуу болсо – эл өсөт.
* Жакасы жок тон болбойт, жабуусу жок үй болбойт.
* Жакшы абысыныңа баргыча,
жаман кара кабыңды аңтар.

* Жакшы адам ачык сүйлөйт,
сөз тамырын казып сүйлөйт,
жаман адам сасык сүйлөйт,
өзгөлөрдү басып сүйлөйт,
адептүү сылык сүйлөйт,
амалкөй былык сүйлөйт.
* Жакшы адамга бир сөз, жаман адамга миң сөз.
* Жакшы адамга сөз илээшет,
жаман адамга чөп илээшет.
* Жакшы адамга чаң жукпайт.
* Жакшы адамда жаштык жок, тобокелдин көөнү ток.
* Жакшы адамдан бак калат,
жамандан ойдо так калат.
* Жакшы адамды кордобо, жаман адамды бордобо.
* Жакшы адамдын ачуусу бар, кеги жок.
* Жакшы адамдын досу көп, жакшы аттын ээси көп.
* Жакшы адам жайлоодогу гүлдөй,
тийип турган күндөй.
* Жакшы адам жалган айтпайт.
* Жакшы адам – жанга кубат.
* Жакшы адам жан эритип абайлап сүйлөйт,
жаман адам жан кейитип табалап сүйлөйт.
* Жакшы адам жаратылышты коргойт,
жаман адам кордойт.
* Жакшы адам жер эсебинен,
жаман адам эл эсебинен жансактайт.
* Жакшы адам иш үстүндө, жаман адам сөз үстүндө.
* Жакшы адам ката кетирсе өзүн өзү жемелейт.
* Жакшы адам он бешинде жашмын дебейт,
жүзгө чыкса карыдым дебейт.
* Жакшы адам ооруса, коноктон келгендей.
* Жакшы адам рахмат айтат,
жаман сөздү акмак айтат.
* Жакшы адам сөздү таап айтат,
жаман адам каап айтат.
* Жакшы адам тийген ай, жаман адам кара булуттай.

* Жакшы адам улууну ак дилинен урматтайт,
 кичүүнү орду менен ызааттайт.
* Жакшы адам үлгү, жаман адам күлкү.
* Жакшы адам шаар курат, жаман адам шаар бузат.
* Жакшы адам – элдин эркеси,
 жакшы жар – элдин кенчи.
* Жакшы адам эл камы үчүн күйүнөт.
* Жакшы адисти жарнама тандайт.
* Жакшы азамат белгиси ары мырза, ары кул.
* Жакшы ай менен күндөй, жакшылыгы ар кимге
 бирдей, жаман караңгы түндөй.
* Жакшы айттырбай билет, суратпай берет.
* Жакшы аким элин оңдойт,
 жаман аким элин кордойт.
* Жакшы ала болсо, алалыгын жашырбайт.
* Жакшы алака ааламды баш ийдирет.
* Жакшы алдында жазыларсың,
 жаман алдында чачыларсың.
* Жакшы – арына кул, жаман – малына кул.
* Жакшы ата алысты жакын кылат.
* Жакшы ата – жаман уулга кырк жыл азык.
* Жакшы атак жатак, жаман атак алыска качат.
* Жакшы атанын кашыктап жыйнаганын
 жаман уул чөмүчтөп чачат.
* Жакшы ат жанга шерик,
 жаман ат (кээде ит) малга шерик.
* Жакшы ат жигиттин канаты.
* Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы.
* Жакшы атка жаман ат жалы менен теңелет,
 жакшы адамга жамандар малы менен теңелет.
* Жакшы атка жаман ат жалы менен теңелет,
 жакшы аялга жаман аял калы (багы) менен теңелет.
* Жакшы ат камчы салдырбайт,
 жакшы адам көөн калтырбайт.
* Жакшы ат мал-жанга аралжы.
* Жашкы аттын жалын сактагыча,
 жакшы жигиттин арын сакта.

* Жакшы аттын тишин ачпа,
жакшы эрдин жашын сураба.
* Жакшы атын аябайт, баатыр жоону санабайт.
* Жакшы атыңдан айрылганча,
жаман козуңдан айрыл.
* Жакшы атыңды тойго мин,
жаман атыңды буйга мин, түнөп калган уйга мин.
* Жакшы ашын жейт, жаман башын жейт.
* Жакшы аял ажаатыңды ачып турат,
жаман аял төркүнүнө качып турат.
* Жакшы аял акмакты адам, жаманды жакшы,
бактысызды бактылуу кылат.
* Жакшы аял алгандын тою үйүндө.
* Жакшы аял бир айыл элди агартат,
жаман аял өз башын эптеп агартат.
* Жакшы аял – дөөлөт, жаман аял – мээнет.
* Жакшы аял жакын кошот,
талыкпай окуп акыл кошот.
* Жакшы аял жаман эрди түзөтөөр.
* Жакшы аял жаман эрди эр кылат,
жаман аял жакшы эрди жер кылат.
* Жакшы аял үйдүн жайсаңы,
жаман аял үйдүн шайтаны.
* Жакшы аял үй ээси, жаман аял жол ээси.
* Жакшы аял – ырыс, жаман аял – уруш.
* Жакшы байкап сүйлөөр,
жаман чайкап (жайкап) сүйлөөр.
* Жакшы баксаң эгинди, эгин берер тегинди.
* Жакшы бала – тилалчаак, жаман бала – уялчаак.
* Жакшы бала элпек, жаман бала тентек.
* Жакшы бала эр болот, жаман бала жер болот.
* Жакшы бардыгына жолдош,
жаман байлыгына жолдош.
* Жакшы болом десең жакыныңа жан тартпа,
бактылуу болом десең башкаларга көз артпа.

* Жакшы болсо алганың, жаркылдаган кушка окшойт, атыр жыттуу гүлгө окшойт, жаман болсо алганың, алдыңдан өткөн сызга окшош.
* Жакшы болсо – бийден, жаман болсо – кулдан.
* Жакшы болсо катының келип турат жакының, жаман болсо катының качып турат жакының.
* Жакшы болсо катының – табыла берет акылың, куусаң кетпейт жакының.
Жаман болсо катының – кете берет акылың, чакырсаң (жалынсаң) келбейт жакының.
* Жакшы болсоң – жатык бол,
ар ким жолдош башыңа, жакшы болуп,
тар болсоң, кимдер келет кашыңа.
* Жакшы болсоң жатык бол, улук болсоң кичик бол.
* Жакшы болсоң жатык бол, чындык сенден адашпайт, карапайым калыс бол – сени төмөн санашпайт.
* Жакшы болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн, таза болсоң суудай бол – баарынын кирин кетирген.
* Жакшы болсоң өздүн да, өзгөнүн да үзүрүн көрөсүң, жаман болсоң экөөнөн тең кол үзөсүң.
* Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста.
* Жакшы болуучу азамат жатып алып бий болот, жаман болуучу азамат качып жүрүп ий болот.
* Жакшы болуучу балаңды соодагер кылба.
* Жакшы врач – өмүр шериги.
* Жакшыга айтсаң билет, жаманга айтсаң күлөт.
* Жакшыга акыл айтсаң, таап алгандай сүйүнөт, жаманга акыл айтсаң, алдап алчудай күйүнөт.
* Жакшыга берсең ашыңды,
жакшы сыйлаар башыңды.
* Жакшыга бир сөз, жаманга миң сөз.
* Жакшыга да бир ата, жаманга да бир ата.
* Жакшыга дөөлөт келсе,
аны жамы журт менен бөлүшөт.
* Жакшыга жакын болсоң колуң асманга жетер, залим менен жакын болсоң, башың жерге кирер.

* Жакшыга жакындаба өзү сени сүйбөгөн соң,
жаманга жакындаба пайдасы тийбеген соң.
* Жакшыга жалынсаң жан калат,
жаманга жалынсаң бир кашык кан калат.
* Жакшыга жалынып кутул,
жаманга жарынып кутул.
* Жакшыга жаман айтсаң, бейпай болот.
* Жакшыга жаман байлыгы менен теңелет.
* Жакшыга – жанаш, жамандан – адаш (кээде кач).
* Жакшыга жанашсаң (жолуксаң) жетесиң муратка,
жаманга жанашсаң (жолуксаң) каласың уятка.
* Жакшыга жанашсаң – максатыңа жетесиң,
жаманга жанашсаң – адашып кетесиң.
* Жакшыга жата кал, жаманга ката кал.
* Жакшыга жут жок, жаманга кут жок.
* Жакшыга жуучу барат, жаманга куучу барат.
* Жакшыга жүрүм жок, жаманга өлүм жок.
* Жакшыга кошулганың – утканың,
уурдаганың – ыйманыңды жутканың.
* Жакшыга кызмат кылсаң – кылыңды дээр,
жаманга кызмат кылсаң – жалыңды дээр.
* Жакшыга тамак, жаманга таяк.
* Жакшыга эл ишенет, жаманга жер ишенет.
* Жакшыда жалуу жок, жаманда каруу жок.
* Жакшыда жамандын сөз акысы бар,
байда жардынын көз акысы бар.
* Жакшыда жатым жок, жаманда батым жок.
* Жакшыда кек жок, жаманда эп жок.
* Жакшыда кек жок, кекчилде тек жок.
* Жакшыдан ат калат, жамандан дат калат.
* Жакшыдан башчы койсоң элди түзөтөөр,
жамандан башчы койсоң элди жүдөтөөр.
* Жакшыдан – бөөн, жамандан жаан (туулат).
* Жакшыдан – жаан, жамандан – мөөн.
* Жакшыдан жаман туулат, адам айтса чыдагыс,
жамандан жакшы туулат адам айтса ынангыс.

* Жакшыдан жаман туулат бир аяк ашка алгысыз.
* Жакшыдан жаман туулса – чыгаша,
  жамандан жакшы туулса – киреше.
* Жакшыдан жаман туулса эм табылбайт,
  жамандан жакшы туулса тең табылбайт.
* Жакшыдан наам калат, жамандан дарт калат.
* Жакшыдан пайда тийбейби – эки таалай төп болсо,
  жамандан пайда тийбейби – өз курсагы ток болсо.
* Жакшыдан сөз калат, соодагерден бөз калат,
  усталардан дат калат, молдолордон кат калат.
* Жакшыдан чыккан кеп жанга сеп.
* Жакшы деген бир ат бар кууса жеткис,
  жаман деген бир ат бар жууса кеткис.
* Жакшы дос биртуугандан кем эмес.
* Жакшы дос жан жыргатаар азык,
  жаман дос башка тиер казык.
* Жакшы дос пайдасын тийгизбесе да,
  зыянын тийгизбейт.
* Жакшы жалган айтпайт, жалгандан пайда таппайт.
* Жакшы – жаман тизгиндеш, ач-ток өнөктөш.
* Жакшы жакынына жан тартпайт,
  бактылуу башкага көз артпайт.
* Жакшы жанына жолдош, жаман малына жолдош.
* Жакшы жаңылса өзүнөн көрөт,
  жаман жаңылса башкадан көрөт.
* Жакшы жар – жайнаган дөөлөт,
  жаман жар – жабышкан мээнет.
* Жакшы жар марытат, жаман жар карытат.
* Жакшы жарсыз өткөн күн курусун.
* Жакшы жашынан эл башкарат,
  жаман карыган сайын жашарат.
* Жакшы желик болот, жүк көтөргөн көлүк болот.
* Жакшы жетекчи элин түзөйт.
* Жакшы жигит көктөгү (асмандагы) жылдыз.
* Жакшы жигит элин өргө сүйрөйт,
  жаман жигит элин көргө сүйрөйт.

* Жакшы жигит эл камы үчүн жүгүрөт,
жаман жигит өз камы үчүн жүгүрөт.
* Жакшы жигит сыртта – мырза, үйдө – кул,
жаман жигит үйдө мырза – сыртта кул.
* Жакшы жолго салат, жаман орго салат.
* Жакшы жубайдын жаны башка
болгону менен дити бирге.
* Жакшы – жумуш башында, жалкоо – үй кашында.
* Жакшы – журтунун камын жейт,
жаман – журтунун малын жейт.
* Жакшы жүргөн жерине тынч салар,
жаман жүргөн жерине өрт салар.
* Жакшы жүрмөк бар, жакшы өлмөк жок.
* Жакшы жүрүүгө умтулсаң, кадамың узарат.
* Жакшы зайып жаман эрди бий кылат,
жаман эркек жакшыны алса күң кылат.
* Жакшы зайып – жарым ырыс,
жаман катын – күнүгө уруш.
* Жакшы зайып таранчыны таеке,
бөдөнөнү бөлө кылат.
* Жакшы зайып үйдүн куту.
* Жакшы зайып тартарды таап, бөдөнөнү бөлө кылат.
* Жакшы ит жалпы айылды кайтарат.
* Жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт.
* Жакшы ишке келет, жаман ашка келет.
* Жакшы иштин эрте-кечи жок.
* Жакшы кайык кемедей, жакшы жеңе энедей.
* Жакшы карасаң сүттөн да кара табасың.
* Жакшы катын жаман эрди зор кылат,
жаман катын жакшы эрди кор кылат.
* Жакшы катын жаман эрди эр кылат,
жаман катын жакшы эрди жер кылат.
* Жакшы катын – жарым ырыс.
* Жакшы катын жарынын жакшылыгын асыраар,
жамандыгын жашыраар.

* Жакшы катын – капкалуу шаар,
жаман катын – ичи толгон заар.
* Жакшы катын – катын, жаман катын – отун.
* Жакшы катын – үйдүн көркү,
жакшы чапан – тойдун көркү.
* Жакшы катын – ырыс, жаман катын – уруш.
* Жакшы катын эр чанбайт,
жаман катын эр тандабайт.
* Жакшы келин – келин, жаман келин – өлүм.
* Жакшы келсе – дөөлөт, жаман келсе – мээнет.
* Жакшы келсе – кут, жаман келсе – жут.
* Жакшы келсе – таң аткандай,
жаман келсе – күн баткандай.
* Жакшы кеңеш – жарым ырыс.
* Жакшы кеңеш – жарым ырыс,
жаман санат – бу да дурус.
* Жакшы кеп – жандын азыгы,
жаман кеп – жандын казыгы.
* Жакшы китеп жанга дос.
* Жакшы киши калааны курат,
жаман киши калааны бузат.
* Жакшы киши карыса да, акылынан танбас.
* Жакшы киши мал бакса, торугун семиртет,
жалкоо киши мал бакса сөөгүн итке кемиртет.
* Жакшы киши менен жанашкан жакшы.
* Жакшы киши ооруса тойго барып келгендей,
жаман киши ооруса көрдөн чыгып келгендей.
* Жакшы киши үлгү, жаман киши күлкү.
* Жакшы колбашчы элин ойлойт,
жаман адам карышкырдай жойлойт.
* Жакшы конок ток болот, жаман конок шок болот.
* Жакшы коңшу – жан азыгы,
жаман коңшу – баш казыгы.
* Жакшы кошунаң – бөксөрбөгөн казынаң.
* Жакшы көргөн досунан мал (кээде ат)
аяган жигитпи.

* Жакшы көргөн досуңа ат байлатып сына.
* Жакшы көргөн досуңдун, атын алба, тайын ал.
* Жакшы көрөт деп бара бербе, берет деп ала бербе.
* Жакшы көрсөң жарыңды бергиң келет жаныңды.
* Жакшы курбудан ажыраганың –
жарым өмүрдөн ажыраганың.
* Жакшы кушка жаман куш табы менен теңелет,
жакшы кызга жаман кыз багы менен теңелет.
* Жакшы күндө достор сүйүнөт,
жаман күндө душман күлөт.
* Жакшы күндө душман дос, жаман күндө тууган дос.
* Жакшы кызга жаман кыз багы менен теңелет.
* Жакшы кыздын башында бермет менен шуру ойнойт,
жаман кыздын башында сирке менен бит
(кээде какач менен кир) ойнойт.
* Жакшы кыз – жакадагы кундуз,
жакшы уул – көктөгү жылдыз.
* Жакшы кыз кылыгы менен,
жакшы ийне учугу менен.
* Жакшы кыз эрден чыкпайт,
эрден чыкса да элден чыкпайт.
* Жакшы кылсаң өзүңө, жаман кылсаң өзүңө,
өйдө карап түкүрсөң, кайта түшөр көзүңө.
* Жакшылардын сөздөрү май сепкендей,
жамандардын сөздөрү тай тепкендей.
* Жакшылар – жан дүйнөнү тазарткандар,
жанына жете албай көп адам зар.
* Жакшылар улууну ак дилинен урматтайт,
кичүүнү орду менен ызаттайт.
* Жакшылыгын алса – үт (кут),
жамандыгын алса – жут.
* Жакшылыгында – жар, жамандыгында – кор.
* Жакшылык ай менен күндөй, бардык элге бирдей,
жаралганың чын болсо, пайда кыл карап жүрбөй.
* Жакшылык бапырап көп келбей,
бириндеп жалгыз келет.

* Жакшылык бачым таралат,
ийгилик иштен жаралат.
* Жакшылык болсо билип ал, жаш куракта билим ал.
* Жакшылык жаандан башталат.
* Жакшылык жакшылык менен бүтпөйт.
* Жакшылык – жамандыкты бирдей ойлон.
* Жакшылык жан эритет, жамандык жан кейитет.
* Жакшылык жасагандын жүрөгү жүктөн кутулат.
* Жакшылык – жерде калбайт,
жамандык – эстен чыкпайт.
* Жакшылык жолдо калбайт,
асыл таш жерде калбайт.
* Жакшылыкка жакшылык – ар адамдын башында,
жамандыкка жакшылык – эр адамдын башында.
* Жакшылыкка жакшылык ар адамдын кылаары,
жамандыкка жакшылык эр адамдын кылаары,
жамандыкка жамандык кем адамдын кылаары,
жакшылыкка жамандык көр адамдын кылаары.
* Жакшылыкка жакшылык – ар кишинин ишидир,
жакшылыкка жамандык – көр кишинин ишидир,
жамандыкка жакшылык – эр кишинин ишидир,
жамандыкка жамандык – кем кишинин ишидир.
* Жакшылыкка сагынып зарыгуу көп,
жетем деп жаңылуу көп.
* Жакшылык көрсө дүңгүрөп калат,
жамандык көрсө үлдүрөп калат.
* Жакшылык кылсаң бирөөгө бир жамандык ойлонот,
жамандык кылсаң бирөөгө тагдырым деп тим болот.
* Жакшылык кылсаң – ырыска батасың,
калпың кармалса кайда качасың?
* Жакшылык менен жамандык өнөктөш,
жарнама иштин ийгилигине көмөктөш.
* Жакшылык өмүр шамы, чөккөн көңүлдү чалкытат,
өчкөн отту тамызат.
* Жакшылыкта көппөгөн,
жамандыкта чөкпөгөн улуулуктун белгиси.

* Жакшылыктан кечик, жамандыктан кечикпе.
* Жакшылыкты досуңа кыл, досуңдан артса өзүңө кыл.
* Жакшылыктын жарыгы өчпөйт.
* Жакшылыктын жолу узун, жанашкандын (ыймандуунун) колу узун.
* Жакшылыктын кечи жок.
* Жакшылыкты унуткан жамандыкка жолугат.
* Жакшылык чырак жандыраар, жамандык түн түшүрөөр.
* Жакшы максат – бүтүн кылат, жаман максат – күкүм кылат.
* Жакшы мактанып эсебин табаар, жаман мактанып катынын сабаар.
* Жакшы малдын тишин ачпа, жакшы адамдын жашын сураба.
* Жакшы мал жанга аралжы, жакшы дос малга аралжы.
* Жакшы мал өлсө жанга себеп.
* Жакшы менен бир жүрсөң барасың суугa, жаман менен бир жүрсөң каласың чууга.
* Жакшы менен дос болоорсуң, жакының талашса, жашка жем болоорсуң.
* Жакшы менен дос болсоң, өлгүчөктү коштошот.
* Жакшы менен дос болсоң ырыскысын тең бөлөт, жаман менен дос болсоң – өзүнөн сени кем көрөт.
* Жакшы менен жанашсаң (жүрсөң), жетесиң муратка, жаман менен жанашсаң, каласың уятка.
* Жакшы менен жолдош болсоң оозуңа аш тиер, жаман менен жолдош болсоң оозуңа таш тиер.
* Жакшы менен жүргөн жарыйт, жаман менен жүргөн убайым тартып карыйт.
* Жакшы менен жүрсөң – күндө базар, жаман менен жүрсөң – күндө азар.
* Жакшы миңге керек.
* Жакшы нерсе аз болот, жаман жүрөк таш болот.
* Жакшы нерсени эрмектеген жакшы.

* Жакшы ниет – жарым иш.
* Жакшы ниет – жарым ырыс.
* Жакшыны жакшы өлтүрбөйт,
  жакшыны жаман өлтүрөт.
* Жакшыны жараштыр, жаманды адаштыр.
* Жакшыны жатым дебе,
  жаманды өзүм (же досум) дебе.
* Жакшыны жолдошунан тааны.
* Жакшыны коштой бил,
  жаманды баштай (таштай) бил.
* Жакшыны көргөн,
  жаманды бөлгөн – бул акылмандык.
* Жакшыны көрмөк жанга ырыс.
* Жакшыны көрсөң жакшы болосуң,
  бакшыны көрсөң бакшы болосуң.
* Жакшыны көрүп пикир кыл,
  жаманды көрүп шүкүр кыл.
* Жакшыны кыдыр жылоолойт.
* Жакшыныкын сатып ич, жамандыкын басып ич.
* Жакшыны мактасаң жарашат,
  жаманды мактасаң адашат.
* Жакшыны мактасаң жоону чабат,
  жаманды мактасаң каман чалат.
* Жакшыны мээнет чырмаса,
  жакыны менен кас болот,
  баланы мээнет чырмаса сарыкарт түшүп таз болот.
* Жакшынын акылы ташка тамга баскандай,
  жамандын акылы түз жерге казан аскандай.
* Жакшынын алакасы жетик, колу ачык,
  аттанып чыкса жолу ачык.
* Жакшынын асты тар, арты кең келет.
* Жакшынын аттан жыгылганы да жакшы.
* Жакшынын аты жакшы.
* Жакшынын аты өчпөйт.
* Жакшынын баркын жаман билбейт.
* Жакшынын бир аты залим, бир аты зулум.

* Жакшынын бир сөзү – бир төөлүк.
* Жакшынын жакшы билер сымбатын, жамандар кайдан билсин адамдын арзан менен кымбатын.
* Жакшынын жакшылыгын айт, атагы ашсын, жамандын жамандыгын айт, куту качсын.
* Жакшынын жакшылыгы тиет ар жерде, жамандын жамандыгы тиет тар жерде.
* Жакшынын жакыны жар болот.
* Жакшынын жарыгы жалпыга тиет.
* Жакшынын жаты болбойт, жамандын уяты болбойт.
* Жакшынын жүзү жарык, жамандын жүзү чарык.
* Жакшынын жүргөн жери тынч, жамандыкы – өрт.
* Жакшынын иши да, сөзү да элге пайда, жаманда андай сапат кайда?
* Жакшынын иши жугат, жамандын бити жугат.
* Жакшынын кеби жайдары, капаңды жазат кайдагы.
* Жакшынын колуна мал түшсө жалпы эл менен көрөр, жамандын колуна мал түшсө түбөлүк кетпестей көрөр.
* Жакшынын көзү көр, кулагы кер.
* Жакшынын көкүрөгү элге калкан.
* Жакшынын көөнүн калтырганча, жамандан муш же.
* Жакшынын курбусу көп теңи жок, ачуусу бар кеги жок.
* Жакшынын кылыгы артык, жамандын былыгы артык.
* Жакшынын өзү да жакшы, сөзү да жакшы, жамандын өзү да жаман, оозунан чыккан сөзү да жаман.
* Жакшынын өзүн көр, сөзүн ук.
* Жакшынын өзү өлсө да, иши калат.
* Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт.
* Жакшынын өмүрү жарым.
* Жакшынын сөзү жан эргитет, жамандын сөзү жан кейитет.
* Жакшынын сөзү жатык болот, жамандын сөзү кычык болот.

* Жакшынын сөзү каймак, жамандын сөзү токмок.
* Жакшынын сөзү кепил, жамандын өзү кепил.
* Жакшынын сөзүн капка сал.
* Жакшынын сөзүнө өсөсүң, жамандын сөзүнө өчөсүң.
* Жакшынын сөзү ташка тамга баскандай.
* Жакшынын сөзү таш эритет,
  жамандын сөзү баш чиритет.
* Жакшынын сыры ичинде,
  жамандын сыры сөзүндө (кээде сыртында).
* Жакшынын тебетейи кебинен жанбайт
  (кээде сынынан кетпейт).
* Жакшынын тоюна бар, жамандын өлүмүнө бар.
* Жакшынын шарапаты жалпыга жарык чачат.
* Жакшынын – шарапаты, жамандын – кесепети.
* Жакшынын шарапаты тиет,
  жамандын кесепети тиет.
* Жакшыны отко салса ойноп турат,
  көлгө салса күлүп турат.
* Жакшыны сөз өлтүрөт, жаманды таяк өлтүрөт.
* Жакшыны сөз ээрчийт, жаманды чөп ээрчийт.
* Жакшыны сыйласаң эсинен кетпейт,
  жаманды сыйласаң эшигиңден кетпейт.
* Жакшыны уккуң келсе, жаманды айтпа.
* Жакшы он бешинде жашмын дебейт,
  жүзгө чыкса карыдым дебейт.
* Жакшы оозго – аш, жаман оозго – таш.
* Жакшы өлсө бир өлөт, жаман өлсө миң өлөт.
* Жакшы өмүрдөн кетсе да, көңүлдөн кетпейт.
* Жакшы өмүрдүн алды өрт, арты күн.
* Жакшы өскөн бала эшикте калган ата-энесин төргө
  чыгарар, жаман өскөн бала төрдөгү ата-энесин
  сыртка чыгарар.
* Жакшы падыша душманын доско айлантат,
  жаман падыша досун душманга айлантат.
* Жакшы санаа (тилек, сөз, үмүт, ниет) –
  жарым ырыс (дөөлөт).

* Жакшы санаалаштын белгиси – барын алышып, жогуна таарынышпоо.
* Жакшы сөздү айбан да билет (кээде түшүнөт).
* Жакшы – сөздү таап сүйлөйт, жаман – каап сүйлөйт.
* Жакшы сөз жандын эшиги.
* Жакшы сөз – жарым дөөлөт.
* Жакшы сөз менен жылан ийинден чыгыптыр.
* Жакшы сөз – сөз ургаалы, жан жыргалы.
* Жакшы сөз – суу, жаман сөз – уу.
* Жакшы сөз – сылык сөз, жаман сөз – сенек сөз.
* Жакшы сөз уккуң келсе, жаман айтпа.
* Жакшы сөзү менен күлдүрөт, назы менен күйдүрөт, мээрими менен сүйдүрөт.
* Жакшы сөзү менен соороттот, жаман токмогу менен ыйлатат.
* Жакшы сүйлөгөн дурус, жакшылап укканга эмне жетсин.
* Жакшы сүйлөсө – оозунан гүл төгүлөт, жаман сүйлөсө – оозунан жин төгүлөт.
* Жакшы сүйлөсөң бекер берет.
* Жакшы сыйлайт дили менен, жаман кыйнайт тили менен.
* Жакшы – сылык, жаман – орой, таз – кыйык.
* Жакшысы менен эл эстүү.
* Жакшы таап айтат, жаман каап айтат.
* Жакшы таз башын жашырбайт, жакшы дос (же аял) ашын жашырбайт.
* Жакшы тамак жайдары кылат.
* Жакшы тамак калгыча, жаман курсак жарылсын.
* Жакшы тарбиядан жашоо жеңил.
* Жакшы тартип орнотсоң элиң сыйлайт, ансыз элиң бир уучка сыйбайт.
* Жакшы тилек – жарым ырыс.
* Жакшы тондун жакасы бар, жеңи жок, жакшы адамдын ачуусу бар, кеги жок.
* Жакшы төөнүн мурду жырылбайт.

* Жакшы уктагың келсе, жатаарда тоё ичпе,
болбосту ойлонуп капага түшпө.
* Жакшы ургаачы колго түшсө күң болбойт.
* Жакшы ургаачынын колунда куту,
мойнунда ырысы толо.
* Жакшы уул – асмандагы жылдыз,
жакшы кыз – жакадагы кундуз.
* Жакшы уул – атадан, жаман уул – батадан.
* Жакшы уулдун башына ырыс менен кенч ойнойт,
жаман уулдун башына келтек менен камчы ойнойт.
* Жакшы уулдун белгиси азыраак сүйлөп, көп тыңдайт,
жаман адам белгиси көбүрөөк сүйлөп, аз тыңдайт.
* Жакшы уул үй тургузат, жаман уул үй бузат.
* Жакшы уул – элине баш, жаман уул – элине кас.
* Жакшы уул эл ишине жарайт,
жаман уул колуңду карайт.
* Жакшы уул – эл камында, жаман уул – өз камында.
* Жакшы үмүт – жарым ырыс.
* Жакшы чыкса келиниң – уулуңду кайра төрөйсүң,
жаман чыкса келиниң – өз уулуңа өгөйсүң.
* Жакшы ыр жан жыргатат.
* Жакшы элге бат сиңет.
* Жакшы – элди алга сүйрөйт,
жаман – өлүмгө сүйрөйт.
* Жакшы – эли менен, жер – кени менен.
* Жакшы эл камын ойлойт, жаман өз камын ойлойт.
* Жакшы элпек болот,
жамандын колунда келтек болот.
* Жакшы эрге жайсыз аял туш келет.
* Жакшы эрге жаман эр малы
(кээде жары) менен теңелет.
* Жакшы эрдин жашын сураба,
жакшы аттын тишин ачпа.
* Жакшы эркек кыз кыялын сезип турат,
жаманы кендириңди кесип турат.
* Жакшы эр эли менен, жакшы жер кени менен.

* Жакшы эр (кээде жигит) элин өргө сүйрөйт,
жаман эр (кээде жигит) элин көргө сүйрөйт.
* Жакынга көз жеткирет, алыска тил жеткирет.
* Жакындагы тебишет, ыраактагы кишенешет.
* Жакындан кыз алсаң – кулагың тынбайт,
ыраактан кыз алсаң – уулуң тынбайт.
* Жакынды жаралаба, алысты каралаба.
* Жакын талашса – жатка жем.
* Жакыны көп жазганбайт.
* Жакынын сыйлабаганды жат сыйлабайт.
* Жакыныңдан алган жараат,
баарынан жаман оорутат.
* Жакырдын жайын жалчы билет.
* Жакырчылык – илдет, жан багуу – милдет.
* Жалакор жалаа издейт, паракор жалаадан кетпейт.
* Жалам айраны жок баласынын аты Жууратбек.
* Жалаң кудайга ишенген жөө калат.
* Жалгабаган кудайга жалынбаса не болот?
* Жалганды чын кайтараар.
* Жалган жерден өрт чыкпайт.
* Жалган нерсе кумарлуу, анын азгырыгы күчтүү.
* Жалган сөз бел ашырган менен эл ашырбайт.
* Жалган сөзгө жабыкпа, жалгандыгын аныкта.
* Жалган сөздөн кут качат.
* Жалган сөз, жамаачы токтобос бөз.
* Жалган сөз сени жарытпайт,
чындык сөз сени карытпайт.
* Жалганчы аксактан мурда колго түшөт.
* Жалганчынын чын сөзү жалганга кетет.
* Жалганчы өлгөн адамды күбө тутат.
* Жалган эсеп түпкө жетет.
* Жалгыз аары жарытып бал жыйнабас.
* Жалгыз аттуу жарышка тойбойт.
* Жалгыз аттуу жарышчаак, жаман катын урушчаак.
* Жалгыз аттуу жарышчаак,
жаман тондуу күрөшчөөк.

* Жалгыз аттын чаңы чыкпайт,
  жалгыз эрдин даңкы чыкпайт.
* Жалгыз аттын чаңы чыкпайт,
  чыкса да даңы чыкпайт.
* Жалгыз бала атка чапса, атасы көчүгүн көтөрөт.
* Жалгыз болсоң жакшынын жөрөлгөсү
  жанында болсун.
* Жалгыз болсоң чогоол бол, көп жанынан түңүлсүн,
  жарды болсоң кооз бол, бай жанынан
  (кээде малынан) түңүлсүн.
* Жалгыз болсоң шок бол.
* Жалгыз бээ жан сактайт, эки бээ эл сактайт.
* Жалгызга жылдыз жолдош.
* Жалгызга кудай жар.
* Жалгыз дарак токой болбойт,
  жалгыз таруу ботко болбойт.
* Жалгыздыгын жашырган көбөйбөйт.
* Жалгыздык – жалдыратат,
  жалкоолук – шалдыратат.
* Жалгыздык жанды жейт.
* Жалгыздык жарга урунуп серпилген суу сымал.
* Жалгыздын жары – кудай.
* Жалгыздын колунан келбеген,
  жаамы журттун колунан келет.
* Жалгыз жүргөн жарыбайт, жарыса да марыбайт.
* Жалгыз жүрүп жол тапканча, көп менен бирге адаш.
* Жалгыз жыгач үй болбойт,
  жалгыз жигит бий болбойт.
* Жалгыз иттин үргөнү билинбейт,
  жалгыз кишинин жүргөнү билинбейт.
* Жалгыз карга бокко тойбойт.
* Жалгыз кол түйүн чечпейт.
* Жалгыз кыз – жалама туз, эки кыз – эрмек кыз,
  үч кыз – ата-энеге күч кыз.
* Жалгыз кылган уурунун жаманаты жалпыга.

* Жалгыз өгүз кош болбойт, эки арамза (жаакташкан, жакалашкан) дос болбойт,
  дос болсо да акыбети оң болбойт.
* Жалгыз өлө жегиче, досуң менен бөлө же.
* Жалгыз өлсө – чуу чыкпайт,
  жар ураса суу чыкпайт.
* Жалгыз таруу ботко болбойт,
  жалгыз адам тутка болбойт.
* Жалгыз үйдүн тамагы жетсе да, табагы жетпес.
* Жалгыз чапкан ат күлүк.
* Жалгыз эрдин аты чыкпайт,
  аты чыкса да заты чыкпайт.
* Жалдуу болсо – ат, жакалуу болсо – тон.
* Жалкоо ат үстүнөн орок орот.
* Жалкоо – ашка белен, ишке кереӊ.
* Жалкоо «биз бүтүрдүк» деп,
  бүткөн иштин башында.
* Жалкоого алкоо жок.
* Жалкоого аш болсо да, иш болбосо.
* Жалкоого жанашып алсаң,
  шылтоонун астында каласың.
* Жалкоого жанындагы суу ыраак.
* Жалкоого иш буюрсаң, өзүңө акыл үйрөтөт.
* Жалкоого иш тапшырсаң, шылтоо издейт.
* Жалкоого кеч кирбейт, жаманга эс кирбейт.
* Жалкоого күн кечкирбейт.
* Жалкоого шылтоо көп.
* Жалкоо жарыбайт.
* Жалкоо жеңилдин асты менен,
  оордун үстү менен жүрөт.
* Жалкоо карап отуруп чарчайт.
* Жалкоо «качан тамак берет» деп,
  катынынын кашында.
* Жалкоо киши айылчы.
* Жалкоо күн батаарын күтөт,
  эмгекчил таң атаарын күтөт.

* Жалкоолор үчүн кара жер бети тайгалак.
* Жалкоолук адамды карытат, эмгек адамды байытат.
* Жалкоолук оорудан жаман.
* Жалкоолук шорду кайнатат,
ак эмгек майды чайнатат.
* Жалкоо менен жармакташпа.
* Жалкоону алкы башкарат,
ак ниетти намыс башкарат.
* Жалкоону ишке жумшасаң, жанындагыны көрсөтөт.
* Жалкоонун жан жолдошу уйку.
* Жалкоонун жаны таттуу, эмгектин наны таттуу.
* Жалкоонун иши аз, себеби көп.
* Жалкоонун коону ак болот,
бышып, бышып, жел болот.
* Жалкоонун сыркоосу көп,
жандиминин шылтоосу көп.
* Жалкоонун үйүндө отун жок,
соргоктун үйүндө тамак жок.
* Жалкоонун шылтоосу көп.
* Жалкоонун эңсегени эс алуу.
* Жалкоонун эрмеги көп, ишмердин иши көп.
* Жалкоону төө үстүнөн ит кабат.
* Жалкоо өзүнө өзү жоо.
* Жалкоо санаасы менен байыйт.
* Жалпыга кошулганың утканың,
уурдаганың ыйманыңды жутканың.
* Жалпылап көтөргөн жүк жеңил.
* Жалтанбаган – жоону жеңет,
жадабаган – зоону жеңет.
* Жалчы жумшаган жарыбайт,
кул жумшаган куунабайт.
* Жалчы мал багат, жакшылар калың салат.
* Жалы барда чамынган жаман аттын белгиси,
жаны барда жалынган жаман эрдин белгиси.
* Жалы болсо – ат, жакасы болсо – тон.
* Жалындуу жаштык кезинде жазгы суудай ташкында.

* Жалындуу кайран жаштык чак,
  кенч дөөлөттүү кетпес бак.
* Жалындуу эрдин белгиси –
  жалтанбай тосот жоо бетин.
* Жалындын оту өчөт, жалаанын оту өчпөйт.
* Жалын пастайт, желпилдеген чок калат.
* Жалынса жакшы кечээр, чапса болот өтөөр.
* Жаман агайын – күнүчүл, жакшы агайын –
  сыйчыл (кээде сынчыл, чынчыл).
* Жаман адам жакшыны да жаздым көрөт.
* Жаман адам жакшыны таанибайт.
* Жаман адам жарманын кызуусу менен жоого аттанат.
* Жаман адам жолдошун карытаар.
* Жаман адам кетсе, дүйнө кеңип калгандай,
  жакшы адам кетсе, дүйнө кемип калгандай.
* Жаман адам көңүл чөктүрөт, өзүңдү да,
  жолдошуңду да сөктүрөт.
* Жаман адам мактанса, жакшыны сабап салдым дээр,
  жаман чечен мактанса, баарын айтып салдым дээр.
* Жаман адам менен арам оокаттын кесепети тиет.
* Жаман адам өзү боло албайт, болгонду көрө албайт.
* Жаман адам (кээде киши) өз үйүндө коноксуйт.
* Жаман адам өз ырыскысына өзү түкүрөт.
* Жаман адам сыйды билбейт.
* Жаман адат түшсө чыгалгыз ор сыяктуу.
* Жаман айгак жанынан тартат.
* Жаман айгыр энесине (кээде үйрүнө) тап.
* Жаман айтпай, жакшы жок,
  жарагың болсо көөнүң ток.
* Жаман айыл болгонун милдет кылат.
* Жаман атка жал бүтсө жанына торсук байлатпайт,
  жаман эрге мал бүтсө жанына коңшу жайлатпайт.
* Жаман атка миң камчы, жакшы атка бир камчы.
* Жаман (же жалгыз) аттуу жарышчаак,
  жаман тондуу күрөшчөөк.

* Жаман атты жакшы бакса тулпар болот,
жаман кушту жакшы бакса шумкар болот.
* Жаман атты жакшы бакса тулпар болот,
күйкөнүн табын тапса шумкар болот.
* Жаман атты жал басат, жаман кишини чач басат.
* Жаман атты мингенче жөө жүргөн артык,
жаман катын алганча бойдок жүргөн артык.
* Жаман аял белгиси казаны калат жуулбай,
кабы калат буулбай.
* Жаман аялдын бычагы экөө: бири – колунда,
бири – оозунда.
* Жаман аялдын тили узун, жакшы аялдын колу узун.
* Жаман аял – жакшы эркекти жер кылат,
жакшы аял – жаман эркекти эр кылат.
* Жаман аял жакшы эркекти жүдөтөт,
жакшы аял жаман эркекти түзөтөт.
* Жаман аял кетем деп коркутат,
жаман эркек өлөм деп коркутат.
* Жаман бала оюнсаак, жакшы бала малсаак.
* Жаман бала тентек, жакшы бала элпек.
* Жаман бергенин доолайт.
* Жаман болбой жакшы болбойт.
* Жаман болор жигиттер жакынына кас болот.
* Жаман болор жигиттер өз боюна кас болот,
жарды болор жигиттер дөөлөтүнө мас болот.
* Жаман болор жигит чегинчээк,
кедей болор жигит эринчээк.
* Жаман болсо да, аман болсун!
* Жаман (кээде кичине) болсо да,
өз улагымдан теке салам.
* Жаман болсо катының, ичтен жеген митедей.
* Жаман болсо катының, качып турат жакының.
* Жаман болсоң – бир кишисиң,
жакшы болсоң – миң кишисиң.
* Жаман болуу бир паста, жакшы болуу аста-аста.
* Жаман бука өз башына чөп үйөт.

* Жаманга айткан кайран сөз,
 өлгөнгө ыйлаган кайран көз.
* Жаманга айткан сөз кулактын сыртында калат,
 жакшыга айткан сөз жүрөктө калат.
* Жаманга айткан эссиз сөз, өлүккө ыйлаган эссиз көз.
* Жаманга акыл айтсаң, тосо чыгып закүн айтат.
* Жаманга алкыш да жок, каргыш да жок.
* Жаманга барсаң (түшсөң) убайым менен карыйсың.
* Жаманга башчы болгуча, жакшыга кошчу бол.
* Жаманга берсең кызыңды алтын башы кор болот.
* Жаманга дөөлөт жар болсо, көтөрө албай мас болот.
* Жаманга жакшылык кылба,
 жаманга сый жарашпайт.
* Жаманга жакшылык кылсаң,
 кайра өзүңө жалаа жабат.
* Жаманга жакын болсоң, жалаасы жугат.
* Жаманга жакындаба, жакшыдан алыстаба.
* Жаманга жакындык кылба, жакшыга жаттык кылба.
* Жаманга жалынбагын малы бар деп,
 эшекти сылабагын жалы бар деп.
* Жаманга жалынып кутул, же болбосо,
 таарынып кутул.
* Жаманга жанынан мал таттуу.
* Жаманга жаныңдын кадыры жок.
* Жаманга жар болгончо, жакшыга кар бол.
* Жаманга жардам кылсаң, жакшылыгыңды билбейт.
* Жаманга ишиң түшпөсүн, токойго кушуң түшпөсүн.
* Жаманга кеңеш айтсаң буйруктай көрөт.
* Жаманга кеп айтам деп, сөзүңдү айып кылбагын.
* Жаманга кеп айтса, теңтушсуп калат.
* Жаманга күн салгыча, көтөрүп көргө сал.
* Жаманга олжо түшсө, бөлүшө албай колго түшүптүр.
* Жаманга сый жарашпайт.
* Жаманга сый көрсөтпө, уйга суу көрсөтпө.
* Жаманга сырыңды айтпа, сырыңды айтсаң да,
 чыныңды айтпа.

* Жаманга сырыңды айтсаң, жарда жыгат.
* Жаманга үңүлбө, жакшыдан түңүлбө.
* Жаманга чоң аягыңды көрсөтпө.
* Жаманга чөп илээшет, жакшыга сөз илээшет.
* Жаманга эш тарткыча, жаакка беш тарт.
* Жаман да болсо атабыз, жакшыны кайдан табабыз.
* Жаман (кээде кичине) да болсо,
  өз козуман кочкор салам.
* Жаманда достук жок, жакшыда кастык жок.
* Жамандан башчы койсоң эстүүсүн башка чабат.
* Жамандан жаан туулаар, загы калаар,
  жакшыдан мөөн туулаар, тагы калаар.
* Жамандан жакшы болду деп кубанба,
  жакшыдан жаман болду деп кайгырба.
* Жамандан жакшылык артпайт,
  кедейден кешик артпайт.
* Жамандан жакшы туулат адам айтса ынангыз,
  жакшыдан жаман туулат бир аяк ашка алгысыз.
* Жамандан жарты кашык аш ашат.
* Жамандан тил укканча, жакшыдан таяк же.
* Жамандан тон (жамандын тонун)
  кийсең тойдо доолайт.
* Жамандардын талашынан чыр чыгат,
  жакшылардын талашынан сыр чыгат.
* Жаман дарт – жалкоолук.
* Жаманда тек жок, жакшыда кек жок.
* Жаман деген бир ат бар жууса кеткис,
  жакшы деген бир ат бар кууса жеткис.
* Жаман дос (жолдош) көлөкө сыяктуу:
  күн ачыкта кутула албайсың,
  күн бүркөктө издеп таба албайсың.
* Жаман достон ачык душман артык.
* Жаманды бери тартсаң, ары качат,
  эшекти отко айдасаң бокко качат.
* Жамандыгыбыз болбосо, жаштыгыбыз калган жок.
* Жаманды доого жиберсе, чуу чыгарат.

* Жаманды жаныңа жолотпой айрыл,
жакшыны издеп артыңа кайрыл.
* Жаманды жасоол койсо,
жалгыз уулунун көзүн чыгара чабат.
* Жаманды жашыр, жакшыны чыгар.
* Жаманды ит да каппайт,
жакшыны жаман сөз ээрчибейт.
* Жамандык – бир күндө, жакшылык – миң күндө.
* Жамандык бирөө, жакшылык көп.
* Жамандык болсо өкүнбө, жакшылык болсо сүйүнбө.
* Жамандык жалгыз келбейт, жаныңды эзип мээлейт.
* Жамандык жалын сыяктуу: өзүн да,
өзгөнү да жалмайт.
* Жамандык жаманга жарашат.
* Жамандык жерге жатпайт, жакшылык ичке батпайт.
* Жамандык жолго баспагын – кырсык тилеп аласың,
досуңа чуңкур каспагын – өзүң түшүп каласың.
* Жамандык издетпей эле табылат.
* Жамандыкка жакшылык – эр кишинин иши,
жакшылыкка жакшылык – ар кишинин иши.
* Жамандык кылбасаң жабыкпай жүрөсүң.
* Жамандык кылгандын үйү күйөт.
* Жамандык кылып – жакшылык күтпө.
* Жаманды койсоң жайына күндө келет чайыңа.
* Жамандык өчпөйт, жоолашкан өспөйт.
* Жамандыкты амандык жеңет.
* Жамандыктын артында жакшылык бар.
* Жамандыкты таманымдын астынан табам.
* Жамандыкты унуткан жакшы,
жакшылыкты унуткан жаман.
* Жаманды кудай не албайт,
жаткан төөгө мине албайт.
* Жаманды мактасаң, жардан алыс кетет.
* Жаманды мактасаң, каман чалып өлтүрөт.
* Жамандын баары бузук, жакшынын баары түзүк.

* Жамандын баары таарынчаак,
ар бир ишке корунчаак.
* Жамандын бажасы көп, жанына пайдасы жок.
* Жамандын барынан жогу.
* Жамандын берген ашынан,
жакшынын айткан сөзү артык.
* Жамандын бир аты – жалкоо, бир аты – аңкоо.
* Жамандын бир аты жоош, бир аты момун.
* Жамандын бир аты момун, бир аты сонун.
* Жамандын бир өнөрү артык –
жата калып ат үркүтөт.
* Жамандын бойдогу бийлейт,
жардынын коногу бийлейт.
* Жамандын жакшысы болгончо,
жакшынын жаманы бол.
* Жамандын жалаңкычы – жылкы,
жан жыргатаары – уйку.
* Жамандын жаманынын адам таппас амалы бар.
* Жамандын жан жыргалы – уйку,
жалангычы – жылкы.
* Жамандын жансактаары – айыл,
жан жыргатаары – уйку,
жалангычы – жылкы (же мал баккан).
* Жамандын жаны ардак.
* Жамандын жанын сактагыча,
жакшынын кадырын сакта.
* Жамандын жаны таттуу, жай табаары көр.
* Жамандын жароосуз жерде дыкандыгы болот.
* Жамандын жарты өнөрү ашыкча (кээде артык).
* Жамандын жары болгончо, жакшынын жесири бол.
* Жамандын жаштыгы өлгөнчө калбайт.
* Жамандын жолдошу көп, жанына пайдасы жок.
* Жамандын жыргалы – уйку.
* Жамандын катыны болгуча, жакшынын жесири бол.
* Жамандын кесепети бир чакырым алда жүрөт.

* Жамандын койнунда жатканча,
жакшынын жанында жат.
* Жамандын колуна дес тийсе оңдурбайт.
* Жамандын колунан жакшы аш жегиче,
жакшынын таягын же.
* Жамандын коногу бийлейт (же билет),
жардынын бойдогу бийлейт.
* Жамандын көпкөнү жаман, бучуктун өпкөнү жаман.
* Жамандын миң сөзү жакшынын
бир сөзүнө татыбайт.
* Жамандын ойну жаман, буканын мойну жаман.
* Жамандын ойну калбайт.
* Жамандын өзү да өлөт, кою да өлөт.
* Жамандын өзү коркок, сөзү чоркок.
* Жамандын өзүнөн да сөзү күчтүү.
* Жамандын өзү тартуу, жакшынын сөзү тартуу.
* Жамандын өзү теңелбесе да сөзү теңелет.
* Жамандын өзү тойсо да, көзү тойбойт.
* Жамандын өзү эмес, сөзү өткүр.
* Жамандын сөзүн талашып, жакшы менен араз болбо.
* Жамандын сөзү таркылдап, төөдөн кулап түшкөндөй.
* Жамандын тапканы жапалак.
* Жамандын тонун кийсең, тойдо доолайт.
* Жамандын төрүндө отургуча,
жакшынын ирегесинде отур.
* Жаманды сыйласа башка чыгат,
мактаса жардан учат.
* Жаманды төө үстүнөн ит кабат, эл четинен жоо алат.
* Жаманды эл четинен жоо алат.
* Жаман жайын айтам деп, баарын (сырын) айтат.
* Жаман жакшыны сыйлабайт.
* Жаман жакшыны териштирүү кыйын.
* Жаман жаман эмес, жок жаман.
* Жаман жанын сатат, малын катат,
жакшы малын сатат, элин катат.

* Жаман жаңдаса «жаңдайт» дейт,
жаманга акыл айтса *алдайт* дейт.
* Жаман жарманын кызуусу менен черүүгө аттанат.
* Жаман жашка тойбойт,
жашка тойсо да ашка тойбойт.
* Жаман жашырынбайт, жакшы көрүнбөйт.
* Жаман жигит жансактайт, жакшы жигит эл сактайт.
* Жаман жигит той бузат, жаман аял үй бузат.
* Жаман жигит элге кас, акылы жок күндө мас.
* Жаман жоктон жогору.
* Жаман жолдош жоого алдырат,
жаман сөз (кээде орунсуз сөз) доого калтырат.
* Жаман жолдош жоого алдырат,
жантык жолдош уятка калтырат.
* Жаман жолдош көлөкө: күн ачыкта качып
кутула албайсың, күн бүркөктө издеп таба албайсың.
* Жаман жолдоштон жакшы ит артык.
* Жаман жолдоштон жалгыздык жакшы.
* Жаман жүргөн киши өзүн билбейт,
башка бирөөнү назарына илбейт.
* Жаман жүрүп жакшы болгондон сактан,
жарды жүрүп бай болгондон сактан.
* Жаман жылкы жал күтсө жанына торсук
байлатпайт, жаман адам мал күтсө жанына
коңшу жайлатпайт (кээде кондурбайт).
* Жаман жыл эстен кетет,
жаман кошуна эстен кетпейт.
* Жаман инек музоочул, жаман катын төркүнчүл.
* Жаман ит бороондо кычап, күндүз үрөт.
* Жаман ит жазгы тамактан дама кылат.
* Жаман ит жайлоодогу жармадан үмүт кылат.
* Жаман ит күндүз үрөт,
жаман күйөө кайын менен айыл жүрөт.
* Жаман ит күндүз үрөт, жанкечти ууру түндө жүрөт.
* Жаман иттин аты – Бөрүбасар,
жаман адамдын аты – Кыдырназар.

* Жаман иттин чычкысы түлкү кууганда келет.
* Жаман ит ыркырап буттан алат,
жаман катын аркырап беттен алат.
* Жаман каап сүйлөйт, жакшы таап сүйлөйт.
* Жаман кадырды да билбейт, сабырды да билбейт.
* Жаман карыган сайын жашарат.
* Жаман катын алганча – бойдок жүргүн өлгөнчө,
жаман бычак алганча – тиштеп жегин тойгончо.
* Жаман катын алган эрин кемсинтет.
* Жаман катын белгиси – жапкан наны карала,
беш эчкиси тууса эле бел кырчоодон сарала.
* Жаман катын белгиси казаны калат жуулбай,
кабы калат буулбай.
* Жаман катындын амалы кырк эшекке жүк.
* Жаман катын кетем деп коркутат.
* Жаман катын мактанат, жарга тартып аттанат.
* Жаман катын терисин жыйбай иттен көрөт,
башын жуубай биттен көрөт.
* Жаман катын төркүнчүл, жаман уй музоочул.
* Жаман катын ушакчы, жаман эркек тузакчы.
* Жаман катын, чобур ат,
өтпөс кыңарак эрди тез карытат.
* Жаман катын чыккан жерин төркүнсүйт.
* Жаман катын эр коруйт.
* Жаман кепил жанынан тартат.
* Жаман кишиден кийин, иттен илгери.
* Жаман киши жалкоо болот.
* Жаман киши ичкен-жегенин айтат,
жакшы киши уккан-көргөнүн айтат.
* Жаман киши мал күтсө, жанына коңшу кондурбайт.
* Жаман киши мас болсо,
жакыны (жубайы) менен кас болот.
* Жаман киши өз камы үчүн күйүнөт,
жакшы киши эл камы үчүн жүгүрөт.
* Жаман киши өз үйүндө коноксуйт,
жаман кыз өз үйүндө манапсыйт.

* Жаман койчу жайытын бир күндө түгөтөт.
* Жаман кой шишегинде карыйт.
* Жаман коңшу аш бербейт,
  жаман перзент баш бербейт.
* Жаман кошуналыгын колко кылат.
* Жаман көргөндүн бөркү казанбактай.
* Жаман көргөн уулу түк (түп) тутат.
* Жаман көрсө жармасын бербей койсун.
* Жаман көрүп май бергенче, жакшы көрүп суу бер.
* Жаман кузгунга жем болот,
  тамак курсакка дем болот.
* Жаман кушту жакшы бакса шумкар болот.
* Жаман күн жакшы болот, уялбаган бакшы болот.
* Жаман кыз бет тырмаак болот.
* Жаман кыздын белгиси – жазгы келген коноктой,
  үй-бүлөсүн жүдөтөт мизи мокок оroктой.
* Жаман кыздын билгени аз, күлгөнү көп.
* Жаман кыздын сөздөрү көк желкегеургандай.
* Жаман кыз тамак үчүн ыйлайт,
  жакшы кыз энесин сыйлайт.
* Жаман кыргый сагызганга жем.
* Жаман маектен көрө жалгыздык жакшы.
* Жаман малын катат, жакшы элин катат.
* Жаман малын коруйт, жакшы арын коруйт.
* Жаман менен жакалашса, жакшы да жаман болот.
* Жаман менен жанашканча бир кылым,
  жакшы менен чай кайнамча бирге бол.
* Жаман менен жолдош болбо,
  жолдош болсоң жолго конбо,
  наадан менен сырдаш болбо,
  сырыңды айтсаң баарын айтпа.
* Жаман менен жолдош болсоң, балаасына каласың.
* Жаман менен жолдош болсоң жоого алдырат.
* Жаман менен жолдош болсоң калаарсың уятка,
  жакшы менен жолдош болсоң жетерсиң муратка.

* Жаман менен жолдош болсоң кесири жугат,
жакшы менен жолдош болсоң насиби жугат.
* Жаман мыйзам жакшы элди жакыр кылат.
* Жаман өз агасын жакалайт.
* Жаман өз ашынан куру калат.
* Жаман өз ишине кулдук урат.
* Жаман өз камы үчүн күйүнөт,
жакшы эл камы үчүн жүгүрөт.
* Жаман өзү боло албас, болгонду көрө албас.
* Жаман өзүн билбейт, жакшыны көзгө илбейт.
* Жаман өлсө бир өлөт, жакшы өлсө баары өлөт.
* Жаман өлсө өзү өлөт, жакшы өлсө көбү өлөт.
* Жаман сөз баш чиритет, жакшы сөз таш эритет.
* Жаман сөз доого калтырат.
* Жаман сөз жакшы менен кас кылат.
* Жаман сөз – жүрөккө барып так (кээде муз) болот.
* Жаман таарынам деп, шыбагасынан куру калат.
* Жаман тайын таанып байт.
* Жаман төө жабуусун жерийт,
жаман адам айылын жерийт.
* Жаман тууугандан жакшы коңшу артык.
* Жаман тууугандын намысын талашам деп,
жакшы менен кас болбо.
* Жаман үй жайытын бир күндө түгөтөт.
* Жаман үй жарда (кээде жаанда) музоолойт.
* Жаман уста «же көмүрдөн, же темирден» деп актанат.
* Жаман уста темирди да согот, көмүрдү да согот.
* Жаман уул – атага кул.
* Жаман уул атасы өлгөндө бир көбөт,
катын алганда бир көбөт.
* Жаман уул жакшы атанын намысын булгайт.
* Жаман үйдүн коногу бийлейт.
* Жаман үйдүн ити кабаанак,
жаман кыз болор тубанак.
* Жаман үйлүү жардыга борошолуу чилде кас.

* Жаман чарылдак болот,
  кабаанак иттей арылдак болот.
* Жаман чөйчөктөгү сууга чөгүп өлөт.
* Жаманчылыкты аманчылык жеңет.
* Жаманы болбой жакшы жок,
  чымыны болбой бакшы жок.
* Жаманы болбой эл болбойт,
  ашуусу болбой бел болбойт.
* Жаманы кылып коюучу, жакшысы уят болуучу.
* Жаманыңды билип алдым,
  жаткан төөңө минип алдым.
* Жаманы өлсө – бир өлөт,
  жакшысы өлсө – баары өлөт.
* Жаман эрге мал бүтсө, жанына коңшу кондурбайт.
* Жаман эрден мал тайса,
  жаздыктан башын көтөрбөйт.
* Жаман эрдин белгиси – үйдө батыр, жоодо жок.
* Жаман эркек кайынсаак, жаман катын төркүнсөөк.
* Жаман эркек өлөм деп коркутат.
* Жаман эркек тууганчыл, жаман катын төркүнчүл.
* Жаман эр элин көргө сүйрөйт,
  жакшы эр элин өргө сүйрөйт.
* Жаман эсеп түпкө жетет.
* Жаман ээрден жайдагым артык,
  жаман катындан бойдогум артык.
* Жамбаштап жаткан жарыбайт.
* Жамгыр болбой дан болбойт,
  тегирмен болбой ун болбойт.
* Жамгыр жаабай булут көчпөйт,
  жан кыйналбай жумуш бүтпөйт.
* Жамгыр жааса, сел болсо – жаз да болсо кыш менен тең,
  бетинен бедер кеткен соң – кымкап да болсо бөз менен тең.
* Жамгыр – жер ырысы.
* Жамгыр менен жер гүлдөйт, эмгек менен эр гүлдөйт.
* Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эр көгөрөт.
* Жамгыр өзүн сел ойлойт, кудук өзүн көл ойлойт.

* Жанашып калсаң (койсоң) жаманга,
жакшылык кылбайт адамга.
* Жан аябаган жоо алат, мал аябаган доо алат.
* Жан аяшкан дос болбойт.
* Жан багалбай калат деп, жаманга берет бактыны,
өз жанын өзү багат деп, өлчөп коёт жакшыны.
* Жан бар жерде жаза бар.
* Жан бар жерде каза (өлүм) бар.
* Жан бергендин жанында турба.
* Жанга күйбөс кандай (таңдай) дос.
* Жанга күйгөн – жандай дос,
жанга күйбөс (кээде жайбаракат) – кандай дос?
* Жандай салып бастырса, жакшы атка жол жокпу.
* Жандоочу кийик аттырат.
* Жандоочусу жакшы болсо, уулуңа кийик аттырат.
* Жандуунун жаны башка.
* Жан жаралган жерде көңүл тамыры миң.
* Жан кейибей, иш бүтпөйт.
* Жан кыйналат дебесе, жардылыктан ким өлөт.
* Жан кыйналбай жан чыкпайт.
* Жан кыйналбай жумуш бүтпөйт,
талаптанбай муратка жетпейт.
* Жан ооруган жерде.
* Жан сакташ оңой, жан жыргатыш кыйын.
* Жан сүйгөн доско жан кайыл.
* Жантак керек болсо төө мойнун созоор.
* Жан тартпаса да, кан тартат.
* Жанчканга дагы ал керек, жаныңды сакта а көрөк.
* Жаны барда жалынган жаман эрдин белгиси.
* Жаны бардын үмүтү (өмүрү) бар.
* Жанымды алсаң да, ыйманымды алба.
* Жанын аябаган жоо алат.
* Жанын аябаган жоодо калат,
малын аябаган доого калат.
* Жанын баккан жарыбайт да марыбайт,
элин баккан карыбайт да арыбайт.

* Жанын баккан жарыбайт, эгин баккан арыбайт.
* Жаныңа ким күйсө досуң ошо.
* Жаның болсо мал табылат, ашың болсо казан табылат.
* Жаныңда айың олтурса, жылдызды кайдан издейсиң.
* Жаныңды берсең да, сырыңды бербе.
* Жан эки чыкпайт, бир чыгат.
* Жаңгакты чак, жаныңды бак.
* Жаңжалдуу үйгө жакшылык кирбейт.
* Жаңы бий малга тойбойт.
* Жаңыга умтул, жалаадан кутул.
* Жаңы дос келгенде, эски достун көзүнөн жаш чыгат.
* Жаңы душманды жеңем десең,
  эски душманың менен элдеш.
* Жаңы жардын жалыны күчтүү.
* Жаңылбас – бир гана кудай, жазбас – кара жер.
* Жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт.
* Жаңылыкты ач – өсөсүң, жаңылсаң – өчөсүң.
* Жаңыны курбай туруп (же куруп бүтпөй),
  эскини уратпа.
* Жаңыруунун жолу тайгак.
* Жаңысында – түлкү, эскисинде – күлкү.
* Жаңыча умтул, жалаадан кутул.
* Жапаа тартпай жашоо жок.
* Жапалакты таш менен урса да жапалак өлөт,
  жапалак менен ташты урса да жапалак өлөт.
* Жапалак үкү мактанса, жардан чычкан алам дейт.
* Жапыс да болсо тоом бар, тайыз да болсо суум бар.
* Жара айыкса так калат, жаман сөздөн кек калат.
* Жараат бүтөт, так калат.
* Жарактуу киши зар болбойт,
  камдуу киши кор болбойт.
* Жарактуу күнү жоо келбейт.
* Жаралуу кийик жата албас.
* Жараткандын бир күнү бар – жарым айга бергисиз,
  бир түнү бар – жатса уйку келгисиз.
* Жаратмандык – ийгиликтин ачкычы.

* Жаратуучу – жалгыз, дүйнө орток, асман асты кең.
* Жаратылыш адамзат менен киндиктеш.
* Жаратылыш – жан байлыгым.
* Жаратылышты сүйбөй туруп, жашоону сүйүү жок.
* Жарачу уул жашынан.
* Жарашыксыз мактоого жаның ачыйт.
* Жар башында жапалак, жапалак көрсөң атып өт,
  жаманды көрсөң качып өт.
* Жаргылчактуу катын – жакшы катын,
  электүү катын – эрке катын.
* Жаргылчактын ташын кандай чекпе –
  баары бир тегерек болот.
* Жардамы тийбеген – жардам күтпөсүн.
* Жарды байга жагынам деп,
  жалгыз эчкисинен айрылыптыр.
* Жарды байга жетем дейт, бай кудайга жетем дейт.
* Жарды байыйт, жаш чоңоёт.
* Жарды бий болсо,
  үч жылы жардылыгын коё бербейт.
* Жарды болоор жигит дөөлөтүнө мас болот.
* Жарды болоор жигит эринчээк болот.
* Жарды болсоң ардуу бол.
* Жарды болсоң байдай бол, бай жанынан түңүлсүн,
  жарды болсоң кооз бол, бай малынан түңүлсүн.
* Жарды болсоң, байдай бол, жалгыз болсоң,
  көптөй бол.
* Жарды болсоң – көчүп көр,
  жалгыз болсоң – өлүп көр.
* Жарды жүрүп бай болгондон сактан.
* Жардылыгын жашырган байыбайт,
  жалгыздыгын жашырган көбөйбөйт.
* Жардылык жаман эмес, жалкоолук жаман.
* Жардылык жанга тынч экен, жатып ичээр аш болсо.
* Жардылык – кара жердей, карылык – казган көрдөй.
* Жардылыктын башы (энеси) – жалкоолук.
* Жардылык уят эмес, жалкоолук уят.

* Жарды менен жоолаш болгончо,
бай менен барымталаш бол.
* Жардымын десең – аласаң койбойт,
жалгызмын десең кудайың койбойт.
* Жардыны кыйнаган менен жар түбүнөн суу чыкпайт.
* Жардынын бир тойгону – орто байыганы.
* Жардынын бокчосуна коёндун кулагы батпайт.
* Жардынын жалгыз аты айгыр, жатып алып кайгыр.
* Жардынын жалгыз аты качааган.
* Жардынын жаны ардактуу, байдын малы ардактуу.
* Жардынын жаны кыйналат, байдын малы кыйналат.
* Жардынын жети каңшаары бар.
* Жардынын коногу билет, жамандын бойдогу билет.
* Жардынын кызы арзан деп, жайсыздан катын алба.
* Жардынын ую жылда кысыр.
* Жардынын чөнтөгүнө акча кирсе,
турна болуп кыйкырат.
* Жар жыгылса суу бөгөйт, жалгыз өлсө ким жөлөйт.
* Жаркырагандын баары эле алтын эмес.
* Жармага таарынып, бирөөгө жамандык издебе.
* Жарманын кызуусу менен черүүгө аттаныптыр.
* Жарма доско караганда жакшы итиң
жанга күйүмдүү.
* Жарма, жарма да болсо карма.
* Жармаңа ченеп суу куй.
* Жарма тамыр жарытпайт.
* Жарма, чайды жаман деп этти кайдан табасың.
* Жарнама – жакшы иштердин ачкычы.
* Жарнама менен иш кылсаң жарды болбойсуң.
* Жарнаманын жандуусу – алакандын молдуусу.
* Жарнамаң мыкты болсо, капчыгың калың болот.
* Жарнамаң мыкты болсо, соодаң жакшы болот.
* Жарнамасы мыкты – иштин ийгилиги дайын.
* Жароокер катын жатканча таяк жейт.
* Жар түбү – кечүү, тоо түбү – эл.
* Жартыны жарып жеген татуулуктун белгиси

* Жар ураса суу чыкпайт, жалгыз өлсө чуу чыкпайт.
* Жарыбаганга иш түшсө, тозуп калат азамат.
* Жарыбагандын кызын жалчыбаган алыптыр,
  экөө биригип журтта калыптыр.
* Жары жакшы эркектин жакасы агарат.
* Жарык дүйнөдө бир улак жаралса,
  бир түп шыбак кошо жаралат.
* Жарык күндө жоо жолукпас,
  атың барда доо жолукпас.
* Жарылганды ууру алат, бөлүнгөндү бөрү жейт.
* Жарылган сокуга чириген сокбилек.
* Жарыяң таасирдүү болсо, базарың өтүмдүү болот.
* Жар – эрдин жаны.
* Жасакердин түбү көшөкөр.
* Жасакер катын жаткыча таяк жейт.
* Жасалса күнөө, жалооруп өрөпкүбө.
* Жатаар курсак жармадан айлансын.
* Жата берсе ат арыйт, жүрө берсе жол арбыйт.
* Жата берсең чалкалап, мал семирбейт кайкалап.
* Жатакчыны тер кысса, жүгүн жөө ташыйт.
* Жаталак өлөт, чычалак көнөт.
* Жат жалгабайт (кээде жарытпайт), өз өлтүрбөйт.
* Жаткан арстандан жорткон түлкү көп болот.
* Жаткан бойро, жүргөн дарыя.
* Жатканга жаан жукпайт (тийбейт).
* Жаткан оору эмес, баккан оору.
* Жаткан өгүзгө чөп жок.
* Жат кордугунан өз кордугу жаман.
* Жаттын уча коюп сыйлашынан,
  өздүн жаакка чапканы сый.
* Жатып жеген катып жейт.
* Жатып ичээрге жай менен кыштын айырмасы жок.
* Жатып ичээр жаман адат,
  көп жашатпай жайыңды табат.
* Жатып ичээр – жанбакты.

* Жатып ичээр жарма болсо,
жардылык жанга тынч экен.
* Жатып ичээр жигиттен, сарамжалдуу чал жакшы.
* Жатып өлгүчө – атып өл.
* Жашаганды билбеген, жашоонун баркын кетирет.
* Жаш бутактын ийилгени – сынганы,
жаш жигиттин уялганы – өлгөнү.
* Жаш жыгачка куу жыгач сүйөнүп өсөт.
* Жаш жыгач отундан жаркырап
күйгөн тезек жакшы.
* Жаш кайың желди сүйөт, жаш жүрөк теңди сүйөт.
* Жаш кары болоор, кедей бай болоор.
* Жашка – кызмат, карыга – урмат.
* Жаш карыйт, ант арыйт.
* Жаш карыса да, жан карыбайт.
* Жаш кезде илим-билим жугуштуу.
* Жаш кезде коркок болсо, карыганда чоркок болот.
* Жаш кезинде сыйлай жүргүн карыны,
картайганда сыйдын тиет жарыгы.
* Жаш келсе – ишке, кары келсе – ашка.
* Жаш курагында жетимдик унут болот.
* Жаш курдаш эмес, заман (кээде көңүл) курдаш.
* Жаш – күчү менен, кары – кеңеши менен.
* Жашоо – бирге, өлүм – башка.
* Жашоонун өзү жашыл өрт.
* Жашоо ырахаты – ден соолук.
* Жаштайында сүзөөнөк болсо,
картайганда үзөөнөк болот.
* Жаштар – өлкөбүздүн жаркын келечеги.
* Жаш төккөндөн көрө, мандай тер төк.
* Жашты жадатсаң – чабат, итти жадатсаң – кабат.
* Жашты жарышка сал, карыны айтышка сал.
* Жаштык бар жерде жалын бар.
* Жаштык жашынып келет,
карылык камынтпай келет.
* Жаштык кезиң – мастык кезиң.

* Жаштык коштошпой кетет,
  карылык учурашпай келет.
* Жаштык менен ден соолуктун
  кадыры карыганда билинет.
* Жаштыктын кадырын картайганда билет.
* Жаштык урматтуу (укмуштуу) доор, жароокер,
  уяттуу бол.
* Жаштык – шаттык, карылык – сактык.
* Жаштын кайраты бар, карынын айбаты бар.
* Жаштын тилеги бир, жибектин түйүнү бир.
* Жаштын тилегин берет.
* Жаш – улук эмес,
  акыл (кээде жол, кээде билим) – улук.
* Жаш улук эмес, өлүм (ажал, акыл) улук.
* Жаш устанын бычагынын учу эки миз.
* Жаш чыбыктын ийилгени – сынганы,
  жаш жигиттин уялганы – өлгөнү.
* Жашчылык өзү чөп гүлү, жайдын жамгыр өткүнү.
* Жашы бирге – курдаш, жаны бирге – сырдаш.
* Жашы жеткен адамдын төрүнөн көрү жуук болот.
* Жашыл оңот, жаш чоңоёт, кызыл оңот, кыз чоңоёт.
* Жашында жигит октолот (шок болот),
  жашаганда токтолот.
* Жашында кылжың болсо,
  карыганда мылжың болот.
* Жашында берсин мээнетти,
  карганда берсин дөөлөттү.
* Жашында денең чың болсо,
  карыганда тың болорсуң.
* Жашында жаман жолго баспаганың,
  адамдык сапатыңды сактаганың.
* Жашырып жандап айткандан
  жара кескен сөз жакшы.
* Жашы улуу болсо да, жаны курбу (бирге) көп болот.
* Же ары барып Чүйдө өлбөй,
  же бери келип үйдө өлбөй.

* Жебеген жердин алдында.
* «Жебейм, жебейм» деп атып жемекей катын түгөтөт,
  «ичпейм,ичпейм» деп атып ичмекей катын түгөтөт.
* Жебей туруп сиңирээриңди ойлон.
* Жебесе да май жакшы.
* Жебес жерге чөп чыгат, ичпес жерге суу бүтөт.
* Жебести ашка салба, билбести ишке салба.
* Жеген билбейт,
  туураган билет эттин катуу-жумшагын.
* Жегенге тойбогон жалаганга тоёт беле.
* Жегендин кусмагы бар.
* Жегени да жаман, дегени да жаман.
* Жегениңди көп көрбөйм,
  алыштырганда аз болбосун.
* Жегениңдин наркы бар, жебегендин дарты бар.
* Жеген оозго жарашат.
* Жегичтики суудан сууга кетет.
* Жездеме ишенип жүрүп жесир калдым.
* Жез кадырын жезчи (кээде зергер) билет,
  эр кадырын эл (кээде эрлер) билет.
* Жез эскирсе дат болот, желедеги кулун ат болот.
* Жейин десе – тиши ооруйт,
  берейин десе – ичи ооруйт.
* Жекен жеринде көгөрөт, эр элинде көгөрөт.
* Жеке өтүктүүгө жете албайт,
  соору өтүктүү бата албайт.
* Жек көрүүдөн кастык туулат.
* Желбегейге жел үйүр.
* Желге жел кошулса – жут, элге эл кошулса – кут.
* Желдин чанчуусу жаман, сөздүн каңкуусу жаман.
* Желдүү боз баланы жеткире мактаба.
* Желдүү күнү сүйлөбө – сөзүң сая кетпесин,
  тумандуу күнү караба – көзүң сая кетпесин.
* Желеде кулун жетилет, алчактаган ат болот.
* Желеде кулун жетилсе, аргымак күлүк ат болот,
  өнөрлүү болсо өлтүрбөс – башына эрдин бак конот.

* Желе түбү – казык, жекен түбү – азык.
* Жел желпинте соккон менен,
  таң мезгилсиз ата койбос.
* Жел жүрбөсө чөптүн башы кыймылдабайт.
* Желиккен таз, демиңди бас.
* Желип өмүр өткөн соң, жигит болбойт чал кайтып.
* Желмогуздун эң кичүүсү кыйын.
* Жел сокпосо, терек кыймылдабайт.
* Жел сөз жанга дары болбойт.
* Жел чыкпаса жан чыгат.
* Жемди көргөн кыргый торду көрбөйт.
* Жемди көрүп, көктөгү куш торго түшөт.
* Жемекор ата жек көрүндү болот.
* Жемиштин жайын жеген билбейт, багбан билет.
* Жемсөөсү чоң канаттуу бийик учалбайт.
* Жем талашпас куш болбос, сөз талашпас эр болбос.
* Жеңем укту дегиче жер жүзү билди десеңчи.
* Жеңеме (энеме) ишенип, эрсиз калдым.
* Жеңи жаман аш алып иче албайт.
* Жеңилгис кол – эл, кыйшайгыс жол – эмгек.
* Жеңилди жерден, оорду колдон алат.
* Же ойногон оюн жок, же мүлжүгөн моюн жок.
* Жер азыгы – суу.
* Жер айдасаң күз айда, күз айдасаң, түз айда.
* Жер арыса чогойно басат, эр арыса өңүнөн азат.
* Жер астында алтын бар, жерди казып баарын ал.
* Жер бай болсо, эл да бай болот.
* Жер байлыгы – эл байлыгы.
* Жерге айтсаң саламды, жер алдабайт адамды.
* Жерге келет бир кезек, жерге кезек келгенде:
  байчечекей чөп жайнайт, эрге келет бир кезек,
  эрге кезек келгенде: эгиз күлүк ат байлайт.
* Жерге өзүң ийилбесең, жер сенден кийиндейт.
* Жерге түшкөн дан – өмүр, отко түшкөн дан – көмүр.
* Жерге түшкөн жетимдики.

* Жерге чачылган кык тогуз жылы пайдасын тийгизет.
* Жерде жаткан жумуртка – асманда учкан куш болот.
* Жерде жаткан жумуртка эртеңки учкан балапан.
* Жерде жүргөн коңуз бар, адамдан чыккан доңуз бар.
* Жердей март да жок, жердей зыкым да жок.
* Жерден жарака кетсе, акындын жүрөгүнөн өтөт.
* Жердин койсарысы көлдө экен,
адамдын койсарысы сен экенсиң.
* Жердин көркү – Алайда, ашуунун көркү – Кундузда,
сулуунун көркү – кыргызда.
* Жердин көркү тал менен,
сулуунун көркү кал менен.
* Жердин көркү – эгин, эрдин көркү – билим.
* Жердин танабын тартса кыскарат, коё берсе узарат.
* Жердин уусун билген киши,
караңгыда карсактын изинен жаңылбайт.
* Жерди тегиз дебеңиз, алды-артыңда кайкаң бар,
элди тегиз дебестен, алды-артыңды байкаңдар.
* Жер жалмаган неченди: падыша, төрө, чеченди,
оозунан кудай түшпөгөн зикир чалган эшенди.
* Жер жамандап барбасын.
* Жер жемишин берет, эл эмгегин берет.
* Жери байдын эли бай.
* Жери жаман жерин мактайт,
теги жаман эрин мактайт.
* Жери жоктун – эми жок, эми турмак жеми жок.
* Жерин бузган эл оңолбойт, эл бузган эр оңолбойт.
* Жеринен азганга жети жыл жер тийбейт.
* Жеринен ажыраган жети жыл ыйлайт,
элинен ажыраган өлгөнчө ыйлайт.
* Жеринен ооганга жети жылы конуш жок.
* Жеринен ооган жүк оңолбойт.
* Жерин саткан эл оңолбойт, элин саткан эр оңолбойт.
* Жерин сүйбөс эл болбойт, элин сүйбөс эр болбойт.
* Жер казганга кубанбайт,
көл суусу ичкенге соолубайт.

* Жер – казгандан, ушак – айткандан түгөнбөйт.
* Жер – казына, суу – алтын.
* Жер кени менен, азамат эли менен.
* Жер кишинин акысын жебейт.
* Жер көргөндүн көзү ачылат,
  эл көргөндүн сөзү ачылат.
* Жер кулагы жети кат (эмне болсо да угула берет).
* Жер куураса алабата чыгат.
* Жер кууpaca, эл куурайт.
* Жер семизи – мал (кээде эл) семизи.
* Жер семирсе күр болот, ат семирсе сүр болот.
* Жер талаш – эл талаш.
* Жер тамырынан эл тамыры көп.
* Жер тамыры чөп өстүрөөр, эл тамыры от күйгүзөөр.
* Жер танабын билген караңгыда жол табат.
* Жер тарыхы – эл тарыхы.
* Жер тойбой – эл тойбойт.
* Жер тойгузат, от күйгүзөт.
* Жер үстүндө баары бар, эмгек кылсаң дагы бар.
* Жер ыңгайын карап суу агат.
* Жер – ырыстын киндиги, билим – ырыстын тизгини.
* Жер эмгекти жебейт (Жер эрдин эмгегин жебейт)
* Жер ээн болсо, доңуз (суур) дөбөгө чыгат.
* Жесе да, жебесе да бөрүнүн оозу кандуу.
* Жетек жеткирет, чагым өлтүрөт.
* Жетеси жокко жети күн айт.
* Жетеси жокту жетелесе билбейт,
  акылы жокту алдаса билбейт.
* Жетеси жокту жетелесе да болбойт.
* Жетесизге кеп айтсаң, беттен алып аркырайт.
* Жетесиз жеме менен оңолбойт.
* Жетесиз жети уулуң болгончо, эстүү бир кызың болсун.
* Жетесинде болбосо, жетелесе жетилбейт.
* Жети атасын билбеген кул.
* Жети баштуу ажыдаардан коркпо,
  эки жүздүү адамдан корк.

* Жети күндүн бири – өлүм.
* Жети күнкү жаандан, желип өткөн суу артык.
* Жетиле элек наадандан жетектеген ат жакшы.
* Жетим бала кекчил, жесир катын элчил (же эмчил).
* Жетим бала жазганчаак, жетесиз бала мактанчаак.
* Жетимге боор ооруса, жеңеси койнун ачат.
* Жетимге көк жөтөлдүн кереги жок.
* Жетим да торолор, заман да оңолор.
* Жетимдин акысын жебеңиз,
  жетимдин акысын жесеңиз – тынч жатамын дебеңиз.
* Жетимдин акысы – тозоктун оту.
* Жетимдин желкеси кыйык.
* Жетимдин карды жети кат.
* Жетимдин сүйгөн тамагын ким берет.
* Жетим – жетилет, жерге – кошулат.
* Жетим жүрүп жетилет.
* Жетимиштеги чалдын көңүлү калса да,
  жетидеги баланын көңүлү калбасын.
* Жетим өз киндигин өзү кесет.
* Жетинин бири кыдыр (же кызыр).
* Жети өгүздүүнүн жалгыз өгүздүүгө күнү түшүптүр.
* Жети өлчөп бир кес.
* Жети элдин тилин бил, жети түрлүү илим бил.
* Жеткенден – калтек, жетпегенден – мантек.
* Жеткен жети муштайт, жетпеген эки (бир) муштайт.
* Жеткен кесек менен, жетпеген тезек менен.
* Жеткилең бийик жол болбойт, жээн-тага эл болбойт.
* Жетпеген – жекчил, жетим кекчил.
* Жибек мүнөздүү жигит журтка жагаар,
  жылан мүнөздүү жигит журтта калаар.
* Жибектиң түйүнүн өз чечет,
  жигиттин көңүлүн кыз чечет.
* Жибекти туталбаган жүн кылат,
  катынды күтө албаган күң кылат.
* Жигит бир сырдуу, кырк (төрт, сегиз) кырдуу.
* Жигит болсоң бекем болгун, чириген талдай бош болбой.

* Жигит болсоң төп болгун, убадага бек болгун.
* Жигит болсоң шок бол, шок болбосоң жок бол.
* Жигитке бир сыр, жети кыр керек.
* Жигитке жар кымбат, намыс менен ар кымбат.
* Жигитке жетимиш (кээде кырк) өнөр аздык кылат.
* Жигитке намыс кымбат, ар кыйын.
* Жигит өзүн менсинет, жигитти ким теңсинет.
* Жигит өлөр жерине күлүп барат.
* Жигит тереңи – көк ирим көлдөй,
жигит күчтүүсү – каптаган селдей.
* Жигиттик желип өтөт соккон желдей,
карылык каршы келет казган көрдөй.
* Жигиттик өттү ашкан белдей,
карылык келди казган көрдөй.
* Жигиттин аттан айрылганы – канаты кайрылганы.
* Жигиттин жумшаган күчүн сураба,
бүтүргөн ишин сура.
* Жигиттин көгү – эр, аялдын көгү – жер.
* Жигиттин куну – жүз жылкы,
ары (кээде даңкы) – миң жылкы.
* Жигиттин өзү жакшы болсо, тегин сураба.
* Жигиттин өзүнө караба, сөзүнө кара.
* Жигиттин сөзүнүн өлгөнү, өзүнүн өлгөнү.
* Жигиттин сөзү өлгөнчө, өзү өлсүн.
* Жигиттин түсүн (сырын) айтпай, ишин айт.
* Жигиттин уялганы – өлгөнү.
* Жигит үйдө туулат, жоодо өлөт.
* Жигит элин сагынат, булбул үнүн сагынат.
* Жиксиз жерден жел чыкпайт.
* Жиндини садага менен тойгуза албайсың.
* Жип кессең – узун кес, кеп салсаң – кыска сал.
* Жип үзүлсө жүк чачылат.
* Житкен окту, аткан ок табат.
* Жоболоңдуу жолго чычса, эмгектүүнүн этеги булганат.
* Жоболоңдуу эл болбойт, жоодон качкан эр болбойт.

* Жоголгон байланыштын орду толсо да,
жоголгон убакыттын орду толбос.
* Жоголгон бычактын сабы алтын.
* Жоголуп табылган мал олжо,
ооруп айыккан жан олжо.
* Жогору барсаң бөрү жейт, төмөн түшсөң ууру алат,
орто жерден чыкпай жүр.
* Жоготуу – тапкычтыкка үйрөтөт.
* Жойпу дос ишке жарабайт, мыкты дос күчүн аябайт.
* Жойпулук эмне дедирбейт,
жокчулук нени жедирбейт.
* Жойпу менен кошоматчылардан
бийлик башчыларынын алыс болгону жакшы.
* Жойпу наадан – жоодон жаман.
* Жок азабын бар сезбес да, ач кадырын ток билбес.
* Жок болсо, баарына көнөт.
* Жок болсо, март да бере албайт.
* Жокко дабаа (амал) жок.
* Жокко суу да жок, алып ичер идиш да жок.
* Жокко туз да жок.
* Жоксуз жалтаң, жондуу балтаң.
* Жокто байдай сыйлагын, бай малынан түңүлсүн.
* Жоктон бар болор, бардан жок болор.
* Жоктон барды жараткан адамдын акылы.
* Жоктон көрө жогору.
* Жокту жок издеген табат, жолдошу шайыр болсо,
жолоочунун кумары канат.
* Жокту керек таптырат, өйдө-төмөн чаптырат.
* Жоктук уят эмес, токтук мурат эмес.
* Жоктун бары болот, арыктын семизи болот,
ачтын тогу болот.
* Жоктун бир арманы бар, бардын миң арманы бар.
* Жоктун жайын жакыр билет.
* Жоктун жону катуу, өгүздүн (буканын)
мойну катуу.
* Жокчулук жоомарт элдин демин кесет.

* Жокчулук таштан да катуу, оорчулук зындандан да оор.
* Жокчулук эрди жоботот.
* Жол азабы – көр азабы.
* Жол айры болсо иттин башы каңгы болот.
* Жол атасы – туяк, сөз атасы – кулак,
суу атасы – булак.
* Жол бирге болсо да тагдыр башка.
* Жолборс (арстан) изинен кайтпайт,
жигит (кээде баатыр) сөзүнөн кайтпайт.
* Жолборс терисин кийгендин баары баатыр эмес.
* Жолборстун баскан изин ит баспайт.
* Жолборстун жаткан жерине ит жатпайт.
* Жолборстун жаткан жерине өрт күйбөйт.
* Жолборс чабуу эр даңкын чыгарат.
* Жолборс чапкан алп – ал колбашчы.
* Жолборс чапкан эр – жоону чабат.
* Жолборс ырсайса, күлүп жатат дебейт.
* Жолбун ит жолуккандан таяк жейт.
* Жолго чыксаң жол азыгың мол болсун.
* Жолго чыксаң жолоочуңду шайлап ал.
* Жолго чыксаң камдан, жоо жарагың байлан.
* Жолго чыксаң – шайлан,
бел куруңду (же бооңду) байлан.
* Жолдо жүрсөң, жортуп жүр.
* Жолдон келип, тон меники дейт.
* Жолдон тайган кыз колдон таят.
* Жолдон чыксаң да, көптөн чыкпа.
* Жолдо тамактын оордугу жок.
* Жолдош болсоң айгакка, мүдүрүлтөт тайгакта.
* Жолдош болсоң жаманга, жүзүң окшойт саманга.
* Жолдош болсоң кууга, башыңды салар чууга.
* Жолдош болсоң куу менен өмүр өтөт доо менен.
* Жолдош таппаган эр азат (өксүк),
башчысын таппаган эл азат (өксүк).
* Жолдошту жол айрат.
* Жолдоштун шагы сынганча, болбостун багы сынсын.

* Жолдошу көптүн олжосу көп.
* Жолдошуна күйбөгөн жоого түшөт.
* Жолдошуңду жонуңа, оорубаса мойнуңа көтөр.
* Жолдошуң жаман болсо, алыс жолдо түн катпа,
  аялың жаман болсо, киши алдында үн катпа.
* Жолдошу шайыр болсо, жолоочунун кумары канат.
* Жолду баскан арбытат.
* Жолду билбес жол бузаар, тилди билбес тил бузаар.
* Жолдун тегизин бил, сөздүн негизин бил.
* Жолдуу ишке жонуңду тоз.
* Жол кууган казынага жолугат,
  кеп кууган балааге жолугат.
* Жол кыскарткан сөз.
* Жолоочу ат жалына казан асат.
* Жолоочу болсо – атын ал,
  жортуулчу болсо – башын ал.
* Жолоочу болсоң жол мына,
  жортуулчу болсоң кол мына.
* Жолоочуда эрөөн жок.
* Жолоочу жол менен, жортуулчу эл менен.
* Жолоочунун азыгы жолунда.
* Жолоочунун бай экенин ким билет,
  кул экенин ким билет?
* Жолоочунун жолдогусу – жакшы,
  жолдо болбосо – үйдөгүсү жакшы.
* Жолоочунун жолу бирге, ырыскысы башка.
* Жолоочунун үзөңгү боосу алты кабат,
  кулу-бийин ким билет?
* Жолоочуну ээрчип ит өлөт (кээде убара).
* Жолоочуң кечиксе – сүйүн,
  жортуулчуң кечиксе – күйүн.
* Жол салсаң – өтөсүң, ор казсаң – түшөсүң.
* Жол тагдыры – эл тагдыры.
* Жол тапканча жолдош тап.
* Жолун тапкандын кирешеси жүз эсе.

* Жолуң болуп таамай чыкса эсебиң,
унутулаар кыйындыктар, кечээгиң.
* Жолуң жаман болсо да, жолбашчың жакшы болсун.
* Жол үстүндө жоокер тыныкпайт.
* Жомоктон курсак тойбойт,
кулак кубанат, көңүл тоёт.
* Жоо аяган – жаралуу, эри өлгөн катын – каралуу.
* Жоого барсаң баарың бар, доого барсаң бириң бар.
* Жоого жаныңды берсең да, сырыңды бербе.
* Жоодон корккон жолдошун сабайт.
* Жоо жакадан, бөрү этектен алганда
эр жигитти ошондо көр.
* Жоо кадырын жоо билбейт,
оору кадырын соо билбейт.
* Жоо капыстан чабат, өлүм суратпай келет.
* Жоо качканда баатыр көбөйөт.
* Жоо келгенде – баатыр бол,
доо келгенде – акыл бол.
* Жоокер жараксыз болбойт, ырчы комузсуз болбойт.
* Жоокерге тон тиге албаган жар –
жоо босогосунда күң.
* Жоо кеткенден кийин кылычыңды
ташка (бокко) чап.
* Жоо кыстаса баатырга бар.
* Жоолашкан эки элди бириктирүү үчүн
кайраттуу кол керек, акыл дагы мол керек.
* Жоолашкан эки журттун кыйыры ыйык.
* Жоолук да болсо жолго ийги.
* Жоолук кызга жарашса, кайненеси жакшы чыгат.
* Жоо малынын тезеги пайда.
* Жоомарт – алкыш алат, сараң – каргышка калат.
* Жоомарт кол – күчтүү колдон жакшы.
* Жоомарт менен калыстын төрт аягы кыбыла.
* Жоомарттын жайы бейиште,
сараңдар калат кейиште.
* Жоо менен кармашкан жолдошун жолго таштабайт.

* Жоон болсоң капкурсак дейт,
ичке болсоң – жылан жуткан жип курсак дейт.
* Жоон сүзүлөт, ичке үзүлөт.
* Жоонун жайын баатыр билет,
жокчулуктун жайын бакыр билет.
* Жоонун кырк амалы болот.
* Жоонун сыртында болбо, ичинде бол.
* Жоонун түбү эл болоор, тоонун түбү бел болоор.
* Жоону сайса эр сайды, аты калды Манаска.
* Жоону таап ал, жоошутуп чаап ал.
* Жооң мыкаачы болсо, аны кутургандык жеңет.
* Жоордун жайын жакыр билет,
жокчулуктун жайын бакыр билет.
* Жоорду чымын ырбатат.
* Жоор семирсе баш бербейт,
жаман сүйлөсө сөз бербейт.
* Жоо сырын жоо билет.
* Жоо түбү – эл, жар түбү – кечүү.
* Жоо чапкан алпка айып жок.
* Жоош тон жоон чыгат.
* Жоош төө чууда аларга жакшы.
* Жоргодон жорго чыкса төрт аягы тыбырайт,
чеченден чечен чыкса оозу-мурду кыбырайт.
* Жоргодон туулган жорток бар,
баатырдан туулган коркок бар.
* Жорго жолду арбытат, жокчулук эрди карытат.
* Жорго жоого жарабайт, молдо доого жарабайт.
* Жорго жүрүшүнөн баа болот,
жаман жүрүшүнөн кул болот.
* Жорголуу менен жол жүрбө, жол жүрсөң мол жүрбө.
* Жорго минген жолдо мас, катыны сулуу күндө мас.
* Жорго минген жолдошунан айрылат,
көп жашаган курдашынан айрылат.
* Жорго минген менен жолдош болбо,
жоболондуу менен айыл конбо.

* Жоргонун баркын мингенде билерсиң,
жакшынын баркын өлгөндө билерсиң.
* Жоргонун кадыры желгенде билинээр,
жакшынын кадыры өлгөндө билинээр.
* Жоргонун тери кургабайт, эркенин жашы кургабайт.
* Жоргоң мыкты болсо төшкө сал,
ишиң катуу болсо элге сал.
* Жорто (жүрө) албаган жол бузат,
айта албаган сөз бузат.
* Жортсоң – жол аларсың,
жолугушсаң – сөз угаарсың.
* Жортуп жүрсөң – жол өнөр.
* Жортуулда жоокердин жоосу – уйку.
* Жортуулчунун башы жолдо калат.
* Жору бар жерде тарп калбайт.
* Жоруга томого кийгизгендей.
* Жору, жору, жорумун, аты куштун зорумун,
беш тырмагым жогунан аты куштун корумун.
* Жорулуу жерде тарп калбас.
* Жорунун өзү тоодо болсо да, көзү бөксөдө.
* Жору тарпка конот, чымын майга конот.
* Жору тарпка тойсо, чарбакты эңсейт.
* Жосунсузга жорго мингизсе (кээде минген да)
жарашпайт.
* Жөжөнү күзүндө санайт.
* Жөн билгини жумшасаң акыл үйрөтпө.
* Жөндөмсүз адам – мөмөсүз дарак.
* Жөнөкөйлүк – салабаттуу жакшы салт.
* Жөн сурамак изаттан, ат сурамак келбеттен.
* Жөнү жок багыныш баатырлардын салты эмес.
* Жөнү жок багыныш эр жигитке өлүм менен тең.
* Жөө жайын жакыр билет.
* Жөө жүргөнчө төө минген жакшы.
* Жөө жүрүп ырдаганы курусун,
өгүз минип жыргаганы курусун.

* Жөө калганча ат кадырын билбес,
ач калганча аш кадырын билбес.
* Жөө калган эр – канаты жок карга.
* Жөөнүн топосу чачылбайт, жалгыздын сөзү өтпөйт.
* Жөөнүн ырысын (энчисин) аттуу жебейт.
* Жөргөмүштүн жөтөлгөнүн билген неме
бүргөнү такалап минет.
* Жубайы ажылдаак жубун кажылдаак кылат.
* Жугумдуу сөз угумдуу.
* Жука жерден жыртылат, ичке жерден үзүлөт.
* Жумурткадан кыр таппайсың,
унчукпагандан сыр таппайсың.
* Жумуру башка бир өлүм, эрте-кечи – баарыбир.
* Жумуру башта нелер жок.
* Жумурунда уузу жок өмүрүндө тойдум дебейт.
* Жумушка жалкоо адамдан
жумуртка берген тоок артык.
* Жумушка кубанып барсаң, сыймыктанып кайтасың.
* Жумуштан качып жашынган жаман,
жалкоолук күчөп, ашынган жаман.
* Жумуштун көзүн тап, кыйшыктын тегин тап.
* Жумшак айткан месел сөз муз жүрөктү эритет.
* Жумшак жыгачты курт басат.
* Жумшак орун канчалык термелтсе,
киши ошого көнөт.
* Жупуну – жугумдуу, сыпайы – сүйкүмдүү.
* Журт аймагы (кээде арасы) кең, аалам менен тең.
* Журт арасын атанын арам сийдик уулу бузат.
* Журт арасы – темир талкуу.
* Журт жалгасын, журт ичинде жакшыны жалгасын.
* Журтка жек көрүнгөндү кудай жек көрөт.
* Журт кечээ кубарса, бир күнү көгөрөт.
* Журт кыйырын күзөткөн алп кеткенде өз жоолашаар,
душман көк ташка кылычын жанаар.
* Журт мазар, журттан качкан азар.
* Журт тамырынан эл тамыры көп.

* Журтту жалгасын,
  журт ичинде бечара бизди жалгасын.
* Журттун ынтымагына балта чапкан бузукуну
  журт алдында мууздайт.
* Журту тирүүнүн өзү тирүү.
* Жутаанак төө жабуусун жалмайт.
* Жуталаң жылы ит семиз, тумоолуу жылы
  молдо семиз.
* Жуткан жутабайт.
* Жуткан – жумурда, ичкен – ичегиде.
* Жуурат төгүлсө жугу калат.
* Жуучулукка кордук жок, элчиликке өлүм жок.
* Жүгүргөн албай, буюрган алат.
* Жүгү уйда болсо да, дымагы төөдө.
* Жүз дос – аз, бир кас – көп.
* Жүздөн – бирди, миңден – онду танда.
* Жүздөн бирөө – чечен, миңден бирөө – көсөм.
* Жүздөн күлүк, миңден тулпар.
* Жүздүн көркү – сакал, сөздүн көркү – макал.
* Жүз жолу укканда бир жолу көргөн жакшы.
* Жүз, жүзгө жеткенде кудайдан күдөрүңдү үз.
* Жүз – жүрөктүн күзгүсү.
* Жүз сом акчаң болгуча, жүз жолдошуң болсун.
* Жүз сөздү бир сөз токтотот.
* Жүзүм бар уялам, жүрөгүм бар корком.
* Жүзүмүн жеп багын сураба.
* Жүйөөлүү сөз – жүйөсүн табат,
  жүйөсүз сөз – ээсин табат.
* Жүйөөлүү сөз жүлүнгө тиет.
* Жүйөөсүн таап жумуш кыл, жерин таап тыныш кыл.
* Жүктү лөк (кээде нар) көтөрөт, мээнетти эр көтөрөт.
* Жүктүн оорун нар көтөрөөр,
  сөздүн оорун эр көтөрөөр.
* Жүктүн өз теңи, теңтуштун өз кеби болот.
* Жүрбөгөн атка «чу» деген дем (кээде сеп).
* Жүргөнүмдү жел билет, конгонумду сай билет.

* «Жүр, жүр» ат өлтүрөт, «сал, сал» куш качырат.
* Жүрө албаган жол бузат, айта албаган сөз бузат.
* Жүрөгүм күйгүчө, билегим күйсүн.
* Жүрө-жүрө көбөйтүп, жүгүргөмүн тайымдан.
* Жүрөк бирди сүйөт, көңүл миңди сүйөт.
* Жүрөк жүктүү сандык: эп көргөнүн да,
жек көргөнүн да батырат.
* Жүрөккө доо кеткенче, өзөккө өрт кеткен жакшы.
* Жүрөккө жакын алба, жибитип алда.
* Жүрөк менен кан бирге, жүлүн менен жан бирге.
* Жүрөк ооруса, жүлүнгө доо кетет.
* Жүрөк сырын көз билдирет.
* Жүрөк сыры тилден чыгат.
* Жүрөктөгү сыр жүздөн байкалат.
* Жүрөктөн чыккан сөз жүрөктөн орун алат.
* Жүрөктөн чыкпай, жүрөккө кирбейт.
* Жүрүм-турум ар кимдин жүзүн көрсөтө турган күзгү.
* Жыгачка мөмө бүткөн сайын салбырайт.
* Жыгач кессең узун кес, жоно келсең кыскарар,
темир кессең кыска кес, сого келсең узарар.
* Жыгач кессең узун кес – кыскартыш оңой,
темир кессең кыска кес – узартыш оңой,
көйнөк бычсаң кенен быч – кичиртиш оңой.
* Жыгач ким жагаарын билет,
мал ким багаарын билет.
* Жыгачты курт чиритет, элди өсөк иритет.
* Жыгачтын баары тез болбойт,
сарынын баары жез болбойт.
* Жыгачтын жумшагын курт жейт,
адамдын жумшагын адам жейт.
* Жыгачтын ийрисин тезге салсаң түзөлөт,
жолдошуңдун ийрисин кепке салсаң түзөлөт.
* Жыгылгандын үстүнө жүдүрүк (муштум).
* Жыгылган күрөшкө тойбойт.
* Жыгылган ооганга күлөт, жыртык тешикке күлөт.
* Жыгылсаң жер көтөрөт.

* Жыгылсаң нардан жыгыл, (жез)
  буйласын кармай жыгыл.
* Жыгылсаң нардан жыгыл, этиң оорубас.
* Жыйноочу бармакка басып,
  тырмакка кысып жыйнайт.
* Жыкмак бар, баштан аттамак жок.
* Жыла баскан жылманын кеби жылуу,
  ичи ала (кээде арам).
* Жыланга чактырган аркандан коркот.
* Жыландай ийрилип башталса,
  шоонадай чубалып бүтөт.
* Жыландан сыр сураса, чаяндан калыс кылат.
* Жыланды жылан чакпайт.
* Жыландын териси кооз, тиши – уу.
* Жыландын тышы жумшак болсо да ичи заар.
* Жыландын уусу башында,
  бейкамдын (жалкоонун) жоосу кашында.
* Жыландын уусунан айыкса болот,
  ушакчынын уусунан айыгыш кыйын.
* Жыландын уусу – тишинде,
  жамандын уусу – ичинде.
* Жыланды үч кессе да кескелдирикче алы бар.
* Жылан ийри сойлосо да, ийнине түз кирет.
* Жылан кээде чагат, ушакчы (тажаал) күндө чагат.
* Жылан өз уусунан өлбөйт.
* Жылан өлтүрөйүн десе, таш алып бербейт.
* Жылан чаккан кайтат, бөйөн чаккан кайтпайт.
* Жылан чакпай, жылкы теппей.
* Жылаңач иттен коркпойт.
* Жылаңачка – караган – бута.
* Жылаңачка тон бербей, кымкапты кантип киесиң,
  ач калганга аш бербей, тамакты кантип ичесиң.
* Жылаңаяк суугa баатыр.
* Жылгын жарыбайт, тамын саткан марыбайт.
* Жылдаш катын – сырдаш.
* Жыл дегениң, жылгадан аккан суу.

* Жылдыздар жайнаган түн сонун,
жылытып тердеткен күн сонун.
* Жылдыздын көбү – асмандын көркү,
билимдин көбү – акылдын көркү.
* Жылкы аласы – тору ала, сыртынан таанылат,
адам аласы – ичинде, баамчылар жаңылат.
* Жылкы – берен, жылкы баккан – эрен.
* Жылкыга жыландай уул жарайт.
* Жылкыда жая, жал болсо, койдо козу, куйрук бар.
* Жылкыдан оосоң жалын карма, уйдан оосоң мүйүзүн карма, адамдан оосоң оозуңду карма.
* Жылкы жайлоодо семирет,
бордогусу байлоодо семирет.
* Жылкы, жылкы, жылкыдыр,
жылкы элдин (эрдин) мүлкүдүр.
* Жылкы кашынышканча (кишенешкенче),
адам сүйлөшкөнчө (көрүшкөнчө).
* Жылкы кишенешип, киши сүйлөшүп таанышат.
* Жылкы кишиге канат, төө кишиге күч.
* Жылкыны имерсе,
качаган жылкы өзү эле четке чыгат.
* Жылкынын көркү желеден, баланын көркү энеден.
* Жылкынын куту жалында, аарынын куту балында.
* Жылкыңа карап ышкыр, мурдуңа карап бышкыр
(кээде алыңа карап иш кыл).
* Жылкы семирсе, жылкычы сүйүнөт.
* Жылкычы болгон бээ багат,
жылас болгон төө багат.
* Жылкычы болуучу уул ээрде уктайт,
ээрде уктоочу уул эл багат.
* Жылкычы кадик адис болбосо, жоого минер ат жок.
* Жылкычынын бир көргөнүн хан,
бир көргөнүн ит көрбөйт.
* Жылкычынын жыйнаганы жубан үчүн.
* Жылкычы шашат, маалы келгенде таң атат.

* Жылуу-жылуу сүйлөсөң,
жылан ийинден чыгат (имиш).
* Жылуу келген душманды суук чыгарба.
* Жылуулук – от бар жерде,
сулуулук – кал бар жерде.
* Жылуунун муздашы – бат,
муздактын жылышы – кымбат.
* Жылуу сөз аязда ысытат, суук сөз ысыкта муздатат.
* Жылуу сөздөн ыйман, дил эрип турат.
* Жылуу сөздү жылан да билет.
* Жылуу сөздүн таасири да күчтүү.
* Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат.
* Жылуу сөз жылытат,
муздак (кээде суук) сөз муздатат.
* Жылуусу жок тон курусун.
* Жылымчы сөздүн жыты жаман.
* Жылып консо жылкы сүйүнөт,
жылбай отурса катын сүйүнөт.
* Жыргаганымдан жылкычы болуптурмунбу!?
* Жыргалдын ана башы денсоолук.
* Жыргоонун да жыласы бар.
* Жыртык ийненин кереги тиет.
* Жыртыкка жамак табылат, дартка дабаа табылат.
* Жыртык тондуу күрөшчөөк.
* Жыртык үйдөн кыйшык түтүн чыгат.
* Жыртык үйдү жел табат, калпычы сөздү эл табат.
* Жыя албаган жыйынга шүмшүк,
асырай албаган айылга шүмшүк.
* Жээндин жээни, желкенин тону (жыты тууган).
* Жээн келгенче жети бөрү келсин.
* Жээн эл болбойт, желке таз (кээде тон) болбойт.
* Жээриңе келгенде жети кабат бөрү элең,
жебесиңе келгенде жин окуган молдо элең.

## З

* Зайыбы жаман лөк өз үйүндө кор,
 зайыбы жакшы чор эл көзүнө зор.
* Зайыпсыз алдында ашың даамсыз, тузсуз да,
 узун колуң кыска, каруусуз.
* Зайыптарсыз ак ордо караңгы да,
 ак шейшептүү калың жууркан суук.
* Зайыптын мыктысы эрге да, элге да жагат.
* Залим менен жакын болсоң, башың жерге кирер.
* Заман өзгөрсө, салт өзгөрөт
 (Замандын түрүнө карап салт да өзгөрөт).
* Заманы бирдин амалы бир.
* Заманы жакшы болсо, карысы жаш болот.
* Заманы кандай болсо, эли-журту ошондой болот.
* Заманына карай амалы.
* Заманына карай күлкүсү, тоосуна карай түлкүсү.
* Заманың бөрү болсо, бөрү бол.
* Заманың кандай болсо, бөркүңдү ошондой кий.
* Заманың сокур болсо, көзүңдү кыс.
* Заманың түлкү болсо түлкү бол, бөрү болсо бөрү бол.
* Зарыгып аккан булактан, сасык да болсо көл жакшы.
* Зарылдын пулу күйөт.
* Зарыл ишиң жок болсо, Зардалыда эмнең бар.
* Зергер билет зер сырын, дыйкан билет жер сырын.
* Зер кадырын зергер билет,
 суу кадырын суусаган билет.
* Зер кадырын зергер билет,
 сүйүү кадырын сүйгөн билет.
* Зоонун кысыгынан чыккан булак тунук атырылат.
* Зор адамга жакшы адам сөзү менен теңелет,
 бар адамга жок адам күчү менен теңелет.
* Зорго да зор мокочо жолугат.
* Зорго сыйынсаң, кудайга сыйын.
* Зордоп өпкөн, жел өпкөн.
* Зордук кылба жесирге, зомбулук кылба жетимге.

* Зордукчуга мал жокпу.
* Зордукчуга теңдик жок.
* Зордун да зору бар.
* Зордун түбү кор болот, байдын түбү ачка өлөт.
* Зор иште жаның чыкса да даңкың калат.
* Зор иштер жөнүндө барыга бирдей жага албайсың.
* Зулум эшиктен кирсе, ырыс түндүктөн чыгат.
* Зыкым бай кедейден жарды.
* Зыкымдык соолукка зыян, жөөлүк өмүргө эм.
* Зыкым марттан качат, ичи тар коноктон качат.
* Зыңкыйып жүрүш үчүн да тирек керек.
* Зээндүү сүйүнтөт, кежир күйүнтөт.

## И

* «И» деген ишке демөөр.
* Издегенди ийгилик коштойт.
* Издеген ийгилик табаар, издебеген ачка калаар.
* Издеген табат, сураган алат.
* Издене бергенден из калат.
* Изденип калсаң – табасың, көздөп калсаң – аласың.
* Изденүү – ийгиликтин жолу.
* Изи барды издеш оңой.
* Изилдегенде ар нерсенин жолу табылат.
* Ийгиликке – сүйгүлүк.
* Ийгилик кетпесин, жамандык жетпесин.
* Ийгилик менен мүчүлүш – тизгиндеш.
* Ийгиликтин эрте-кечи жок,
  көрүнгөн тоонун ыраагы жок.
* Ийгилик үстүндө пейлиңди тарытпа,
  иш үстүндө көңүлүңдү иритпе.
* Ийибеген эмчек болбойт.
* Ийибес эмчек болбос, кейибес адам болбос.
* Ийик десе жалт берет, талкан десе тап берет.
* Ийилген башты кылыч кеспейт.

* Ийилгенге ийилгин – атаңдан калган кул эмес,
какайганга какайгын – падышанын уулу эмес.
* Ийилчээк тактай сынбайт.
* Ийинге кол салганда, жыландын уусун эсте.
Гүлдү үзгөн кезде, тикени келсин эске.
* Ийкемдүүгө иш даяр.
* Ийменчээк болсо боз балдар сүйгөнүнөн кур калат.
* Ийменчээктик кыз-келинге жарашат.
* Ийнеге учук керек.
* Ийнедей тешиктен шоонадай шамал кирет.
* Ийне көзүнөн сынат, адам сөзүнөн сынат.
* Ийне – көзүнөн, уй – мүйүзүнөн,
адам – сөзүнөн сынат.
* Ийнени капка салып ката албайсың.
* Ийненин көздүү учу колго сайылбайт.
* Ийненин чөпкө түшкөнү – жоголгону.
* Ийне өткөн жерден шоона да өтөт.
* Ийне сая албаган ийне тандайт,
учук саптай албаган жип тандайт.
* Ийри жыгач түз болот – тезге салып мордосо
(же сомдосо), душманына кор болот –
өз тууганын кордосо.
* Ийри отурсаң да түз сүйлө.
* Ийри отуруп түз кеңеш.
* Ийри таяктын көлөкөсү түз болбойт.
* Ийри терек жанына түз терек жаталбайт.
* Ийри тумшуктун ырысы кайыптан.
* Илбирс изинен кайтпайт, жигит сөзүнөн кайтпайт.
* Илгери барардын ити чөп жейт,
кедери кеткендин келини ууру кылат.
* Илгеркинин алпы көп, алпынан да калпы көп.
* Илгеркинин жакшысы журттун камын жейт,
эмдигинин жакшысы өзүнүн кара жанын жейт.
* Илдет кетсе дагы адат кетпейт.
* Илең-салаң оорудан, шара-бара өлүм артык.
* Илим – акылдын кайрагы (кээде кайрыгы).

* Илим албай мактанба, өнөрлүү болбой баптанба.
* Илим алуу – ийне менен кудук казгандай.
* Илим башка жугат, кына ташка чыгат.
* Илимдин кудайы – акыл,
  аңгеменин кудайы – макал.
* Илимдин падышасы – акыл,
  сөздүн падышасы – макал.
* Илимдүү баштайт, илимсиз ээрчийт.
* Илимий иште ар бир минута тагдыр чечүүгө жарайт.
* Илим – окуу булагы, билим – өмүр чырагы.
* Илим – окуу булагы, өнөр – турмуш чырагы.
* Илим өнөрсүз болбойт, куш канатсыз болбойт.
* Илим тозбогон кудук, билимсиз киши – дудук.
* Илим – турмуш чырагы, өнөр – элдин куралы.
* Илим – элге, суу – жерге (жагат).
* Илим – элдин көркү, токой – жердин көркү.
* Ильхам тазалыкты ээрчийт.
* Илээндинин малы көчкөндө жоголот.
* Инек баштаса – ийри жарга,
  өгүз баштаса – өлөңдүү сазга.
* Инек көзүн сүзбөсө, бука мурунтугун үзбөйт.
* Инек мүйүздүү өгүздүн күчү жок,
  өгүз мүйүздүү инектин сүтү жок.
* Иниси бардын – ырысы бар.
* Иниси жакшы болсо, аганын ырысы.
* Ирециine карасаң – күндөй, ишине карасаң – түндөй.
* Иретсиз иште ийгилик жок.
* Ириген ооздон чириген сөз чыгат.
* Ириген сөз чириген оозго гана жарамак.
* Ит агытып, куш салмак мүнүшкөрдүн кесиби.
* Ит адамга жолдош,
  ошон үчүн атын койгон Жолборс.
* Ит айылчы болсо, бөрүнүн жолу болот.
* Ит ала болсо да, бөрүнү көрсө биригет.
* Ит алы жеткенин талайт.
* Ит арабанын астында жүрүп, «мен тарттым» дейт.

* Ит баксаң мыктап бак, кой алдырбайт ууруга.
* Ит бир күнү бок жебесе, башы ооруйт.
* Ит бок жеп жан сактайт.
* Ителги салба, жамандан кепил алба.
* Итенген сайын бир боорсок.
* Ит жадаса үрөт, киши жадаса күлөт.
* Ит жакшысы ичик табат, ит жаманы киши кабат.
* Ит жакшысын «чык» дебейт.
* Ит жакшысы – сырттан.
* Ит жалдаган суу кечпейт.
* Ит жаманы бороондо кычайт.
* Ит жаманы үрөөнөк.
* Ит жандаган сууга кетет, эр жандаган муратка жетет.
* Ит жарасын жалап сакайтат.
* Ит жеңгенин талайт.
* Ит жыгылганын талайт.
* Ит жыйыны бирикпейт.
* Ит заңы дары болсо, дарыянын башына чыгат.
* Ити семиз, мал арык – жер азганы,
  ынтымагы болбосо – эл азганы.
* Ит итаягын жаламайынча алымсынбайт.
* Ит иттен көлөкө талашат.
* Ит иттигин кылат.
* Ит иттигин кылбаса башы ооруйт.
* Ит итти жумшайт, ит куйругун жумшайт.
* Ит ичпес ашынан үмүт этет.
* Ит кайырчыдан корксо, кайырчы иттен коркот.
* Итке бийлик берсе үргөндү унутат.
* Итке набат таштасаң таттуулугун биле албайт,
  жаманга жардам кылсаң, жакшылыгыңды биле албайт.
* Итке өчөшүп ээсин кектебе,
  битке өчөшүп көйнөгүңдү өрттөбө.
* Итке салам бергиче, адамдын аягына жыгыл.
* Итке сый жарашпайт.
* Итке темирдин баркы эмне экен?
* Итке темирдин кереги эмне?

* Ит кабышып өлөт, акылсыз чабышып өлөт.
* Ит коруган жерге чычат.
* Ит кулагын кескенге үйүр.
* Ит кутурса ээсин кабат.
* Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт,
ичи ооруган күлкү сүйбөйт.
* Ит менен дос болсоң сөөк талашасың.
* Ит менен жеген аш кустурбай койбойт.
* Ит менен куда болсоң, жегени менен той бересиң.
* Ит менен ойносоң – үрөсүң,
бала менен ойносоң – күлөсүң.
* Ит мурдуна суу киргенде сүзөт.
* Ит начары – үрөөнөк.
* Ит өлөөрүндө кайышчыл болот.
* Ит семирсе ээсин кабат.
* Ит таарынат, ээси билбейт.
* Итте жээн жок, букада кайын жок.
* Иттей ала болгуча, бөрүдөй көк бол.
* Иттен жок, же ит байлаган жиптен жок.
* Иттен көлөкө талашканды жалкоо дейт.
* Иттердин кордугуна чыдоо кыйын, өлүү оңой.
* Иттерди талаштыргандан балдарды урушturган оңой.
* Итти баксаң – сырттан бак, кой жоголбойт короондон.
* Итти ит дей берсе үй ээсин тиштейт.
* Итти каппайт дебе, атты теппейт дебе.
* Итти күчүгүм десең, оозуңду жалайт.
* Иттин акмагы күндүз үрөт.
* Иттин ачуусу жонунан, аттын ачуусу кулагынан.
* Иттин башын сыласаң, өзүңдү кабаар.
* Иттин жаманы күчүктү талайт.
* Иттин ичине сары май жакпайт.
* Иттин тойгон жери бар, турган жери жок.
* Иттин ырылдашканы – амандашканы.
* Иттин ээси болсо, бөрүнүн теңири бар.
* Итти сыйласаң төрдү булгайт.
* Итти эркелетсең да, таягыңды таштаба.

* Ит – тойгон жеринде, куш – конгон жеринде,
ат – көнгөн жеринде, эл – туулган жеринде.
* Ит төөгө арсылдайт, төө итти барсынбайт.
* Ит тумшугуна суу кирмейинче сүзө албайт.
* Иттүү конок батпайт, биттүү конок батат.
* Ит уялашынан коркпойт.
* Ит уялса май берсең да жебейт.
* Ит – үйдүн кулагы, бала – үйдүн чырагы.
* Ит үйүр болсо жолборско үрөт.
* Ит үрө берет, кербен жүрө берет.
* Ит үрө берет, ушак жүрө берет.
* Ит үрөт, эр кечирет.
* Ит ырысы менен, куш куту менен.
* Ит экенин билген соң, таш ыргытып катылба.
* Ит эмнеге үрбөйт, түшкө эмне кирбейт.
* Ит эрке болсо, ооз жалайт.
* Ичегиси үзүлгөн – ичинен жалганат.
* Ичер ашы жоктун, үрөр ити да жок.
* Ичер суусу түгөнгөн киши өлөт.
* Ичи жаманды ит кабат, пейли жаман ниетинен табат.
* Ичиң күйсө туз жала.
* Ичиң ооруса, тамагыңды тый.
* Ичи оорулуу күлкү сүйбөйт.
* Ичи өткөндүн ыштаны билет.
* Ичип арактын көөнүн алган, кусуп кудайдын көөнүн алат.
* Ичип берүүчүгө ченеп берүүчү бар.
* Ичи тар адам арызчыл, ичкич адам карызчыл.
* Ичи тар адам баш болбойт, ашык ичкен аш болбойт.
* Ичи тарга дүйнөнүн кеңдиги көрүнбөйт.
* Ичи тардан ийне артпайт.
* Ичи тарды ит кабат.
* Ичи тардыктан өткөн чабалдык болбойт.
* Ичи тардын итине сөөк (жугунду) артпайт.
* Ичи тардын иши жүрбөйт, жаман кемчилигин билбейт.
* Ичи тардын иши тар.
* Ичи тар итине бок бербейт.

* Ичи тар көралбайт, ушак айтпай жүралбайт.
* Ичи тар кыянаттыкты ойлойт,
илбериңки сыйлаганын койбойт.
* Ичке жерден үзүлөт.
* Ичкенге аш берем, ичпегенге кара таш берем.
* Ичкенге бар, иштегенге жок.
* Ичкенде, жегенде сиздикинде бололу,
ойногондо, күлгөндө биздикинде бололу.
* Ичкенде тойбогон, жалаганда тоймок беле.
* Ичкендин даамы кусканда (эртеси) билинет.
* Ичкени ирим, жегени желим.
* Ичкенин кускан – чабалдын иши,
бергенин алган – жамандын иши.
* Ичке үзүлөт, жоон сүзүлөт.
* Ички дүйнөң тазарбаса,
эндик сүйкөнүп ажарыңа чыкпайсың.
* Ичкилик арты – итчилик.
* Ичкилик арты өкүнүч.
* Ичкиликке кол бердиң – итчиликке жол бердиң.
* Ичкиликке мактаныч жок, сактаныч бар.
* Ичкиликке тойгон энесин таанybaйт.
* Ичкилик согуштан жаман чоң ааламат.
* Ичкиликтин арты кайгы, болбой ичет акылы тайкы.
* Ички ооруну табуу кыйын, карт адамды багуу кыйын.
* Ичкүйдүлүк кишилерге мүнөздүү.
* Ич ооруну билүү кыйын, оорулууну багуу кыйын.
* Ичпей, жебей бакыл бол, бай болбосоң маа кел.
* Ичпей-жебей жыйнагын, бай болосуң бат эле.
* «Ичпейм-ичпейм» деп коюп ичмекей катын түгөтөт,
«жебейм-жебейм» деп коюп жемекей катын түгөтөт.
* Ичсең – тунукту ич, жесең – бышканды же,
сүйлөсөң – чындыкты айт.
* Ичтегини тилден бил, тилдегини түрдөн бил.
* Ичтен чыккан ийри жылан.
* Иш адамды эмес, адам ишти көрккө бөлөйт.
* Иш бар жерде ийгилик бар.

* Иш бүтүргөн кернейчи, балаага калган сурнайчы.
* Иш дегенде жата калган, сөз дегенде тура калат.
* Иш десе ичкен ашын жерге койгон.
* Ишенбегин тоодо жүргөн кайыпка,
  сырыңды айтпа акылы жок зайыпка.
* Ишенген кожом сен болсоң,
  кепшеген оозуңду урайын.
* Ишенген кожоң суугa акса –
  алды-алдыңан тал карма.
* Ишеним – кишиге аска, ишенбес киши – көпшөк.
* Ишеним сыймык алып келет,
  ийгилик сыйлык алып келет.
* Иши алдыңкынын жүзү жарык.
* Иши жоктун ашы жок.
* Иши жоктун түйшүгү жок.
* Иши жүрүшкөндүн (илгерилегендин) ити чөп жейт.
* Иши илгери кетээрдин ташы өйдө кулайт.
* Иши иттикиндей, сөзү кишиникиндей.
* Иши кыйшык кишинин куну кетер артына,
  ооруп өлөөр кишинин дабаа болбос дартына.
* Ишиңди бирөө кылып берсе, колуңду кычыштырба.
  Сөзүңдү бирөө сүйлөп берсе, оозуңду кычыштырба.
* Ишиң калганча, ашың калсын.
* Ишиң илгери келгенче, итиңе кош арт.
* Иши көңүлдүүнүн – эмгеги түшүмдүү.
* Иши оңолоордун ити чөп жейт,
  иши оңолбостун келини ууру кылат.
* Иши оңолоордун ити чөп жейт, ташы жогору кулайт.
* Иши оңолоордун келини тың чыгат.
* Иши оңолбогондун – уулу урушчаак,
  келини керишчээк.
* Ишке ашпаган илим – жемишсиз дарак,
  ишке ашчу илим инсанды ойго жеткирет.
* Ишке келгенде – бала, сөзгө келгенде – балээ.
* Иш келбеген колунан кырдуусунат,
  иштегендин ишине тыңдуусунат.

* Ишкер жарнамага тойбойт.
* Ишкер иштеп байыйт.
* Ишке так адам – нак адам.
* Ишке чабал тагдырына таарынат.
* Иш көп, темир аз, уста көп, көмүр аз.
* Иш кууган ырыска жолугат,
  сөз кууган кырсыкка жолугат.
* Иш кылдырба чоркокко, жүк артпагын торпокко.
* Иш кылсаң акылың менен.
* Иш кылсаң артын ойло.
* Иш сүйгөн колдон тоо кулайт,
  иш качкан колдон куурай да сынбайт.
* Иш тапшырба жалкоого, акыл айтпа чалпоого.
* Иштебеген тиштебейт.
* Иштебей туруп, тиштээриңди ойло.
* Иштегендин оозу ойнойт, иштебегендин көзү ойнойт.
* Иштегени жакшы болсо, жибектен шал өйдө.
* Иштегениң биз үчүн, үйрөнгөнүң өзүң үчүн.
* Иштеген ийгилик табат.
* Иштеген киши карыбайт, карыса да арыбайт.
* Иштеген колдон көргөн көз уста.
* Иштеген озот, ойногон тозот.
* Иштеген тиштейт.
* Иштеги темир чирибейт.
* Иштемчил иш санайт, жалкоо күн санайт.
* Иштен майнап чыкпаса, алгылыктуу сөзгө татыбайт.
* Иштермандын иши асыл, кужурмөндүн күчү асыл.
* Иштесең досуң көбөйөт, ушактан касың көбөйөт.
* Иштесең каптап аласың, иштебесең ачка каласың.
* Иштесең көл болот, иштебесең чөл болот.
* Иштесең кулча, тиштейсиң байча.
* Иштесең тиштейсиң.
* Иштин агы билбейт, жигиттин багы билет.
* Иштин көзүн билген сөзүн билбейт,
  тили сайрагандын иши жүрбөйт.
* Иштин көзүн уста билет.

* Ишти сүйсөң, ишмер болосуң.
* Ишти ыгына карай ишге,
баланы шыгына карай тарбияла.
* Иштөө керек жүгүрүп, басуу керек чалкалап.
* Иштөө кыйын, сыноо оңой.
* Иштүүгө убакыт жетпейт, ишсизге убакыт өтпөйт.

## К

* Каада-сыйдын ичинен кадырлашкан нарк улуу.
* Каалаганын сүйлөгөн кагуу жейт.
* Каалаганыңыздын кабылганы – досуңуздун сагынганы.
* Каалоосун тапса кар күйөт.
* Каарданган ачуудан алып качкан акыл жакшы.
* Каардуу коңшуңдан кутулайын десең карыз бер.
* Каары жок кан болбойт, кайгысы жок жан болбойт.
* Кабаанак ит тамакка да, таякка да тоёт.
* Кабаанак иттен качып өт.
* Кабагы жамандын сабагы жаман.
* Кабыгы жерден, тамыры колдон.
* Кавхар (көөр) жерде жатпас,
жакшылык жолдо калбас.
* Кагаз жазып колу оорубагандын,
жумуш жасап бели оорубайт.
* Кагуу жээр жерге кайрылба, кадырың кетет.
* Кагылышта кан өлөт, калаа бузулат,
эрегиште эр өлөт, эриш бузулат,
өчөштүктөн өрт чыгат, эл бузулат.
* Кагынчаак кайын энеге, багынчаак келин чыкпайт.
* Кагыша берсе май түшөт.
* Кагыша берсе сый кетет.
* Кадик мерген жол кылат карарган бийик асканы.
* Кадыр-барк ар бир инсандын күзгүсү.
* Кадырды билген кара аяк.

* Кадырласаң кадырлашаар,
  кадыры жоктон баары качаар.
* Кадырлуу-барктуу жерден тууган-уругуң болсо,
  кара жерде кайык жүрөт.
* Кадырманмын деп койкойбо,
  чакыргандан калган соң.
* Кадырыңды билгиң келсе, коңшуңдан карыз сура.
* Кажалаң болбой – жут болбойт,
  караөзгөй болбой – доо болбойт.
* Кажыгыр күйөө – кайынсаак,
  төжүгүр катын – төркүнсөөк.
* Казак кайың сааганда, кыргыз Ысар киргенде.
* Казак кыргыз бир тууган.
* Казак, кыргыз жоо болсун, кара жаным соо болсун.
* Казан алсаң, кагып ал.
* Казан-аяк кагышат.
* Казанга жакын жүрсө көөсү жугат,
  ууруга жакын жүрсө чуусу жугат.
* Казанга түшкөн аш капка түшпөйт.
* Казанга эмне салсаң, сүзгөндө ошону аласың..
* Казанда болсо – кашыкка чыгат.
* Казандагы кайда качат, каптагыга сак болгула.
* Казан карасы кетет, намыс карасы кетпейт.
* Казан толгон аш болсо, буюрганын ичесиң.
* Казанчынын өз эрки, кайдан кулак чыгарса.
* Казаны башканын кайгысы башка.
* Казаны бөлөктүн камы бөлөк.
* Казаны жок кайдак, катыны жок бойдок.
* Казанына жараша сузгусу.
* Казанын сууга салып коюптур.
* Казаныңа жараша чөмүч танда.
* Казатта өлгөн – аманат, төшөктө өлгөн – жаманат.
* Казга теңелем деп карганын буту сыныптыр.
* Каз каркылдайт саз жерде, эр баркылдайт тар жерде.
* Каз-өрдөгү болбосо – балыр каптап көл карып,
  калк кадырын билбесе – кайраттуу туулган эр карып.

* Каз-өрдөк көлгө таянат, чечен сөзгө таянат, чал-кемпир төргө таянат.
* Казы кертип жал чайнап сен да өтөөрсүң дүйнөдөн, кара жарма жалмалап мен да өтөөрмүн дүйнөдөн.
* Казына – казына эмес, эл (калк) казына.
* Казысы болот жылкынын каракыяк, бетеге.
* Казысы кучак, азуусу бычак.
* Кайберендин ач ичегисин ачка жатсаң да алба, ток ичегисин тоюп турсаң да таштаба.
* Кайгы адамдын өзүн чиритет, калп адамдын сөзүн чиритет.
* Кайгыга да кайрат керек, кайрат – денсоолукка белек.
* Кайгыга жеңдирбегендин көңүлү сергек, кайгыга жеңдирсе илдет өзү келмек.
* Кайгыга жеңдирбеген көңүл сергек, оору-сыркоодон алыс.
* Кайгыга өңү азбаган – кайраттуулуктун белгиси.
* Кайгыга токтоолук керек, шаттыкка кыраакылык керек.
* Кайгыда да кармана бил.
* Кайгыдан картаят, шаттыктан жашарат.
* Кайгы жокто кайгы болду өгөй кайнененин өлгөнү.
* Кайгы жокто кайненем өлүптүр.
* Кайгылуу катын каралуу.
* Кайгы менен күлкү – куйрук улаш.
* Кайгынын түбү – кара суу, кайгырасың, каласың.
* Кайгы өмүрдү кесет, калп ырысты кесет.
* Кайгы – пайдасыз, ый – жардамсыз.
* Кайгырганга кайрылган жакшы (сооп).
* Кайгыргандан опаа жок.
* Кайгырып уктасаң, ооруп ойгоносуң.
* Кайгысы жок кан болбойт, азабы жок жан болбойт.
* Кайгысы жок кара ссууга семирет, катыны жок кыздуу үйгө теминет.
* Кайгысызга уйку таттуу.
* Кайгысыз киши карыбайт, калп айткан киши жарыбайт.

* Кайгысы канча болсо, көз жашы ошончо.
* Кайгысы көптүн касы көп,
  кайгысы жоктун уйкусу көп.
* Кайда барба, мамайдын көрү.
* Кайда барсаң да казандын кулагы төрт.
* Кайда барса таш тараза тең.
* Кайда болбосун бир өлүм.
* Кайдан болсо кадигиң, ошондо болсун катарың.
* Кайда болсоң, анда бол, аш бышканда пайда бол.
* Кайдан дешке болобу капыстан келчү кырсыкты.
* Кайдан көрдүм кара эшек, жолдон көрдүм жоор эшек.
* Кайдан көрсөм, тойдо көрөм.
* Кайдыгерде – кайрат жок, камгак жанда – айбат жок.
* Каймактан күйгөн колуң сүттөн күйбөй коёбу.
* Каймактуу кашык, оозго салык.
* Каймактын даамын кашык билбейт.
* Каймана сөз катуу тийбейт.
* Кайнаса каны кошулбайт.
* Кайната (кайнага) калтайбаса, келин келтейбейт.
* Кайнатамдын аты жат эле, тырайгыла коноктор.
* Кайнатпай каныңды ичкен, кактабай этиңди жейт.
* Кайнене айбаттуу болсо, келини уяттуу болот.
* Кайненелүү келин – кадырлуу келин.
* Кайрат – дартты жеңилдетет, кайгы – дартты ырбатат.
* Кайрат ташты жарат, ушак башты жарат.
* Кайраттуу адам калкка башчы болот.
* Кайраттуудан душман тургай, ажал да жалтанат.
* Кайраттуу жүрөк таш жарат.
* Кайраттуу карыса да жаштай,
  кайратсыз жаш болсо да карыдай.
* Кайраттуунун калпагы да курал.
* Кайраттуунун карды ачпайт.
* Кайраттуу эрде бак турат.
* Кайраты бар кишинин – берекеси бар ишинин.
* Кайраты жоктун сабыры жок,
  сабыры жоктун кадыры жок.

* Кайратың болсо жүрөктө, кайратың болот билекте.
* Кайрылгандан айрылба.
* Кайрылып ачар капканды катуу жаппа.
* Кайрылып ичер ашыңа какырба да түкүрбө.
* Кайрылыш да болсо жол жакшы,
 качак да болсо кыз жакшы.
* Кайрымдуу (кайырдуу) карындаш –
 түгөнбөгөн казына.
* Кайрымдуулук кылууну үйрөн.
* Кайрымы жок байдан, суусу жок сай жакшы.
* Кайсы бармагыңды кеспе, оорусу өзүңө.
* Кайсы жактан бороон соксо, ошол жакка калкан тос.
* Кайсы жерде жүдөө күтсө зайыпты,
 ошол элдин уулуна кой айыпты.
* Кайсы жерди жердесең, ошол элдин ырын ырда.
* Кайсыл жериң ооруса, жаның ошол жерде.
* Кайсыл жериң ооруса, ошол жериң таттуу.
* Кайтпасаң берген антыңдан,
 рахмат айтат бардык жан.
* Кайтып кирээр эшикти катуу жаппа.
* Кайык кадыры сууда билинет,
 төө кадыры чөлдө билинет.
* Кайыкка түшсөң, кайыкчы менен касташпа.
* Кайын эненин камырынан.
* Кайың эмес, тал эмес арча чалыш, кыргыз эмес,
 сарт эмес калча чалыш.
* Кайырсыз байдан, ырайымы жок кандан
 каптап келген сел жакшы.
* Кайырчыга кандын иши түшөт.
* Кайыры жок байдан кач, паанасы жок сайдан кач.
* Какаары болбой кыш болбойт,
 катыны болбой эр болбойт.
* Какаганга муштагандай кылба.
* Какаганды муштаба, сокурду жарга кыстаба.
* Какаганды муштаган, өлгөндү көмгөн кыла көрбө.

* Какайганга какайгын машаяктын уулу эмес,
эңкейгенге эңкейгин атаңдан калган кул эмес.
* Какшык бузат кадырлашты,
ушак бузат убадалашты.
* Какшык сөз кадырлашты да бузат.
* Какшыкчылдын түбү какшыйт.
* Как эткен карга, кук эткен кузгун жок.
* Калаалуу коргон бузулса, калаа болбойт ал кайтып,
карыган соң жашарбайт, кемпир менен чал кайтып.
* Калайык колдогон алп – журт ээси.
* Калак кайраттуу болсо, кайык баарына чыдайт.
* Калган ишти кар басат.
* Калган көңүлдүн музу кетсе да, сызы кетпес.
* Калган көңүл качкан куш.
* Калем жазбайт, акыл жазат.
* Калем курчу – изденүү менен акылда,
достук күчү – бирдик менен жакында.
* Калем менен жазганды, балта менен чаба албайсың.
* Калемпир ачуу – туз болбойт,
катын каңшылап сүйлөп – кыз болбойт.
* Калжың менен сөз көбөйөр,
жаңжал менен көз көгөрөр.
* Калк айтса, калп айтпайт.
* Калк бар жерде акыйкат бар.
* Калк кадырына жетүү кымбат,
урмат-сыйдан ажыроо – уят.
* Калкка зобун кылган каргышка калат.
* Калкка түзөлбөгөн калыпка түзөлбөйт.
* Калкка эп келсе, кан төөсүн соёт.
* Калк туткасы – кан.
* Калктын кадырында бол.
* Калкыма нарк болсун, уулума барк болсун деген тура.
* Калкымдан айрылдым дегиче,
канатымдан айрылдым дегин.
* Калкынан азган кор тура, каңгыган эр шор тура.

* Калкынан азган кор экен, элдүүнүн баары эр экен,
  элинен азган жигитке эртелеп өлүм эп экен.
* Калкыңдын көөнүн калтырба,
  жетсе да колуң жылдызга.
* Калк ордунда, кан тактысында.
* Калмак-кыргыз жоо болсун,
  кара жаным соо болсун.
* Калоосу жарашса, кар да күйөт.
* Калп адамдын сөзүн бузат,
  кайгы адамдын өзүн бузат.
* Калп адамдын сөзүн иритет,
  кайгы адамдын өзүн чиритет.
* Калп айткан жарыбайт, какшык айткан марыбайт.
* Калп айтып жыргайм дегенче,
  чындыкты айтып азап чек.
* Калп айтып пайда тапкыча,
  чын айтып зыян тапкан жакшы.
* Калп – дарт, чындык – эм.
* Калп жүргөн жерде ырыс ырыс жок.
* Калпка жакын болсоң жалаасы жугаар,
  казанга жакын болсоң көөсү жугаар.
* Калп – кара кайгы төрөйт.
* Калп каткырык ыйдан жаман.
* Калп көп, чындык бирөө.
* Калп менен көйрөңдүк – өтө калпыс көрүнүш.
* Калп «ойноп айттым» дейт, ууру «таап алдым» дейт.
* Калп – оору, чындык – дары.
* Калп сөз жанга жоо,
  өткүр (кээде мокок) бычак кынга жоо.
* Калп сөз – жандын (кээде адамдын) душманы.
* Калп сөз – куру сөз.
* Калп сүйлөгөн каакы.
* Калп сүйлөп жашаганча, чын айтып өлгөн жакшы.
* Калп сүйүндүргөндөн, чын күйүндүргөн артык.
* Калпты да эпкелиштирген киши айтат.
* Калптын арты кайгы.

* Калптын арышы кыска.
* Калптын казаны кайнабайт, дасторкону жайнабайт.
* Калптын кайгысы күч.
* Калптын түбү бузулган көрдөй,
  чындын түбү толкуган көлдөй.
* Калпты чындай айтса, чындык чычая качат.
* Калпты чындай, аксакты тыңдай кылып.*(же айтып)
* Калпты-чынды көп айтып – сеники аша кеттиби,
  каза элечек оронуп – меники аша кеттиби.
* Калп ырыска каршы, өмүргө жоо.
* Калп – ырыс кесет (кыркат), кайгы өмүрдү кесет.
* Калпычы калпты чындай, аксакты тыңдай кылат.
* Калпычы киши элге ишенбейт.
* Калпычынын кеби өтпөйт,
  мактанчаактын сөзү өтпөйт.
* Калпычынын куйругу бир тутам.
* Калпычынын өмүрү коёндун куйругунан кыска.
* Калпычынын үйүнө ууру кирсе, эч ким чын бүтпөйт.
* Калпычынын чын сөзү калпка (же төгүнгө) чыгат.
* Калпычынын чын сөзү сая кетет.
* Калпычынын эртеңи түгөнбөйт.
* Калпычы өлгөндү күбө кармайт.
* Калың калса да, каада калбайт.
* Калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт.
* Калың токойдон камчыга сап табылбайт.
* Калың токоч бышкыча, жука токоч күйүп кетет.
* Калыпсыз кыш болбойт, ойлонбосо иш болбойт.
* Калыс арыбайт, калпычы жарыбайт.
* Калыс башкарган элде кайгы жок,
  караөзгөй башкарган элдин дайны жок.
* Калыс канда (бийде) кайын жок,
  туура канда (бийде) тууган жок.
* Калыс кар болбойт.
* Калыс кеп карды эритет, калп жанды кейитет.
* Калыс киши – кадырлуу.
* Калыс сөз дайыма кастарлоого татыктуу.

* Калыс сөз карыбайт, жалган сөз жарыбайт.
* Калыс сөз – кыска, накыл сөз – нуска.
* Калысты калк колдойт.
* Калыстык жана чындык –
  адамзатка куну жок буйрук.
* Калыстыкты элге жаса, камбылдыкты эмгекке жаса.
* Камандай качыргандан кайра тартпаган.
* Каман өлсө – тиши калат, адам өлсө – иши калат.
* Кам болгон – кем болбойт.
* Камгак өзүн жанмын дейт,
  камкөш (чийки эт) өзүн канмын дейт.
* Камдес мерген карарган кырды атат.
* Камдуу журт жоого алдырбайт (кор болбойт).
* Камсыздын коюн карышкыр жейт.
* Камчы болсоң төрт кырдуу бол,
  жигит болсоң бир сырдуу бол.
* Камчы кайраттуу болсо, катын уяттуу болот.
* Камчыңды бирөө чаап берсе,
  кычышкан колуң тыйып ал. Сөзүңдү бирөө сүйлөп
  берсе, кычышкан оозуң тыйып ал.
* Камчы катуу болсо, катын ийги.
* Камырдын кыл алмак кыйын,
  молдодон пул алмак кыйын.
* Камырдан кыл суургандай.
* Камыш өзүн чий ойлойт, бака өзүн бий ойлойт.
* Камышты бош кармасаң колуңду кесет!
* Камышы болбой көл болбойт,
  кайраты болбой эр болбойт.
* Канаат (каниет) карын тойдурат.
* Кан ак кеңешсе, кул оң көрсөтөөр.
* Канаттууга кактырбай, тумшуктуууга чокутпай.
* Канаттуунун бары кыраан эмес,
  сойлогондун бары жылан эмес.
* Канаты жок туйгундан канаты бар карга жакшы.
* Канаты менен учкан куйругу менен конот.
* Кан (улук, бек) башы көпүрө болсо аттап өт.

* Кан болмоктон бек болгун,
  кадырың болбойт малдан соң.
* Кан болсо жоо көп, бий болсо доо көп.
* Кандай салам берсең, ошондой алик аласың.
* Кандай соксоң андай сок, кара баатыр барында,
  улак берээр адам жок.
* Кандала чакса, бүргөгө ыйлап көрүшөсүң.
* Кандан адилеттик кетсе, калктан тынчтык кетет.
* Кандан ажырасаң да, калктан ажыраба.
* Кандан, бектен кайра тартпаган.
* Кандектин карыганы билинбейт.
* Кандектин карыгыча күчүк аты калбайт.
* Канды кудай урарда катыны менен кабышат,
  эли менен чабышат.
* Кандын башын кан жутат,
  кардын башын кар жутат.
* Кандын да бир татым тузу кемиптир.
* Кандын каары жаман, жыландын заары жаман.
* Кандын каарынан сактан,
  каракчынын дооматынан сактан.
* Кандын күчү эл менен, катындын күчү эр менен.
* Кандын кызы кашык кармаса
  колу жооруйт (кээде буту ооруйт).
* Кандын ниети бузулса, калкына түйшүк түшөт,
  өз башына бүлүк түшөт.
* Кандын өзү эмес зордугу чоң.
* Кандын өлүмү – элинин терс караганы,
  алптын өлүмү – эл алдында уятка калганы.
* Кандын тагы кандуу болот.
* Кан жакшы болбой, калк жакшы болбойт.
* Кан жардыгы эки болбойт.
* Кан жолду ат басар, эшек таптаар.
* Канжыгалуу кара сеңсел – алгыр кыраанды,
  калкка туу, баатыр чеңгел – адам кыраанды.
* Канжыганын катканын каптал билбей, ат билет.
* Каниет карын тойгузат.

* Кан кадырлабаган эл азат.
* Кан казанын кармадым, канакей колго жукканы.
* Кан кайда барса нөкөрү калбайт.
* Кан койнунда калтырап жатканча,
кул койнунда кутуруп (кээде кутулуп) жат.
* Канкорду көзүнөн тааны.
* Канкор канды көрбөгөн канга токол болом дейт.
* Кан менен энчисин бирге жыйган
ээр-токумун көтөрүп бош калат.
* Кан сарайы – кылычтын мизи, камчынын күчү.
* Кан тартуусу тогуз.
* Кан төкпөй жеңиш жок, тер төкпөй жемиш жок.
* Кан үйүнүн тардыгы ай,
кара алачыгымдын кеңдиги ай.
* Канча кырып жуусаң да, кара кийиз ак болбойт.
* Канчалык жаман болсо да, алганыңдан сүрдөйсүң.
* Канчалык жоон болсо да, жалгыз жыгач үй болбос.
* Каны жок калк болбойт.
* Каны кайрымдуу болсо, калк башына бак конот.
* Каныккан ууру тынбайт.
* Капалуунун кабагына кар жаайт,
кайыккандын мурутуна муз тоңот.
* Капаңды жарыңа айт, калса курбуңа айт.
* Капарың кимден болсо, кадигиң ошондон.
* Капканчы тилейт түлкүнү,
боз балдар тилейт күлкүнү.
* Капка шибеге ката албайсың,
элекке суу сактай албайсың.
* Капсалаң болбой жут болбойт,
караөзгөй болбой доо болбойт.
* Капта болсо, казанга түшөт.
* Каптагыны катын билет.
* Кара атан өлсө союлар, кан ата өлсө коюлар,
он эки айда бир келген кар сонор кайдан табылар.
* Кара баш киши алжыса – өз башына күлкү,
билги алжыса – калайыкка күлкү.

* Карагай болбой чер болбойт,
кайратсыз адам (же кайраты болбой) эр болбойт.
* Карагайга карап тал өсөөр,
катарына карап мал өсөөр.
* Караганга чымчык корголойт.
* Карагер ат кимде жок, жүгүрбөсө тайча жок.
* Карадалы эр тандабайт,
жыгылган адам жер тандабайт.
* Кара жанга күч келсе, дебегенди деп коёт,
жебегенди жеп коёт.
* Кара жемсөө адамда калыстык жок.
* Кара жерге кар жааса, карды көрмөк бир мурат.
Кара жерден кар кетсе, жазды көрмөк бир мурат.
* Кара жерди жамандаба, кайтып бир күн бараарсың,
калың элди жамандаба, каргышына калаарсың.
* Кара жердин өлгөнү кар астында калганы.
* Кара жолдун чаңы бар, карыптын дагы жаны бар.
* Кара зоо боору муз болбойт,
карыганда катындар кыңшылап сүйлөп кыз болбойт.
* Карайлаган там сүзөт.
* Кара килең болбой кар кетпейт.
* Кара кишинин ачуусу келгенче,
сары кишинин жаны чыгат.
* Кара кой да кой, ак кой да кой.
* Кара көңүл чорт кыял, карматпаган азоо.
* Кара курсактын айынан карачечекей
карындашымды саттым.
* Кара куш канча кыраан болсо да, бүркүттөн ашпайт.
* Кара куш кардын карайт, шумкар чабытын карайт.
* Кара күч ташты талкалаар.
* Кара күчтү таруудай акыл матайт.
* Каракчы үйүнө кирсе, аял да курал көтөрөт.
* Кара кыздын агынан эмес, багынан.
* Кара кыздын багы билет.
* Кара кылаар адам жок, кайсалап алаар тамак жок.
* Кара кылды как жарган калыс.

* Кара кыяк, бетеге казысы экен жылкынын,
кара мурут кул жигит ээси экен жылкынын.
* Кара мүртөз сакчы болсо, момунду жоого чаптырат.
* Карамыктын даны болгуча, ак буудайдын саманы бол.
Жаман элдин жакшысы болгуча,
жакшы элдин жаманы бол.
* Карандай калптан чындык чычая качат.
* Карандай чай – кайрымы жок бай.
* Кара ниеттин карды тойбойт,
караөзгөйдүн иши оңолбойт.
* Каран калган заманда аман калган жан олжо.
* Каран түн калайыктын башын кошот.
* Каранын каны чыкканча, сарынын жаны чыгат.
* Караңгынын көзү жок, тийип кетсе сөзү жок.
* Караңгы элге каапыр да молдо.
* Караңгыда жарык түгөй.
* Караңгыда көз табаар, капилеттен сөз табаар.
* Караңгыны көрбөй, жарык кадырын билбейсиң.
* Караңгынын көзү жок,
жамандын кулака сыяр сөзү жок.
* Кара өгүз минсем камчым жок,
үйгө келсем тынчым жок.
* Караөзгөй болбой доо болбойт,
капсалаң болбой жут болбойт.
* Карапайым адам – касиеттүү адам.
* Карапайым калыс бол, сени күмөн санабайт.
* Карап койсо – көргөндөй, күлүп койсо – сүйгөндөй.
* Карап койсо сүйдү дебе, күлүп койсо өптү дебе.
* Карарып уурум чыкканча, саргарып жаным чыксын.
* Кара сууда каймак жок – муз болбосо,
кой этинин дамы жок – туз болбосо.
* Кара терек жыгылса, калган терек не пайда.
Кайран башың өткөн соң, карындаш ыйлап не пайда!?
* Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы.
* Карбаластын казаны катуу кайнап, кам бышат.
* Кар бузулбай сел болбойт.

* Карга бакса куш болбойт, кара темир курч болбойт.
* Карга баласын аппагым дейт,
кирпи баласын жумшагым дейт.
* Каргадан тоту куш туулбайт.
* Карга да эки чокуп, бир карайт.
* Каргайын десем – жалгыз,
каргабайын десем – желмогуз.
* Каргайын десем – жалгызсың,
каргабайын десем – байкушсуң.
* Карга карганын көзүн чокубайт.
* Карга каркылдап учуп каз болбойт,
кара темир курч болбойт.
* Карга карысын ким билет, киши аласын ким табар.
* Карга көргөнүн чокуйт, молдо билгенин окуйт.
* Карга мактанып шумкар болбос,
эшек мактанып тулпар болбос.
* Каргангандын калпы көп.
* Карган төөнүн мурду жырылбайт.
* Карганы алты жылы борго байласа да,
бир чалымы – жин (же бок) татыйт.
* Карганы каз ордуна көтөрсө да,
бок чокуганын койбойт.
* Карганын жашын, кишинин ичин билиш кыйын.
* Карганын канаты күн нурун тосо албайт.
* Карганын «карк!» эткени өзүнө кубаныч.
* Карга өзүн куш ойлойт.
* Каргаса кар, жалгаса жамгыр жаайт.
* Карга сүйөт баласын «аппагым» деп,
кирпи сүйөт баласын «жумшагым» деп.
* Карга тарп жебей тоюнбайт.
* Карга учуп шумкар болбойт,
эшек жүгүрүп тулпар болбойт.
* Каргаша болсо кан өлөт..
* Каргылуу тайган бар, адамдан чыккан айбан бар.
* Каргыш албай, алкыш ал.
* Каргыштан өлүп, алкыштан тирилген адам жок.

* Каргыштын эң жаманы: «өзүң билбе,
билгендин тилин алба».
* Кар да кетээр, кадыр да өтөөр.
* Кардалдуу жерде карындашың болсо,
кара жерде кемең жүрөт.
* Кардуу жерде какаар бар, карылуу жерде кекээр бар.
* Карды ачканга кара талкан май көрүнөт,
катын зары өткөнгө, кара катын ак көрүнөт.
* Карды ачкан кара казанды сагалайт.
* Карды ачкан нанга (же казанга) карайт,
суукка тоңгон күнгө карайт.
* Кардыма эмес, кадырыма ыйлайм.
* Кардын башын кар жутат,
кандын башын кан жутат.
* Кардын какаары бар,
эрден чыгаар катындын такоолу бар.
* Кардыңа как болбогон, жумуруңа жук болбойт.
* Кардың ач болсо да, казаның кайнап турсун.
* Кардың ачса карындаш изде.
* Кардың ток болсо, кайратың күч болот.
* Карды тойгон канга салам бербейт.
* Карды токтун кайгысы жок.
* Кар көп болсо, дан көп.
* Каркыра катары менен жүрөөр,
кадырды билген киши билээр.
* Кароосуз кой – карышкырга той.
* Карт адам акылга бай, март адам доско бай.
* Картайганда кайталап, сөздүн курчу азаят (же
кетет), ар нерсени көп карап, көздүн курчу кетет.
* Картайган карышкырга кандек үрөт.
* Картайганча үмүт эскирбейт.
* Картайсаң кара жердей болосуң.
* Картаңдан ыйман кетсе, жаштардан уят кетет.
* Кар төшөнүп таш баспай, тоо таянып туз баспай,
белине саадак байланбай, түн уйкусун төрт бөлбөй,
эрендерге арзан мал кайда?

* Каруу жумшап кармашканча,
  кыйыр сөз менен кынына кийир.
* Каруум казык, башым токмок болгончо.
* Каруусуз кишинин кайраты бекер,
  кайратсыз кишинин айбаты бекер.
* Карчыгага кушуң түшпөсүн,
  бакшыга ишиң түшпөсүн.
* Карчыга – учушунан,
  тулпар – басышынан байкалат.
* Кары адамды каркыттаган
  «Карыя» деген сөз болот.
* Кары адам – үйдүн куту.
* Кары алжыса жаш баладай.
* Кары бар жерде – баары бар.
* Кары бар жерде касиет бар.
* Карыбас катын болбос, арыбас ат болбос.
* Кары билгенди баары билбейт.
* Кары билет кааданы, карчыга алат сонону.
* Карыга аш тийсе, жашка иш тиет.
* Карыганда адам кичирейет, көркү кетип чүтүрөйөт.
* Карыганда адам таарынчаак болот.
* Карыганда берсин дөөлөттү,
  жаш кезде берсин мээнетти.
* Карыганда бирөөдөн уйку качат,
  бирөөнү уйку басат.
* Карыганда жан таттуу, жандан дагы мал таттуу.
* Карыганда катын жоо, баркыңды билбейт балаң жоо,
  кылыгың жакпайт кызың жоо, кебиң жакпайт келин жоо,
  тууралан чыккан трган жоо, ошолордун ичинде
  кантип болот дениң соо.
* Карыганда көздүн кубаты кетет,
  масчылыкта сөздүн уяты кетет.
* Карыгандан шумкар туулбайт.
* Карыган ит бекер үрбөйт.
* Карыган киши таптоодогу куш.
* Карыган мышыкка өлүү чычкан туш келет.

* Карыган сайын дүнүйө маңдайга келет (көзгө көрүнөт).
* Кары да бол, жаш да бол, кадырлашкын тирүүңдө; калат бир күн алтын баш, казылган көрдүн түбүндө.
* Карыдан уят кайтса, жаштан ыйман кайтат.
* Кары жаш болбойт, таш аш болбойт.
* Карыз арасына суу жүрбөйт.
* Карыздан качып кутулбайсың.
* Карыздар болгончо кайышып жүр.
* Карызды кайырган адам – тобо кылган адам.
* Карызды отуруп берип, туруп аласың.
* Карыз – кара оору, санаа – сары оору.
* Карыз карыбайт.
* Карыз, карызды берүү парыз.
* Карызсыз кедей – бай кедей.
* Карыз үн катпайт, бирок уктатпайт.
* Карызы жоктун санаасы жок, көңүлү көтөрүлүп, курсагы ток.
* Кары канча карыса да, карышкырга амал табат.
* Кары карап турбайт, жигит жилик албайт.
* Кары, карынын сөзү дары.
* Кары келсе – ашка, жаш келсе – ишке.
* Кары кызга таң атпайт.
* Карылардын жаманы, тарп аңдыган жорудай.
* Карыларды урматтоо – улуулуктун белгиси.
* Карылар жаштыгын ойлоп уктабайт, жаштар карырын ойлоп уктабайт.
* Карылуу үй ырымсыз болбос.
* Карылык адамды кичирейтет, калпычылык адамды итирейтет.
* Карылыкка жетип, касиетке жетпеген жаман.
* Карылык – каңырыш, жаштык – жаңылыш.
* Карылык каршы келсе казган көрдөй, азаматтан мал (бак) тайса кара жердей.
* Карылык коркунуч эмес, өлүм коркунуч.
* Карылык өмүрдөн, эрдик өлүмдөн артык.

* Карылыктын алды, жаштыктын арты.
* Карын ачса карындаш изде.
* Карын ачты, кайрат качты.
* Карынбай малга тойбойт, Улукман жашка тойбойт.
* Карынбай малга тойбоптур,
  соргок опкоктугун койбоптур.
* Карынын кебин (сөзүн) капка сал.
* Карынын кебин капка сакта, өлүгүн апта сакта.
* Карынын сөзү – акылдын көзү.
* Карынын сөзү жамак, жамагы жашоого сабак.
* Карынын сөзү кеп болот,
  башкаларга (калайыкка) эп болот.
* Карынын ырымы жаман, суунун ирими жаман.
* Карып калган бээден кайгуулга минээр ат туулбас,
  карып калган катындан эрөөлгө чыгаар эр туулбас.
* Карыптык менен карылык түндүктөн түтүн аңдытат.
* Карысаң каруулугуңду айтпа,
  кемисең байлыгыңды айтпа.
* Карысаң мендей бол, кара жердей бол.
* Кары сөзүн айтылган капка сакта,
  кары сөзү алтын да сырын ачса.
* Карысы бардын ырысы (кайыры) бар.
* Карысы бар үйдүн карааны чоң (кээде бар).
* Карысы болбой калк болбойт,
  кайгысы болбой жан болбойт.
* Карысы болбой эл болбойт,
  тулаңы болбой жер болбойт.
* Карысы жоктун – кайгысы жок.
* Карысы карап турбайт, жигити жилик албайт.
* Карысын сыйлаган эл өсөт.
* Кары түлкү капканга түшпөйт.
* Кары уйкуну сүйөт, жаш күлкүнү сүйөт.
* Кары – ырымчыл, балык – иримчил.
* Карыш ажыраган карыганча көрүшпөйт.
* Карыш – карыш, сөөм – сөөм.

* Карышкыр арыктыгын билдирбей,
итке жүнүн үрпөйтөт.
* Карышкыр бирди жейт, миңди кырат.
* Карышкырга кой кайтартпа.
* Карышкырдан корккон токойго (кээде тоого) барбайт.
* Карышкырды көрсө, эшектин ыйыгы тутулат.
* Карышкырдын дөбөтү каарына алса,
канчыгынын ырылдаганы кеппи.
* Карышкырдын көзү койдо,
молдонун көзү аш менен тойдо.
* Карышкырдын ойлогону – арамдык,
койдун ойлогону – амандык.
* Карышкырдын оозу жесе да кан, жебесе да кан.
* Карышкырды сынасаң, улак байлап кой,
чычканды сынасаң, каптагы унга капкан салып кой.
* Карышкыр капканда жатып, койго жулунат.
* Карышкыр качырса эшектен ый чыгат.
* Карыштан сөөм жакын.
* Карыялуу үйдө – кут, кара бороон болсо – жут.
* Карыяны сыйлабаган, карыганда сый көрбөйт.
* Карыя өз үйүнө – конок, одоно болсо – жонок.
* Кар эрисе суу болот, кан белгиси туу болот.
* Касам ичкенсип.
* Касап да өзү, бычак да өзү.
* Касап досуна сөөк сатат.
* Касапчыга мал кайгы, кара эчкиге жан кайгы.
* Касапчы энесине сөөк сатат.
* Каскакты кайдан деп болбойт.
* Касташканың уялгандай болсо, кайрып камчы салба.
* Касташуудан кач, бирок адилдикти танба.
* Кастыктын түбү – көмүр, достуктун түбү – өмүр.
* Кастын ою – бөлөк, достун ою – жөлөк.
* Касыңдан бал жегиче, досуңдан суу ич.
* Касыңды жыргалда сына, кашыктап уу береби,
досуңду тозокто сына, кайрылып суу береби!?
* Касыңдын өлүмүн тилегиче, өзүңдүн өмүрүңдү тиле.

* Касың менен досуңду каш-кабагы таанытаар.
* Катаалдык каар эмес, ачуунун бары заар эмес.
* Ката бизден, кечирим сизден.
* Катардан ашсаң да, калктан ашпа.
* Катасын сезген оңолот, калп менен өскөн жоголот.
* Катасын танган – эки эсе ката.
* Каткалаң болбой, жут болбойт.
* Каткан балыкта кан болбойт.
* Каткырып күлгөн карыбайт.
* Катуу басса «таскак» дейт, акырын басса «аксак» дейт.
* Катуудан тиш оору, жумшактан ич оору (жаман).
* Катуу жерге как турат,
  кайраттуу эрге мал (кээде бак) турат.
* Катуу жерге тал бүтөт, кайраттуу эрге мал бүтөт.
* Катуу кыштан калган мал олжо,
  катуу оорудан калган жан олжо.
* Катуу сөз – камчы, жылуу сөз – укурук.
* Катуу шакты ийсең, бетиңе урулат.
* Катыгы жок чайдан кач, кайыры жок байдан кач.
* Катылган сөз – кызыл алтын,
  айтылган сөз – ак күмүш.
* Катын албай, кайын ал,
  жакшы көргөн досуңдун атын албай, тайын ал.
* Катын алсаң дардай, уул тууйт нардай..
* Катын алсаң, отун ал.
* Катын алсаң отун ал, бир кучагын артык ал.
* Катын бийликке жетсе азынат.
* Катын бузулганда каада урайт.
* Катынга бийлик тийсе, теңирин тааныбайт.
* Катынга зарга кара катын айдай көрүнөт.
* Катынга кеңеш салса, төркүнүнө кетели дейт.
* Катындан башка душман жок,
  койнуңда жатып билинбейт.
* Катындуу жерде челек бар.
* Катынды күтүп албаган күң кылат.

* Катынды мээнет чырмаса – каяша айтат эрине,
  жардыны мээнет чырмаса – аштыгы чыкпайт жерине.
* Катындын кара жини кармаса кайтпайт,
  каткан сырын айтпайт.
* Катындын кесири – эрге, эрдики – элге.
* Катындын тажаалы – иттин ажааны.
* Катындын (келиндин) тарбиясы башынан.
* Катынды сулуулугуна карап алба, акылына карап ал.
* Катын жакшы – эр жакшы,
  какшыктан көрө муш жакшы.
* Катын жакшы – эр жакшы,
  обозгер жакшы – кан жакшы.
* Катын жаманы эр коруйт, эр жаманы жер коруйт.
* Катын – жапаа, ит – упаа.
* Катын ичине кара башыл киши жатат,
  эрдин ичине ээр-токуму менен ат батат.
* Катын ишин билет, эркек кушун билет.
* Катын каарына алса – табаары камчы,
  жаан каарына алса – тамаары тамчы.
* Катын калп айтпайт, каңырыш угат.
* Катын каяша кылбайт,
  каяша кылса да болушууга жараша кылбайт.
* Катын кесир күткөндө эрине зыяны тиет.
* Катын кыңшылап сүйлөп кыз болбойт.
* Катын кыркка чыкса карыды да.
* Катын менен айтышкан кызда не сын.
* Катын менен урушсаң, эрдик эмес – айыптык.
* Катын намыс үчүн кара ниет.
* Катын төркүнү төрдөн узайт,
  эр төркүнү ирегеден узайт (же кайтат).
* Катын урган эрдин касиети качат.
* Катын үчүн жаман болсо да,
  бир эркектин кучагында жатыш жыргал.
* Катыны жакшы болсо, эри бактылуу болот.
* Катыны жакшы жигиттин кайда жүрсө көөнү ток.
* Катыны жакшы кор болбойт.

* Катыны жамандын казаны сынык,
эркеги жамандын бычагы ийри.
* Катыны жок караңгы үйгө теминет,
акылы жок арам сөзгө семирет.
* Катыны жоктун алтыны жок.
* Катыны жок үй жетим, калыстыгы жок бий жетим.
* Катыны менен урушкан кайнына салам бербейт.
* Катыным сокур жаным тынч.
* Катының долу болсо,
замандын тынчтыгынанан не пайда?
* Катыныңды казы бузса, арызыңды кимге айтасың.
* Катының жаман болсо, кошунаң кетет,
уулуң жаман болсо, бактың кетет.
* Катының жаман болсо мейманың кетээр,
уулуң жаман болсо ыйманың кетээр.
* Катын эрден табат, эр пирден табат.
* Катын эрден чыкса да элден чыкпайт.
* Катын эрди карайт, эри жерди карайт.
* Катын эрке болсо, эрине теке болот.
* Катын ээн баштанганда доор кыямат келет.
* Катып отуруп казы жегиче,
кайкайып отуруп сарымсак (кээде талкан) же.
* Каухар жерде жатпас, жакшылык жолдо калбас.
* Качааган айгыр үйрүн түгөтөт,
көчөөгөн төрө элин түгөтөт.
* Качагандын кесири жуушаганга тиет.
* Качан болсо да, аял боорукер келет.
* Качан көрсөм тойдон көрөм.
* Качкан бакыт (же сыймык) кайрылып келбейт.
* Качканга кара жер куурулат (же тардык кылат).
* Качкан да Кудай дейт, кууган да Кудай дейт.
* Качканды айтпай кууганды айт,
карадан көрө тууганды айт.
* Качкан жоого катын бий.
* Качкан жоону катын алат.
* Качкан кой – бөрүгө той.

* Качкан түлкү кызыл көрүнөт,
  наздуу кыз сулуу көрүнөт.
* Качкын болуп жүргөнчө,
  кайрылып келген эр жакшы.
* Качмак – куумак эрде бар,
  көчмөк – конмок элде бар.
* Качсам да бир ат олжом бар,
  куусам да бир ат олжом бар.
* Качып кетсең, чачып кет.
* Кашаа жыгач – чеп эмес.
* Кашаң атка камчы үйүр (жоо),
  жыртык үйгө тамчы үйүр (жоо).
* Кашаң аттан көрө моюнча тана жакшы.
* Кашаң өрдөк мурда учат.
* Кашкулак семиз – карта жок,
  катыны жакшы жигиттин кайда болсо көөнү ток.
* Кашкулак семиз – карта жок,
  катын чечен, акыл жок.
* Кашкулакты жонго чапкан сайын күчөйт.
* Кашыгы бар чөмүчү барга жалдырайт.
* Кашыгы да, чөмүчү да май.
* Кашык казанда, калемпир базарда.
* Кашык менен көлдү соолто албайсың,
  кастык менен элди курута албайсың.
* Кашыктап жыйса кап толот.
* Кашыктап чогултканды чөмүчтөп чачпа.
* Кашын оңдоймун деп көзүн чукуптур.
* Каяша айткандан кабак чытыган жаман.
* Каяшачыл карыш узабайт.
* Кебек жеген ат байге албайт.
* Кебетең жаман болсо күзгүдөн көрбө.
* Кеби токмоктун өзү акмак.
* Кегиңди ичиңе кат, камчыңды койнуңа кат.
* Кедей базарга барса, жаман кабар алып келет.
* Кедей байга жетем дейт, бай кудайга жетем дейт.
* Кедей болсоң көчүп көр.

* Кедей болсоң чогоол бол, бай жанынан түңүлсүн.
* Кедейге буудай табылса, коёрго жер табылбайт.
* Кедейдин аты куру чабууда чыгат.
* Кедейдин байы буудай нандан шерине жейт.
* Кедейдин бир тойгону – орто байыганы.
* Кедейдин жалгыз аты бээ болот,
  сүйлөгөн сөзү кээ болот.
* Кедейдин жалгыз атын ууру алат,
  жалгыз эчкисин карышкыр жейт.
* Кедейдин (жардынын) жалгыз атын бөрү жейт.
* Кедейдин жыргалы – тирүү жүргөнү.
* Кедейдин кекиргени кээ болот.
* Кедейдин келди заманы, байдын кетти амалы.
* Кедейдин наны тишке дары.
* Кедейдин эс алганы – музоо кайтарганы.
* Кедейдин эти болсо оту жок, оту болсо эти жок.
* Кедейдин эчкиси уйга тете.
* Кедей жаңы тон кийсе «кайдан алдың?» дейт,
  бай жаңы тон кийсе «кут болсун!» дейт.
* Кедей кызы байга келин болуп барганда:
«уңкул-чуңкул мүлжүгөнгө моюн жакшы,
  карт-карт чайнаганга карын жакшы» дептир.
* Кедейлик кемтик эмес.
* Кедейликтен киши өлбөйт, жан кыйналат дебесе.
* Кедейлик уят эмес, жалкоолук уят.
* Кедей менен бай от болбос,
  карышкыр менен кой дос болбос.
* Кедеймин деп кысынба өнөрүң болсо колуңда.
* Кедери кетээрдин келини ууру кылат.
* Кедери тартуу башка келген бакытты кетирет.
* Кежир адатын койбойт, ачкөз дүйнөгө тойбойт.
* Кежир башка келген бактыны кетирет.
* Кежир жек көрүнөт, элпек эп көрүнөт.
* Кезеги келгенде айтпасаң, кептин атасы өлөт.
* Кезеги келсе – кетмен чап, оролу келсе – орок ор.
* Кезегинде кечирген – кеңдик.

* Кезенген жоодон кайтпас, чечинген суудан кайтпас.
* Кези келсе кетмен чап, кайрылбаган – кайрылсын, ийилбеген – ийилсин.
* Кезмет келет кемпир өлөт.
* Кейибейм десең – кебиңе сак бол.
* Кейисе жаның чыдагын, кечирээк бер деп өлүмдү.
* Кейүү бар – кер тартуу жок (кээде кектөө жок).
* Кекечтин тилин энеси билет.
* Кекилик өз атын өзү чакырат.
* Кекиртектен өткөндүн баары тамак.
* Кектүү адамга чеки сүйлөбө,
эстүү адамга эки сүйлөбө.
* Кекчил болбо, кечиримдүү бол.
* Кекчил болбо, эпчил бол.
* Кекчилдин сөзү кээ болот.
* Кекээрден кудай безиптир.
* Келбети келгенден кеңеш сура.
* Келген – байлык, кеткен – кедейлик.
* Келген – дөөлөт, кеткен – мээнет.
* Келген жериңден кеткен жериң аруу болсун.
* Келген журттан көчө элек, келин аты өчө элек.
* Келгенче конок (мейман) уялат,
келгенден кийин үй ээси уялат.
* «Кел» дебеген үйдөн кетмендеген көр жакшы.
* «Кел» демек бар, «кет» демек жок.
* «Кел» демек бар, «кет» демек жок,
келдемян (ак селде) жеген соң, эт жемек жок.
* «Келе»деген доом жок болсо,
ыңк эткен оорум жок болсо, башкы бакыт ошол.
* Келер сөздү келин айтат.
* Келечегиңди кең ойлон, төп байка.
* Келечекти гүлдөтүүчү жалгыз гана эмгек,
өмүргө сараң карап, натыйжага шашуу керек.
* Келжиректи аңдыбай, кеменгерди аңды.
* Келинди келгенде көр, кемпирди өлгөндө көр.
* Келиндин – аягынан, койчунун – таягынан.

* Келиндин баласын кеңешип сүй.
* Келиндин бетин ким мурун ачса, ошол ысык көрүнөт.
* Келиндин жаман болгону – кереги тийбес ташка тең,
  уулдун жаман болгону – апийим ичкен сартка тең.
* Келиндүү болсоң кекээр сүйлөбө.
* Келин жакшысы – керемет,
  келин жаманы – кетпес кезик.
* Келин жаман эмес, келген жери жаман.
* Келини жакшы үйдүн керегеси алтын.
* Келин карыса кыз, күйөө карыса жээн.
* Келин келет, кыз чыгат.
* Келиш-кетиш туугандыктын белгиси,
  уруш-кериш – душмандыктын белгиси.
* Келиш – коноктун иши, кетириш – кожоюндун иши.
* Кел-келине келгенде келинден мурун кыз туулт.
* Келме кезек, терме тезек.
* Келмек – ирада, кетмек – ижаза.
* Келмек – көңүл, кетмек өз эрки.
* Келмек – көңүл, кетмек – уруксат.
* Келмек сизден, кетмек бизден.
* Келтирбей жоодон сактаса, элдин көркү баатырда.
* Кембагал Алайга барса да тезек терет.
* Кембагал байдан кем эмес, бар айыбы малы жок.
* Кембагал болгуң келсе, төлөп алып насыя сат.
* Кембагал болсоң көчүп көр.
* Кембагалды төө үстүнөн ит кабат.
* Кембагал талкан тапса шамал учуруптур.
* Кемеге түшкөндөрдүн жаны бирге (тилеги бир).
* Кеме курган, өтүк ултарганга таң калыптыр.
* Кемер өзүн жар ойлойт, акмак өзүн эр ойлойт.
* Кемибейм деген кандын бир татым тузу кемиптир.
* Кемигинде да бар, керкисинде да бар.
* Кемин кийгенден түңүлбө, кементай кийгенден түңүл.
* Кемпир баккан бала карга жарабайт.
* Кемпирге – чал, келинге – күйөө, кызга – бозой.

* Келиндин баласын кеңешип сүй.
* Келиндин бетин ким мурун ачса, ошол ысык көрүнөт.
* Келиндин жаман болгону – кереги тийбес ташка тең, уулдун жаман болгону – апийим ичкен сартка тең.
* Келиндүү болсоң кекээр сүйлөбө.
* Келин жакшысы – керемет, келин жаманы – кетпес кезик.
* Келин жаман эмес, келген жери жаман.
* Келини жакшы үйдүн керегеси алтын.
* Келин карыса кыз, күйөө карыса жээн.
* Келин келет, кыз чыгат.
* Келиш-кетиш туугандыктын белгиси, уруш-кериш – душмандыктын белгиси.
* Келиш – коноктун иши, кетириш – кожоюндун иши.
* Кел-келине келгенде келинден мурун кыз тууйт.
* Келме кезек, терме тезек.
* Келмек – ирада, кетмек – ижаза.
* Келмек – көңүл, кетмек өз эрки.
* Келмек – көңүл, кетмек – уруксат.
* Келмек сизден, кетмек бизден.
* Келтирбей жоодон сактаса, элдин көркү баатырда.
* Кембагал Алайга барса да тезек терет.
* Кембагал байдан кем эмес, бар айыбы малы жок.
* Кембагал болгуң келсе, төлөп алып насыя сат.
* Кембагал болсоң көчүп көр.
* Кембагалды төө үстүнөн ит кабат.
* Кембагал талкан тапса шамал учуруптур.
* Кемеге түшкөндөрдүн жаны бирге (тилеги бир).
* Кеме курган, өтүк ултарганга таң калыптыр.
* Кемер өзүн жар ойлойт, акмак өзүн эр ойлойт.
* Кемибейм деген кандын бир татым тузу кемиптир.
* Кемигинде да бар, керкисинде да бар.
* Кемин кийгенден түңүлбө, кементай кийгенден түңүл.
* Кемпир баккан бала карга жарабайт.
* Кемпирге – чал, келинге – күйөө, кызга – бозой.

* Кемпир менен чал жатат, кейиш менен таң атат;
  жигит менен кыз жатат, күлкү менен таң атат.
* Кемчилиги көп адамдын кемсинтээри көп болот.
* Кемчилигин моюнга албаган, келечегин оюна албайт.
* Кемчили жок жан болбойт,
  кемтиги жок хан болбойт.
* Кемчилик – менден, кечирмек – сенден.
* Кемчиликсиз киши болбойт.
* Кемчиликти айтпасак кесепети уланат.
* Кемчиликти бетке айткандын айбы жок.
* Кен асылы жерден чыгат, кеп асылы элден чыгат.
* Кен асылы жерде, сөз асылы элде.
* Кен байлыгы – кең байлык.
* Кенди чыккан жеринен каз.
* Кенже гозонун кебези жок, келжирек сөздүн мазеси жок.
* Кең болсоң кем болбойсуң.
* Кең бычкан кийим жыртылбас.
* Кеңге – кең дүйнө, тарга – тар дүйнө.
* Кеңешип иш кылган адам жаңылбайт.
* Кеңешип кескен бармак оорубайт.
* Кеңешкенге кең дүйнө, талашканга тар дүйнө.
* Кеңеш сурасаң билимдүү адамдан сура.
* Кеңешти акылдуудан сура.
* Кеңештүү жерде кемтик жок,
  кеңешсиз жерде теңдик жок.
* Кеңешчил киши бузулбайт.
* Кеңешчүү болсоң ыраак бар.
* Кеңешчүүң болбосо, кабыргаң менен кеңеш.
* Кеңешээрге киши табылбаса, өз бөркүңө кеңеш.
* Кең жер – улуу, кичүүгө тең жер.
* Кеңири буюмдан келки калат.
* Кең кеңешип жыртылат, тар тартышып жыртылат.
* Кең пейилдин ичинде кени болот,
  тар пейилдин ичинде ташы болот.
* Кең пейилдүү жигиттер,
  сары өзөн көркөм жайыктай.

* Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт.
* Кең тон жыртылбас, кеңешкен иш бузулбас.
* Кеңчилик болбой, теңчилик болбойт.
* Кеп баштаса, кеп чыгат.
* Кеп билген адам – көп билген адам.
* Кеп бир, кулак эки.
* Кеперез ичсең кепиниңди даярдап кой.
* Кеп жакшысын кулак билет,
  кыз жакшысын ынак билет.
* Кепил болгуча, кемин кий.
* Кепилдин кепини күйөт, кээ бирөө ошону сүйөт.
* Кепин кийгенден түңүл,
  кементай (кеменек) кийгенден түңүлбө.
* Кеп кедең болду, кедең неден болду.
* Кеп кезеги келгенде айтпаса атасы өлөт.
* Кепке кемтик болгончо, кеп билгенди ала жүр.
* Кепке кемтик, сөзгө сөлтүк.
* Кеп көтөрбөй жакшы болбойт,
  тер көтөрбөй күлүк болбойт.
* Кеп кутулбайт чеченден, мээнет кетпейт бечелден.
* Кеп кыйшыгын (же кыйыгын) жүйөчү билет,
  ичер ашты ээси билет.
* Кеп кылаарда алды-артыңды ойлон.
* Кеп – музоо эмизет, музоо – таяк жегизет.
* Кеп салбагын маңызга (кемпирге),
  кейбир кылат башыңды.
* Кептен улам кеп чыгат, кементайдан жүн чыгат.
* Кепти кез келгенде айтпасаң, кептин атасы өлөт.
* Кепти коюп кеңешке кел.
* Кепти көп тыңшаган чечен болот,
  сөз укпаган бечел болот.
* Кепти кызыганда, темирди ысыганда.
* Кептин көркү макалда, ээктин көркү сакалда.
* Кепти укканга айт, сууну сиңген жерге төк.
* Кепти чорт айкандан алыстаба.
* Кеп чынынан бузулбайт.

* Кеп элде эмес, эл башкарган бекте.
* Кербез бар жерде кесир бар.
* Кербен жүрө берет, ит үрө берет.
* Керегеде кулак бар, кеп айтам десең
  (же кеңешээр болсоң) ыраак бар.
* Керегем сага айтам, келиним сен ук,
  уугум сага айтам, уулум сен ук.
* Керегеси кердеп турат, ыңырчагы ырдап турат.
* Кереги тийсе – тереги жыгылат.
* Керексиз буюмдун ээси болбойт.
* Керексизди сатып алсаң, керектүүнү сатаарсың.
* Керексиз кептин кечиккени жакшы.
* Керектүү сөздү кечке айтса да көптүк кылбайт.
* Керектүү таштын оордугу жок.
* Кереч ичсе келиним калбайт дебе,
  жалбыз ичсе жалгызым калбайт дебе.
* Кериден ташты көтөргөн, кетет кайран балбан кез.
* Кери кеткендин сакалы кекиртегине бүтөт.
* Кериш – келген бакты кетирээр.
* Керишпес келин, урушпас уул болбойт.
* Керкини кессең (бузсаң) кетмен болбойт,
  чымчык семирип батманга толбойт.
* Керкисинде да бар, кемигинде да бар.
* Кермекашты (кээде алма этекти) алам деп,
  чалма этектен айрылдым.
* Кероoз сөздө кырсык көп.
* Керсейген жетекчиге калсаң учурап,
  келмеңди оозуңан учурат.
* Кертиш айтыптыр: «Кырк беш күндө карыныңа
  кирээрмин»; арпа айтыптыр: «Алтымыш күндө ач
  курсагыңды тойгузаармын»; буудай айтыптыр:
  «Токсон күндө тоюңду түшүрүп берээрмин».
* Кесел адам кейикчил.
* Кесел батмандап кирип, мыскалдап чыгат.
* Кеселди жашырса, өлүм ашкерелейт.
* Кесибим – ырыс, кешигим.

* Кесип алса кан чыкпас.
* Кесип тандаганың – өргө кадам таштаганың.
* Кесиптин жаман-жакшысы жок,
туура тандасаң, көңүлүң ток.
* Кесиптин кеңешкени – аракет,
эмгектин жек көргөнү – «балакет».
* Кесирдүү башка келген бактыны кетирет.
* Кесирдүүдөн келте оорудай сөз чыгат.
* Кесирдүүнү мактасаң, кекээри күчөйт.
* Кесирдүү ооздон, кесепеттүү сөз чыгат.
* Кескен бычак сөөккө токтойт,
кесирлүү сөз жүрөккө токтойт.
* Кескен жерден кан чыкпаган
(же кесип алса кан чыкпаган) сараң.
* Кетенчиктеп артынан бөксөргөн кайра толбойт.
* Кетенчиктеп отуруп да, чокуга чыгууга болот.
* Кетер кызды кеңкип кал.
* Кетер кыздын керээзи.
* Кетилген болот жетилет, күйүттүү кабак ачылат.
* Кеткенге кейиген менен айла жок,
өлгөнгө өкүргөн менен пайда жок.
* Кеткени болот келгендин.
* Кеткен намыс кимдики да, келген намыс кимдики?!
* Кетмен менен иштебей, нанды кайдан табасың.
* Кетмен чапкан нанын жейт,
ууру кылган жанын жейт.
* Кетмен чапмак – алмак, салмак,
кош айдамак – бармак, келмек.
* Кетмен чаппай дан кайда, эбин таппай мал кайда.
* Кетмен чаппай нан кайда, айраны келди, мал кайда.
* Кетмен чаппай нан кайда, чеке терсиз мал кайда?!
* Кетсе дөөлөт башыңдан – келмеги кыйын ал
кайтып, келе десе бересең – кемитет жанды саргартып.
* Кеч айтылган сөздүн кетиши көп.
* Кечиккен соң, шашканыңдан не пайда.

* Кечиксең да кемчилигиңди сезгениң –
  өзүңө өзүң тарбия бергениң.
* Кечинде жатып ойлон, эртең менен туруп сүйлө.
* Кечинде күн кызарып батса, келиниң эркек
  төрөгөндөй сүйүн; эртең менен күн кызарып чыкса,
  элиңе жоо тийгендей күйүн.
* Кеч калаар ишке кар жаайт.
* Кечки ашка караба, эртең мененки ашты таштаба.
* Кечки суутмадан жалмаган,
  эртең мененки ысытмадан куру калбайт.
* Кечмеликти кечпейли досум, кечкен соң кечели,
  кечпейли дешпейли досум.
* Кечтим байдын кызынан.
* Кечүү билбей кечпе,
  адамдын сырын билмейинче ишенбе.
* Кечүү кечсең жалгыз кеч – жолуң тайгак болбосун,
  ууру кылсаң жалгыз кыл – жолдошуң айгак болбосун.
* Кечүүсү болбой суу болбойт,
  ашуусу болбой тоо болбойт.
* Кечүүсү жок өзөн болбойт,
  өлбөй турган көзөл болбойт.
* Кечээгиңдин кээсин чыгар.
* Кечээки күндүн алысы жок,
  эртеңки күндүн жакыны жок.
* Кечээ көргөн бүгүн жок, ушундай экен дүйнө шок.
* Кечээ көрсөм жарды элең, бүгүн кайдан байыдың?
* Кийгени топу, өзү мышык сопу.
* Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку.
* Кийиз сатсаң айлыңа (же коңшуңа) сат,
  бир этегин жамына жат.
* Кийиз – созулат, кичине – чоңоёт.
* Кийик атып эт бербесе – кийиктин тоодогусу жакшы.
* Кийик кырга жашынып, кутула албайт мергенден.
* Кийиктин жүргөн тоосу (кээде түнөгү) бийик болсо,
  көзү кызыл болот.
* Кийимдин жаңысы, достун эскиси жакшы.

* Кийимдин жакшысы кир көтөрүмдүү,
  кишинин жакшысы сөз көтөрүмдүү.
* Кийим менен мактанбай, билим менен мактан.
* Кийинки бушман өзүнө душман.
* Кимге ишенээрин билбеген динге ишенет.
* Кимди ким көрдү, Быржыбайды (Байкараны, Аламанды) там басты.
* Кимди кор тутсаң ошого зар болосуң.
* Кимдин башы сулуу десе,
  ташбака башын көтөрөт имиш.
* Кимдин жерин жердесең, ошонун ырын ырда.
* Кимдин жерин жердесең, ошонун элин элде.
* Кимдин сараң экенин кайырчы билет.
* Ким жойпуланса, ал душман.
* Ким ишенсе ушакка, өзү түшөт тузакка.
* Ким көп окуса, ал көптү билет.
* Кирген киреше, чыккан чыгаша.
* Киргил суу башынан тунат.
* Киргиче конок уялат, киргенден кийин үй ээси уялат.
* Киреерге (же кирейин десе) жер катуу,
  кыярга жан таттуу.
* Киреше керек, бирок абийир кирешеден кымбат.
* Киреше – тоскон суудай, чыгаша – аккан суудай.
* Кирпи баласын жумшагым дейт.
* Кирпиги кирдеп турган элде эмне айып.
* Кирсиз жүрсөң, оорусуз болорсуң.
* Китеп – адамзатка орток казына.
* Китеп – билим ачкычы.
* Китеп – билим булагы, билим – өмүр чырагы.
* Китепсиз дүйнө – жапайылардын дүйнөсү.
* Китептен тамга издебе, ой изде.
* Кичик чоңоёт, кийиз созулат.
* Кичинеге чоңсунба, асмандагы айга кол сунба.
* Кичине жалаадан чоң балаа чыгат.
* Кичине жалкоолук, чоң жалкоолукка жеткирет.
* Кичине жоолук токуса – уздун чери жазылат.

* Кичинекей таш да килейген башты жарат.
* Кичинекей учкун, чоң токойду тыйпыл кылат.
* Кичинеңден албаң болсоң,
  чоңойгондо далбаң болосуң.
* Кичине төөнүн жүгү билинбейт.
* Кичипейил болгондон кичирейип кетпейсиң,
  эр көкүрөк болсоң да улуулукка жетпейсиң.
* Кичипейилдик – айкөлдүктүн белгиси.
* Кичипейилдүүлүктөн кичирбейсиң.
* Кичүү болгуча иттин күчүгү бол.
* Кичүү болсоң сылык бол, улуу болсоң жатык бол.
* Кичүүнү сыйлабаган, улууну урматтабайт.
* Кичүүсүндө салам жок, улуусунда алик жок.
* Киш жакалуу бий экен, кылыгын көрсөң ит экен.
* Киши акылы – кишен, өз акылың – өзүң менен
  тамыр (же өз акылыңа ишен).
* Киши аласы ичинде, аны сыртынан билиш кыйын.
* Киши аты терчил, киши кийими кирчил.
* Киши баарына көнөт.
* Киши болор кишинин киши менен иши бар,
  киши болбос кишинин киши менен неси бар.
* Киши жаманга бат ыңгайлашат.
* Киши кайгысы этекте, өз кайгысы жүрөктө.
* Кишиге киши тең эмес, чийкиге бышык тең эмес.
* Кишиге көр казсаң, кең каз.
* Кишиге кылсаң жамандык, өзүңө жоктур амандык.
* Кишиге ор казсаң, өзүң түшөөрсүң.
* Кишиге ор казсаң тайыз каз, өзүң ыргып чыгарга.
* Киши дүйнөгө түркүк болбойт.
* Киши жаманы кирип чыкканча билинет,
  өз жамандыгын өлгөнчө билбейт.
* Киши кишинин баркын көбүнчө айрыларда билет.
* Кишинеген айгырдын үйрүн көр, чиренген
  жигиттин үйүн көр.
* Кишини ичинен бил, ичинен биле албасаң
  ишинен бил.

* Кишини киши аксатат.
* Кишилер пейлин бузса, бала менен атанын арасында биримдик сый жок.
* Кишинин баарын өз нукумуӊ менен ченебегин.
* Кишинин жумшагын киши жейт, жыгачтын жумшагын курт жейт.
* Кишинин ким экени калк башына кайгы түшкөндө (алаамат келгенде) билинет.
* Кишинин ким экени кирип чыкканча.
* Кишинин ким экенин билиш үчүн биргелешип бир бут туз жеш керек.
* Кишинин кишиси бар, бышуунун чийкиси бар.
* Кишинин колунда куш тойбоптур.
* Кишинин кулагын кезсеӊ, бирөөгө кийиз кесконче көрүнбөйт.
* Кишинин өз майы өзүнө эм.
* Кишинин өзүнө караба, сөзүнө кара.
* Кишинин өзү тойсо да, көзү тойбойт.
* Кишинин тону кирчил, кишинин аты терчил.
* Кишинин шайтаны киши.
* Киши оюн тагдыр жөнгө салат.
* Киши өз атын кишилиги менен бийиктетет.
* Киши өлөт, жакшылыгы калат.
* Киши семирген сайын зулум болот.
* Киши сүйлөшкөнчө, жылкы кишинешкенче.
* Киши сыры анын иштеген ишинен билинет.
* Киши уулу эсиргенде, анын арты кырсык алып келет.
* Киши эмес киши сөз эмес сөзду сүйлөйт.
* Коёндон корккон аюуга жолугат.
* Коёнду жатагына чейин билет.
* Коёнду камыш, эрди намыс өлтүрөт.
* Коёнду кубалай берсе, баатыр боло баштайт.
* Коёндун кош кабыргасын барда аяйынбы, жокто аяйынбы.
* Коёндун териси деле бир күн (кээде бир жыл) чарыкка чыдаптыр.

* Коён жүрөк коркок, корс эткен чоркок.
* Коён – коңулчул, теке – тоочул.
* Коён көлөкөсүнөн коркот.
* Коёнчо жүз жыл жашаганча,
жолборсчо бир жыл жаша.
* Кожо болуу кырк жылда, пенде болуу бир күндө.
* Кожонун бергенин коюнга сал.
* Кожонун ичинде кожосу бар,
кээ кожонун үйүндө молдосу бар.
* Кожонун курсагы ток, кулу менен иши жок.
* Кожонун өзү тойсо да, көзү тойбойт.
* Кожосу колго түшсө, кошоматчы кайда барат.
* Кожоюн – коноктун малайы.
* Кожоюн корк этет, малайдын жүрөгү болк этет.
* Козголбой жатып өлгөнчө, козголуп жатып өл.
* Козусунда сүткө тойбогон,
токтусунда да түрткөнүн (уңчулугун) койбойт.
* Кой аксагы менен жүз (кээде миң).
* Кой аксак-тескеги менен миң.
* Кой арыгын билгиң келсе, анын жүнүн кырк.
* Кой баккан конок күтөт.
* Кой баласы неге жаралган – курмандыкка жаралган,
эркек бала неге төрөлгөн – намыс үчүн төрөлгөн.
* Кой берекеси жүнүндө, адам берекеси үйүндө.
* Койго – бычак, кызга – кучак.
* Койго карышкыр тийгенде иттин чычкысы келет.
* «Кой» деген кожосу, «ай» деген ажосу жок.
* «Кой» дедим – калдым балаага.
* «Кой» десе, коруш алган.
* Койду ала кыркса, жүндүн берекеси болбойт.
* Койду кортук бузат.
* Койду курбан бүлдүрөт, элди султан бүлдүрөт.
* Койдун койдон неси артык – кол башындай эти артык,
эрдин эрден неси артык – эптүү айткан сөзү артык.
* Койдун сүтү коргошун.
* Койду серке баштайт, оюнду эрке баштайт.

* Кой жаныбардын пири бар, дөбө-дөбө жүнү бар.
* Кой жеген бөрү кобулда, кооз бөрү чуулда.
* Кой жеген бөрү коңулда, койчусу калды куугунда.
* Кой жоргонун багын чоң жорго байлайт.
* Кой каргышы бөрүгө жетпейт.
* Кой көтөрөт өлүмдү, журт көтөрөт көңүлдү.
* Койлуу катын куйрук жейт, эрдүү катын таяк жейт.
* Койнуңан төгүлсө кончуңа.
* Кой оозунан чөп албаган момун.
* Кой өрүшү короодон.
* Кой семизи койчудан.
* Кой сойгонуң бийге окшойт,
коркойгонуң кимге окшойт?
* Кой уурдаган, төө уурдайт.
* Кой үстүнө торгой жумурткалаган заман.
* Кой чөптөн баштайт, карышкыр эттен баштайт.
* Койчунун кызы кой келгенде иш кылат.
* Койчунун таягынан, келиндин аягынан.
* Койчусу көп болсо кой арам өлөт.
* Кой чүкөсү коночок болсо, сака кыл,
өзүңөн кичик акылдуу болсо, арка кыл.
* Кокуйдун үстүнө алат эми башталды.
* Кокуйдун кошкон кошогу, наалаттын салган төшөгү.
* Кокуй коңшудан качып кутул.
* Кокуй менен кой багат.
* Кол баштагандан сөз баштаган кыйын.
* Кол башчы коркок менен кеңешпейт.
* Колго тийбей сүйүнбө.
* Колго тийген (кээде түшкөн) коёнду, коё берген оңорбу.
* Колго тийген олжону кайра берген болобу.
* Колго түшкөн арстанга коён да короңдойт.
* Колго түшкөн баатырдын башын чабыш – канкордук.
* Колго түшкөн жорудай сокуят.
* Колдо бар алтындын баркы жок.
* Колдо барга топук кыл, улам жакшы жашоого умтул.
* Колдо жоктун айынан колтойгон уулум бой жүрөт.

* Колдо жоктун кордугу чоң.
* Колдон келбеген ишке чарпылууга болбойт.
* Колдон келбеске асылып,
  жетпести кууган менен да болбойт.
* Колдон мал, аяктан аш кетсе – өлүм.
* Колдон намысты кетиргенче,
  канжыгадан баш бериш керек.
* Колдошконду кудай колдойт.
* Колдошуп көтөргөн жүк жеңил болот.
* Колду кесмейинче кан чыкпайт.
* Колду кол жууйт.
* Колдун беш манжасы тең эмес.
* Колдун кири жууса кетет,
  көңүлдүн кири жуусаң да кетпейт (кээде айтса кетет).
* Кол жарасы кетет, тил жарасы кетпейт.
* Кол жетпеген өрүк ачуу болот.
* Кол жоо жеңгенде муң ада.
* Кол жууп калуу.
* Кол ийрисине тартат.
* Кол ичине ийилет.
* Кол иштесе жүрөк сүйүнөт.
* Кол колду жууйт, экөө биригип бетти жууйт.
* Кол кудайдын мөөрү.
* Коломтону кошо келсе жер болот,
  алачыкты кошо келсе айыл болот,
  айылды кошо келсе калдайган калың эл болот.
* Кол сынса – жең ичинде, баш жарылса –
  бөрк алдында.
* Колтугуна суу бүркүү.
* Колу ачыктын жолу ачык.
* Колу байлангандын тили байланбайт.
* Колу билген кор болбойт.
* Колу жетпеген кудайчыл.
* Колу жокко найзанын кереги не.
* Колу жок – кор, буту жок – зар.
* Колу кыймылдабагандын, оозу да кыймылдабайт.

* Колу кысканын тону кыска.
* Колу менен берип, аягы менен суу болот.
* Колу менен жасаган мойну менен тартат.
* Колу менен иштебеген оозу менен орок орот.
* Колу менен кош аяк соккон, оозу менен орок орот.
* Колу менен машак терген, оозу менен орок орот.
* Колунан иш, тилинен сөз качып кутулбайт.
* Колунан кара таш келбейт, элдин баарын мен билем дейт.
* Колунда бийлик болгон соң, кереги жок акылдын.
* Колунда болсо жакын көп.
* Колунда болсо жалайсың, коңшулаш болсо карайсың.
* Колунда жок – комсок, койнунда жок – эрсээк.
* Колунда иши бардын кайырмагы сууда.
* Колунда токочу (талканы) бар бала сүйгүнчүктүү.
* Колунда жүрүп билинбейт – камчыдан артык курал жок, койнунда жүрүп билинбейт – катындан артык тууган (кээде душман) жок.
* Колунда малың бар болсо, бүрдөп турган тswitch тирексиң, колунда малың жок болсо, үрүп турган серексиң.
* Колундан келбес жумушту оюң менен бүтүрбө, алыстан келээр коноктун кабарын укпай күтүнбө.
* Колундан келип турганда бөйпөңдөп, бак тайган күнү баса берген киши дос болбойт.
* Колуң көтөрбөс чокморду белиңе байла.
* Колуң менен кылсаң, моюнуң менен тартаарсың (же көтөрөөрсүң).
* Колу ойнооктун, оозу ойноок.
* Колу устанын сөзү нуска.
* Комуз сынды – ыр жок, көңүл сынды – сыр жок.
* Комузчу комузчуну көрсө, колу калтырайт.
* Конгон жерге коргон сал, түнөгөн жерге түркүк как.
* Коногу күчтүү болсо, кожосун бийлейт.
* Коногум өз үйүңдү ойлой отур.
* Коногум сен «эт» дебе, мен «кет» дебейин.
* Коногу пейил күтсө, үй ээси капа болот.

* Коно жатпай кепке тойбойт,
сөөк мүлжүбөй этке тойбойт.
* Конок аз отуруп, көп сындайт.
* Конок айтып келбейт, өлүм кам жедирбейт.
* Конок бар жерде береке бар.
* Конок бир күн жатса – кут, эки күн жатса – тут,
үч күн жатса – жут.
* Конок бир консо – кут, эки консо – жут.
* Конок – болжолсуз, өлүм – сураксыз.
* Конок болсоң сылык бол.
* Конок «бышты» десе, алабакандагы эт бышат.
* Конок деген койдон жоош, козу сойсо жей берет.
* Конок каадасы кылгыла.
* Конок (мейман) кирсе эшиктен,
ырыскы кирет тешиктен.
* Конокко аш кой, эки колун бош кой.
* Конокко жатып жаздык, ийилип төшөк боло көр.
* Конок койдон жоош, май берсе жей берет.
* Конокко колуңда барыңды бер.
* Конок конбой кетпейт,
чакырып кондурганга жетпейт.
* Конок конгон жеринде оор, таш түшкөн жеринде оор.
* Конок менен анын ырыскысы кошо келет.
* Конок тандап конот, ууру жашынып уурдайт.
* Конок тойбодум деп таарынбайт, сойбоду деп таарынат.
* Коноктон коруганың кокуйга жем.
* Конокту аткар, балаадан (же башыңды) куткар.
* Конокту конок сүйбөйт.
* Коноктун атасын эт өлтүрүптүр,
чечектин атасын бит өлтүрүптүр.
* Коноктун да өз ырыскысы бар.
* Конок үч болсун, үчтөн ашса жүз болсун.
* Коноорундан мурда конушуңду камда.
* Конуш акысын төө кайтарат.
* Конуш алгыча, өрүш ал (же коңшу ал).
* Конуш тандаба, коңшу танда.

* Коңшу болсоң жөлөк бол, болбосоң бөлөк бол.
* Коңшу жакшы болсо, сокур кыз эр табат.
* Коңшулаш киши короолош.
* Коңшулуктун белгиси – алыш-бериш,
  досчулуктун белгиси – барыш-келиш.
* Коңшунун азары болсо да, безери болбойт.
* Коңшунун ити коңшуну тиштебейт.
* Коңшунун коңуругу катуу угулат.
* Коңшуңдун өрдөгү да каздай, катыны да кыздай.
* Коңшуңду ууру тутпа, корооңо сак бол.
* Коңшуң коркок болсо, өзүңдү үркүтүп өлтүрөт.
* Коңшуң көр болсо, көсүңдү кысып жүр.
* Коңшусу жаман үйүн сатат.
* Кообуң кайдан болсо, катарың ошондон.
* Коогада жолуна карабайт.
* Коогадан теңир сактаар.
* Коогалуу күн кезек күттүрбөйт.
* Коон коондон көрүп ыраң алат.
* Коон үзгөндө жолдош элек,
  бозо сүзгөндө унуткансыңбы.
* Коргондуу жердин ору бар, улуктун катта зору бар,
  экинин бири болбогон кембагал элдин шору бар.
* Коргону бөлөк көктөлбөйт, көңүлү бөлөк эптелбейт.
* Кордук бар жерде зордук бар.
* Кордук – ооругу, мундук – өлүм, зардык – жокчулук.
* Кордук өмүрдөн эрдик өлүм артык.
* Кордуксуз өмүрдүн кызыгы жок.
* Коркконго дабыштын баары жоо.
* Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт.
* Корккондон жүрөк жарылбайт,
  сүйүнгөндөн маңдай айрылбайт.
* Корккондун көзү чоң, акмактын сөзү чоң.
* Корккон көлөкөсүнөн да коркот.
* Коркок жанын сактайт, чоркок малын бакпайт.
* Коркок иттин капканынан үргөнү катуу.
* Коркок кандын башында туулга турбас.

* Коркокко бир ок да көп, баатырга жүз ок да аз.
* Коркокко кой башы кош көрүнөт.
* Коркокко кырга чыккан жалгыз тал жоо көрүнөт.
* Коркок көзгө кыпын үйүр.
* Коркок мактанса – колдон өлөт.
* Коркок миң өлөт, баатыр бир өлөт.
* Коркоктук кесет өмүрдү, курч балта кесет темирди.
* Коркоктун асылы болгончо, баатырдын жесири бол.
* Коркоктун аты – Жообасар.
* Коркоктун баары корунчаак.
* Коркоктун барынан жогу.
* Коркоктун иши так болот.
* Коркоктун көзү чоң, акмактын сөзү чоң.
* Коркокту өлүм өзү издеп табат.
* Коркокту туйбас ит кабат, чоркокту үйдө иш кабат.
* Коркок чындап корксо,
өз кулагынан өзү коркот имиш.
* Коркпогондон корк, уялбагандан уял.
* Корксо да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт.
* Коркунучтан келе элегинде корк.
* Короодо малы бардын колунда күчү бар.
* Короонңо сак бол, коңшуңду ууру тутпа.
* Коросон бычак кол кесет.
* Кортук кочкор төл бузат, куйту киши эл бузат.
* Корукчу коон түгөтөт.
* Котурдун үстүнө чыйкан, кокуйдун үстүнө наалат.
* Котур – колдон, жоор – жондон.
* Котур колдон жугат, жоо жолдон чыгат.
* Котур ташы койнунда.
* Котур төө чычырканакка сүйкөнсө кычуусу канат.
* Кочкор болор козунун маңдай жагы дөң болот.
* Кошконго үйүр эмес, сүйгөнгө үйүр.
* «Кош-кош» десе, куяңкы кой кошокко кошулат.
* Кош кылыч кынга сыйбайт.
* Кошомат айтып колтукка кирбе,
өзүңчө баатыр болбогун үйдө.

* Кошомат кой сойдурат же кошоматка кой соёт.
* Кошоматчыга кой сойдурба.
* Кошуна болсоң – жөлөк бол, болбосоң – бөлөк бол.
* Кошунаң сокур болсо, бир көзүңдү кысып өт.
* Кошуна кошунанын күзгүсү.
* Кошчунун жаны жаанда тынат,
  койчунун жана өлгөндө тынат.
* Кою барга сарт келди, кою жокко дарт келди.
* Кою бирге короолош, эгиндери ороолош.
* Коюн алдырган короосуна сак болот.
* Кою көптүн ою көп.
* Коюндан төгүлсө кончко.
* Көбүк карда түлкү ойнойт,
  көңүл ачса – күлкү ойнойт.
* Көбүнө шүгүр, азына канаат.
* Көбүрөөк билгиң келсе аз укта.
* Көгөндү бий койсо, көзүңдү оюп жейт.
* Көгөрө жортсоң, кызара бөртөсүң.
* Көгүчкөн атса мергенсийт,
  көк байтал минсе эрдемсийт.
* Көз байлыкты издейт, көңүл чындыкты издейт.
* Көзгө айтылган ак сөздү көмө чаппа.
* Көзгө чөп салган душмандыктын белгиси.
* Көздөн алыс, көңүлдөн булас.
* Көздөн кетет, жүрөктөн кетпейт.
* Көздөн кетсе да, көңүлдөн кетпейт.
* Көздөн көңүл көрөгөч.
* Көздөп аткан ок таамай,
  орундуу айтылган сөз таамай.
* Көздүн карегиндей сакта.
* Көздүн көргөнүнөн, кулактын укканы көп.
* Көздүн курчу болот, сөздүн мурчу болот.
* Көздүн сокуру көрөт, көкүрөктүн сокуру көрбөйт.
* Көздүн сокурунан, көкүрөктүн сокуру жаман.
* Көздүү ийне жерде калбайт.
* Көз жалтанган зор ишти кол бүтүрөт.

* Көз жетпеген жерге сөз жетет.
* Көз карыса да, көөдөн карыбайт.
* Көз – коркок, кол – баатыр.
* Көз көрбөгөндү көңүл билет.
* Көз көрбөсө, жүрөк сүйбөйт.
* Көз көргөнгө, кулак укканга тойбойт.
* Көз көргөндү көңүл тилейт.
* Көз көрсө көңүл айныйт.
* Көз көрүп кызыкканды кол баса албайт.
* Көз менен көргөн чын, кулак менен уккан күмөн.
* Көз сокурун дарыласа болот,
  көңүл сокурун дарылап болбойт.
* Көзсүз күнүң өтөөр, элсиз күнүң өтпөс.
* Көз тойсо көңүл тоёт.
* Көз түшкөн гүлдү кол үзөт.
* Көз учу менен көздөбө, зыяны болот көзүңө.
* Көзү ачык көптү көрөт.
* Көзү бозоргон там сүзөт.
* Көзү жамандын өзү жаман.
* Көзү жокко көргөзсө да билбейт.
* Көзү жок көгөөн, башы жок балапан.
* Көзү жоктун теңири бар.
* Көзүм барда «дурус» деген сөз укпай,
  көзүм жокто «сонунуңду» не кылам.
* Көзүмдү ачып көргөнүм, оозумду ачып өпкөнүм.
* Көзүң барда көйкөлөт, көзүң жокто сөйкөнөт.
* Көзүңдөн оюң алыс көрүнөт.
* Көзүңдү ачканга көр казба.
* Көзүң ооруса – колуңду тый,
  ичиң ооруса – тамагыңды тый.
* Көзүңө чөп салган душмандыктын белгиси.
* Көзүң чалыр болсо да, сөзүң кыңыр болбосун.
* Көзү сокурга жолуксаң жолук,
  көөдөнү сокурга жолукпа.
* Көз – чырдын уясы, көңүл – сырдын уясы.

* Көйнөгү башканын көөнү башка,
  чапаны башканын санаасы башка.
* Көйнөгү кирдин көөнү кир.
* Көйнөгү көөлүүнүн тамагы майлуу.
* Көйнөгү экөө болсо, көңүлү төртөө.
* Көйнөк берсең бу жайда, көлөкө болот ти жайда.
* Көйнөк тердебесе, талаа гүлдөбөйт.
* Көйнөктүн кири жууса кетет,
  көңүлдүн кири айтса (канткенде) кетет.
* Көйрөң ат минсе чабат.
* Көйрөңдү мактасаң көбүрөт.
* Көйрөңдүн сөзү бар, жаны жок.
* Көйрөң үшүбөсө да, калтырайт.
* Көк байтал минсе сергексийт,
  көгүчкөн атса мергенсийт.
* Көкжал адамга көшөкөрлүк жарашпайт.
* Көк жал сөзү митедей.
* Көкөлөй учат көк кытан, дүнүйө жалган бир тутам.
* Көкөтөйдүн ашы – көп жаңжалдын башы.
* Көктө баратсаң жерди ойло.
* Көктө булут болбосо, көнөктөп жамгыр жаабас,
  көңүлгө кайгы толбосо, көлкүлдөп көздөн жаш акпас.
* Көктөгөн жетилет да, жетилген кетилет.
* Көктө жарык жылдыз көп, кара сууда кундуз көп.
* Көктөн тилегеним жерден табылды.
* Көктүгүңдү койбосоң, бөөдө өлүп каласың.
* Көкүрөгүн жоготкондон көзүн жоготкон артык.
* Көкүрөгү сокурга жолукпа, көзү сокурга жолук.
* Көкүрөгү сокур менен алгыча,
  көзү сокур менен алсын.
* Көкүрөгү туйбаса, көз көргөндөн не пайда?
* Көкүрөк ачык болсо – көңүл ачык болот,
  көңүлүң каш болсо – ичкениң таш болот.
* Көкүрөктө болбосо көк ийне бакыр (байкуш)
  канетсин, көптөгөн иттер бириксе көр (сокур)
  ит бакыр (байкуш) канетсин.

* Көкүрөк чечен болсо, көзү көрүп не кылат.
* Көлгө кушуң түшпөсүн, жаманга ишиң түшпөсүн.
* Көлдө жүргөн коңур каз, чөлдүн баркын билеби.
Чөлдө жүргөн музоо баш, көлдүн баркын билеби.
Атасы топко кирбеген, сөздүн баркын билеби.
* Көлдөн безген каз оңбос, элден безген таз оңбос.
* Көлдү бороон толкутат, элди эселек толкутат.
* Көлдү көрбөгөн көлчүккө таңыркайт.
* Көл канча терең болсо да – түбү бар,
too канча бийик болсо да – төбөсү бар.
* Көлөкөгө карап тон бычпайт.
* Көлөкөдөгү көк күчүк арабаны мен сүйрөп баратам дейт.
* Көлөкөдө жаткан ит, күндү көрүп үрөт.
* Көл таянычы – жер, көсөм таянычы – эл.
* Көл толгондо чайпалат.
* Көл толкуса сел болот.
* Көлтөйгөн лөк – көгөргөн (түпсүз) көлдөй көк болот.
* Көлүгүнө жараша – жүгү.
* Көлүнөн безген каз оңбос, элинен безген эр оңбос.
* Көл чайпалса көбүгү бетине чыгат,
эл чайпалса тентеги четине чыгат.
* Көлчүк өзүн көл ойлойт.
* Көмүр өчүрүп көө болгон, бир токойго ээ болот.
* Көмүрчүгө темирчи үйүр.
* Көмүскө достон, көрүнөө душман артык.
* Көнбөгөн бейишинен көнгөн тозогум артык.
* Көнбөгөн жер – көрүстөн, көнгөн жер кемби бейиштен.
* Көңүлдөгү дат – өмүрдөгү дат.
* Көңүлдөгү сырды көз билдирет.
* Көңүлдүн калганы – өмүрдүн арманы.
* Көңүлдүн ээси кудай, үмүттүн ээси убай.
* Көңүл ишине сот жок.
* Көңүл каалаcа, себеп көп.
* Көңүл калган адамдын көлөкөсү да сүйкүмсүз.
* Көңүл картайбайт, көз картаят.
* Көңүл карыбаса, пейил тарыбайт.

* Көңүл кең болсо, үйүң да кең, көңүл тар болсо, аалам да тар.
* Көңүл кири айтса кетет, көйнөк кири жууса кетет.
* Көңүл кылсаң бир ишке, көктөгүнү аласың.
* Көңүл ооруткан наадандык, көңүл көтөргөн адамдык.
* Көңүл – сөздүн сандыгы.
* Көңүлсүз көздөн жаш чыкпайт.
* Көңүлү бузук башкалардан айып издейт.
* Көңүлү куунактын өмүрү узак.
* Көңүлүм келсе көлдөймүн,
көңүлүм келбесе чөлдөймүн.
* «Көңүлүмө жагат» деп, көрүнгөнгө дос болбо.
* Көңүлүнө жакканды дүлөй да угат.
* Көңүлүң кош болсо, ичкениң ирим, жегениң желим.
* Көңүлүң менде болсо өмүрүм сенде болор.
* Көңүлү тар көп элден көңүлгө толоор эр чыкпас.
* Көңүлү түшкөн көзүн албайт.
* Көңүлү тынар көп элдин, көзгө толор эр чыкса.
* Көңүл черин сөз жазат.
* Көңүл ынагы көздөн билинет.
* Көөдөн болбосо, көз тамдын тешиги.
* Көөдөнү жукадан, чөнтөгү жука артык.
* Көөлдөгөн киши көңүлгө карабайт.
* Көөн ооруткан дос болбойт, ич ооруткан аш болбойт.
* Көөрүктүн оту тутанбайт туш тушунан жел чыкса.
* Көп адашпайт, көлөкө карматпайт.
* Көп акмактын агасы болгончо,
бир акылмандын иниси бол.
* Көп акча көздү көр кылат.
* Көп алгың келсе көп иште.
* Көп алгың келсе түшүмдү, сугатка чыгар күчүңдү.
* Көп аткандан мерген болбойт,
көп сүйлөгөндөн чечен болбойт.
* Көп аялдуунун кокую көп.
* Көп баатырдан жоо кетет, көп чеченден доо кетет.
* Көп байкаган көсөм, сөз байкаган чечен.

* Көп бар жерде сын бар, сын бар жерде чын бар.
* Көп баскан аяк чок (бок) басат.
* Көп бергенден аз берген,
  кечиктирбей бат берген (артык).
* Көп бергенден тез берген артык.
* Көп бергендин көөнү билет,
  аз бергендин пейли билет.
* Көп берекетке көп аракет керек.
* Көп бил – аз сүйлө.
* Көп билген аз сүйлөйт, аз билген көп сүйлөйт.
* Көп билген нуска болот, көп иштеген уста болот.
* Көп билсең да, көптөн артык билбейсиң.
* Көп бириксе ажааңды каратат (кээде жеңет).
* Көп бириксе көл болот, көл каптаса сел болот.
* Көп бириксе көл болот, көптөн пайда мол болот.
* Көп бириксе токчулук.
* Көп дабыш кошулса, бир дабышты жок кылат.
* Көп душманың болсо, көз ирмебес эр болгун.
* Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет.
* Көп жашагандан сураба, көптү көргөндөн сура.
* Көп жашаган не билет, көптү көргөн шо билет.
* Көп жашаган куу (карт) түлкү
  капканга түшпөй койчу эмес.
* Көп жойлогон түлкү ачтан өлөт (же колго түшөт).
* Көп жойлогон түлкү капканга түшпөй койбойт.
* Көп жылкынын ичинде жетим кулун билинбейт.
* Көп издесең табасың, көп сурасаң аласың.
* Көп ичкендин көөнү билет,
  аз ичкендин пейли билет.
* Көп каз башсыз учпайт.
* Көп кайгырган дартка чалдыгат.
* Көп карынын ичинде бир бала болсо, даана болот,
  көп баланын ичинде бир кары болсо, бала болот.
* Көп – коркутат, терең – батырат.
* Көпкө аз түтпөйт.
* Көпкө белгилүүнү келиштирип айтуу кыйын.

* Көпкө кубанба, азга ыйлаба.
* Көп көлдөтөт, аз чөлдөтөт.
* Көпкөн жигит (киши) басыгынан байкалат.
* Көпкөн жигит көп сүйлөйт,
  чечен (эстүү) жигит төп сүйлөйт.
* Көпкөн, көпкөндүн өлүмү (же жазасы) көптөн.
* Көп көргөн – нуска, көп иштеген – уста.
* Көпкө сугун арткан аздан куру калат.
* Көп көчүрүлгөн дарак бүрдөбөйт.
* Көпкө ык келсе, кан төөсүн соёт.
* Көпкө ыраазы болбогон, азга умтулуп зар болот.
* Көп кызыккан адам көптү билет.
* Көп кыйкыргандан коркпо,
  унчукпай тургандан корк.
* Көп – мазар, көптөн качкан – азар.
* Көп менен көргөнгө кабак салбай, кайрат кыл.
* Көп менен көргөнгө өкүнүч жок.
* Көп менен көргөн – улуу той.
* Көп ойлогон табаар, көп үйлөгөн жагаар.
* Көп ойлоп, жакшы сүйлө – нуска болсун,
  сураса жообуң дагы кыска болсун.
* Көп окуган көптү билет.
* Көп окуган озот, көп ойногон тозот.
* Көп ооз сөз сүйлөсө, бир ооз тек турат.
* Көп ооруган эмчи болот, көп кескен уста болот.
* Көп сөз ич көптүрөт, бош музоо сүттү төктүрөт.
* Көп сөз – көмүр, аз сөз – алтын.
* Көп сөз көмүрдөй, аз сөз темирдей.
* Көп сөз – чөп (бок) сөз.
* Көп сөз эшекке жүк.
* Көпсөң – жарыласың, толсоң – төгүлөсүң.
* Көп суур ийин казбайт, ийин казса терең казбайт.
* Көп сүйлөгөн бакыл бий, төп сүйлөгөн адыл бий.
* Көп сүйлөгөн жигиттин бир ажалы көптөн.
* Көп сүйлөгөн көпкөндөр, өз абийрин төккөндөр.
* Көп сүйлөгөн маңгилер, көзгө кирген тикендей.

* Көп тамчыдан көл болот.
* Көп толкуса көл болот, көл толкуса сел болот.
* Көптөгөн кыз аткарат, өмдөгөн жоо качырат.
* Көп төксөң кыкты, түшүм болот мыкты.
* Көптөн качкан көмүүсүз калат.
* Көптөн коён качып кутулбайт.
* Көптөн көп акыл чыгат.
* Көптөн үмтөткөн аздан куру калат.
* Көптү азайтмак оңой, азды көбөйтмөк кыйын.
* Көптү жамандаган көмүүсүз калат.
* Көптү көрбөй көсөм болбос,
көп сүйлөбөй чечен болбос.
* Көптү көргөндөн сөз оку, көөнөрбөс кылып бөз току.
* Көптү көргөн, көнөктүн түбүн тешкен.
* Көп түкүрсө көл болот.
* Көп түкүрсө – көл, көл толкуса – сел.
* Көптүн көзү көрөгөч, колу берешен.
* Көптүн көөнүн эриткен көрөңгөлүү сөз болот.
* Көптүн оозу күбөлүү да дубалуу.
* Көптүн пикири көрөгөчтүн өзү.
* Көптүн тилеги – көл.
* Көп тыңдаган аз сүйлөйт.
* Көп тыңша, аз сүйлө.
* Көп уктаган көптөн куру калат.
* Көп үйлөсө жел болот, көп ыйласа сел болот.
* Көпүрө көптү көтөрөт, көңүлдү кеп көтөрөт.
* Көпүрө салсаң эки жагынан башта.
* Көп чогулса калмак каны – Ажаанды кармайт.
* Көпчүл болсоң – өсөсүң, кекчил болсоң – өчөсүң.
* Көпчүлүк бар жерде токчулук бар.
* Көпчүлүк бир ууччан берсе тойгузат,
көпчүлүк бир муштан берсе өлтүрөт.
* Көпчүлүк деген көл да.
* Көпчүлүк кайда болсо, токчулук ошол жерде.
* Көпчүлүк камын ойлосоң – озосуң,
өз камыңды ойлосоң – тозосуң.

* Көпчүлүк көөлөсө сараңбай төөсүн соёт,
  көпчүлүк жөөлөсө канкор кан өкүмүн коёт.
* Көп ыйлаактын көзү жаман,
  көп сүйлөөктүн сөзү жаман.
* Көп эмсе ичи көбөт, бош койсо,
  музоо чакадагы сүттү төгөт.
* Көрбөгөн бейишинден көргөн тозогум артык.
* Көрбөгөн жерге кеч чыкпа, көрбөгөн жанды эш тутпа.
* Көрбөгөн көздөн тамдын тешиги жакшы.
* Көрбөгөн жердин ой-чуңкуру көп.
* Көрбөгөн – төөнү көрбөйт,
  билбес – кудайды билбейт.
* Көрбөйт деп ууру кылба, укпайт деп ушак айтпа.
* Көрбөстү көрбөй көзүңө сак бол,
  айтпасты айтпай оозуңа сак бол.
* Көргө көрсөтпө, керге угузба.
* Көргөндөн көрө элегиң көп,
  билгенден биле элегиң көп.
* Көргөн көзду уккан кулак жеңиптир.
* Көргөн – көргөнүн кылат, көсөө – түрткөнүн кылат.
* Көргөн менен уккан бирдей эмес.
* Көргөн-турганы жаман.
* Көргөнү жакшы көч баштайт.
* Көргөнү жаман бергенин алат (же доолайт).
* Көргөнүн жазбай так айтат ырчылардын устасы.
* Көр дүйнөдөн жан дүйнөнүн байлыгы артык.
* «Көрдүм» деген көп сөз, «көрбөдүм» деген бир сөз.
* Көр көкүрөк жигиттен эр көкүрөк чал артык.
* Көркөм адабияттын кунуна
  эч кандай байлык жетпейт.
* Көркөм өнөр – касиеттүү күч.
* Көрктүүнү көрүп алганча, сүйүктүүнү сүйүп ал.
* Көрктүүнү көрүп алганча, тектүүнү сурап ал.
* Көр оокаттын айынан Көкүмбайга тийгемин.
* Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот.
* Көрө-көрө көсөм болот, улай-улай уз болот.

* Көрөр күнү бардын ичер суусу бар.
* Көрпө жукасы тоңдурат, көңүл жукасы аздырат.
* Көрпөнү күндө күбүсө – түлкү,
 түлкүнү күндө күбүсө – күлкү.
* Көрсө барымта, көрбөсө сыйрамта, барып алып кел.
* Көрсө – көрмөксөн, билсе – билмексен.
* Көрүнгөнгө ыйлаган көзсүз калат.
* Көрүнгөн өз эмес, өз бирдей эмес.
* Көрүнгөн тоону бийик дебе, аракет кылсаң чыгасың.
 Көпсүнгөн жоону кыйын дебе, кайрат кылсаң жыгасың.
* Көрүнгөн тоонун ыраагы жок.
* Көрүнөө зордук – башкы кордук.
* Көрүп жүргөн суктанат, көрбөгөндөй мактанат.
* Көрүшпөй кеткен дос салкын.
* Көсөм чыккан адамдар, көрөңгөлүү сабадай.
 Кандай салса түз кетер, карга жүргөн чанадай.
* Көсөө – кудай буйругу, сакал – адам сыймыгы.
* Көсөөнүн акылы түштөн кийин.
* Көсөөнү үйгө киргизбе, көчүгүн жерге тийгизбе.
* Көсөө узун болсо кол күйбөйт.
* Көтөрүм көтөрүлсө, көч алдын бербейт.
* Көтөрүп атка мингизгениң курусун,
 көчүктөн чымчып алганың курусун.
* Көтөрүп сууга салган жаман,
 көз салбаган тууган жаман.
* Көч бара-бара (жүрө-жүрө) түзөлөт.
* Көч жүрө албай токтолот, көз учкан бийик бел чыкса.
* Көчкөн журттун кадыры конгон журтта билинет.
* Көчкөн журтуң – конгон журтуңдан таза болсун.
* Көчкүдөн сагызган гана кутулуптур.
* Көч маанисин билбеген көчкөндө өгүз өлтүрөт,
 сөз маанисин билбеген сөздү өзүнө келтирет.
* Көчмөк, конмок жерге сын. Качмак, куумак эрге сын.
* Көчө (же көжө) ичкендин көөнүнө дайын.
* Көчөрман болсо, журтту жамандабайт.
* Көчөт тиккен көлөкөлөйт.

* Көчсө – көттө, консо – четте.
* Кубаныч менен кайгынын салмагы бирдей.
* Кубанычты жибители, өкүнүчтү чирители.
* Кубанычыбыз кут болсун, ийгилигибиз жуп болсун.
* Куда болгуча кулу, бийиң сураш, куда болгондон кийин кул да болсоң сыйлаш.
* Кудага алыстан сыйлаш.
* Кудай берген бактыны кудай кыркты.
* Кудай берген кишиге кудай урган киши асылат.
* Кудай берейин десе, казынасы кенен.
* Кудай берейин десе эки кулагын тең кесип берет.
* Кудай бирөө, кезек экөө.
* Кудайга ишенген курсагы тойбойт.
* Кудайга ишенген куру калат (жөө калат).
* Кудайга сунган кол жетпейт, падышага айткан сөз өтпөйт.
* Кудайдан коркпогондон корк.
* Кудайдан көптү сура, бергенине ыраазы бол.
* Кудай деген кул ачка калбайт.
* Кудай деген кул өлбөйт, тамекиден пул өнбөйт.
* Кудай деген кур калбайт.
* Кудайды көзүң менен көрбөсөң да көкүрөгүң менен тааны.
* Кудайды көрбөсөң, акылың менен тааны.
* Кудайдын бергенин билбейт, урганын билет.
* Кудайдын бир аты ак.
* Кудайдын буйругусуз кумурсканын бели сынбайт.
* Кудайдын буйругу чачтан (кумдан) көп, аны кылган (аткарган) киши жок.
* Кудайдын каарына калбайлы.
* Кудайдын каарына калган жыгач – тегирмендин шакылдагы болот.
* Кудайдын көзү түшкөнгө, пайгамбардын сөзү түшөт.
* Кудайдын кулагы сүйүнсүн.
* Кудайдын күнү кумдан көп, буюрганын жашайсың.

* Кудайдын «ме» деген үнү угулбайт,
берген колу көрүнбөйт.
* Кудай жаштын тилегин берет.
* Кудай кошкон куда болот,
пайгамбар кошкон дос болот.
* Кудай кулум десе, Мухаммед дың дебейт.
* Кудай кулум десе, Мухаммед үмөтүм дебеске
аргасы (чарасы) жок.
* Кудай кулум десе, пайгамбар чычып жиберет.
* Кудай кылайын десе кулду баш кылат,
ак падышаны кара кылат.
* Кудай кылганга кудай урган теңелет.
* Кудай кылды, куш кылды, курган элге туш кылды.
* Кудай кылса, кайкы бээ жорго болот.
* Кудай кылса кубаарыңдын акысы
(же куу чокусу) барбы.
* Кудай кырыңды алса, душман сырыңды алат.
* Кудай малыңды алса да, абийириңди албасын.
* Кудай пейли кеңди тарытпайт,
пейли тарды кеңейтпейт.
* Кудай сактаган токтуну бөрү жебейт.
* Кудай сүйгөн куда, пайгамбар сүйгөн дос болот.
* Кудай ураар жигитке, кумгандай жүрөк жаралат.
* Кудай ураар кишиде кол башындай жүрөк жок.
* Кудай ураар кишини кырк биринде таз кылат.
* Кудайчынын куржуну толбойт.
* Кудайыңа ишенсең жөө каласың.
* Куда – миң жылдык, күйөө жүз жылдык.
* Куданыкын кудай берет.
* Кудаң алыс болсо, сыйлуу болосуң,
кудаң жакын болсо, чырлуу болосуң.
* Куда-сөөктүн кызыгы – барыш-келиш.
* Кудуктай кулкун бергиче, томуктай топук берсин.
* Кузгунга куда болсоң жегениң тарп болор.
* Кузгундуку куу жыгачтын башында,
бөрүнүкү тең орток.

* Кузгун тарп көрбөсө жүрө албайт.
* Куйма кулакка айтсаң куюп алат,
  акма кулакка айтсаң агып кетет.
* Куйтунун куйругу бир тутам.
* Куйтунун сөзүн куп дебе.
* Куйтунун үйү күйөт.
* Кулагыңа – алтын сырга.
* Кулактан кирген суук сөз,
  жүрөккө жетип муз болот.
* Кулак укканды көз көрөт (же көрбөй койбойт).
* Кулак укса курсак кайнайт.
* Кулак укса суук сөз, курсакка барып муз болот.
* Кулалыдай салпактап миң жыл өмүр сүргөнчө,
  барчындай асманда чалкып, бир жыл өмүр сүр.
* Кулалы жыйып куш кылган,
  куранды жыйып журт кылган.
* Куландын тиши – курчтун мизи.
* Куланды үйрөткөн эр, кулжаны эңген бүркүт.
* Кулан кудукка түшсө, курбака айгыр болор.
* Кулдай иштеп, хандай жаша.
* Кулда кулак жок, күңдө дымак жок.
* Кулдун башы мукул (мукур), аягы тукул.
* Кулдун жаны иттин жаны менен тең.
* Кулдун мойну жоон, күчү жок, курсагы бир тойсо,
  дүйнө менен иши жок.
* «Кулжанын куулугу түшөт» деп, түлкү ачка өлүптүр.
* Кул жеймин дейт куйрукту, кудай билет буйрукту.
* Кул кулду тааныйт, шарыят жолду тааныйт.
* Кулкуну жаман кууратат.
* Кулкунуңдун өскөнү – кунарыңдын кеткени.
* Кул кутурса байын урат, ит кутурса ээсин кабат.
* Кул кутурса кудукка кайырмак салат.
* Кул кутурса кудукка түкүрөт.
* Кул кутурса өтүгү менен төргө өтөт.
* Кул күмүш тапса, аны коёрго жер таппайт.
* Кул менен жеген каймак кустурбай койбойт.

* Кул өз теңин өзү табат.
* Кулпу күчтүү эмес, ачкыч күчтүү.
* Кулунду кошсо ат болбойт,
урушуп тууган жат болбойт.
* Кулун сындуу ат минип, бала жыттуу жар сүйгөн.
* Кулча иштеп, бийче же (же ич).
* Кулча иштеп хандай жаша.
* Кумарга, акчага жолобогула,
ал азыткы шайтанды да жолдон чыгарат.
* Кумарга ууру жолдош.
* Кумардуу нерсе ачуу болот.
* Кумардын түбү өкүнүч.
* Кум жайылып таш болбойт,
кул жыйылып баш болбойт.
* Кум кулака куйсаң болбойт.
* Кум кум менен бирикпейт.
* Кум түш кудайыңдан, таш түш таалайыңдан.
* Кумурска бириксе, арстанды да жыгат.
* Кумурска да төөнүн өркөчүнө чыккысы келет.
* Кумурска кичинекей болсо да, кайраты тоо аңтарат.
* Кумурсканын өзү кичине, жүгү чоң.
* Кумурсканын уюгуна жыгач салба (көөлөбө).
* Кунаажын көзүн сүзбөсө, бука мурунтугун үзбөйт.
* Купуя сөз – эл жобо күткөн жырым.
* Курал иштебейт, уста иштейт.
* Курама темир курч болот.
* Куранды билбеген молдо убалды билбейт.
* Курандын сөзү – кудайдын сөзү.
* Курандын сөзүн куу молдо бузат.
* Куранды сыйлаганың – Кудайды сыйлаганың.
* Куран кудайдын тили дешет.
* Кур аякка бата жүрбөйт, экөө бирөөнү күтпөйт.
* Кургак сөз кулакка жакпайт.
* Кургак сөз таш жарат, куру кайрат баш жарат.
* Кургак чечендик мөмөсү жок дарак.
* Курдаштын кудайы бир.

* Курсагы ачкан – урушчаак.
* Курсагы ач курушат, акылы аз урушат.
* Курсагы жаман айтта өлөт.
* Курсагың ач болсо да, кулагың тынч болсун.
* Курсак ач болсо күлкү келбейт,
тайган бар жерге түлкү келбейт.
* Курсак ачканда көз киртеет.
* Курсакка шарап кирсе, сырың сыртыңа чыгат.
* Курсак ток болсо, колуң (тилиң) шок болот.
* Куру жерден өрт чыкпайт.
* Куру кайгыдан пайда чыкпас,
кайгыңды кайгы экен деп эч ким укпас.
* Куру кайрат баш жарат, кур кыйкырык таш жарат.
* Куру колго куш конбойт.
* Куру күлүш – күлүшпү, куру жүрүш – жүрүшпү.
* Курулай мактоого эдирейүү – тайыздык,
курулай жамандоого шөлпөйүш – мажирөөлүк.
* Курулай намыс кылбагын, курулдап турса курсагың.
* Курулуш болсо, бурулуш болот.
* Курулушта бурулуш бар.
* Куру намыс көрк бербейт.
* Куру сөздөн май чыкпайт, курумшудан тон чыкпайт.
* Куру сөз курсак тойгузбайт,
куру аңгеме кулак тойгузбайт.
* Куру суудан май чыкпайт,
куру сөздөн маани чыкпайт.
* «Курут» десе куу баштан суу чыгат.
* Куру убададан курсак тойбойт.
* Курч кетилет, чарыкка кармаса жетилет.
* Кусамы жок турмуш болбойт.
* Куттуу конок келсе, кой эгиз табат,
кутсуз конок келсе, койго карышкыр чабат.
* Куттуу үйдөн куру чыкпа.
* Кутургандан кутулгандын өзү – акыл.
* Куу алган кушта эмне сын.

* Куу алдаганын да билгизбейт,
арбаганын да билгизбейт.
* Куубаш болчу жигитке, туубас катын жолугат.
* Кууга куу намаз шамда жолуксун.
* Кууган да кудай дейт, качкан да кудай дейт.
* Куудан айтсам ылайык, куш төрөсү Буудайык.
* Куу куйругун карматпайт, акылын алдатпайт.
* Куураган кезде кумар жазуу –
кудай берген ырыскы менен тең.
* Куурайды бирден сындырмак арзан,
тобу менен сындыра албайт балбан.
* Куурай чыкпас куу такыр, куурай
чыгып бергенде кулан чуркап өтө албайт.
* Куурдактын акесин төө сойгондо көрөсүң.
* Куур тондун ичинде куурасын жигит өлбөсүн,
тери тондун ичинде тердесин жигит өлбөсүн.
* Куу сөзү менен эритет, иши менен иритет.
* Куу түлкү капканга кош буттап түшөт.
* Куучуйуп бай болгончо, колу ачык кедей бол.
* Куш баласы кырымга карайт,
ит баласы жырымга карайт.
* Куш жаңылса торго түшөт, эр жаңылсо колго түшөт.
* Куш жемине алданат, адам сөзгө алданат.
* Куш жемине кайрылат, эр элине кайрылат.
* Куш жемине какабайт.
* Куш канаты менен учат, куйругу менен конот.
* Кушта сүт жок, кудай өзү асырайт.
* Куш төрөсү – Буудайык, ит төрөсү – Кумайык.
* Кушту жырткыч кылган – тырмагы,
кишини сүрдүү кылган – мансабы.
* Куштун алганынан салганы кызык.
* Куштун да туулган уясы бар.
* Куштун сырын мүнүшкөр билет.
* Куштун тилин куш билет.
* Кушу жоктун турумтайы шумкар,
аты жоктун котур тайы тулпар.

* Куш учуш үчүн, адам бакыт үчүн жаралган.
* Күбөлүү сөз – никелүү зайыптай.
* Күжүрмөндүн карды ток, эмгексизде ырахат жок.
* Күзгүгө үйүр – боюн түзөйт,
күмөн болгон – оюн түзөйт.
* Күзгү күчүңдү күйөөңө бербе, жазгы күчүңдү
атаңды өлтүргөндөн да аяба (кээде жандан аяба).
* Күзгү муздун күзгүдөйүнөн качпа,
жазгы муздун жабыктайынан кач.
* Күз – күрөш, жаз – жарыш.
* Күзөттө көзүң илинсе жоого өзүң илинесиң.
* Күз – талаш малы.
* Күзүндө үркүп калат, жазында илкип калат.
* Күзүндө чыгынбаган, кышында жылынбайт.
* Күйбөгөнү күл болду, көрбөгөнү көр болду.
* Күйгөндөн айтам бир сабак.
* Күйгөн катын – кошокчу.
* Күйгөн менен өткөнгө өкүнгөн болбос.
* Күйкөнү канча тапта,
баары бир карышкыр ала албайт.
* Күйөө баланын төрүндө отурганча, жаман да болсо,
уулумдун улагасы артык.
* Күйөө баланы пайгамбар да сыйлаптыр.
* Күйөөгө жетпей кыз тынбайт.
* Күйөө карыса жээн болот.
* Күйөө келсе – кыз даяр.
* Күйөөнүн аты менен күл ташы.
* Күйөөнүн үйү – бирөөнүн үйү.
* Күйөөңдүн көөнүн кирдетпе, күнүгө бизди тилдетпе.
* Күйөөң жаман болсо кызыңдан көр,
келиниң жаман болсо уулуңдан көр.
* Күйөөң жаман жан болсо, күндө акылың маң болор.
* Күйөөрүң жок болсо, күтөөрүң болсун,
сүйлөөрүң жок болсо сүйөөрүң болсун.
* Күйөөсү – күйүттө, аялы – үлпөттө.
* Күйөөсү молдо болсо, аялы ушакчы.

* Күйүккө дары табылат,
  акыры күйүткө дары табылбайт.
* Күйүп чок болгон жаман, өлүп жок болгон жаман.
* Күйүт деген чоң жоо.
* Күйүттү күйүп ызала, кырсыкты эмгектенип табала.
* Күкүк өз атын өзү чакырат.
* Күкүктүн доошун эшитпей күн жайылып ачылбайт,
  күйүттүү болгон адамдын күндө доошу басылбайт.
* Күлгөнгө күттүрбөй өзүм барам деген ушул.
* Күлгөндү билбесең ыржайба.
* Күлгөндүн баары дос эмес,
  урушкандын (кээде ачуунун) баары кас эмес.
* Күлгөндүн билгени бар, ыйлагандын
  көкүрөгүнө түйгөнү (же муңу) бар.
* Күлгөндү сурасаң билгени бар,
  ыйлаганды сурасаң өлгөнү бар.
* Күл жигит – ээси экен жылкынын.
* Күлкү – ден соолуктун мүлкү.
* Күлкүдөн да жаш чыгат.
* Күлкүдөн – күлкү, кайгыдан – кайгы чыгат.
* Күлкүдөн өлгөндүн арманы жок.
* Күлкү – кеселге эм.
* Күлкү – өмүргө күлазык.
* Күлкү өмүрдүн мүлкү.
* Күлкүсү күндү чыгарган, тамашасы таңды атырган.
* Күлкүчүнүн ичи оорубайт,
  кемекчинин тиши оорубайт.
* Күлү додо болбогон.
* Күлүк ат, алгыр куш, сулуу кыз – элдин кенчи.
* Күлүк ат чапкан сайын арбытат.
* Күлүк жардыга туулуп, байга токтойт.
* Күлүккө күн салганча, байталга бак берсин.
* Күлүк күнүндө, тулпар тушунда.
* Күлүк менен жоргонун тери кургабайт.
* Күлүк – озбой, сулуу – озбой, бак – озот.
* Күлүктөн күлүк өтөт, күйүкпөгөнү марага жетет.

* Кулуктөн кулук чыкса – төрт аягы тыбырайт,
  чечендан чечен чыкса – оозу-мурду кыбырайт.
* Кулукту кимдер билбеген,
  кулүндөп кимдер жүрбөгөн.
* Кулуктүн таманы бара-бара кызыйт.
* Кулукту табына келтирген – саяпкер,
  кушту кыраан кылган – мунүшкөр..
* Кулукту таптайт саяпкер, сүрөөгө алат талапкер.
* Кулук чапкандыкы, мал тапкандыкы.
* Кулүп киргенден түңүлбө, күңгүрөнүп
  (же ыйлап) чыккандан түңүл (же сактан).
* Кулүп сүйлөгөн адамдан корк,
  кулүмсүрөп жааган жамгырдан корк.
* Кулүп сүйлөгөн кишиден түңүл,
  тийип туруп жааган күндөн түңүл.
* Күмүш сахналуу чылым чегейин десең –
  эски шаарга бар, кайып болуп өлүп кетейин десең –
  пиян базарга бар.
* Күмүш үйлүү күйөө камыш үйлүү
  кайнатасынан үмүт кылат.
* Күмүш үйлүү кыз чөп алачыктагы
  атасынан үмүт кылат.
* Күмүш ээр ак кабат, ат жоорутар болгон соң –
  күмүшүн алып откo жак, күйүшөөр тууган болбосо -
  кулүмсүрөп жатка жак.
* Күн болбосо күн караңгы, ай болбосо түн караңгы.
* Күндө келген коноктун кадыры жок.
* Күндө келген күл ууртайт, айда келген май ууртайт.
* Күндө кийик тиштесе да иттин аты ит болот.
* Күндө мамай чабылбайт, мендей кемпир табылбайт.
* Күндө тийгендей күн белем,
  айда тийгендей ай белем.
* Күндө тийгендей Күн эмес.
* Күндө эт жеген киши мал күтөбү,
  айында эт жеген киши жан күтөбү?
* Күндү бузган ала булут, элди бузган ушакчы чуут.

* Күндүзгү аштын (тамактын) ортогу көп.
* Күндүк жолго чыксаң, айлык азык ал
(кээде айлык азыгыңды камда).
* Күндүк өмүрүң (кээде бийлигиң) болсо (калса),
түштүгүнө жорго мин.
* Күндүн бетин алакан менен жаба албайсың.
* Күндүн жакшысы алдыда.
* Күн жаабаса жер гүлдөбөйт,
кумга тиккен жыгач бүрдөбөйт.
* Күн жаз, эт аз.
* Күн жаманга да, жакшыга да бирдей тиет.
* Күн караган суукка тоңот, бай караган оңолбойт
(ачтан өлөт).
* Күн кызарып чыкса – элиңди жоо чапкандай күйүн,
күн кызарып батса, катыныӊ уул тапкандай сүйүн.
* Күн нурун аябас, күйөө күчүн аябас.
* Күн нурун этек менен жапкан болбойт.
* Күнөө кылбас киши жок – актанса да,
сыр алдырбас киши жок – мактанса да.
* Күнөө унутулбайт, жакшылык жерде калбайт.
* Күн тийген жердин күкүгү (же чоросу).
* Күн тийип туруп жааган күндөн түңүл,
күңгүрөнүп сүйлөгөн кишиден түңүл.
* Күн түшсө эрдин башына күйүшкөн дос жакшы.
* Күн узарса иш көп, түн узарса түш көп.
* Күнү бүтпөгөндүн ырысы түгөнбөйт.
* Күнү – күйүшкөн жоо, абысын – аңдышкан жоо.
* Күнүмдүк ишке кайгырба, түбөлүк ишке кайгыр.
* Күнүнө бир жаңылык укпаган кулак керең болот.
* Күнүнүн аягы күйүт.
* Күнүнүн күлү – додо (кээде жоо).
* Күн чубактоо – жалкоолуктун белгиси.
* Күнчүлүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин.
* Күң саткан жерин төркүнсүйт.
* Күркүрөп келген жоодон,
күлүңдөп келген жоо жаман.

* Күркүрү бар, кубаты жок,
  күлдүрү бар жамгыры жок.
* Күрмөп байлаган жип бат чечилет.
* Күрөк кайда болсо, баштык ошондо.
* Күрөш түгөнгөн жерде – жашоо түгөнөт.
* Күрөшөм десең чыныңды айт,
  биригем десең сырыңды айт.
* Күрөштүн максаты жеңиш.
* Күрүчтү (шалыны) сугарганда, күрмөк кошо суу ичет.
* Күрүчтүн аркасы менен күрмөк суу ичет.
* Күтүүсүз келген ыза оолуктурат,
  жүрөгүм ооруп турат.
* Күүдө күндүн күчү бар.
* Күүнүн башы Камбаркан.
* Күүсү жанбас заман жок, күчү кайтпас адам жок.
* Күч айласын билбеген көчтө көлүк өлтүрөт.
* Күч акылга баш иет.
* Күч атасын тааныбайт (кээде күч атасын жыгат).
* Күч бербеген тулпардан, сүтүн берген уй жакшы.
* Күч билимде, кубат илимде.
* Күч – биримдикте.
* Күч кетет, билим кетпейт (кээде келет).
* Күч күйөө уктаганын (кээде жатканын)
  калыңга тогойт.
* Күчтү күч токтотот, сөздү сөз токтотот.
* Күчтүн аздыгынан эмес, курсактын ачтыгынан.
* Күчтүү болсоң жердей бол, баарын чыдап көтөргөн.
* Күчтүү күчөнсө – күчүнө келет, күчү жок күчөнсө –
  бели мертинет.
* Күчтүү күчсүздү жеңет.
* Күчтүүнүн күнү тууса, күүлөгүчтүн алды катат.
* Күчтүү шамал же отту өчүрөт, же күчөтөт.
* Күчү барда басынган чабалдын иши.
* Күчүнө ишенген күчүркөнбөйт.
* Күчүңдү күлкүгө коротпо, күлкүңдү эрмекке чаппа.
* Күчүңдү тилиңден чыгарбай, ишиңден чыгар.

* Күчүңө ишенбе, ишиңе (кээде акылыңа) ишен.
* Күч эшиктен кирсе, адилдик түндүктөн чыгат.
* Кыбыраган кыр ашат.
* Кыбыр киши жадатат, шыбыраган шектентет.
* Кыдыр назар кылбай, эшек базарында далдалчы.
* Кызара жортсоң, агара бөртөсүң
  (же саргара жортсоң, кызара бөртөсүң).
* Кызаргандын баары манат болот,
  кылган иштин баары адат болот.
* Кыз баласы кызыктырат, уул баласы ууктурат.
* Кыз – башка үйдүн жарыгы.
* Кыз боозуп энесин коркутат (болбо).
* Кызга бергис жубан бар, атка бергис кунан бар.
* Кызга кызыл жарашат,
  жасанганга жашыл жарашат.
* Кызга кырк үйдөн тыюу, кымызга – бишкек.
* Кызганбаган, шексинбеген бир адам жок.
* Кызганба тамак, кызгансаң – таяк.
* Кызганган да күң, куру калган да күң.
* Кызганчаактын ашы ич оорутат.
* Кызганыч сүйүүнү талкалай турган айлакер жоо.
* Кызга тийген (катылган) кедей болот.
* Кызга энедан башка төркүн жок.
* Кыздан жаман нерсе жок: өзгө эрибей жатка эрийт,
  туздан жаман нерсе жок: майга эрибей, сууга эрийт.
* Кыз деген буйлалаган төө.
* Кыздуу болсоң – көздүү бол.
* Кыздуу болсоң, кыя сүйлөбө.
* Кыздуу үйдө – кыякчы, кымыздуу үйдө – аякчы.
* Кыздуу киши кыр ашат.
* Кыздуу кызга сынтакпа, уулдуу уулга сынтакпа.
* Кыздуу үйдө кыл жатпайт,
  келиндүү үйдө кеп жатпайт..
* Кыздуу үйдө кыңыр сүйлөбө,
  уулдуу үйдө узун сүйлөбө.
* Кыздуу үй кылыктуу.

* Кыздуу үй кыялдуу үй.
* Кызды асырай албаган күң кылат,
  уулду асырай албаган кул кылат.
* Кызды бакпаса күң болот,
  жибекти бакпаса жүн болот.
* Кызды бала дебегенди мухаммет үмөтүм дебейт.
* Кызды бешикке салганда, себин сандыкка сал.
* Кыздын бир жаңылганы – миң жаңылганы.
* Кыздын жаманы иттен чыгарат.
* Кыздын жолу кырс.
* Кыздын көзү кызылда.
* Кыздын көңүлү (көөнү) кызылда.
* Кыздын кырк чачы улуу.
* Кыздын кыя тартып басканы –
  кыйбасына сөз айтканы.
* Кыздын сырын төркүнү билет.
* Кыздын сыры төркүнгө маалым.
* Кыздын төрүндө болгуча, уулдун улагасында бол.
* Кыздын чырагы кырк.
* Кыздын эркеси – биттин сиркеси.
* Кызды өпсөң – алма, шекер, бал татыйт.
* Кызды сураганга бер, кымызды ичкенге бер.
* Кызды тууйт кылыгын кошо туубайт,
  уулду тууйт уятын кошо туубайт.
* Кыз жакшысы – жакадагы кундуз.
* Кыз жакшысы кымбат, уул жакшысы урмат.
* Кыз жакшысын ынак билет,
  сөз жакшысын кулак билет.
* Кыз жакшысы чалкакка тийген айдай,
  чыныга куйган майдай.
* Кыз жаманы – кыроо, кыз жакшысы – кымбат.
* Кыз жаманы – кыроо, уул жаманы – уйгак,
  келин жаманы – кетпес кесик.
* Кыз жети жашка келгенде энесин жергеге кошот.
* Кыз жүрөгү – ыр түнөгү.
* Кыз жыргаар жерине ыйлап барат.

* Кыз калыңсыз болсо да, каадасыз болбойт.
* Кыз кезинде баары жакшы,
жаман катын кайдан чыгат?
* Кыз кесири кырк эшекке жүк.
* Кыз кишинин кыйык болгону жаман.
* Кыз – конок.
* Кыз конок, бүгүн өз үйүндө,
эртең башка бирөөнүн үйүндө.
* Кыз күлүңдөсө – кубангандык,
санаа тынчыса – жубангандык.
* Кыз кыздай, кыш кыштай болсо.
* Кыз кылыгы менен жакшы,
ийне учугу менен жакшы.
* Кыз кылыксыз болбойт.
* Кыз – кырк жылкы, эркек бала – ырыскы.
* Кыз Кырымга (Крым) жеткизет,
уул Урумга (Үрүмчү) жеткизет.
* Кыз кыялдын бермети.
* Кызмат – колдун кири.
* Кызматы менен элге жакса,
кыз бала жакшы уулдан.
* Кызматыңа карай урматың.
* Кыз өлсө – кырчындай башы кыйылат,
жигит өлсө – үч күн жалын, үч күн чок,
үч күндөн кийин көздөн жаш тыйылат.
* Кыз өңү менен, жер чөбү менен.
* Кыз сүйкүмү кылайып чыккан күндөй,
бала сүйкүмү бардык адамдар үчүн бирдей.
* Кыз туудум – кыялын кошо туубадым,
уул туудум – уздугун кошо туубадым.
* Кызуу кандуулук менен убада бербе.
* Кыз уурдаган – кылмыш.
* Кыз уяты – тартуу, ат уяты – сатуу.
* Кыз чыгарган кымбат, уул үйлөнткөн урмат.
* Кызы бардын назы бар.
* Кызы бардын ырахаты бар.

* Кызы бар үй – кымызы бар сабаа.
* Кызыганды кымыз чыгарат.
* Кызы жаман болсо – жаш дейт,
  баласы жаман болсо – мас дейт.
* Кызый-кызый кыздын койнуна кириптир.
* Кызыккан иш кыйнап коёт.
* Кызык сөз кызыганда чыгат.
* Кызылды кийим дебеңер – ашта-тойдо кийилер,
  кызды балам дебеңер – кайда өлгөнүн ким билээр.
* Кызылдын баары шайы эмес,
  сарынын баары май эмес.
* Кызыл козуга өткөргөн соодагерлердей болбо.
* Кызыл-кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет.
* Кызыл от кызыр калбайт, кысырак кулун салбайт.
* Кызыл соодагер арзанга алып, кымбатка сатат.
* Кызылына кызыкпа, сулуусуна суктанба.
* Кызыма ак халат жарашпайт,
  ага жакшы жигит жанашат.
* Кызымдын кулагына алтын сырга.
* Кызым, колумдан учурган кушум.
* Кызым кылыгыңан табаарсың.
* Кызың жаман болсо жети атаңа жетээр,
  «аттигиниң ай» – деп өмүрүң өтөөр.
* Кыз экенде кызыл кыз (же бары жакшы),
  жаман катын кайдан чыгат?
* Кыз энеден үлгү албаса чоркок болот,
  уул атадан үлгү албаса коркок болот.
* Кыйкыргандан коркпо, кылтыйгандан корк.
* Кыйкырып келген жоо жаман,
  ышкырып келген кыш жаман.
* Кыймылдаган кыр ашат.
* Кыймылсыз мүлккө да кыймыл керек.
* Кыйнаган да тил, сыйлаган да тил.
* Кыйналганда киши өзүнүн ким экенин таанытат.
* Кыйналып табылган ырыскы – баалуу.
* Кыйналыштын артында жеңилдик болот.

* Кыйнап минген атыңды суук (муздак) сууга сугарба,
  жаман-жакшы кеп болсо, өз оосуңдан чыгарба.
* Кыйшык болсо да жол жакшы,
  калы болсо да кыз жакшы.
* Кыйшык болсо да көз жакшы, сокур болсо да уз жакшы.
* Кыйшык иш кырк жылдан кийин да
  билинбей койбойт.
* Кыйыктаса жумурткадан кыр табылат.
* Кыйындыкта жолдошуңду сакта,
  максаттуу иштен качпа.
* Кыйын иш жок ааламда, кайрат болсо адамда.
* Кыйынчылык башка түшкөндө
  эски тааныш эске түшөт.
* Кыйынчылыктан качсаң, бакыт жөнүндө ойлобо.
* Кыйыштырып каласаң – отун жанаар.
* Кыламыктан бут сынат, буламыктан тиш сынат.
* Кыларга иши жок, саларга кушу жок.
* Кылганың бирөө үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн.
* Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп.
* Кылгыртса да май жакшы, күйдүрсө да күн жакшы.
* Кылда кыйкым жок, жумурткада кыр жок.
* Кылды бакандай кылып көрсөтөт.
* Кылмыш – кылмышты жаратат.
* Кылмыш кылсаң кылтакка түшөсүң.
* Кылмыштуу катын эрине жорго, кийгени торко.
* Кылыгы көп болсо, кызыгы көп.
* Кылымга кеткен сөз калды, өзгөлөр кетип өз калды.
* Кылым жашасаң кылым оку, окууда карылык жок.
* Кылып ичкен – кыйын аш, кыдырып ичкен – оңой аш.
* Кылыч – бирди, тил – миңди жыгат.
* Кылыч жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт.
* Кылыч кеспегенди тил кесет.
* Кылыч көтөргөндүн ажалы кылычтан.
* Кылыч – курал эмес, акыл – курал.
* Кылыч кындан чыкпаса, мусулман динден чыгат.

* Кылыч кында турса – кылча пайдасы жок,
кырдаалы келсе – кызын берсе да табалбайт.
* Кылыч менен коркутуп алалбаганыңды,
тилиң менен жибитип алууга болот.
* Кылычтан ыкым артык.
* Кылычтуу коркокту, союлдуу баатыр жеңет.
* Кылычты ар ким байланат, чабаарына келгенде,
кандай киши шайланат?
* Кылыч үстүндө – шарт жок,
кымыз үстүндө – кеңеш жок.
* Кылычы курчтун кыйыры бек.
* Кылычынан кан тамганды тилинен
бал тамган жеңиптир.
* Кылычың өткүр болсо, аны энөөлүгүң токтотоор.
* Кымбат сөз кыска айтылат.
* Кымбаттуу комуз үч кылдуу,
чертилсе күүсү көп сырдуу.
* Кымыз бергениң – өмүр бергениң.
* Кымыздан эки кесе ичкен – муңдук,
айрандан эки кесе ичкен – шумдук.
* Кымыздуу үйдө – аякчы, кыздуу үйдө – кыякчы.
* Кымыздуу үй – мазар, кыздуу үй – базар.
* Кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер.
* Кымызды ким ичпейин дебесин,
кызды ким кучактайын дебесин.
* Кымыз – кишинин (кээде кыргыздын) каны,
эт – кишинин жаны.
* Кымынды үйдөй, кылды тоодой көрсөтөт.
* Кына ташка чыгат, байлык башка жугат.
* Кыныккан киши тыныкпайт.
* Кыңыр иш кылып сай менен жүргөнчө,
туура иш кылып кыр менен жүр.
* Кыңыр иш кырк жылдан кийин
(кээде кырк жылдан соң) да билинет.
* Кыпындан жалын чыгат, оюндан от чыгат.
* Кыраан жетпеген жерге кыял жетет.

* Кыраан учаарында,
кулук чуркаарында сынына чыгат.
* Кыргоол кызыл болот, куйругу узун болот.
* Кыргыз байыса катын алат, өзбек байыса там салат.
* Кыргызда айран көп, оруста майрам көп.
* Кыргызды артка тарткан – кайдыгерлик.
* Кыргыздыкы кырк жылда.
* Кыргыздын баскан жери алтын.
* Кыргыздын шорпосу кырк жылда ооз күйгүзөт.
* Кыргыз сынчы келет, казак ырчы келет.
* Кыргыз тили кылымдарды карыткан,
эч ким аны өчүралбайт тарыхтан.
* Кыргыз тили – өнөр жана билим тили.
* Кыргыек келбей күз болбойт,
кыябы келбей иш болбойт.
* Кыргында кан өлөт.
* Кырдаалың барда жигиттер, кызыгып ишке жарагын.
* Кырк жыл кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт.
* Кырк кадам бастырган кыяматтык жолдош.
* Кырк күнкү сыпайкерчиликтен
(же мырзалыктан) бир күнкү бакырчылык артык.
* Кырманды кырк таптаган аз.
* Кырсык аяк астынан табылгандай,
бакыт да айттырып келбейт.
* Кырсык болсо, кыламыктан бут сынат,
буламыктан тиш сынат.
* Кырсык деген аяк астында.
* Кырсык жалгыз келбейт.
* Кырсык каш-кабактын ортосунда.
* Кырсык – кырсыкты ээрчите жүрөт.
* Кырсыктаган ит кыңыр жүгүрөт.
* Кырсыкты адам баласы күн мурунтан билбейт.
* Кырсыкты болжоп болбойт.
* Кырсыкты *кайдан* деп болобу?
* Кырсык чалар жигиттин жалгыз атын ууру алат.
* Кырчаңгыга кырчаңгы үйүр.

* Кырчаңгынын таскагы кызыганда чыгат.
* Кыса (же кысас) кыяматка кетпейт.
* Кысасыз кыямат жок.
* Кысасы кыяматка кетет.
* Кыска жип байлоого жетпейт,
малы жок жайлоого көчпөйт.
* Кыска жип же байлоого келбейт,
же күрмөөгө келбейт.
* Кыскалык – таланттын белгиси.
* Кыска сөздүн мааниси узун.
* Кыска сөз түйүндүү болот.
* Кысталышта сөз тапкан – караңгыда
көз тапканга барабар.
* Кысыр уйдан май жыйбайт,
кур чайнектен чай куйбайт.
* Кысыр уй мөөрөөк болот.
* Кытай кыйнаганына төө кайтартат.
* Кытмыр – арампөөш, кычкыл – ачуу.
* Кытмырдын ичи кырк кабат.
* Кытыгысы келсе, кычыша бербейби?
* Кычы сөз эрегиштирет, жүрөктү отко тештирет.
* Кыш азыгын жайда камда.
* Кыш арабаңды дайында (шайла),
жай чанаңды дайында (шайла).
* Кыш деген айттырбай келет.
* Кыш кырга конбо, жаз сайга конбо.
* Кышкы суукта куу сакта, жазгы чөлдө суу сакта.
* Кышта көрсөң камылга, келээрки күздө табылга.
* Кыштак сураган кыз кыша (камыш)
каланып отурган төркүнүнөн үмүт кылат.
* Кышты Кудай урарда күн жылымдап жаз болот,
ханды Кудай урарда эли менен кас болот.
* Кыштын камын жазда ойло.
* Кыштын камын жайда көр, жайдын камын кышта көр.
* Кышын кышына кынаштырган,
ташын ташына кынаштырат.

* Кыюусун билип таптаса, кыраан чүйлү каз алат.
* Кыябын таап сөз айтса, көнбөгөн адам болобу.
* Кыябын тапса кар күйөт.
* Кыялаган кырга чыгат.
* Кыял – алтын, ой – күмүш.
* Кыялданган (же кыялдагы) тилекти
кыстаган турмуш бийлейт.
* Кыялдуу короо, кооз бак эмгекчил эрдин колунан.
* Кыялы бузукка кыз бербе.
* Кыямат кайым кайда десе,
аттан айрылган жерде тура.
* Кыянаттык кылсаң кумурска да чагат.
* Кыянаттын кабы жарылат.
* Кыян өзүн сел ойлойт, чоркок өзүн эр ойлойт.
* Кыяны тосуп көч алат, эр өлтүрүп өч алат.
* Кыя тартып суурса – күлөсү (илеби)
болот кылычтын.
* Кээ бирөө жайын айтам деп, баарын айтат.
* Кээде жигит төө минет, кээде жигит жөө жүрөт,
төө мингенде жигитти, төбөсүнө көтөрүп тегеректеп
эл жүрөт. Жөө жүргөндө жигитти, жөлөгү жок
байкуш деп, жөөлөгөнсүп эл күлөт.
* Кээде тил менен тиш да чырдашат.
* Кээри кеткендин сакалы кекиртегине чыгат.

## Л, М

* Лакап гүл, макал мөмө.
* Маанасы жок сайдан без.
* Маанасы жок сайдан кеч, кайыры жок байдан кеч.
* Маанидарлар маселде, маселе сөздөр китепте,
мааниге жетмек мээнетте.
* Мааниси болбой макал болбойт.
* Мааниси жок кудагый, чолоосу жок сөз сүйлөйт
(же айтат).

* Маараганга жарагандын бары эле кой болот.
* Мазары жакын тайынбайт, базары жакын байыбайт.
* Мазесиз сокkон күмүштөн,
  маңыздуу сокkон мис артык.
* Майга чымын чогулат.
* Майда адам манчыркагыч келет.
* Майдадан ири куралат, учкундан жалын тутанат.
* Майда жандык көзгө көрүнбөйт.
* Майдан колум жооруду, көптөн көңүлүм ооруду.
* Майдын сызыгын, кептин кызыгын айт.
* Майкана көрбөй бала оңолбойт,
  жокчулук көрбөй жигит оңолбойт.
* Май кармаган бармагын жалайт,
  жыгач кармаган чамынды жалайт.
* Майнап чыгар ишке максат кыл.
* Май оозго токтобойт, жибек ийнеге токтобойт.
* Май сасыса туз сыйпайт, туз сасыса не сыйпайт?
* Майсыз арабанын дөңгөлөгү айланбайт.
* Май талканды ичине жаккан киши жейт.
* Макал – акылман каймагы.
* Макал атасы – сөз, мата атасы – бөз.
* Макал кайдан чыкмак ой болбосо,
  кийиз кайдан чыкмак кой болбосо.
* Макал – сөздүн атасы, «макул»
  сөздүн жетеси (убадасы).
* Макал сөз – тилдин байлыгы.
* Макал ыр эмес жаттап алгыдай,
  айтууда өзү келет күтүп тургандай.
* Макал ээси – сөз, мата ээси – бөз.
* Макоодон макул деп кутул.
* Максат менен сокkон жүрөк, бакыт менен өмүр сүрөт.
* Максаты бийик – алдатпайт, кыялы күлүк –
  карматпайт.
* Мактай берсең мас кыласың, антпесең кас кыласың.
* Мактанганга март болбо, бир тууганга жат болбо.
* Мактаган кызың тойдо оосурат.

* Мактанчаак бактысынан ажырайт.
* Мактанчаак кысыр уйду саайт.
* Мактанчаактын арканы чирик.
* Мактанчаактын көчүгү ачык.
* Мактанып айтса байдыкы эп, курап айтса кулдуку эп.
* Мактасаң макта, адилдикти сакта.
* Мактоо жарат өтүңдү, доомат ачат көзүңдү.
* Мактоо – жеткирет, чагым – өлтүрөт.
* Мактоо макоого да жагат.
* Макулдун башы оорубайт.
* Макулук болмок – өлмөк бар.
* Мал адамдын боор эти менен тең.
* Малайдын баркын бай билбейт,
  байбичеси көп тилдейт.
* Малай кутурса чарбактагы гүлүңдү басат,
  катындын паранжысын ачат.
* Мал аласы сыртында, адам аласы ичинде.
* Мала өгүздү коркутам деп, кара өгүздү сабаба.
* Мал арзан болсо, алармандын напсиси кетет,
  мал кымбат болсо, сатармандын напсиси кетет.
* Мал арстандын оозунда болсо – атып ал,
  түпкүрдүн түбүндө болсо – казып ал.
* Мал арыгын сыйласаң ооз майлайт,
  адам арыгын сыйласаң мурун (төбө) каңдайт.
* Мал арыгы семирет, жер арыгы көгөрөт
  (кээде жедирет).
* Мал – асырагандын көз оту,
  бала – асырагандын боор эти.
* Мал – ачуу, жан – таттуу.
* Мал баасын базар чыгарат, жан баасын
  молдо чыгарат (же бычат).
* Мал багар – жайыт четинде, эл багар – эрөөлдө,
  эл четинде.
* Мал багаар уулуң болгончо, эл багаар уулуң болсун.
* Мал – байдыкы, жан – кудайдыкы.
* Мал байдын маңдайына, элдин таңдайына бүтөт.

* Мал, байлык опо эмес.
* Мал баккан ток болот, мал бакпаган жок болот.
* Мал – баккандыкы, кийик – аткандыкы.
* Мал баксаң кой бак – каймак кетпейт чарадан,
ит баксаң сырттан бак – кой алдырбайт короодон.
* Мал баксаң – чөп чап, жан баксаң – көп тап..
* Мал бир жуттук.
* Малга бай – көөнү жай.
* Малга жарды болсоң да, сөзгө жарды болбогун.
* Малга – ылаң, адамга – илдет заманга
жараша болот (же келет).
* Малга – ээ, балага – ата керек.
* Малдан жарды калсаң кал, акылдан жарды калба.
* Малдуунун маңдайы жарык,
малсыздын көңүлү карып.
* Малдуунун өңү жарык, малсыздын өңү чарык.
* Малдуунун сөзү өткүр, малсыздын көзү өткүр.
* Малды бага билбеген, таба да биле албайт.
* Малды баккан билет, отунду жаккан билет.
* Малды жакшы баксаң, маңдайың ачык
(же жарык) болот.
* Малды кайтарган билет, жоону майтарган билет.
* Малды көрүп пайгамбар жолдон чыгыптыр.
* Малды курутпайын десең пул кыл,
эгинди чиритпейин десең ун кыл.
* Малдын аласы да, куласы да болот.
* Малдын сыры бакканга маалым,
кыздын сыры төркүнгө маалым.
* Малдын төлүн күзүндө сана.
* Малдын ээси болсо, карышкырдын кудайы бар.
* Малды тапканга бактыр, отунду чапканга жактыр.
* Малды эрден сура, аккан терден сура.
* Мал жайсаң конушун тап, аш жайсаң идишин тап.
* Мал – жууса колдун кириндей.
* Мал жыйнагандын жазыгы жок.
* Мал жетимин асыраса ооз майлаар.

* Мал кадырын билбесең, жөөчүлүк берер жазаңды.
* Мал керек, мал керек, мал табуучу жан керек.
* Мал көтөрөт өлүмдү, дос көтөрөт көңүлдү.
* Мал маарап өсөт, бала ыйлап өсөт.
* Мал сактаба, ар сакта.
* Мал семирсе – өлүмгө, жан семирсе – өмүргө.
* Мал семиртсең ооз майлайт,
  адам семиртсең ооз кандайт.
* Мал сырын баккан билет.
* Мал табылат, кадыр, көңүл, жан табылбайт.
* Мал тапкандыкы, жер чапкандыкы.
* Мал тапкандыкы эмес, баккандыкы,
  кийик – аткандыкы.
* Мал тапкандын жазыгы барбы.
* Мал тапкыча кадыр тап.
* Мал таштан катыкка, боктон сасыкка бүтөт.
* Мал үйүрчүл, адам уюмчул.
* Малы барга, баары бар.
* Малы жок деп эрден түңүлбө,
  чөбү жок деп жерден түңүлбө.
* Малы көптүн дымагы көп.
* Малы көп эл – санаасы ток эл.
* Малым жанымдын, жаным арымдын садагасы.
* Малын аябаган доо алат.
* Малың барда баары дос, малың жокто
  (малыңдан кийин) кана дос?
* Малың жакшы болгончо, базарың жакшы болсун.
* Малың жүзгө жеткенче, таанышың үчкө жетсин.
* Малың кетсе ким жолдош, малың барда баары дос.
* Малың миңге жеткенче, досуң миңге жетсин.
* Мал ышкыра келсе жуттуку, кыйкыра келсе жоонуку.
* Мал ээси – машайык.
* Мал ээси менен, баш мээси менен.
* Мал ээсин таанийт, эр курдашын таанийт.
* Мал ээсин тартпаса арам өлөт.
* Манап алжыса, «төө» деп алжыйт.

* «Манас» эпосу – улут уңгусу.
* Манас келет дегенде, байлатма жинди соо болгон.
* Манастан Чубак кем бекен.
* Мандалакка башым бышып, жоогазынга ишим түштү беле.
* Мансабыңа карай дымагың
* Мансабың канча болсо, дымагың ошончо.
* Мансап ажарыңа да, ажалыңа да карабайт.
* Мансапка мас болгон көлгө көпүрө салам дейт.
* Мансапкорго мал керек, жардыга жан керек.
* Мансап үчүн сүйбө, мал-мүлк үчүн достошпо.
* Мант бергени түлкүдөй, жалт бергени жылкыдай.
* Маңдайга жазган тагдырды, жазгырууга ал барбы?
* Маңдай жарылган – баатыр, таңдай жарылган – чечен.
* Маңдайлашып айтышса – чечендин чери жазылат.
* Маңдайыңа эмнени жазса, ошону көрөсүң.
* Маңызданып чечен болбойсуң, мактанып бай болбойсуң.
* Маңыз сөздүн маанайы пас, куру чечендин пайдасы аз.
* Март жарымын берет, коркок баарын берет.
* Март марттыгын карматса, саранды сары оору басат.
* Мартты майданда сына, баатырды жоодо сына.
* Марттын бергенин көрүп, сараңдын ичи күйүптүр.
* Мартчылык ар кимде болбойт, сараңдыктын
  капшыты (чөнтөгү) толбойт.
* Мас аял – жаш аял, башта мээси аз аял.
* Мас соолукканча өзүн султан ойлойт.
* Мастан жинди качып кутулуптур.
* Мастан майып бала төрөлөт.
* Мастыгын билбеген мастын адаты.
* Мастык жанды жүдөтөөр, мааниси жок күн өтөөр.
* Масты көрүп жинди эсине келиптир.
* Мастын колдогону бар.
* Мастын күчү тилинде.
* Мастын түбү мазак, мазактын түбү азап.
* Масында маза кылат, соосунда ыза кылат.
* Мата даңкы менен бөз өтөт,
  ата даңкы менен кыз өтөт.

* Махабатта акыл бей тарап, жүрөк сот.
* Медери жок туугандан бек сүйлөшкөн жат жакшы.
* Мезгил өткөн сайын сынга түшкөн чыгарма – чыныгы чыгарма.
* Мейманга аш кой, эки колун бош кой.
* Мейкандын кетишин сураба, келишин сура.
* Мейкандын тогу жакшы.
* Мейманыңдын көзүнчө мышыгыңды *пыш* дебе.
* Мейманыңдын өзүн бакпай, атын бак.
* Мекенден айрылганча, өмүрдөн айрыл.
* Мекенди баалоо, мекенди даңктоо ар бирибиздин зор милдетибиз.
* Мекендин бактысы өмүрдөн кымбат.
* Мекендин кадыры башка жерде билинет.
* Мекендин топурагы кум болсо – алтын деп бил, тузу шор болсо – кантым деп бил.
* Мекениңе күйгөнүң – элиңди өтө сүйгөнүң.
* Мекен көгөрө берсин, урпак улана берсин.
* Мекен мектептен башталат.
* Мекенсиз адам – үнсүз булбул.
* Мекенсиз турмуш – жапайы турмуш.
* Мен да бир эркекке катын болуп жүргөмүн, этегимдин жыртыгын эптеп-септеп бүргөмүн.
* «Мен» деген чөл, «биз» деген көл.
* Менин акылым сенде эмес, сенин акылың менде эмес.
* Менин колума да карга чычаар.
* Мен каркыра сен турна, мен турган жерге сен турба.
* Мен көргөнмүн чанданды, бой көтөргөн дардаңды.
* Мен көргөнмүн көпкөндү, көп чогулуп келгенде төөчө барып чөккөндү.
* Менменсингендин тобосу жүрбөйт.
* Менменсинген жигитти жоо келгенде көрөрбүз, чеченсинген жигитти доо келгенде көрөрбүз.
* Менменсинген катындын бешик берсин сазайын (азабын).
* «Мен мында» деп кыйкырба, кайда жүрсөң да эл көрөт.

* Мен «чарыкчанды» сүйбөйм, «өтүкчөн» мени карабайт.
* Мергендерде бараң бар, кол кайырсыз сараң бар.
* Мергендер тилейт кийикти, кийиктер тилейт бийикти.
* Мергендин ажалы зоодон, баатырдын ажалы жоодон.
* Мергендин дарты кийикте, бүркүттүн дарты бийикте.
* Мергендин дарты кийикте, кийиктин дарты бийикте.
* Мергендин кечиккени – олжого тунганы.
* Мерген иши – илме кайып.
* Мерген мергенди алыстан көрөт.
* Мергенчи жанын жейт, үйдөгүлөр эти менен майын жейт.
* Мийзам дегендин укуругу узун болот.
* Минген атың тың болсо, алысың жакын болор.
* Мингениң айгыр, жатып да кайгыр, туруп да кайгыр.
* Мингениң жакшы ат болсо, алысты жакындай көр.
* Минип жүрүп атын издейт.
* Минээрге аты жоктун, жээрге наны жок.
* Миң бирге чыккан торгоймун, өз жанымды коргоймун.
* Миңдеген тилек бир болсо, билеги бир болот.
* Миңдеген эл бириксе, бир оозду карайт.
* Миңден тандап бирди сүй, сүйгөнүң үчүн отко күй.
* Миңди айдаган да бирди минет, бирди айдаган да бирди минет.
* Миңди тааныгыча бирөөнүн атын бил.
* Миң жолу дин эрежесин аткаргандан көрө, бир жолу Теңирдин өзүнө ниет кылуу артык.
* Миң достон, бир душман көп.
* Миң жаманга башчы болгуча, бир жакшыга кошчу бол.
* Миң жылдыздын бир айча жарыгы жок.
* Миң жылдык караңгылыктан бир күндүк жарыкчылык.
* Миңин айтпай бирин айт, чөп санабай гүлүн айт.
* Миң кайгы бир карыздан куткарбайт.
* Миң калп бир чынга татыбайт.
* Миң каракчы бир жыланачты тоной албаптыр.

* Миң карганы бир таш учурат.
* Миң кеңештен, бир тажрыйба өйдө.
* Миң кишиге кеңеш, бир кишиге сырыңды айт.
* Миң кишинин атын билгиче,
бир кишинин сырын бил.
* Миң кишинин өңүн билгиче, бир кишинин атын бил.
* Миң киши сөөмөйүн кезесе оорубай өлөсүң.
* Миң койду бир серке баштайт.
* Миң койлуугa карышкыр тийсе,
бир койлуу бычак ала чуркаптыр.
* Миң кошчуга бир башчы.
* Миң күнкү жаннаттын жыргалынан,
бир күнкү жарык дүйнөнүн азабы артык.
* Миң күнкү сыпаакерчиликтен (же бейиштен)
бир күнкү бакырчылык (кээде жакырчылык) артык.
* Миң күнү кыйналсаң, бир күнү унутаарсың.
* Миң малыңан бир ызат артык.
* Миң ойлоп, бир сүйлө.
* Миң ооз бир болсо, бир ооз тек турат
(кээде жок болот).
* Миң өлчөп бир кес.
* Миң сомдук камчыдан, бир сомдук пайда жок.
* Миң сөз айткыча (айтканча), бир иште кыл.
* Миң уккандан бир көргөн артык.
* Миң чеченди бир дөөдүр (кээде долу, тантык,
жетесиз, мылжың) жеңиптир.
* Миң эгинди чаап, бир эгинди сугар.
* Митайымдыгы түлкүдөй, тили заар жыландай.
* Мойнунан байлаган иттей.
* Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт.
* Мокок бычак кол кесер (кээде кесет).
* Мокок бычак кол кесет, чоркок сөз тил кесет.
* Мокок бычак, түлкү албаган бүркүт – баары бирдей.
* Молдо билгенин окуйт, карга көргөнүн чокуйт.
* Молдо жокто молдосуң, молдо барда жолдосуң.
* Молдо жолдо болсо, шайтан үйүнө кирет.

* Молдо карыса ырчы болот.
* Молдо (же койчу) көп болсо кой арам өлөт.
* Молдолордон кат калат.
* Молдону куран карматам деп коркутпа.
* Молдонун айтканын ук, кылганын кылба.
* Молдонун жазган каты өлбөйт,
жакшынын сөзү, аты өлбөйт.
* Молдонун тили сылык, жакшынын өзү сылык.
* Момундун ишин теңир жалгайт.
* Момундун эсебин куу табат, куунун эсебин
кудай табат.
* Момун ооруйт, молдо тооруйт.
* Моюнду артка кайырбасын, күлкүдөн
кудай айырбасын.
* Мөлтүлдөгөн адамдын бүлкүлдөгөн сөзү бар.
* Мөмөлүү дарак бышкан сайын ийилчээк болот.
* Мөмөлүү дарак жерге жакын,
жакшы киши элге жакын.
* Мөмөсү жок дарактан, жапайы өскөн тал жакшы.
* Мугалим – мөмөлүү дарак.
* Музоо бош болсо сүттү төгөт.
* Музоо көп эмсе ичи көбөт, бош койсо сүттү төгөт.
* Музоо муз жалайт, торпок тоз жалайт.
* Музоосунда сүздүргөн, өгүз болгондо да жалтанат.
* Музоосунда үркөөнөк болсо,
өгүзүндө сүзөөнөк болот.
* Музоо уурдаган өгүздү да уурдайт.
* Музыка – жан дүйнөнүн ачкычы.
* Муңду сезбеген жүрөк муз болот.
* Муңдууга мундуу муюшат.
* Муңдуу жүргөн адамга мукамдуу айткан ыр жакшы.
* Муңдуу көз жетпесе, кундуу сөз жетээр.
* Муңдуунун муңу бирге.
* Мурду бучук болсо да байдын уулу сүйлөсүн.
* Мурдуңа ченеп (кээде карап) бышкыр,
жылкыңа карап ышкыр.

* Мурун барган конуш алат, кийин барган өрүш алат.
* Мурун болбосо, эки көз бир-бирине өч болмок.
* Мурундай белес ашкыча, буттай белес тегерен.
* Мурунку конок кийинки конокту сүйбөйт.
* Мурунку көч кайда барса,
кийинки көч ошол жакка барат.
* Мурун кыйкырган короздун башы кетет.
* Муруntугу бош букачар менен
кең көйнөк ургаачыга ишенбе.
* Мурун туулуп кеч калды,
муруntугун сүйрөп бош калды.
* Мурун уткан буудай чычат.
* Мурун чыккан кулактан,
кийин чыккан мүйүз озгун.
* Муруттарын шыйпайткан эр башына күн тубар.
* Муруту өскөндүн өзү каапыр,
сакалы өскөндүн айылы каапыр.
* Мусаапыр болбой, мусулман болбойт.
* Мусаапыр болбой эр жигит,
муңдуунун жайын сурабас.
* Мусаапыр болмок бир күндө,
мусулман болмок миң күндө.
* Мусулманды сал салабатынан тааны.
* Мусулманчылык – аста-аста,
каапыр болмок – бир паста.
* Мууздап бергенди жиреген оңой.
* Мууздап берсе, жиреп бер, союп берсе, бузуп бер.
* Муштагандан кезеген жаман.
* Мүдүрүлбөс туяк болбойт, жаңылбас жаак болбойт.
* Мүйүзгө чапсаң, туяк зыркырайт.
* Мүйүз сураймын деп кулагынан ажыраптыр.
* Мүйүз экөө: бирөө сынса, бирөөнүн күчү жок,
эмчек төртөө: бирөө кетсе сүтү жок.
* Мүнөзү жаман мүлжүп тынат.
* Мүнүшкөрдүн (мүлүшкөрдүн) кесиби – ит агытып,
куш салмак.

* Мыйзам дегендин укуругу узун болот.
* Мыйзам дегениӊ буйлалаган төө болот (кээде төө эмес).
* Мыйзамды аткарсаӊ жетээрсиӊ муратка, болбосо калаарсыӊ уятка.
* Мыйзамды түртсө солк этпес, атса ок өтпөс болот.
* Мыйзам жолу кеӊ болот, бардыгына теӊ болот.
* Мыкты, сабырдуу, токтоо кулк-мүнөз башка оорчулук келгенде дана туюлат.
* Мылжыӊды эзме жеӊиптир.
* Мылтыгыӊдын күмүшүн айтпай тийишин айт.
* Мылтык болбой ок болбойт.
* Мылтык менен окууга карылык жок.
* Мылтыктан коркпой ушактан корк.
* Мытайым шайтандын тилин билет.
* Мытандан жасалган буламык – ичейин десем ашым эмес, токсон беш – сени көрөйүн десем жашым эмес.
* Мышыкка – оюн (же күлкү), чычканга – өлүм.
* Мышык гөшкө жетпей сасык дейт.
* Мышык жок болсо чычканга той.
* Мышык майга жетпей жатып сасык дейт.
* Мышык Мекеге барса да мыёсун койбойт.
* Мышыктын баласы мышыкча мыёлойт.
* Мышыктын бир тыйыны жок, этке ынак.
* Мышык чычкан дос болсо, кампага каргыш тиет.
* Мээнет адамды адам кылат, мансап адамды ажаан кылат.
* Мээнет болбой – дөөлөт болбойт.
* Мээнет деген жалпак, аны көтөрүүгө күч керек.
* Мээнет дөөлөткө жеткизет.
* Мээнет жалпак болот, дөөлөт тоголок болот.
* Мээнет жерде калбайт, мээнетсиз рахат албайт.
* Мээнетиӊ катуу болсо, татканыӊ таттуу болот.
* Мээнет кетпейт бечелден, сөз (кеп) кутулбайт чеченден.
* Мээнет кылбай, дөөлөт конбойт.

* Мээнет кылбай ыракат жок, урук сеппей эгин жок.
* Мээнет кылганың – пайда кылганың.
* Мээнет пилди карып кылат,
  оору дөөнү карып кылат.
* Мээнеттин дөөлөтү бар.
* Мээнет – ырахаттын пайдубалы.
* Мээнет шашып келип шашпай кетет,
  дөөлөт шашпай келип шашып кетет.
* Мээримдүүлүк – жүрөктөн, мээримсиздик – бөлөктөн.
* Мээриң болсо өз табылат, дээриң болсо сөз табылат.

## Н

* Наабай өлүп жатса, койнунан наны чыгып жатат.
* Наабайчынын үйү «апырык» менен «сапырык».
* Наадан ачуу, мөмө таттуу.
* Нааданга айткан кайран сөз,
  өлгөнгө ыйлаган кайран көз.
* Наадандык – тирүүлүктүн өлүмү.
* Наадандын акылы башында эмес көзүндө.
* Наадандын кылган кастыгын
  жакшылык менен жеңип ал.
* Наамы бар, наркы жок.
* Найза жеңбегенди нан жеңет.
* Найза саймак – эрдиктен,
  ат жоорутмак – тердиктен.
* Накта башчы жамыга сүйлөйт.
* Накта башчы орой, көзү чарайда сүйлөйт.
* Накүстөдөн карыздар болбо, ооган менен дос болбо.
* Накыл кайдан чыгат ой болбосо,
  килем кайдан чыгат кой болбосо.
* Намыс балаадыр, отко-сууга саладыр.
* Намыс деген – улуу журт.
* Намыстуу болуу – улуулук.
* Намыстуу кишиде кек жок, кекчилде тек жок.

* Намысты тартып алууга болбойт,
  жоготуп коюуга болот.
* Намысынан катын кара ниет.
* Нандан улуу тамак жок, адамдан улуу атак жок.
* Нандын ысыгы жакшы, сөздүн бышыгы жакшы.
* Нансыз тамак даамсыз.
* Наны жок чайдан без, кайыры жок байдан без.
* Наны жок чай курусун, кайыры жок бай кўрусун.
* Напсини тыя билген эр кишинин белгиси.
* Нар баласын карпып сүйөт.
* Нарды өргө тартса алкынат.
* Нар жүктөн качпайт.
* Нарк кымбат болсо, сатармандын нысабы кетет.
* Нарктууну сыйлоо намыс эмес.
* Нар төөнү өргө тартса – алкынар, эр жигитке дөөлөт
  бүтсө – шалпынар, каздын этин жебеген
  шумкарлар колго түшсө, тартынакка талпынар..
* Насыбайчынын үйү – какырык менен түкүрүк.
* Никенин сыңар болушу зарыл.
* Ногойдон насия алсаң же айт күнү,
  же той күнү доолайт.
* Нысапсызга (нысабы жокко)
  кашык салсаң беш ууртайт.

## О

* Обозгер жакшы – кан жакшы,
  катын жакшы – эр жакшы.
* Оболу тамак, андан кийин сабак.
* Обоо менен шыйпаң дос (же обоого шыпаң үйүр).
* Обу жок катын орсок уй саайт.
* Обу жокко кыйшаң үйүр.
* Обур уйдан чобур музоо туулат.
* Одоно соккон күмүштөн, сулуулап соккон мис артык.
* О дүйнөнү билген олуя жок.

* О дүйнөңдүн бейишинен, бу дүйнөнүн тозогу артык.
* Оё бычкан тоё жейт.
* Озунган жигит оодарат.
* Озунган таз бөрк алат.
* Озунган – утат.
* Ой – адамдын канаты,
тарых – өткөн доордун санаты.
* Ойдо барга кол жетпейт.
* Ойдон бир уйдун мүйүзү сынса,
тоодон миң уйдун мүйүзү зыркырайт.
* Ойдо – эгин, тоодо – токой.
* Ойдун гүлдөгөнү – акылдын өркүндөгөнү.
* Ойдун да, бойдун да ортосу жакшы.
* Ойдун да ойт бермеси көп.
* Ойдун деңизи – сөз.
* Ойдун түбү жок, сөздүн чеги жок.
* Ойдун чалы сөздөн таяк таянат.
* Ой жеткен менен кол жетпейт.
* Ой кууган оомат табат.
* Ой күлүк, дүйнөнү айланат.
* Ойлобогондук осол иш, ойлонсо мына ошол иш.
* Ойлобой сүйлөгөн адам – журттун азабы.
* Ойлобой сүйлөгөн оорубай өлөт,
ойноп сүйлөгөн күндө бир күлөт.
* Ойлобой туруп баштаба, баштаган ишти таштаба.
* Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет.
* Ойлогонун бербеген онтобой ооруга жолугат.
* Ойлогону оңунан чыккандын ооматы жүрөт.
* Ойлонбой сүйлөгөн, онтобой ооруга кабылат.
* Ойлонбосо иш болбойт.
* Ойлоп сүйлө, байкап отур.
* Ойлоп сүйлөгөн алкыш алаар,
ойлобой сүйлөгөн каргышка калаар.
* Ойлосоң тең ойло, тең ойлосоң кең ойло.
* Ойлуу жердин уурусу, тоолуу жердин бөрүсү.
* Оймоксуз аял болбойт.

* Оймоктуу катын ишке маш.
* Ойногон бала от басат.
* Ойноонун да ыгы бар, ойлоонун да сыры бар.
* Ойноп айтам деп, оюндагысын айтып алыптыр.
* Ойноп айт, ойноп айтсаң да ойлоп айт.
* Ойноп айтса да, оюндагысын айтат.
* Ойноп жатып ыйлаган бала таз болот.
* Ойноп сүйлөсөң да – ойлоп сүйлө.
* Ойнош курусун, ооруп калсаң ойт берме.
* Ойнош оттон ысык, боктон сасык.
* Ойношпогун жаш менен, келтирип урат таш менен.
* Ойноштон эр өлөт.
* Ойношчул катындан шылдыңчыл уул туулат.
* Ойношчул катынды көзүнөн тааны.
* Ойношчул катын ыйлап ишендирет.
* Ой ойлосоң – тең ойло, тең ойлосоң кең ойло.
* Ой – океан, тил – булак.
* Ой октон ылдам.
* Ой – өзүңдө, нарк – колуңда.
* Ой – сөздүн булагы.
* Ой – сөздүн сандыгы.
* «Ойт» десе, «кыйт» дейт.
* Ой түбүндө алтын бар,
  ойлой билсең (же берсең) табасың.
* Ойчул ойлогуча, тобокелчил үйүнө барат.
* Ойчул ойлоп отургуча, тобокелчи кечип өтүптүр.
* Ойчул оюна жеткиче, тобокелчил барып келиптир.
* Ок аткан жоодон сыр ачкан өз жаман.
* Ок жарааты айыгат, сөз жарааты айыкпайт.
* Ок жарасынан сөз жарасы жаман.
* Ок өтпөгөн кара ташты тил кыйратат.
* Окубай молдо болбос, чокубай карга болбос.
* Окуган – жарык, окубаган – чарык.
* Окуганыңды айтпай, токуганыңды айт.
* Окуй берсең – көзүңдү ачат,
  отура берсең – жалкоолук басат.

* Окусаң озоорсуң, окубасаң тозоорсуң.
* Окусаң – чокуйсуң, окубасаң – кокуйсуң.
* Окуу – билим азыгы, билим – ырыс азыгы.
* Окуу – бул эмгек, эмгекчил болсоң – алга барасың, эмгексиз болсоң – артта каласың.
* Окуу – жакшылык, окуусуз – караңгылык.
* Окуунун түбү жок.
* Окуу, өнөр – тамырлаш.
* Окшогонго жарашкан.
* Окшошконго мушташкан.
* Олбуй-солбуй теминген, оң-тетири камчы урат.
* Олдоксон жигит оору чалдан мурун өлөт.
* Олдоксон тамаша, орсойгон чындыкка чыгат.
* Олдоксон төөнү жаза муштайт.
* Олжо берет молдого отуз күндүк орозо.
* Олжого кеткен күң болбойт.
* Олпок салганга олпок сал, талпак салганга талпак сал.
* Олтурган кыз оордун табат.
* Олуя да жакынын колдойт.
* Омурткасын оркойтуп, орокчу болот кембагал, кабыргасын каржайтып, күчтүү болот кембагал.
* Он бириксе тон болот, ынтымак бириксе эл болот.
* Он күндүк ашың болгончо, бир күндүк эшиң (ишиң, досуң) болсун.
* Онтоткон – оору, мөгдөткөн – карылык.
* Он түгөттөн – бир табышкер артык.
* Он экинин бири жок, уй байларга жиби жок.
* Он эки пайгамбардан бир кудай улуу (өтүптүр).
* Оң колуңдун ачуусун сол колуң менен тый (кээде бас).
* Оңко оюн бузат, тентек жыйын бузат.
* Оңой – жоо, бекер – олжо болбойт.
* Оңой олжого тунганың, балээге колду сунганың.
* Оңсоң да өзүңдөн, тоңсоң да өзүңдөн.
* Оогон жыгылганга (талганга) күлөт.
* Оогон кунү ооп кетпе, төгүлгөн күнү төгүлүп кетпе.
* Ооз – айгак, тил – тайгак.

* Ооз – бирөө, кулак – экөө, бир сүйлөсөң, он тыңша.
* Ооз деген дарбаза, чыга берет аңдаса.
* Ооздон кан чыкса да, душманга ырыңды ырдаба.
* Ооздон оозго өтөт сөз шекери,
үйдөн үйгө кирет иш бекери.
* Ооздон чыккан сөз отуз уруу элге таралат.
* Ооздон чыккан сөз – колдон учкан куш.
* Ооздон чыкты – ааламдан чыкты.
* Оозду буйрусө болот, көздү сүзсө болот,
бу кудай урган, мурунду кантсе болот?
* Оөздугун кемирген, байлоодо туруп семирген.
* Ооздун жели опаа болбойт.
* Ооз жели маңдай терге тең эмес.
* Ооз жыйып алганча омуртка сынаар иш болот.
* Ооз – капкан, сөз – шамал.
* Ооз кыйшык болсо да, сөз түз болсун.
* Ооз сөздүн ээси.
* Оозу ашка тийгенде тумшугу ташка тийди.
* Оозу жамандын сөзү жаман.
* Оозу жаман элди булгайт,
өтүгү жаман төрдү булгайт.
* Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн.
* Оозу майлангандын дили байланат.
* Оозу менен орок оргон, буту менен башмалдак атат.
* Оозу менен орок оруп, буту менен машак терет.
* Оозуна алы жетпегендин колунан не келет.
* Оозуна алы жетпеген – осол (кээде оңколойт).
* Оозуна келгенин оттогон, укпаган сөзду угат.
* Оозунан ак ит кирип, кара ит чыгат.
* Оозунан алдырган бөрүдөй.
* Оозунан жаңылган турбайт, бутунан мүдүрүлгөн турат.
* Оозунан сөзү түшкөндүн колунан бөзү түшөт.
* Оозун бакпаган орой болот.
* Оозун баспай тим жүргөн оозун ачып кур калат.
* Оозунда кеби бардын, сөзүндө эми бар.
* Оозунда келмеси бардын башында селдеси бар.

* Оозун көптүргөн жумуштан калат.
* Оозуңа келген сөздү айтпа, оюңда турган сөздөн кайтпа.
* Оозуң кайсы десе, мурдун көрсөтөт.
* Оозуң менен орок орбо, көзүң менен машак тербе.
* Оозу оорубагандын таңдайы жоорубайт.
* Оозу сүткө күйгөн, айранды үйлөп ичет.
* Оозу таңылган музоо энесинин
эмчегин тумшугу менен койгулайт.
* Оозу чалпоо жигиттин бир ажалы элинен,
аягы суюк аялдын бир ажалы эринен.
* Оозу чоңго – аш, көзү чоңго – жаш.
* Ооз – уя, сөз – куш, унчукпаган – байкуш.
* Ооз эшиксиз, тил сөөксүз.
* Оокат – байдан, ажал – кудайдан.
* Оолукмалуу балага ээликмелүү жин тиет.
* Оомалуу кезек, төкмөлүү дүнүйө.
* Оомалуу-төкмөлүү дүнүйө.
* Оор (кээде күчтүү) болсоң, жердей бол
баарын чыдап көтөргөн, тунук болсоң суудай бол,
баарын жууп кетирген.
* Оорго чыдашып, жеңилди колдон алыш.
* Оордукту жер көтөрөт, кайгыны эл көтөрөт.
* Оор иштен коркпо, оор сөздөн корк.
* Ооруу – аштан, доо – карындаштан.
* Оорубаган онтобойт.
* Оорубаган өлүмдөн коркпойт.
* Ооруу батмандап кирип, мыскалдап чыгат.
* Ооруганды сураса айыкканга тете.
* Ооруган жерден кол кетпейт.
* Ооруган жериң уруңдуу болот.
* Ооруда чанчуу жаман, сөздө каңкуу жаман.
* Ооруу кадырын сак билбейт,
өлүк кадырын тирик билбейт.
* Ооруу кадырын соо билбейт, ач кадырын ток билбейт.
* Ооруу кайда болсо жан ошол жерде.
* Ооруу калса да, адат калбайт.

* Ооpу кетет, адат калат.
* Ооpу – кор, өлүм – зар.
* Ооpукта уйкучу уул, чабыкта башын сайга таштайт.
* Ооpулуу айыгат, ажалдуу өлөт.
* Ооpулууга жардам берсең, эсели эсинен кетпейт.
* Ооpулуу жылмайса – айыкканга тете,
  арамза жылмайса – алдаганга тете.
* Ооpулуунун оюна эмне келип, эмне кетпейт.
* Ооpулуунун ою онго бөлүнөт.
* Ооpулуу өлбөйт, ажалдуу өлөт.
* Ооpулуу тилинин эми барды издебей,
  колунун эми барды издейт.
* Ооpуну жашырсаң, өлүм ашкере кылат.
* Ооpунун атын айтса күчөйт, сөздү сөз билген көтөрөт.
* Ооpунун жакшысы жок, дарынын таттуусу жок.
* Ооpунун кадырын соо билбейт.
* Ооpуну эч ким сурап албайт.
* Ооруң жок болсо – котур бол, дооң жок болсо кепил бол.
* Ооpу ооpу эмес ооpулууну баккан ооpу.
* Ооpу – өмүр бычагы, орой сөз – көңүл бычагы.
* Ооpуп турсаң, ойноп турдум де.
* Ооpу сакайганда эмчи келиптир.
* Ооpусун жашырган өлөт, боорун жашырган бөлүнөт.
* Ооpу эмгектен качат, эмгек көңүлдү ачат.
* Оосурган кыз, оосурбаган кыздын бетин тырмайт.
* Оосурактын уяты жок, аз гана бетке чиркөөсү бар.
* Опсуз баатыр жоого түшөт.
* Опсуздун оюну жаман, энесин көткө саят.
* Ордон чыккан тоого да чыга алат.
* Ордун таппаган орунсуз калат.
* Ордуң кайда болсо, катарың да ошондо.
* Ор казган өзү орго түшөт.
* Оро албаган орок тандайт,
  чаба албаган чалгы тандайт.
* Ороздуку он бешинде баш.
* Оpоздуу менен оттош бол, ырыстуу менен жолдош бол.

* Орозодо көчкөн эрмек.
* Орозойдун баласы отузга чыкканча жаш.
* Орозойдун он тамыры бир келиптир.
* Орозону мен кармасам, намазын башкалар окуптур.
* Орозонун бирин кармадык,
эми эмнеси калды дейсиң.
* Оройдун он досу да болбойт.
* Орой уруш десе уугун,
кериш десе керегесин ала чуркайт.
* Орокто жок, машакта жок,
даяр болгон кызылга орток.
* Ороктон качкан оолак барат.
* Оромол олжо эмес жолго.
* Оромол тойго жарабаса да, жолго жарайт.
* Орто-Токойдо отун жок, Көтмалдыда суук жок.
* Орточо болсоң – озгонуң ошол.
* Орундуу сүйлөгөндүн ооматы кетпейт.
* Орус араба менен коён уулайт.
* Орус оюндагысын кылат.
* Орус сыйлаганына чочко тартат.
* Орусту мылтык берип чекке кой, казакты отурушта
кепке кой, кыргызды бычак берип этке кой.
* Осмо кетет каш калат, оомат кетет баш калат.
* Осмо кетээр каш калаар, суулар кетээр таш калаар.
* Осол өскөн жыгач бутагын көтөрө албас,
осол адам атагын көтөрө албас.
* От бар жерде түтүн бар, суу бар жерде түшүм бар.
* От дегенден ооз күйбөйт.
* От жаккандыкы, тон кийгендики.
* От жаккандын кадырын отун алган билет.
* От жакпай казан аспайт,
таң атпай торгой сайрабайт.
* От жалындын ичинен ойноп чыккан баатыр.
* От жалынын билбеген кайрылат,
дос жалынын билбеген айрылат.

* От кармаган күйүктүн ачуусун,
  музга тоңгон сууктун катуусун сезет.
* Отко жакын шиш күйөт,
  жеңеге (кээде энеге) жакын кыз күйөт.
* От койсоң – күйөсүң, ор казсаң – түшөсүң.
* Отко келген катындын отуз ооз сөзү бар.
* Отко таш дагы жарылат.
* От кууган оомат табат.
* От менен ойнобо, ойносоң – оң болом деп ойлобо.
* От менен ойнобо, шок менен тойлобо.
* От менен ойносоң күйөсүң, суу менен ойносоң чөгөсүң.
* От менен сууга эрдик жок.
* От менен суу – тили жок жоо.
* Отоолотсо отоолотсо экен,
  отоолотпосо торпогумду кайтарат элем.
* От өчөт, даңк өчпөйт.
* Отсуз түтүн жок.
* Оттоок бээден баштаак кулун туулат.
* Оттош киши – ортоктош.
* Отту көзөсөң өчөт, коңшуну кодуласаң көчөт.
* Отту көөлөсөң өчөт, коңшуну көөлөсөң көчөт.
* Отту көп үйлөсө (көөлөсө) өчөт,
  коңшуну көп кемитсе көчөт.
* Отту үйлөгөн жагаар, акылды ойлогон табаар.
* От түтүнсүз болбос, жигит жазыксыз болбос.
* Отуз жыл ийилип өскөн тал бир жылда түзөлбөйт.
* Отуз күндүк орозонун үч күндүк айты бар.
* Отуз өлчөп, бир кес.
* Отуз өлчөп, бир кес, он жолу ченеп бир жолу кес.
* Отуз тиштен чыккан сөз, отуз уруу элге тараар.
* Отузунда ок ата албаган, кыркында кылыч чаппас.
* Отузунда отун албаган, кыркында кылыч чаппайт.
* Отузунда «ордо» бузсаң,
  кыркында кырдан аша албайсың.
* Отуз уулду бир ата асырайт,
  отуз уул бир атаны асырай албайт.

* Отуз уулум болгончо, оосурак чалым болсочу.
* Отун албаганга от жактырба.
* Отунду жаккан билет, малды баккан билет.
* Отун – олжо, суу – кордук.
* Отун – отко, очок – казанга.
* Отурганга олжо жок.
* Отурган киши ойлонгуча,
  турган (баскан) киши мал табат.
* Отурган кыз ордун табат.
* От чаласынан сөз чаласы жаман.
* От чыккан жер – жердин түбү,
  ит үргөн жер – үйдүн түбү.
* Ою көптүн уйкусу аз, уйкусу көптүн ою аз.
* Оюм оңдуу болсун десең,ойлоп сүйлө.
* Оюн барып чын болду, ойнош барып эр болду.
* Оюн бир, тамаша эки.
* Оюндан омуртка сынат.
* Оюндан от чыгат, оромпойдон бут сынат.
* Оюндун түбү – от, ойдун түбү – алтын.
* Оюн-күлкү-тамаша, эмгек экөө жанаша.
* Оюнчул болсоң да, ойчул бол.
* Оюң онго, санааң санга бөлүнөт.
* Оюң терең болсо, ишиң жакшы болот.

## Ө

* Өгөй – өөнчүл, жетим – кекчил.
* Өгөй эне көрүндө жатып кол булгайт.
* Өгөй эне өөнчүл болот, жетим кекчил болот.
* Өгөөгө бергис бүлөө бар, экөөнө бергис бирөө бар.
* Өгөөдөн бүлөө өткөн жок, экөөгө бирөө жеткен жок.
* Өгүз баштаса – өлөңдүү сазга,
  инек баштаса – ийри жарга.
* Өгүз болгуча торпок пейили калбаптыр.
* Өгүздүн мойну катуу, жоктун жону катуу.

* Өгүздүн өлгөн жерине өкүр.
* Өгүздү өргө салба – канатың талат,
 жаманга жүзүңдү салба – шагың сынат.
* Өгүз мүйүздүү инектин сүтү жок,
 инек мүйүздүү өгүздүн күчү жок.
* Өгүз мүйүзүнөн тутулаар, адам сөзүнөн тутулаар.
* Өгүз өлбөсүн, араба сынбасын.
* Өгүз өлдү, орток айрылды.
* Өгүз өзүн мактайт.
* Өгүз топоз менен сүзүшүп мүйүзүнөн айрылат.
* Өгүзү жок жер сугарат.
* Өжөр жетим соо турбайт, өчөшкөнүн соо кылбайт.
* Өжөрлүк оор жүктөй артка тартат.
* Өжөрлүктүн аягы абийир төгөт.
* Өжөр өлбөйт, өлсө да эч нерсеге көнбөйт.
* Өжөр эмгексиз таалай жок.
* Өз абийирин сактабаган, өзгө абийирин сактабайт.
* Өз агасын агалай албаган, жат бирөөнүн
 улагасын (өзгө агасын) сагалайт.
* Өз айыбы өлгөнчө билинбейт,
 киши айыбы кирип чыкканча.
* Өз акылы – аксак, киши акылы – таскак.
* Өз акылың өзөк менен тамыр,
 киши акылы кишен менен тушоо.
* Өз ата-энесин сыйлай билген киши
 башкаларды да сыйлайт.
* Өз атым өлгөндөн кийин жер бетине
 чөп чыкпаса койсун.
* Өз балаңдан бөлүп кутуласың,
 небереңден өлүп кутуласың.
* Өз балаңды өпкөгө тепсең кетпейт,
 киши баласын кишендесең да турбайт.
* Өз башы менен кетсин.
* Өз башын аябаган, киши башын далдаал кылат,
 өз бетин аябаган киши бетин чиедей кылат.

* Өз башындагы төөнү көрбөй,
бирөөнүн башындагы чөптү көрөт.
* Өз башындагы чокту көрбөй,
киши башындагы чөптү көрөт.
* Өз башыңды доого берсең да,
жолдошуңду жоого бербе.
* Өзбек кетип өз калды.
* Өз бетин аябаган бирөөнүн бетин аяйбы.
* Өз бетин аябаган киши бетин далдал (чиедей) кылат.
* Өз билгенин бербеген өжөрлүктүн белгиси.
* Өз боюңа сак бол, коңшуңду ууру тутпа.
* Өзгөгө капкан салган өзү түшөт.
* Өзгөгө өбөк болгуча, өзгө төшөк бол.
* Өзгөгө өлүм тилегиче, өзүңө өмүр тиле.
* Өзгөдөн көңүл тынышпайт, өз көңүлү жамандын.
* Өзгөдөн тартып алган өзүнүкүнөн айрылат.
* Өзгө жаккан канга жагат.
* Өзгө – жалган, өлүм – ак.
* Өзгө жерге султан болгуча, өз жериңде ултан бол.
* Өзгөнү айтаарда өзүңдү ойло.
* Өзгөнү коюп, өзүңдү айт (түзө).
* Өзгөнү көрүп, өзүңдү таанийсың.
* Өзгөнүн ишин өзүңө жору.
* Өзгөнүн сөзүнө ишенгиче, өзүңдүн колуңа ишен.
* Өзгө өздөй, жатка жаттай.
* Өз ден соолугуңа шалакылык кылсаң,
коомго кошо мүшкүл апкелесиң.
* Өздөн чыккан жат жаман,
өзөктөн чыккан өрт жаман.
* Өздөн чыккан жоону ынтымакка чакыр,
ынтымакка келбесе, анын башын аяба.
* Өздү жаттай сыйлагын, жат жанынан түңүлсүн!
* Өздүкү өздөй, өзгөнүкү көгөртө койгон көздөй.
* Өздү өзүм дебе, өзгөнү жатым дебе.
* Өз жакшылыгыңды доомат кылба,
киши (бирөөнүн) жакшылыгын унутпа.

* Өз жакынын көрө албас, жатты барып сагалайт.
* Өз жамандыгын билбеген өзгөгө кылат чоң милдет.
* Өз жерин тааныбаган киши башка жерди баалабайт.
* Өз жериң – алтын бешик, бөтөн жер – көңдөй тешик.
* Өз жериңдин сазы – шибер,
өз элиңдин сасыгы – атыр.
* Өз жер өлөң төшөк, өз эл өмүрлүк жөлөк.
* Өз жоокерин күтө албаган, душманына түтө албайт.
* Өз ийининде чычкан да шер.
* Өз ишин аткарса дааналап, ак эмгек дайым бааланат.
* Өз кадырын билбеген, жат кадырын биле албайт.
* Өз камын ойлогон жарыбайт, жарыса да, марыбайт.
* Өз камын ойлогон өспөйт, эл камын ойлогон көктөйт.
* Өз кемчилдигин өлгөнчө билбейт,
киши кемчилдигин кирип чыкканча билет.
* Өз кемчилдигин сезбөө – наадандык.
* Өз кесибинде бечара болуу – чоң кемтик.
* Өз кол – алтын билерик.
* Өз колунан иш келбеген адам өзгөлөрдү кордоого устат.
* Өз колуңда болбосо, өлдүм десең ким берет.
* Өз кордугунан жат кордугу жаман.
* Өз көйнөгүн бирөөгө кийгизе салуу өтө оңой.
* Өз көмөчүнө күл тартып.
* Өз күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат.
* Өз күчүн билбеген азап менен өтөт.
* Өз күчүн билбеген кыйналып жүрүп күн көрөт.
* Өз күчүңдүн өлчөөсүн өзүң билбей ким билет.
* Өз күчүңдү өлкөгө арнагын, өзгөлөргө өрнөк камдагын.
* Өз кылганың өзүңө, өйдө карап түкүрсөң,
кайтып түшөт жүзүңө.
* Өз мекениңди көздөй сакта.
* Өз напсисин жеңген баатыр.
* Өз напсисине туткун болгон адам
адамгерчиликтен биротоло кол жууйт.
* Өз наркыңды кетирбегин желге үйлөп.
* Өзөгү карарган карга таш чокуйт.

* Өз өзүнө, өзгө жатка тартат.
* Өзөктөн чыккан (күйгөн) өрт жаман,
  өздөн чыккан жат жаман.
* Өзөктөн чыккан өрт жаман: өпкө-бооруң куйкалайт,
  өздөн чыккан жат жаман: өз ичинен талкалайт.
* Өз өлтүрбөйт, жат жалгабайт.
* Өзөн башы ашуу болот,
  жардын башы жазы (кечүү) болот.
* Өзөн бойлоп конбогун, өрт өчкөндөй болбогун.
* Өзөн бою турганда, өзгө жерге конбогун.
* Өзөнгө өзөн кошулса дарыя.
* Өзөндүү сууга тал бүтөт, өлбөгөн кулга мал бүтөт.
* Өзөн жерде сайлар бар, чык татырбас байлар бар.
* Өзөн канчалык терең болсо да түбү бар,
  тоо канчалык бийик болсо да чокусу бар.
* Өз өнөрүң болбосо, өлөм десең ким берет.
* Өз өтүгүң тар болсо, кең дүйнөнүн пайдасы не.
* Өз сүйүүсүнөн айбыкпаган пенде
  эч нерседен айбыкпайт.
* Өз талканың эттен артык.
* Өз тарыхын билбеген адамдын келечеги жок.
* Өз төшүн өзү жара (сындыра) муштап эр болбойт.
* Өз тууганын кордосо, душманына кор болот.
* Өз тууганын кор көргөн, ашуу таппай белде өлөт,
  кечүү таппай сууда өлөт.
* Өз убалың өзүңө, эки кара көзүңө.
* Өз улутун сүйбөгөн адам бөтөн улутка
  өз болуп жарытпайт.
* Өз улутуңдун сыймыгы болсоң,
  башка улуттун урматы болосуң.
* Өз уулун өзү жыга чапкан эл болбойт.
* Өзү алдамчы адам башкаларга ишенбейт.
* Өзүбек кетип өз калды.
* Өзү билбеген, билгендин сөзүнө
  кирбеген – айбандык.
* Өзү билбегендин оозуна караба.

* Өзү билбейт, билгендин тилин албайт.
* Өзү билбес, билгендин тилин албас –
тил билбеген макоо.
* Өзү бир тыйын, дымагы миң тыйын.
* Өзү болбос жигиттин атасын сурап нетесиң.
* Өзү боштун сөзү бош.
* Өзү бөктөй, сөзү октой.
* Өзү жакшы болсо, тегин сураба.
* Өзү жамандын сөзү жаман.
* Өзү жаш болсо да иши маш.
* Өз үй – өлөң төшөк, өз эл – өмүрлүк жөлөк.
* Өз үйүм деп сүйлөбө, үй артында кулак бар.
* Өз үйүм – өлөң төшөгүм.
* Өз үйүндө өрмөк сого албаган
киши үйүндө ичик бычат.
* Өз үйүнүн түтүнү жылуу, өз эненин күтүмү жылуу.
* Өз үйүңдө ашың болсо, киши үйүндө кашың барбы.
* Өзү кары жүрөгү жаш.
* Өзү карыса да көөдөнү карыбайт.
* Өзү катылган бала ыйлабайт.
* Өзү келсе келсин, бөз калтасы келбесин.
* Өзү кылган иш, өз башына муш.
* Өзүм билем деген жигит, башына ойрон салганы.
Көп билет деген жигит, башына коргон салганы.
* Өзүмдө болсо бир айып, кимди карайм шыкырайып.
* Өзүмдөн алыс (же ыраак) төркүнүмө.
* Өзүмдүкү дегенде – өгүз кара күчүм бар,
кишиники дегенде – кол тийбей турган ишим бар.
* Өзүмдүкү дегенде өгүз кара күчүм бар,
өзгөнүкү дегенде анча-мынча ишим бар.
* Өзүмдү өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем.
* Өзүмдү тиштебеген карышкыр жорто берсин.
* Өзүм иттей жаланам, итим кайдан тоюнсун.
* Өзүм-өзүм дегенде өргө чыкчы күчүм бар,
өзгө менен кектешкенде кетпес-бүтпөс өчүм бар.
* Өзүм өйдө өзүңдөн, сөзүм өйдө сөзүңдөн.

* Өзүмөн алыс төркүнүмө көрүнсүн.
* Өзүмө тийбеген бороон ышкыра берсин.
* Өзүмө тийбеген бөйрөктү ит жесин.
* Өзүм тапкан балага, кайда барам дабаага.
* Өзүм турсам төрдө, сөзүм турат өрдө.
* Өзүмчүлдөн сураба акыл-кеңеш.
* Өзүмчүл киши өзгөгө жакпайт.
* Өзүмчүл өргөөгө батпайт.
* Өзүн башкара билген башкаруучу – мыкты.
* Өзүн гана ойлогон жамандыктын белгиси,
өзгөнү да ойлогон адамдыктын белгиси.
* Өзүн жамандаган өспөйт,
өзүн мактаган даңкка жетпейт.
* Өзүн кор кармаган өзгөгө пайда келтирбейт.
* Өзүн мактаган биринчи акмак,
катынын мактаган экинчи акмак.
* Өзүнө жакшылык кылбаган адамдан
өзгөгө жакшылык артпайт.
* Өзүнө иштесе – арстандай,
өзгөгө иштесе чычкандай.
* Өзүн өзү башкарган эл бактылуу,
өзүн өзү бийлеген эл бактылуу.
* Өзүн өзү билбеген – эселектин белгиси,
калпың чыкса артыңдан адамдын келет өлгүсү.
* Өзүн өзү билип, өтүгүн төргө илип.
* Өзүн өзү мактаган өлгөн менен тең.
* Өзүн өзү мактаган өлөөрүнө жакын калганы.
* Өзүн өзү мактаган өлүмдү каалап жактаган.
* Өзүн өзү өлгөнчө билбейт.
* Өзүн өзү сүрөгөн – өрүш алат.
* Өзүн өзү тарбиялоо кишидеги башкы касиет.
* Өзүнөн мурун коноктун атын сыйла.
* Өзүнөн өзү эле эч нерсе пайда болбойт.
* Өзүнө пайдасыз адам өзгөгө да пайдасыз.
* Өзүн сактай билген, абийирин барктай билет.
* Өзүн сыйлабаган, башканы да сыйлабайт.

* Өзүн тойгузбаган өзгөнү да тойгузбайт.
* Өз үнү бар адам – өзгөлөргө жардам.
* Өзүнүн бөгүн бөктөй албаган,
бирөөнүн чигин чиктейби.
* Өзүнүн уяты жоктун сөзүнүн туруму жок.
* Өзүнүн чаркын билген, өзгөнүн наркын билет.
* Өзүң адам болгон соң, өлбөсүңдү билген соң,
кайда барсаң анда бар.
* Өзүң бакшы болсоң, молдого зикир үйрөтпө.
* Өзүң билбе, билгендин тилин алба,
бул – Кудайдын каарына калган адам.
* Өзүң билбегенден өлгөнчө корк.
* Өзүң билбесең билгенден ук.
* Өзүң болалбайсың, болгонду көралбайсың.
* Өзүң да жаша, өзгөнү да жашат.
* Өзүңдө жок болсо, атаң да жат.
* Өзүңдөн шектенгениң – өзгөчө ката кетиргениң.
* Өзүңдө турса бир айып, кимге барасың кыңырайып?
* Өзүңдү зорсунба, өзгөнү корсунба.
* Өзүңдү кор кылгыча, күчүңдү кар кыл.
* Өзүңдү көргүң келсе, касыңдын көзү менен кара.
* Өзүңдүн алачыгың, өзгөнүн ак сарайынан артык.
* Өзүңдүн жарың болбосо,
бирөөнүн жары – башка дарт.
* Өзүңдүн ордуң жоголбойт, өнүп-өссө балдарың.
* Өзүңдүн өңүң серт болсо, күзгүгө койбо айыпты.
* Өзүңдү өзүң мактаба, сени эл мактасын.
* Өзүңдү өлгөнчө билбейсиң,
кишини кирип чыкканча билесиң.
* Өзүңдү сыйлабасаң, өзгөнү сыйлап жыргатасыңбы.
* Өзүңдү эр дедиңби? – майданга чык.
* Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло.
* Өзүң жакшы болсоң, өзгөнүн баары сага жаан.
* Өзүң көргөн жолду атаңа да бербе.
* Өзүң кудай болбогон соң, көрөр күнүң ушул экен.
* Өзүң кылган иш, өз башыңа муш.

* Өзүңө бычак ур, оорубаса кишиге ур.
* Өзүңө ишенсең, багыңды сына.
* Өзүңө иштесең, өгүздөй кара күчүң бар.
* Өзүңө каалабаганды, өзгөгө каалаба.
* Өзүңө карай дос танда.
* Өзүңө карап тон быч.
* Өзүң өлсөң өл, бирок досуң өлбөсүн.
* Өзүңө өзүң гана кеңешчисиң.
* Өзүңө өзүң жакпасаң, жакканың ошол элиңе.
* Өзүңө өзүң сак бол, коңшуңду ууру тутпа.
* Өзүңө урунбас үчүн, өзгөгө жарык кыл.
* Өзүң сүйгөндү алба, өзүңдү сүйгөндү ал.
* Өзүң таппаган малдын баркы жок.
* Өзү пөктөй, сүйлөсө сөзү октой.
* Өзүрөөккө көбүрөөк, жатыраакка азыраак.
* Өзү сары, көзү көк – ал адамдын шумкары,
өзү кара, көзү көк – ал адамдын шумпайы.
* Өзү соонун – иши соо.
* Өзү тийген бала ыйлабайт.
* Өзү тойбос кайнага кимге кешик арттырат.
* Өзү тойбостун көзү тойбос.
* Өзү тойсо да, көзү тойбойт.
* Өзү ууру бирөөнү ууру дейт,
өзү кара бирөөнү кара дейт.
* Өзү уялбаган, бирөөнү уялтат.
* Өзү чогоол жигиттин бир ажалы чөптөн,
бир ажалы көптөн.
* Өзү чоктойдун сөзү октой.
* Өзү чөлдө, көзү көлдө.
* Өз элимдин башы болбосом да,
сайындагы ташы болоюн.
* Өз элине батпаган, душманына кор болот.
* Өз элинин тарыхын билбегендик – тамырсыздык.
* Өз элин күтө албаган, душманына түтө албайт.
* Өз элин сүйгөн башка элди кордобойт.
* Өз элинди жамандап өсө албайсың.

* Өз элиңди жаман деп, жакшы элди кайдан табасың?
Өз жериңди жаман деп, жат жерге кайдан барасың?
Өз атаңа таарынып, өзгө кайдан барасың?
* Өз элиң өзөктөш, башка эл канатташ.
* Өз элиң өйдө чыксаң – өбөгүң,
ылдый түшсөң – жөлөгүң.
* Өз эмгегиң көзгө көрүнбөйт, жалкоо элден бөлүнбөйт.
* Өз энесин сыйлаган уул өзгөнү да сыйлайт.
* Өз эне тилин унуткан, өз энесин да унуткан.
* Өз эсерин өз убагында тыя албаган журт – карып.
* Өйдө карап түкүрсөң, кайтып түшөр көзүңө.
* Өйдөсүнүүнүн өзү пастык.
* Өйдө тартса – өгүз өлөт,
ылдый тартса – араба сынат.
* Өйдө-төмөн көп чапса, тулпардын чери жазылат.
* Өкмат кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес.
* Өксүбөгөн кандын бир татым тузу кемийт.
* Өксүгөн менен пайда жок, өкүрсөң өлгөн табылбайт.
* Өктөм келгенден коркпо, өңүп келгенден корк.
* Өктөөсү өзөгүндө кеткен өнөксүз сулуу.
* Өкүм ат – өткүр бычактай.
* Өкүм болмок өзүңдөн, сылык болмок сөзүңдөн.
* Өкүмдар өйдөлөгөн сайын жүгү оорлойт.
* Өкүмдүн өтү жарылат.
* Өкүмөткө ишен, бирок өзүң да аракет кыл.
* Өкүмү болбой өнүкпөйт, башчысы болбой марыбайт.
* Өкүрүктөн өлүк тирилбейт.
* Өлалбай жатып (же өлгөнү жатып) өлөң айтат.
* Өлбөгөн адам (киши) алтын аяктан суу ичет.
* Өлбөгөн жанга бар оокат.
* Өлбөгөн жанга жаз келет.
* Өлбөгөн жанга өлүү балык эптеп табылат.
* Өлбөгөн жанда үмүт бар.
* Өлбөгөн көрүшөт.
* Өлбө жаным, өлбө.
* Өлбөй турган жан болбойт.

* Өлбөй турган эмгек айтылбай туруп иштелет.
* Өлбөстүккө пенде зар, тойбостугу канында бар.
* Өлбөстү кудай жасабайт, сынбасты уста жасабайт.
* Өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагып.
* Өлгөн арстандан, тирүү чычкан артык.
* Өлгөн аттын такасын издеп, алты ай жер казган байча.
* Өлгөн бирөөнүн башы менен
  тирүү бөрүнү коркутасыңбы.
* Өлгөнгө өкүнбө, калганга береке берсин.
* Өлгөнгө өкүнбө, тирүүлүгүңдү тиле.
* Өлгөнгө ыйлаган кайран көз,
  жаманга айткан кайран сөз.
* Өлгөндөр даңкталбай, тирүүлөр макталбайт.
* Өлгөндүн артынан өлмөк жок.
* Өлгөндүн жазасы (сазайы) көмгөн,
  өпкөндүн жазасы (сазайы) көнгөн.
* Өлгөндүн өзүнүн шору.
* Өлгөндүн үстүнө көмгөн.
* Өлгөндү сурасаң тирилгенге тете,
  ооруганды сурасаң айыкканга тете.
* Өлгөндү топурак суутат, тирүүнү кантип унутат.
* Өлгөндү – туулган жеңет, жоону кууган жеңет.
* Өлгөн жолборстон (арстандан)
  тирүү чычкан (мышык) артык.
* Өлгөн менен кошо өлбөйт, өкүргөн менен табылбайт.
* Өлгөн менен кыз бергенге намыс кылба.
* Өлгөн өксүтөт, кеткен кемитет.
* Өлгөн тирилбейт, өчкөн жанбайт.
* Өлгөн төөнүн териси бир эшекке жүк.
* Өлгөн үй сүттүү болот.
* Өлдүң – өчтүң, кеттиң – кемидиң.
* Өлкөнүн нукура байлыгы – өзүнүн эли.
* Өлкөңдөн айрылгыча өмүрүңдөн айрыл.
* Өлмөйүнчө кишинин иши бүтпөйт.
* Өлө албай жатып өлөң айтат.
* Өлө жалкоо болбосоң, өтө жарды болбоссуң.

* Өлө жегенче бөлө же.
* Өлөйүн десем – жан таттуу,
 кирейин десем – жер катуу.
* Өлөңдүү жерде өгүз семирет,
 өлүмдүү жерде молдо семирет.
* Өлөң төшөк өз үйүң – киндик каның тамган жер.
* Өлөөр ит кайышчыл болот.
* Өлөөр карга бүркүт менен ойнойт,
 ыйлаар бала атасынын сакалы менен ойнойт.
* Өлөөр киши бой түзөйт.
* Өлөөр өгүз балтадан качпайт (же тайбайт).
* Өлөөрүндө булбулдун үнү да өзгөрөт.
* Өлөөр чычкан мышыктын умасын кашыйт.
* Өлөөр эчки койчунун таягына сүйкөнөт.
* Өлөрмандын көзү жаман.
* Өлөт деген өлгөн жок, өгүз минген калган жок.
* Өлө-тириле манап бол.
* Өлсөк бир көрдө (же чуңкурда),
 тирүү болсок бир дөңдө (же дөбөдө).
* Өлсө – кунсуз, сатса – пулсуз.
* «Өлтүрөм» дегенден коркпо, «өлөм» дегенден корк.
* Өлүккө жараша ый, кадырга жараша сый.
* Өлүм адамды коркутат, үмүт адамды курчутат.
* Өлүм баарына бирдей, өлүм – ак.
* Өлүм бардын малын чачат, жоктун абийирин ачат.
* Өлүмдөн башка карызым жок.
* Өлүмдөн башканын баары өзү келбейт.
* Өлүмдөн башканын эртеси жакшы.
* Өлүмдөн корккон жашабайт.
* Өлүмдүн эртесинен кечи жакшы.
* Өлүм жашка карабайт.
* Өлүм кабак-кашты ирмегиче.
* Өлүм менен конок айтып келбейт.
* Өлүм менен үмүт теңтайлаш,
 бири адамды коркутат, бири ар намысын курчутат.
* Өлүм – орток, доо – кезек.

* Өлүм өксүтөт, көкүрөгүн көксүтөт.
* Өлүм өксүтөт, оору кор кылат.
* Өлүм тынчтыкта аз, согушта көп.
* Өлүм тынчтыкта карынын,
  согушта жаштын башына көп келет.
* Өлүм – үмүт теңтайлаш, бири коркутат,
  бири намыс курчутат.
* Өлүп баратсаң оозуңа суу тамызбайт.
* Өлүп калсак кырылып бир чуңкурга тололу,
  тирүү болсок жыйылып бир дөбөдө бололу.
* Өлүп тапкан баламды өрдөк чокуп өлтүрдү.
* Өлүп тирилдиңби?
* Өлүү болуп көрдө жок, тирүү болуп үйдө жок.
* Өлүүлөр жөнүндө оң сүйлө, болбосо үндөбө.
* Өлүүнү айтса тирүүнүн тынчы кетет.
* Өлүүнүн жүзү ары, тирүүнүн жүзү бери.
* Өмдөгөн жоо качырат.
* Өмүр акпай турбайт, өткөн күн кайра уланбайт.
* Өмүр бар жерде өлүм бар.
* Өмүр баркын өлөөрүндө билет.
* Өмүр бою быкшып жашаганча,
  көз ирмем болсо да жарк этип күлүп өт.
* Өмүр бою гүлдөп турган тирилик жок.
* Өмүр бою өзүңдү чындыкты айтууга үйрөт.
* Өмүр да, намыс да адамга бир келет.
* Өмүр деген – жарык күн, өлүм деген – караңгы түн.
* Өмүр деген желдей өтөт сезилбей.
* Өмүр деген өткөн күндөр эмес, эсте калган күндөр.
* Өмүрдөн жамандык күтпө,
  өлүмдөн жакшылык күтпө.
* Өмүрдөн да Мекен кымбат.
* Өмүрдөн өткөн бакыт жок, өнөрдөн өткөн билим жок.
* Өмүрдү көңүл узартат.
* Өмүрдүн ар кыл курагы болот,
  куракка жараша сынагы болот.
* Өмүрдүн ойку-кайкы сырлары көп.

* Өмүрдүн узактыгы көңүлгө байланыштуу.
* Өмүрдүн чеги бар, өнөрдүн (илимдин) чеги жок.
* Өмүр – жалган, өлүм – ак.
* Өмүр – жандын үмүтү, өлүм – жандын күйүтү.
* Өмүр – жылт эткен көз ирмем.
* Өмүр карыса да, көңүл карыбайт.
* Өмүр киндик кан тамган жерден башталат.
* Өмүр – кубаныч менен кайгынын эриш-аркагы.
* Өмүр – күнүмдүк, өнөр – түбөлүк.
* Өмүр күнүң – соккон шамал.
* Өмүрлүү болоюн десең, мээримдүү бол.
* Өмүрлүү чыгарманы талант, талыкпас эмгек жаратат.
* Өмүр – от: башталышы жалын, бүтүшү күл.
* Өмүр оттой жанып, күл болуп бүтөт.
* Өмүр өбөлгөсү тазалык.
* Өмүр өлчөнбөйт да, суратпайт.
* Өмүр тагдыры – Теңирден,
турмуш тагдыры – өзүңдөн.
* Өмүр – таттуу, ажал – ачуу.
* Өмүрү бүтпөйт тирилик, өткөндөр келбейт тирилип.
* Өнөктөштөр өр ашат.
* Өнөр агып жаткан булак, илим жанып турган чырак.
* Өнөр алды – кызыл тил.
* Өнөр байлыгы – өлбөс байлык.
* Өнөрдү билүүгө да өнөр керек.
* Өнөрдүн эң баалуусу (күчтүүсү) сөз өнөрү.
* Өнөр издегениң – өргө кадам шилтегениң.
* Өнөр көпкө да, көккө да жеткирет.
* Өнөрлүү адам көпкө таанылат, элге алынат.
* Өнөрлүү болсоң өргө чап,
кор кылбай асыл жанды бак.
* Өнөрлүүгө өрү-кыры баары бир,
балбанга оң-солу баары бир.
* Өнөрлүүдөн өрнөк ал.
* Өнөрлүү журт – амалдуу.
* Өнөрлүү – зор, өнөрсүз – кор.

* Өнөрлүү киши эрикпейт.
* Өнөрлүү кол ач болбойт.
* Өнөрлүүнүн колу алтын, акындардын сөзү алтын.
* Өнөрлүү өлбөйт, өлөрман көнбөйт.
* Өнөрлүү өлбөйт, өнөрсүз күн көрбөс.
* Өнөрлүү өргө сүзөт (кээде учат).
* Өнөрлүү өргө сүйрөйт.
* Өнөрлүү өргө чабат.
* Өнөрпоз ишке таянат, балбан күчүнө таянат.
* Өнөр – түгөнбөгөн азык, жоголбогон байлык, кемибес кенч.
* Өнөрү жок жигит – канаты жок куш.
* Өнөр үйрөнүүгө карылык жок.
* Өнөрүң болсо ичиңе катпа, жаман кыялыңды өзүң ташта.
* Өнөрүң болсо өргө чап.
* Өнөрүң болсо өргө чап, туушуң болсо туура чап.
* Өнөр, эмгексиз талант жок.
* Өнүгүү чексиз.
* Өнүп-өскөн мал жакшы, көрүп өскөн жер жакшы.
* Өңгө – жалган, өлүм – ак.
* Өңгүл-дөңгүл жер курусун, экинчи тийген эр курусун.
* Өңдү көрсө жүз таят.
* Өңү кара болсо да өзү сара (сара – тандамал, сонун).
* Өңүң суук болсо да, сөзүң жылуу болсун.
* Өңү сулуу – сулуу эмес, акылы улуу – сулуу.
* Өөдө кетсең – бөрү жейт, ылдый кетсең – ууру алат.
* Өөдөкүсү өрткө кетсе, ылдыйкысы селге кетет.
* Өөдө-төмөн көп чапса, тулпардын чери жазылат.
* Өөн бириксе тон болбойт, ынтымак болбой эл болбойт.
* Өөн сөздү өзүңө да айтпа.
* Өпкөдөн сокkон жел жаман, элинен безген эр жаман.
* Өрдөк берген каз алат.
* Өрдөк жокто чулдук бий, өпкө жокто карын бий.

* Өрдөк-каз көлүн сагынат, эр жигит элин сагынат.
* Өрдөктүн өзү көктө болсо да, көзү көлдө.
* Өрдөктү туурайм деп чулдук бутун сындырыптыр.
* Өрнөктүү иште өөн жок.
* Өрнөктүү кары жок жерде, өнөрлүү жаш да жок.
* Өрткө камыш күйгөндөй, мурунку иштин аты бар.
* Өрт менен суу – тили жок жоо.
* Өрттү суу өчүрөт, эпке мал киргизет,
жакшылап сүйлөшсө бир чөөгүн чай да эпке келтирет.
* Өрүүдө көрүшпөгөн, көчкөндө урушат.
* Өрүш малдуу – дасторкон майлуу.
* Өрүшүндө малы бардын сандыгында пулу бар.
* Өскөн айылдын ичинде кемпир менен чал бар,
өскөн төөнүн ичинде инген менен нар бар.
* Өскөн жер – өз эне, өзгө жер – өгөй эне.
* Өскөн терек өсө берсе, эмдигиче көк тешмек.
* Өсөөр малда өлүм жок.
* Өсөөр өзүн сыйлайт, өспөс жатын сыйлайт.
* Өсөөрүм калбай өлөөрүм калды,
өмүрүмдөн көрүм жакын турат.
* Өсөөр элдин балдары бири бирине дос болот,
өспөс элдин балдары бири бирине кас болот.
* Өсөөр эл өзүн көтөрөт.
* Өспөс уул өнбөс доону доолайт.
* Өсүп чыгаар баланын келечек түбүн ойлогун,
жакшы чыгаар жигиттин жолуна жолтоо болбогун.
* Өткөнгө – баам, келечекке сереп.
* Өткөнгө кайрылуу – урпактардын өктөм тилеги.
* Өткөнгө өкүнгөн менен айла жок.
* Өткөндөр баркталбаса, тирүүлөр даңкталбайт.
* Өткөндү барктоо – келечекти сактоо.
* Өткөндү билбеген бүгүнкүнү таанымбайт.
* Өткөндү билбеген эл – атасын таанымбаган баладай.
* Өткөндү билбей туруп, келечекти түшүнүү мүмкүн эмес.
* Өткөндүн, келечектин жибин улап,
достошуу ийгиликке алып келет.

* Өткөндү унутсаң, арбактардын азасына каласың,
бүгүнкү күнүң менен гана жашасаң,
келечектин табасына каласың.
* Өткөндү эстеген – жакшы, кектеген – жаман.
* Өткөндү эстеген жаман болбойт,
мурдагыны кектеген жакшы болбойт.
* Өткөн ишке айла жок, өкүнгөн менен пайда жок.
* Өткөн ишке бушман жок,
өлүмдөн кыйын душман жок.
* Өткөн ишке өкүнүч жок.
* Өткөн ишке салабат.
* Өткөн иш үчүн кайгы чегүү –
акылдуу адамдын иши эмес.
* Өткөн келбейт, өлгөн тирилбейт.
* Өткөн күндө белги жок, салып койгон тамга жок.
* Өткөн өмүр – аккан суу, кайтып келбейт.
* Өткөн өмүр жашарбайт – алтымышта чал кайтып,
баштагы пейли бузулбайт – жарды болсо бай кайтып.
* Өткөн өмүр, калган кадыр (кеткен көңүл) табылбайт.
* Өткөн өмүр – качкан куш, кайрылып келбейт үндөсө.
* Өткөн өмүр – өчкөн көмүр,
калган көңүл – качкан куш.
* Өткөн өмүр – өчкөн от, өкүнгөн менен жагылбас.
* Өткөн өчү бардын – кетпес кеги бар.
* Өткөөл таппай, өтүгүңдү чечпе.
* Өткүр бычак кол кесет, өтүрүк сөз жан кесет.
* Өткүр бычак кынга жоо, өтүрүк сөз жанга жоо.
* Өткүр ок – душманга, өткүр сөз – тууганга.
* Өткүр өлбөйт, сук тойбойт.
* Өткүр сөз өзөккө тиет.
* Өткүр тырмак каргада эмес, шумкарда.
* Өтмөктүү ар бир доордо жер жаңырат, эл жаңырат.
* Өтө баатыр жоо жеңет.
* Өтөгөндүн (аюунун) териси өзү
жатып ий болбойт (кээде ий болот).
* Өтө жалкоо болбой, өлө кедей болбойт.

* Өтө жаман болбосоң, өлө жарды болбоссуң.
* Өтө жаман – өзүн мактайт, башкы жаман – баласын мактайт, аяккы жаман – аялын мактайт.
* Өтө жаман өзүн мактайт, жакшыны башка бирөө мактайт.
* Өтө кайрат баш жарат.
* Өтө курч балта тез мокойт.
* Өтө кызыл бат оңот, өпкө кызыл кеч оңот.
* Өтө кызыл тез оңот, өтө ысык тез сууйт.
* Өтпөгөн өмүр, сынбаган темир жок.
* Өтпөс буйрук – бойго кардык.
* Өтпөс бычак, эссиз бала ажалдан мурун өлтүрөт.
* Өтпөс өмүр, сынбас темир болбойт.
* Өтүгү жаман төргө өтпөйт.
* Өтүгү жаман төрдү булгайт, оозу (кээде сөзү) жаман элди булгайт.
* Өтүгү жокко өзүм барам, тону жокко салам айта бар.
* Өтүгүң жаман болсо бутуңдун шору, турмушуң жаман болсо жаныңдын шору.
* Өтүгүң майрык болгон соң, талаанын түздүгүнөн не пайда.
* Өтүгүң майрык болсо, басалбайсың түз жерди.
* Өтүгүң тар болсо дүйнөнүн кеңдигинен не пайда.
* Өтүкчү көп алса, өпкөсү тешилет.
* Өтүкчүнүн жанына жолобо, «бирдемем жоголду» дейт.
* Өтүкчүнүн өтүгү жок, устанын тогоосу жок.
* Өтүкчүнүн өтүгүнүн такасы жок, уз зайыптын күйөөсүнүн жакасы жок.
* Өтүкчү өтүккө жарыбайт, уста балтага жарыбайт.
* Өтүкчүнүн үйү – апырык менен сапырык, насыбайчынын үйү какырык менен түкүрүк.
* Өтүнгөнгө чиренет, өзүнөн чоңго ийилет.
* Өтүрүк айтпаса, өтү жарылып кетет.
* Өтүрүк сөз – жанга кас, өтпөс бычак – кынга кас.
* Өтүрүктүн бети кара.

* Өчкөн отуң мурункудай жаналбайт,
аккан жериң суу кайталап алалбайт.
* Өчкөн шамдай дайынсыз, өлгөндөр кайра келбеген.
* Өчөөр оттун үстү күйөт.
* Өчөштүктөн өрт чыгат, эл бузулат.
* Өчпөгөн үмүт – жылдыз бар,
өлбөгөн жанга турмуш бар.
* Өчпөс от, солубас гүл болбос.
* Өчпөстүн отун жаккан өлбөстүн күнүн көрөт.

## П, Р

* Паанасы жок сайдан кеч, кайрымы жок байдан кеч.
* Падыша тукумун жеке уул даңазалабайт.
* Пайгамбар барга назир, жокко кайыл.
* Пайгамбар барына ыраазы, жогуна кайыл.
* Пайгамбар да күйөө баласын сыйлаптыр.
* Пайгамбардын ак төөсү жоголгондогу төлгө.
* Пайгамбар жашына барганда сууктан кач,
ысыкка шаш.
* Пайгамбар кудаа эмес, кудаадан жудаа эмес.
* Пайгамбар малга тойбойт, Улукман жашка тойбойт.
* Пайда жагын көп карап, бакыл болбо.
* Пайданы башыңа кыл, башыңдан артса досуңа кыл.
* Пайданы көрсө соодагердин шакыйы кармап, чыдай албай, буту менен эмес, төбөсү менен чуркайт эмеспи.
* Пайданы таянууга болот,
бирок пайдага отуруута болбойт.
* Пайдасы бар жигит дарыя суудай көл менен тең,
пайдасы жок жигит эл конбогон чөл менен тең.
* Пайдасы жок соода баш жарат.
* Пайдасы жок сөз айтып, маңыз сөздү чиритет.
* Пайдасы жок тууган – чекеге чыккан чыйкан.
* Пайдасы жок чечендик чөп чыкпаган кургактай.
* Пайдасыз билим – жаансыз булут.

* Палан жерде алтын бар, өз жериңдей кайда бар.
* Паракорлор кызыгат бир токочтук тыйынга.
* Пейили бузуктун кабагы башка болот,
  тоюп турса да, курсагы ачка болот.
* Пейили жакшы адамдар бетегелүү булуңдай.
* Пейили жакшы кабак – ашта болот,
  береке – казан-ашта болот.
* Пейилине жараша жашоого болот.
* Пейил күтсөң, бертик бергенди унутпа.
* Пейли жакшы кем болбойт, пири болбой эл болбойт.
* Пейли жакшыны кудай табат,
  пейли жаманды ит кабат.
* Пейли жаман кишиден күтөт,
  өз ашын жашырып ичет.
* Пейли кенен – калысчыл, пейли тар – арызчыл.
* Пейли кенен кем болбойт.
* Пейли кеткен пенденин, казанынан аш кетет.
* Пейли тар адамга дүйнө да тар.
* Пейли тар адам кең идиштен аш иче албайт.
* Пейли тар киши бай болбойт.
* Пенденин оозунан чыкса,
  бериштенин кулагына аян болот.
* Пенденин оозундагы – кудаанын кулагында,
  пенденин дилиндеги – кудаанын санаасында.
* Пенде пейлинен табат.
* Пендечилик менен тарчылык ар бир элде бар.
* Перзент – жандын кубаты, берен – элдин кубаты.
* Перзентти төрөйт миң эне, беренди төрөйт бир эне.
* Перилердин ойной турган жери бар,
  аюунун чээни бар.
* Пилиги жок чырак жарыбайт,
  ишлети жок жигит жарыбайт.
* Пил көтөрбөгөндү тил көтөрөт.
* Пулду берсең, сүткө бер.
* Пулсуз – калаа көрксүз, гүлсүз – талаа көрксүз.
* Пулу бардын – кеби оң, пулу жоктун – кеби тоң.

* Пулу бардын оозу чайнайт,
 пулу жоктун көзү жайнайт.
* Пулун пулдай албаган досун сыйлай албайт.
* Пулуңа ишенбе, акылыңа ишен.
* Пулуң болсо жаңгелде шорпо.
* Пулуң болсо кулуңмун.
* Руху күчтүү адамды таалай өзү издеп табат.

## С

* Сааганым Сарыбагыштын бээси, азандан келет ээси.
* Саамайдын көркү – кызда, сайманын көркү – узда.
* Саамал ичсең – кымыз жок,
 байтал минсең – кулун жок.
* Саан камдагыча, саман (сабаанды) камда.
* Саан уйду кысыр уйга алмашпайт.
* Сааның жок болсо да сабааң болсун.
* Саап ичсең – миң күндүк, союп жесең (чаап ичсең) – бир күндүк.
* Сабаасына жараша – бишкеги,
 мурутуна жараша – искеги.
* Сабаасына карай – бишкеги, сакалына карай – искеги.
* Сабагы жаман жемиштин мөмөсү да жаман.
* Сабатсыз молдонун селдеси чоң болот.
* Сабаттуу күн сымак, сабатсыз түн сымак.
* Сабына жараша – бычагы,
 сакалына жараша – искеги.
* Сабырдуу адам кадырлуу (жылдыздуу).
* Сабырдуу болсоң озорсуң,
 сабырсыз болсоң осолсуң (тозорсуң).
* Сабырдуу болсоң, сабырсыздын миңине татыйсың.
* Сабырдуу жетер муратка, сабырсыз калар уятка.
* Сабырдуулугуң – салтанатың.
* Сабырдуулук акылмандын шериги.
* Сабырдуулук – бакыттын ачкычы.

* Сабырдуунун багына алма бүтөт,
сабырсыздын башына кайгы түшөт.
* Сабырдын түбү сары алтын,
санабай билгин кымбатын.
* Сабырдын түбү сары алтын саргарбаса неси алтын.
* Сабырдын түбү сары алтын, саргарган жетер муратка,
ашыккан калар уятка.
* Сабыр кылсаң, тоодой балаадан кутуласың.
* Сабырсыздын иши тамырсыз.
* Сагызгандын баласы агынан көп карасы.
* Сагызгандын санаасы жоордо,
сорготун санаасы куйрук-боордо.
* Сагызган сактыгынан эмес суктугунан өлөт.
* Сагызган – элдин жокчусу, карга – элдин бокчусу.
* Сагынган жигит элин эңсейт,
сарала каз көлүн эңсейт.
* Сагынычтан – саргаят.
* Сайдыкы сайга, кумдуку кумга.
* Сайма сая албаган ийне тандайт?
* Сайрап айткан эртеңин,
замандын билген мерчебин – көсөмдүктүн белгиси.
* Сакадай бою сары алтын.
* Сак адамдын үч шерти бар; көргөн жокмун,
билген жокмун, уккан жокмун.
* Сакалга жуккан аш болбойт.
* Сакалдуу киши жоого түшөрбү.
* Сакалдуу койчу жарытпайт, жарытса да марытпайт.
* Сакалдуунун баары эле чоң ата эмес.
* Сакал тойдо керек.
* Сакалыңдын агы бар, балалыгың дагы бар.
* Сакалдын көркү чалда бар, сулуунун көркү калда бар.
* Сакалың өспөсө, сакалсызга күлбө.
* Сакалы узун кишинин акылы кыска.
* Сакал ээк тандабайт, бакал жээк тандабайт.
* Сак башта бир кыял, таз башта миң кыял.
* Сак болсоң, ишиң ирээттүү болот.

* Сак жүргөн кор болбойт.
* Сактанбаган алп жардан учуп кетиптир.
* Сактангaнды кудай сактайт.
* Сактангaнды – сактаптыр.
* Сактасаң миң күндүк, сактабасаң бир күндүк.
* Сактансаң – сактаймын,
сактанбасаң – отко кактаймын.
* Сактансаң, сак болосуң.
* Сактансаң соо каларсың.
* Сактыкта кордук жок.
* Сактын саны калып, саңыроонун сайда саны калат.
* Салаалап сылап сакалды, карылар айтсын макалды.
* Саламдашпай сөз баштаба.
* Саламсыз кирген уят, жоопсуз чыккан уят.
* Салт менен кылмышты айра билген жакшы.
* Салтсыздык адамдын өз башын кунсуз кылат.
* Салты бирдин анты бир.
* Салык төлөөнү жакшыртуу – эл турмушун байытуу.
* Салынуу капкан – теңсиздик,
зарланган муң – элсиздик, аккан жаш – жерсиздик.
* Самаган кишиң алдыңдан чыкса,
акыр заман жаныңда.
* Саманга кетмен өтпөйт, жаманга кеп өтпөйт.
* Самандын башы – сары алтын,
жыгачтын бою – жык алтын.
* Саманкана күйдү десе, Самаркан күйдү дейт.
* Саман өрттөнүптүр десе, Самаркан өрттөнүптүр дейт.
* «Саман учуп келатат» десе,
Самарканды жоо чааптыр дейт.
* Самаркандан саман учуптур десе,
санкол келатат болуптур.
* Санаа жетет, ал жетпейт.
* Санаа куюндан (же коёндон) да күлүк.
* Санаа күлүк изи жок, санаасыз киши жок.
* Санаа күлүк көз жеткис.
* Санаа менен жетпеген талап менен табылат.

* Санаанын изи жок, санаасыз киши жок.
* Санаа оорудан жаман.
* Санаа – саргайтат, убайым – картайтат.
* Санаа самолёттон да күлүк.
* Санаасы жок сары сууга семирет,
катыны жок кыздуу үйгө теминет.
* Санаасы жок – уйкучу, ары жок – күлкүчү.
* Санаасыз суу ичсе да семирет.
* Санаа тарткандын ичкени – ирим, жегени – желим.
* Санаа эрди саргайтат, кайгы картайтат.
* Санаа эрди саргайтат, сары жел чөптү кубартат.
* Санабай туруп түгөл дебе.
* Санасаң айла таппайсың ажал менен өлүмгө.
* Сандык жыйгын жүгүңө, сарамжал кылгын үйүңө.
* Сан жылдыздын жарыгы жалгыз айча болалбайт.
* Сан тийбеске сан тийди, табак-табак эт тийди.
* Санчыга – сан.
* Саны бар, сапаты (кээде санаасы) жок.
* Саны болбосун, сапаты болсун.
* Саны менен бирге даны болсун.
* Сапарбайдын сан жылкысын көрбөй,
Кулансарыктын кула бээсин көрүптүр.
* Саралалуу көп жылкы булактан келип суу ичсе,
булактын чери жазылат.
* Сарала тоок саман чачат, өз айыбын өзү ачат.
* Сарала уйдун сарымай, далай дартка дарымай.
* Сарамжалдуу – байлыкка алып баруучу
байсалдуу жол.
* Сарамжалдуулук байлыктан артык.
* Сарамжалдуулук – бу да байлык.
* Сарамжал жанды жыргатат,
шалтурук жанды кууратат.
* Сараң адамды кесип алса кан чыкпайт.
* Сараң байдын коногу болгуча,
март кедейдин коногу бол.
* Сараңбай шордуу кулдан да жаман.

* Сарандан жыйнаганды зордукчу чачат.
* Сарандан сурасаң, ал сары оору болот.
* Сарандардын миңинен, жалгыз болсо да март жакшы.
* Саранды берип уялт.
* Сарандын казаны кайнабайт.
* Сарандын колу тар, кайда барса жолу тар.
* Саран эки эсе төлөйт.
* Саргайгандын баарысы саман эмес,
кеткендердин баарысы жаман эмес.
* Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң.
* Сарсанаа болбо жогуңа, санаа жокко жеткирбейт.
* Сарт байыса – там салат,
кыргыз байыса – катын алат.
* Сарт бышырсын, кыргыз туурасын, казак ашасын.
* Сарт санаасы менен байыйт, убайым менен карыйт.
* Сарттын аты жемкор болсо, дорбону тешет.
* Сарттын ашына күйгөнчө, атаңдын башына күй.
* Сары изине чөп салып.
* Сары мышыкпы, кара мышыкпы, чычкан алса болду.
* Сары савылды ичкендин жаны савил.
* «Сасык» деп, уйдун мурдун кесип таштабайт.
* Сатып алмайын кул болбойт,
төрөп алмайын уул болбойт.
* Сая албаган ийне тандайт,
саптай албаган учук тандайт.
* Сая жолдун да даңгырагысы келет.
* Саяпкери болбосо, буудан күлүк болорбу.
* Саяпкери жарашса, жаман ат байге алат.
* Саяпкери жарашса, жаман ат жарышка кошулат.
* Саясат сагыз эмес, каалагандай чайнагандай.
* Себеп кылсаң себетке суу токтойт.
* Себепсиз күлгөн тарбиясыздыктын белгиси.
* Себепсиз макал айтылбайт.
* Себептен себеп, балчыктан имарат.
* Сезимди да башкара билүү зарыл.
* Сексен жылкы, сегиз төө септүү кыздын калыңы.

* Селде – жүк, сакал – түк.
* Сел кетсе да сай калат, эл кетсе да жер калат.
* Селкинин сылык болгону жакшы,
жылкынын күлүк болгону жакшы.
* Сел сайды бузат, ушак элди бузат.
* Селсаяк жүрсөң таяк жейсиң.
* Селсаяк менен сагызганга убал жок.
* Семиз арыктаганча, арыктын жаны чыгыптыр.
* Семиздик айбанга жарашат.
* Семиздикти кой көтөрөт, эркеликти уул көтөрөт.
* Семиздин аягы сегиз.
* Семиз жер – мейиз жер, шор жер – кор жер,
кум жер – кубулган жер.
* Семиз кой берем дегенге селдесин саткан шум молдо.
* Сен арт, мен арттан да, сен тарт. мен тарт жаман.
* «Сен» деген сенек сөз, «Сиз» деген сылык сөз.
* Сен деген сыпайыга өлүм.
* «Сеники», «меники» – көңүлдүн тардыгы,
«ары жат», «бери жат» – төшөктүн тардыгы.
* Сени күндүз мактаган түндө сөгөт.
* Сен калкалаган душманды биз
талкалаганда сүйлөшө жатарбыз.
* Сен каркыра мен турна, мен турган жерге сен турба.
* Сен кимсиң – аны эл билсин.
* Сен салар да мен салар, атка чөптү ким салар?
* Сен, сен деген селейтет.
* Сен сыйласаң карыңды, кудай сыйлайт барыңды.
* Сен таза болсоң, мен таза болсом – коом таза болот.
* Септүү кыз болгуча, эптүү кыз бол.
* Септүү кыздын калыңы көп.
* Серке кой баштайт, баатыр кол баштайт.
* Серкеси болбой эл болбойт.
* Серпип коюп сүйлөсө каштын чери жазылат,
бала-чака көп болсо, аіштын чери жазылат.
* Сескенгенден сескен, шектенгенден шектен.

* «Сиз», «биз» деген сылык сөз, «сен»,
  «мен» деген сенек сөз.
* Сиздердикине барганда – ичейли да жейли,
  биздикине келгенде – ырдайлы да ойнойлу.
* Сиздин акканыңыз биздин акканыбыз.
* Сийдиги тентектин бири тентек,
  жатыны тентектин баары тентек.
* Сиңер жерге суу жай (сеп), угар кишиге сөз айт.
* Сиркеси суу көтөрбөйт.
* Согумдун башы – чечемдин ашы.
* Согумуң чүйгүн болсо, ичиңден кымый.
* Согумуң чүйгүн болсо, ичиңе сакта.
* Согушту көрбөгөн баатырсыйт.
* Согуштун көзү сокур.
* Соёрун сойдук, тогуз катын ким артат?
* Соёрун сойдум, тартуу (же тартышы) кандай болот?
* Сойгону – улак теке, тарткaны – кулак, чеке.
* Сойгуң келсе малдын семизин сой,
  арыгын ордуна кой.
* Сокку канчалык күчтүү болсо,
  душман ошончолук басынат.
* Сокку күчтүү болсо, чегинет душман артына.
* Сокмо да болсо бөз жакшы,
  сокур да болсо көз жакшы.
* Соко бир кишини багат, соода миң кишини багат.
* Сокулуу катын – зор катын,
  сокусуз катын – кор катын.
* Сокур атка котур ат үйүр.
* Сокурга күзгүнүн кереги не?
* Сокурга күн да, түн да бирдей.
* Сокурга сулуу катындын кереги не?
* Сокурдан кароолчу койсоң, элди жоого алдырат.
* Сокурдан сакчың болсо, элиңди жоо алат.
* Сокурдан сакчы койсоң, элиңди жоого чаптырасың.
* Сокурдун каткан тыйынын, көздүү таба албайт.
* Сокурдун тилегени эки көз.

* Сокурдун тилегени эки көз, чекирдин тилегени кара көз.
* Сокурдун тилегени эки көз, көйнөксөздүн тилегени бөз, дүлөйдүн угайын дегени жакшы сөз.
* Сокурдун шаарына барсаң, бир көзүңдү кысып ал.
* Сокур ит аксак түлкүдөн үмүт кылат.
* Сокур иттен аксак ит соогат сурайт.
* Сокур киши – шоона менен,
бакыр киши – маана менен (жүрөт).
* Сокур киши – шоола менен сүйүнөт,
баатыр киши – баана менен сүйүнөт.
* Сокур көргөнүн айтат (койбойт),
дүлөй укканын айтат (койбойт).
* Сокур намыс баш жарат.
* Сокур оорукчан келет, таз кыйыкчан келет.
* Сокур – орой, таз – кыйык.
* Сокур өлгүчө көзү ачылаарынан үмүт кылат.
* Сокур сыйпаганын койбойт,
дүлөй тыңшаганын койбойт.
* Сокур тоокко баары эле буудайдай сезилет.
* Сокур төөнү да көрбөйт.
* Сокур тутса – бек тутат, чолок урса – бек урат.
* Сокур уй кудук көргөндөй болбо.
* Сологойдун оңу бар.
* Сом темирге балка бар,
зордукчулга (чоңсунганга) алда бар.
* Сонор кууган аңчыга кыламык жааган кар кызык
* Соо болом десең, боюңа өлчөп тамак ич.
* Соо болом десең, сергек бол.
* Соодагер арзанга алат, эки-үч эсе кымбатка сатат.
* Соодагер барган жерин жакын дейт.
* Соодагерге мал кайгы, оорулууга жан кайгы.
* Соодагерде акча болбосо, сууда балык да болбойт.
* Соодагерде нысап жок.
* Соодагердин жолу бир, эсеби башка.
* Соодагердин төгүлсө бозосу, кошо сынат кесеси.
* Соодагердин түбү – борч, дыйкандын түбү – кенч.

* Соодагер өтүгүн майлайт, өтүгү көчүгүн майлайт.
* Соодагер санаасы менен байыйт,
убайым менен карыйт.
* Соодада берсең – аласың, алсаң – бересиң.
* Соодада достук жок.
* Соодада көңүл жок, саламда борчтук жок.
* Соода каш какканча.
* Сооданын иши карт менен.
* Соода сакал сыйпаганча.
* Соодасы бүткөн соодагердин кейпи бузук.
* Соодасы түгөнгөн сарттай.
* Соолбос өмүр, сынбас темир болбос.
* Соолгон көлгө бака бий.
* Соолубас өмүр болбойт, бузулбас буюм болбойт.
* Соолук койдун жашы жакшы,
шишек койдун башы жакшы.
* Соолутпа жанды, соо болсун десең Ата Журт.
* Соонуку – дилинде, мастыкы – тилинде.
* Соот кийгендин баары баатыр эмес.
* Соо эмес кыз соо кыздын бетин тырмайт.
* Сопунун көөнү азанда, соргоктун көөнү казанда.
* Сопунун көөнү зикирде.
* Сопу согон жебейт, жесе кабыгын да койбойт.
* Сопусунган молдонун үйүнөн
жети камандын башы чыгыптыр.
* Соргокко кырсык үйүр.
* Соргокко чоң аягыңды көрсөтпө.
* Соргок – суусаак, долу – ыйлаак,
ырысы жок – таарынчаак.
* Соргок – суусаак, колу – туткак.
* Сорготун баласы «мама» дейт,
кыдырчаактын баласы «опо» дейт.
* Сорготун көөнү казанда, сопунун көөнү азанда.
* Сорготун өзү тойсо да көзү тойбойт.
* Сорпосу даамдуу (ширин) болсо,
союлган козуга кайгыруу жок.

* Союлду ура билбеген өзүнө тийгизет.
* Союл камдаганча токмок көтөр.
* Союлуң күчтүү болсо, душманың алыс болот.
* Сөгүп үйрөтпө – сүйлөп үйрөт,
сөгүп үйрөтпө – окутуп үйрөт.
* Сөз айласын (жүйөсүн) билбеген сөздү өзүнө келтирет,
күч айласын билбеген, көчтө көлүк өлтүрөт.
* Сөз айтпагын болбоско, суу куйбагын толбоско,
акыл айтпа торпокко.
* Сөз аңдышуу – абысындардын жосуну.
* Сөз атасы – кулак, жол атасы – туяк.
* Сөз атасы – кулак, суу атасы – булак.
* Сөз атасы – ыр, сөз катасы – чыр.
* Сөз баштаган эл баштайт.
* Сөз башы ачуу болсо, аягы таттуу болот.
* Сөз башы – тилден.
* Сөз бербеген жөө чечен, учуп жүргөн камгактай.
* Сөз билбеген муштуму менен коркутат.
* Сөз билген кор болбойт.
* Сөз билген таап айтат, сөз билбеген каап айтат.
* Сөз билги – тапчыл, адам сулуусу – акыл.
* Сөз билүүчү адамдын ар сөзүндө бир тузак.
* Сөз бирөө, кулак экөө.
* Сөз – бороон, катуу соксо көңүл калат.
* Сөзгө – баатыр, ишке – бакыр (кэздe ишке жок).
* Сөзгө жараша сөз айтпаса, сөздүн атасы өлөт.
* Сөзгө жараша – сөз, суроого жараша – жооп.
* Сөзгө ишенбе, көзүңө ишен.
* Сөзгө кыйын, ишке жок.
* Сөзгө – сараң, ойго – терең.
* Сөзгө сөйкөнгөн, кепке кептелет.
* Сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болуп жүрбө.
* Сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылдың го!
* Сөзгө чоркок муштумун көрсөтөт.
* Сөз да оОздон чыгат, жан да оОздон чыгат.
* Сөз доодон да куткарат, жоодон да куткарат.

* Сөздөн оозго өтөт сөз шекери,
  үйдөн үйгө кыдырат иш бекери.
* Сөздөн сөздүн баркы бар,
  малдын сексен сегиз наркы бар.
* Сөздө чагуу жаман, топто кагуу жаман.
* Сөздү коюп, бөзгө кел.
* Сөздү көп сүйлөсө – тантык,
  сууну көп кечсе – чалчык.
* Сөздүн айгагы сөз.
* Сөздүн атасы – ыр, катасы – чыр.
* Сөздүн ачыгы жакшы, жолдун жарыгы жакшы.
* Сөздүн баркы – кыскалыгында.
* Сөздүн башы ачуу болсо, аягы таттуу болот.
* Сөздүн башы бир кучак, аягы миң кучак.
* Сөздүн көркү макалда, чалдын көркү сакалда.
* Сөздүн көркү – макал,
  жүздүн (кээде жигиттин) көркү – сакал.
* Сөздүн көркү – санат, куштун көркү – канат.
* Сөздүн кызуу темирдей ийилген убагы болот.
* Сөздүн сөздөй баркы бар, отуз эки наркы бар.
* Сөздүн ток этээр жерин айт.
* Сөздү сөздө, артын көздө.
* Сөздү сөз жыгат.
* Сөздү сөз келгенде айтпаса атасы өлөт.
* Сөздү сөз табат, жоголгонду житкен табат.
* Сөздү убагында айтпаса – атасы өлөт.
* Сөздү уккан жерге айт, сууну сиңген жерге сеп.
* Сөздү чын токтотот, сууну чым токтотот.
* Сөз жакшысын кулак билет,
  жол жакшысын туяк билет.
* Сөз жакшысын кулак билет,
  кыз жакшысын ынак билет.
* Сөз жип, кандай бурсаң бурулат.
* Сөз жип, кандай созсо кете берет.
* Сөз жоодон да куткарат, доодон да куткарат.
* Сөз жүзүндө сүйүүдөн, ачык жек көрүү артык.

* Сөз жүйөсүн билбеген сөздү өзүнө келтирет,
  көч айласын билбеген көчтө көлүк өлтүрөт.
* Сөз жүйөсүн тапса, мал ээсин табат.
* Сөз жүрөктө сакталат, бөз ийинде какталат.
* Сөз кадырын билбеген, өз кадырын билалбайт.
* Сөз кадырын билсең, өз кадырыңды билесиң.
* Сөз кадырын сыйлаган, өз кадырын сыйлайт.
* Сөз кадыры өмүр кунунан артык.
* Сөз катыгын билбеген сөз түбүнө жеталбайт.
* Сөз келгенде атаңды да аяба.
* Сөз келгенде кайнатаңдан да тартынба.
* Сөз келгенде сөзгө жараша сөз айтпаса,
  сөздүн атасы өлөт.
* Сөз келсе – де, аш келсе – же.
* Сөз көркү – макал, эр көркү – сакал.
* Сөз кулагы барга айтылат.
* Сөз кутулбайт чеченден, мээнет кетпейт бечелден.
* Сөз куш сыяктуу, учурсаң кайра конбойт колуңа.
* Сөз куш эмес, ооздон чыкса карматпайт.
* Сөз кылычтан өткүр, балдан таттуу.
* Сөз маанисин билбеген жолу туюк аскадай.
* Сөз маанисин билбеген сөзгө калат.
* Сөз октон өткүр, кылычтан курч.
* Сөз өзөгү – макал.
* Сөз өлсө – кунсуз, сатса – пулсуз.
* Сөз санабай гүлүн айт, миңин айтпай бирин айт.
* Сөз сөздөн чыгат, сүйлөбөсө эмнеден чыгат.
* Сөз сөздү табат.
* Сөз – сөөктөн өтөт, жүлүнгө жетет,
  таяк – эттен өтөт, тез эле унутулуп кетет.
* Сөз – сөөктөн өтөт, чучукка жетет.
* Сөз сурамак – ызаат, ат сурамак – сүннөт.
* Сөз таасир этпесе, таяк таасир этет.
* Сөз тапканга колко жок.
* Сөз тапка киргис кыргыйдай (кээде боосуз куш),
  ооздон чыкса карматпайт.

* Сөз татыгын билбеген – сөздү баалабайт.
* Сөз темирди тешет.
* Сөз тизгини тилде, кайда бурса кете берет.
* Сөз төркүнүн билбеген,
сөз түбүнө жеталбайт (уятка калат).
* Сөз тыңшаган жакшы ойдон акыл табат.
* Сөз угаарың болбосо, сүйлөбөгүн бекерге.
* Сөз уккандан үмүт кыл.
* Сөзү аздын иши көп.
* Сөзү жаман элди булгайт, буту жаман төрдү булгайт.
* Сөзү калса талаада, өзү калат балаага.
* Сөзү кардай аппак, иши көөдөй кара.
* Сөзү кыска, айта берсе нуска.
* Сөзү менен байыткан, колу менен жарытпайт.
* Сөзүм өлгөнчө, өзүм өлөйүн.
* Сөзүндө ырысы болбосо, эткени эм болбойт.
* Сөзүн сыйлаганың – өзүн сыйлаганың.
* Сөзүң болбосо, ишиң болсун.
* Сөзүңдү айт укканга, жан дилинен жукканга.
* Сөзүң кыска болсун, колуң уста болсун.
* Сөзүң күмүш болсо, тек туруууң алтын.
* Сөзүң менен ишиң айкалышсын.
* Сөзүң менен орок орбо, көзүң менен машак тербе.
* Сөзүң өлгөнчө өзүң өл.
* Сөзү өткүрдүн (курчтун) көзү өткүр (курч).
* Сөз – үрөн, иш – мөмө.
* Сөзү суук адамдар баш бербеген торпоктой.
* Сөзү таттуу, көңүлү ачуу (катуу).
* Сөзү ырас (кээде чын) болсо ордунда турат,
сөзү калп болсо – кудай (арбак) урат.
* Сөзү экинин иши да чеки.
* Сөз чынынан бузулбайт.
* Сөз – элдин кенчи, чөп – жердин кенчи.
* Сөз эмес сөздү сөз кылат (сүйлөйт).
* Сөз энеси – кулак, суу энеси – булак.
* Сөз ээси киши – журт көзү.

* Сөөгү биздики, эти сиздики.
* Сөөгү бышып катыгат, сөздү сүйлөп жатыгат.
* Сөөгү жакшы сөктүрбөйт.
* Сөөгү таза сулуунун көөнү таза болсун.
* Сөөк – кайрылат, дос – айрылат.
* Сөөккө бычак сатпа.
* Сөөк мүлжүбөй этке тойбойт,
 сыр чечишпей (же коно жатпай) кепке тойбойт.
* Сөөксүз тил сөөктү сындырат.
* Сөөк сынганы күнүмдүк, көңүл сынганы түбөлүк.
* Сөөктүн эң жаманы суу кечирет.
* Сөөлөтүңө жараша сөз ээрчийт,
 кебетеңе жараша кеп ээрчийт.
* Сөөмдү жакын, карышты алыс көрбө.
* Сөөмөй менен түртсөң, муштум менен жооп аласың.
* Спорт – адамдын денесин чыңайт,
 эмгек – адамдын туруктуулугун сынайт.
* Спортко жакындык – карылыкты алыстатат.
* Спортко канчалык жакын болсоң,
 карылык ошончолук алыстайт.
* Спорт менен эмгек эгиз.
* Сугалак көлмө суудан балык кубалайт.
* Сугатчынын аты суусап өлөт.
* Сугатчы тилейт эгинин, усталар тилейт темирин.
* Сугатчы чакырса – барбайм дебе,
 сууга аккан молдону – кармайм дебе.
* Суктан сураба, сараңга бербе.
* Суктун көзү ач болот.
* Сук чычкан сууга түшүп өлөт.
* Султан сөөгүн кордобойт, тулпар жүгүн оордобойт.
* Сулуу аялдын сузу жакшы.
* Сулуу аял көзүңдү тойгузат,
 акылдуу аял мээңди толтурат.
* Сулуу аял – трагедиянын баш каарманы.
* Сулуууга баа жок, акмакка дабаа жок.
* Сулуууга баа жок, кулга баары жок.

* Сулууга суктанбаган жүрөк болбойт,
таалайга талпынбаган тилек болбойт.
* Сулуу жүздү көргөндө көңүл жанат.
* Сулуу көргөнгө жакшы, акылдуу жашаганга жакшы.
* Сулуу кыздын – саамайы көрк, эр жигиттин –
таалайы көрк, саябан бактын – маанайы көрк.
* Сулуу кыз, кыраан бүркүт,
алгыр тайган таалайлууга туш келет.
* Сулуулар өздөрүн коргогонду билишпейт.
* Сулуулугунан жылуулугу (жакшы).
* Сулуулук – жандын азыгы, кыялдын канаты.
* Сулуулук – өзүнчө байлык.
* Сулуулукту көздөн издебе, сөздөн изде.
* Сулууну кучактаган кубанат.
* Сулуунун көз жашы кургабайт.
* Сулуунун көркү – көзүндө (маңдайда),
чечендин (кээде сөзмөрдүн) көркү – сөзүндө (таңдайда).
* Сулуунун суз болгону жакшы.
* Сулуунун сулуулугу өзүнө жоо.
* Сулууну суукта көр, жакшыны жаанда көр.
* Сулуу – сулуу эмес, сүйгөн сулуу.
* Сулуу – тили жок азыткы.
* Сумбула түшпөй суу тоңбойт,
кыргыек келбей күз болбойт.
* Сунайын десем кол жетпейт,
алайын десем ал жетпейт.
* Сунган моюнду кылыч кеспейт.
* Сунса кол узарбайт, жумулса көз ачылбайт.
* Сунулган башты суурулган кылыч кеспейт.
* Сураган адам – кайырчы, уурдаган адам – каракчы.
* Сураганга бекер бер, суусаганга жеке бер.
* Сураганга бекер бер, суусаганга жеке бер,
кыла көрбө текебер.
* Сураганга бербеген жаманатты болот.
* Сураган жеңил, жооп бериш оор.
* Сураган уят эмес, уурдаган уят.

* Сурай-сурай Мекеге барат.
* Сурап бергиче уруп бер.
* Сурап ичкен – суу ичкен, тартып өпкөн – жел өпкөн.
* Сурасаң билим аласың, уялсаң куру каласың.
* Сураша келсе, карын бөлө чыгат.
* Сур булуттун артында нурлуу күн бар.
* Суроосу жарашса сөз айтылат.
* Суу ага берет, таш кала берет.
* Суу адамдын жаны, өсүмдүк каны.
* Суу аккан арык жашаңча.
* Суу атасы – булак, сөз атасы – кулак.
* Суу барган жерге сулуулук да барат.
* Суу бар жерде жашоо (тиричилик) бар.
* Суу башынан тунат (кээде тоңот).
* Суу бойдун кирин кетирет, ойдун кирин кетирбейт.
* Сууга балык түшөт, эрге туяк бүтөт.
* Сууга жакын – кудайга жакын.
* Сууган аттын табы бар, сулуунун өз багы бар.
* Сууга тери ий болбос, сугалак жигит бий болбос.
* Сууга чөккөн адам өлөт, кайгыга чөккөн адам көнө[illegible]
* Сууга чөккөн балыкка пайда,
  кур кыялга баткан душманга пайда.
* Суу да Алла тааланын колунан бүткөн.
* Суудагы балыктын баасы жок.
* Суу да катуу жерге токтойт.
* Суудан айрылса балык өлөт,
  элден айрылса баатыр өлөт.
* Суудан алып, сууга куйду – бозочунун неси кетти?
* Суудан кургак чыгат.
* Суудан өзүн (кээде тонун) аябаган,
  жоодон жанын аябайт.
* Суудан өткүчө энемди берейин,
  суудан өткөн соң өтүгүмдү чечейин.
* Суудан өткүчө энемди берейин,
  суудан өткөн соң эмнемди берейин.

* Суудан сээп бышырган кийиз суудан да,
  сууктан да сактайт.
* Суудан тонун аябаган, жоодон жанын аябас.
* Суу – жашоонун булагы.
* Суу – жерге, байлык – элге.
* Суу жердин кан тамыры.
* Суу жок арыктан кол жууй албайсың.
* Суу жок болсо, турмуш жок.
* Суу жүргөн өзөн кургабайт.
* Суу жээгинен кудук казбайт.
* Суу канык – эгиндин даны толук.
* Суу кетсе таш калат, сурма кетсе каш калат.
* Суу кечпей, кепичиңди (кээде бут) чечпе.
* Суу кечпес сөздү айтпаган жакшы
  (Суу кечпеген сөздүн кереги не).
* Суу кечпес сөздү айтпагын,
  айтсаң кечкидей кылып баштагын.
* Суу көрбөгөн какырдан түңүл,
  эр көрбөгөн катындан түңүл.
* Суу көрмөйүнчө өтүк чечпе.
* Суук сөздөн ырыскы кемип турат.
* Суук сөз тууганга да жакпайт.
* Суук сөөктөн өттү, чучукка жетти.
* Суу кырк арыкта акса тазарат.
* Суу менен жер көгөрөт, эл менен эр көгөрөт.
* Суу менен келген жел менен кетет.
* Суу менен ойнобо, жай күнүнө ишенбе.
* Суу менен ойносоң чөгөсүң, от менен ойносоң күйөсүң.
* Суу менен өчкөн от кайра күйбөйт.
* Суу мол болсо, нан да мол.
* Сууну жер бөгөйт, жоону эр бөгөйт.
* Сууну көп кечсе чалчык болот,
  сөздү көп сүйлөсө тантык болот.
* Суунуку – сууга, сайдыкы – сайга.
* Суунун башы Сулайман.

* Суунун жайын жар билбейт,
  жоктун жайын бар билбейт.
* Суунун жакыны, төркүндүн алысы жакшы.
* Суунун ирими жаман, карынын ырымы жаман.
* Сууну сиңген жерге куй, сөздү уккан жерге айт.
* Сууну чым токтотот, сөздү чын токтотот.
* Суу өз тереңин табат.
* Суурган кылыч кынга кирбес.
* Суусаганга жеке бер,
  сураганга бекер бер – кыла көрбө текебер.
* Суусаганга кара суу майдан жакшы.
* Суусаганга кымыз бер, сураганга кошо бер.
* Суусаганга суу да таттуу көрүнөт.
* Суусатпаган сулуу болбостур.
* Суусуз жер көгөрбөс, элсиз эр көгөрбөс.
* Суусуз – өмүр да жок, көңүл да жок, эгин да жок.
* Суусу кетсе – таш калат, сурмасы кетсе – каш калат.
* Суу, суунун арты – чуу.
* Суу сыйлаган зор болор, суу кордогон кор болор.
* Суу тартылат, сел токтойт.
* Суу ташыса жээгине, эр ташыса элине.
* Суу төмөн карай агат, кичипейилдүүлүк адамга жагат.
* Суу чайпалып төгүлөт, эл чайпалып түгөнөт.
* Суучулдун ажалы суудан, мергендин ажалы тоодон,
  баатырдын ажалы жоодон.
* Суу ылайы – сыркоо булагы.
* Суу ылдый агат, баатыр өр талашат.
* Суу ылдый агып,
  суу өйдө чыкмайын адам кагылбайт.
* Суу эркиндикти сүйөт.
* Суюктун баары сорпо болбойт,
  теринин баары көрпө болбойт.
* Суюктун сөзү – туюк, кыңырдын сөзү - кыйшык.
* Сүзгүсү келген мүйүзүн жашырбайт.
* Сүзөгөн уйга кудай мүйүздөн айтпаган.
* Сүйбөгөнгө суюк атала берет.

* Сүйбөгөнгө сүйкөнбө.
* Сүйбөгөндүн ичкени – суюк атала.
* Сүйбөгөн менен жашоо – өзүңдү өзүң кыйноо.
* Сүйбөс конок төргө өт.
* Сүйгөн кесибиң – ырыс-кешигиң.
* Сүйгөнүңдүн кемчили болбойт.
* Сүйгүзгөн да тил, күйгүзгөн да тил.
* Сүйлөгөндү сүйсөң, укканды да үйрөн.
* Сүйлөгөн себет, тыңшаган орот.
* Сүйлөгөн сөздү угууга, сүйө билген жан керек.
* Сүйлөй билбес жамандын сөзү өтпөөчү бир бычак,
  сөз билүүчү адамдын ар бир сөзүндө бир тузак.
* Сүйлөй-сүйлөй чечен болот, көрө-көрө көсөм болот.
* Сүйлөөк эмес биздин кыз, сүйлөөк кылган өзүңүз.
* Сүйлөөрүң болсо оозуң кычышат, кылаарың болсо,
  колуң кычышат.
* Сүйлөөрүң жок болсо, сүйөөрүң болсун,
  күйөөрүң жок болсо, күтөөрүң болсун.
* Сүйлөөрүн Кара маңка сүйлөдү,
  уялаарын биз уялдык.
* Сүйлөсөм тилим ооруйт, сүйлөбөсөм дилим ооруйт.
* Сүйлөсөң сөздү татыгы менен сүйлө.
* Сүйлөсө тилинен бал тамат.
* Сүйөөрүң да – от, күйөөрүң да – от.
* Сүйрөлгөн иште сүйкүм жок.
* Сүйрүсүнө сүт толот, ийрисине эт толот.
* Сүйүнгөн менен маңдай айрылбайт,
  корккон менен жүрөк жарылбайт.
* Сүйүнчүнү буюрган киши алуучу,
  шашкан куру калуучу.
* Сүйүү – адам өмүрүнө келген улуу бакыт.
* Сүйүү баатырды да жеңет.
* Сүйүү башталган жерде акыл аягына чыгат.
* Сүйүү – бул Теңирдин бизге тартуулаган улуу белеги.
* Сүйүүдөн баары жаралды, сүйүүсүз адам караңгы.

* Сүйүүдөн калган көңүл
  эч кандай каарга тең келалбайт.
* Сүйүү – жаманды жакшы кылат,
  бактысызды бактылуу кылат.
* Сүйүү – жарыкчылыктын башаты.
* Сүйүү кары-жашты ылгабайт.
* Сүйүү – кол жеткис бийик, ой жеткис ыйык.
* Сүйүү менен жаша, күрөш менен өл.
* Сүйүүнү коргоо керек,
  ал өмүрдө бир гана жолу гүлдөйт.
* Сүйүүнүн көзү сокур.
* Сүйүүнү сактоо – дүйнөнү сактоо, бакытты сактоо.
* Сүйүү оттон ысык, гүлдөн назик.
* Сүйүү өлүмдөн күчтүү.
* Сүйүү өмүрдү көркүнө чыгарат.
* Сүйүү сокурдугу менен барктуу.
* Сүйүүсүз адамдардын оту күйүшпөйт.
* Сүйүүсүз аял карыз алган буюмдай.
* Сүйүүсүз өмүр жашоого жарды.
* Сүйүү сулуу издебейт, уйку төшөк издебейт.
* Сүйүшпөгөндүн оту күйүшпөйт.
* Сүлөөсүндөй керилген, сүйлөөр сөздөн эринген.
* Сүлөөсүндөй керилбе, чоңдугуң иттей эле бардыр.
* Сүрөөнү күч болсо, чобур ат байге алат.
* Сүрүп-сүрүп мал бер, сары өркөчтүү нар бер.
* Сүт десең уй бак, эт десең кой бак.
* Сүт жок жерде мышык сопу.
* Сүткө оозун күйгүзгөн, айранды үйлөп ичет.
* Сүткө түшкөн чычкандай.
* Сүт менен бүткөн мүнөз сөөк менен кошо кетет.
* Сүттөн кабары жок, айран уюдубу дейт.
* Сүттөн күйгөн оозум айрандан күйөбү деп чочуйм.
* Сыйга берген сыналбайт.
* Сыйга – сый, сыр аякка (сырага) – бал.
* Сыйдын чеги болбойт.
* Сыйды сурап албайт, тартууну тартып албайт.

* Сый жерде калбайт.
* Сый көрөм десең сыйлай бил.
* Сыйлаганга аш жок, сыйлап көргүн тил менен.
* Сыйлаганга аш таппасаң, сыпаа-сылык сөз тап.
* Сыйлаганга сыртыңды салба.
* Сыйлаганды билбеген сыйпалаган көр сокур.
* Сыйлаганды күтө бил, кыйнаганды түтө бил.
* Сыйлашаарга жат жакшы, ыйлашаарга өз жакшы.
* Сыйлашпаган тууганың, сыр айтпаган душмандай.
* Сыйлашуунун белгиси – алыш-бериш,
  ынтымактын белгиси – барыш-келиш.
* Сыйлык – жалкыга, сыймык – жалпыга.
* Сыйлыкты эмгектен, билимди китептен изде.
* Сый менен урмат сатылбайт.
* Сыймыгы качкандын үй-бүлөсүнө баркы болбойт.
* Сый – сыйга жарашат, сый билбеген адашат.
* Сый – үй-бүлөдөгү ынтымактын, бакыттын негизи.
* Сыйынсаң сый аласың, сыйынбасаң балээге каласың.
* Сылап көргүн (билгин) тил менен.
* Сылап сакал, сыйпап мурут чыгарган.
* Сылык тил – өмүр дарагы, кайсар тил – рухтун азабы.
* Сылыңкороз жигиттен сыны кеткен чал өйдө.
* Сынбай сөөк чор болбойт.
* Сынбас жыгач өсөбү, алдан-күчтөн тайбас алп болобу?
* Сынбас темир жок, өлбөс киши жок.
* Сынбасты уста жасабайт, өлбөстү кудай жасабайт.
* Сынгандан бертинген жаман.
* Сынган көңүл сылык мамиледен айыгат.
* Сындуу болсо өтүгүң, оорутпасын бутуңду.
* Сын чыйралтат.
* Сынчынын сыңар өтүгү майрык.
* Сыныктан башканын баары жугуштуу.
* Сыныктын жаманы – кыйшык (тескери) таңылганы,
  жигиттин жаманы – оозунан жаңылганы.
* Сыңар кепти кетирбей эшиткин.
* Сыпаага «сен» деген сөз – өлүм.

* Сыпаалык сырт кийимден, тазалык ич кийимден.
* Сыпайы менен дос болбо, катынга сырыңды айтпа.
* Сыпайы сызып айтат, чечен кызып айтат,
чоркок үзүп айтат, чогоол бузуп айтат.
* Сыпайы сырын жашырбайт.
* Сыпайы тоңбос, калтыраар.
* Сыпатты деле колунда барлар көрөт.
* Сыр алдырбас киши жок мактанса да,
күнөө кылбас киши жок актанса да.
* Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт.
* Сырга көк бол, убадага бек бол.
* Сырдашса сыр чечилет, сырдашпаса не чечилет.
* Сырды барктаган адам сактай да билет.
* Сыркоолук – ажалдын чабарманы.
* Сыртта мырза, үйдө кул.
* Сырты жалтырак, ичи калтырак.
* Сыртын көрүп, ичинен түңүлбө.
* Сырын албагандын сыртына чыкпа.
* Сырын алган байталдын сырт жагына чыкпагын.
* Сырын ачкан эмчиге сыйкыр бакпас.
* Сырын билгиң келсе сөзүн ук.
* Сырыңды айтсаң бирөөгө, каласың катуу күнөөгө.
* Сырыңды билип алдым, төрүңө кирип алдым.

## Т

* Таалайлуу менен талашып иш кыл,
бактылуу менен байлашып иш кыл.
* Таалайы ачылса, таштанды уул такка конот.
* Таалайы жокко таң атпайт.
* Таалайы жоктун табышмагы күч,
таргыл иттин алышканы күч.
* Таалайыңа эмне жазса, ошону көрөсүң.
* Таалимсиз өскөн – адепсиз.
* Таамай сөз таяктан катуу.

* Тааныбаган жердин ой-чуңкуру көп.
* Тааныбасты сыйлабас.
* Таанымал жерде бой сыйлуу,
  тааныбас жерде тон сыйлуу.
* Таап алсаң да санап ал.
* Таап сүйлөгөн таттуу сүйлөйт.
* Таарынгандыкы таттуу.
* Таарынганды тууганга жараткан.
* Таарынсаң Таласка бар.
* Таарынуу – кек сактоонун бир түрү.
* Таарынчаак бала тайкы бала, орой бала – осол бала.
* Таасирдүү сөз – тарбияга көмөктөш.
* Табак тамагы менен жарашат,
  эр жигит жарагы менен жарашат.
* Табак тарткан тамак сурабайт.
* Таба кылбай тобо кыл.
* Табарман ташты жарат, таш башты жарат.
* Табарман эрден, тубаган бээ өтөт.
* Табият кырсыгы аны унуткан жерде көп болот.
* Табы келишсе дүлөй угат.
* Табылып калса талаадан бир учук жип олжо.
* Табыпчы дартка жолдош.
* Тагдыр бактылууну сүйөт, бактысызды сүйрөйт.
* Тагдырдан ырлар жаралат.
* Тагдыр жазмыштагыны көрөм деп,
  отура берүүгө болбойт.
* Тажиктер бөтөн эл эмес, кыргыздарга кандаш эл.
* Таза аба жуткуң келсе – эрте тур,
  таза өмүр сүргүң келсе – эмгек кыл.
* Таза аба өмүргө жөлөк.
* Таза адамга чаң жукпайт.
* Таза болсоң суудай бол – баарын жууп кетирген,
  балбан болсоң жердей бол – баарын чыдап көтөргөн.
* Таза жүргөндүн дени сак.
* Тазалык ден соолукту чыңдайт.
* Тазалык өмүр булагы.

* Тазалык – соолук белгиси (негизи),
соолук – байлык белгиси (негизи).
* Таз арданса, бөрк алат.
* Таза суу – тазалык башаты.
* Таза үрөндөн өнгөн дан дыйканды байытат,
ак ниеттен чыккан сөз (кеп) адамды марытат.
* Таз базардан келсе, шум кабар айтат.
* Тазга бийлик тийсе, муз үстүнө чабат.
* Тазга тарактын кереги эмне.
* Таз дарыкер болсо, өзү таз болот беле.
* Таздын бити саналуу.
* Таздын көөнү болбосо да, таза кыздын көөнү калбасын.
* Таздын темир тарагы бар,
кемпирдин берекелүү тамагы бар.
* Тазды таз десе өлгүсү келет,
сакты (тазаны) таз десе күлкүсү келет.
* Таз такыядан жугат.
* Таз таранганча той таркайт.
* Таеке – жээндин пири.
* Тай ат болбосо, эр бант болот.
* Тай ат болсо – ат тыныгар, уул эр жетсе – ата тыныгар.
* Тай атка чыкса, ат азатка чыгат.
* Тайбуурулдун тартуу болуп кеткени –
Семетейдин ажалынын жеткени.
* Тай кунанга жеткизер, кунан атка жеткизер,
ат муратка жеткизер.
* Тай табылгыча таяк ылоо, ат табылгыча аяк ылоо.
* Тай туйлап (секирип) такка чыкпайт.
* Тайы жаман болсо да, тайлагы бар.
* Тайын сыйлаганды кудай сыйлайт.
* Тайып жыгылган таянып турар.
* Такалуу аттын изи бар, ачуулуунун тиши бар.
* Така туякты сактайт, туяк тулпарды сактайт,
тулпар эрди сактайт, эр элди сактайт.
* Тактыктан достук бузулбайт.
* Такыр жерге суу төксөң, тайгалак болот.

* Такыр жерге чөп чыкпайт,
тентек балага кеп жукпайт.
* Такыры жок жер болбойт, жакыры жок эл болбойт.
* Такыялуу башка далай иш түшөт.
* Талаага кетти мээнетим,
тартыштым байдын дөөлөтүн.
* Талаага түнөгөнчө молого (мүрзөгө) түнө.
* Талаада бөрү улуса, үйдөн иттин боору ачыйт.
* Талаадагыны үйгө болжобо.
* Талаадан музоосу эмсе, үйдөн сүтү төгүлөт.
* Талаадан табылса, бир ором жип да олжо.
* Талаадан тапкан мал олжо,
айыгып кеткен жан олжо.
* Талаа жери кең жер, улуу-кичүүгө (баарыга) тең жер.
* Талаа иши башындан сылабайт.
* Талаалуу жерде тоо болбойт,
жакшы элде доо болбойт.
* Талаанын көркү мал менен, калаанын көркү эл менен.
* Талаанын оту от болбойт,
үйдөн качкан катын болбойт.
* Талабы күчтүү тоо кулатат.
* Талантка айла жок.
* Талантка тарлык кылба.
* Талант – кишиге берилген табияттын белеги,
ал энеден кошо төрөлгөн асыл касиет.
* Талант тартынчаак болот.
* Талап – табылбас канат.
* Талаптанбай муратка жетпейт.
* Талаптуу бала талпынган куштай.
* Талаштан тактык жаралат.
* Талбас эмгек тоодой тоскоолдукту жеңет.
* Талдын көркү шагында, аялдын көркү багында.
* Талкан десе тап койгон, оюн десе от койгон,
* Талпак салганга талпак сал,
олпок салганга олпок сал.
* Талпынбай тилекке жетпейт.

* Тал чыбыктын ийилгени – сынганы,
эр жигиттин уялганы – өлгөнү.
* Тамагы майлуунун – көйнөгү көөлүү.
* Тамагын тартпаган таттуусунан айрылат.
* Тамагыңды жеген бар, таза эмессиң деген бар.
* Тамагың майлуу болсо, конушуң жайлуу болот.
* Тамак бар жерде дымак бар.
* Тамак болбой, дымак болбойт.
* Тамакка да топук керек.
* Тамак көп болсо – итке жакшы,
тамак жок болсо – битке жакшы.
* Тамак көрсө күлкүсү келет, китеп көрсө уйкусу келет.
* Тамак менен кыйнабай, муш менен кыйна.
* Тамаксоонун табагы толбойт,
топуктуунун жаманы болбойт.
* Тамак, тамак болсо дымак.
* Тамактан аяган мончок курусун.
* Тамактан дымак жаралат.
* Тамактан өткөндүн баары тамак.
* Тамакты бир тууш ичет, бир кууш ичет.
* Тамакты кабак көрөт.
* Тамактын жакшысы ток, жаманы жок.
* Тамакты таттуу кылган туз,
ыраакты жакын кылган кыз.
* Тамак үчүн асмандагы куш торго түшүптүр.
* Таман акы, маңдай тер талыкпастан иштей бер.
* Таманың тайгак болсо, таканы мыктап как.
* Тама-тама көл болот.
* Тамашага – тамаша, каяшага – каяша.
* Тамашанын таттуусу таң атканда билинет.
* Тамашаны тар адам көтөрбөйт, нар адам көтөрөт.
* Тамашанын теңи чындык.
* Тамды бузган танасы, кызды бузган энеси.
* Тамды тешкен уурунун сабы кыска чоту бар.
* Тамекиге булгандың, таза денден кур калдың.
* Тамекиге түтөдүң, өпкөңдү бүтөдүң.

* Тамеки жашты кары кылат, карыны ары кылат.
* Тамекинин кумары – таза дендин убалы.
* Тамеки – сөөлөттүкү, насбай – мээнеттики.
* Тамеки тартуу баңгиликтин бир түрү.
* Тамчыдан булак, булактан дайра.
* Тамчы сел болбойт, душман эл болбойт.
* Тамчы суудан тал көгөрөт.
* Тамчы суу – өмүр азыгы.
* Тамчы тама берсе таш жарат,
бир сөз ырбай берсе баш жарат.
* Тамчы тамса деңиз болор.
* Тамчы ташты тешет, жип жыгач кесет.
* Тамчы чогулуп суу болот, чыр чогулуп чуу болот.
* Тамыр житкен сайын көкөлөйт.
* Тамырлуу да жыгылат, такалуу да тайгаланат.
* Тамырсыз дарак, тарыхсыз эл болбойт.
* Тамыр тарткан талыкпайт.
* Тамыры жок дарак өнбөйт,
жеринен ооган жүк оңолбойт.
* Тамыры жок дарактын өмүрү кыска.
* Тамырына жараша шагы.
* Тандаган тазга жолугат, тайгаланган музга жыгылат.
* Тандачу элең барчыным (кургурум) тал-тал кара чачтуу-
ну, таалайыңа жазыптыр аарчыган пияз баштууну.
* Таң азандан турсаң, ырыскыңдан куру калбайсың.
* Таң атпайын дегенге күн да батпайт.
* Таң атпаса күн чыкпайт, таз башына жүн чыкпайт,
бекер жерден чуу чыкпайт.
* Таңда күнү таң атар, саамал ичер күн тубар.
* Таңды тоссоң маанайың артылат,
талааны баксаң таалайың артылат.
* Таң жаралса түн кетер.
* Таң калгандан тарс жыгыласың.
* Таңкы куйруктан азыркы өпкө.
* Таңкы суукка калсаң да, кечки суукка калба.
* Таң сүрө иштегениң – таалай, бакыт издегениң.

* Тапканга бербейм бакканга берем, тапканга келбейм, бакканга келем.
* Тапкан сүйүнөт, тааныган алат.
* Тапканыңа сак бол, эсебиңе так бол.
* Тапкан – эне эмес, баккан – эне.
* Таранчыдан корккон таруу экпейт.
* Таранчы жеген таруунун бөдөнө тартат азабын.
* Тарбия – баасыз байлык.
* Тарбия – кишинин дүйнөсүн жаңыртып, жашартып, тазалап туруучу рухий азык.
* Тарбия – көп кырдуу, таалим – миң сырдуу.
* Тарбия көрбөгөн адам болсо болот, тарбияга көнбөгөн адам болбойт.
* Тарбиянын жакшысы – тагдырдын ачкычы.
* Тарбиянын кени мектепте.
* Тарбия тилден башталат.
* Тар жерден аш жегиче, кең жерден муш же.
* Тар жерде табышкан кең жерде кагышат.
* Тар жол, тайгак кечүүдө.
* Тар кийим талашып (же тартышып) жыртылат, кең кийим кеңешип жыртылат.
* Тар өтүгүң бутуңду кысса, кең дүйнөдөн не пайда.
* Тарс эткендин баары тамаша, карс эткендин баары күлкү.
* Тартар тилинен тартаар.
* Тартип бар жерде жеңиш бар.
* Тартип кайда болсо, жеңиш да ошол жерде болот.
* Тартипсиз үйгө таалай түнөбөйт.
* Тарткан – төө, чачкан – чычкан.
* Тартынбаганга таяк да курал.
* Тартынбаган тил таттуу турмушту бузат.
* Тартынчаактык – алды тар, арты көр.
* Тартып ичкен тай ашырат, аяп ичкен ат ашырат.
* Таруусун таштай актаган, катынын кыздай мактаган.
* Тар үйдө олтуруп тамак жегиче, кең үйдө олтуруп муш же.

* Тарчылык болбой – кеңчилик болбойт,
  кеңчилик болбой – теңчилик болбойт.
* Тарыхка кириш кыйын, чыгыш оңой.
* Тарых кекчил: уулуңа таяк көтөрсөң,
  уулуңдан бычак жейсиң.
* Тарыхта бир жакшы адам, бир жаман адам калат.
* Тарых түбү, чеги жок мухит.
* Тарых чындыкты жоюп салалбайт.
* Тарыхы болбой эл болбойт,
  тамыры болбой жер болбойт.
* Тарых эстеликтери – табылгыс байлык.
* Тастаңдаган кыздан түңүл,
  жаздай болгон кыштан түңүл.
* Таттуу болсоң балдай бол, ачуу болсоң туздай бол.
* Таттуу калптан, ачуу чындык жакшы.
* Таттуу ооздун даамын кетирбе.
* Таттуу тилден жаның жыргайт.
* Татыбаган туз жаман, тастаңдаган кыз жаман.
* Татынакай келбетти табияттан изде.
* Ташбакага таш жааса деле баары бир.
* Ташбака өзүн элмин дейт, үңкүр өзүн үймүн дейт.
* Таш жарган балта кеңеште баш жарат.
* Ташка салып айдаса, тулпардан туяк кетилет,
  саяпкери жарашса, тулпарга туяк жетилет.
* Таш койгонго таш кой, кыш койгонго кыш кой.
* Таш койгон ташын алат, кыш койгон кышын алат.
* Таш койсоң таш көрөсүң, кыш койсоң кыш көрөсүң.
* Ташкын өтөөр, таш калаар.
* Ташкын суу кечүүсүз болбойт.
* Таш менен урганды аш менен ур (кээде сыйла).
* Таштанбектин тушунда, таштай каттык ушунда.
* Таш, ташты эриткен аш.
* Таш түшкөн жеринде оор.
* Таш түшкөн жеринде оор,
  иш чыккан жеринде зарыл.
* Ташты бөлгөн тиш аштан сынат.

* Ташты ташка урганың менен таңдайыңа тамызаарга суу чыкпайт.
* Таш түшсө таалайыңдан, кум түшсө кудайыңдан.
* Таш түш, таалайыңан көр.
* Ташты кумдай кылып жанчкан бар, кумду ундай кылып жанчкан бар.
* Ташты таш менен урганда козголот.
* Ташты эриткен – аш.
* Ташчы ташты тешет, айың (ушак) башты тешет.
* Ташыркаса бууданды, «баса албайт» деп кордобо.
* Таягың узун болсо, белиң ийилбейт, канаттуунун териси мээлей болуп кийилбейт.
* Таяк жарасы бүтөт, тил жарасы бүтпөйт.
* Таяк тайга жеткирет, тай атка жеткирет.
* Таяк тапса төкөр сүйүнөт.
* Таяктын эки башы бар, аны билгин, иш кылсаң эки башын тең баса жүргүн.
* Таяк эттен өтөт, сөз сөөктөн (жүрөктөн) өтөт.
* Таянаарың болбосо, таамай сөздөн пайда жок.
* Таянаарың болсо мактан, таянаарың болбосо сактан.
* Таянган кожоң суутa акса, алды-артынан тал карма.
* Таянган тооңу көчкү алса, талдуу бутагыңды ким калкалайт.
* Таянган тоосу бийик болсо, текенин көзү кызыл болот.
* Таянган тоосу бийик болсо, ыргыткан ташы алыс түшөт.
* Таяныччы жок адам жаман болот, бөөдөсүнөн ар дайым залал болот.
* Тебеленген балчык, сөз билбеген тантык.
* Тегинен эмес кебинен.
* Тегин жаткан текемди сенин эчкиң ала кетти.
* Тегин жерден өрт чыкпайт.
* Тегин жерден сөз чыкпайт.
* Тегин сыйлаганды Теңир колдойт.
* Тегин эмес түшүңүз, оңолот экен ишибиз.

* Тегирменге колуңду чөнтөгүңө салып
  кирсең деле ун болуп чыгасың.
* Тегирменде туулган чычкан күндүн
  күркүрөгөнүнөн коркпойт.
* Тегирмендин барасы жүгүрсө,
  ташы талкалануугa макул.
* Тез бар жерде ийри жыгач жатпайт.
* Тезге салгандай.
* Текебер болот поруму, тентек болот жоругу.
* Теке болсо мейли, сүт берсе болду.
* Текенин мүйүзү көккө жетпейт,
  төөнүн куйругу жерге жетпейт.
* Текенин өзү ойдо болсо да, көзү зоодо.
* Теке – тоочул, коён – коңулчул.
* Теке – турукка, азамат – урукка.
* Тек жүргөн – ток жүрөт.
* Тек жүрсөң – тең жүрөрсүң, шок болсоң –
  жок болорсуң.
* Тек сурамак Теңирден калган.
* Тек тургуча, тегин иште.
* Тектүү жер – намыстуу эл.
* Тели куш учат тегине,
  кыз бала кетет тие турган эрине.
* Темене берип төө алат.
* Темене тартып төө алат, өрдөк берген каз алат.
* Темене тартып төө алат, тартуу кылып чай алат.
* Темирди кенден изде, бакытты жерден изде.
* Темирди кызуусунда сок, кепти кызуусунда айт.
* Темирдин бир башы ысык, бир башы суук.
* Темирдин кадырын уста билет.
* Темирдин курчунан эмес, сугарган суусунан.
* Темирдин эки башы да ысык.
* Темирди соксоң кыл болот, ташты соксоң кум болот.
* Темирди эриткен көмүр, адамды эриткен көңүл.
* Темир жатса дат басат, буюм жатса чаң басат.
* Темир – отто, киши жокто – чыңалат.

* Темир сынат, өмүр өтөт!
* Темир сырын отто таанытат,
  адам сырын жокто таанытат.
* Темирчинин бычагы жок.
* Темирчи көмүрчүгө үйүр.
* Тентек баланы теке сүзөт.
* Тентек бала тез токтолот.
* Тентекке санат болбосо, журт ыраатты бузулат.
* Тентек молдо – телмирген өгүз.
* Тентектик – теңирдин жолунан чыгуу.
* Тентек чокмор жыйнайт.
* Теңатанын жаманы болгончо,
  ак буудайдын саманы бол.
* Теңдиги жок бийден теңдиктүү кул жакшы.
* Теңдик деген улуу сөз ынтымакты кармаган.
* Тең жегенди Теңир сүйөт, жеке жеген жерге кирет.
* Тең жүргөндү Теңирим жалгаптыр.
* Теңиби, тең эмеспи – нике буйрук,
  таалайга жазып койгон кызга буйруп.
* Теңине албагандын тегерегине жолобо.
* Теңин тапса, тегин бер.
* Теңирим бир жаадырса, терегим эки жаайт
* Теңирчилик – тең биримдик.
* Тең көргөндү теңирим сүйөт,
  тең көрбөгөндүн кепини күйөт.
* Теңсинбегенге теңелбе.
* Теңсинбегенди Теңирим сүйбөйт.
* Тең теңи менен, тезек кабы менен.
* Тең теңин тапса, деңиздей чалкып жашайт.
* Тең туугандын жаманы болгуча,
  ак буудайдын саманы бол.
* Теңтуштан ашкан асыл курбу болобу.
* Теңтуштар менен салган обон пейилди тазартып,
  адамга жакындатат.
* Теңтуштун жайын билеби тебелеп жүргөн өз баркын.
* Теңтуштун теңири бир.

* Тепкенин жазбас тынар бар,
  кыздан чыккан кыраан бар.
* Теректей бой бергенче, теменедей акыл берсин.
* Теректей бойдон теменедей акыл артык.
* Теректин башы тыт болот, жаман киши кырс болот,
  каарына алганда жайдын күнү жут болот.
* Теректин көркү жалбырак, адамдын көркү чүпүрөк.
* Терең адам – капчыгай, чабал адам – чакчыгай.
* Терең дарыя тынч агат, акылдуу киши тынч айтат.
* Тереңдикти чөккөн билет,
  бийиктикти чыккан билет.
* Терең ой жүрөктүн тереңинен чыгат.
* Терең өздөштүрүүнүн негизи – байкоо.
* Терең суу менен бойлошпо, билимдүү менен ойношпо.
* Терини ашата албаган жыдытат,
  сүттү уюта албаган иритет.
* Тери тондун ичинде тердесин жигит өлбөсүн,
  куур тондун ичинде куурасын жигит өлбөсүн.
* Тер көтөрбөй күлүк болбойт,
  кеп көтөрбөй жигит болбойт.
* Терс угулган сөздүн жообу да терс.
* Тетиги жигит кыз көрөт, ал жигитти ким көрөт.
* Тетири болсо кыялың, тартарсың зыянын.
* Тешик (же көздүү) мончок жерде калбайт.
* Тешик ооз тим турабы? (же тек турабы?).
* Тиги дүйнөнүн бейишинен
  бул дүйнөнүн кейиши артык.
* Тиги тоо менен бу тоону самаган түлкү ачка өлөт
  (же ачтан өлүптүр).
* Тиешелүү сөз келсе айта албаган дөдөйлүк.
* Тизелеп жашаганча, тик туруп өлгөн артык.
* Тийбегенге тийишпе (же сүйкөнбө).
* Тийген болсо тилин айт, күнөөсү болсо билип айт.
* Тийип туруп жааган күндөн түңүл,
  күлүп туруп сүйлөгөн жандан түңүл.
* Тийсе аякка, тийбесе таякка.

* Тик айтылбас тил болбойт,
жалбырак болбой гүл болбойт.
* Тикен гүлүн коруйт, аары балын коруйт,
жаман малын коруйт, жакшы арын коруйт.
* Тикенди түбүнөн үз.
* Тикенсиз гүл болбойт, тик айтылбас тил болбойт.
* Тиккен бак өнбөй калбайт,
эр жигит жакшылыкты көрбөй калбайт.
* Тил адамды адам кылат, аша чапса жаман кылат.
* Тил адамды бакыт, даңкка жеткирет,
тил адамды шорго салат, өлтүрөт.
* Тилазар тилге келбейт, тилинен өлөөрүн билбейт.
* Тил – акыйкаттын ачкычы.
* Тил акыйкатты табат.
* Тил – акыл жарчысы, жүрөктүн ачкычы.
* Тил акыл талаасы (же акылдын жарчысы).
* Тил – акыл таразасы, акыйкат жарчысы.
* Тил албаган жаманга акыл сөздөн муш жакшы.
* Тил албаган уулуң – бел ашпаган арыктай.
* Тил албасты жумшаганча, тына-тына өзүң бар.
* Тил ачуусу шакардай.
* Тил байлыгы – эл байлыгы.
* Тил – баш жарат, тамчы (кээде жел) – таш жарат.
* Тил башты багат.
* Тил билген дил билет.
* Тил билги жүйөөкеч кол ийиктен элпек.
* Тил билсең – дил билесиң.
* Тил бирде тууган, бирде душман.
* Тилге күйгөнүң – элиңе күйгөнүң,
тилге күйбөгөнүң – мекениңди сүйбөгөнүң.
* Тилден бал да тамат, уу да тамат.
* Тилден жыгылганча, буттан жыгыл.
* Тилден кыйын жоо жок, кыздан кыйын доо жок.
* Тилде сөөк жок – не дебейт,
айбанда акыл жок – не жебейт.
* Тилди бош койсо, тишти сындырат.

* Тилди бузуп жаныңды жебе,
калпак кийип кыргызмын дебе.
* Тилдин кулпусу – тиш.
* Тилдин сөөгү жок.
* Тилди тил кесет, тиш өтпөгөнгө тил өтөт.
* Тил – душман, акыл – дос, тиш – коргон.
* Тилеги бирдин – билеги бир.
* Тилеги жаманды ит кабат.
* Тилеги каткан элдин тилемчиси көп.
* Тилемчинин куржуну толбойт,
алынча берсең аз деп кордойт.
* Тил – жүрөктүн ачкычы.
* Тили – бал, жүрөгү – муз.
* Тили боштун дили бош, өзү түздүн – сөзү түз.
* Тили жоктун – үнү жок.
* Тили жүгүрүк – кепке, буту жүгүрүк – ашка.
* Тилинген жара айыгат, тил жарасы айыкпайт.
* Тилинде актык келмеси бардын, дилинде шайтан сөзү бар.
* Тилин жоготкон калк – тирүүлүгүн жоготот.
* Тилинен заар чыгат, бетинен чаар чыгат
* Тилинен өлөөрүн билбей, тилазар тилге келбейт.
* Тилин тепсеген – дилин өрттөйт.
* Тилин тишине каткан жакшы.
* Тилиңди да, дилиңди да сыйлай бил.
* Тилиңди тыйбасаң тишиң талкаланат.
* Тилиңе – тибиртке.
* Тилиң тишиңе күбө.
* Тилиң жүгүргүчө, колуң жүгүрсүн.
* Тилиң түйгөндү тишиң чечпейт.
* Тили тайгактын оозу айгак.
* Тили таттуу аш жейт, тили ачуу муш жейт.
* Тили шогурактын батымы жогураак.
* Тил – көңүлдүн ачкычы.
* Тил көргө да түшүрөт, көккө да чыгарат.
* Тил курсак тойгузат.
* Тил – кылычтан өткүр, баатырдан баатыр.

* Тил менен тикенди да аласың.
* Тил менен түрдүү адамды да өлтүрүүгө болот.
* Тил менин тууганым, тил менин душманым.
* Тил – муунсуз, ой – түпсүз.
* Тил – ойдун сандыгы.
* Тилсиз жоонун ана башы – өрт.
* Тилсиз тирдик да, бирдик да жок.
* Тил – топчусуз, ооз – ачкычсыз.
* Тил – улуттук байлык, улуттук маданият, улуттук мурас.
* Тил – уудан да ачуу, балдан да таттуу.
* Тил чебери – чечендик.
* Тил – элчинин кылычы.
* Тирилигиң – зор дөөлөт.
* Тириликтин күчү – бирдикте.
* Тирүү болсок бир дөбөдө,
өлүп калсак бир чуңкурда (бололук).
* Тирүү болуп санда жок, өлүү болуп көрдө жок.
* Тирүүдө сыйлашып, өлгөндө ыйлашпаган урук-тууган, дос-тамыр, куда-сөөктөрдөн оолак болушсун дешет адамдар.
* Тирүүдө сыйы жоктун, өлгөндө ыйы жок.
* Тирүү жанга өлүм бар.
* Тирүү жандын атасы – күн, энеси – жер, каны – суу, жаны – аба.
* Тирүү жандын өз ырыскысы бар.
* Тирүү койгонду куру койбойт.
* Тирүүлүгүң – зор дөөлөт.
* Тирүүлүк – жолдон башталат.
* Тирүүлүктө күдөрүңдү (кээде үмүтүңдү) үзбө.
* Тирүүлүктө – мал таттуу, өлмөйүнчө – жан таттуу.
* Тирүүлүктүн көркү – сый.
* Тирүүнүн өз кесиби (насиби) бар.
* Тирүүңдө сыйлашпасаң, өлгөндөн кийин ыйлашпа.
* Тиши бүтүндүн тили так.
* Тишим кетик болсо да, көңүлүм тетик.

* Тишиң барда таш чайна, тишиңден кийин аш кайда.
* Тишиңе карап ышкыр, мурдуңа карап бышкыр.
* Тишиңди жашырсаң,
  тилиңди сунарсың (же чыгарарсың).
* Тишиң ооруса – жулуп тын,
  коңшуң жаман болсо – көчүп тын.
* Тишиң ооруса тилиңди тарт,
  көзүң ооруса колуңду тарт.
* Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт.
* Тиш өтпөгөнгө тил өтөт.
* Тишти (тилди) кордосоң – сөзгө зыян,
  чөптү кордосоң – көзгө зыян.
* Тиштин сырын тил билет.
* Тиш – ырыскы, тил – дөөлөт, тирүүлүгүң бир дөөлөт.
* Тобокелге салгандык – илимден артта калгандык.
* Тобокелде кайгы жок.
* Тобокелдин кемеси сууга чөкпөйт.
* Тобокелдин көөнү ток.
* Тобокел ишке арман жок.
* Тобокел – кээде жакшы, кээде жаман.
* Тобокел түбү – жел кайык, желесиң да жетесиң.
* Тобокелчи тоо аттайт.
* Тобокел – эрдин жолдошу.
* Тобунан ажыраган торго түшөт.
* Тоготпогон жыланды топтошкон кумурска өлтүрөт.
* Тогуз катар торкодон,
  токтучагымдын териси жакшы (кээде артык).
* Тогуз катар торкодон үшүп отурам, көңдөй көт
  кантти экѐн (шилбинин сөңгөк куурайга атканы).
* Тогуз сокурга бир таяк көсөм.
* Тозгон казды топтошкон карга алат.
* Тозок менен тооруган бейиш менен алдайт.
* Тозокту көргөн от менен ойнойт.
* Тойбогон бай томаяктын аялынан үмүт этет.
* Тойбодум деп таарынбайт, сойбодуң деп таарынат.

* Тойбой жеген аш курусун,
кордукта жашаган баш курусун.
* Тойго барсаң мурун бар, мурун барсаң орун бар.
* Тойго барсаң тоюп бар, ашка барсаң ачка бар.
* Тойго барсаң тоюп бар, жамандыгыңды коюп бар.
* Тойго барсаң тоюп бар – торко тонуң кийип бар,
ашка барсаң ачка бар – ала чапаныңды кийип бар.
* Тойгондо токтунун эти топурак татыйт.
* Тойгон дөбөт үрөөнөк, тойгон жигит жүрөөнөк.
* Тойгон ит ээсин таанабайт.
* Тойгонуңа сүйүнбө, сиңирээриңе сүйүн.
* Тойгон – таткан – барыга тең.
* Той да болоор, тойдун эртеси да болоор.
* Тойдо тонумду бер дебе.
* Тойдум деп сүйүнбө – сиңирээриңе сүйүн,
байыдым деп сүйүнбө – ийгилигине сүйүн.
* Тойдун болгонунан болот дегени кызык.
* Тойдун көркү – аш, тоонун көркү – таш.
* Тойсуз үй болсо да, ыйсыз үй болбойт.
* Той – токчулуктун жышааны.
* Той – тондуунуку, аш – аттуунуку.
* Той шылтоосу менен тон бүтөт.
* Ток бала ач балага карабайт.
* Ток бала ач болом деп ойлобойт.
* Ток бала эчтемени ойлобойт.
* Ток киши тамакты тандап ичет,
ач киши табылганын ичет.
* Токмогу күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет.
* Токмун деп томуктун этин таштаба.
* Токойдо жүрүп сайраган: булбулдан
муңдуу куш барбы, өлгөндөн жаман иш барбы.
* Токой – жердин көркү, эр – элдин көркү.
* Токойлуу жер аңсыз болбос.
* Токой тоодо болот, эгин ойдо болот.
* Токой – эл байлыгы.
* Токол катын – эрге жакын, алкы таза – элге жакын.

* Токол уйдун түшүнө мүйүз кирет.
* Токол уйду чапсаң, мүйүздүүгө доо кетет.
* Токол эчки кой баштабайт.
* Токол эчки койдо жок, токол катын тойдо жок.
* Токол эчки мүйүз сураймын деп
кулагынан ажыраптыр.
* Токол эчки өзүн улаксыйт.
* Токоч – тоют, жарма – оокат.
* Токоюна карай аңы, учуруна карай заңы.
* Токсон ооз сөздүн томуктай түйүнү болот.
* Токтогулдай ырчыны айт, Толубайдай сынчыны айт.
* Токто жеген куйкаңды текте (кээде түк да) унутпа,
текте жеген куйкаңды токто унутпа.
* Токтоолук – бакытка алып баруучу ырыстуу жол.
* Токтоолук жаш адамга жарашпайт.
* Токтоолук – толук түшүнгөндүк, мактангандык –
өзүн баалабагандык.
* Токумдай тоосу жок, кемегедей коосу жок.
* Токчулукта ит күчөйт, жокчулукта
(кээде ачарчылыкта) бит күчөйт.
* Токчулукта мүлжүгөн сөөк ачкачылыкта
көздөн учат.
* Ток чычканга тоң май жакпайт.
* Толгон токойдон орокко сап чыкпаптыр.
* Толгон – төгүлөт, көпкөн – жарылат.
* Толкунсуз көл болбойт, кайгысыз эл болбойт.
* Толкуну жок көл чайпалбайт.
* Толтура аяк толугу менен тийбейт.
* Толтура буудай салганда кампанын чери жазылат,
топ этип жерге түшкөндө жампанын чери жазылат.
* Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол.
* Томуктай нерсени тоодой кылат.
* Томуктай чындыктын тоодой баркы бар.
* Тон жакасы, журт атасы.
* Тон жакасыз болбойт, жигит кыялсыз болбойт.

* Тон жылуусун ээси билет,
  муңдуунун муңун муңдуу көрөт.
* Тон кийбеген тон кийсе, кага-кага бүтүрөт
  (тоздурат), ат минбеген ат минсе, чаба-чаба өлтүрөт.
* Тон сактаган тон кийсе, ат сактаган ат минет.
* Тоңгон тонун мактайт, адашкан жолун мактайт.
* Тоо арасын суу бузат, эл арасын чуу бузат.
* Тоо атасы – кумактан, суу атасы – булактан.
* Тоо – атасы, суу – энеси кыргыздын.
* Тоо бийиги чокудан көрүнбөйт.
* Тоо бийиктиги алыстан байкалат.
* Тоо бөрүсү, токой каракчысы көп.
* Тоодактын эти – токтунун эти,
  улардын эти – улактын эти.
* Тоодогу түлкүнү табындагы тайган алат.
* Тоодогу эчки күүлөгөндө, теке жүгүрүп келет.
* Тоодо да бар таргыл таш, тарыкса чыгат көздөн жаш.
* Тоодо жолборс болбосо, маймыл бадыша болот.
* Тоодой баш бергиче, томуктай акыл берсин.
* Тоодой калпты томуктай чындык жеңиптир.
* Тоодой караны, томуктай ак жеңет.
* Тоодой сөздү бергенче, берметтей ишти бер.
* Тоодо кийгенин тойдо да киет.
* Тоодон түшөөрдө – таскак, тоого чыгаарда – аксак.
* Тоо – жонум, ат – канатым.
* Тоо койнунда болбой, эл койнунда бол.
* Тооксуз эле таң атат.
* Тоокто акыл болсо, жээр беле бок.
* Тооктун түшүнө таруу кирет (же кириптир).
* Тоок туурда какылыктайт.
* Тоолуу жер аңсыз болбойт,
  көчмөн эл малсыз болбойт.
* Тоолуу жердин бөрүсү, ойлуу жердин уурусу (күч).
* Тоолуу жер карсыз болбос.
* Тоону бийик дебе – талаптансаң чыгаарсың,
  жоону күчтүү дебе – кайраттансаң жыгаарсың.

* Тоонун көркү – кенинде, талаанын көркү – эгинде.
* Тоонун кыздары кыйын келет.
* Тоонун түбү – бел болор, жоонун түбү – эл болор.
* Тоонун түлкүсү жакшы, бардын күлкүсү жакшы.
* Тоону, ташты суу бузат, адамзатты сөз бузат.
* Тооң бийик болсо, ыргыткан ташың алыс түшөт.
* Тоорумду бирге тооруштук, качан көңүл калыштык, чалгынды бирге чалыштык, кай жерде көңүл калыштык.
* Тоосу жок жер болбойт, таланты жок эл болбойт.
* Тоосуз жер болбойт, башсыз эл болбойт.
* Тоосуз жер болбойт, доосуз эл болбойт.
* Тоо ташсыз болбойт, эл башсыз болбойт.
* Тоотпогон жыланды топ кумурска алат.
* Тоо түгөнүп уч болот, жол айрылып үч болот, жер түгөнүп сай болот, ат арыктап тай болот.
* Топ болуп төртөө болсоң, төбөдөгүнү түшүрөрсүң.
* Топ жүргөн мал карышкырга алдырбайт.
* Топ кумурска тоготпогон кузгунду алат.
* Топ сокурдун арасында жалгыз көздүү – Султан.
* Топтон качкан каракчыга туш болот.
* Топтон озгон – чечен, көптөн озгон – көсөм.
* Топту карай таш ыргытпа.
* Топук кылган адам – бай адам.
* Топук кылсаң тоёрсуң, уурулукту коёрсуң.
* Топуксуздун курсагы тойбойт.
* Топурагын таптаган дан өнбөйт.
* Торко – тозот, туяк – озот.
* Торпок көп эмсе ичин сүрөт, бош койсо, челектеги сүттү төгөт.
* Тоту жүнү менен, булбул үнү менен.
* Тоту куш башын көрүп кубанат, бутун көрүп арданат.
* Тоту – куштун барчасы, кекилик – куштун калчасы.
* Тоюмдук эмес, көңүлдүк.
* Тоюнбаган топор бар, жарыбаган жарды бар.
* Тоюнганда топук күт, толгон салар дүйнө шок.

* Төгүлгөн аяк кайра толбойт.
* Төгүлгөндүн толугу бар, карысы бардын ырысы бар.
* Төгүлгөн сарттын бозосу, сынган сарттын кесеси.
* Төгүлсө – кыргыздын бозосу.
* Төгүн жерден өрт чыкпайт.
* Төлгөсү үчтөн, түлөөсү түштөн.
* Төлдөш мал – төрдөш.
* Төө баласы – төрө баласы.
* Төө – береке, кой – кенемте, уй – сарамжал,
  ат – адамдын канаты, эчки байлык: бир жылы эгиз,
  экинчи жылы сегиз.
* Төө – бойдон, асыл – койдон.
* Төөгө алтын артсаң да жегени тикен.
* Төөгө жантак керек болсо мойнун созот.
* Төөгө минген боюн жашырбайт.
* Төө жоголсо төмөнтөн изде.
* Төө канча болсо, жүк ошончо.
* Төө качып жүктөн кутулбайт.
* Төө көп болуп конокко сойбойт.
* Төө көрдүңбү – жок, бээ көрдүңбү – жок.
* Төө кыядан өткөн соң «Өч!» дегени курусун.
* Төө кыядан өтүп кеткенден кийин.
* Төө мингенде жигитти тегеректеп эл жүрөт,
  жөө жүргөндө жигитти келекелеп эл күлөт.
* Төө мингендин төбөсү бийик.
* Төө минген иттен коркпойт.
* Төө миндим деп мактанба, жөө жүрдүм деп арданба.
* Төө минип эчкиге жашынба.
* Төөнү кыядан өткөрүп жибердиң.
* Төөнү мээнет чырмаса, жайдын күнү чоо басат.
* Төөнүн бир өркөчү кесилсе, бирөөнүн күчү жок,
  эки эмчектин бири кесилсе, биринин сүтү жок.
* Төөнүн куйругу жерге тийгенде.
* Төөнүн мазар менен иши жок.
* Төөнүн пайдасы талаада билинээр,
  адамдын пайдасы балаада билинээр.

* Төөнү өргө тартса жулкунаар.
* Төөнү сел алса, эчкини асмандан көр.
* Төө өлгөндө жүк өгүзгө жүктөлөт.
* Төө силкинсе эшектик жүк чыгат.
* Төө сойгон, эчки сойгондон эт сураптыр.
* Төөсү бар элдин дөөсү бар.
* Төөсүнө жараша – кому, эшегине жараша – чому.
* Төө талга тойбойт, соодагер малга тойбойт.
* Төө чайнаганын билип, жутканын билбейт.
* Төө чөлдү ойлосо, бака көлдү ойлойт.
* Төөчө чайнаганыңды билип,
  жутканыңды билбей калба.
* Төп болуп төртөө болсоң, төбөдөгүнү түшүрөрсүң.
* Төрдө орун болсо, эшикке жакын (же улагага) отурба.
* Төр көркү – гүл, үй көркү – зайып.
* Төркүндүн пири дешет кыз баланы.
* Төркүндүн төбөсү – кубат.
* Төркүндүн төрүндө болгуча, уулдун улагасында бол.
* Төркүнү бар сөздүн көрсөтө албайт төркүнүн.
* Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт,
  жыйылса да аягы тыйылбайт.
* Төркүнүңдөн төө сура, коркконунан бээ берсин.
* Төрт аяктуу мал да мүдүрүлөт.
* Төрт өлчөп бир кес, ток этээр сөздү бир айт.
* Төртөөң төп болсоң төбөдөгүнү аласың,
  алтооң ала болсоң алдыдагыңы алдырасың.
* Төрт уулдуу кишинин төрт тарапта малы бар.
* Төшөгүн салып жата албай – жерден көрөт,
  өз эрин алып жата албай – элден көрөт.
* Төшөгүңө карап бутуңу сун (аягыңы соз).
* Төшөктөн үрккөн эр жаман,
  көнөктөн үрккөн бээ жаман.
* Төшөктүн тардыгы – тардык,
  көңүлдүн тардыгы – кордук.
* Төшү – түктүү, билеги – күчтүү, амалы алтымыш.

* Төшү түктүү жерден жол ачылаар,
төбөсү ачык көктөн таң ачылаар.
* Тубар болсо – тон болор, буудай болсо – ун болор.
* Тузактан корккон куш кырк жылы
жыгачка конбойт.
* Тузакчы өзү көрүнбөйт, жемин гана көрсөтөт.
* Тузга кара санаган жарыбайт.
* Тузду даам татканга бер, кызды издеп тапканга бер.
* Тузду мээнет чырмаса, далкы чыгып шор болот,
кызды мээнет чырмаса, атасынын төрүндө
көп отуруп кор болот.
* Туз таткан жериңе карасанаба.
* Тузу аз болсо туздалар, тузу көп болсо бузулар.
* Туйгундун көркү түлөктө, баатырдын көркү жүрөктө.
* Туйгун күтпөй тайган күт, корооңо толот далай мал.
* Тукум кеп уласа, журттун жылдызы жарык.
* Тул катынга жалчы айгыр.
* Тулпар айланып үйрүн табат.
* Тулпар алыс чуркайт, шумкар ыраак учат.
* Тулпарга жеткен турчу эмес,
тууганга жетпей тынчу эмес.
* Тулпарды минген турабы, тууганга жетпей тынабы.
* Тулпардын бир туягы кем.
* Тулпардын изи жоголбойт,
арамзанын (кээде бузукунун) иши оңолбойт.
* Тулпардын туягы кетилсе, сазга бакса жетилет.
* Тулпардын туягы кымбат.
* Тулпардын үйүрү бир болсо да оттоосу башка.
* Тулпарды тогунда сынаба, ачында сына,
ай-ааламдагы элдердин кашында сына.
Эр жигитти эл ичинде сынаба, эл четинде сына,
канжыгадан баш чечишкен,
карыдан кан кечишкен жоо бетинде сына.
* Тулпар жерин сагынат, эр элин сагынат.
* Тулпар жүгүн (кээде жүнүн) оордобойт,
тууган өзүн кордобойт.

* Тулпар тушунда, күлүк күнүндө.
* Тулпар түгүн оордобойт, султан сөөгүн кордобойт.
* Тулпар чаба-чаба жетилет, шумкар ала-ала оңолбойт.
* Тунжур салсаң тунасың, тынар салсаң тынасың.
* Тунук болсоң суудай бол баарын жууп кетирген,
  токтоо болсоң жердей бол, баарын текши көтөргөн.
* Тунук көлдүн түбү курт.
* Тунук суу кысыктан жол табат.
* Турмуш ажарыңды да, базарыңды да ылгабайт.
* Турмуш бирде күлүп бетин көрсөтөт,
  бирде ыйлап артын көрсөтөт.
* Турмуш – дарыя, өмүр – тамчы.
  Дарыя бөксөрөт, кайрадан толуп-ташыйт.
  Өмүр бөксөсүн урпак толтурат.
* Турмуш – кызык, кыял – күлүк, жан – ширин,
  илим – күчтүү, уйку – таттуу.
* Турмуш оңолмоюн абийир тазарбайт.
* Турмуштан өткөн чоң сабак (же тарбиячы) жок.
* Турмушта эң кыйын нерсе –
  акылсыздыкты жөнгө салуу.
* Турмуштун туткасы – аял.
* Турмуш – тутанган куурай, өмүр – өчкөн от,
  кыл – кармалбаган куш, айтылган сөз – атылган ок.
* Турмушуң эшек араба, туулдуң калдың балаага.
* Турмуш эшек араба, карабасаң сынып калат.
* Турнадан бий (башчы) койсоң,
  кыйгуу кетпейт башыңан.
* Турнанын да башчысы бар.
* «Тур – турдан» кабар келсе, уйкунун мазасы кетет.
* Туруксуздук тиричиликте жаман нерсе,
  саясатта он эсе жаман.
* Туткундагы эр – канаты жок куш.
* Туубаган катындан улактуу эчки өйдө.
* Тууган ай – туураган май.
* Тууган бир жамандыкта, бир жакшылыкта.
* Тууганга душман болбо, душманга тууган болбо.

* Тууганга кара санаган, туура жалчыбайт.
* Туугандан өтөм десең – кой бак,
  душмандан өтөм десең – аштык бак.
* Туулганда сүйүнөт, өлгөндө күйүнөт.
* Туугандын азары болсо да, безери болбойт.
* Туугандын ачуусу тумшугунун учунда.
* Туугандын өзү таарынса да, боору таарынбайт.
* Туугандын урушу – торконун жыртышы.
* Тууганды тууган кылган – аял,
  досту дос кылган – аял.
* Тууган издеп достон кетпе.
* Тууган катары кучакташтырган – тил,
  душман катары бычакташтырган – тил.
* Тууган күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат.
* Тууган менен үч бөлүнсө (кээде урушса да)
  жат болбойт.
* Тууган – таарынчаак, жетим – кекчил.
* Тууган тууганын казанына аш салбайт.
* Тууган түтпөйт.
* Тууганы көп адамдын күчү да көп.
* Тууганына батпаган душманына жалынат.
* Тууганың бар болсо көрө албайт,
  жок болсо асырай албайт.
* Тууганың менен муңдашкын,
  досторуң менен сырдашкын.
* Тууган эне – эне эмес, тутунган эне – эне.
* Тууй элек уйдун уузун күтүп.
* Туулган адам жаман эмес,
  турмуштан орун таппаган жаман.
* Туулган жер – алтын бешик.
* Туулган жерге туунду (кээде түндүгүндү) тик.
* Туулган жердин кадырын алыста жүрсөң билесиң.
* Туулган жердин суусу – мүрөк, кызы – чүрөк.
* Туулган жердин ташы алтын, суусу дары.
* Туулган жердин топурагы алтын,
  адамдары кеменгер.

* Туулган жердин топурагы торко.
* Туулган жердин турпагы ыйык (алтын), эли мазар.
* Туулган жериң – мазарың.
* Туулганына сүйүнбөй, тураарына сүйүн.
* Туулдуң – өлдүң, тутандың – күйдүң.
* Туулуп тууган болбойт, тутунуп тууган болот.
* Туура бийде тууган жок,
  тууганчыл бийде ыйман жок.
* Туура жигит төп сүйлөйт, чечен жигит эп сүйлөйт.
* Туура иштесең элиң сүйөт,
  туура сүйлөсөң теңиң сүйөт.
* Туурамчыдан тууганым болбосун,
  тоолуу жер карсыз болбосун.
* Туурамчылдан тууганым болгончо, бөкөөлдөн бөлөм болсун. (Бөкөөл – той, ашта бышкан этти устукандап, табактарга бөлүштүрүүчү адам)
* Тууранды туура дебеген адам эмес.
* Туура сөзгө жооп жок.
* Туура сөздү туура дебеген адам калыстыктан кетет.
* Туура сөз кылычтан өткүр.
* Туура сөз кылычтын мизинен курч.
* Туура сөз – темирди тешет,
  өткүр сөз – кылычты кесет.
* Туура сөз – тууганга жакпайт,
  катуу айткан – катынына жакпайт.
* Туура сөз – тууганга жакпайт,
  тууранды жаман деген туура жалчыбайт.
* Тууруна сүйүнбө, турарына сүйүн.
* Туусу бардын ырысы бар.
* Туш (кээде төрт) тарабың кыбыла.
* Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок.
* Туюнтпай мээнет жолукса, тууганың сага кас болот.
  Туш болуп дөөлөт жолукса,
  душманың келип дос болот.
* Түбөлүгү түз болсо болду.
* Түбөлүктүн түнү да бир, күнү да бир.

* Түбөлүктү ойлогон киши сонун,
  калкы үчүн иштеген киши сонун.
* Түбү бирге кошулат, учу бирге жазылат.
* Түбү бирге – түбөлүк, учу бирге – утурумдук.
* Түбү бирге түтпөйт.
* Түбү бөлөктүн түйшүгү бөлөк.
* Түбү жакшыдан түңүлбө.
* Түгөйсүз жашоо – түгөнбөс арман,
  түгөйсүз өмүр – түбү жок жалган.
* Түгөйсүз Сайкал, жүгөнсүз байтал.
* Түгөнбөгөн дүйнөдөн түркүн-түркүн эр өткөн.
* Түгөнөр уй түгүн жейт, түгүнөн кийин өзүн жейт.
* Түз жолго чыгыш үчүн аскалуу ашуудан ашыш керек.
* Түз жүрсөң, ток жүрөрсүң.
* Түз кишиге жүз киши жакын.
* Түзөлөр жолго түшпөйм десе,
  түбөлүк дешкен досуңдан кеч.
* Түзүк эле биздин кыз, түйтөк кылган өзүңүз.
* Түйшүгү болбой, түшүм болбойт.
* Түйшүгү жок жан болбойт.
* Түк бүткөн (же күткөн) сайын калтырайт.
* Түлкү алган итке сый жок.
* Түлкү ийининин түбүн карап үрбөсө, котур болот.
* Түлкү ийинин карап үрсө, котур болот.
* Түлкүнү кырсыкка малган териси.
* Түлкүнүн адамдан бир эле амалы кем.
* Түлкүнүн башы батты дегиче, өтүп кетти дей бер.
* Түлкүнүн душманы – териси.
* Түлкү өз куйругун күбө тартат.
* Түлкүчүнүн жыйганы ичик үчүн.
* Түмөн ойдун түйүнүн бир сөз менен чеч.
* Түн бакырдыкы.
* Түн болбой Айдын баркы билинбейт.
* Түндө Ай ордуна Күн чыкпайт.
* Түндөгү түлкү – бүгүнкү күлкү.
* Түндө көлөкө болбойт.

* Түндөн кийин түн түшпөйт.
* Түндүк бою от жаксаң, түтүндөтпөй өчүргүн,
  түркүн-түркүн кеп уксаң, күлкү менен кечиргин.
* Түндүктү көтөргөн кереге менен уук.
* Түнкү ууру күндүз кармалат.
* Түнт түздөн кек санайт, түз айтканга кек санайт.
* Түнттү түртмөйүнчө билбейт.
* Түптүү элдин түбөлүгү – ынтымак.
* Түптүү эл түгөнбөйт.
* Түрдүү миң пикирден акыйкат бир пикир жаралат.
* Түркөй кишинин напсиси бир, молдонуку – экөө,
  ажыныкы – үчөө.
* Түркүктү түртпөй билбейт,
  эмгексиз бакыт үйгө кирбейт.
* Түсү ийгиден түңүлбө (кээде түздүүдөн түңүлбө).
* Түтүн алыңды жейт, акыры жаныңды жейт.
* Түтүндүн ачуусун мор билет.
* Түтүн түмөн ооруну козгойт.
* Түтүнү бөлөктүн түйшүгү бөлөк.
* Түтүн үйлөгөн өзү ышталаар.
* Түтүнү көптүн түйшүгү көп.
* Түшкө не кирбейт, душман не дебейт.
* Түшкү тамактын ээси көп.
* Түш оңолбой, иш оңолбойт.
* Түштүк өмүрүң болсо, кечтик мал жыйна.
* Түш түлкүнүн богу.
* Түштүн башы казандай, моюну кылдай,
  жоруган жакка оойт.
* Түшүм алам десең түйшүктөн.
* Түшүң жаман болсо сууга айт.
* Түшү оңолгондун иши оңолот.
* Тыйын, тыйындын иши кыйын.
* Тынч турмуштун да түйшүгү көп.
* Тынчтык – дүйнө элинин төркү үйү.
* Тынчтык, эмгек, ынтымак – эл башына конгон бак.
* Тыңдай билген, сүйлөй билгенден артык.

* Тыртайсаң тыртай, алымсагың бир тай.
* Тыртыкты алган кудай менин уулумду коёбу
(же кимди коёр дейсиң).
* Тышка чыксам койчулар кементай жабышат,
үйгө келсем кадырым жок.
* Тыштагы душман бүтсө да, ичтеги душман табылар.
* Тышта жүрсөм кементайым жайылат,
үйдө жүрсөм баркым жок.
* Тышта музоосу эмет, үйдө сүтү төгүлөт.
* Тышы жалтырак, ичи калтырак.
* Тышыңды сырлагыча, ичиңди сырла.

## У

* Убада аткарылышы менен баалуу.
* Убада берүү – анттын баасы,
убадасыз болгону – калптын баасы.
* Убадасы жокто касиет болбойт,
убадалуу эрге касиет конот.
* Убадасыз кишиден, жүрүп кеткен жел артык.
* Убадасы көп адамга ишенгиче,
убарасы көп адамга ишен.
* Убайым басса, уйку жок.
* Убактысы жок чакырган короздун жүнүн жул.
* Убакыт баарын дарылайт.
* Убакыттан уттурганың – ырыскыдан куру калганың.
* Убакыт – учкан куш, кайра келбейт.
* Увазир жакшы – кан жакшы,
катын жакшы – эр жакшы.
* Угаар жерге сөз айт, сиңээр жерге суу төк.
* Угаар кулак, көрөр көз.
* Угаары жоктун унчукпаганы эп.
* Угумдуу аңгеменин узагы жок.
* Угуп айткан сөз – кынтык,
көрүп айткан сөз – мылтык.

* Угуп айткан – ушак, көрүп айткан – тузак.
* Узак туугандан, жакын коңшу артык.
* Узаткандын жолдоштукка тоому жок.
* Уздан учук артат.
* Уз колунан бүткөн иш жоокерге эм.
* Узун бойлуу жигитке, чарчы бойлуу кыз керек.
* Узун жолду кыскарт, ат жалына казан ас.
* Узун кескин карагай, кыскасы кый болобу.
* Узун күндө – иш көп, узун түндө – түш көп.
* Узунсуз кыска болбойт, улуусуз нуска болбойт.
* Узунсуз кыска болбойт, үлгүсүз уста болбойт.
* Узун тил өмүрдү кыскартат.
* Узун тил уудан жаман.
* Узун учуктан жип артат.
* Уй байлаарга жиби жок, үрүп чыгаар ити жок.
* Уй бул болоор, катын бий болоор.
* Уйга жүгөн салабы, үйрөнгөн адат калабы.
* Уйга килем жапкандай.
* Уйга – ком, төөгө – чом.
* Уйдан жок, же уй байлаган жиптен жок.
* Уйду мүйүзгө чапса туягы зыркырайт.
* Уйду мүйүзүнөн, адамды сөзүнөн карма.
* Уйдун жонун бычак менен тилбе.
* Уйдун кыркы кыр ашырбайт,
аттын бирөө кыр ашырат.
* Уйдун сүтү желининде эмес, тилинде.
* Уйдун сүтү тилинде.
* Уйдун тууруна күйүп, уузуна күйбөйт.
* Уйду таанып ал, таанбасаң таргыл ал.
* Уйкашы болсо эле ыр эмес.
* Уйку деген азгырма, убакыт деген жазгырма.
* Уйку – душман.
* Уйку – жарым өлүк.
* Уйку менен күлкүдө ар жок.
* Уйку менен тамакта ар жок.
* Уйкунун көркү түн менен, тузактын көркү чил менен.

* Уйкуну маалы менен укта, ашты даамы менен же.
* Уйкуң келип, окуу окуба, урушкуң келип иш иштебе.
* Уйку – өлүктүкү, иш – тириктики.
* Уйку төшөк (орун) тандабайт.
* Уйкучуда санаа жок, эмгекчилде тыным жок.
* Уй менен шыйпаң, бучук менен жыртак дос.
* Уй мурдун сасык деп кесип салбайт.
* Уй мүйүздүү өгүздүн күчү жок,
  бука мүйүздүү уйдун сүтү жок.
* Уй мүйүзүнөн сынат, адам сөзүнөн сынат.
* Уй окусунан (кокусунан) түшөт,
  күлүк арзанынан түшөт.
* Уй сойсоң үч күн үйүңө жолобо, жылкы сойсоң,
  жети күн үйүңөн чыкпа.
* Уй сыйпаганды билбейт, жаман сыйлаганды билбейт.
* Уй териси тон болбойт,
  урушчаак киши оң (кээде чоң) болбойт.
* Уй, уйдан калса кулагын (кээде мүйүзүн) кес.
* Укан бала тарбия алат, укпаса талаада калат.
* Укканда кубанып, көргөндө көңүл сууйт.
* Уккандан көргөн артык (чын).
* Уккандан уга элегиң, көргөндөн көрө элегиң көп.
* Уккандын уламасы көп.
* Уккан кулакта жазык (айып) жок.
* Уккан сөзгө сөз кошулат, көргөн көзгө ишенгин.
* Уккан – уламал, көргөн көсөмөл (кээде чын).
* Укканыңа ишенбе, көргөнүңө ишен.
* Уккулуктуу сөздүн айтылганы жакшы (адилет).
* Укмуштуунун төөсү жорго.
* Укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп ууру кылба.
* Уктабаса – эр башы чоюн,
  тынбай жортсо – ат туягы болот.
* Уктаган жыландын куйругун баспагын.
* Уктаган – ойгонот, ойлогон – толгонот.
* Уктаган уйку алат, түн каткан жылкы алат.
* Укук сотунан абийир соту улук.

* Укуктук өнүгүү жолу татаал, узак,
  бирок бирден бир туура жол.
* Укуругум долоно, ууру-бөрү жолобо.
* Укурук бою кар жааса, кулдун малы жутабайт.
* Улагадан уй ичкен, ирегеден ит ичкен.
* Улак маарап суу кечет.
* Улак өлбөсүн, ууру өлсүн.
* Улак – түшкөн үйдүкү.
* Улам кийин дегендин үйүнө жалкоолук үйүр.
* Улгайбай турган өмүр жок.
* Улугу адил болбосо, убара болгон эл карып.
* Улугун сыйлай албаган эл,
  эч качан улуу боло албайт.
* Улугуң каапыр болсо, амырын тут.
* Улугуң сокур болсо, бир көзүңдү жум.
* Улук болсоң – кичик бол, бийик болсоң – жапыз бол.
* Улук болсоң – кичик бол, сенден эч ким талашпайт.
* Улукка пара бергиче, күн өткөрүп бара бер.
* Улуксуң – кыласың.
* Улуктун күчү эл менен, катындын күчү эр менен.
* Улуктун улуулугу – анын элдик экендигинде.
* Улуктун укуругу узун.
* Улуу адамдын улуулугун мезгил өчүрө албайт.
* Улуу адам улуу тоо сыяктуу: улуу тоого чыкканда
  айлананы (жакынды) таанıйсың, алысты көрөсүң.
* Улууга да ушак бар, сулууга да тузак бар.
* Улууга каяша айтпа, убададан кайтпа.
* Улууга озунуп салам бергин,
  кичүүнүн саламын алик алып жүргүн.
* Улууга сый көрсөтсөң, кичүүдөн урмат көрөсүң.
* Улууга – урмат, кичүүгө – ызаат.
* Улууга урмат кылуучу, жигиттер кызмат кылуучу.
* Улуу жолдун учун улаган билет,
  улуу тарыхты сураган билет.
* Улуу жолубуз акжолтой болсун!
* Улуу-кичүүнүн кадырын билем десең,
  агыны катуу суудан кеч, ашуусу бийик тоодон аш.

* Улуу кишини сыйлагандан бой кичирейип калбайт.
* Улуу кишини таарынтуу кечиримсиз күнөө.
* Улуу көч каякка барса, кичи көч ошол жакка барат.
* Улуулардын сапаты – урпактардын канаты.
* Улуулукка жаш жеткирбейт, баш жеткирет.
* Улуулуктун белгиси – жөнөкөйлүк менен карапайымдыкта.
* Улуулуктун жолу татаал.
* Улуу менен сүйлөшсөң укпаганды угасың, көрбөгөндү көрөсүң.
* Улууну аке де, кичүүнү үкө де.
* Улуунун өмүрү – кичүүгө үлгү.
* Улуунун сөзүн ук, кичүүнүкүн ойлон.
* Улуунун сөзүн урматта, ууругулар менен сырдашпа.
* Улууну сыйлаганды милдет көрбө, кичүүнү башкарам деп тилдеп көрбө.
* Улууну сыйлаган узарат.
* Улууну сыйласаң, сени эл сыйлайт.
* Улууну укпаган адам узак жашабас.
* Улууну укпаган – узабас.
* Улууну урматтаган адам узак жашаар, кичүүнү урматтаган адам куунак жашаар.
* Улууну урматтаган узарат, уяты чыккан кызарат.
* Улууну урматта, кичүүдөн иймен.
* Улууну урматтаса, кут коноор.
* Улуу сезим – жылуу сезим.
* Улуу сезим – улуу сүйүүнү жаратат, улуу эмгек – улуу акылманды жаратат.
* Улуу сөздө – уят жок.
* Улуу сөз – өткөн өмүр.
* Улуусун күтпөгөн жаш уятсыз, арбагын барктабаган журт уятсыз.
* Улуусун тарбияласаң, кичүүсүн өзү тарбиялайт.
* Улуу тоого чыккан барбы, улар үнүн уккан барбы?
* Улуу тоого чыксаң жакынды таанысың, алысты көрөсүң.

* Улуу улуу эмес, урмат-сый улуу.
* Улуу үйгө батпас, кичүү үйгө жатпас.
* Улуу үйдөгү күлсө, кичүү үйдөгү ырсаят.
* Улуу эл жапысын өргө тартып чыгарса,
пас эл бийигин көргө сүйрөп түшүрөт.
* Улуу эмгек улуу акылманды жаратат.
* Умтулсаң жакшы жүрүүгө – кадамың узарат.
* Умтулуп аракеттенгениң – алга кеткениң,
аз-аздан тилек максатыңа жеткениң.
* Ун көрбөгөн бор сугунат, эт көрбөгөн чоң сугунат.
* Уну бардын оту өчпөйт.
* Унут болот жетимдик кургаганда көздөн жаш.
* Унутканды сагынба, жекиргенге багынба.
* Унчукпаган – макулдуктун белгиси.
* Унчукпаган улуу иш.
* Унчукпаган үйдөй балаадан кутулат.
* Унчукпай калуу – акылдуулук.
* Ура албаган чокмор өз башыңа тиет.
* Ургаачыдан качып өлгөнчө, сайышып өлгөнүң ийги.
* Ургаачы мүнөз жаштан түңүл.
* Ургаачынын жаманы кыялынан тул болот.
* Ургаачынын жолу улуу.
* Ургаачынын мыктысы отко жакса күл болбойт,
олжого кетсе күң болбойт.
* Ургаачынын тили – устаранын мизи.
* Ургаачы окуш билсе, аны албарсты азгырат.
* Ургаачы өңдөнгөн эркектен түңүл,
эркек өңдөнгөн ургаачыдан түңүл.
* Урган да күнөөлүү, ургузган да күнөөлүү.
* Ургандан жаңсаган (кээде тап берген) жаман.
* Урган киши дөң менен, урдурган киши жол менен.
* Урматтаган узарат, уяты чыккан кызарат.
* Уругуң жакшы болсо өнүм жакшы.
* Урунаарга тоо таппайт, урушаарга жоо таппайт.
* Уруулуу журт – уялуу жыгач.
* Уруусу жок эл болбойт, бөрүсү жок тоо болбойт.

* Уруш бар үйдө мээнет бар,
ынтымак бар үйдө дөөлөт бар.
* Уруш-кериш – душмандыктын белгиси,
барыш-келиш туугандыктын белгиси.
* Урушпай ажырашсаң, уялбай жолугасың.
* Урушпас (урушпаган) уул,
керишпес (керишпеген) келин болбос.
* Урушса да өз жакшы, талашса да өз жакшы.
* Урушта туруш жок.
* Уруштун башы «бок жебе».
* Урушуу оңой, жарашуу кыйын.
* Урушчаактын муштуму кычышса,
ушакчынын тили кычышат.
* Уруш – ырысты качырат,
ынтымак – ырысты ашырат.
* Уруш эки кишиден тең.
* Уста барда колуң тый, молдо барда тилиң тый.
* Уста кандай болсо, устаттык ошондой.
* Уста кандай болсо, шакирти ошондой.
* Усталардан дат калат, молдолордон кат калат.
* Уста майданга кетерде балкасы менен коштошот.
* Уста менен дос болсоң, наркескенин аларсың,
ууру менен дос болсоң бир балээге каларсың.
* Устанын жакшысы шакиртинен сыр жашырбайт.
* Устанын катуулугу – шакиртке пайда.
* Устанын тогоосу жок, бекердин чолоосу жок.
* Устанын уулу тапса, темирдин суусун табат.
* Устанын уусун билгиче, темирдин суусун бил.
* Уста өлсө балтасы менен чоту калат.
* Устара кырат, сөз кесет.
* Устасы дудук, шакирти дүлөй.
* Устасы жарашса, темир кылыч алтын болот.
* Устат акындын оюу көп, сөзү аз.
* Уста темирден да алтын кылыч кылат.
* Устатынан шакирти өтүптүр.
* Устаты таланттуу болсо, шакирти таланттуу болот.

* Уста, устадан – нуска.
* Уста уста эмес, шайманы уста.
* Устукан мүлжүбөй этке тойбойт,
  коно жатпай кепке тойбойт.
* Уугум, сага айтам, уулум сен ук,
  керегем, сага айтам, келиним сен ук.
* Уу десе, чуу дебей.
* Ууз сүйүү унутулбайт.
* Уу ичкен бир өлөт, ант ичкен миң өлөт.
* Уул адеби менен сүйкүмдүү,
  кыз кылыгы менен сүйкүмдүү.
* Уул аштабаган балтаны кыз аштаар,
  эр чаппаган кылычты зайып чабаар.
* Уул бала жоксуз болсо болсун, карыздар болбосун.
* Уул баланын үй күчүк болгону жарашпайт,
  кыз баланын кыдырма болгону жарашпайт.
* Уул болчу бала – улуу сөздү таап айтат,
  кеп жебес кежир – келер-кетер кепти каап айтат.
* Уулга уул тизгиндеш болсо,
  казандагы аш-тамак бир кайнайт.
* Уулдан уят кетсе, келинден келбет кетет.
* Уулдун уулу мекен коргойт,
  душмандын астын торгойт.
* Уулдун уулу – улактын шыйрагы.
* Уулдун уяты – атага, кыздын уяты – энеге.
* Уулду төрөйт, уятын кошо төрөбөйт,
  кызды төрөйт, кыялын кошо төрөбөйт.
* Уулдуу болсоң узун сүйлөбө,
  кыздуу болсоң кыя сүйлөбө.
* Уул жакшысы урмат, кыз жакшысы кымбат,
  келин жакшысы келбет.
* Уул жаманы – уйгак, кыз жаманы – камгак.
* Уул жаманы уйгак менен тең,
  келин жаманы кемпир менен тең.
* Уул калса атадан өмүр улайт.
* Уул калса мал табат, катын калса эр табат.

* Уул- кызды үйлөмөк – тукумуна кам көрмөк.
* Уул-кызың эрке болсо, дооматты башкага койбо.
* Уулсуз ата – канаты кыркылган куш.
* Уул таппас аял болбос, анын тураарын айт,
мал таппас жигит болбос, анын кураарын айт.
* Уул таянган мал таянат, мал таянган жер таянат.
* Уулу бардын өзү (сөзү) бар,
кызы бардын изи (назы) бар.
* Уулу жакшы болсо, катардагы атасы бек үйүнөн
жай табат, уулу жаман болсо, тоодой болгон
атасын төө үстүнөн ит кабат.
* Уулу жоктун – мууну жок, кою жоктун – куну жок.
* Уул – уйгак, кыз – камгак (кыроо).
* Уулум болсо мончоктой, кыздар келет мончоктой.
* Уулум узун болсо мейли, түндүк көтөрүп бербейби.
* Уулуңду адепке сөз менен эмес, өрнөк менен үйрөт.
* Уулуң жакшы болсо – өмүрүң узарат,
уулуң жаман болсо – өмүрүң кыскарат.
* Уулуң жаман болгон соң, апийим ичкен сарт мен тең,
катының жаман болгон соң кетпес кесел дарт мен тең.
* Уулуң жаман болсо да, бою узун (чоң) болсун.
* Уулуң жаман болсо урматың кетет,
келиниң жаман болсо уятың кетет.
* Уулуң көңүлчөөк болсо ат жооруйт,
кызың көңүлчөөк болсо баш ооруйт.
* Уулуң өсөрдө уулу жакшы менен,
кызың өсөрдө кызы жакшы менен айыл бол.
* Уулуң өссө – урумга, кызың өссө – кырымга.
* Уулуң өссө уяттуу, кызың өссө кылыктуу менен
айыл кон.
* Уулуң чоңойсо абийирдүү менен айылдаш бол,
кызың чоңойсо өнөрлүү менен, айылдаш бол.
* Уул үйлөмөк – урмат, кыз чыгармак кымбат.
* Уул үйлөнтмөк – урмат, кыз чыгармак – зыйнат.
* Уунун да дарылыгы бар.

* Уунун сырын мерген билет,
  жоонун сырын жеңген билет.
* Ууру байыбайт, сук тойбойт.
* Ууру-бөрү ортоктош.
* Ууруга жакын жүрсө чуусу жугат,
  казанга жакын жүрсө көөсү жугат.
* Ууру дагы сактанат, улук дагы мактанат.
* Ууру ит адат кылбаса үйгө киреби да,
  тумшукка чаппаса каңшылап билеби.
* Ууру карыса сопу болот.
* Ууру «койдум» дебейт, сопу «тойдум» дебейт.
* Ууру коркот айгактан, уйлар коркот сайгактан.
* Ууру күч болсо ээси айыпка жыгылат.
* Ууру күч болсо ээси арам өлөт.
* Ууру күч болсо ээсине жабылат.
* Ууру күч болсо ээсин коркутат.
* Ууру кылган карышкыр терисин төлөйт.
* Ууру кылсаң жалгыз кыл,
  жолдошуң айгак болбосун.
* Уурулук кесип эмес, энелүү бала жетим эмес.
* Ууруулуктун арты – ый менен кайгы.
* Уурулуктун түбү оңолбойт.
* Уурулук түбү – кордук.
* Уурулук узатпайт.
* Ууру менен конок айттырып келбейт.
* Ууру менен кошуна болсоң, кулпу үзүлбөйт эшиктен.
* Ууруну айылым дебе, уятсызды катыным дебе.
* Ууруну актаганың, уурдоону жактаганың.
* Ууруну калкалаган журт да ууру.
* Ууруну каракчы уруптур.
* Уурунуку уу менен чууга кетет,
  жегичтики суудан сууга кетет.
* Ууруну мактаганың – ууруну жактаганың.
* Уурунун бир бети кара, айгактын эки бети кара.
* Уурунун бир көзү ууда, балыкчынын бир буту сууда.
* Уурунун жанында ууру жүрөт.

* Уурунун жолу (чамасы) кууш.
* Уурунун ичкени – ирим, жегени – желим.
* Уурунун катыны да уурдалып келген.
* Уурунун көчүгү кууш.
* Уурунун куйругу кыска, ууруга уятсыз уста.
* Уурунун тапканы жукпайт.
* Ууру сойлогон жылан катуу чыгаар.
* Уурусу күч болсо, ээси доого жыгылат.
* Ууру танапташ, бөрү кулакташ.
* Ууру тойгончо жеп, өлгөнчө карганат.
* Ууру уурулугун койсо да, «ууру» аты калбайт.
* Ууру ууруну карма деп катуу кыйкырат.
* Ууручулук ийнеден башталат.
* Уучу бирге жазылат, түбү бирге кошулат.
* Учаар кушка бир канат.
* Учкан кушту кармоого болот,
айткан сөздү кармоого болбойт.
* Учкашкандын баары дос эмес,
урушкандын баары кас эмес.
* Учкундан жалын тутанат.
* Учпас – тоок, көчпөс – там.
* Учу бирге жазылат, түбү бирге кошулат.
* Учур өз адамын тандайт.
* Учурунда эгилген, учурунда көктөйт,
калкка түзөлбөгөн, калыпка түзөлбөйт.
* Учушун билип, конушун билбейт.
* Ушак адамдарды алыстатат.
* Ушак айткан урматка (муратка) жетпейт.
* Ушак-айың кеп уксаң (кеп үчүн) көңүлүңдү аздырба.
* Ушак ташыгандын ыйманы күйөт.
* Ушак уксаң унутуп сал,
эстүү айтылган кеңешти эсиңе сал.
* Ушак – уудан жаман.
* Ушак ууктурат, чагым өлтүрөт, куйту жеткирет.
* Ушакчы болбойм десең, сөздү уккан жерде унут.
* Ушакчыдан узак кач.

* Ушакчыны жолотпогун жаныңа,
  сырыңды жайып салат баарына.
* Ушакчынын оозу тынбайт.
* Ушакчынын үйү күйөт.
* Ушакчынын үстүнөн куурай,
  сараңдын сарамжалы буудай.
* Ушакчыны узатпайт, элдер аны тузактайт.
* Ушакчы – ушакчы эмес, ушакты уккан – ушакчы.
* Ушу жарык (жалган) дүнүйө,
  устаранын мизиндей оодарылат күнүгө.
* Уюмдун көзү жаман – өлүү музоо тууйт.
* Уюткулуу жерде көгөргөнүң жакшы.
* Уюткулуу жердин учу узарат.
* Уюткусу ирисе – айран сары суу.
* Уяда бир, учканда башка.
* Уяда жаткан жумуртка асманда учкан куш болот.
* Уяда жаткан жумуртка – эртеңки күнү балапан.
* Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат.
* Уя көрктүү эмес, шумкар көрктүү.
* Уялбаган буюрбаганды да ичет.
* Уялбагандан өзүң уял.
* Уялбаган уйдун бети,
  упарабаган (узарбаган) төөнүн таманы.
* Уялбаган ырчы болот.
* Уялгандан кара жер айрылат (же как жарылат).
* Уялгандан өлөйүн десем жан таттуу,
  кирейин десем жер катуу.
* Уялган шыбагасынан куру калат.
* Уялчаак өз ырыскысынан куру калат.
* Уясы жок күкүк болот, уяты жок түксүз болот.
* Уят өзүнчө бир уруу журт.
* Уят өлүмдөн катуу экени кийин билинет,
  бирок анда кеч болуп калат.
* Уят өлүмдөн күчтүү (катуу).
* Уятсызга кашык салсаң беш ууртайт.
* Уятсызга кеп айтсаң тил күйгүзөт.

* Уятсыздан убайым кут.
* Уятсыз дыйкан – жерсирээк,
  уятсыз катын – эрсирээк.
* Уятсыздык зыяндуу ишке түртөт.
* Уятсыз жигит – жүгөнү жок атка окшош.
* Уятсыз уул – урматсыз жээн болоор.
* Уяттуу гана уялат.
* Уят – уяттуу үчүн.
* Уяты бар азамат ишке түрсүн билегин.
* Уяты бар жакшы адам урматка жетээр.
* Уяты жоктун бети калың.
* Уяты жоктун ыйманы жок.

## Ү

* Үзөңгүнү тең теминбей, иш оңолбойт.
* Үзөөнөк торпок сүзөөнөк бука болот.
* Үзүлбөгөн нерсени чорт чаап кесет.
* Үзүлбөгөн үмүтүң – бул жашоонун белгиси.
* Үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган – азамат.
* Үзүлгөндү улай бил, чачылганды жыйнай бил.
* Үй-бүлө бекем болбой,
  өлкө эч качан бекем, туруктуу болбойт.
* Үй-бүлө – боз үй, эне – анын түндүгү.
* Үй-бүлөдөгү жакшылыктын башаты – аял менен эркектин бирин бири түшүнүүсүндө, тунук сүйүүсүндө.
* Үй-бүлөнү бузган – чоң шаарды бузганга барабар.
* Үй-бүлө – өмүрдөгү суу ичкен башат.
* Үй-бүлөсүн сыйлабаган адам
  эч кимге жакшылык кылбайт.
* Үйгө-жайга орун камда, мейманыңа оюн камда.
* Үйгө кирген куру чыкпайт,
  көргө кирген тирүү чыкпайт.
* Үйгө кут (кээде үп) кирсе, малга сүт кирет.
* Үйдө – арстан, сыртта – мышык.

* Үйдө баатыр, жоодо жок.
* Үйдөгү кеп көчөгө жарабайт (жакпайт),
  олжо катын байбичеге жарабайт.
* Үйдөгүлөр күлсө, сырттагылар ырсаят.
* Үйдөгүнүн кебин талаадагы сыйлабайт.
* Үйдөгү ойду, базардагы нарк бузат.
* Үйдөгүсү майын жейт, мергенчиси жанын жейт.
* Үйдөгү ток кыз ашка барам деп ыйлайт,
  аштагы ач кыз үйгө барам деп ыйлайт.
* Үйдөгү ууруну ит каппайт.
* Үйдө жаткандын үстү кургак.
* Үйдө жок бакытты талаадан таппайсың.
* Үйдө жүргөн бир чоро, жоого чыкса миң чоро.
* Үйдө короз, тышта жөжө.
* Үйдө көпкө талаада батпайт.
* Үйдөн өлгөн жаманат, жоодон өлгөн салтанат.
* Үйдөн сүтү төгүлсө, эшиктен музоосу ээмп кетет.
* Үйдөн эки кадам узасаң – мусаапырсың.
* Үйдө отурган аялдын ашы менен иши бар,
  кушу менен неси бар.
* Үйдө тынчы жоктун талаада кош баракаты бар.
* Үйдө чечен доодо (же көптө) жок.
* Үйдө ыркы жоктун, талаада сыйы жок.
* Үйдү бекем кылган чамдоосу.
* Үйдү кырк эркек толтура албайт, бир аял толтурат.
* Үйдүн ашы үйгө сонун.
* Үйдүн жакшы жаманы кыш түшкөндө билинет.
  Достун жакшы жаманы иш түшкөндө билинет.
* Үйдүн көркү аялда.
* Үйдүн көркү тартипте, ирээттүүлүктө.
* Үйдүн чоңу жут, казандын чоңу кут.
* Үйдүн ысык-суугун кыш түшкөндө билерсиң,
  кишинин жакшы-жаманын иш түшкөндө билерсиң.
* Үй-жайга орун камда, мейманыңа оюн камда.
* Үй-жайың – алтын бешигиң,
  эмгегиң – ырыс-кешигиң.

* Үй кылган да аял, күл кылган да аял.
* Үйлөнгөндүн көркү – ыр, өлгөндүн көркү – ый.
* Үйлөнөм десе бойдокко кеңешпе.
* Үйрөнбөгөн бейиштен үйрөнгөн тозок жакшы.
* Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы.
* Үйрөнгөн жоо алышарга ийги (жакшы).
* Үйрөнгөнүң байлыктан артык.
* Үйрөнүү үчүн жаша, жашоо үчүн үйрөн.
* Үйрөнчүктүн душманы – эринчээктик.
* Үй сатып алсаң коңшусун сура,
  жер сатып алсаң суусун сура.
* Үй тигилбес жерди шыпырба,
  үн угулбас жерге кыйкырба.
* Үйү ак, ичи как.
* Үйү башканын түйшүгү башка.
* Үйү жакын иттин куйругу узун.
* Үйүндө жалам талканы жок,
  уулунун аты Талканбай.
* Үйүндө кашык айраны жок
  уулунун (кызынын) аты Жууратбек.
* Үйүндө кашык (бир ууртам) айраны жок уулунун аты
  Жууратбек, мойнунда жалгыз мончогу жок
  кызынын аты Шурубек.
* Үйүндө тынчы (ыракаты) жоктун,
  талаада кош баракаты бар.
* Үйүңдө толгон аш болсо, буюрганын ашайсың,
  кудайдын жылы кумдан көп, буюрганын жашайсың.
* Үйүңдүн байлыгын көчкөндө көрөсүң.
* Үйүңдүн ичи тар болсо да,
  өзүңдүн ичиң тар болбосун.
* Үйүңө келгенде таарынычыңды айтпа.
* Үйү өрттөнгөндө кудук казыптыр.
* Үйүрүн сагынбас ат (кээде жылкы) болбойт,
  элин сагынбас эр болбойт.
* Үй ээсинин кабагы – меймандын сүйгөн тамагы.
* Үкү деген ыйык бар, тил билбеген кыйык бар.

* Үлгүсүз бычкан иш жаман, төрөсү жок эл жаман.
* Үлп эткен учкундан үймөк күйөт.
* Үмүт деген аткан таң.
* Үмүт менен адам жашайт.
* Үмүт менен тилек бар, кубантып кубат алдырган, кайгы менен азап бар, кубартып отко жандырган.
* Үмүтсүз адам жаралбайт.
* Үмүтсүз – шайтан.
* Үмүттүн өз дөөлөтү бар.
* Үмүттүн түпкү чеги – жакшылык. (А жакшылык деген ыргыткан сайын кайырмагыңа илине бербейт).
* Үмүт – узак, ажал – кыска.
* Үндөбөгөн үйдөй балаадан кутулат.
* Үн жетпегенге сөз да өтпөйт.
* Үн салмагы сөз маанисин арттырат.
* Үнүң жетпес жерге кыйкырба,
  үйүңдү тикпес жерди шыпырба.
* Үңкүр да болсо үйүм бар, аюу да болсо эрим бар.
* Үпү менен шыйпаң дос, бучук менен жыртык дос.
* Үрккөнү турган жылкыга айдак десең не зорлук.
* Үркөр батты, кош жатты.
* Үркөр чыкты – чөп чыкты.
* Үттүү мончок жерде калбайт.
* Үч киши билген сыр – сыр эмес.
* Үч кыз ата-энеге күч кыз.
* Үч уй сааган үй – көл, үч катыны бар үй – чөл.
* Үшүгөндү шишиген жетелейт...

## Х

* Хан ак кеңешсе, кул оң көрөт.
* Хан болмоктон бек болсун
  кадырың болбойт малдан соң.
* Хан болбосо эл уюбайт.
* Хандан ажырасаң да элден ажыраба.
* Ханды кудай ураарда катыны менен кабышат,
  эли менен чабышат.
* Хандын башы элиңе көпүрө болсо –
  тепсеп (кээде аттап) өт.
* Хандын да бир татым тузу кемиптир.
* Хандын да кайырчы тууганы болот.
* Хандын каары жаман, жыландын заары жаман.
* Хандын каарынан сактан,
  каракчынын доосунан сактан.
* Хандын кызы кашык кармаса колу жооруйт.
* Хандын өлүмү – элинин терс караганы,
  алптын өлүмү – эл алдында уятка калганы.
* Ханды хан кылган анын увазири.
* Хан жакшы болбой, калк жакшы болбойт.
* Хан жардыгы эки болбойт.
* Хан казанын көп астым, канакей колго жукканы.
* Хан кайда барса нөкөрү калбайт.
* Хан кебине кайруу жок.
* Хан койнунда калтырап жатканча,
  кулдун койнунда кутуруп жат.
* Хан менен энчиси бирге жыйган ээр-токумун
  көтөрүп бош калат.
* Хан сарайы – кылычтын мизи, камчынын күчү.
* Хан тактысы – кандуу так.
* Хан тартуусу – тогуз.
* Хан үйүнүн тардыгы ай,
  кара алачыгымдын кеңдиги ай.
* Ханы кайрымдуу болсо, калк башына бак конот.

# Ч

* Чаап айтканга таап айт.
* Чаба албаган чалгы тандайт.
* Чабалакей менен шилекей алышып достош.
* Чабал өрдөк мурда (кээде эрте) учат.
* Чабандоздор чогулса, улактын чери жазылат.
* Чабандын иши – чатак иш.
* Чабуул аты – каралаш.
* Чабылар баш болсо, бүгүлсөң да, бүгүлбөсүң да чабылат.
* Чабышта жоо аяган өзү жаралуу.
* Чабышта таш жарган балта, кеңеште баш жарбайт.
* Чагылгандай көздөнгөн, чак эткендей сөздөнгөн.
* Чагым – өлтүрөт, мактоо – жеткирет.
* Чай болуп төргө өткөн суу бир кезде арыкта акканын унутпаса.
* Чайкап сүйлөгөнчө, байкап сүйлө.
* Чайнаганың – күмөн, жутканың сеники.
* Чайпалса аяк төгүлөр.
* Чайырды чайнай берсе сагыз болот, сөздү сүйлөй берсе маңыз болот.
* Чаккан өлтүрөт, мактаган жеткирет.
* Чакмак (оттук), чакмакты атка берген акмак.
* Чакмак таш кууну тутандыргандай, кагылыш болор-болбос себептен чыгат.
* Чакпаган жылан ийинден сырткары.
* Чакпай турган жылан жок.
* Чакпаса жыланды да өлтүрбө.
* Чакчыгайга убал жок.
* Чакчыгай табына келсе коён алат.
* Чакылдаган катынды үй чечкенде (же эл көчкөндө, кыз бергенде) көрөбүз.
* Чакырбаган конок шыпырбаган жерге отурат.
* Чакырганга барбаган, кол булгаганга зар болот.
* Чакырганга келбеген ымдаганга зар болот.

* Чакыргандан калба, өзүң басып барба.
* Чакырган коноктун аты улуу.
* Чакырса келбес – шыкаалайт,
берсе жебес – чымчылайт.
* Чакырылбаган конок татардан жаман.
* Чакырылган жүз конок үчүн бар,
чакырылбаган бир конок үчүн жок.
* Чала бүткөн иш жаман, ооруй берген тиш жаман.
* Чала жорго жол бузат, чала молдо дин бузат.
* Чала иштин чатагы көп.
* Чала өлтүргөн жыландай.
* Чалгындын иши чатак иш.
* Чалдын көркү нускада.
* Чалдын көркү – сакал, сөздүн көркү – макал.
* Чалкайганга чалкайгын башың көккө жеткенче,
ал байгамбардын уулу эмес; эңкейгенге
эңкейгин бетиң жерге тийгенче,
ал атаңдан калган кул эмес.
* Чалкып дөөлөт-бакыт консо – ташыба,
жакшылык, дөөлөт кетсе – жашыба.
* Чалпоо жигит өз боюн эч адамга теңебейт.
* Чалыры турса көзүндө,
чаргыты (чалгырты) болот сөзүндө.
* Чамгарактап калыптыр.
* Чамгырдын оросу бар, кожонун кожосу бар.
* Чаначтын берекеси булуңунда.
* Чаң созулат тамандан,
жакшылык келбейт жамандан.
* Чапанды жакасынан киет.
* Чапанчанга камчы чапса, көйнөкчөнгө доо кетет.
* Чапанчанды чапса, көйнөкчөнгө доо кетет.
* Чапкан сайын көз чыкпайт, айткан сайын кеп өтпөйт.
* Чаппаса билекте калат, айтпаса жүрөктө калат.
* Чапса болот кетилет, чарыкка тартса жетилет.
* Чапсаң – чарчайсың, желсең – жетесиң.

* Чапчаң ат арышын таштайт,
 баары бир күлүктөн ашпайт.
* Чапчаңдык менен ачуудан акыл күңүрт тартат.
* Чарайна менен чаптайт, булгаары менен каптайт.
* Чаранада козум өлгүчө, чары коюм өлсөчү.
* Чарчаганды унуткан нандын баркын билбейт.
* Чарчаган кулда жазык жок.
* Чарыкчанды жактырбасам, өтүкчөн мени карабайт.
* Чатак сүйлөп чычаалак – чыр адамдын мүнөзү,
 токтоо сүйлөп жай айткан – сабырдуунун мүнөзү.
* Чатактан кан чыгат, кагылыштан жан чыгат.
* Чатакты баштоо оңой, токтотуу – кыйын.
* Чатактын түйүнүн калыс айткан кеп чечет.
* Чатактын чырын калыс чечет.
* Чач аласы үч күндүк.
* Чачтарач менен сүйлөшсөң,
 устара менен кайрагын айтаар.
* Чачты жуубаса бит басат, тарабаса сирке басат.
* Чачылганың жыйналып, кеткениң келер өзүңө.
* Чебер адис үстөмдүк кылат,
 жарнама бергендин иши жылат.
* Чебер барда колуңду тый, чечен барда тилиңди тый.
* Чебер дарыгердин өнөрү чеңгелинде,
 эрдиги – энтиктирип ооруну жеңгенинде.
* Чебердин колу орток, чечендин тили орток.
* Чебиң бек болсо, көңүлүң ток болот.
* Чегарачы сак болсо, сар-санааң жок болот.
* Чеге таканы сактайт, така тулпарды сактайт,
 тулпар эрди сактайт, эр элди сактайт.
* Чегирткеден корккон эгин экпейт.
* Чегиртkенин алын көрүп, канын сор.
* Чегиртке – чөп башында, акылман сөз башында.
* Чексиз бийликте – чексиз наадандык.
* Ченебей ичкен мастан түңүл,
 ыгы жок (кээде ченемсиз) көпкөн жаштан түңүл.

* Ченемди билген чегинде ийрилет,
чегинде ийрилген өмүргө үйрүлөт.
* Ченем сезимин өнүктүрбөй туруп,
азаматтын эртеңи болбойт.
* Ченгел жеринде күркүрөйт.
* Чептен эрдин күчү бек.
* Четке барып султан болгуча, өз элиңеултан бол.
* Четте жүрсөң тарыгаарсың, өз элиңди сагынаарсың.
* Четтен келген жоону тилге келтириң,
ал тилге келбесе, кылычыңды тосуң.
* Чечекке чектирбеген чымчыктарымды
кызыл тумоодо кырып алдым.
* Чечек чыккансып.
* Чечен алжыса атагын жейт.
* Чечен алжыса богун мыкчыйт.
* Чечен алжыса – намысынын кеткени,
баатыр жаңылса – ажалынын жеткени.
* Чечен алжыса төө дейт.
* Чеченде жалпынын сөз акысы бар,
байда кедейдин көз акысы бар.
* Чеченден өткөн чеченди
«кара жаак жез таңдай» дейт.
* Чечендин көркү сөзүндө, адамдын көркү ишинде.
* Чечендин көркү – таңдайда,
баатырдын көркү – маңдайда.
* Чечендин сөзү алтын, устанын колу алтын.
* Чечендин – сөзү, баатырдын – көзү (курч).
* Чечендин сөзү кумдай куюлат.
* Чечендин сөзү орток, чебердин колу орток.
* Чечендин сүрү сөзүндө, баатырдын сүрү көзүндө.
* Чечендин тили көпкө орток,
чебердин колу элге орток.
* Чечен жигит эп сүйлөйт, көпкөн жигит көп сүйлөйт.
* Чечен менен чебер жазуунун ортосу
асман менен жердей.
* Чечен менен чебер – көпкө орток.

* Чечен ойду эритет, сулуу бойду эритет.
* Чечен сөздүн эбин табат,
дайым кептин кемин табат.
* Чечен угаар кулак табылган жерде сайрайт.
* Чечен чечен эмес, өкүм (кээде өткүр) чечен.
* Чече сүйлөйт чечендер эл чогулган жерлерде.
* Чечилбес кара доо болсо, чечендин чери жазылат.
* Чечилишип сырдашса,
көңүлдүн кири (кээде көкүрөктүн муңу) кетет.
* Чечинген суудан кайтпас, кезенген жоодон кайтпас.
* Чиелешкен түйүндү чечиш кыйын,
үйүгүшкөн душмандан кетиш кыйын.
* Чийки бышып даамына келет, жаш (кичине)
чоңоюп алына келет, азган айланып элине келет.
* Чилденин бирөө калса да жут.
* Чилденин көркү музда, тамактын көркү тузда.
* Чириген жыгач устун болбойт.
* Чириген ооздон ириген сөз чыгат.
* Чириген тактайга мык кагылбайт.
* Чирикке чымын үйүр.
* Чирик – чиритет, бузук – бүлдүрөт.
* Чиркей да бир жабышса күчтүү келет.
* Чобур айгырдан аргымак кулун туулбайт.
* Чобурдан оогонду, тулпарга мингизбе.
* Чогоолдун чокмору ылдам.
* Чогулушта чындык керек, чогууда тынчтык керек.
* Чок кармагандын колу күйөт.
* Чокморлуу жоого темир калкан камда.
* Чокой кийген бут куурайт,
чогоолго берген кыз куурайт.
* Чоконун төөсүндөй солкулдап.
* Чоң атаңдын кадырын чоңойгондо билесиң.
* Чоң аягыңды чоңго атап ич.
* Чоң баштын да маң башы бар.
* Чоңго чоң аягыңды көрсөтпө.

* Чоң дарыянын акканы жай,
нускалуу адамдын сүйлөгөнү жай.
* Чоңдун куйругу тегирмен айлантат.
* Чоңдун оозу орок орот.
* Чоңдун түбү кор болот, кордун түбү зор болот.
* Чоң иш бүтүрөм десең, майдадан башта.
* Чоң иштер кичине жардамдан башталат.
* Чоң кемеге – чоң толкун.
* Чоң өгүздүн териси жука болот.
* Чоң үйдөгү күлсө, кичи үйдөгү ырсаят.
* Чоң үйдөгү тойгончо жутат,
кичи үйдөгү кусканча ичет.
* Чоң чатактан кичинекей достук артык.
* Чоочулап жасаган иштен чок баспайсың.
* Чоочун адамдын мүнөзү чытырман токой.
* Чоочун жол – чытырман токой.
* Чоркок киши төөнү жаза минет
(кээде жаза муштайт).
* Чоркок киши төөнү жаза муштайт,
буканын мурдун муштум менен көзөйт.
* Чоркок төөнү жаза муштайт,
өнөрлүү тырмак менен казык учтайт.
* Чотко түштүң – отко түштүң.
* Чоюн каухар (кээде болот) болбойт,
карга шумкар болбойт.
* Чөбү жок деп жерден түңүлбө,
малы жок деп элден түңүлбө.
* Чөгөлөп жашаганча, какайып жүрүп өлгөн жакшы.
* Чөгөлөп жашаганча, тике жүрүп жан ташта.
* Чөйрөң таза болбосо, актыгыңдан не пайда.
* Чөйчөк менен төөнү сугаргансып.
* Чөлдө кайыкты араба көтөрсө,
көлдө арабаны кайык көтөрөт.
* Чөлдүн кемеси – төө.
* Чөлдүн көркү – суу, көлдүн көркү – куу.
* Чөл жакалап конбой, көл жакалап кон.

* Чөлмөк миң (же кырк) күнү сынбайт,
бир күнү сынат.
* Чөнтөгүмдө пул болсо, чөлдө шорпо даяр.
* Чөнтөгүңдө дилдең барда хаңга салам бербейсиң.
* Чөп жыйнаган малын багат,
мал жыйнаган жанын багат.
* Чөп керек болсо, төө мойнун жантакка созот.
* Чөпкө бергис такыр бар, байга бергис жакыр бар.
* Чөптөн жапыз, суудан тайыз.
* Чөптөн жылан уу жасайт, аары бал жасайт.
* Чөптү кордосоң көзүңө түшөт.
* Чөптү кордосоң көзгө саят,
тишти кордосоң сөзгө зыян.
* Чөптүн жакшысы да шыбак, жаманы да шыбак,
эгиндин жакшысы да арпа, жаманы да арпа.
* Чөп чыкпаган сайдан кач, кайыры жок байдан кач.
* Чөп шириси мал семиртет,
кеп ширини жан семиртет.
* Чубактын кунундай кууду.
* Чубактын чуусундай чубалжыган иш.
* Чулдурдун тилин энеси билет.
* Чуркаган алат, уктаган калат.
* Чуркаган албайт, буюрган алат.
* Чуркаган баланы көрүп, чалдын буту зыркырайт.
* Чүбүттүн жолдошу болгончо,
арыңдын берекесинде жүр.
* Чыбыгында ийилбеген, таягында бүгүлбөс.
* Чыбык кармаганга ит өч,
чындыкты айтканга акмак өч.
* Чыбык тийсе, чыңк этпес.
* Чыгаан болчу уул чыйрак ойнойт.
* Чыгаан уулун эл тандайт, үмүт байлап,
аны жандайт.
* Чыгаан эр элдин башын бириктирет,
чыкпас көр элди ичтен иритет.

* Чыгалбай турган көз эле, чыгып кетти өзү эле, айтылбай турган сөз эле, айтылып кетти өзү эле.
* Чыгармачылык берген жыргал бардык жыргалдардын эң сонуну, асылы, бийиги, кызыктуусу.
* Чыгашага ээси баш, өлүмгө өзү шерик.
* Чыгашалуу малга ээси баш.
* Чыгаша чыкпай, киреше кирбейт.
* Чыгданы ачылбас, чырагы жагылбас (жанбас).
* Чыгымдан корксоң той кылба.
* Чыгым пайданын тууганы.
* Чыгымыңды кирешеңден мурда эсепте.
* Чыдашпаган чыргайдын жолой көрбө кашына. (Чыргай – сабырсыз, чыр киши)
* Чыйкандан жаман оору жок, аны сурар киши жок.
* Чыйканды чыйкан десе, тогуздап чыгат.
* Чыйрак болом десең муздак сууга кирингин.
* Чыйрактын шыйрагы сынат.
* Чыйырдан чыкпаган жолдон азбайт.
* Чыйыр – жолго барат, жол – элге барат.
* Чыккан кыз чийден тышкары.
* Чыккан – мээнет, кирген – дөөлөт.
* Чыккан сынгандан жаман.
* Чыккан тооң бийик болсо,
ыргыткан ташың алыс түшөт.
* Чыккан – чыгаша, кирген – киреше.
* Чыкпаган аштыкка – өтпөгөн орок.
* Чыкпаган жанда үмүт бар.
* Чык татырбас Чынарбай.
* Чылпагын аарчыймын деп, көзүн чукуган.
* Чылпагын алам деп көзүн олуп алыптыр.
* Чылык бар жерде былык бар.
* Чымчык өзүн жансынат, чырпык өзүн талсынат.
* Чымчык өзүн куш ойлойт, чырпык өзүн тал ойлойт.
* Чымчык семирип, батманга (кээде уучка) толбойт.
* Чымчыкты сойсо да, касап сойсун.
* Чымчык учса чий калат, өрдөк учса көл калат.

* Чымындай чындык алптай калпты жеңет.
* Чымындан жоон болсо, кадик кыл.
* Чымындуу жерде курт күчөйт,
ырымдуу жерде дарт күчөйт.
* Чымынды дөө кылба, бетиңди көө кылба.
* Чымынды көрүп, төөнү көрбөптүр.
* Чымындын көпчүлүгү уудан эмес, балдан өлөт.
* Чымынды төө кылып көрсөтөт.
* Чымын майга конот.
* Чымын тийген төөгө Ойсулата не керек.
* Чымынын кактырган бакшыдай болуп.
* Чымыркайлык – чыныгы байлык.
* Чын айткандын досу көп, калп айткандын касы көп.
* Чын айтып залал тап – акыры жетерсиң муратка,
калп айтып пайда тап – акырында калаарсың уятка.
* Чынар көгөргөн сайын ийилчээк болот.
* Чынга чыр жолобойт, калпка кадыр токтобойт.
* Чындап ыйласа, сокур көздөн жаш чыгат.
* Чындыгыңды жоготконуң – өмүрүңдү короткоnуң.
* Чындык – ачуу, калп – таттуу.
* Чындык жерде калбайт.
* Чындык жок жерде, шумдук көп.
* Чындык ийилет бирок сынбайт.
* Чындыкка караганда жалганды табуу оңой.
* Чындык көз тешет.
* Чындык күндөн жарык.
* Чындык отко күйбөйт, сууга чөкпөйт.
* Чындык – сегиз, бакыт – эгиз.
* Чындык сөздүн душманы көп.
* Чындыктан чындык уланат.
* Чындыкты жарадар кылууга болот,
бирок аны өлтүрө албайсың.
* Чындыкты жашырганың, жалгандыкты ашырганың.
* Чындыктын даамы ачуу келет.
* Чындыктын куюшканы кабат.

* Чындыктын өмүрү миң күндүк,
жалгандыкы – бир күндүк.
* Чындыктын чырагы өчпөйт.
* Чындыкты тануугa болбойт,
достукту чанууга болбойт.
* Чындык чычалатат.
* Чындык элди көтөрөт, мыйзамдык элди чөгөрөт.
* Чындын чынары өсөт, калптын чырагы өчөт.
* Чын жакшыга жолуксаң, суу ордуна бал берер,
чын баатырга жолуксаң, сен үчүн ал жан берер.
* Чын жакшынын ачуусу бар, кеги жок.
* Чын калыстын тараза табагына
алтын сала койсо да кылт дебейт.
* Чын пейилинен акылын айтканга,
чын ниетиңден алкышыңды айт.
* Чынчыл адамга жүгүн.
* Чынчыл болсоң, барктуу болосуң.
* Чынчылдын чынысы сынбайт.
* Чынчыл, калыс бол, чырдан алыс бол.
* Чынчыл сөз ачуу.
* Чын чычалайт, калп каткырат.
* Чыныгы акындын тулку бою ыр,
чыныгы дыйкандын тулку бою нур.
* Чыныгы акындын эки өмүрү бар.
* Чыныгы дос өз жардамын кадыр-колко
кылып кадам сайын эскертип турбайт.
* Чыныгы дос сүйө билет, кыйынчылыкта күйө билет.
* Чыныгы дос уялаштан артык (же тууганга тең).
* Чынын айткан киши ак.
* Чынын айткан чырдан алыс,
калп айткан болбойт калыс.
* Чың болсоң болоттой бол.
* Чыпалагына чымын коңсо, мээсине доо кетет.
* Чырайга келбет төп келсе, сулуунун ажары ачылат.
* Чырайды чылап ичпейт.
* Чырайлуу көзүнөн эмес, сөзүнөн.

* Чырайлык чындап келсе бир айлык.
* Чырактын жарыгы түбүнө түшпөйт.
* Чыр аялдын күйөөсү эрте карыйт.
* Чырга жакын адамдан чыга качып бак кетет,
чырга жакын улуктан чытырап сынып так кетет.
* Чырдуу күйөө, ырдуу (ыйлуу) кыз.
* Чырдуу кыздын чыргоо жомогу ырбайт.
* Чырдын түбү – жамандык.
* Чырм (же чырым) этсе – көзгө пайда,
чымчып жесе – этке пайда.
* Чырм этсе – уйкуга пайда,
чымчып жесе – тамакка пайда.
* Чырпыгым сынса, чынарым бар.
* Чырпыгы сынса сынсын, чынары аман болсун.
* Чырпыгы сынса талыңдын – чынар болбойт ал кайтып,
өткөн өмүр, качкан куш – колуңа келбейт ал кайтып.
* Чырпык жетилсе (кээде сайсаң) чынар болот.
* Чырпык өзүн тал ойлойт.
* Чырпыктын ийилгени – сынганы,
жигиттин уялганы – өлгөнү.
* Чытыр деген чөбү бар, сынамакка көрүп ал,
күчү кыйын арпадай, ак буудайдай деми бар.
* Чычкан буудайды ийнине ташыйт.
* Чычканга кебек алдырбаган.
* Чычканга – өлүм, мышыкка – оюн.
* Чычканга түк бүткөн сайын калтырайт.
* Чычкандай жүз жыл жашаганча,
жолборстой бир жыл жашаган артык.
* Чычкан ийнине кире албай жатып,
куйругуна калбыр байлаптыр.
* Чычкан – жойчу, түлкү – уучу.
* Чычкан көчүгүн (кээде аягын) көрүп аксайт.
* Чычкан мурдун канатпайт.
* Чычкылуу болсо боз бала,
чычкан алган мышыктай.
* Чычкылуууга майлуу эт табылбайт.
* Чычкылуу жан – эки аштан куру калат.

## Ш

* Шаа келсе, дөө качат.
* Шаарга барып шапке кийбей,
  же айылда калып аштык айдабай.
* Шабдаалынын балдарындай.
* Шагылы болбой зоо болбойт,
  шайыры болбой эл болбойт.
* Шайлоочудан өтөөр сынчы жок.
* Шайтан азгырганды шамал оодарат.
* Шайтан азгырса адам калбайт жаңылбай.
* Шайтан болсо, арык аттабай бут сынат.
* Шайтан болсо, буламыктан тиш сынат.
* Шайтанды да бир катарында азгырып,
  жолдон чыгарып кеткен азазил.
* Шайтан эң биринчи адамдын башына жана
  жүрөгүнө асылат.
* Шайы кеткен шакирт окуудан качат.
* Шайыр адам күн сыяктуу, кирген жерин нурдантат.
* Шайыр аялдан шылдыңчыл уул туулат.
* Шайыры болбой эл болбойт,
  пейили жакшы кем болбойт.
* Шакары бар, майы жок – мендей муңдуу бар бекен,
  көчкөндө көлүк өлтүргөн – сендей муңдуу бар бекен?
* Шак мөмөлөгөн сайын ийилет.
* Шакты шамал иет, бакытты жаман иет.
* Шакылдаган жигитти жоо бетинде көрөрмүн,
  шакылдаган катынды кыз бергенде (үй чечкенде,
  эл көчкөндө) көрөрмүн, бакылдаган текени –
  суу кечкенде көрөрмүн.
* Шалакы ата баласынын бактысын уурдайт.
* Шалтуруктун шайы жок, камдуунун алы көп.
* Шамал болбосо чөптүн башы кыймылдабайт.
* Шамал болот десе, үйүңө аркан сал.
  Жоо келет десе, колуңа кылыч менен калкан ал.

* Шамал жерди кургатат,
суу (кээде байлык) элди жыргатат.
* Шамал күлүк – изи жок, каргыш оор – мизи жок.
* Шам башка түбөлүк күйбөйт.
* Шамдагайлык – асыл сапат, шайырлык – алтын сапат.
* Шамыяны шайлабай, буурсунду соктурбай,
кара жерди каңтарбай дыйкандарга мал кайда.
* Шарап ичкен атак албайт,
эмгегин сүйгөн артта калбайт.
* Шараптын баш оорусу кетет,
байлыктын баш оорусу кетпейт.
* Шарият билбеген молдонун шайтаны көп.
* Шарыят – буйлалаган төө, кайда бурсаң бурулат.
* Шарыят – буйлалаган төө,
каякка жетелесең кете берет.
* Шарыятты укмак бар, куумак жок.
* Шатыра жалкоо жигиттен сарамжалдуу чал жакшы.
* Шашкалактык кыраакылыкты жоготуп коёт.
* Шашкан ашка бышкан.
* Шашкан шайтандын иши.
* Шашканга шайтан шерик.
* Шашкандыктын аягы кейиш болот.
* Шашкан иштин болбойт изи.
* Шашкан коён аңга батпайт.
* Шашмалык – иш билбестиктин бир белгиси,
токтоолук эстүү жандын зор мүнөзү.
* Шашылыш бүткөн иш – иш саз болбойт,
чала бышкан аш – аш болбойт.
* Шашылыш бүткөн иштен кырсык чыгат.
* Шеги бар шекийт (же шектүү шекинет).
* Шектенүү – шерттешкен достукту бузат.
* Шектүү секирет, шеги жок кекирет.
* Шектүү шексинет.
* Шермендесин чыгарам деп шер кылып алба,
этектен тартам деп эр кылып алба.
* Шибегени капка ката албайсың.

* Шилби көрсөң жулбагын, быбык көрсөң урбагын.
* Шодокондун бүркүтүндөй жутунуп.
* Шок болсоң жок болоорсуң.
* Шордуулга бакыт алыс, кырсык жакын.
* Шордуулга шорполуу тамак жакпайт.
* Шордуулга ыргыткан союлдун жоон учу тиет.
* Шоронун шору арылбайт.
* Шору көптүн сөзү көп.
* Шору мойнуна шорподой төгүлдү.
* Штансыздын тапканын ымансыз жейт.
* Шумдуктуунун төөсү жорго.
* Шум дүйнөнүн алдоосу, жалганы көп.
* Шумкар баласы саркыт койбой жем жебейт,
  жетесинде тойбогон тоймоюнча кел дебейт.
* Шумкарга эркиндик, адамга бейпилдик керек.
* Шумкардан карга, каргадан шумкар туулбайт.
* Шумкарды жүнүнөн тааны, жакшыны үнүнөн тааны.
* Шумкар көктү эңсейт.
* Шыбыраган сөз жаман, шыкаалаган көз жаман.
* Шыбыр кеп болбойт, шыйрак эт болбойт.
* Шыкаалагандын көзү сегиз.
* Шылдыңдап бирөөгө күлбө, ага окшоп өзүң да жүрбө.
* Шынааны шынаа менен кагып чыгарат.
* Шыраалжын куурап куурай болду,
  тулаң куурап сарыбычан болду.

## Ы

* Ызааты жок туугандан ысык көргөн жат жакшы.
* Ызакор – ырыс кыйды.
* Ыза тозокко алып барат.
* Ыйбаалуулга ырыс токтойт.
* Ыйдын да өз күлкүсү бар.
* Ыйдын түбү – ый, сыйдын түбү – сый.
* Ый көздү алат, күйүт көкүрөктү алат.

* Ыйкы-тыйкы болсоң чачыларсың.
* Ыйлаар бала атасынын сакалы менен ойнойт.
* Ыйлабаган балага эмчек жок (кээде эмчек салбайт).
* Ыйлагандан коркпо, күлгөндөн корк.
* Ыйлагандын көзү жаман, айткандын оозу жаман.
* Ыйлаганды сураба өлгөнү бардыр,
  күлгөндү сураба билгени бардыр.
* Ыйламайынча балага эмчек кайда?
* Ыйлап жүрүп арык казсаң,
  ырдап жүрүп суу сугарасың.
* Ыйлап жүрүп кулак байла, ырдап жүрүп суу сугар.
* Ыйласа – сураба, күлсө – сура.
* Ыйлашаарга өз жакшы, сыйлашаарга жат жакшы.
* Ыйман бар жерде ырыс бар.
* Ыймандуудан ырыс качпайт.
* Ыймандуулук – жакшылыктын башаты.
* Ыймандуу уул болбосо, баланын баласына кор экен.
* Ыйман турар токтуктан, ыйман качаар жоктуктан.
* Ыйманы бар боз бала күйүп турган чырактай,
  ыйманы жок боз бала, жакын да болсо ыраактай.
* Ыйманы бардын – ырысы бар, ырысы бардын –
  ынтымагы бар, ынтымагы бардын – жыйынтыгы бар.
* Ыйманы тазага ырыс жугат.
* Ый менен күлкү аякташ, куру кайгыдан пайда
  чыкпас, кайгыңды кайгы экен деп эч ким укпас.
* Ый менен күлкү сабакташ.
* Ый менен өлгөнчө, ыр менен өл.
* Ыйык сезим жүрөктү кытыгылайт.
* Ылайдын күчү бел менен, дыйкандын күчү жер менен.
* Ылай суу – оору булагы.
* Ылайсыз дубал курулбайт.
* Ылдыйга аккан сууну өйдө агыза албайсың.
* Ылдыйкы бутак – өйдөкү бутактын тиреги.
* Ымыркай бала куштун көлөкөсүнө тоңот.
* Ынанымы жоктун адеби жок.
* Ынкылап, ынкылапта ынтымак.

* Ынсапсызга кашык салсаң – беш ууртайт.
* Ынсапсыздык кишини орго салат.
* Ынсапсыздык – уятка калтыруучу иш.
* Ынсапсыз ыйманына камчы чабат.
* Ынсаптуу болсоң озосуң, ынсапсыз болсоң осолсуң.
* Ынсаптуулук адамдын дүйнөсүн тазартып, касиетин арттырып турат.
* Ынсаптын түбү жок, марттыктын чеги жок.
* Ынсап эч кимди кор кылбайт.
* Ынтымагы бар болсо, базары жүргөн чарбактай.
* Ынтымагы бар жерди ырыс уялайт.
* Ынтымагы бар элге ырыс жугат, ынтымагы жок элди каргыш урат.
* Ынтымагы бар элдин жарыла сүйлөйт чечени, ынтымагы жок элдин жабыла сүйлөйт нечени.
* Ынтымагы бар элдин ырыскысы мол (карды ток) болот.
* Ынтымагы жоктун ырысы жок.
* Ынтымагың бар болсо, айылың менен журтка тең болоорсуң.
* Ынтымагың болбосо, жашоо кыйын тынчыраак.
* Ынтымагың болбосо, ит менен кушка жем болоорсуң.
* Ынтымак – Атаж урттун көрөңгөсү.
* Ынтымак баарынан ыйык.
* Ынтымак бар жерде (элде) – ырыс бар.
* Ынтымак бар жерде ырыс түнөк табат (уялайт).
* Ынтымак – бейкуттуктун көрөңгөсү, ымала – ырыстуу элдин жөрөлгөсү.
* Ынтымак болбой иш оңолбос, ырыс токтобос.
* Ынтымак болбой, ырыс турбайт.
* Ынтымак болбой эл болбойт, ырыстуу кары кем болбойт.
* Ынтымак болсо калкыңда, душманыңдан тартынба.
* Ынтымак болсо үйүңдө, ырыскы толот күнүгө.
* Ынтымак достордуң жолун ачат, ынтымак болбосо ырыскың качат.

* Ынтымак жакшы, ырк жакшы,
ынтымактуу журт жакшы.
* Ынтымак жок үйдө ырыс жок.
* Ынтымак – ийгиликтин башаты.
* Ынтымак кеткенде ырыс качат.
* Ынтымак көкөлөтөт, чыр-чатак көмөлөтөт.
* Ынтымак курулган жерге ырыскы өзү келет.
* Ынтымак менен адилеттик бар жерде душман күчсүз,
элдин маанайы жарык.
* Ынтымаксыз атадан алтоо болсоң – оңбоссуң,
ынтымактуу атадан алтоо болсоң – жолборссуң.
* Ынтымаксыз эл жетим.
* Ынтымактан айрылсаң, колуңдагы иш кетет.
* Ынтымак турбай ырыс турбайт.
* Ынтымактуу жамааттын көрүүчү көзү,
сүйлөөчү сөзү бар.
* Ынтымактуу үйгө ырыс түнөйт.
* Ынтымактуу эл утат.
* Ынтымак түбү – ийгилик, тирилик түбү – бирдик.
* Ынтымакты кармаган адамда бар ынтымак.
* Ынтымак ыдыраса – баары желге кетет.
* Ынтымак – ырыс булагы.
* Ынтымак – элдин жолун ачат,
ынтымак болбосо, ырыс качат.
* Ыңырчагы ырдагандын, келини (керегеси) кердейт.
* Ыңырчакта сыр жок, кыңыракта кын жок.
* Ыраазычылыкта наараазычылык жок.
* Ыраак да болсо – жакын жол,
жакын да болсо – ыраак жол.
* Ыраактагы туугандан, жакындагы дос өөдө.
* Ырайы бар боз балдар күйүп турган чырактай.
* Ырайына жараша ыйманы.
* Ырахат издесең мээнетинен коркпо,
кубаныч издесең кайгысынан коркпо.
* Ыракмат мээнеттен кийин.
* Ырахатсыз өмүрдөн, уктап көргөн түш артык.

* Ыргайдан катуу шиш болбойт,
кебептен ширин эт (кѳш) болбойт.
* Ыр, гүл – ѳмүрдүн канаты.
* Ырдаган ырым, бүтпѳгѳн чырым.
* Ырдай билүү – ырыс.
* Ырдап жүргѳн ыры бардын бүтпѳй жүргѳн чыры бар.
* Ырдуу күйѳѳ, чырдуу кыз.
* Ыржың кызга тыржың (кээде мылжың) күйѳѳ.
* Ыр кадырын акын билет, сыр кадырын жакын билет.
* Ырксыз үйдүн баласы тентек,
баштуу үйдүн карысы жѳнтѳк.
* Ыркы жокко барк конбос.
* Ыркы жок элдин уурусу күч, доочусу кѳп.
* Ыркыраган үйдѳн ыктуу кокту жакшы.
* Ырлардын ажарын ырчы ачат.
* Ыр менен күлкү бүткѳндѳ жашоо токтойт.
* Ыр менен күлкү – тамактын тузу.
* Ыр – ѳмүрдүн булагы.
* Ыр – сѳздүн падашасы.
* Ырчы болсоң эрди айт, эрди тапкан элди айт.
* Ыр чыгарат черди (кѳңүлдү),
ырсыз ѳткѳн ѳмүр ѳмүрбү.
* Ырчы жарыбайт (кээде карыбайт), тулпар арыбайт.
* Ырчылардын (жамакчынын) сѳзү алтын.
* Ырчылык – чоң ѳнѳр.
* Ырчы менен думананын жүрбѳгѳн жери жок.
* Ырчынын тилинде мурчу болбосо,
сѳзүнүн курчу болбойт.
* Ырчынын ыры түгѳнбѳйт,
сынчынын сыны түгѳнбѳйт.
* Ырчы – сынчы, зѳѳкүрдү сабаар – камчы,
кургак жерге тамчы, дүлѳйгѳ – кулак, чѳлгѳ – булак.
* Ыр – ыйык дүйнѳ.
* Ырылдашып жашаган үй – тозок.
* Ырынан чыры кѳп.
* Ырыс алды – ден соолук, андан кийин ак жоолук.

* Ырыс алды ынтымак, ынтымагың болбосо,
  алдыңдан таяр алтын так.
* Ырыс алды – ынтымак, ыркы жокко конбос бак.
* Ырыс – жугушат, дөөлөт (билим) – оошот.
* Ырыс качса, тууш конбойт.
* Ырыскы – иште, иш – колдо.
* Ырыскыны жер берет, ынтымакты эл сүйөт.
* Ырыскысыз киши болбойт.
* Ырыстууга – жуучу, ырысы жокко – доочу.
* Ырыстуунун аты күлүк, кызы сулуу.
* Ырыстуу элдин карысы карыганда казына болот,
  чырлуу элдин карысы карыганда касап болот.
* Ырысты көрсө жалган качат,
  жолборсту көрсө тайган качат.
* Ырысы барга бөлтөк, ырысы жокко келтек.
* Ырысы жокко ышкындан айтпайт,
  кешиги жокко кемирчектен айтпайт.
* Ырысы жоктун аты кара чабуулда жүгүрөт.
* Ырысы жоктун ырымы күч,
  таалайы жоктун табышмагы күч.
* Ырысы жоктун этегине буудай салса төгүлөт.
* Ысабы жокко кашык салсаң беш ууртайт.
* Ысарда (Букарда) булу бардын көңүлү ток.
* Ысык болсоң оттой бол – жашообузга дем берген,
  арыбас болсоң абадай бол – адамга өмүр кең берген.
* Ысык суу да бир кезде муздак болгонун унутпайт.
* Ысыктасаң кымыран суук, кулагың кычышса,
  «Жылкычынын чымыроонду» ук.
* Ысыктын суугу, арыктын семизи, токтун ачы бар.
* Ышкысы жоктун ыйманы жок.
* Ыштаны жоктун түшүнө бир кары
  (же кары бою) бөз кирет.
* Ыштанын булгаган колун аябайт.

## Э

* Эбепке – себеп, эгиз улакка – айры шыбак.
* Эби бар иш бүтүрөт, кеби бар сөз бүтүрөт.
* Эби жок тантып сүйлөгөн,
адамдын сырын билбеген.
* Эбин таап кармаса, үйдүн көркү катында.
* Эбин тапкан (билген) темирди да үзөт.
* Эбин тапкан эки ичет, эңсеси каткан бир ичет.
* Эбин тапкан эки (же этин) жейт.
* Эгем бир улак жаратса, бир түп шыбак кошо жаратат.
* Эгер адамзат жай менен кыш, ысык менен суук,
ачуу менен таттууну көрбөсө,
бул чиркин бир катырган сүрөт эмеспи.
* Эгерде болсо ынтымак, үйүңдө бакыт кулпунат.
* Эгер эне азап тартса, ага уулу күнөөлүү.
* Эгизден төл өсөт, эмгек менен эр өсөт.
* Эгиз козудай болуп.
* Эгиз улакка айры шыбак.
* Эгилбеген жер жетим, элинен азган эр жетим.
* Эгин айдоо – байлык айдоо.
* Эгиндин барар жери тегирмен.
* Эгиндин жайын эккен билет,
арабанын жайын чеккен билет.
* Эгиндин кандайлыгы – чардан,
кыштын кандайлыгы – кардан,
күндүн кандайлыгы – таңдан,
кептин кандайлыгы – тилден.
* Эгин көп болуп эки жыл ичпейт,
төө көп болуп конокко сойбойт.
* Эгин өссө кырман табылаар,
канаттуу көбөйсө ормон табылаар.
* Эгин сатсаң орооңон сат, мал сатсаң короодон сат.
* Эгинчи жоодо тынат, балыкчы доодо тынат.
* Эгин эгип мал бакпаптыр,
эптеп-септеп жан сактаптыр.

* Эгин эккен арыктайт, түшүмүнө семирет.
* Эжекеме ишенип эрсиз калдым.
* Эжекем эрге тийди, эскиси мага тийди.
* Эже кийгенди сиңди киет.
* Эжелүү кызга тон кайда, эчкилүү койго суу кайда.
* Эжелүү кызга – эски тон.
* Эжени көрүп сиңди өсөт, аганы көрүп ини өсөт.
* Эжеси кийген тонду сиңдиси да киет.
* Эзелден душман журтту тууган кылуу –
бул эң бийик сыймык.
* Эзелден желки тон болбойт, эптесең жээн эл болбойт.
* Эзели душман эл болбойт.
* Эке-токо катындай, эски токум батындай.
* Эки адам баш кошсо – бүтүм,
эки таш баш кошсо – күкүм.
* Эки адам чатакташса – акылдуусу күнөөлүү.
* Эки айылды эриктирбей, бир айылды бириктирбей.
* Эки арамза дос болбойт.
* Эки атаны төрткө бөлгөн кол башчы жоодон өлөт.
* Эки ат минген кеч калбайт, элдүү түлкү ач болбойт.
* Эки ат эр карытат.
* Эки аяктуу адам түгүл, төрт аяктуу мал аксайт.
* Эки аяктуудан бажа таттуу, төрт аяктуудан бото таттуу.
* Эки аял – базар, үч аял – жарманке.
* Эки аял муңдашкан кезде эже-сиңди болуп чыга келет.
* Эки баатыр эрегишсе, бирөө өлүп, бирөө калат.
* Эки байдын ортосунда кедей байыбайт.
* Эки бай куда болсо – жорго алышат,
эки кедей куда болсо – дорбо алышат.
* Эки бакыр, бир тукур.
* Эки бузук бириксе – баары кыйшык.
* Эки бээлүү эл сактайт, жалгыз бээлүү жан сактайт.
* Эки доочу бир келсе – амалыңдын кеткени,
эки ууру бир келсе – ажалыңдын жеткени.
* Эки дөө кагылышса,
орто жерде кара чымын кырылат.

* Эки дүлөй кошулса, бири бирине күлөт.
* Эки жагыңа байкап иш кыл,
 жылкыңа карап ышкыр.
* Эки жакшы баш кошсо тунук суудай,
 эки жаман баш кошсо ылай суудай.
* Эки жакшы баш кошсо – ырыс,
 бир жаман менен бир жакшы баш кошсо – дурус,
 эки жаман баш кошсо – күн сайын уруш.
* Эки жакшы бир жайлоого чыкса кудалашып түшөт,
 эки жаман бир жайлоого чыкса, кубалашып түшөт.
* Эки жакшы бириксе көкөлөп учат, муратына жетет.
* Эки жакшы дос болсо, кыл өтпөй калат арадан,
 эки жаман жоо болсо, кол кетпей калат жакадан.
* Эки жакшы кас болбойт, эки жаман дос болбойт.
* Эки жакшы кошулса, бирин бири кыйышпайт,
 эки жаман кошулса, кең дүйнөгө сыйышпайт.
* Эки жаман баш кошмок ар кайда,
 эки жакшы баш кошмок күн кайда.
* Эки жаманга олжо түшүптүр,
 аны бөлө албай топко түшүптүр.
* Эки жаман таарынышса – амандашпайт,
 эки жакшы таарынышса – жамандашпайт.
* Эки жарты, бир бүтүн – эптүү кыздын калыңы,
 сексен жылкы, сегиз төө – септүү кыздын калыңы.
* Эки жинди бир кетти – эсен барып, соо келсин.
* Эки жол айры болсо, иттин башы каңгы болот.
* Эки жоо беттешсе, коркогу мурда кол салат.
* Эки жүздүү – эл бузат.
* Эки зыкым куда болалышпайт.
* Эки иштен бир иш.
* Эки кайталанган сөздүн ээси табылбайт.
* Эки катын алганың – чоң балаага калганың.
* Эки катын аламын деп, не балаага калыпмын.
* Эки катын алганча, эки каптал чай керек,
 эки семиз бээ керек.
* Эки кеменин башын кармаган сууга кетет.

* Эки киши күнөкөр, бир киши данакер.
* Эки киши күрөшсө – балбаны жеңет,
  эки эл чабышса – эстүүсү жеңет.
* Эки киши урушса, жеңилгени акылдуу.
* Эки коёнду кууган бирин да кармай албайт.
* Эки кочкордун башы бир казанга кайнабайт.
* Эки көздүн бири жоо чыккан заман.
* Эки көзүң ойносо жакут эмей эмине,
  эки колуң ойносо бакыт эмей эмине.
* Эки көз – ээсине жетет, элдик көз – тагдырды чечет.
* Эки кузгун талашса, бир каргага жем түшөт
  (жем болоор).
* Эки курбу кошулуп, эркелешсең түн кызык.
* Эки күнгө ээси бербейт, бир күнгө өгүз өлбөйт.
* Эки кыз – эрмек көп.
* Эки кылыч бир кынга сыйбайт.
* Эки кырчаңгы бир токойдон табышат
  (же бир токойдо батышпайт).
* Эки нар жөөлөшсө, ортодогу бейажал чымын өлөт.
* Эки нар жөөлөшсө,
  ортосунда кара чымын кырылат.
* Эки ой бир көөдөнгө сыйбайт.
* Эки ойлоп, бир сүйлө.
* Эки ооз бириксе, жалгыз ооз тим турат.
* Эки оору бир келсе – ажалыңдын жеткени,
  эки доочу бир келсе – амалыңдын (абийириңдин) кеткени.
* Эки өчтүүнү бир күчтүү кошуптур.
* Эки сарыдан маймылча тууйт,
  эки карадан каргача тууйт.
* Эки таш беттешкен жерде – күкүм,
  эки дос беттешкен жерде – бүтүм.
* Эки текем бир букача жок бекен.
* Эки тентек элге сыйбайт.
* Эки тизгин бир чылбыр, эби менен булкундур.
* Эки тизгин бир чылбыр, эл башкарган жигитке.
* Эки тоо кошулбайт, эки адам (эл) кошулат.

* Эки тоонун чөбүн эңсеген (самаган)
 кийик ачтан өлүптүр.
* Эки төө жөөлөшсө, ортосунда бейажал чымын өлөт.
* Эки туйгун качырса, каздын шору.
* Эки тууган урушат – эртесинде табышат.
* Эки уйлуунун үйү айран, эки аялдуунун үйү ойрон.
* Эки уй баккандын үйү – айран,
 эки зайып алгандын үйү – ойрон.
* Эки чанач, бир козу – эр жигиттин жолдошу.
* Эки шумкар талашса, бир кузгунга жем болот.
* Эки эл тарап болсо, эптүү жигит катын алат.
* Эки эр бириксе бийик дабан, бел ашат.
* Эки эргежээл бул ааламга батпаптыр.
* Эки эргежээлге дүйнө тар.
* Эки эрдин достугу – бир белден ашырат,
 эки элдин достугу – миң белден ашырат.
* Эки эр өлтүргөн бир эр өлтүргөндү кандуу моюн дейт.
* Эки эчкиң болсо, үйүң толо быштак,
 эки аялың болсо, үйүң толо мушташ.
* Экономика эмгектенсе, мамлекет сүрдөнөт.
* Экөө болсо жакшы болмок, бирөө да жок.
* Экөө келжиресе, үчүнчүсү болбо.
* Экөөнө бирөө бата албайт, аттууга жөө жете албайт.
* Экөө турмак бирөө жок, бирөө турсун күйөө жок.
* Экпей консоң эгин жок, үйрөнбөсөң билим жок.
* Экпесең жер кысыр, асырабасаң көл кысыр.
* Эксең эгин – ичерсиң тегин.
* Эл агасыз, суу жакасыз болбойт.
* Эл айтпайт, эл айтканда кем айтпайт.
* Эл айтпайт, эл айтса бекер айтпайт.
* Эл айтса, эп айтат.
* Эл акылсыз болбойт, көл казсыз болбойт.
* Эл акысын жер жебейт.
* Эл аралаган сынчы болот,
 жыгач аралаган үйчү болот.
* Эл аралык кадыр-барк – өнүгүүнүн зор булагы.

* Эл багуучу эр жигит эли менен кеңешет.
* Эл байлыгынан жер байлыгы.
* Эл байынан жер байы (көп).
* Эл бар жерде – сөз бар.
* Эл бар жерде эр бар, эр бар жерде – жеңиш бар.
* Эл башчылар достошсо, бактысы болот журтунун.
* Эл башы болгуча, суу башы бол.
* Эл башы болмок оңой, эл баштамак кыйын.
* Эл – башы менен, тоо – ташы менен,
аяк – ашы менен.
* Эл башына иш түшсө, кыштын күнү үй чечет.
* Эл башына күн түшсө, жан аяган жигитпи.
* Эл башына күн түшсө, эл эңсеген эр келет,
эр убайын эл көрөт.
* Эл башына түшкөн күн, эр башына түшкөн түн.
* Эл бийлиги – адилет, келечеги – акыйкат,
таянычы – калыстык.
* Эл бийлиги – баарынан жогору.
* Эл бийлөөгө амал керек миң – түмөн,
ошентсе гана ачылмакчы түн – туман.
* Эл бириксе, ажаанды жеңет.
* Эл бириксе, жеңиш болот.
* Эл биримдиги – бардык баалуулуктан жогору.
* Эл болбосо, эр болбойт.
* Эл бузган эң жаман иш.
* Эл`бузган шүмшүккө эл көрбөгөн жаза керек.
* Элге арналган өмүр – өчпөс өмүр.
* Элге бергениң текке кетпейт.
* Элге берген куруттан, мени кандай куруткан.
* Элге жаап өтсө, мага таамп өтөт.
* Элге жаккан жигит кор болбойт.
* Элге жөлөнгөн ээн калбайт.
* Элге караганга эл да аркасын салбайт.
* Элге кызмат эткениң, улуу урматка жеткениң.
* Элге кылган жакшылык жерде калбайт.
* Элге сиңген сөз эзели өлбөйт.

* Элге таянган эр өлбөйт.
* Элге ылайык эр туулат, эрге ылайык ат туулат.
* Элге эл кошулса – дөөлөт, элден эл кетсе – мээнет.
* Элге эмгек кылган өсөт, эл эрдикке кошот.
* Элге эркиндикти эмгек берет,
  эңгезердей тоскоолдукту эмгек жеңет.
* Элге эр кымбат, эрге эл менен жер кымбат.
* Эл дайра болсо анын нугу – салт.
* Эл дарбыса, эшек кошо дарбыйт.
* Элде болсо ынтымак – элден кетпейт ырыс-бак.
* Эл деген залкар байлык, түгөнбөс кенч.
* Эл деген киши ээрден түшпөйт.
* Элде жүргөн эл тааныр, кырда жүргөн жер тааныр.
* Элден безген – эр эмес, жоодон качкан – шер эмес.
* Элден жеген пул арам, жолобогун эч адам.
* Элден чыккан азамат – эл деп иштеп агарат.
* Элден эл бөлүнсө – мээнет, элге эл кошулса – дөөлөт.
* Элдештирмек – элчилден, жоолаштырмак – жуучудан.
* Элди баккан жер өлбөйт, эр төрөгөн эл өлбөйт.
* Элди бириктире турган да аял, ириттире турган да аял.
* Элди да үйрөт, элден да үйрөн.
* Элди жеңүү мүмкүн эмес.
* Элди иш бириктирет, сөз бузат.
* Элдики – элге, суунуку – сууга.
* Элдик оюндар – элдин энчиси.
* Элдин акылы ченемсиз.
* Элдин алтынын алба, алкышын ал.
* Элдин багы – малынын башына жараша,
  эрдин багы – жакындарынын башына жараша.
* Элдин байманалуу жашашы,
  падышанын ниетине жараша.
* Элдин даңкын эл билет, дыйкандын даңкын жер билет.
* Элдин жолу кенен жол, ээрчиген киши адашпайт.
* Элдин иши эрдин мойнунда,
  эрдин иши элдин мойнунда.
* Элдин көзү көп (болот).

* Элдин пейили оңолбосо, жердин пейили оңолбойт.
* Элдин салты – атанын наркы.
* Элдин сөзү – чындык көзү.
* Элдин сөзү элде калсын, душман сөзү жерде калсын.
* Элдин тили – эм.
* Элдин тиреги – акылман.
* Элдин укугун коргоочулар – адилет, чындыкты коргоочулар.
* Элдин уурусунан жердин уурусу жаман.
* Элдин эки тиреги бар, биринчиси – акылман, экинчиси – балбан.
* Элдин элчилиги, журттун журтчулугу – даңаза.
* Элдин – энчиси, тондун – топчусу.
* Элдин эриши – элден, аркагы – жолдон.
* Элдин эсебинен чыкпа, жердин чегинен чыкпа.
* Элдин эчкисине карасанасаң, өзүңдүн тѳөңө көрүнөт.
* Элди сүйгөн – озоор (же өсөөр), элден качкан – тозоор.
* Элди талап учурат, кушту канат учурат.
* Элди таттуу кылган кыз, тамакты таттуу кылган туз.
* Элди үйрөткөн элден үйрөнөт.
* Эл достугу – элчиден.
* Эл дөөлөтү – эмгек, эмгек – баарын жеңмек.
* Элдүү адам – белдүү адам.
* Элдүү жерде ууру бар, тоолуу жерде бөрү бар.
* Элдүү жерде элек бар, катындуу жерде челек бар..
* Элдүү түлкү ачка өлбөйт.
* Эл жакалай конбосо, бетегелүү бел карып.
* Эл жакасын бейкут багаар кыраандарың бар болсун!
* Эл жарыткан чыракты үйлөп өчүргөндүн сакалы күйөт.
* Эл жасаса жүрөгүм ооруйт, өзүм жасасам белим ооруйт.
* Эл – жердин гүлү.
* Эл жеринде бий болгуча, өз жеринде кул болгон жакшы.
* Эл жоосуз болбойт, жер тоосуз болбойт.
* Элебей элге теңелет, эчки койго теңелет.

* Элек сурап барып эрге тийип кетиптир.
* Элетти билген эл – жерди билет.
* Эли азгандын – жери тозгон.
* Эли байдын – дили бай.
* Эли байдын өзү бай.
* Эли бузук болсо – беги бузук.
* Эли жок деп элден түңүлбө,
  чөбү жок деп жерден түңүлбө.
* Эли журтуң болбосо, ай-күнүңдөн не пайда.
* Эликти көрсөң атып өт, селдени көрсөң качып өт.
* Эликтин мойнун ок кесет, эрдин мойнун жок кесет.
* Элим жаман дебегин, жүрөөр жериң эл.
* Эли менен эр көрктүү, жери менен эл көрктүү.
* Эли мыктынын бели мыкты.
* Элине арка болуучу уул – эки миздүү шап (канжар).
* Элинен азганга эки жылы эл жок,
  жеринен азганга жети жылы жер жок.
* Элинен безген эр оңбос, көлүнөн безген каз оңбос.
* Элине моюндашкан азамат душманына тизе бүкпөс.
* Элинен качканды бөрү жейт.
* Элин коргоп, жоо сайган – баатырлардын адаты.
* Элин ойлобой калган башчы айыкпас дарт,
  жугуштуу ылаң.
* Элин сагынбас эр болбойт,
  үйүрүн сагынбас ат болбойт.
* Элин сактап, туу кармап, эр өлбөсө, эл өлбөйт.
* Элин саткан жоодон өлөт.
* Элин сүйгөн – өсөөр, элден качкан – тозоор.
* Элин сүйгөн эр өлбөйт, жерин жетилткен эл өлбөйт.
* Элин сүйбөс эр болбойт, жерин сүйбөс эл болбойт.
* Элин сыйлабаган тилин жээрийт.
* Элин сыйлабас четте калат,
  жерин сыйлабас дартка чалдыгат.
* Элиң барда шордуумун дебе,
  мекениң барда жардымын дебе.
* Элиңде жаманың болсо, эрмегиң ошол.

* Элиңде тынчтык жок болсо,
алдыңдан таяр алтын так.
* Элиңди жаман көрсөң, элге кантип батасың,
жериңди жаман көрсөң көргө кантип батасың.
* Элиң менен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң.
* Элиң сынганы – белиң сынганы.
* Элиң түлкү болсо түлкү бол, бөрү болсо бөрү бол.
* Элиң тынч болсо, жаның тынч болот.
* Эли тозмоюн эл кадыры билинбейт,
жери тозмоюн жер кадыры билинбейт.
* Эл ичи – алтын бешик.
* Эл ичинде кел Байтак, өз үйүндө кем Байтак.
* Эл ичинде эл жүрөт, жең ичинде кол жүрөт.
* Эл ичинде эр жүрөт, эт ичинде курт жүрөт.
* Эл ичи – өнөр кенчи.
* Эл камын ойлоп башкаргандык – кеменгерлик,
эл тагдырына кол көтөргөндүк – текебердик.
* Эл караган бетим жер карабасын.
* Эл каргаса, жерге батпайт.
* Эл кимден корксо, эл ошонун кулу боло берет.
* Эл коргосоң озорсуң, коргобосоң тозорсуң.
* Эл көзү – сынчы.
* Эл – көл, элди билбес – чөл.
* Эл көрбөгөн шумдукка, эл көрбөгөн жаза керек.
* Эл көркү – мал, өзөн көркү – тал.
* Эл кулагы – элүү.
* Эл мазар, элден чыккан азаар.
* Эл мактабаган кыз эрсиз калат.
* Эл маакулга сен да маакул.
* Эл маакул тапканды – эр маакул табат.
* Эл менен базарсың, элсиз сен азаарсың.
* Эл (көп) менен көргөнгө, кабак салбай кайрат кыл.
* Эл менен көргөн той.
* Эл менен көтөргөн жүк жерде калбайт.
* Эл менен сен адамсың, элден чыксаң жамансың,
эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң.

* Эл менен эл достошсо дөөлөт келет,
эл менен эл касташса мээнет жеңет.
* Эл менен эр көгөрөт, суу менен жер көгөрөт.
* Эл мыктылары элеттен чыгат.
* Эл – намысынан жоого тиет,
катын – намысынан кара киет.
* Эл намысын эр коргойт.
* Эл намысы – эр намысы.
* Эл оозуна калкан коё албайсың.
* Эл оозунда жашаган ыр өлбөс кенч, түбөлүк мурас.
* Эл оозунда элек жок.
* Эл өмүрүн үлгү туткан киши караңгыда чырактуу.
* Эл өнөрү – эртеңкинин энчиси.
* Элпек болсоң элиң сүйөт, сүйүп алган теңиң сүйөт.
* Эл сагынбас эр болбойт,
жер (же үйрүн) сагынбас ат болбойт.
* Элсиз түлкү ачка өлөт.
* Элсиз эрдин күнү жок, эрсиз аялдын күнү жок.
* Эл сүйбөгөн жер сүйбөйт.
* Эл сүйгөндөй досуң болсун,
жер сүйгөндөй кошуң болсун.
* Эл сүйгөн эр – чынарлуу бутак.
* Эл сыйлаган адам эшикке жатпайт.
* Эл сыйлаган эр өлбөйт, эр жетилткен эл өлбөйт.
* Эл тагдырына кол көтөргөндүк – текебердик.
* Эл тараза: жаманыңды каталбайсың,
жакшыңды басалбайсың.
* Эл тарткан азапты эл менен кошо тарт.
* Эл таянган азамат – жер таянбайт.
* Эл тилеги – жакшылык.
* Эл турмушун билем десең, базарына бар.
* Эл түзгөн нерселер ар дайым асыл жана баалуу.
* Эл түркүгү элетте.
* Эл үйлөсө жел болор, көп түкүрсө көл болор.
* Эл үмүтүн эр актаар,
эр атагын (же арыгын) эл сактаар.

* Элүү жашың – эңген жаш,
даанышмандык келген жаш.
* Элүү жаш – эр ортону.
* Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы.
* Элүүндө белден ашкан короздойсуң.
* Эл үчүн жашагың келсе, элден үйрөн.
* Эл үчүн кылган жакшылык эбилип жерге түшпөс.
* Эл үчүн эзил, калк үчүн кыйнал.
* Эл четинде жоо жоолап,
курман болгон жигитти өлдү деген жалган кеп.
* Эл четине жоо келсе, жан аяган жигитпи,
жакшы көргөн досунан мал аяган жигитпи!
* Элчиге өлүм жок.
* Элчилер элди жакындаштырат.
* Элчиси эссиз болсо,
башчысынын башына бак конбос.
* Эл – ыйык, элден чыккан – суюк.
* Эл ынтымагы – бийик дубал.
* Эл ынтымагы – кут, бийлик биримдиги – бакыт.
* Эл ырыскысы – ынтымакта.
* Эл – ырыстын киндиги, эр – ырыстын коргону.
* Эл ырысын – эл тандайт.
* Эл – эл болду, Элебай акем не болду?
* Эл элге батса, үй үйгө батпайт.
* Эл – элден, суу – жерден.
* Эл эмгегин жер жебейт.
* Эл эмне болсо, сен да ошо болосуң.
* Эл – эне, жер – ата.
* Эл энчисин жеп алып, сары ооруга баткан бар.
* Эл эшиги сом темир – эритүүгө эр керек,
дөөлөт деген томолок – токтотууга эр керек.
* Эмгеги аздын, өнмөгү (түшүмү) аз.
* Эмгегине карай өнмөгү.
* Эмгегинен бакыт тапкан адам чыныгы сулуу адам.
* Эмгегин сүйгөн адам артта калбайт.
* Эмгегиң адал болсо, тактаның таттуу болоор.

* Эмгегиңен баар тапсаң, мартабаң чоңоёт.
* Эмгегиң катуу болсо, тапканың таттуу болоор.
* Эмгегиң күчтүү болсо, сөзүң өткүр.
* Эмгегиң менен элге жак,
кор кылбай асыл жанды бак.
* Эмгегиң шаңдуу болсо, жегениң майлуу болот.
* Эмгегиң – ырыс-кешигиң,
үй-жайың – кут конгон алтын бешигиң.
* Эмгек адамды жыргатат, бекерчилик ыйлатат.
* Эмгек – адамдын үзүрү.
* Эмгек адамды чыйралтат.
* Эмгек – азоо ат, максат – аны үйрөтүш.
* Эмгек – бакыт булагы, билим – өмүр чырагы.
* Эмгек бакытка эшик ачат.
* Эмгек бар жерде жылыш бар,
жылыш бар жерде ырыс бар.
* Эмгек бар жерден дөөлөт күт.
* Эмгек – дайра, билим – кеме.
* Эмгек даңкка жеткизет.
* Эмгек жокко жеткизет,
эрикпей кетменди алгын колуңа.
* Эмгек иштегенге имерилет, бакыт издегенге багынат.
* Эмгек – кишинин тун уулу.
* Эмгек кылбай элге ачууланба,
эгин айдабай жерге ачууланба.
* Эмгек кылбай эр оңбос, бирдик болбой эл болбос.
* Эмгек кылбай эр оңбос, бириндеген эл оңбос.
* Эмгек кылса ач калбайт, жара чыкса түк калбайт.
* Эмгек кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан.
* Эмгек кылсаң – өнмөк бар.
* Эмгек кылсаң эринбей, тоёт кардың тиленбей.
* Эмгек менен жер көгөрөт, эл менен эр көгөрөт.
* Эмгек менен эр көгөрөт.
* Эмгексиз адам эч нерсе албайт.
* Эмгексиз бакыт – тузу жок тамактай.
* Эмгексизге ыракат жок.

* Эмгексиз дыйкандын күнү өтпөйт.
* Эмгексиз иш бүтпөйт, эринчээктин колу тийбейт.
* Эмгексиз кireше – бетке чиркөө.
* Эмгексиз тапкан мал эсепсиз кетет.
* Эмгек сиңирген эрдин эл арасында аты өчпөйт.
* Эмгекте жеңишке жетишкен,
тынчтыктын чебин бекиткен.
* Эмгек текке кетпейт.
* Эмгектен артык эм жок, кайраттан артык дем жок.
* Эмгектен арыктасаң, түшүмдөн семиресиң.
* Эмгектен булчуң чыңалат, эринчээкке конбос бак.
* Эмгектен качпагын, ушак сөз айтпагын.
* Эмгектен качпа, ырыскыңды чачпа.
* Эмгектен качсаң – дөңгөккө,
дөңгөктөн качсаң сөңгөккө..
* Эмгектен өткөн ырыс жок.
* Эмгектенсең – жетесиң муратка,
жалкоолонсоң – каласың уятка.
* Эмгектенсең жылыш бар,
жылыш бар жерде ырыс бар.
* Эмгектеп жылсаң да эртеңиңе умтул.
* Эмгекти барктасаң, эмгек сени барктайт.
* Эмгекти билбеген адам – урмат-сыйга
татыксыз жолбун.
* Эмгекти көрбөгөн – ыракаттын кадырын билбейт.
* Эмгектин деңгээлин мезгил тастыктайт.
* Эмгектин наны таттуу, жалкоонун жаны таттуу.
* Эмгектин түбү – ырахат, эринчээкке конбос бак.
* Эмгекти сүйбөгөн адам – эси жок наадан.
* Эмгектүү кулда чарчоо жок.
* Эмгектүүнүн аты калат, эселектин даты калат.
* Эмгек үстү – күлкү, күлкү арасы -өмүр.
* Эмгекчилдин малы семиз, телегейи тегиз.
* Эмгекчилдин эмгеги байлык,
билимдүүнүн пикири байлык.
* Эмгекчил журтка таанылат, жалкоо дартка кабылат.

* Эмгекчил киши кадырлуу, эмгексиз киши жабырлуу.
* Эмгекчил таң атаарын күтөт,
  жалкоо күн батаарын күтөт.
* Эмгекчил токтоно албайт иш болбосо.
* Эмгекчил эрди эл ээрчийт.
* Эмгек – чыйралтат, өмүр – үйрөтөт.
* Эмгек – эл ырысы.
* Эмгек эрдикке жеткирет, эрдик элдикке жеткирет.
* Эмгек – эрдин көркү, эр – элдин көркү.
* Эмгек эрезеге жеткирет.
* Эмгек эткен күлүк аттай арыбайт,
  бетине бырыш түшсө да карыбайт.
* Эмгек этсең – үзүрүн көрөсүң.
* Эмгек этсең эмирсиң.
* Эмдик боз минсең оозун тарт, элдүү жерде тилиң тарт.
* Эмне эксең – ошону оросуң.
* Эмчектүү аял үмүттүү, эрсиз аял күйүттүү.
* Эмчинин өз эми өзүнө түшпөйт.
* Эне адаты – кызга үлгү.
* Эне болуу – эрдик.
* Энеге баланын алалыгы жок.
* Энеге жакканын – балалык,
  элге жакканың – адамдык.
* Эне деген касиеттүү от.
* Энеде кээр болбосун, мээр болсун.
* Энеден бир, турмуштан миң тууласың.
* Энеден кийин төркүн жок, эрден кийин жыргал жок.
* Энеден сүт ич, акылмандан акыл ич.
* Энеден – тарбия, атадан – акыл.
* Энеден төрөлгөнүң эстей жүргүн,
  ак сүтүн эмгениңди актай билгин.
* Эне көңүлү балада, бала көңүлү талаада.
* Эне көөнү – бешикте, бала көөнү – эшикте.
* Эне көргөн тон бычат, ата көргөн ок жонот.
* Эне – кыздын төркүнү.
* Энелүү баланын өзү ток, энесиз баланын көзү ток.

* Энелүү жетим – эрке жетим,
атaлуу жетим – арсыз жетим.
* Энелүү кыз – никесиз, атасыз уул – жетесиз.
* Энелүү кыз – уз, аталуу уул – элпек.
* Энеме ишенип эрсиз калдым.
* Энени коргоо – баланы коргоо.
* Энени коргоо – тынчтыкты, бейкуттукту,
келечекти камсыз кылуу.
* Энени көрүп кыз өсөт, эжени көрүп синди өсөт.
* Эненин ачуусу жазгы кардай.
* Эненин баскан жери бейиш.
* Эненин дени сак болсо, улуттун дени сак болот.
* Эненин колунан кыз тойбойт,
эрдин колунан куш тойбойт.
* Эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада.
* Эненин отуз уулу болсо да, көңүлчөөгүн көп көрбөйт.
* Эненин сөзү – нур, атанын сөзү – ур.
* Эненин сүйүүсүнө тең келүүчү эч нерсе жок.
* Эненин сүтү – ыйык, элдин тузу ыйык.
* Эненин тогуз уулу болсо да көп көрбөйт.
* Эненин эмгеги эки дүйнөдө эстен кетпейт,
ата кадырга жетпейт.
* Энени сыйлаган кыз – элчил,
атаны урматтаган уул – акыйкатчыл.
* Энеңдин баткакта жатканын айтып келгенге сүйүн.
* Энеңи жонуңа көтөрүп үч ирет
Мекеге жөө барсаң да карызыңдан кутулбайсың.
* Эне өлсө төркүндөн кадыр кетет.
* Эне өлсө – төркүн жок, ата өлсө – тууган жок.
* Эне – өмүр булагы, бала – өмүр чырагы.
* Эне сабырында чек жок.
* Энеси-атасы бир болгону менен
кыз баланын эли-жери бөлөк.
* Энеси болушчаактын кызы ыйлаак,
атасы болушчаактын уулу урушчаак.
* Энеси жок кыз, атасы жок уул – жетесиз.

* Энеси жок кыздын эмчеги чоң,
 атасы жок уулдун алаасы чоң.
* Энеси жоктун – кызы баш, атасы жоктун – уулу баш.
* Энесиз үй-бүлө – билиги өчкөн шам чырак.
* Энеси көрбөгөнүн кызы көрөөр,
 атасы көрбөгөнүн уулу көрөөр.
* Энеси мактаган кызды алба,
 жеңеси мактаган кыздан калба.
* Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт.
* Энеси ой ойлобогон, атасы той тойлобогон.
* Эне сүтүн актоо – унутулгус карыз,
 эне тилин сактоо – ыйык парыз.
* Эне сыйлаган элине жагат.
* Эне сыры – кызында, ата сыры – уулунда.
* Эне тилди барктоо – башкы маданияттуулук.
* Эне тилин билбеген, эли-жерин сүйбөгөн.
* Эне тилин билбеген элин сүйүп жарытпайт,
 эне тилин сүйбөгөн, эси жогун аныктайт.
* Эне тилин жеритен уул – кул!
 Өз улутун кемсинткен кыз – күң!
* Эне – тоодогу булак, бала – чөлдөгү кулан.
* Эне тыйбас кыздан түңүл, ата тыйбас уулдан түңүл.
* Эне тыйган кыз эмес, эндик тийген бет эмес.
* Эне – үйдүн куту, чырагы, касиети.
* Эне элжиресе өпкө-боорун чабат,
 баласы акылдуу болсо – ысык мээрим табат.
* Эң асыл байлык – ынсап.
* Эң ачуу да тил, эң таттуу да тил.
* Эң жакыным деп, сырыңды билгенди айт.
* Эңкейгенге эңкейгин – атаңдан калган кул эмес,
 какайганга какайгын – падышанын уулу эмес.
* Эңкейгенге эңкейгин – башың жерге тийгенче,
 чалкайганга чалкайгын – төбөң көккө жеткенче.
* Эңкейгенге эңкейгин, төбөң жерге тийгенче,
 ал сенин атаңдан калган кул эмес, какайганга
 какайгын, төбөң көккө жеткенче,
 ал сага пайгамбардын уулу эмес.

* Эңсегениңе жетмейинче эркин болбойсуң.
* Эңсеген таппайт, издеген табат.
* Эң сонун ойлоп тапкан жаңылыгың –
небак унутулган эскилик.
* Эң чоң жоготуу – наалат менен каргышка калуу.
* Эң чоң сынчы (сот, тараза, калыс) мезгил,
ал баарын иргеп, өз өз ордуна коёт.
* Эп келтирип сүйлөсөң, эл сөзүңдү угат да.
* Эп келтирип сүйлөсө – ырдын көркү акында.
* Эпкиндүү болсо элиң сүйөт, курбу-курдаш,
теңиң сүйөт.
* Эп көргөндү эп көр, жек көргөндү жек көр.
* Эптүү жигит – энчилеш.
* Эптүү зайып жартыны бүтөйт, кысканы узартат.
* Эптүү сүйлөп чөгөлөсө, кулдук кылып, баш ургун.
* Эптүү уулдан, септүү кыз туулат.
* Эпчил эки ичет.
* Эр адамдын ачуусу бар, кеги жок.
* Эр адамдын жан жолдошу – ат.
* Эр азаматка намыс, коёнго камыш керек.
* Эр азамат өлсө, Чубактын кунун куугандай куу.
* Эр азамат – элдин көркү.
* Эр азамат эл үчүн туулат, элге кыйын иш түшсө,
эл үчүн белин буунат.
* Эр азыгы менен бөрү азыгы жолдон.
* Эр азыгы – элден, бөрү азыгы – жолдон.
* Эр айланып элин табат,
тулпар айланып казыгын табат.
* Эр айласы – бир, катын айласы – миң.
* Эр алат деп коркоюнбу,
эмчегим чыгат деп коркоюнбу.
* Эр атасыз болбос.
* Эр аттан айрылганда – жөө,
эр элден айрылганда – алсыз, жетим.
* Эр атын зайып чаба албайт.
* Эр ачтан өлбөйт, ардан өлөт.

* Эр барданы бек болсун, ат барданы бош болсун.
* Эр – баш, катын – моюн.
* Эр башына иш түшсө өтүгү менен суу кечет,
ат башына иш түшсө, ооздугу менен суу ичет.
* Эр бир өлсө, эс миң өлөт.
* Эр болсоң көк бол, айткан сөзүңө бек бол.
* Эр болсоң эрдигиңди элге көрсөт,
арык казсаң күчүңдү жерге көрсөт.
* Эрге берсең ашыңды, эрлер сыйлаар башыңды.
* Эрге жакккан аял элге да жагат.
* Эрге ишенбе, эки колуңа ишен.
* Эрге ишенгиче, эки босогоңо ишен.
* Эрге кезек келгенде эки күлүк тең байлайт,
жерге кезек келгенде арпа, буудай тең чардайт.
* Эрге келет бир кезек, жерге келет бир кезек.
* Эрге келет бир кезек, эрге кезек келгенде эки күлүк
ат байлайт, ага-иниси бак байлайт.
* Эрге кылган жакшылык жерде калбайт.
* Эрге кылган жакшылык – элге жакшылык.
* Эрге тиймек бат экен, өтүк ултармак кеч экен.
* Эрге уйку жоо.
* Эрге чарык табылат, жеген иттин бетине кара.
* Эр даңкын эл чыгараар.
* Эр деми – эм.
* Эрден ашмак бар, элден ашмак жок.
* Эрден багы ачылбаган аял,
эшекке токулган аргымак ээрдей.
* Эрден безсең да, элден безбе.
* Эрден кийин сый жок, энеден кийин төркүн жок.
* Эрден кийин эрмек жок, уулдан кийин урмат жок.
* Эрден чыксаң да, элден чыкпа.
* Эрден ыйман качып кутулбайт.
* Эрден эрдин неси артык? Эптеп айткан сөзү артык.
* Эрди баккан жер өлбөйт, эр төрөгөн эл өлбөйт.
* Эрдигиң бар эсиң жок, эчтеме менен ишиң жок.
* Эрдиги тоодой, кеңдиги көлдөй.

* Эрди даңазалаган эли, жерди даңазалаган кени.
* Эрди жарыткан да аялы, арыткан да аялы.
* Эрди жоо үстүндө көр.
* Эрди кабагынан сына.
* Эрди карыганда көрбө, аргымакты арыганда көрбө.
* Эрди-катын бирин бири туура түшүнүшпөй,
  кечиришпей туруп, сыйлаша алышпайт.
* Эрди-катын бир төшөктө жатып,
  эки башка түш көрөт.
* Эрди-катын бир үйдүн – айы менен күнү.
* Эрди-катындын жаңжалы шал оромол кургаганча.
* Эрди-катындын ортосундагы мамиле сактай билсең
  – миң күндүк, сактабасаң – бир күндүк.
* Эрди-катындын ынтымагы –
  капкалуу калаанын берекеси.
* Эрди-катын урушат, эси кеткен болушат.
* Эрди-катын чабышат, эртесинде табышат.
* Эрди-катын – эриш-аркак.
* Эрдик билекте эмес, жүрөктө.
* Эрдик күрөштө туулат.
* Эрдик кылсаң, сүрө кыл.
* Эрдик кылып кой сойду, иттик кылып төш тартты.
* Эрди көңүлдө сыйлаң, жоону көрбөй баалаң.
* Эрдиктин мыктысы – жөнөкөйлүк.
* Эрдиктин түбү өзүнө жоо көбөйтөт.
* Эрди кудай ураарда котур болуп кашынат,
  атты кудай ураарда аягынан басынат.
* Эрди кудай ураарда элүүсүндө жаш болот.
* Эрдин ажалы эрден.
* Эрдин азыгы белде, бөрүнүн азыгы чөлдө.
* Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт.
* Эрдин асылы күчүнөн билинет,
  аялдын асылы ишинен билинет.
* Эрдин аты алыска кетет.
* Эрдин атын алыстан ук, жанына келсең бир киши.
* Эрдин атын эмгек чыгарат.

*Эрдин аты эрге тең.
*Эрдин баркын эл билет.
*Эрдин бир журту – өз эли,
бир журту – кайны, бир журту – тайы.
*Эрдин даңкын алыстан ук.
*Эрдин даңкын эл билет, дайкан даңкын жер билет.
*Эрдин даңкын эл (эмгек) чыгарат.
*Эрдин ичине ээр токумчан ат батат,
катындын ичине кара башыл киши батат.
*Эрдин камы элде.
*Эрдин кесири элге, катын кесири эрге,
аттын кесири ээсине.
*Эрдин көзү өтсө – чамгарак отто,
зайыптын көзү өтсө – куттун качканы.
*Эрдин көркү эл менен.
*Эрдин куну нардын булу эмес.
*Эрдин күнү – эл менен, элдин күнү – жер менен.
*Эрдин күчүн эл сынайт.
*Эрдин күчү чептен бек, алышарга эр керек.
*Эрдин күчү эл менен.
*Эрдин малы – элдин малы.
*Эрдин мыктысы ишинен билинет.
*Эрдин намысы өз колунда.
*Эрдин насиби элден.
*Эрдин өзүн көрбө, даңкын ук.
*Эрдин өзүнө караба, сөзүнө кара.
*Эрдин өзү эр эмес, сөзү эр.
*Эрдин сөзү өлгүчө, өзү өлсүн.
*Эрдин сөзү эки эмес.
*Эрдин сөзү элде калсын, душман сөзү жерде калсын.
*Эрдин тебетейине карап зайбын сына,
атына карап затын сына.
*Эрдин эриши элден, аркагы жолдон.
*Эрди талап учурат, кушту канат учурат.
*Эрди эл баалайт.
*Эрди эли сактайт, эр элдин эмгегин актайт.

* Эрди эне, күлүктү бээ тууйт.
* Эрди эр кылган да аял, жер кылган да аял.
* Эрди этегинен, нарды буйласынан кармайт.
* Эр достугу – эгиз, эл достугу – чалкыган деңиз.
* Эрдүү катын таяк жейт, койлуу катын куйрук жейт.
* Эрегиштен эр өлөт, кара кулак шер өлөт.
* Эр жакшысы таз болот, ат жакшысы боз болот.
* Эр жалдаган эмгегинен табат.
* Эр жандаган муратка жетет, ит жандаган сууга кетет.
* Эр жаны колго түшөөр, куш жаны торго түшөөр.
* Эр жаңылса да, эл жаңылбайт.
* Эр жаңылып колго түшөөр,
куш жаңылып торго түшөөр.
* Эр жараатсыз болбойт.
* Эр жигит ачкадан өлбөйт, ардан өлөт.
* Эр жигит бирде мырза, бирде кул.
* Эр жигит бир сырдуу, миң кырдуу.
* Эр жигит жарагы менен болот, аш табагы менен болот.
* Эр жигит жолго жүрөр жолдош менен,
карышкыр жолдош болбойт жолборс менен,
бир жүрбө миң-миллиард берсе дагы акылы жок –
акмак наадан менен.
* Эр жигит жолу болобу этеги шорго малынбай,
эр жигит жолу болобу кез-кезде торго чалынбай.
* Эр жигитке жетимиш түрлүү өнөр аздык кылат.
* Эр жигит кези келсе жата калып кар жейт,
кези келсе казы кертип, жал жейт.
* Эр жигитке эки миң өнөр аз.
* Эр жигитке эрдик деген улуу урмат,
жигитке эрдик атын актоо – кымбат.
* Эр жигит күрөшпөгүн балбан менен,
балбанды жыга албайсың чалган менен.
* Эр жигит менен бөрү азыгы – жолдо.
* Эр жигитти жандасаң – эрсиң,
коркокту жандасаң – кемсиң.

* Эр жигиттин алганы жарашпаса, алка жакасы
ак болобу да, элине эмгек сиңип бак конобу.
* Эр жигиттин аты жакшы болсо бир бакыт,
алган жары жакшы болсо миң бакыт.
* Эр жигиттин башы канжыгада, каны көөкөрдө.
* Эр жигиттин башына нелер келип, нелер кетпейт.
* Эр жигиттин белгиси эптүү болуп термелет.
* Эр жигиттин жакшысы эгин айдап, мал багат.
* Эр жигиттин ичине ээр токумдуу ат батат.
* Эр жигиттин кадырын агайын билбейт, жат билет.
* Эр жигиттин сөзү өлгөнчө өзү өлсүн.
* Эр жигиттин убададан тайганы – өлгөнү.
* Эр жигитти эл ичинде сынаба, эл четинде сына,
канжыгадан баш чечишкен,
карыдан кан кечишкен жоо бетинде сына.
* Эр жигит үйдө туулат, жоодо өлөт.
* Эр жигит эки айтпайт.
* Эр жигит элдин камын жейт, эселек малын жейт.
* Эр жигит эл камын ойлойт.
* Эр жигит эл карытат, ат арытат.
* Эр жигит эл менен, каз-өрдөк көл менен.
* Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде.
* Эр жигит эмгекти сүйөт, эмгектин үзүрүндө жүрөт.
* Эр жигит энеден туулат, эл үчүн өлөт.
* Эр жолдошу – тобокел.
* Эрегишкен душманга жалгыз кирген эр эмес.
* Эрегишкен эл болбойт, эсептешкен дос болбойт.
* Эрегишпес жоо болбойт, тоолуу болбой коо болбойт.
* Эрегиштен эр өлөт, кагылыштан кан өлөт.
* Эрегиш чыкса элчи бол, эл-журтуңдун кенчи бол.
* Эрендер чыккан элет бар.
* Эрендер элдин четинде, үзөңгүдөн жан берет.
* Эренди ээрге отурганда сына.
* Эри жокко этеги да душман.
* Эриккен – койчу, эси кеткен – жолоочу.

* Эрикпей кезген жолоочу эшек менен Мекеге барат,
  зерикпей иштеген бакыр ийне менен кудук казат.
* Эрим мени урса, мен балдарымды урам.
* Эрин баккан аял элин багат.
* Эринбес эмгегинен өнөт.
* Эринен айрылган көмгөнчө ыйлайт,
  элинен айрылган өлгөнчө ыйлайт.
* Эринчээк булут минип учат.
* Эринчээкке бүгүндөн эртең оңой.
* Эринчээкке эшик арт.
* Эринчээктин башы камдуу,
  таарынчаактын иши жандуу.
* Эринчээктин шылтоосу көп.
* Эринчээктин эртеңи бүтпөйт.
* Эринчээктин эрдин ит жалайт.
* Эринчээк түшкө чейин уктайт, кечке чейин эстейт.
* Эринчээк эгинчиден эринбеген машакчы озот.
* Эринчээк этегине аарчыйт.
* Эринчээк эшикке чыкса ат жалдайт.
* Эриңе ишенгиче эки улагаңа ишен.
* Эриң сыйласа – элиң сыйлайт.
* Эри өлгөндө катынга төркүнү жакын.
* Эри өлүп эрге тийген – журттун адаты,
  эри туруп эрге тийген – беттин карасы.
* Эри өлүп эрге тийген катын келинчек болот.
* Эри сүйбөс катынга эндик-упа не пайда?
  Шылдыр чачпак не керек?
* Эрите албасаң алтын ирийт,
  ийлей билбесең тери чирийт.
* Эришине жараша аркагы, эшегине жараша тушагы.
* Эр кадырын эр билет, зер кадырын зергер билет.
* Эр кадырын эр билет, эр билбесе ким билет.
* Эр кайраттуу болсо, катын уяттуу болот.
* Эр кайраты бир күндүк, эл кайраты миң күндүк.
* Эр канаты – күлүк ат, журт тиреги – эр жигит.
* Эр картайса эрки кетет, аял картайса көркү кетет.

* Эр карып эшек түшөбөйт,
катын карып пахта (камыр) түшөбөйт.
* Эр карыса ат болот, кемпирине жат болот.
* Эр карыса да, ой карыбайт.
* Эрке бала жаңы кийимге сүйүнөт,
жетим бала тойгонуна сүйүнөт.
* Эрке бала – туз, ташбоор бала – муз.
* Эрке бала эрте бузулат.
* Эркек – асман танап, ал аялга жарык берип,
күн сыяктуу жылытат.
* Эркек атын зайып чаба албайт.
* Эрке катын ыйлаак.
* Эркек баланы туурап кыз колуна сиет.
* Эркек бала шок болсун, шок болбосо жок болсун.
* Эркек берешен болсо – заар,
ургаачы берешен болсо – каар.
* Эркек бий азууга салат, катын бий амал менен алат.
* Эркек болбосо, үй жетимсирейт.
* Эркек болсоң сөзүңдө тур.
* Эркекке жүрөк, аялга жөлөк керек.
* Эркек козу туулганда курмандыкка жараткан,
эркек бала туулганда намыс үчүн жараткан.
* Эркек көктөн түшкөн жок, аял анын энеси,
аял көктөн түшкөн жок, эркек анын жетеси.
* Эркек көңүлчөөгү – зар, катын көңүлчөөгү – кор.
* Эрке козу – эки энеге тең.
* Эркек өзүн менсинет, эркекти ким теңсинет.
* Эркек өлсө эрмен чөп, катын өлсө камчы сап,
кайра төшөк жаңырат.
* Эркек – сел, аял – көл.
* Эркектен ийменген зайып, элине сыйлуу көрүнөт.
* Эркектин баркы аялда.
* Эркектин бузулганы көзүнөн билинет,
аялдын бузулганы үнүнөн билинет.
* Эркектин жаманы – зайпаана,
аялдын жакшысы – жайкама.

* Эркектин жылуу мамилеси түгөйүнүн
  өмүрүнө өмүр улайт.
* Эркектин кой сойгону,
  аялдын сайма сайганы менен тең.
* Эркектин лөгү сөзгө көнөт, катындын лөгү сүзүп иет.
* Эркектин шапалагы болбосо,
  аялдын шайтаны күч алат.
* Эркек туумак, кыз туумак эсте болсун.
* Эркек үндүү аялдын уяты жок,
  катын үндүү эркектин кубаты жок.
* Эркек эшиктен тапканды билсе,
  аял үйдөн улаганды билиш керек.
* Эркелетип тарбиялай албаган,
  коркутуп тарбиялай албайт.
* Эркелик балага жагат,
  зайып эркелеткен эркек сыз басып калат.
* Эркелээриң болбосо, эмшийгениң кимге таң.
* Эркенин жашы кургабайт, жоргонун тери кургабайт.
* Эркең эселек болот,
  карыса да эресеге жетелек болот.
* Эрке-токол катындай, эски токум батындай.
* Эркиндикке андан коркпогон киши жетишет.
* Эркиндикке жетүү үчүн, эң биринчи мээ менен
  жүрөктү кулдуктан бошотуш керек.
* Эркин жүргөн катын – мурунтугу бош кунаажын.
* Эркиң келсе, эки кулагыңды чой.
* Эр киши сом темир, эритерге эр керек.
* Эрк күчтүү болсо, тоо талаага айланат.
* Эр колбашчы өлсө – кол жетим.
* Эр колунан ылаачын (куш) тойбойт,
  эне колунан кыз тойбойт.
* Эр көрбөгөн кыйшыкты зайып түзөйт.
* Эрксиз адам ээ болуп жарытпайт,
  эңилчек баскан жер болуп жарытпайт.
* Эр күзгүсү – эмгеги.
* Эр күнүлөсө үй түзөлөт, катын күнүлөсө үй бузулат.

* Эрлердин аты чыгат эли менен.
* Эрлүү катын таяк жейт.
* Эр мактанса бир октук, бай мактанса бир жуттук.
* Эр малын чачпай – аты чыкпайт, элге алынбайт.
* Эр мыктысы эмгегинен байкалат.
* Эр – намыстын кулу.
* Эр намысы – эл намысы.
* Эр ортону – элүү жаш.
* Эр өлсө да, эл өлбөйт.
* Эр өлтүрүп, эриш бузганым жок.
* Эр өлүмгө күлүмсүрөп барат.
* Эрөөлдө жоокерге уйку жоо, сол көзү үргүлөп,
  оң көзү сак карабаса – жоокердин чын ажалы уйкудан.
* Эрөөл милдетин так аткарган жоокер өлбөйт.
* Эр сайышта коркогу өлөт.
* Эр сорогу (опкогу) үй толтурат,
  катын сорогу (опкогу) үй курутат (түгөтөт).
* Эр сыйлаган катын эшикке олтурбайт.
* Эр сыйлаган эшикке жатпайт,
  ат сыйлаган жөө баспайт.
* Эр сынаар кучкачмын, бир сынабай учпасмын.
* Эр тайын (тагасын) тартат, ит атасын тартат.
* Эр тамагы – элден, бөрү тамагы – жолдон.
* Эр ташыса – элине, суу ташыса – жээгине.
* Эрте жазда куймак жеген, кеч күздө ээрдин тиштейт.
* Эрте жатып, кеч турган
  эринчээктин (жалкоолуктун) белгиси.
* Эртеңки ашка күт, кечки ашка күтпө.
* Эртеңки базар кечкидей болбойт.
* Эртеңки иш эшекти да кайгырткан.
* Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө (артык).
* Эртеңки күндүн камын бүгүн көр.
* Эртеңкини бүгүн тарбияла.
* Эртеңкинин эрте-кечи жок.
* Эртеңкини ойлогон бала эрте эсейет.

* Эртең кыямат кайым болсо да бутак сайып кой, жакшыдан бак калат.
* Эртең макул, бүгүн жок.
* Эртең менен башталган иш ийгиликтүү болот.
* Эртең менен жолуң болсо, кечке чейин текиреңинден (таскагыңан) жазба.
* Эртең мененки насиптен калба, кечки насипке барба.
* Эртең тамактана турган идишиңди бүгүн жуу.
* Эртең, эртең деп жүрүп эринчээк өлөөр, көрүнгөнгө жем болуп жүрүп көңүлчөөк өлөөр.
* Эрте өнбөгөн кеч өнбөйт, кеч өнбөгөн эч өнбөйт.
* Эрте сепсең бир күнү, эрте оросуң бир жума.
* Эрте соода – соода, кечки соода – коога.
* Эрте турган адамдын насибеси (насип) артык.
* Эрте тургандын күнү узун.
* Эрте тургандын этеги толот.
* Эрте турган жигиттин бир ырысы артык, эрте турган катындын бир иши артык.
* Эрте турган жигиттин ырысы артык.
* Эрте турган көзүн ачып, оозун сүртөт, кеч турган оозун ачып, көзүн сүртөт.
* Эрте турган – сергек, ырыскыга – теңдеш.
* Эрте туруп кеч жатсаң да уйкуң канат, эрте турган адамга ырыс тамат.
* Эрте чыксаң алдыңдан күн чыгат, кеч чыксаң алдыңдан түн чыгат.
* Эрте ысыган бат муздайт.
* Эр төркүнү эшиктен, аял төркүнү төрдөн кайтат.
* Эр төрөгөн эл өлбөйт.
* Эр – тууган жеринде, ит – тойгон жеринде (жашайт).
* Эр туулса, элге мактан.
* Эр – түркүк, зайып – анын жары.
* Эр уйкусу – куш уйкусу.
* Эр – улан болбойт, ат – кунан болбойт.
* Эр үчүн кылган жакшылык эбилип жерге түшпөс.

* Эр – чачат, аял – катат.
* Эр чекишпей бекишпейт (билишпейт).
* Эр шашканда белгилүү болот,
ат чапканда белгилүү болот.
* Эр – эгиз, эмгектүү – жалгыз (же сегиз).
* Эр – элден, балык – суудан.
* Эр – элден, суу – жерден.
* Эр элдин оң жагынан каалоосу, жол жагынан паанасы.
* Эр эмгеги менен, жер жемиши менен (даңктанат).
* Эр эмгегин жер жебейт.
* Эр эмгегин эл жебейт, эл эмгегин жер жебейт.
* Эр эмгегин эл баалайт.
* Эр эмилбей мал кайда, кетмен чапай дан кайда?
* Эр энеден туулат, элге кызмат кылат.
* Эр энеден туулат, эл үчүн өлөт.
* Эр энөө болот.
* Эр эңсегенине жетет.
* Эр эшиги сом темир, эритмекке эр керек.
* Эс-акыл – эмгектин энеси,
кесип – кенен жашоо кемеси.
* Эсебин эптеп билебиз, эшегин кантип минебиз.
* Эсебиң так болсо, ийгилигиң бат болот.
* Эсебиң так болсо, көңүлүң ток болот.
* Эсебиң так болсо, эртеңиң нак болот.
* Эсеби тактын иши так.
* Эсеби тактын көөнү ток.
* Эсен болсо эр жетер, эр жеткенче эс кетер.
* Эсен болуп эстей жүр.
* Эсен (өлбөгөн) кулга мал бүтөт.
Мал бүткүчө эс кетет, эшикке келген дос кетет.
* Эсен уул ыйлабас.
* Эсеп билбес – чот (эп) билбес,
жыйганынан айрылат.
* Эсепке төө да чөгөт.
* Эсептешкен дос болбойт.
* Эсептүү дос айрылбайт, эсепсиз дос кайрылбайт.

* Эсепчини жут алат.
* Эсеп-чоттун тагы жакшы, эмгегиңдин агы жакшы.
* Эсеп-чоту болбосо, иш оңолбойт.
* Эсеп, эсеп билбеген эшек.
* Эсери болбой эл болбойт,
  такыры болбой жер болбойт.
* Эсерликтин саатынан эсил жан өлөт.
* Эси жок адам бир күндө үч жолу учурашат.
* Эси жокко ишенгиче эки босогоңо ишен.
* Эси жокко көп айтпа.
* Эси жок курсагы тойгондо эсирет.
* Эси жок пенде өзүнө душман.
* Эси жок элчи эки элди бузат.
* Эси кеткен сокурга тулку актырат.
* Эсинен эге тайыса, эр башын жутар миң чылбыр.
* Эсиң барда этегиңди жап.
* Эсиң болсо эчки бак, эчки тууйт төрт улак,
  эч оокатың болбосо, эгин айдап, жериң чап.
* Эсиң оосо, эчки бак.
* Эсирген серке аскадан секирсе, артындагы
  аксак койлор ташка жанчылаар.
* Эсирген эркек жаза басат, эсинен жаңылган
  ургаачы эр кызганат.
* Эсирген эрке, мерт болор эрте.
* Эсиргиси келген эсепсиз ичет.
* Эски даракты түбүнөн кырк.
* Эски досуң кас болбос, эски касың дос болбос.
* Эски дос эстен кетпейт,
  жаңы дос баркка (кадырга) жетпейт.
* Эски – жаңыга аралжы, аз – көпкө аралжы.
* Эски жоо атышаарга жакшы,
  эски дос алышаарга жакшы.
* Эски журттун кадыры өрүүдө билинет.
* Эски калтар таптырбайт, эстүү булбул бакта ырдайт.
* Эски карыз – жаңы табылга.
* Эски көч кайда барса, жаңы көч ошого барат.

* Эски мечитке кукук азанчы,
эси кеткен адамга эшек азанчы.
* Эскини жаңыртпа, жаңыны эскиртпе.
* Эскини жаңыртпа, эзелкини козгобо.
* Эскини тиксең эсиң кетет.
* Эскини эптей билген, жаңыны сактай билет.
* Эскини эптеп кий, жаңыны сактап кий.
* Эскиси жоктун жаңысы жок.
* Эски (эки) сөздүн бири жалган, бири чын.
* Эски тон жыртылбайт.
* Эссизге эпсиз молдо.
* Эсти алыш оңой, элди алыш кыйын.
* Эстүү адам эмгектен качпайт,
эзели жаман жакка баспайт.
* Эстүү адам эсирбейт.
* Эстүү бала тилегине жетет,
эси жок бала тетири кетет.
* Эстүү бала угат, эси жок бала күлөт.
* Эстүү бала элпек, эси жок бала тентек.
* Эстүүгө эки ооз сөз жетет.
* Эстүү жандар энесин коргойт.
* Эстүү жигит эл багат, мыкты дыйкан жер багат.
* Эстүү зайып жартыны бүтөйт, кысканы узартат.
* Эстүү киши билбейби, башын чайкап күлбөйбү.
* Эстүү киши кыйшайбай, эл-журтуна тең болот.
* Эстүү киши өз катасын өзү сезет.
* Эстүү киши – элим дейт, эл жактаган жеңилбейт.
* Эстүү – көпчүл (же элчил), эселек – тууганчыл.
* Эстүүлүктүн белгиси – эпчилдик.
* Эстүүнүн өзүн сыйлап, сөзүн сүйгүн,
билимиң аз-көп болсун ойго түйгүн.
* Эстүү уялтып айтат, эси жок коркутуп айтат.
* Этегибиз элтек, жеңибиз желтек.
* Этеги бош боло берүү аялдарга жарабаган иш.
* Этеги шалтак болсо да, бай катыны эмеспи.

* Этек-жеңди жыя отурсаң – абийирге аралжы,
 тизгинди жыя кармасаң – жанга аралжы.
* Этекке жетсе, жеңге жок, эңгиреген дүйнө – бок.
* Этек табылса, тезек табылбайт, тезек табылса,
 этек табылбайт.
* Этекти кессең жең болбойт, эзелки душман эл болбойт,
 жеткилең бийик жол болбойт, жээн-тага эл болбойт.
* Эт жакшысы картадыр, бир чалымы тартадыр.
* Эт жасаган колун жалайт.
* Эт жасаган эбин табат.
* Эт жебеген куш болбойт, эки жакшы туш болбойт,
 эки жакшы туш болсо, чамгарагы ыш болбойт.
* Эт жебесем таш жейин, этегиң жапчы кудагый.
* Эт жеген да ууру, сорпо ичкен да ууру.
* Эт жокто – карын, эл жокто – барың.
* Эти кирди бит чагат, нээти кирди ит кабат.
* Эти тургай табагымды таппай жүрөм.
* Эти этиме тийген катыныма баркым жок.
* Этиятсыздык зыяндуу ишке түртөт.
* Этияттык – канжардан күчтүү курал.
* Эт кайнаса шорпо жок,
 эки сөздүн (убаданын) бири жок.
* Этке жетпей туз тынбайт, эрге жетпей кыз тынбайт.
* Эт көрбөгөнгө өпкө таңсык.
* Эт көрбөгөн чоң сугунат, ак көрбөгөн бор сугунат.
* Эт көрбөгөн чоң сугунат, ун көрбөгөн – бор сугунат,
 туз көрбөгөн – шор сугунат.
* Эт, май – бир тууган, пияздын күйгөнү күйгөн.
* Эт менен челдин ортосунда.
* Эт ооруса айыгат, нээт ооруса айыкпайт.
* Эт, сүт менен эл баккан, тери,жүн менен
 пул тапкан, коргоол, көң менен от
 жаккан эмгектүү адам кой баккан.
* Эттен өткөн таяктан, сөөктөн өткөн сөз жаман.
* Этти касапчы сомдойт, төөнү жүгү бар комдойт.
* Эттин тагы кетет, көңүл (кээде беттин) тагы кетпейт.

* Этти тарткан билбейт, туураган билет.
* Эт экен деп жебегин, адалы жок арамдан,
малы бар деп сураба, көңүлүң калар сарандан.
* Эт – этке, сорпо – бетке.
* Эчки болбосо теке болсун, сүтү болсо болду.
* Эчки жаан жааганда – койдун бакыры,
күн тийгенде анын баатыры.
* Эчкилүү кой өкүнчүл, келиндүү эл ушакчыл.
* Эчки мүйүздүү болом деп, кулагынан ажырaптыр.
* Эчкинин майын көп жебе таңдайыңа жабышат,
эркекти карап көп күлбө чурайыңа жабышат.
* Эчкинин сүтү эрменде, эчкини сойгон шерменде.
* Эчкинин тууганы эгиз, иттики сегиз,
арстандыкы жалкы, жалкы болмок кимдин наркы.
* Эчкини сааса булак, ичи толгон улак эле,
териси эгинге кап, мүйүзү бычакка сап,
тогуз карын майы, токсон чакмак куруту бар эле.
* Эчкиң болсо, сүт да болот.
* Эчки өзү тууй албай атып койго аначы түшүптүр.
* Эчки өлөөрүндө сүзөөнөк.
* Эчки семирсе тоого чыгат, кызыл кулак семирсе
соода чыгат, катын семирсе коога чыгат.
* Эчки сойсо бакырат, элдин баарын
(кээде эли-журтун) чакырат.
* Эчки сүйөт баласын «тентегим» деп,
кой сүйөт баласын «жөнтөгүм» деп.
* Эчки тону этинде, эрдик сыны бетинде.
* Эчкиче бакырып өлгөнчө, койчо онтоп өл.
* Эчки эгизди тууйт, ит сегизди тууйт, жолборс
бирди тууйт, бир жолборс миң иттин жолун буууйт.
* Эчки эгиз тууп койдон ашпайт,
дарыя ташып тоодон ашпайт.
* Эч нерсе иштебеген адам гана жаңылбайт.
* Эч нерсеси кемибеген хандын бир татым тузу кемиптир.
* Эч оокатың болбосо, эгин айдап, жерин чап.
* Эч өнөрүң болбосо, көмүр өчүр, тал аарчы.

* Эчтемкеден жаңылбаган олуяны табуу кыйын.
* Эшеги азан чакырат, эси кеткен бакырат.
* Эшеги бир теңге, токуму миң теңге.
* Эшегине жараша акыры.
* Эшегине жараша чому, төөсүнө жараша кому.
* Эшегине карай тушагы, эришине карай аркагы.
* Эшегинин тушагы жок, төөсүнө чом жасаар имиш.
* Эшек айкырса булбул тынчып калыптыр.
* Эшек баксаң ардактап, буудан болбойт алчактап.
* Эшек баксаң ардактап тулпар болбойт,
эли башка бул арам тууган болбойт.
* Эшек баласы тулпар болбойт,
карга баласы шумкар болбойт.
* Эшек барга саналса да, малга саналбайт.
* Эшек кашыганды, жаман сыйлаганды билбейт.
* Эшек мактанып тулпар болбойт,
карга мактанып шумкар болбойт.
* Эшек минген ат сурабайт, балык жеген эт сурабайт.
* Эшек мингендин эки буту тынбайт,
эки катын алгандын кулагы тынбайт.
* Эшек сайда заңкылдайт, маалым болсун баткакта.
* Эшек сайда заңкылдаса, баткак берер жазаңды.
* Эшек семирсе ээсин тебет.
* Эшек табылса, тезек табылбайт, тезек табылса,
этек табылбайт.
* Эшек тапталып ат болбойт,
күйкө тапталып куш болбойт.
* Эшектен жыгылганды элирген атка мингизбе.
* Эшекти кандай ардактап баксаң да,
буудан болуп бербейт.
* Эшекти кырк жыл күрүч берип бакса да,
күлгө оонаганын койбойт.
* Эшектин жүгү жеңил болсо, жаталак (жатак) болот.
* Эшектин кулагы узун, ушакчынын тили узун.
* Эшектин күчү адал, сүтү арам.
* Эшектин күчү кыйын, кебетеси тайдан ашпайт.

* Эшектин сүтү арам, күчү адал.
* Эшекти отко айдаса бокко качат.
* Эшек эртеңкисине кайгырат.
* Эшек эшектен калса кулагын кес.
* Эшигин көрүп төрүнө өт, энесин көрүп кызын ал.
* Эшик алдынан жел келгиче, үй артынан жоо келсин.
* Эшик ачык болсо да сурап кир.
* Эшикке чыксам эчки каапыр тебелейт,
үйгө кирсем кайненем каапыр жемелейт.
* Эшиктеги иш – эркектики, үйдөгүсү – аялдыкы.
* Эшиктен келип төр меники дейт,
жолдон келип тон меники дейт.
* Эшиктен киргенди «энеңди» дебе,
бирөөнүн бергенин бекер деп жебе.
* Эшик түрткөндү албай, бешик түрткөндү ал.
* Ээгигиңдеги сакалың, эрксиз (элсиз) жүрсөң агарат.
* Ээк астында элди ойло.
* «Ээнбаш» деп баланы эби жок жерден какпагын.
* Ээнбаштык менен тапкан малың өз башыңа жүк болоор,
эмгек менен тапкан малың өлгөнүңчө мүлк болоор.
* Ээн жерде ойло, эл ичинде сүйлө.
* Ээн жердин көк бөрү.
* Ээн жердин сууру алты айгырга жүк.
* Ээн көлдү шайтан ээлейт.
* Ээн ооз сөздү сапырылта берүү эселектик.
* Ээн ооз сүйлөгөндөн кечирим сура.
* Ээрге олтурганда эле көчүгү кыйшык болучу.
* Ээр токумдуу ат ээсин түгөтөт.
* Ээси арамза болсо, аты чакар (котур)болот.
* Ээси жалкоонун аты чалпоо.
* Ээсизди ээлеймин деп душман басат.
* Ээси итин жумшайт, ит – куйругун жумшайт.
* Ээси келсе, бээсин бер.
* Ээси көрмөксөн болсо, малы көтөрүм болот.
* Ээсине буюрбаган мал башкага буюрбайт.
* Ээсине керек болсо, коңшу таарынбайт.

* Ээсин сагынган кулдан сактан.
* Ээсин сыйлаган итине сөөк таштайт
(же ээсин сыйласаң итине сөөк сал).
* Ээси теңдикке көнсө да, ууру жанын жеп көнбөйт.
* Ээси укмуштуу болсо, ую жорго болот.
* Ээси эки кылам десе, эгем бир кылат.

## НУСКА СӨЗДӨР ЖЫЙНАГЫ

Жүрүм-тыйым эрежелери жана ырым-жырымдар – элдик педагогиканын башаты. Жүрүм-тыйымдар – элдик нормаларды камтыган элдин адеп-ахлактык тарбиясы, маданияты, элдин коомдук, саясий, экономикалык көрсөткүчү. Алар адамдын айлана-чөйрөгө, өз ара жана дүйнө менен карым-катнаштарындагы көз караштарынын философиялык туундулары, көп кылымдык тажрыйбаларынын натыйжасы. Булар жазылбаган мыйзам, эреже катары аткарууга милдеттүү болуп, балдарды күндөлүк турмуш-тиричиликтин маданиятына чакырган. Ошол эле учурда алар улуулардын таалим-тарбия берүүчү негизги милдети катары кабыл алынган. Жаштарды адептүүлүккө, түз жолго, нысаптуулукка, абийирдүүлүккө, калыстыкка, адилеттүүлүккө, ыймандуулуукка ж.б. үндөгөн жүрүм-турумдар, ырым-жырымдар көп. Алар улам кийинки муундун акыл-туюмуна орноп, атадан балага, кылымдан кылымга өтүп, бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет. Буларда исламга чейинки диний ишенимдери: анимизмдин, тотемизмдин, шаманизмдин да, исламдын да таасирлери байкалат, ошондой эле динге эч байланышпастан нукура турмуштук зарылчылыктан, динге кошуп койгон эл акылынан келип чыккан тарбиялык маанидеги тыюулары да арбын. Айтор элде тыюу салынган нерселер көп, тек гана «антпе жаман болот» деп коюшат. Бирок мына ушул «жаман болоттун» артында турмуштук тажрыйбадан келип чыккан улуттук философия жатат. Калк ичинде канчалаган мезгил көөнөрбөй айтылып келе жаткандарына караганда, бул жүрүм-тыйымдар тегин жерден чыкпаса керек. Элдик

жүрүм-тыйымдар буюруу (буйрук берүү) иретинде айтылат. Анткени бизге жөнөкөй эле сөздөй сезилгени менен ар биринин аркасында терең маани, тарбия жатат.

* Аарынын уюгуна тийбе.
* Агын сууга түкүрбө, шыпырынды таштаба,
  кир жууба, даарат алба.
* Агын сууну чачпа, бул ырыскыңды чачканга барабар.
* Адамга бычак кезебе, анты болот.
* Адамга далыңды тосуп отурба,
  бул адепсиздиктин белгиси..
* Адамга жакшылык кылууну унутпа.
* Адамды айланба.
* Адамды аттап өтпө.
* Адамды башка чаппа.
* Адамды ийнинен баспа (кемсинтпе,
  өзүңдөн төмөн санаба).
* Адамды малча санаба.
* Адамдын айыбын издөөчү болбо.
* Адамдын башынан жаздыкты сууруп алба
  (өлгөн адамдын башынан гана жаздыкты сууруп алат).
* Адамды тегеренип ойнобо.
* Адам өлгөн күнү башыңды жууба, кир жууба.
* Адегенде нан ооз тий.
* Азганды кууп, тозгонго жолукпа,
  тууган издеп достон кетпе.
* Азуулуу менен арбашпа, алдуу менен кармашпа.
* Айга ак (сүт, айран) көргөзбөйт.
* Айга (Күнгө, кыбылага) карап заара кылба.
* Айды көпкө караба.
* Айдын толугунда төрөлгөн баланын
  өмүрү узун болот дешет.
* Ай жаңырганда «Ай көрдүм аман көрдүм.
  Айдан аман, жылдан эсен бололу,
  келерки айга чейин өсүп-өнүп тололу» деп бата кыл.

* Ай, Күнгө акаарат келтирбе.
* Айран, сүттүн калдыгын тебеленди жерге төкпө.
* Айткандын айдоочусу болбо,
жалкоонун жардамчысы болбо.
* Айтканыңдан кайтпа,
алдыңдан жоо чыкса да кайра тартып качпа.
* Айыл ичине атчан чаап кирбе,
бул жаман кабар угузуунун белгиси.
* Айыл болбо анткорго, жолдош болбо айгакка,
мүдүрүлтөт тайгакка.
* Айыл конбо анткорго, карыз болбо сүткорго.
* Ак барандын кундагын, аталбасаң сунбагын.
* Аккууну көрсөң атпагын.
* Ак төгүлсө жакага сүртөт.
* Акты «куу» дейт (куу ит, кызыл ат).
* Акты төкпө.
* Акчалуу болгондо өзүң жумшай электе карызга бербе.
* Акчаны оң кол менен алып,
сол кол менен бериш керек.
* Ак чөп башымда.
* Акылдуу менен арбашпа, алдуу менен кармашпа.
* Акылдуунун алдына акмакты ээрчитип барба.
* Алаканың кычышса – акча аласың,
таманың кычышса – жол жүрөсүң.
* Аланын изин баспа.
* Ала таяк кара кылды как жарган
калыстыктын белгиси.
* Ала тонуңду аңтара кийбе.
* Алган чачты тебелендиге таштаба,
киши баспаган жерге көөмп кой.
* Алдыңа келген ашты күттүрбө.
* Алдыңдан кара мышык өтсө баш кийимиңди
бир тегеретип кой.
* Алп көңүлүн калтырба, ат аркасын жоорутпа.
* Алсаң, берээриңди унутпа.

* Алтымыш күн атан болуп жүргөнчө,
алты күнү буура болуп зиркилде.
* Алты саны аман адам буюмду кесирлебей,
колу менен жылдырышы лазым.
* Алыска аттанаарда ачууланба,
артыңды кылчактап караба.
* Алыскы жолго чыгып бараткaнда жуунууга болбойт.
Иши жүрүшпөй калат.
* Алыс сапарга чыгаарда нандын четинен ооз тийип,
сактатып кой – насип күтөт.
* Алыстан жол жүрүп келген адамдын башынан
үч жолу суу тегеретип чачып,
ал идишти сыртка көмкөрүп кой.
* Аманатка кыянат кылба,
аманаттан ашкан оор жүк жок.
* Ардактуу адам алдында озунба,
кадырлуу адам көзүнчө каткырба.
* Аркан чыйратып жатканда түбүнөн өтпө.
* Арпа сеппе таш жерге, айыл конбо кас элге.
* Арпа сээп буудай алам дебе.
* Арстандын оозунан жем талашпа, өзүң жем болосуң.
* Арткан ашты иттен аяба.
* Арыктагы сууга түкүрбө.
* Асмандагы жылдыздарды санаба.
* Астанага жатпа, басып турба.
* Атаңдын көзүнчө балаңы өпкүлөп, эркелетпе.
* Атаң тирүү кезинде өзүңү балаңа «Ата» деп айттырба.
* Атаң тирүү туруп сакал койбо – атаңдан
кутулганга шашпа.
* Атасы башка менен коен уулаба.
* Атасына окшош кыз жана апасына
окшош уул бактылуу болот дешет.
* Ат жалына бут чыгарба.
* Атканага даарат ушатпа.
* Атым теппейт, итим каппайт дебе.

* Атың аксап калса,
аттын бутун баландын заарасы менен жуу.
* Ачка болсоң да, азанчыдан үмүт этпе.
* Ачкага аш бышыртпа.
* Ачкыч менен баш кийимди столдун үстүнө койбо.
Уруш-талашка алып келет.
* Аш тактаны бийикке койбо.
* Ашы бар (аш ичкен) аяктан аттаба, кесир болот.
* Аялдарга тизесин кучактап отурууга болбойт.
Тизени кучактаган жесирликтин белгиси.
* Аялзаты мандаш токунуп отурбайт
(үй ээсин сыйлабагандыктын жана үй ээсинин
эрте жок болушун каалагандыктын белгиси).
* Аялзаты чачын кыркпашы керек
(өз ырысын кыркуу менен барабар).
* Аял киши аксакал адамдын жолун кесип өтпөйт,
адепсиздиктин белгиси.
* Аял киши жаагын таянып отурбайт.
Жаагын таянуу жесирликтин белгиси.
* Аял киши кийимин кийип туруп жамаганга,
топчу кадаганга болбойт.
Акыл-эсин кошо тигип салганга барабар.
* Аял киши караңгыда жалгыз сууга барбайт.
* Аял кишинин көкүрөгү кычышса жакын
адамдары ойлоп жатканын билдирет.
* Аял киши күйөөсүнөн уруксатсыз куран окубайт.
* Аял киши түнкүсүн идиш-аякты жуубай,
ошол бойдон калтырып жатса, идиш-аягын шайтан
аралайт. Үйүнөн береке кетет.
* Аялы менен күйөөсү бир кашык менен тамак жесе,
экөө бири-бирине нааразы болот.
* Баатырдын алдынан түлкү чыкса кылактап –
олжо болот, аял чыкса булактап – жолто болот.
* Базарда биринчи буюмду саткандан кийин ошол
буюмдун акчасын сатыла элек буюмдарга
тийгизип чыксаң, соодаң жакшы болот.

* Базар күнү сапарга чыкпа.
* Байгамбар жашка барганда сууктан кач, ысыкка шаш.
* Байкабай туруп баспа, билбей туруп шашпа.
* Байкоосуздан тилиңди тиштеп алганың, жакын адамдарың ачка болуп жатканын билдирет.
* Байкоосуздан тузду төгүп алсаң, анда бирөө менен урушасың. Эгерде көбүрөөк төгүп алсаң, чоң уруш чыгат. Жаман нерселерден оолак болуш үчүн артыңды карабай тузду колуңа уучтап туруп, сол жак ийинден нары карай ыргытып жибериш керек.
* Байпагыңды башыңа коюп уктаба.
* Бакага тийсең бетиң чаар болуп калат.
* Баканы өлтүрбө, жаан жаайт.
* Бактылуу менен басташпа, таалайлуу менен талашпа.
* Бактысы ооганга баатырсынба.
* Балага жаңы кийим кийгизгенде бетинен өөп кой.
* Балага сук-суктап тамак бербейт.
* Баланы башка урба.
* Баланы жалгыз уктатып калтырсаң башына нан коюп кой.
* Баланы колуңун ичине имерип көтөр.
* Баланы күлдүрбө.
* Баланын бешигин жабуусуз ачык калтырбайт.
* Бала киринткен сууну караңгыда сыртка төкпөйт.
* Баланын таманынан өппөйт, сынык күзгүгө көрүнбөйт.
* Баланын таманын кытыгылаба.
* Балаңдын ыйманын жашынан тиле, чоңойгондо тилесең кеч болуп калат.
* Балапанды кармаба, колуңдун уусу өтөт.
* Балбан менен күрөшпө.
* Балдар жер таянып отурбайт. Ал жетимдиктин белгиси.
* Балта, бычак, мылтыктын анты бар, алар менен адамга курулай тап бербейт.

* Бара турган жериңе какырба да түкүрбө.
* Бар буюмду кор кармабайт.
* Бар туруп, жок деп айтпа.
* Басар жолго күл төкпө.
* Бассаң бутуңа этият бол.
* Батадан келе жатып башка үйгө кирбе.
* Баш кийимди бирөөгө бергенге болбойт.
* Баш кийимди жоготуп алуу жамандыкка алып келет.
* Баш кийимди сатпайт, белекке бербейт, алмашпайт, тегеретип ойнобойт.
* Баш кийимди теппе (тепсебе).
* Баш кийимди тетири каратып кийбе.
* Баш кийимди ыргытпа.
* Баш кийимиңди аяк жакка таштаба.
* Башыңа иш түшсө качпа.
* Беделдүү жерди баспа.
* Бейитти аттаба.
* Бейитти колуң менен көрсөтпө.
* Бейиттин жанынан өткөндө күлбө, бата кылып өт.
* Бейиттин топурагын жаңылаба.
* Беймаал убакта күл төкпө.
* Беймаал убакта оорулууну сурап барбайт, бала көрбөйт.
* Беймаал убакта ыйлаба, уктаба.
* Бешикке өбөктөбө.
* Бешикти ачык калтырба.
* Бешикти бутуң менен терметпе.
* Бешикти куру терметпе.
* Бешикти сатпа.
* Бешикти тээп (бутуңду бешикке карай сунуп) отурба.
* Бешикти эки кишилеп көтөрбөйт.
* Бийик тоону жанынан көр – башына чыкпа, жакшы кишини алыстан ук – жанына барба.
* Билбегениңди «билемин» деп мактанба.
* Билбеске айтпа.

* «Билем», «билем» дей бербе,
уят болуп каласың, билгендерди көргөндө.
* Бирөөгө барганда камчыны бүктөй кармап алуу – ичинде кузаматы болгондукту билдирет.
* Бирөөгө берсең, эртеси барып сураба.
* Бирөөгө бет аарчыңды берсең,
өзүңдүн көз жашыңды бергенге барабар болот.
* Бирөөгө буюмду оң колуң менен бер да,
сол колуң менен ал.
* Бирөөгө ийгилигиң жөнүндө айтып жатканда
көз тийбесин үчүн жыгач нерсени үч жолу ургулап,
сол жакка үч жолу түкүрүп коюу керек.
* Бирөөгө ийне берсе, ийнени сапталган жиби менен кошо бербейт (ийне ээсинин уздугу кошо кетип калат).
* Бирөөгө карап керилип-чоюлууга болбойт.
Жалкоолугуң жаныңдагы кишиге өтүп кетет.
* Бирөөгө карап күлбө.
* Бирөөгө койгон ырыскыны башка бирөөгө бербейт.
* Бирөөгө сын такпа. Өз башыңа тийиши мүмкүн.
* Бирөөгө тамакты оң колуң менен сун.
* Бирөөдөн алган карызды кечинде берүүгө болбойт.
Эртең менен эрте берсе, акча жагынан ийгилик болот.
* Бирөөдөн идиш алганда ичин бош кылбай тамак-аш салып бер. Ошондо ырыскың андан бетер
төгүлүп-чачылып турат.
* Бирөөдөн тузду бекер алба.
* Бирөө менен бир эле убакта бир сүлгү менен
аарчынсаң, ошол адам менен уруша кетесиң.
* Бирөө менен дешпе, дешсең келжирешпе.
* Бирөөнү кордосоң, өзүң башка бирөөгө кор болосуң.
* Бирөөнүкүнө конокко кетип бара жатканда,
үйгө бир аз отуруп, анан чыксаңыз,
барган жер сизди жакшы тосот.
* Бирөөнүн баш кийимин кийсең,
ошол адамды эстеп кусаланасың.
* Бирөөнүн кайгысына кубанба.

* Бирөөнүн киймин кийүүгө болбойт.
Ошол кишинин тагдырына туш болосуң.
* Бирөөнү шылдыңдап күлбө.Өзүң ошол кишинин кейпин кийип каллышың мүмкүн.
* Бирөөнү ыйлатпа. Көз жашы сени акыры соо койбойт.
* Бир үйдө эки адам удаа тырмак албайт.
* Бойго жеткен бала көп уктаса, болочок келинчегинин көзү кыйшык (чалыр) болот.
* Бооруңду топчула, кутурба (текебердиктин, көпкөндүктүн белгиси).
* Босогодо өйүз-бүйүз туруп учурашпайт.
* Босогодо отурба (турба).
* Босогодо туруп бой кербе.
* Босогону басып кирбе, жөлөнүп турба.
* Босогону басып (бойлоп) турба (кулачтаба).
* Босогону баштанып жатпайт.
* Босогону ныгыра басып үйдөн чыкпайт.
* Бош бешикти терметпе.
* Бош идишти аспа.
* Бош чака көтөрүп бирөөнүн алдынан өткөнгө болбойт.
* Боюнда бар аял дагараны, идиш-аякты аттабайт. Баланын киндиги мойнуна оролуп калышы ыктымал.
* Боюнда бар аял капка отурбайт.
* Боюнда бар аял төрөөр алдында күйөөсүнүн көйнөгүнүн жакасына ийне сайып койсо, толгоосу жеңилирээк болот.
* Боюңду карыштап ченебе.
* Бөйрөгүңдү таянба.
* Бузуку менен муңдашпа.
* Бузулуп калган ашка ачка болсоң да караба.
* Булак башын булгаба, ыйык сакта
* Бут кийимди биринчи оң буттан кийсеңиз, бул күнү жакшылык болот.
* Бут кийимди, шымды өйдө (баш жакка) койбойт.

* Бутуңду жөнү жок тушаба (тушалып каласың), тартпа.
* Бутуңду учкаштырып отурба.
  Бутту учкаштырганда адамдын жолу жабылып калат.
* Буюмду бут менен тээп жылдырбайт.
* Буюм таап алсаң, үч жолу үн чыгарып кыйкыр,
  ээси чыгаар, чыкпаса сенники.
* Бүгүнкү ишти эртеңкиге калтырба.
* Бычакты аттаба.
* Бычактын (балта, кетмен) мизин жогору каратып
  (кырынан) койбо. Жамандык алып келет.
* Бычактын учу менен тамак жебе, ачуулуу болосуң.
* Бышкан тамакты таштап жолго чыкпа.
* Даараткананын эшигин кыбыланы каратпа.
  Үйдөн бекреке, ырыскы качат.
* Дандырдан нан түшө берсе, ысырыктап кой.
* Даректын куурап калган шагын кыйып сал.
* Дардаңдап шап болбо.
* Дарыянын жанынан кудук казба.
* Дасторконго биринчи нан кой.
* Дасторконго отурардын алдында колуңду
  таза жууганды унутпа.
* Дасторконду аттаба.
* Дасторконду жыйнай электе жата
  калба же туруп кетпе.
* Дасторкондун төрүндө улуулардын ордун ээлебе,
  өз ордуңду билип, тыкан отур.
* Дасторкондун четинде отуруп керилбе.
* Дасторконду тетири салба.
* Дасторконду тээп отурба, тебелебе.
* Даярга тап койбо.
* Досуңдун үйүндө тырмак алба,
  касыңдын үйүндө чач алдырба.
* Дубалда илинип турган сүрөт күтүүсүздөн кулап
  түшсө, бактысыздыкка алып келет.
* Душмандын чырагына май тамызба.
* Жаагыңды таянба.

* Жазда сайга конбо, кышта кырга конбо.
* Жаздыгыңды оң коюп жат.
* Жаздыкты аттабайт (тепсебейт). Жаздыкты аттаган бакыт-таалайын аттаган менен барабар болот.
* Жайнамазды, супараны тепсебейт.
* Жакшыдан качпа, жаманга баспа.
* Жакшы иш баштоодон мурда ал тууралуу эч кимге айтпа. Антпесе иш жүзүнө ашпай калат.
* Жакшы кошунаңа жарамсыз сөз айтпа.
* Жакшы ниет менен келген адам босогону тепсебейт, оң буту менен аттап кирет, үйдөн чыгаарда да ошентет.
* Жакын адамга бычак бербе.
* Жакын адамга ит бербе, урушуп каласыңар.
* Жакын адамга муздак суу чачпайт (ортосу сууп калат).
* Жакыныңа жат болбо, өз элиңе кас болбо.
* Жакшылыгыңды эч кимден аяба.
* Жалгаймын деп үзүп алба, түзөймүн деп бузуп алба.
* Жалган айтпа, жадыңды сакта.
* Жалган сөзгө жабыкпа, жалгандыгын аныкта.
* Жалганчы адам менен мамиле түзбө.
* Жалгыз даракты кыйба.
* Жаман адатка алданба.
* Жаманга жакындаба, жакшыдан алыстаба.
* Жаманга жакындык кылба, жакшыга жаттык кылба.
* Жаманга жалынбагын малы бар деп, эшекти сылабагын жалы бар деп.
* Жаманга жалынба, жакшыга таарынба.
* Жаманга өчөшпө.
* Жаманга сый көрсөтпө, уйга суу көрсөтпө.
* Жаманга (жатка) сырыңды айтпа, айтсаң да чынын айтпа.
* Жаманга үңүлбө, жакшыдан түңүлбө.
* Жаманга чоң аягыңды көрсөтпө.
* Жамандан жазган, иттен иймен.
* Жамандан кач, жакшыдан жазган.

* Жамандыкты көрүп туруп көзүңдү жумба.
* Жамандын атасын сураба.
* Жаман түшүңдү сууга айт, суу менен кетсин.
* Жамгырды урушпа.
* Жамгыр жаап жатканда сыртка чыккыңыз келсе, кимдир бирөөлөр сиз үчүн тынчсызданып ыйлап, же сагынып жатканын билдирет.
* Жан-жаныбарларга камкордук көр.
* Жан-жаныбарларды кордобо, себепсиз өлтүрбө, убал болот.
* Жаңгактын түбүнө түнөбө.
* Жаңы алган кийимди оң кол менен кийиш керек.
* Жаңы келген келинге күйөөсү жок аял биринчи жоолук салбайт.
* Жаңы сатып алган идишке жуубай аш куйба.
* Жаңы төрөгөн аялга түнкүсүн күл төгүүгө, сууга барууга болбойт.
* Жаңы төрөлгөн баланын жүзүн ачып эркелеткенге болбойт.
* Жаңы төрөлгөн, кыркы чыга элек баланы түнүчүндө эшикке көтөрүп чыгууга болбойт, айга көрсөтпөйт.
* Жараны тырмап ырбатпа, жакыныӊ менен чырдашпа.
* Жардыга таарынба.
* Жарым жолдон артка кайтпай жүр.
* Жарым жолдон кайткандын жолу болбойт.
* Жатаарда болбосту ойлонуп, сарысанаа болбо – уйкуну келтирбейт.
* Жатаарда тое ичпе – уйкуну качырат.
* Жатаарыңда «Жаттым тынч, жаздыгым кенч», – деп айт.
* Жатка жанашып, өзгө карасанаба.
* Жаткан кишини (адамды) аттабайт.
* Жаткан төшөктүн баш жагын тепсебе.
* Жатка сырыңды айтпа.
* Жатып тамак ичпе.
* Жаш адам желбегей жамынбайт.

* Жаш балага чучук бербе.
* Жаш баланы жалгыз калтырба.
* Жаш баланы кош алаканга салып көтөрбөйт.
* Жаш баланы көпкө күлдүрбө.
* Жаш баланы көп назар салып карабайт.
* Жаш баланы күзгүгө көрсөтпө.
* Жаш баланын бетин Айга көрсөтпө.
* Жаш баланын жашын жылдырып айт.
* Жаш баланын кийимин караңгыда сыртка калтырба.
* Жаш баланын салмагын айтып, татынакай дебейт.
* Жаш бүчүрдү сындырба.
* Желбей калган нанды жана анын күкүмүн ыргытпа. Ал жокчулукка алып келет. Желбей калган нанды итке берсе сооп болот.
* Жел менен жарышып, көлөкөңдү кууба.
* Жеңиңди тиштебе, колуңду силкпе.
* Жеңиң менен мурдуңду сүртпө.
* Жердин бетине мык какпайт.
* Жер таянып отурба.
* Жети атасын унуткан адам – жетесиз.
* Жетпести кууба, келбести күтпө.
* Жиликтин чучугун балага бербе, кайрымсыз болуп калат.
* Жоболоңдуууга жолдош болбо.
* Жок дебеш керек. Жоктун түбү жок болот.
* Жолго, тебелендиге, агын суга кирдин суусун төкпө.
* Жолго чыгаарда айтылчу сөз: «Бисмиллахи ррахмаани ррахиим, Алла таала жолго – жолдош, жанга – жамаат, ишке – демөө; жакшыга жанаштыр, жамандан адаштыр».
* Жолго чыксаң алдыңдан чыккан итке таш ыргытпа, жетээр жериңе жетпейсиң.
* Жолдош болбо айгакка, мүдүрүлтөт тайгакка.
* Жолдош болбо жаманга, жүзүң окшойт саманга.
* Жолдош болбо коркокко, иш кылдырба чорокко.
* Жолдош болбо кууга, куу алып барып салат сууга.

* Жол жүргөндө улуудан озбо.
* Жолуңду кара мышык, кара чаар жылан кесип өтсө жол болбогондук.
* Жорго мингенге жолдош болбо.
* Жөнсүз тетири карап отурбайт.
* Жөнү жок көп күлүүгө болбойт, ыйга алып келет.
* Жума күнү жол жүрбө.
* Жуугандан кийин колуңду силкпе.
* Жүк артпагын торпокко, жолдош болбо коркокко.
* Жыйылган жүккө жатпа.
* Жыландын куйругун баспай, башын бас.
* Жылдыздарды санаба.
* Идиш-аякка түкүрбө, калдыратпа.
* Идиш-аякты теппе, дөөлөт качат.
* Идиш сынса кайгырба.
* Ийлеп-ийлеп итке салба.
* Ит аякка казандан аш куйбайт.
* Ит аякты тээп жылдырба.
* Итиңдин улуганы жамандыктын жышааны.
* Итке суу чачпа, бети-колуңду сөөл басат.
* Итти теппе.
* Ичe турган ашыңа какырба да түкүрбө.
* Ичээр сууңа түкүрбө, илдет жугат өзүңө.
* Иш баштаарда мактанба, мактангын бүтүп жатканда.
* Иш жасасаң шашпа.
* Иш тапшырба жалкоого, акыл айтпа чалпоого.
* Каалганы тээп ачпа. Ырыскыңды тепкен менен барабар.
* Каза болгон адамды бейитке койгондо ороп барган кебезди жети күн, жети түн сыртка жайып коёт.
* Кайрылып ачаар (кирээр) эшикти катуу жаппа.
* Кайрылып ичээр ашыңа какырба да түкүрбө.
* Кайчыны эшиктин башына илбе.
* Кайырчы балдарга акча бергенге болбойт. Андан көрө нан бериш керек.
* Калыс сөзгө кайыкпа.

* Камчыны, бычакты, мылтыкты аттаба.
* Камчыны моюнга салып келүү кечирим суроонун белгиси.
* Камчынын керегеде (үйдө) дайыма илинип турушу – үй ээсинин кайраттуулугунун белгиси.
* Камчыны таяна отуруу – ичтеги кектин болушу.
* Канаттуунун уясын бузба.
* Канатың жетилмейинче учпа.
* Канды тебелебе.
* Капка отурба.
* Капталдан качырып сөз сүйлөбө.
* Караңгыда ак сураба.
* Караңгыда кичине баланы сыртка көтөрбө, эгер алып чыксаң бетине көө сүртүп кой.
* Караңгыда күзгү караба, чач тараба, жылдыз санаба, эшик алдын шыпырба.
* Караңгыда кыз баланы сууга жөнөтпө.
* Караңгыда наристенин кийимин сыртка жайбаш керек. Наристенин кийимин ай-жылдызга көрсөтүүгө болбойт.
* Караңгыда оорулуу адамды көрүп барууга болбойт.
* Караңгыда тамакты ачык калтырба.
* Караңгыда тырмак алба, отко таштаба.
* Караңгыда үй шыпырба, душманыңды көбөйтөсүң.
* Караңгыда чач тарабайт, жазбайт жана күзгүгө каранбайт.
* Караңгыда ышкырба.
* Караөзгөйгө кабылба, жеңемин деп чамынба.
* Каратып туруп калп айтпа.
* Каргышты билбесең, бирөөдөн үйрөнбө.
* Карыга катуу айтпа.
* Карыларды туурап таяк таянба.
* Карыптын каргышына калба.
* Карышкырды атынан атабай «бөрү», «шүмшүк» ж.б. деп атайт.
* Касташсаң да кастын намысын кордобо.

* Касыңдын үйүндө чач алдырба.
* Катыны жок чайдан кач, кайыры жок байдан кач.
* Качыргандан качпа, качканды кууба.
* Кашыңа осмо, тырмагыңа кынаа койсоң соот болот дешет.
* Кашың кычышса, бирөөгө жолугасың.
* Кегиңди ичиңе кат, камчыңды койнуңа кат.
* Келинди отко киргизгенде май жедирет.
* Кепиниңди кий деп эч кимди урушпа.
* Келин алган тарапка баш (малдын) тартпа.
* Келин кайната, кайненесинин төшөгүн тебелебейт.
* Кемегени теппе – ырыскың төгүлөт.
* Кеп, сөз тыңшап үйрөн.
* Керген жиптин алдынан өтпөйт.
* Керексиз кепти сүйлөбө.
* Кесирдүүдөн кез бою кач, жалакордон жаа бою кач.
* Кетмендин башын тебелебе.
* Кечинде адамды атынан чакырба.
* Кечинде карызга нан, акча бербейт.
* Кечинде, конок кете электе үй шыпырба.
* Кечинде чач, тырмак алба.
* Кечкисин нандын жанына бычак койгонго болбойт. Ачка каласың.
* Кечкисин шыпырындыны эшикке төккөнгө болбойт. Шыпырынды менен ырыскыңды кошо төккөнгө барабар.
* Кечкурун үйдү жууп-тазалаба. Ийгилигиңди кошо жууп салганга тете.
* Кечүү таппай өтүгүңдү чечпе.
* Кийимдин жеңи менен жакасын тебелебе.
* Кийимдин үстүнөн аттаба.
* Кийимиңди тескери кийип алсаң, ишиң оңолот.
* Кийимиң менен денеңди таза тут.
* Кимдир бирөөгө бычак, кайчы, ийне берээрде жылмайып бериш керек. Антпесе уруш чыгышы мүмкүн.
* Кирбей туруп чыгаарыңды ойло.

* Кирдин суусун баскылык жерге(жолго), сууга төкпө, баспа.
* Кир жууганга даярдалган суудан адам ичкенге берилбейт.
* Кир кол менен нанды кармабайт.
* Кичинеге чоңсунба.
* Кичинекей баланы күзгүгө көрсөтпө, тили кеч чыгат.
* Кишиге артыңды салба.
* Кишиге иңирде көңүл айтпа.
* Кишиге көңүл айтып келатып башка үйгө кирбе.
* Киши келатканда тамакты жашырып катпайт.
* Кишини шыпыргы менен урба.
* Колго суу куйган адамга: «Суудай сулуу бол же суудай мол бол» деп алка.
* Колдон келгенди элден аяба.
* Колду байлаба.
* Колду салаалабайт, бутту учкаштырбайт.
* Кол кайырбай багынган жоокерге кол тийгизбе.
* Коломтого суу куйбайт.
* Коломтонун күлүн чачпайт, тепсебейт.
* Колуңдан идиш түшүп сынганы ошону менен кырсыктын чыгып кетиши.
* Колуңду артыңа алып баспа.
* Колуңду байлаба (байланып каласың).
* Колуңду кежигеңе жаздап жатпа.
* Колуңду жууп жүр, эмне жээриңди билесиң, оозуңду жууп жүр, эмне дээриңди билесиң.
* Колуңду силкпей сүйлө.
* Колуңду төбөңө койбо.
* Колуңдун майын нанга аарчыба.
* Колуңду оозуңа салба.
* Колуңду тамчыга жууба.
* Колуң жетпесе, колтугуңду созбо.
* Колуң менен иштебей, оозуң менен орок орбо.
* Конгон мейманды эртең менен эрте ойготпо, ал «кет» дегенге тете.

* Конок келатканда үй шыпырбайт.
* Конок үйдөн чыккыча ичиндеги уйгу-туйгуңду басып тур.
* Конуп калган коногуңа «жакшы жатып, жай турдуңузбу?» деп айт.
* Корксоң токойго кирбе.
* Көз жара турган аял төрөт үйүнө кеткенден кийин, аман-эсен төрөшү үчүн үч күн бирөөгө эч нерсе берүүгө болбойт.
* Көйнөгүңө төөнөгүч кадап алсаң – көз тийбейт.
* Көк кийген адам кашына осмо койбойт.
* Көктү, асманды карап түкүрбө.
* Көк чөптү тебелебе, жаш чыбыкты сындырба.
* Көк чөптү үзбө, боюң өспөй калат.
* Көлөкөңдү кууба, жел менен жарышпа.
* Көңүлдүү коңшуга ызалуу сөз айтпа.
* Көңүлүңдү суутканга көңүлүңдү жуутпа.
* Көөнүң кирдеп турганда көрүнгөнгө сурданба.
* Көпкө кан чачпа, топко көө тартпа.
* Көпкө чейин күлүүгө болбойт, ыйга алып келет.
* Көп сүйлөбө, маңыз болосуң, көп адашасың, ушакка, жалганга берилип кетесиң.
* Көрбөй туруп көрдүм дебе.
* Көрүнгөнгө көз артпа.
* Көсөө менен адамга тап бербейт.
* Көсөө менен мал кайтарба.
* Кудайым бар.
* Кудукка таш ыргытпа, түкүрбө.
* Кузгундун уясын бузба, отун экен деп жакпа.
* Кумурсканын уюгун бузба, үйүң бузулат.
* Кумшекерди байкоосуздан төгүп алсаң, жакшылыкка алып келет.
* Куран, намаз окулуп жатканда күлбө.
* Куран окуганда баш кийим кий, сүйлөбө.
* Кур казанды калдыратпа, үйдөн береке кетет.

* Курт-кумурскага кыянаттык кылып, ташбоордук менен өлтүрбө.
* Куру бешикти терметпе.
* Куруңду мойнуңа салба.
* Куру столдун чекесине отурба. Жарды болосуң.
* Куру тасмалга бата кылбайт.
* Куттуу үйдөн кур ооз чыкпайт.
* Куураган даракты кесип сал – тилеги жаман.
* Куюшканга кыпчылган тезектей болуп.
* Күзгүнү ашканага илгенге болбойт. Үйгө кирeше кирбейт.
* Күйгөн отко түкүрбөйт.
* Күйгөн отту суу чачып өчүрбөйт.
* Күлдөбөгө даарат ушатпайт, баланы ойнотпойт. Күлдөбөнү баспайт. Күлдөбөдө шайтан ойнойт.
* Күлдү тепсебе.
* Күл менен кирдин суусун кошуп төкпө.
* Күн баткандан кийин эркек киши сакал-мурутун алууга болбойт. Жагымсыз окуяга кабылат.
* Күн баткандан кийин (караңгыда) эшиктин алдын шыпырба.
* Күнгө, Айга, кыбылага карап даарат ушатпа.
* Күн чыкканча уктаган ырыскыдан куру калат.
* Күн шашкеге чейин жатпа.
* Күрүчтү итке салбай, тоокко сал.
* Күүгүмдө бала көрбө.
* Күүгүмдө уктаба.
* Күчтүү менен күрөшпө, алдуу менен алышпа.
* Күчү барга теңелбе, ичи тарга кеңешпе.
* Күчүң жеткен ишти жаса.
* Кыбыланы карап заара ушатпа.
* Кыбыланы карап ыйлабаш керек. Улуп, жөнү жок ыйлаган жамандыкка алып келет.
* Кыбыланы тээп жатпайт.
* Кыз бала бөйрөк, шыйрак жебейт.
* Кыз бала бутун учкаштырбайт.

* Кыз балага койдун жаагын, тилин, көк боорун жедирбейт (бирөө менен жаакташып калбасын, тили узун, ушак-айыңга чукул, көк болбосун үчүн).
* Кыз балага чалкасынан жатууга болбойт.
* Кыз бала жыйылган жүктүн үстүнө отурбайт (ошол үйдүн кутун, ырысын баскан болуп эсептелет).
* Кыз бала кашын тербейт, жеңелери терет.
* Кыз баланы теппе, бактысыз болуп калат.
* Кыз бала союлган малдын кызыл өңгөчүн жебейт (себи жок кетет).
* Кыз бала томук мүлжүбөйт.
* Кыз бала төккөн күлдүн үстүн баспайт.
* Кыз бала чачын кыркпайт – бактысын тоспойт, чачын жайбайт.
* Кыз бала эл барда казан-аякты калдыратпайт.
* Кыз бала эл барда чачын тарабайт.
* Кыз бала эркек баланы теппейт.
* Кыз бала эркек кишиге тике карабайт.
* Кыздуу үйгө, кызга сын такпа.
* Кызды сөкпө, урба.
* Кыжырың келсе кыл чайна.
* Кыйбаган кишиңе сыйбаган сөз айтпа.
* Кыйбас адамыңа кыйкырба, аялуу адамыңа айкырба.
* Кыйчылдабаган эшик күтүүсүздөн кыйчылдаса, жагымсыз окуяларды күтө бер.
* Мазарды сөөмөйүң менен көрсөтпө.
* Малды көсөө менен урба.
* Малды теппе, сүттү төкпө.
* Малды тээп айдаба.
* Малды чаппа, кишини какпа.
* Мал короого даарат ушатпа.
* Манжаларыңды карсылдатпа.
* Мастын алдынан чыкпа.
* Мейманга барганда тамакты түбүнө калтырба.
* Мейманга ызаат көрсөтө бил.
* Мейман келгенде үй шыпырба, кабагыңды бүркөбө.

* Мейманыңдын көзүнчө мышыгыңды «пыш» дебе.
* Миздүүнүн мизин каратып койбойт.
* Минген атыңды башка чаппа, жолуңдан адашасың.
* Мунжу менен майыпка күлбө.
* Мурун кычышса – эт, кол кычышса – акча, бут кычышса – жол.
* Мүрзөдө отуруп күлбө.
* Мүрзөнү аралап өтөөрдө келме келтир, күндүзү куран окуп өт.
* Мүрзөнү колуң менен көрсөтпө.
* Мүрзөнү карап даарат ушатпайт.
* Мылтыкты аттабайт.
* Намазшамда (күүгүмдө) жатпа (уктаба).
* Нанды аттап өтпөйт.
* Нанды бир колдоп сындырба, кошколдоп сындыр.
* Нанды жаман дебе.
* Нанды жерге таштаба.
* Нанды кир кол менен кармабайт.
* Нанды көмкөрөсүнөн (тескери) койбо. Нанды кордогонго барабар.
* Нандын жанына бычак калтырба. Андай белги ачкачылыкка алып келет.
* Нандын күкүмүн тепсендиге таштаба.
* Нанды тегеретип сындырбай, тең бөлүп сындыр, ырыскы үйгө тең болот.
* Нанды тең бөлүп сындырат, ырыскы жалпыга тең болот.
* Нанды тепсебе.
* Нанды тескери койбо, бир колдоп сындырба.
* Нанды ыргытпа. Нанды ыргытсаң жокчулукка алып келет.
* Нанды ыргытып бербейт.
* Нанды эки колдоп үз.
* Нан менен бычак аарчыба.
* Нан – ырыскың, туз – насибиң.
* Наристе баланы кол менен салмактап ченебейт.

* Наристе баланы көп карабайт.
* Наристенин кийимин түнкүсүн сыртка калтырба.
* Насиптин алдын башкага бербе.
* Никеси жок адам өкүл ата, өкүл эне болбойт.
* Нике шакегин бирөөгө тагынып көрүүгө колу менен бербеш керек. Жерге коюп, анын жерден алганы дурус. Тагынып көргөндөн кийин кайра ошентиш керек.
* Нике шакекти жоготуу ажырашууга алып келет.
* Обу жок сөзгө ооз көптүрбө.
* Обу жоктун отуна жылынба.
* Ойлобой баштаба, баштасаң – таштаба.
* Ойлогон маанилүү ишиңди эч кимге айтпаган оң. Айтып койсоң ойлогон оюң ишке ашпай калышы ыктымал.
* Окуп жаткан китебиңдин бетин жаппай ачык калтырба. Калганын шайтан окуп кетет да, эмне окуганыңды унутуп каласың.
* Оң жамбашың менен жат.
* Оң колуң кычышса, бирөө менен учурашасың. Сол колуң кычышса, акчалуу болосуң.
* Оң көзүң кычышса ыйлайсың, сол көзүң кычышса сүйүнөсүң.
* Оң кулактын чуулдашы – бирөөлөрдүн мактап жатканы.
* Ооз кесир сүйлөбө.
* Оокат жеп бүткөндө өзүңдөн улуудан мурда кол аарчыба.
* Оокат жээрден оболу нандан ооз тий.
* Орду жок сөзгө ооз ачпа.
* Отко суу куюп өчүрбө.
* Отко түкүрбө. Оозуңа жара чыгат.
* Отту же чычаланы бутуң менен жылдырба.
* Отту бутуң менен ичкериштирбе.
* Оттун күлүн баспа. Күлгө ойнобо.
* Отту теппе, шамалды сөкпө.
* Оту күйүшпөй калды.

* Отурган адамдын бутун аттап өтпө,
  сакалдуу адамдын артынан өт.
* Отургандарга дайыма салам айтып өт.
* Отурган ордуңду, конгон журтуңду тазалап кет.
* Оюнчу далысын айга тосуп олтуруп карта ойносо,
  ал картадан утулат.
* Өжөр адам менен күрөшпө.
* Өз бөгүңдү бөктө, кайгыга чөкпө.
* Өз үйүңдө союлган малдын башын башкага көтөртүп
  жиберб е.
* Өз үйүңдө тетири карап отурба (аза күтүү белгиси).
* Өзүнүн чачын өзү кыркпайт.
  Өзүң бүтүрүүчү ишти өзгөгө тапшырба.
* Өзүңөн улуу адам менен урушпа.
* Өзүңөн улуу кишиге бөйрөк таянып жооп бербе.
* Өлгөндөн келатып бирөөнүн үйүнө
  кайрылууга болбойт.
* Өлгөн жерге барганда оорулуунун абалын сураба.
* Өнбөс доону доолаба, өлбөс жоону жоолаба.
* Өткөн базарга кой айдаба.
* Өткөнгө өкүнбө, кеткенге кейибе.
* Өткөнгө өкүнүп, жетпести кууба.
* Өткөн күнгө өкүнбө.
* Өтүктү башка койбо – жолго баштайт.
* Пияздын кабыгын отко салба.
* Сабадагы кымыздан ооз тийбей башка бирөөгө бербе.
* Салааңды кайчылаштырба.
* Саламдашпай сөз баштаба.
* Санаа менен байыба, убайым менен карыба.
* Санды таянып отурбайт (аза күтүү белгиси).
* Сапарга чыгаарда аттын жүгөнүн салганда ат башын
  көтөрүп оозун ачса – жолдун болушу.
* Сапарга чыгаарда, тамак ичээрде, маанилүү
  бир жумушка киришээрде «быссымылда» деп башта.
* Сараң адам менен маектешпе.
* Себепсиз үшкүрбө.

* Сол кулактын чуулдашы – бирөөлөрдүн ушактап же жамандап жатканы.
* Соо жаныңды оору дебе (ооруп каласың).
* Сөзгө сөйкөнбө, кепке кептелбе.
* Столдун үстүн алакан менен сүртпө. Жагымсыз окуяларга кабыласың.
* Столдун үстүнө майда акча коюуга болбойт, ыйга алып келет.
* Сунулган даамды оң колуң менен алып, оң колуң менен тамактан.
* Супараны улагага илбе.
* Суу боюнда уктаба.
* Суuга сийбе, түкүрбө.
* Суу ичкен кудугуңа түкүрбө.
* Суу көтөргөн баканды аттаба.
* Суунун бетин, тамактын бетин ачык койсоң шайтан булгап коёт.
* Суюк тамакты төкпөй, шурулдатпай ич.
* Сүйлөсөң тилиңе сак бол.
* Сүйлөшүп жатканда сөздү бөлбө.
* Сүйүшкөндөр бири-бирине сүрөттөрүн бербеш керек. Ажырашууга алып келет.
* Сүткордон карыз алба.
* Сүттү төкпө.
* Сыйды – сыйрып албайт, тартууну – тартып албайт.
* Сынган идишке кайгырба, ага түкүрүп, башыңдан үч жолу тегеретип туруп ыргытып жибер.
* Сынык күзгүгө көрүнбө.
* Сырын билбей дос болбо.
* Сырыңды бейтааныш адамга айтпа, аброюң төгүлбөсүн.
* Сырыңды ичиңе сакта.
* Таалайлуу менен талашпа, бактылуу менен басташпа.
* Таалайлуу менен тартышпа, түптүү менен тирешпе.
* Табиятты таарынтпа.
* Таздан тарак сураба.

* Тайларыңа кол көтөрсөң колуң калтырап калат, аларды сыйла.
* Там айланып жүгүрбө.
* Тамак-аш жээрден мурда «Быссымылда» деп баштасаң, жеген ашың сиңимдүү болуп, көпкө чейин курсагың ачпайт.
* Тамак-аштын ашканын төкпө.
* Тамак бышыраарда «Быссымылда» деп бышырсаң, тамагың берекелүү болот.
* Тамак жеп жатканда жер таянып отурбайт, китеп же башка нерсе окубайт.
* Тамак жээрден мурда нан ооз тий.
* Тамак ичерде жыланач отурба.
* Тамак ичип бүткөндөн кийин бата кыл.
* Тамак ичип бүтө электе дасторкондон туруп кетпе.
* Тамак ичкен столдун үстүн кагаз (кол) менен сүртүүгө болбойт. Уруш-талашка алып келет.
* Тамак ичкен столдун үстүнө кулпу, ачкыч коюуга болбойт. Акча жок болуп калат.
* Тамак ичкен столдун четине отурбаш керек. Ырыскыдан куру каласың. Турмуш кура элек балдар-кыздар столдун чекесине отурса кеч үй-бүлө курушат.
* Тамак ичээриң менен жатпа.
* Тамакка кесирленбе.
* Тамакка сынтакпайт.
* Тамактанып жатып өзүңдөн улуу адамдан мурда колуңду аарчыба, эшке чыгып кетпе.
* Тамакты алгач өзүң ооз тий, насиптин алдын башкага бербе.
* Тамакты ашык да, шашып да ичпе.
* Тамакты дасторконсуз ичпейт.
* Тамакты жыттаба,тамакка кесирленбе.
* Тамактын бетин ачык койбо.
* Тамакты оң кол менен сунуу керек. Ырыскынын баары оң колдо.

* Тамакты сурап бербе.
* Тамакты чалпылдатып чайнаба,
шорпону шорулдатып ичпе.
* Тамакты ысырап кылбай, ченеп жаса.
* Таманыңды бириктирбе.
* Там-туң баскан баланын төбөсүн жерге тийгизгени – жол караганы, күткөн адамдын келе жатканы.
* Таң азандан турсаң, ырыскыңдан куру калбайсың.
* Таң атаарда жолго чыксаң чык, күн батаарда чыкпа.
* Таңдайыңды такылдатпа.
* Таңкы насипти таштаба.
* Тасмалды аттап өтпөйт.
* Тасмалды тетири салбайт.
* Таякка сүйөнбө.
* Тебетейиңди тегеретпе.
* Тексиз сөзгө терикпе, жетесиз сөзгө желикпе.
* Темирге заара кылба.
* Терезеге отурбайт (душманы көтөрүлөт).
* Тизеңди кучактап отурба, жесирдиктин белгиси.
* Тизеңди тартпа.
* Тилиңе тибиртке.
* Тили чыга элек баланы күзгүгө каратпайт.
* Тили чыга элек баланын кийимин жылдыздуу түнгө калтырбайт.
* Тирүү адамдын башына жаздыкты оң кой.
* Тишиң менен жаңгак чакпа.
* Тойбоско аш бербе.
* Ток болсоң да томукту мүлжү,
ач болсоң да чүкөнү мүлжүбө.
* Толбоско куйба, тойбоско бербе.
* Толгон төгүлөт, көпкөн жарылат.
* Топуңу тескери кийбе.
* Төркүнүнө барган кыз улагага, босогого отурбайт (төркүнү кедей болуп калат).
* Төшөктү туюк жагы менен төрдү каратып сал.
* Тузду тебелебе.

* Тузду төкпө.
* Тулганы теппе.
* Тууганга душман болбо, душманга тууган болбо.
* Тууган тууганга бычак бербейт, ит алышпайт.
* Түндөсү жер чукуп ойнобо,
  чок менен бирөөнү кубалаба.
* Түндөсү кыз бала сууга барбайт.
* Түндөсү суу куюлган идишти ачык койбойт.
* Түндөсү түш жоруба.
* Түндөсү шыпырындыны чыгарба.
* Түндө туз сурабайт.
* Түндүктү тегеретпе.
* Түн ичинде баланы атынан чакырбайт.
* Түн ичинде идишти жуубай калтырба.
* Түн ичинде мал сойбойт.
* Түн ичинде тырмагыңды алба.
* Түнкүсүн тамак ичкен столдун үстүнө бычак, туз же бош бөтөлкө калтырганга болбойт. Уруш-чатак чыгат.
* Түнкүсүн чака-чөөгүндөргө суу толтуруп коюп уктаса, үйгө ырыскы келет.
* Түн ортосунда жалгыз эшикке чыкпа.
* Түпкүчтү тээп жылдырба.
* Түптүү менен тирешпе.
* Түркөй адам менен сөз талашпа.
* Түшкө суу кирсе – өмүр, камчы – бийлик, бит, жылан – байлык, нан, тамак – дөөлөт, токчулук.
* Түштөн кийин соёр өгүзүңдү таң эрте сугарып кой.
* Түштү жаманга жорубай, жакшыга жору.
* Түшүң жаман болсо сууга айт.
* Тырмагыңды отко салба.
* Убададан кайтпа.
* Узак сапар тартаарда ачууланба.
* Уй сойсоң үч күн үйүңө жолобо, жылкы сойсоң, жети күн үйүңөн чыкпа.
* Уктап жаткан баланы которуп жаткырбайт.

* Уктап жаткан бала үйдө жалгыз калса башына, жаздыгынын астына нан же бычак коюп кой.
* Улуу адамдын жолун кесип өтпө.
* Улууга каяша айтпа.
* Улуудан уял, кичүүдөн иймен.
* Улууларга салам айт.
* Улуулардан мурда тамаккка кол сунба.
* Улуулардан сөз талашып сүйлөбө.
* Улуулардын алдында жайсыз күлбө.
* Улуулардын кешигинен ооз тий.
* Улуулардын сөзүн бөлбө.
* Улууларды шылдыңдаба.
* Уулдуу үй, уулга сын такпа.
* Үбөлүк, калак, шыпыргы менен адамды чаппайт, тикесинен койбойт. Ырыскысын кошо чапкан менен барабар болот.
* Үй-бүлөнүн ичинен бирөө алыска кетип жатканда үйдү жыйноого, тазалоого, жууганга болбойт.
* Үйгө же аксакалдар отурган жерге камчы сүйрөп кирүү кастыктын белгиси.
* Үйгө карай жүгүрбө.
* Үйгө келген адамга даам ооз тийгиз.
* Үйгө киши келгенде итти «чык» дебейт.
* Үйгө конок келгенде үй шыпырбайт.
* Үйдөн бир жакка чыгып баратып кийим тигүүгө болбойт. Жолунда ийгилик болбойт.
* Үйдөн чыгаарда же ишке бараарда босогону аттаардан мурда оң бут менен «Быссымылда рахманир-рахим» деп аттаса иши алдыга жылат.
* Үйдөн чыгаарда оң бут менен кадамды башташ керек. Ишиң алдыга жылат.
* Үйдөн чыгып бараткanda байкоосуздан ачкычың жерге түшүп кетсе, жагымсыз окуяларга кабыласың.
* Үйдөн чыгып баратып кайра артка кайрылууга болбойт. Эгерде үйгө кайрылыш керек болуп калса, столго бир аз отуруп, анан чыкса болот. Үйгө кирсеңиз, күзгүгө көрүнүп, анан чыгыңыз.

* Үйдөн чыгып бараткaнда бир нерсе тигүүгө болбойт. Ийгилик болбой калышы мүмкүн.
* Үйдө ышкырба, үй айланып чуркаба.
* Үйдүн босогосун кемире басып кирүү же чыгуу – ичте кектин болуусу.
* Үйдүн дубалын теппе.
* Үйдү төргө карай шыпырба, душманың көбөйөт.
* Үйүңдө союлган малдын башын башка үйгө көтөртүп ийбе.
* Үйүңө жылан кирсе сүт, айран же ун чачып кой, өлтүрбө.
* Үйүңө мейман келсе колуна жылуу суу куй.
* Үрөн сепкенде: «Биссимиллахир рахманир-рахим, ниети кайыр, мунусу – жетим-жесирге, мунусу карып-мискинге, мунусу – сурамчыга, тилемчиге, бул – саламчыга, бул – курт-кумурскага, калганы силерге, бизге, мага. Баба Дыйкан жолдошум, бардык иште колдосун» деп себет.
* Үшкүрүнбө.
* Үшүгөнгө от жактырба.
* Чабалекей менен кумурсканын уясын бузба, үйүң бузулат.
* Чайдын чамасын булганыч жерге төкпөйт.
* Чай, суусун сунганда чыныны оң колго кармап, сол колду көкүрөккө коюп, бир аз ийилип сунуш керек.
* Чайыңдын түбүн төкпөй ич, ырыскыңдан айрыласың.
* Чачты тебелендиге таштоого болбойт, баш ооруга алып келет.
* Чачыңды кыркпа.
* Чоң жолдо жаткан буюмду алып, четке койсоң соопко каласың.
* Чөмүч менен итке аш куйба.
* Чөптүн да убалы бар.
* Чыйратып жаткан аркандын түбүнөн өтпө, боюң өспөй калат.

* Чымчыктын, чабалакейдин уясын бузба, каргайт, оңдоп койсоң сооп болот.
* Чынчыл, калыс бол, чырдан алыс бол.
* Чынынын колдон түшүп, чайдын төгүлүшү – бирөөлөрдүн шашып келе жатканы.
* Чынынын чертпейт, казанды калдыратпайт.
* Шамалга бетиңди тосуп даарат кылба.
* Шамалды сөкпө.
* Шамал менен жарышпа.
* Шейшемби жана жума күнү тырмагыңды алсаң, ишиң ийгилик менен коштолот.
* Шилби көрсөң жулбагын, быбык көрсөң урбагын.
* Шилекейиңди тамакка чачыратпай, напсиңди тыйып, шашпай чайнап же.
* Шымды башка жаздабайт, көргө баштайт.
* Шыпыргыга байпак кийгизбе. Сен жөнүндө ушак сөздөр көп болот.
* Шыпыргы менен адамды урба (тап бербе), колуң калтырак болуп калат.
* Шыпыргы менен чаппайт. Ырыскысын чапкан менен барабар болот.
* Шыпыргыны тике койбойт. Душманыңды кошо көтөрөсүң деп коюшат.
* Шыпыргыны төбөңө койбо, аттаба.
* Шыпырынды менен күлдү кошо чыгарба, өлүм менен той бир күнгө келип калат.
* Шыпырындыны, тузду тепсебейт. Анткени шыпырынды – булганыч, туз – насип.
* Шыпырындыны үйбө, кеп-сөз көбөйөт.
* Шыпырынды төккөн жерге отурба, илешкен оору ошондон болот.
* Ыйлап ойнобо (ый ыйды чакырат).
* Ыксыз үшкүрө бербе.
* Ымыркай балдарды көп өппөш керек. Тили кеч чыгат.
* Эгерде адамдын денесинин өзү көрө албаган жеринде кал болсо, ал адам бактылуу жашайт.

* Эгерде астыңдан бирөө эки чака суу көтөрүп чыкса, ийгиликтен кур калбаш үчүн ал кеткенче күтүп тур.
* Эгерде таманга, колтукка без чочуса эгиз төрөгөн аялга үч жолу ачкарын эмдетип койсо жакшы болот.
* Эгер мышык жашынып алып куйругун тиштеп, башын катса, анда күн жаай турганы.
* Эки жаштын үйлөнүү тою болуп жаткан учурда күн жаркырап тийип турса, эки жаш бак-дөөлөттүү болуп жашай тургандыгынын белгиси.
* Эки кишинин ортосунан өтпөй жүр, жыйылган жүккө жатпай жүр.
* Эки кулагың ысыса, бирөө сен жөнүндө кеп кылып жатканы. Оң кулагың ысыса, сени ушактап жатканы. Сол кулагың ысыса, бирөө сени эстеп жатканы.
* Эки курбу кыз жарышып, бир күзгүгө көрүнсө, ал экөө бир баланы сүйүп калышы мүмкүн.
* Эл алдында тишиңди чукуба, какырынып-түкүрүнбө.
* Элдин көөнүн оорутпа, аттын жонун жоорутпа.
* Элди сөкпө, ырыскысын төкпө.
* Элди экиге бөлбө, эки жүздүүнүн ортосунда жүрбө.
* Эл менен эрегишпе, эр менен жоолапа.
* Эл отурганда бөлүнүп тике турбайт, чиренбейт.
* Эмчектеги баланы бутуна тик тургузуп кармабаш керек. Андай болгондо бала кеч басат.
* Эмчектеги баланын кийимин түндөсү сыртка калтырба.
* Энеңди атаңа мактап жүрбө.
* Эркек адамдын үстүнөн, кийиминен аттабайт.
* Эркек кишинин кийимине отурбайт, кийимин аттап өтпөйт.
* Эркек киши турганда аял киши куран окуганга болбойт.
* Эртең менен жаман сөз сүйлөбө.
* Эртең менен турганда бет жуубай туруп кишиге караба.
* Эрте турсаң ырыскыга жолугасың.

* Эстегенде алаканың менен оозуңду жап.
* Эч кимди сөөмөйүң менен көрсөтпө.
* Эшикке кир жайып жатканда жаан жаап кирсе, ыйга алып келет.
* Эшиктен киргенде босогону тебелебе, оң бутуң менен аттап кир.
* Эшиктин босогосунан учурашууга жана коштошууга болбойт. Уруш чыгышы мүмкүн.
* Эшиктин улагасына отурба. Жокчулукка, ооруга алып келет.
* Эшикти тээп ачпа.
* Эшик түбүнөн жүгүнбө.
* Ээн талаада түнөп калсаң, айланаңды бычак же маки менен чийип кой.
* Ээрге тетири минбе, жолуң тетири болот.

## КЫРГЫЗ ОЙЧУЛДАРЫНЫН АКЫЛ БЕРМЕТТЕРИ

Жактап, мактап көнүптүрбүз башканы,
Акылмандар унутулуп баштагы.
Аристотель, Сократтан ашса ашат,
Арстанбек, Калыгулдун айтканы.

Көнүптүрбүз көкөлөтүп өзгөнү,
Жок сыяктуу калкымдын алп кептери.
Конфуцийди караандатпай калтырат,
Куйручуктун курч кылычтай сөздөрү.

*Эркалы Өскөналы*

Курама жыйып, журт кылдым,
Кулаалы таптап, куш кылдым!

*Манас*

Төгүлбөй турган кан барбы,
Өлбөй турган жан барбы.

*Кошой*

Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз деп,
Бөтөн элге кеп кетет.
Жарылсаң ууру алуучу,
Жай уксаң акыл дал ушу.

*Бакай*

Өткөндөрдүн салты болбой,
Өсөөр кыргыз калкы болбойт.
Өлгөндөрдүн даңкы болбой,
Тирүүлөрдүн баркы болбойт.

*Жайсаң*

Салкын тоону кыян жууп,
Салт бузулат сак болгун.
Намыс түтөп, ар түтөп,
Нарк бузулат сак болгун.
Кара тилди калп минип,
Карт бузулат сак болгун.
Калыс сөзүн айта албай,
Калк бузулат сак болгун.

*Кет Бука*

Өлтүрсөң өлөрүм бар, өлбөчү өнөрүм бар.

*Токтогул ырчы*

Жакшы болуучу жигиттер,
Алсыздарга карашат.
Жаман болуучу жигиттер,
Тууган менен касташат.

*Толубай сынчы*

Кордук деген – ooру, муңдук деген – өлүм, зардык деген – жокчулук.

*Жээренче чечен*

* Аттан аттын неси артык, ашыра баскан изи артык.
Эрден эрдин неси артык, эр сайышта күчү артык.
Хандан хандын неси артык,
калкым деп күйгөн иши артык.
* Энем мени он ай көтөрүп, элим үчүн төрөгөн.

*Барс бек*

* Кеп көркү – тил, ойдун көркү – сөз болот, жүздүн көркү – көз болот.

* Дүйнөдө бир гана кудай муңсуз.

* Билим – адамзаттын орток казынасы.

*Жусуп Баласагын*

* Багалбастан тоокту, куш багам деп сүйлөбө.

* Адам – курсактын кулу.

*Махмуд Кашгари*

Улуу чындыкты улуу зээн гана көрө алат.

*Торгой чечен*

Азуулуунун өзүнөн ошо азуулууга окшогон коркунучтуу.

*Көкөтөй чечен*

* Балалуу аялга камчы көтөргөн эркек – акмак,
Балапанын ээрчиткен казга кушун шилтеген мүнүшкөр – акмак.

* Мокок бычак алгыча, тиштеп жегин тойгуча.
Жаман катын алгыча, бойдок жүргүн өлгөнчө

*Калыгул Бай уулу*

Өзүн өзү жашырган жигит эмес,
Этим казак болсо да, затым кыргыз.

*Жөжө Каржыбай уулу*

Көп кереги тийбесе, көбүндөн да аз жакшы.

*Айтыке*

Журт намысын сактамак
Көсөмдүктүн белгиси.
Жамандыкты кечирүү,
Айкөлдүктүн белгиси.
Азамат баркын билбеген
Наадандыктын белгиси.
Андай менен бир жүрсөң
Адамдын келет өлгүсү.

*Арстанбек Буйлаш уулу*

*Заманыңды тааный бил, анте албасаң ал сенин жүрөгүңө кадалган казык болор.

* Эси жок жаманургандар,
Элүүгө чыкса чоңойбойт.
Акылы жок адамдар
Алтымышка чыкса да,
Сүйлөгөн сөзү оңолбойт.

*Нурмолдо Наркул уулу*

Көркү кеткен күнүмдөн,
Көшүүсү кеткен түнүмдөн,
Өлгөнүм жакшы тирүүмдөн.

*Алдаш молдо*

Бий болсоң, калыс бол,
Калыс болбосоң, бийликтен алыс бол.

*Шералы (Алдаш Белек уулунун небереси)*

Ынтымагың бар болсо,
Душман сага эл болот.

*Нишан молдо*

Атасына баласы, өбөк болот турбайбы.
Баласына атасы, жөлөк болот турбайбы.
Он бир тууган болсо да,
аягында үй-жайы бөлөк болот турбайбы

*Жеңижок (Өтө) Көкө уулу*

Өнөрү бар боз бала, жакшы кайрак өгөөдөй.
Акылы бар карылар, жаңы келген күйөөдөй.

*Молдо Кылыч Шамыркан уулу*

Туягы болбой мал болбойт,
Тарыхы болбой эл болбойт.

*Коргол*

* Жардынын байы бол, жакырдын жайы бол.
* Туякка жер тирек, канатка жел тирек, ханга эл тирек.

*Карга аке*

Мага аттын байгесин алып баюу максат эмес. Мага мөрөй алуу – дөөлөт. Мага акыйкат чындыкты далилдөө – дөөлөт.

*Мойут аке Алдаяр уулу*

* Максат менен эмгек чырмалышканда, адам бардык мүдөөсүнө жетет. Максатсыз жашаган адамдын башка тирүү жандыктан айырмасы жок.
* Бири-бири менен эч элдешпей турган өч душман өмүр менен өлүм болуп эсептелет. Өмүр өскөнүн токтотпойт, өлүм өксүткөнүн токтотпойт.
* Кембагал бактысыздыгын өзүнөн көрсүн, ал жалкоолуктун кесепети.

*Сарт аке Доскулу уулу*

* Ата тапкан уулдан, акыл тапкан кул озот.
* Жолдун тегизин бил, сөздүн негизин бил.
* Элде болсо менде бар.
* Жер туткасы эл.

*Тилекмат Жылкыайдар уулу*

* Өз төшүн өзү муштап, өч алам, кек алам деген баатырдын иши эмес.
* Көрбөгөн көз алтын менен жезди ажырата албайт.

*Садыр аке Жолболду уулу*

* Урушпай ажырашсаң, уялбай учурашасың.
* Туура бийде тууган жок, тууганга тартсаң ыйман жок.
* Адамдын өмүрү төрдөн көргө чейин эле болот.

*Кыдыр аке Байсары уулу*

Бир иштин түбүн түшүнүп, аягына чейин көзүңөр жетмейинче чечим кабыл алууга ашыкпагыла. Арстан менен жолборстун күчү, демин ичине катып, учурун күтө билгенинде.

*Курманжан Датка*

Уул жаман болсо муун кетет, аял жаман болсо конок кетет.

*Куйручук*

Билимдүү наадандан, билимсиз акмак артык.

*Чойке*

Күлүктү кимдер минбеген, күүлөнүп кимдер жүрбөгөн.
Дөөлөтү болсо башында, дооранды кимдер сүрбөгөн.

*Казыбек Мамбетимин уулу*

* Жаркырап жайнаган кыз – үйдүн көркү.
* Ак кымкаптан тон албайм,
Ак күмүштөн сом албайм.
Ар кимди барып бир мактап,
Ары жок ырчы боло албайм.

*Барпы Алыкулов*

Калп айткан киши жарыбайт.

*Токтогул Сатылганов*

Билбес жаман туугандан, билеселүү жат жакшы.
Кесирлүү жаман катындан, келте ооруган дарт жакшы.

*Тоголок Молдо*

Өз элиңди, өз тилиңди, өз жериңди, өз ата салтыңды үйрөн, бил жана аны көздүн карегиндей сакта! Ал сенин көрөр күнүң, ичер сууң!

*Касым Тыныстанов*

Көзүң менен көрбөсөң, күбүрөп ушак айтпагын.
Арзыбаган буюмду, казына кылып катпагын.

*Осмонкул Бөлөбалаев*

Өнөрүң болсо өргө чап, кор кылбай асыл жанды бак.

*Алымкул Үсөнбаев*

* Азамат болсоң эр жигит, апырылбай чын сүйлө.
* Бактысы бар адамдын, балдарынан чыр чыкпайт.

*Калык Акыев*

* Күрөш үчүн жашоо кызык, бирок оор түйшүктүү машакат.

* Макоолор гана жеке керт башынын жыргалчылыгын бүтүндөй элдин жыргалчылыгы деп эсептешет.

*Жусуп Абдрахманов*

* Күчтүүдөн коркпой, өзүңдүн алсыздыгыңдан корк!

* Коом деген сен жана мен. Сен ак болсоң, мен ак болсом, коом таза болот.

* Бай жашоого болот, бирок өрнөктүү жашоо кыйын.

*Исхак Раззаков*

Бактысызга күлбө, боор ооруба, жардам бер.

*Султан Ибраимов*

Мен уялам, мына мындан уялам,
Көзгө толор бир чоң эмгек кылбагам.
Колун кезеп жолуң болгур дегенсийт,
Жер шарынан күлүк учкан заманам.

*Алыкул Осмонов*

Жыланды жылан чакмак беле.

*Касымалы Жантөшев*

Жазуучу күйүп бышкан жана тынч албаган киши болушу керек, өмүр бою өзүнүн ички толкундоосун, руханий отун алып өтүшү керек, өзү айта турган нерсенин бардыгын адамдарга айтышы зарыл.

*Касымалы Баялинов*

* Бакырып аксым сүйлөгөн – күчсүздүктүн белгиси.

Күлүндөп жумшак жооп берет, кубаттуу, токтоо, эр киши.

* Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин.

*Аалы Токомбаев*

* Улуттун жүзү – тил, адамдын жүзү – сөз.

* Кеменгер ачууланат, кек сактабайт.

* Тайкы акыл тереңге чабыттаса да, ал тайкы боюнча калат. Себеби анын чабыты тайкы.

* Бычак канча өткүр болсо да, өз сабын жонбойт.

* Кырсык аяк астынан табылгандай, бакыт да кишиге айттырып келбейт.

* Бабалар өтөгөн бардык жакшы иштер аталарга, аталардын өтөгөн жакшы иштери балдарга сабак... Ошол жакшы иштерди тануу – колдогу шам чыракты өчүрүп, алга карай басуу менен барабар.

*Түгөлбай Сыдыкбеков*

Аялдын жакшы, жаманын баарыдан мурун үй турмушу менен балдарынын тарбиясынан баамдаш керек.

*Мукай Элебаев*

Эмгек деген бакыт экен соолбос,
Эмгек деген алтын экен чирибес.

*Кубанычбек Маликов*

Көркөм сөздү ок катары карайбыз,
Күчтүү сөздү мыкты курал санайбыз.

*Жусуп Турусбеков*

Окуу – билим адамдын, өмүрлүккө азыгы.

*Чалагыз Иманкулов*

Токтогулдай элдик адам эл көзүнчө ыйлабайт.

*Муратбек Рыскулов*

Эмгегиңди эл баалап – урмат кылса,
Кубанаарсың баладай карган кезде.

*Темиркул Үмөталиев*

* Ар бир элдин (улуттун) элдүүлүгүн сактап келген жана аны аныктаган, башка бир элдерге өз алдынча эл экенин тааныткан, анын руху менен мамлекеттүүлүгүнө кызмат кылган эң негизги, башкы белгиси жана байланыш куралы – анын тили. Ар бир элдин тили – өзүнө улуу жана ыйык.

* Элдик тилди кадырлабаган адам – элди да кадырлабайт.

*Болот Юнусалиев*

* Канткенде адам уулу адам болот?

* Инсанды инсан кылган маданият.

* Акчанын арааны жүргөн жерде адалдык орун таппай чыркырап качат.

* Адамдын башкаларга кылаар эң чоң жакшылыгы эле үйүнөн адам болоор балдарды тарбиялап өстүрүү экен.

* Тил – ар бир элдин каны, жаны.

* Тилге кыянатчылык кылуу – демек, ал улутка кыянатчылык кылган менен тең катар бааланышы керек.

* Тил алдындагы жоопкерчилик жөнөкөй букарадан тартып, жогорку бийлик өкүлдөрүнө, Президентке дейре бирдей. Эгер бу жоопкерчиликти сезбесек, анда жакшылык жок.

* Бу дүйнөдө Сизге эмне кыйын десе, өзүмө өзүм баа берүү, өзүм жөнүндө айтуу деп жооп берер элем.

* А биз боло берет, эптеп бир айласын табабыз деген психологиядан чыгышыбыз зарыл.

* Адам жашоосун стандартташтыруу, демек, анын личность болуусун жок кылуу катары каралат.

*Чыңгыз Айтматов*

* Эгер жек көрүү жакшы көрүүнүн бир формасы болсо, мен өз элимдин кемчиликтерин жан дилим менен жек көрөмүн.

* Илимден мансап издебе.

* Илимде генералдар болбойт, анын чөйрөсүндө жүргөндөрдүн бардыгы жөн гана аскерлер.

*Жумагул Алышпаев*

* Токою болбогон тоо жакыр, канаттуу конбогон зоо жакыр, арыгына суу толбогон коо жакыр.

* Калайык канча жер карама болсо, башчылар ошончо өкүм чыгат.

*Азис Салиев*

* Билбейм дегенге таң калба, билем дегенден корк.

* Ой адамдын өзүнө окшош болот.

* Устат боло албаган окумуштуу мөмөсүн жерге сабап калтырган даракка окшош.

*Муса Адышев*

Күн өтүү – өмүр өтүү.

*Эмил Шукуров*

Уяга конгон бүркүттү, учурсаң чоңго жарабайт.
Карды ачса үрпөңдөп, кайра өзүңдү сагалайт.
Эрке бала ошондой, эмгегиңди баалабайт.
Элжиреп күйүп турсаң да, эне-ата деп санабайт.
Каруун кеткен кезекте, картаңсың деп табалайт.

*Ысмайыл Борончиев*

Жашоо – шыктануунун жалгыз булагы, чыгармачылыктын булагы.

*Гапар Айтиев*

Ыр – элдин жаны.

*Абдылас Малдыбаев*

Аябайт турмуш жаңылсаң,
Кечирим кылбайт жалынсаң.

*Абдрасул Токтомушев*

Кыргыз элин өз элим деп айтчулар,
Кыргыз жерин өз жерим деп басчулар.
Бытыранды урууларга бөлүнбөй,
Бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгар!

*Байдылда Сарногоев*

* Адамдагы улуу сыймык – абийир. Башка эч бир наам ага тең келбейт. Абийир – адамдын жүзү, мазмуну жана баасы. Жападан жалгыз бетке карманаары жана сыймыгы.

* Жазуучу үчүн жалгыз курал – сөз. Сөз – анын жашоосу, бүтүндөй тиричилиги. Сөзгө ал күн жеткис байлык – кенч катары карайт. Ал үчүн кам көрөт. Аны таза сактоого, өткүр, курч кылып урунууга тырышат.

*Суйунбай Эралиев*

Сен түз болсоң, ичи ачышат ийринин,
Эстүү болсоң ичи ачышат жиндинин.

*Cооронбай Жусуев*

Ким жыттабайт сүйүү чиркин гүлүнөн.

*Мидин Алыбаев*

Башталат баары майдадан,
Байкабайт аны майда адам.

*Райкан Шукурбеков*

Тагдыр мага эмнелерди бербеди,
Оомал, төкмөл ойнун көрдүк жердеги.
Качан болсо, кайда жүрсөм шердентет,
Бала кезден жылоологон эл деми.

*Шукурбек Бейшеналиев*

Салты жок, жакшы шаан-шөкөтү жок эл болууга мүмкүн эмес.

*Асанбек Табалдиев*

Адам мезгилсиз өлүш үчүн төрөлбөйт!

*Иса Ахунбаев*

Силер канчалык ыймандуу, уяттуу, назик болсоңор, коомубуз ошончолук көркөм болот.

*Хусейин Карасаев*

Басып өткөн жолумду карасам, башымды көтөрүп жүрүүгө акым бар экен.

*Кулуйпа Кондучалова*

Салтанат бул менин кинодогу жаштыгым, ал эми жаштык эч эстен кетпейт.

*Бакен Кыдыкеева*

* Энесин сыйлабаган элин сыйлабайт.
* Ааламга тийген Күн бетин, алакандай булут тосот.
* Күмбөз өлгөндөр үчүн эмес, көргөндөр үчүн.

*Насирдин Байтемиров*

Манас – Теңир уулу, Күн нуру, Кыргыз руху.

*Ашым Жакыпбеков*

Бузулар үйдөн эң биринчи ырк кетет. Атасынан адалдык кетет, баласынан намыс кетет, катыны айыңчы, келини ууру болот.

*Төлөгөн Касымбеков*

* Кээде акмактын оозунан да чыңырган чындык чыгып кетет.
* Мен көз жумсам, жарык дүйнө соо калар,
Тыным албай жер өз огун айланаар.

*Салижан Жигитов*

Адамдын аз же көп жашап өткөндүгү башкы нерсе эмес, кеп анын кандай жашап өткөндүгүндө.

*Шабданбай Абдраманов*

Ата да мекен, эне да мекен.

*Зуура Сооронбаева*

Түшүнүксүз болот гений чынында,
Чок ташыйт ал келе жаткан кылымга.
Ошон үчүн аны дароо таанышпай,
Кайсакташат кана алышпай сырына.

*Рамис Рыскулов*

Адамдардын куш көңүлүн наз кылып,
Колдон келсе кылуу керек жакшылык.

*Абзий Кыдыров*

Баарыбыз тең болбогон соң текши улуу,
Чоң көчөгө кырка эстелик коюлбас.

*Омор Султанов*

Тоонун бийиктиги алыстаган сайын билинет.

*Токтосун Самудинов*

Кыргызсыңбы? Кыргыз үчүн күрөшкүн,
Ата Журтка жалынын бер жүрөктүн.

*Төлөгөн Мамеев*

* Турмуштан алып бүткүчө киши өзүн да берип бүтөт.
* Аял жөлөк, кебелбеген керемет, а болбосо ашык болуп не керек.
* Кепти ооба, ии десе эле баш ийкегенге айта бербей, тамшанып, суктанып, таңданып уккандай айтыш керек.

*Эрнис Турсунов*

Аял жакшы – эр жакшы. Бакыт конот,
Чачылганың жыйналат, бөксөң толот.
Калк айткандай алган жар – ордолуу шаар,
Картайганда өзүңө эне болот.

*Аман Токтогулов*

* Агын суудай ага берип өмүрү, көп нерседен калат адам көңүлү.
* Кыжынып эртең деймин, эртең деймин, эртеңдер чексиз келе берүүчүдөй.

*Жолон Мамытов*

Эскини жериген жаш улан эч качан жаңынын кадырына жетпейт.

*Асанбек Стамов*

Мен өлүмдөн коркпойм.

*Болот Миңжылкиев*

Макалды ар ким айтат. Ошол макал айткан көпчүлүктүн ар кимиси аны өз сөзү катары эсептейт.

*Жээнбай Мукамбаев*

Аял деген аппак колукту:
Ай-ааламдан арзып жолукчу -
Адам кылар ачып багыңды
А болбосо көзүң соолутчу...
Эркек деген эпсиз береке!
Эл ишине жарар керекке!
Алп турмуштун багбан – кудайы -
Адам уулу гана дебесе!

*Беганас Сартов*

* Адамдын жашы өйдөлөгөн сайын жылуулукка (жылуу сөзгө, жылуу кийимге, жылуу чайга ж.б.) муктаж боло баштайт экен.

* Эркек балдар ат жалын тартып мингени, атасы менен айыл аралаган. Эл көрүп, жер көрүп кагылган.

*Амантур Акматалиев*

Көркөм өнөрдү деле түпкүлүгүндө илим деп койсо болот.

*Эсенбай Нурушев*

Көптүн күчү көл.

*Касым Каимов*

* Кыргыз эч качан орус, өзбек же казак боло албайт. Кыргыз кыргыз болмоюнча жашоо оңолбойт.

* Жаштар жаман деп айтып калганыбыз туура эмес, алар жаман эмес, аларга тарбия берип, үлгү боло албаган биз, улуулар жаманбыз.

*Дастан Сарыгулов*

* Эстетиканын мыйзамдары боюнча кооздук жөнөкөй болушу керек.

* Мыйзамды бузсак, баарыбыз бирдей жазалансак.

* Элита деген чынчыл, эл үчүн күйгөн адам болушу зарыл. Улутчул эмес, мекенчил болуш керек.

* Ынтымак деген бири-бирин түшүнүү деген сөз.

*Ишенбай Абдуразаков*

* Ата Журттун тулку денеси кымындай бир ууч топурактан курулат.

* Жан-каныбыз бабалардан келаткандай, рухий маданиятыбыз да биз менен бирге жашоого тийиш. Атанын каны тула боюбузда болсо, бабалардын рухий дүйнөсү алакандын отунда болсун. Ар бирибиз ошону ыйык деп бөпөлөсөк, бек тутсак, улуттук маданияттын чамгарагы чың болот. Тарыхы жана рухий маданияты жок эл эл боло албайт, ансыз айбанаттын кейпин кийип калат.

*Кеңеш Жусупов*

Ичи тар жашаганды да көрө албайт, жасаганды да көрө албайт.

*Үсөнбек Асаналиев*

Ар бир адам ачылалек элемент
Кирбеген Менделеев мезгилине.

*Совет Урманбетов*

Көөдөнгө арзуу түнөбөй,
Көңүлдүн дартын билемби.
Өлүмдөн коркуп жүрбөсөм,
Өмүрдүн баркын билемби.

*Надырбек Алымбеков*

* Эл касиети жеке адам касиетинен уланат.
* Ар ким өзүн өрнөктүү кылганда жарыгы башка адамга тиет.
* Байлыктын азабы, бийликтин чатагы бүтпөйт.
* Болот отто чыңалса, адам иште чыңалат.

*Асан Жакшылыков*

Жумшай көрбө күрөштүн майдасына,
Күрөшпөй эле жеңилип берейинчи.

*Майрамкан Абылкасымова*

* Буюмдардай эч туруктуу жок тура,
Кол тийбесе турат – турган ордунда.
* Япон жазуучусу Акутагава жазгандай, коркунучтуу нерселер көрүнөө жерде болбойт.

*Сагын Акматбекова*

Чындыгында мифтик уламыштар кээ бир учурларда ойдон чыгарылган, калп болгон күндө дагы адамдын аң-сезимин, ниетин чындыкка чакырып турган накыл сөз эмей эмине? Алар бизге ошонусу менен кымбат!

*Казат Акматов*

Биз өз урпактарыбызга элибиздин тилин жеткире албасак ким жеткирет.

*Мырзабек Тойбаев*

Илгери сүйүүгө биз жүрөктү кошуп ырдачу элек, азыркылар буту-колун кошуп алыптыр.

*Ашыраалы Айталиев*

* Өткөн чаксыз – учур чагыбыз жок, келээр чагыбыз да болбойт. Өткөнүбүздү кодуласак, бүгүнкүбүз шордуу, эртеңкибизден урмат болбос. Өткөндү унутпоо – бул жөн эле мурдагы турмушту эскерүү, же ага суктануу эмес, анын сырын түшүнүү далалаты.

* Кыргыздын тыңы аябай тың болот, макоосу аябай макоо болот.

*Бексултан Жакиев*

Баланы да бала экен деп баласынтпай, өзүң менен тең санап мамиле кылсаң, ошончолук өзүн ишенимдүү сезип жетилээрин билдим.

*Өскөн Даникеев*

Мамлекеттин уюткусу, көрөңгөсү болбогон түпкү улуту жок өлкөнү көрдүңөр беле? Ушул маселеге келгенде эле биз жалтаңдап, кымырынып-кысынып калабыз. Ушундан уламдыр, биздин элде улуттук биримдик, улуттук ар-намыс өңдүү дөөлөттөр анчалык кадырланбайт.

*Жумагул Сааданбеков*

Алоолонуп окшоп кызыл жалынга,
Ар намысым ойноп турсун канымда.

*Жалил Садыков*

Улуусуң, кыргыз жери, нурдан бүткөн,
Сулуусуң, кыргыз жери, ырдан бүткөн.

*Түмөнбай Байзаков*

Мекенди коргоо – эр жигиттин милдети.

*Дайыр Асанов*

Тунук болсом, –
Тилим менен тунукмун,
Улук болсом, –
Тилим менен улукмун,
Улут болсом, –
Тилим менен улутмун.

*Эсенгул Ибраев*

* Жакшы музыка жүрөктү тазалайт.
* Президент өзүн жөнөкөй адам сезиш керек.

*Жоомарт Кадралиев*

Аракеттен – адат, адаттан – мүнөз, мүнөздөн тагдыр жаралат.

*Оморбай Нарбеков*

Билесиңби, акын деген – ал кандай?
Туура сүйлөйт кандан, бектен жалтанбай!
Кээде көрсөң өтө жумшак, өтүмсүз,
Эч бирөөгө сен деп катуу айталбай!

*Байтемир Асаналиев*

Күлкүнүн кадырын муңайган жан билет,
Жаштыктын кадырын улгайган жан билет.

*Салибай Шатманов*

* Жакшы менен жаманды, жарык менен караңгыны ажырата албагандар гана өзүнө өзү кол салууга барат.

* Кээ бир адамдар бала боюнча эле карып калышат.

* Бизде бир эле кемчилик – уйкучулук.

* Кыргыз акын-жазуучуларынын көбү адам болбой туруп, жазуучу болуп алышкан.

*Кубатбек Жусубалиев*

Жүрөгүмдө туудай толкуп жер шары,
Адам болуп калганыма сүйүнөм.

*Тургунбай Эргешов*

Кейибе, бака, саз биздики.

*Мукан Рыскулбеков*

Сөөккө баткан запкыдан артык кордук жок.
Үн чыгарбаган кайгыдан өткөн азап жок.
Көөдөнгө уялаган асыл ойдон ашкан жалын жок.

*Калканбай Ашымбаев*

Драматургдун тагдырын театр чечет да, бактысын театр ачат.

*Сарман Асанбеков*

Акын – калың калктын жан шериги.

*Балбай Алагушев*

Сен көз жумсаң унутаармын жыл чыдап,
Мен көз жумсам көз өткөнчө буркурап,
Апакебай, кара чачың куу болоор,
Кош эмчегиң алмак-салмак зыркырап.

*Өмүркул Кулумбай уулу*

Санжыра – эл тамыры, эл тарыхы.

*Айты Муса уулу*

* Жалкоо адамдын жакшы жашаганын көргөнүм жок бул өмүрдө.

* Жолдош күтүүдө жаңылып калуудан корккула, анткени жаман теңтуштун залакасы көп тиет, пайдасы аз болот.

*Акматалы Карыбеков*

* Чарчабаган эмгек адамды эл алдында жер каратпайт.

* Жалкоолуктан эч убакта пайда жок, талыкпай иштесең ар дайым курсагың ток.

*Таке Акунов*

Эл үчүн эмгектенгенден өткөн бакыт жок.

*Ажар Ибраимова*

Өткөндү жамандап, тилдегенди азайтып, анын жаманын унутуп, жакшы жактарын өздөштүрүүнү үйрөнүү зарыл.

*Аманбек Карыпкулов*

Аялдар өзүнүн жаратылышында акылмандыкты жакшы көргөн эл.

*Бүбүйна Орузбаева*

* Билим берүүнүн мазмунунда элдин каада салт-санаасы менен социалдык-маданий дөөлөттөрүн терең чагылдыруубуз керек.

* Тарбия мажбурлоосуз боло албайт.

*Исак Бекбоев*

Турмушка дендароо келип, дендароо кеткендик – жан дүйнөнүн жардылыгы болоор.

*Бектемир Мурзубраимов*

Кыргызстан дүйнөлүк билим, илим, маданият майданына өзүнүн жүзүн чагылдырган тили, адабияты, маданияты, тарыхы, философиялык ойлору менен гана кошула алат.

*Аскар Какеев*

Элибиз өзү түпкү генетикасында таза кандуу, философ эл, анын жашоо-салттарында нукура демократиялуулуктун сапаттары бар.

*Абдыганы Эркебаев*

Баланын эң биринчи жакын кишиси – эне. Наристе биринчи эле сөздү эмчек берген энесинен үйрөнөт.

*Зияш Бектенов*

Кыргыз жомокторунун мүнөздүү өзгөчөлүгү – алардын санат-насыят түрүндө аякташы. Бул болсо кыйла чоң тарбиялык мааниге ээ.

*Магрифа Рахимова*

* Күзгүгө көрүнөм деп келген ар бир адамга күзгүнү алмаштырып туруунун зарылдыгы жок.
* Маселе окуучуга көп билим берүүдө эмес, аларды билим алууга үйрөтүүдө турат.

*Эсенбек Мамбетакунов*

Билимсиз коомдун келечеги жок. Билим – бул кудурет-күч.

*Абдылда Мусаев*

Билим менен илим куштун кош канатындай тыгыз байланышкан эки процесс. Экөөнү эки башка кароого болбойт. Билимди көтөрмөйүн илим өнүкпөйт. А илим өнүкпөсө билим соолуйт.

*Алтай Бөрүбаев*

Тышкы сулуулуктан адеп сулуулугу кымбат.

*Советбек Байгазиев*

Өзүнүн улуттук тилине, улуттук маданиятына иш жүзүндө чындап кам көрө албаган мамлекеттин жашоого, мамлекет башчысынын мамлекет башчысы катары иштөөгө моралдык акысы барбы?

*Сыртбай Мусаев*

* Акыл-эс, учкул ой турмуш чындыгына баш ийбегендей.

* Пенде баласы үчүн жалган дүйнө да, ак (чын) дүйнө да табышмак. Жандырмагы жоктой сезилет. Өмүр келип-кеткен конок сымал.

*Аскарбек Бекбоев*

«Манасчылык» кесибин туткандар ушул өнөрү менен элдик өнөрпоздордун кадырлуусу эсептелет. Манасчы, жомокчу деген атак эл тарабынан берилет (кандайдыр бир уйум жагынан эмес), эл берген атак чыныгы жана зобололуу болот.

*Макелек Өмүрбай*

* Дүйнөнү кыргыз, кыргыздын көзү менен эмес, башка элдердин көзү менен тааный баштады.

* Адам болобу, кайсы бир эл болобу даракка окшош. Дарактын тамыры – ата-бабалар болсо, дарактын өзү – адам же кайсы бир эл. Ал эми тамырсыз дарак болобу.

*Кусеин Исаев*

Жакшы ойду, кубанычты ичке катпай, ыңгайы келип калганда айтып тургандын өзү асыл касиет.

*Зейнеп Матаева*

Көр турмуш сыноосу канчалык катаал болбосун чыныгы илим башаты соолбойт.

*Абдылдажан Акматалиев*

Азыркы кыргыз философиялык ойлому кечээ эле келип чыккан жок, ал ушул күнгө чейин өсүп жетилген элибиздин акылмандыгынын туундусу, натыйжасы. Анын генезиси байыркы доорлорго барып такалат.

*Ысманаалы Мукасов*

Дүйнөдө өзүнө гана тиешелүү менталитети болбогон бир да эл, бир дагы улутту издеп табуу мүмкүн эмес.

*Жанат Жаманкулов*

Катачылыкты моюнга алуу да улуулук.

*Авыт Асанов*

Чындап ыйлаганды билген адам гана жан дили менен күлө алат.

*Жеңишбек Чыманов*

Эгерим жанды кор кылбас,
Эмгектен издейм таалайды.

*Сейит Жетимишев*

* Эне тилим – бул апам, атам жана элим!

* Эмне үчүн айрымдарыбыз эне тил – тилчилердин гана энчиси, ал үчүн тилчилер гана жоопкер деген чолок ойдон кутула албай келебиз, эне тил элдин энчиси эмеспи, ал үчүн кыргыздын ар бир кулуну бирдей жоопкер го! Демек, мына бүгүн өзүбүзгө сын көз менен карап, кыргыздык ар-намысыбызды козгоого жарай албасак, кыргыз тилинин түбүнө кыргыздардын өздөрү жетери бышык.

*Бейшенбай Усубалиев*

Жемиштүү жашаганды ким жаман көрсүн, бирок ал мээнетиң менен келсин.

*Мелис Абакиров*

Көзү барында бааланбай, арманда кеткен чоң таланттарды, айрыкча «генийлик даарымы» боло туруп, рух ааламы толук ачылбай жашында жайрагандарды эстей жүрүш – тирүүлөрдүн ыйык парзы, граждандык бийик милдети.

*Кадырбек Матиев*

Тарых деген ушундай, жылаңач чындыкты алып чыгат экен.

*Кадыркул Даутов*

Канча бийик болсо да,
Куш конбогон дарак жок.
Канча катуу болсо да,
Кайышпаган адам жок.

*Суйөркул Тургунбаев*

Караөзгөйдүн пейлинде, кароолонот арамдык,
Ак жүрөктүн дилинде, алоолонот адамдык.

*Тургуналы Молдобаев*

Негедир, өмүр бою жетпеген бакытыма талпынам, ал болсо мага тиги кырдан булактап көрүнүп, анан жетейин дегенде «ойт» берип кеткенсийт.

*Рыспай Абдыкадыров*

Көркөм өнөр элдин жүзүн, таланттуу инсандары бүтүндөй бир элдин, бир улуттун намысын көтөрөт.

*Авас Сырымбетов*

Театр – бул маданияттын храмы.

*Бакен Кыдыкеева*

Бирөөгө жакшылык кылган күнү үйгө чоң байлык алып баргандай болом.

*Жамал Сейдакматова*

Жакпаса да башкасы, бир сунушум какпачы,
Кыпын туруп тоосунган, кылыгыңды таштачы.

*Какен Алмазбеков*

Жол бийиктеп кеткен сайын, коркунуч көп ошончо.

*Табылды Муканов*

Турмушта акыреттик досуң болсо,
Адамсың жер үстүндө эң бактылуу.

*Ташмат Арыков*

Жашоо эне сүтүнөн башталса, элдин элдүүлүгү эне тилинен башталат.

*Көчкөн Сактанов*

*Таамай сөз, таасирдүү ой болмоюн тирүүлүктүн өзү кунарсыз.

*Энени кордогон бала жакшылык көрбөйт.

*Кенжалы Сарымсаков*

Эне – адамзаттын туусу.

*Илгиз Талип*

Аялдарга чынын айтканда, сыйынса да аздык кылат.

*Түгөлбай Мамбетжунушов*

Эр эмесмин! Эрди тууган энемин.
Элим үчүн, эр өстүрүп келемин.

*Меңди Мамазаирова*

Көкүрөгү көздүүлөргө сыйынбай,
Көр дүйнөгө сыйынышты кыйындар.
Утур-тетир учкан менен көбүнчө,
Уудан эмес, балдан өлөт чымындар.

*Шайлообек Дүйшеев*

Баланын жүрөгүнө атанын кадыр-баркын сиңдире турган эне. Эгер эне өз балдарына ар дайым: «Атаң эмне дейт, атаңдын пикирин угалы, атаңдан сурап билели, атаң урушуп койбосун, атаң дасторконго отурмайынча тамак ичпей туралы», – деп айта берсе бала бара-бара атасын сыйлап көнөт, бул үйдө атанын кадыры жогору экенин түшүнөт.

*Эгемберди Эрматов*

* Бүгүнкү күн кечээкиден башталып,
бүгүнкү күн эртеңкиге уланат.
* Кыргызга кыргыз тилдин кереги не?
Кызматта жарабаса керегиңе.

*Акбар Рыскулов*

* Адам өлгөндөн кийин кайра тирилеби, же түз эле тирүү бойдон башка дүйнөгө өтүп кетеби – мен аны элестете албайм.

* Сөз менен иштин ажырымы – биздин эң талуу жерибиз ушул.

*Мелис Эшимканов*

* Улутчулдуктан коркпой, тескерисинче улутун ойлобогон кайдыгер адамдардан коркуш керек.

* Биз руханий маселелерде, тарыхта, тилде, наркта, каада-салтта улутчул, ал эми экономикада, саясатта, парламентте либерал болушубуз кажет. Ушул экөөнүн туура өлчөмүн тапсак, Кыргызстан алдыга кетет.

*Каныбек Иманалиев*

Улуттук тилди кайсы бир тар кызыкчылыктардан улам саясаттын предметине айлантуу, анын тегерегинде саясий чайкоочулукту жүргүзүү, өз эне тилибизге кылган кыянатчылык деп баалаар элек.

*Султан Раев*

Эки тилди элдир-селдир билгенче,
Тагдыр мага бир жакшына тил берсин.

*Чыныбай Турсунбеков*

Өзүнүн ким экенин билбеген жан төгөрөгүн аныктап тааный алмакпы?

*Чоюн Өмүралиев*

Тарбиянын пайдубалы улуттук тилибиз, улуттук руханий байлыгыбыз, улуттук маданиятыбыз, улуттук каада-салтыбыз, улуттук нарк-насилибиз, эң башкысы улуттук тарыхыбыз болуп калышы абзел!

*Орозбек Айтымбет*

Үмүт – туулгандан өлгөнчө басчу жол.

*Жакып Медетов*

Ар ким өз баркын биле жүргөнү оң.

*Жапаркул Токтоналиев*

Ысыгына күйүп Ата-Конуштун,
Кереги ырас суугуна тоңуштун.
Бирок кандай зарылдыгы бар эле,
Мансап үчүн маскарапоз болуштун.

*Тургунбек Бекболотов*

Ушул жалган дүйнөдө чындыкты уккандан оор нерсе жок.

*Самсак Станалиев*

Унутсаң унут мени, о жан балам,
Унутпа Ата-Журттун топурагын!

*Азада Бегимкулова*

* Кыйынчылык адамды курчутуп турат.
* Канаттуу ракетадан канаттуу ырлар бийик учат.
* Баш созуп тоо, чөл, деңизден, чокуну көрөт чокулар.

*Алик Акималиев*

Күн окшоп келгин кушка, күлгүн кез эң бир кыска.
Туралы татуулашып, тузу кем бул турмушта.

*Кыялбек Урманбетов*

Маданиятыбыз, рухий көрөңгөбүз канчалык бийик болсо элибиздин да түшүнүгү, деңгээли ошончолук жогору болот.

*Аскар Салымбеков*

Биздин ушул күнгө дейре этнос болуп сакталып калганыбыздын сыры, кыргыздын байыркы духунда болуу керек. Духу начар элдин келечеги да болбойт.

*Дүрбөлөң Жапаров*

Кыргыз аздыр... Бирок анын маданиятынын, тарыхый мурасынын, башка калктар менен ортоктош жагдайларынын жана өзгөчөлүктөрүнүн биз баамдабай келген жактары, балким жылдыздан да көптүр.

*Тынчтыкбек Чоротегин*

* Асыл ой-максатты тилек кылган элдин жарыгы башкаларга да тийип, даңгыр жолдо дайыма дымак-күчүнөн кайтпай, алган багытынан адашпай түбөлүгү түз өнүгөт.
* Жамандыкты да, жакшылыкты да адам оболу өзүнө жасайт.

*Кадыр Кошалиев*

* Акмакта ыйман болобу?
* Дүйнөнүн экологиясынын тагдыры бүгүнкү адамдын ыйманына көз каранды. Бирок убактылуу көз каранды. Бүгүн этегибизди жаппасак, эртең жаратылыш өч албай койбойт, өч алып да жатат.

*Сазыкбай Турдумалиев*

Мугалимдин жаркын жамалы менен эскирбес элеси кай учурда болсо да чыныгы адамдарды ээрчип жүрө берет, аларга жакшылыктын үрөнүн себе берет.

*Бектурсун Алымов*

Мен окуучунун дүйнөсүнөн уча элек канаттын күүсүн, өсө элек чөптүн шуудурун угууга аракет кылам.

*Бектур Исаков*

Терезеден чилде суугу ыркырайт,
Темир мештин жылуулугун сезбестен.

*Шабданбек Кулуев*

Кайрыла жүр, кайырчыга көз салып,
Карыптарга кара мүртөз болбогун.
Канча жыйган дүнүйөдөн упаа жок,
Каниет кыл буюрсун деп колдогуң.

*Токтаалы Жапаров*

Энеден айрылган жетим эмес, эне тилинен айрылган – анык жетим. Атадан айрылган жетим эмес, Ата Журттан айрылган – анык жетим.

*Сулайман Рыспаев*

Бул дүйнөдө бар экени өзү эле сага майрамдай сезилген бир сонун, жаркын адамдар болот.

*Мырзаян Төлөмүшев*

Тил жок болсо мамлекет жок, улут жок.

*Барктабас Абакиров*

Агаңа окшоп жаман элдин жакшысы болгуча, жакшы элдин жаманы болгонум артык.

*Касым Кушубеков*

Шаңга бөлөп жашоосунда кечени,
Келди, кетти акылмандар нечени.
Тирүүлүктө жашаганга тобо деп,
Бул дүйнөнүн кунүмдүгүн сезели.

*Карачал Курманбаев*

Акмактан дос күтпөгүн, андай досуң
Акылдуу душмандан да коркунучтуу.

*Шаршеналы Абдылдаев*

Аял менен эркектин ортосундагы туюмду жүрөк башкарат. Жүрөгү жетелеген адамды эч кандай күч токтото албайт.

*Токтош Абдиева*

Адам болуу ар бир эле адамдын колунан келе бербеген нерсе.

*Эсенбай Калдаров*

Непада өзүнүн жазганына өзү окурман болуп көрбөгөн авторлор үчүн «ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө»...

*Абдиламит Матисаков*

Кыргыз кыргызды боорго тарта албай, ынтымагы ыдырап турган учурда башкалар кантип кыргызга боорун берип, урматташсын!

*Кыяс Молдокасымов*

Туған жердин туманы да туугандай,
Жолдон мени тосуп алат сагынып.

*Өмүрбек Тиллебаев*

Эне тилим – менин бакты таалайым,
Эне тилим – кагып турган жүрөктөй.

*Догдурбек Юсупов*

* Поэзия – жүрөктөн жасалган мээ.
* Ааламда кимдер гана шерденбеген, аларды санаа гана бөжүрөтөт.

*Кожогелди Култегин*

Удулу калас дүйнө,
Урпагы алас дүйнө.
Уңгусу чырдан бүткөн,
Ушундай талаш дүйнө.

*Калчоро Көкүлов*

Аталар наркын жоготпо,
Асылын айтып жомокто.
Аздектеп бизге жеткирген,
Ата-эне туткан коломто.

*Алимбай Абжапаров*

Кыргыз тилим – кылыч, найза,
Жаза тийбейт чапса, сайса.

*Тынчтыкбек Нурманбетов*

* Кумурска бириксе арстанды алат.
* Бу турмушта баарынан жаманы эненин жалгыз калганы тура.

*Тойчубай Субанбеков*

Күлпөтү көп жаштык деген от болот,
Күлү калбай күйүп-жанып жок болот.
Сайран өмүр өргө кетип барса да,
Кайран өмүр көргө жетип токтолот.

*Кыялбек Урманбетов*

А жаштыкта курулай шарактапбыз,
Актай өткөн өмүрдү баракта биз.
Толкуп-ташкан күчүбүз желге кетип,
Жан дүйнөнү жеткире карактапбыз.

*Жеңишгүл Өзүбекова*

Кыял мага кылат далай санатты.

*Роза Карагулова*

Өйдө-төмөн, бирок мага ырахаттуу
Бир жөнөкөй турмушта жашап туруу.

*Калбүбү Сариева*

Ким кандайча шер болсо да өмүрдө,
бирок тагдыр өз билгенин иштеген.

*Үрүниса Маматова*

Тектүүнүн бир жаманы болгонунча,
Акыл-эс, билиминди бийик койгун.

*Айгүл Узакова*

Кирдеп калат кээде көңүлдөр,
кечирими деле бар туруп.

*Мая Осмонкулова*

Мөлтүр суу, сендей болсо адам пейили,
Турмушта көрбөйт элек көп көйгөйдү.

*Бактыгүл Чотурова*

Ар бурчу аман турса Ата-Журттун,
Менин да сиңип турар ичкен суум.

*Фатима Абдалова*

Эл улут болуп калыптаныш үчүн анын нукура улуттук интеллигенциясы болуш керек.

*Кален Сыдыкова*

* Байлыкка башы малынгандан корком,
Бактыга буту чалынгандан корком.
* Эстүү өскөн кыз-улан, эки айттырбай иш кылаар.
Эссизге айткан кайран кеп, кайра өзүңдү мыш кылаар.

*Гүлжамила Шакирова*

Улуту бар адам – Улуттун укугун коргойт,
Улуту жок адам – Адам укугун коргойт.

*Байас Турал*

* Өзүбүзгө өзүбүз күйбөсөк, бизге ким күйөт?
* Жаман көргөн кишиңди «бир гана акча жөнүндө ойлонуп кал» деш керек окшойт.

*Мундузбек Тентимишев*

Изимди ташташ үчүн бул өмүргө,
Даярмын күйүп-жанып түгөнүүгө.

*Жедигер Саалаев*

* Мактоо эч кимди сактабайт, түшүнөлү.
* «Мекен» деген Сен жана Мен түшүнсөк.

*Өмүрбек Дөлөев*

Тутка болуп берип душманына
келатат чыга калып Балтасаптар!

*Бектуруш Салгамани*

Көзү сокурга жолуксаң да, колу туткакка жолукпа.

*Асыкбек Оморов*

Балдар дүйнөнүн байчечекей гүлүндөй.

*Шекербек Сартов*

Төрөлүү, өлүү арасы – аз да экен, аттиң – көп да экен.

*Жумабек Медералиев*

* Таанышың барда – танкасың, таанышың жокто маңкасың.
* Жакшы болбосоң мейли, жаман болбо.

*Жаныбек Өмүралиев*

* Кыргыз элинин бир гана улуу касиети бар – бул МАНАС!
* Улуттун дүйнө таанымы – бул улуттун тарыхы, азыркы күнү. Улуттун дүйнө таанымы – бул анын жашаган жери, коому, табияты, ичкен-жеген тамагы, маданияты, салты, тили.

*Талантаалы Бакчиев*

Мээси бөксөлөр кооз жана көп сүйлөгөн сайын башкалардын ою чар жайыт боло баштайт да, акылмандар колду шилтеп кетенчиктей башташат.

*Өмүрбүбү Бегалиева*

Ата деми менен бала очогунун көөрүгү жанып, күйөт.

*Памирбек Казыбаев*

Адамдын билгенден билелеги көп. Ошону түшүнгөндөр чанда гана.

*Сабыр Иптаров*

Мезгил сенин, же башталыш, же аягың жок беле.

*Жумадин Кадыров*

Туулган жерден башталат,
Мекен үчүн чоң күрөш.

*Сооданбек Абылгазиев*

Мен – кыргызмын, жөнөкөймүн, улуумун!
Мертинтпеген эчен азап, улуу муң.

*Зайырбек Ажыматов*

* Сулуулук – дүйнөнү канчалык сактаса, ошончолук бузат.

* Эмне иш болбосун, акыркылар менен баштоочулар гана бакталат, бирок орто чендегилер баштоочулардын ишин улап, акырында жакшы бүтүшүнө салым кошконун эч ким ойлобойт.

*Нургазы Анаркулов*

* Жакшы болууга умтулуу абдан жакшы, жакшынын жакшы жагын үйрөнүп алуу андан жакшы.

* Караңгылыктан да караңгы адамдардан корком.

*Айдай Чотуева*

Манастын урпагы сен болсоң кыйын,
Анда сен, кыргыз эл деп дайым сыйын.

*Сыпарбек Медербеков*

Менин көз карашыма жакпаган нерсе бул – арамдык. Арамдыктун бардык түрү: шылуундук, шумшуктук, шүдүңгүттүк. Бир сөз менен айтканда, ыймансыздык.

*Топчубек Тургуналиев*

Көчмөн турмуш чынында элибизди – дүйнөкордуктан, байлык, бийлик, мансаптан алыс кылып, рухий байлыкты эң бийик баалоого алып келген.

*Ташбоо Жумагулов*

* Кыргыздын чоң кемчилиги ушул – өз мыктыларынын баа-баркын, кайталангыс сапаттарын көзү өткөндөн кийин тааныйт.

* Эл аралык түшүнүктөр, терминдер, айрым атоолор араб-фарс атоолору менен алмашылса эле жазма тилибиз кыргыздашып жатып калбайт, тек бир бөтөн сөздүн ордун экинчи бөтөн сөз басат.

*Азимжан Ибраимов*

Рухий маданияты төмөн, материалдык байлыкты биринчи орунга койгон саясатчылар коомго өсүш алып келбейт.

*Чолпонбек Абыкеев*

Бул жалган жашоодо эки нерсе кымбат: өмүр, анан көңүл.

*Аида Салянова*

Тоодон түшкөн суулардын баары эле океанга жете албайт...

*Көчкөн Сактанов*

Кыргыздын каны-жаны менен урпактан урпакка өткөн Манас рухунун дем-күчү ар бир кыргызга ыйык тумардай, мүрөк суудай кымбат болгон, атанын уул-кызы аны эне сүтү менен оозанып, Адам ата, Обо энеден бери замандар түпкүрүнөн шам кылып жагып, туу кылып көтөрүп келген.

*Бекбай Алыкулов*

* Жаштардын жана балдардын кылымдар бою идеалы Манас баатыр болуп келген.
* Дүйнөдө бир дагы уруу, улут, эл, мамлекет өзүнчө жашай албайт.

*Абдыкерим Муратов*

Кыргыз куту – Манас. Куту кетсе үй бузулат, эл бузулат, кыргыз улуту жок болот. Кыргызды сактоочу да, сыймыгы да Манас!

*Курманбек Токтоналиев*

Океандай чалкып жаткан «Манас» дастаныбызды көтөрө алганда гана биз кыргыз болобуз.

*Алиясбек Алымкулов*

Заман өзгөрүлөт, бийлик тынымсыз алмашып турат, жашоо улана берет. Ал эми эл үчүн, мекен үчүн ак кыз-

мат кылган азамат уулдардын аты элинин жүрөгүндө кылымдан кылым өтсө да, түбөлүккө сактала бермекчи.

*Бактыбек Максутов*

Жакшы китеп жан жолдош менен барабар, окусаң рухуңду тазартып, акыл үйрөтөт, окубасаң тынчыңды албай, сабыр тутуп текчеңде тура берет.

*Үмөт молдо*

Кыргыз – кыргыз болуп турганда, улутубуздун уңгусу бузулбашы үчүн, ошондой эле эртеңибиз ишенимдүү, келечегибиз кенен болушу үчүн тарыхыбызды таанып билүүбүз абзел.

*Жумагул Байдиллаев*

* Айкөл адам – чалкып жаткан деңиз.
* Кара күчүнө ишенгендердин илими – муштум.
* Адам айбанга айланганда адамда жок жоруктарды күтөт.

*Аскар Илипаев*

Эл жаман эмес, эл арасындагы ээнбаштык жаман.

*Эсенбек Абдрасулов*

Канча тилде сүйлөбө сени эч бир улут өзүнө кошпойт. Андыктан кыргыз болуп төрөлдүңбү, кыргыз болуп өл!

*Өктөм Калиева*

* Кийизди тепкилеген сайын бышкан сыяктуу эле адамдарды оор турмуш өзгөчө чыдамдуулукка тарбиялайт.
* Балтачанды токой сүйбөйт.

*Кубатбек Жакыпов*

Карегимди калбас үчүн дат басып,
Кирпигимди турсун кээде жаш басып.

*Алым Токтомушев*

* Кыргызды өстүрбөй жаткан проблемалардын бири – көрөалбастык.

* Адам коому жалпы бирдей жогорку эстетикалык табитке эч качан ээ боло албайт жана андайдын кереги да жок. Коом ошондой табитинин көп түрдүүлүгү, ар кылдыгы менен баалуу.

*Жаныш Кулманбетов*

Сын деген адамды өстүрөт. Канча сындалсаң, ошончо өсөсүң.

*Асылбек Өзүбеков*

Адам тагдыры да аалам сыңары татаал, түпсүз белем.

*Айдарбек Сарманбетов*

Малды жетелесе басат,
Масты жетелеш – азап.

*Жакыпбек Абдылдаев*

* Күтүп жашоо эртеңкинин жыргалын,
Бүгүнкүнүн кубанчынан кур калуу.
* Тазарууну баштоо керек өзүңдөн,
Таза жолго үндөө үчүн өзгөнү.

*Керимбек Кадыракунов*

Элди, мамлекетибизди экономиканы көтөрөм деген саясатчы эмес, арактты тыям деген саясатчы гана сактап калат.

*Бейшенбек Бекешов*

Алайын десем көмүр кымбат, албайын десем өмүр кымбат.

*Дүйшөн Жапаров*

Бирөөнүн кадыр-баркын, зоболосун көтөрөм деп, күнөөсү жок эле бир байкушту жыга чаппаш керек. Бизде ушундайлар көп.

*Карбалас Бакиров*

* Эгер жан дүйнөнүн инженери делген жазмакерлер өтө аз болуп, же таптакыр чыкпай калса анда элибиз чыныгы байлыктан кол жуушмак окшойт.

* Ар ким шык жөндөмүнө жараша ырдайт.

* Жоктон көрө жогору, мөртөй-шөртөй ырдын өзүндөй окурманы болот.

* Бир жашоодо, кайталангыс дүйнөдөн,
Бирин бири издеп келет жакшылар.

*Барчынбек Бугубаев*

Жергебизде мекендеген ар элдин өкүлдөрүн өз бооруубузга тартсак, өлкөбүздүн ак пейил атуулдарына айландырсак элибиздин колун узартабыз. Кадырлуу калк катары касиетибиз көрүнүп, канат-бутагыбыз жайылат, алыс-жакын мамлекеттер менен алака мамиледе кучагыбыз кеңейет.

*Жамиля Кулманова*

Ата-салтын, ар намысты туу тутуп,
Ыйык сакта Ата Мекен, эл-жерди.

*Күмүш Суранова*

Сөз адамдын акылынан чыгат. Өнөрдүн эң баалуусу – сөз өнөрү.

*Шапы Назаралиева*

Адам бирөөнү сындап, же бирөөгө кеңеш айтуудан мурун өзүн-өзү абдан таанып-билүүсү зарыл.

*Таалайбүбү Насырымбекова*

Чач кыркууну элибиз,
Ырысын кыркуу деп келген.

*Гүлбаркан Жарашева*

Береке бар эне болгон аялда,
Барктап аны кокустуктан аярла.

*Расулберди Маметов*

Эне мээри эч убакта өзгөрбөйт.

*Жолдошбек Бузурманкулов*

Дүйнө жүзүндөгү эне менен баланын сүйүүсүнө эч нерсе тең келбейт.

*Назбүбү Эгембердиева*

Түшүнгөндөр жаңырып заман менен,
ажыратпай жакшыны жаман менен...
Жаңы заман жаңы деп артыбызда
калып барат касиет Адам деген.

*Олжобай Шакир*

Адам качандыр бир кезде чет өлкөгө барып арууланып, тазаланып алса болот деп максат кылбай, өз өмүрүндө азыраак күнөө кетиргенге аракеттенгени абзел.

*Болот Таштаналиев*

Эринчээк эптеп күн өткөрсө,
Эмгекчил бир иш бүткөрөт.

*Венера Мусаева*

Бул дүйнөдө жараланбас жүрөк барбы?

*Токтогул Жумадилов*

Тирүүлүктө ой түгөнбөйт.

*Айбек Түмөнбаев*

Арман көлдө сүзүптүрбүз чөкпөстөн,
Мен эртерээк, сен кечирээк жаралып.

*Маркабай Ааматов*

Сүйүү деген чоң деңизге кабылбасаң, бу дүйнөдө жашоонун татымы кайсы?

*Жапарали Осмонкулов*

Аттиң... ар ким өзүн гана кыйын ойлоп, көрүнгөнгө акыл айтууга шашкан биздин доордо уга билүү маданияты унутулуп бараткансыйт.

*Жолдош Турдубаев*

Эне тилибизде сүйлөгөндө, башка улуттар кызыга тургандай, суктана тургандай сүйлөшүбүз керек.

*Райымжан Курбанов*

Эне тилди эсирип чангандарды,
Эне тилде ашатып сөккүм келет.

*Алтынбек Исмаилов*

Салмактуу чыккан сөз болсо,
Шайтан да чочуп сезденет.

*Мирлан Самыйкожо*

Элдин дили тазарбастан туруп, тили тазарбайт. Тил кунун төлөсө болот, бирок дил кунун төлөш кыйын.

*Шералы Назаркулов*

* Аялдарды ушакчы деп коюшат. Бирок аялдардын ушагы айыпсыз. Адамга көп зыян алып келбейт. Эң коркунучтуу ушакчылар саясатчы эркектер.

* Адамдардын таш боордугу, кайрымсыздыгы айбандан да өтүп баратат.

*Темир Бирназаров*

Бирөөнүн аялын көрүп акын болгуң келет, өзүңдүн аялыңды көрүп философ болгуң келет.

*Төлөгөн Карыкеев*

Туура сөздү туура айткан жакшы бетке,
Эл – сынчы, элдин сөзүн дайым эсте.

*Сардарбек Рыскулов*

Ачык сөздүн айбы жок,
Аңкылдаба дайны жок.
Туура сөздүн айбы жок,
Тууралаба дайны жок.

*Абдылда Кадыров*

* Түшүнбөскө түтөбө, укпаска унчукпа, кекчилге кейибе, кебиңди телибе.

* Карылыгыңдын камын жашыңда көр.
* Сени эр кылган да, көр кылган да бала.
* Өзүн-өзү кемсинтүүдөн өткөн кордук жок.

*Айшеке Курманова*

* Бүгүнкү күндө биздин көйгөйүбүз – бул адамдардын жан дүйнөсүнүн тардыгы. Биз жалаң гана материалдык кызыкчылыктарды ойлойбуз, бул абдан коркунучтуу.
* Чыгармачылык – бул эркиндик жана байлык.
* Сөздүн күчү бүткөн жерде музыка кетет экен.

*Азамат Сыдыков*

Аз элдин жаманы биринчи, көп элдин жакшысы биринчи көрүнөт экен.

*Айсулуу Көкөева*

Жаз айында жан дүйнө толкуп, бир башкача сезимдер келет экен.

*Айгүл Бакеева*

Кийимди жараштыра кийүү да өнөр.

*Айша Алиева*

* Эл акыны болбо, эл АКЫЛЫ бол.
* Акылмандын баары бай болбойт,
Байдын баары акылман болбойт.

*Вахаб-Бостон Умаров*

Тагдыр катаал... бирок ага башымды
Ийгим келбейт, мончоктотуп жашымды.

*Кубанычбек Басылбеков*

Биз эки ирет төрөлбөйбүз, ал ырас,
Бул дүйнөнү эне гана тазалайт.

*Майрамбек Токторов*

Сүйүү бул – зор бакыттын кабылганы.

*Чолпон Субакожоева*

Бул турмуш миң сан кырлуу, өзгөрүлмө,
Жашоонун мыйзамы көп жазылбаган.

*Дүйшөк Мамбетөмүров*

Тил бул улуттун өзөгү, мамлекеттин эртеңи, элдин тагдыры.

*Мелис Совет уулу*

* Өзүмө кыйын болуп жаткан учурда менден да кыйын абалдагыларды эстейм.
* Балдарга атасын жамандабаганга аракеттенүү керек.

*Жумагүл Газыбаева*

* Алданамын бул жашоодон баладай,
Күрөшөмүн анысына карабай.
*Бул дүйнө да өтөр бир күн түшүмдөй.

*Элдар Аттокуров*

# М А З М У Н У

БАШ СӨЗ ........................................................ 3

МАКАЛ-ЛАКАПТАР ............................................ 30

НУСКА СӨЗДӨР ЖЫЙНАГЫ .............................. 459

КЫРГЫЗ ОЙЧУЛДАРЫНЫН АКЫЛ БЕРМЕТТЕРИ 491

**КОЙЧУМАНОВ Жумаш Ыбырай уулу** 1926-жылы 25-июлда Ат-Башы районундагы Ак-Талаа айылында, Чатыр-Көлдүн боюнда туулган. 1944-ж. Нарын педагогикалык окуу жайын, 1951-ж. КМУнун география факультетин бүткөн. 1943-47-ж. Нарын пед. окуу жайында, Токтогул атындагы № 1 мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1951-ж. Кыргыз ССР Эл агартуу министрлигинде бөлүм начальниги, 1952-55-ж. Жалал-Абад педагогика окуу жайынын директору, 1956-67-ж. Кыргыз педагогика илим изилдөө институнун директорунун орун басары, сектор башчысы, 1967-70-ж. Ош педагогика институтунда проректор, 1970-86-ж. Кыргыз педагогика илим изилдөө институнда улук илимий кызматкер, КР УИАда Манастаануу борборунун кызматкери болуп иштеген. Педагогика илимдеринин кандидаты. Көптөгөн сөздүк, илимий, окуу китептеринин автору. Эл агартуу отличниги, «Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын илимге эмгек сиңирген кызматкери».

**КАДЫРОВ Ысмайыл** 1951-ж. туулган. 1977-ж. КМУнун механика-математика факультетин бүткөн. 1977-2000-ж. Кыргыз Совет энциклопедиясынын Башкы редакциясында илимий редактор, улук илимий редактор, жетектөөчү редактор болуп иштеген. 2000-жылдан КР Өкмөтүнүн Аппаратында референт, эксперт, 2004-жылдан сектор башчысы. Балдар үчүн көптөгөн китептери жарык көргөн. «Кыргыздын Гиннес китеби» деген эмгектин автору. КР маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргызстан Улуттук жазуучулар союзунун, Журналисттер союзунун мүчөсү. Тоголок Молдо атындагы балдар адабияты сыйлыгынын, Аалы Токомбаев атындагы адабий сыйлыктын, «Түгөлбай ата» эл аралык коомунун лауреаты. Билим берүү, Кесиптик-техникалык билим берүү отличниги, «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси.

*Адабий-көркөм басылма*

**МАКАЛ-ЛАКАПТАР, НУСКА СӨЗДӨР**
**НАКЫЛ КЕПТЕР, ЗАЛКАР ОЙЛОР**

**Түзгөндөр: Койчуманов Жумаш Ыбырай уулу,**
**Кадыров Ысмайыл**

Редактору *Эрлан Кадыров*
*Корректору Шарипа Койлубаева*
Компьютердик калыптоочу *Табылды Жанызаков*

Форматы 60x84$^{1}/_{16}$. Көлөмү 34 б.т.
Заказ № 29. Нускасы 500 даана.

Бишкек шаары,
«Бийиктик Плюс» басмасы,
Ю. Абдрахманов көчөсү, 170 а.
Тел.: 66-17-25, 66-19-18